ӨМҮРКУЛ КУЛУМБАЙ УУЛУ

# БҮРКҮТ ДА ЫЙЛАЙБЫ?!

*Ырлар*



«Бийиктик»
Бишкек – 2010

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7–5
К 90

*Бул китепти чыгàðóóãà êº ì ºê êºðñº òêºí-ä¿ã¿ ¿÷¿í «ÒÅÐÀ ÃÐÓ Ï» êî ì ïàíèÿñû íà автордун үй-бүлөсү терең ыраазычылык билдирет.*

**Кулумбаев Өмүркул.**
К 90 **Бүркүт дагы ыйлайбы:** Ырлар. – /Түз. Г. Кулумбаева. Б.: «Бийиктик», 2010. – 624 б.

ISBN 978–9967–13–702–8

**К 4702300200 – 10** **УДК 821.51**
**ББК 84 Ки 7–5**

ISBN 978–9967–13–702–8

© Кулумбаев Ө., 2010.

# АКЫН ЖӨНҮНДӨ
# АСЫЛ ОЙЛОР

## «ЖАНЫ ЫРГА АЙЛАНГАН АКЫН»

«Акынды акын кылган тагдыры» – деп айтылган бир кептин чындыгы бар го деп ойлой берем. Эгерде акын Токтогул айдалып Сибирге барбаган болсо – анын азыркыдай адабиятыбыздын төрүнөн орун алып, азыркыдай улуу урмат-сыйга ээ болоорун бир кудайдын өзү билмек. Ушундай ойлорду башка чоң-чоң акындар жөнүндө, ошондой эле акын Өмүркул Кулумбай уулу жөнүндө да айткан оң. Күнгө түн жашырынган сыңары, күйүттө күлкү түнөгөн окшобойбу, эгерде ал кырчынында кырсыкка кабылбай, алты саны аман болсо ушундай акын болот беле, болбойт беле!? Булбулду сайрады дейбиз, мүмкүн анын сайраганы ыйлаганыдыр?

Акын Өмүркул Кулумбай уулу поэзияга кеч келсе да өз үн, өз почеркин тез тапты. Ошол жетимишинчи жылдары чыккан ыр жыйнактары окуучулар, коомчулук тарабынан жылуу кабылданып, чынчыл, сыр жашырбаган татынакай ырлары менен оозго алынып, көзгө көрүндү. Анын эне сүтү менен тең бүткөн талант, шыгы жыйнактан жыйнакка өсүп, жалаң гана поэзия сүйүүчүлөр эмес, жалпы элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болду. Бир топ ырларына обон жаралып эскирбей эфирден берилип, той-топурдун көркү болуп келатат.

Ыр – эгерде ал ааламды жүрөгүнө батырган таланттуу акындын жүрөгүнөн учуп чыккан болсо сөзсүз жүрөккө конот. Акындын ошондой жүрөккө конуп, жанды уялаган ак жаркын ырларынан улам өмүрү көрө элек айтылуу Ат-Башынын ай чапчыган ак кар, көк муз тоолорун көрүп, жайкалган

Ак-Сай, Арпа жайлоолорунда болуп, желаргыга көкүлүн сылатып, аркырап аккан ак чач сууларын бойлоп, байтал бээнин бал кымызын ичкендей балкыдым. Ал гана эмес тааныша элек таланттуу акындын чучуктай туйлаткан оорусун, кейбир депутат, кемпай чалдардын кемакыл иштерине жан кейитип, көңүл түтөткөн көйгөйүн, тил жөнүндө жан титиреткен ойлорун, чөптүн өсүшүн тыңшап, булуттун жылганын уккан учкул кыял акындын ырлары аркылуу таанышып, ырлары аркылуу сүйүп жүрчүмүн. Ырлары капаска камалган чымчыктай болбой, үйдөн чыккандай китептен чыгып замандаш жылкычы, дыйкандын колуна кол, бутуна бут болуп, алар менен бир жаралып, бир туулгандай каны-жаны биригип калыптыр. Ырлары элеңдебей эл менен камыр-жумур жуурулушуп кеткен акын бактылуу акын. Өмүркул Кулумбай уулу ошондой бактылуу акындардын сабында, буту баспай төшөктө жатып калса да жаны таза акындын жан сергиткен жагымдуу ырлары туулган жер, жаштыкты, арзууну даңазалап, дагы далай муундар менен кол кармашып, дагы далай жаштарды аруулукка, алпейимдикке үндөп, ак чач тарыхтын кылымдарды карыткан жолунда камчы чаптырбай жашай бермекчи.

Мыкты акын гана көтөрбөстү көтөрүп, чыдабаска чыдап, жанын ырга айлантып, анын жылуулугу менен өз эл, жерин жылытып, өзүн жылытып күн кечирет турбайбы! Арыбаңыз, акын аба!

***Анатай ӨМҮРКАНОВ, 2001-жыл.***

# ӨМҮРКУЛДУН БАЙЛЫГЫ

Акындын таразасы – эл. Бул туура айтылган сөз. Анын үстүнө бүгүнкү поэзия сүйүүчүлөрүн алдай албайсың. Нени айтканың, нени жазганың мына мен деп, ак кагаздын бетинде бадырайып турат. Ошондой болсо да акындын таразасы – акындын өзү деп айтаар элем. Менимче, акын өзүнүн канча дарамети, канча жөндөмү, дымагы бар экендигин билип, сезип эле турат. Демек, өз чыгармасын өзү таразалап, өзүн-өзү курчутуп, оңдоп-түздөп, өз мүчүлүштүгүн өзү сезип турган оң. Мына ушундай өзүн-өзү оңдоп, түзөп турган акындардын бири – Өмүркул Кулумбаев. Анын чыгармалары жыл өткөн сайын чыйралуунун үстүндө.

Өмүркулдун ырларында эмгекке, жашоого, сүйүүгө, максатка болгон күрөштүн духу, эрктин бекемдиги даана байкалат. Адамдын керт башына тиешелүү өзгөчө бир мүнөздөрүнүн, кыял-жоруктарынын айрым бир белгилери анын чыгармачылыгында кайталанбай койбойт. Ал жаш кезинен оор кырсыкка кабылып, эки буту баспай калган акын. Мындай өкүнүчтүү тагдырдын канчалык оор экендигин түшүндүрүүнүн кажети жок, жылдар бою кыймылсыз төшөктө жатып, кылдын учунда турган өмүрүн кайрадан «төрөп» алуу – эр адамдын, эрки бек, муюшпас, кажыбас адамдардын гана колунан келет. Бул жагынан караганда Өмүркул Кулумбаевдин өмүрү Николай Островскийдин, Алексей Мересьевдин өмүрүнө окшоп кетет. Анын ырларынын көтөрүңкү духу ушундан улам болсо керек. Акын «Мени тааны» деген ырында:

Мени тааны – менсинбеген изимден,
Мени тааны – ойго баткан жүзүмдөн.
Өң курусун, билбейсиң да ичимди,
Мени тааны – максатымдан, ишимден.

Жасап өтсөм жалгыз жанга камылга,
Жан жылытпас жүрөгүмдөн түңүл да.
Бут курусун, көп караба шал урган,
Көзүң болсо көөдөнүмө үңүл да, –
деп мык каккандай таамай айтыптыр.

Өмүркул Кулумбаев сөз кудуретине өзгөчө маани берген, аны туш келди чача бербеген, ага сарамжалдуулук менен мамиле кылган акын. Анын ырлары өз ишин мыкты өздөштүргөн чебер курулушчунун устаттыгына окшош. Уйкаштыктары кыштай кыналышып, кандайдыр бир өзгөчөлөнгөн ички ыргактар менен коштолуп турат.

Өмүркулдун ырларында мына ушундай сапаттардын бар экендиги кубанаарлык көрүнүш. Акын турмуштагы өзү байкаган окуяларга этияттык менен назар төшөйт. Жүрөгү сезгич. Анын ырлары булактын көзүндөй жылтырап, сезимге таасир этип турат. Турмуштагы чындыкты кандай кабылдаса, ошондой берет, жасап-түзөбөйт, түшүнүктүү жөнөкөй тил менен ырдайт. Ошон үчүн анын ырлары окуучуларга жетимдүү.

«Сен көз жумсаң,
унуттаармын жыл чыдап,
Мен көз жумсам, өмүр бою буркурап.
Энекебай, кара чачың куу болоор,
Кош эмчегиң алмак-салмак зыркырап.

Кактап күн-түн ак сүтүңдү эмгенмин,
Кирпик какпай канча жолу термедиң.
Татыбайт го көз ирмемдик толгооңо,
Менин Күндү алып келип бергеним»

Эненин балага болгон ысык ыкласын, таза сүйүүсүн мындай даана жана таамай тартуу чын дилден күйүп-бышканда гана пайда болоору бышык. Эмнеси болсо да бул ырында Өмүркул ымандай ысык сезимин, энеге болгон урматын алдыга дасмалдай жайган.

Деги эле Өмүркулдун палитрасы даана. Кулакка угумдуу, сезимге жугумдуу. Окуганда кайдыгер кала албайсың. Демек, анын элге айтайын деген сөзү жөндүү, койгон дооматы жүйөлүү.

Акын өзүн элдин кайнаган калың катмарынан көрөт. Эл менен камыр-жумур болуп аралашып жүрөт. Ал миңдеген чакырымдарды арыткан шофёрлордун арасында, же иш үстүндөгү жумушчу, дыйкандар менен, же ызы-чуу түшүп жаткан кой короосунда. Анын орду жылуу-жумшак жайларда эмес. Бул Өмүркулдун түгөнгүс бактысы. Бакытты да, байлыкты да ошолордун арасынан издейт. Ошон үчүн ал:

«Изде мени ит өлүүчү жолдордон,
Күйүп турам көңүлдөрдө кордолгон.
Жер боорунда адамдардан табасың,
Жан-дүйнөсү эмгек менен чор болгон», –

деп жазат.

Өмүркулдун ысымы азыр журтчулугубуздун кеңири катмарына таанымал, көптөгөн ырларына обондор жаратылган. Алар ак чардактай ойкуп-кайкып, эл аралап жүрөт. Өмүркул бүгүн элүүнүн туу кырына келип, поэзиянын ак өргөөсүн көтөрдү. Сезими жетилип, акылы толуп турган кези. Бергенинен бере элеги, айтканынан айта элеги али алдыда.

«Турмушту көрүп жаздым, үңүп жаздым,
Тоолорго, жерге тизе бүгүп жаздым.
Алкынган тулпар минбей, дуулап күлбөй,
Аксаңдап, кош таякчан жүрүп жаздым.

Ойлорду элден алдым, эл казынам,
Эрк болсо аттабайт шор эр башынан.
Окуп кой, сүйкүм пери, сындуу жигит,
Оор эмгек онтоп жүрүп мен ташыган».

Бул Өмүркулдун өз окуучуларына айткан ымандай сыры. Бел оорубай иш бүтпөйт. «Эмгегиң катуу болсо, тапканың таттуу болот» дейт эмеспи элибиз. Адабият майданында катуу камчыланып, шайдоот жүр. Өзүң айткандай «Аксаңдап кош таякчан жүрүп жазган» ырларыңдын аягына жем түшпөсүн. Сенин бактың ушунда. Элүү жашың кут болсун, курбум!

*Эсенгул ИБРАЕВ,*
*«Кыргызстан маданияты», 19-май,*
*1983-жыл,*

## САПАРДА БАРА ЖАТКАН АКЫН

«Жолдомун, жолдон калбай баратамын», – дейт акын Өмүркул Кулумбаев. Тирүүлүктө бардыгы жолдо болот. Сапарда бара жаткандын өзү жашоо. Бирок, өмүр жашоо менен эле ченелбейт. Мына ушунун ичинде адам өзү кандай баага татыйт. Кептин төркүнү ушунда. Ал тим эле бир күнүн көрүп өтүп кеттиби, же эл үчүн да бир кызмат өтөй алдыбы... Жооп алам, тынбаймын, жол кумарым», – деп кайра жооп берет акын Өмүркул Кулумбаев.

Бул ыр саптарын жараткан адам өзү дайыма жолдо. Дүйнөсү кең ачылган, поэзиянын бүтпөгөн, аягына чыкпаган сапарында. Ал ыр жазууга кумар болуп калгандан бери жакка ушул майданда.

Өмүркул Кулумбаевдин өзүнүн аты, тону, өзүнүн камчысы бар. Демек, поэзиядан алган орду, өз почерки, өз үнү бар дегенибиз. Анын жазган ырларынын темасы, мазмуну жана идеялык мааниси, оригиналдуулугу менен айырмаланат. Ал бир нерсени көрө коюп эле окшоштуруп, тууроодон алыс. Жазган ырынын ой-максаты, поэтикалык көркөмдүгү бар. Окуганда көңүлдүү ыргакка түшүп алып, кызыгып, шыдыр, шаңдуу кетесиң. Ырла-

ры жүрөк сезим менен жазылып, акындык көөдөндөн чыгат. Буга анын чыгармаларын окуганда ишенесиң.

«...Жаркыным, Ата-Журт ынагым,
Жашаган жан дүйнө кумарым.
Бооруңа бут болуп беремин,
Басам деп сураса жыланың»

***(«Ата-Журт ынагым«)***

«Көл кылаасы нечен талант таптаган,
Карамолдо куштай канат таштаган.
Эр Манасты Чоң Казатка атказып,
Сапырылган Саякбайга мактанам».

Тек гана анын сезимталдыгы, айтайын деген предметинин ышкыбоздугу, көөдөндөн шык менен чыккандыгын байкоо үчүн гана келтирилген саптар го. Акындын ар бир жазган ырында дээрлик ушундай жаркыраган элестер бар. «Күйөрманды» умтултуп, умсунтуп, утуру алдыңкы саптардан дагы бир жаңыны күттүртүп окутат. Мына ушунун өзү жакшы. Акындыктын пири үмүт үздүрүп коюудан сактасын.

Өмүркул Кулумбаев темага бай. Диапазону кенен. Ал эмнени жазсам деп кысталып олтурбайт. Турмуш анын жүрөгүнө эмнени тартууласа, мына ошону таланттын чырагынын жарыгына салып алып жазат. Көрөңгөлүү поэзиянын күүсү чертиле баштайт. Баарынан да ырларынын жакшы чыгып жатканынын сыры ушунда экен. Анын ырларын окуганда ушуну байкайбыз. Ата-журтту жазса да анын каарманы болуп алып, жаратылышты жазса байкоочу болуп алып, жан-жаныбарларды жазса мергенчи болуп алып жазат. Ушунун өзү акындын оригиналдуулугу жана тапкычтыгы.

Ал дайыма изденүүдө. Жолдо, сапарда. Тынымы жок эмгектенип келе жатат. Акын ушул май-

данга аттангандан бери сегиз китептин автору болду. Ал коммунист. СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү.

*Кочкор БОРБУГУЛОВ.*
*«Кыргызстан пионери» 1-июнь,1983-жыл.*

## ЖАН ДҮЙНӨНҮН КАНАТЫ

Азыркы кыргыз адабиятынын очогу – Өмүркул Кулумбаевге окшогон ташыркабас татаал тагдырдын таланттарынан курулат. Мындан да көркөмдөп айтсак, ар бир ыр, поэмасы чогулуп иргелип жүрүп олтуруп кыргыз поэзиясынын токою башталат. Мына ошол түнү токойдун ичин аралап, ар бир дарактын түбүнө токтоп, шамалга үндөгөн сыйкырдуу үнүнө маашырланып, ыракат алып ойлонуп түшүнгөн адам гана кыргыз поэзиясы деген сөздү айтууга акысы бар. Эмесе акындын ыр дүйнөсүнө саякат жасап көрөлүчү:

«Түбөлүк туусу болуп жашамакмын,
Түнттүктү бүт ойготуп жарыгыма».

Мына бул ырдын эки сабы ар дайым эсте калып, өзүнөн-өзү жатталып, кайсы бир акылман айткандай «Кайдыгерлик бул өлүм менен барабар» деген даанышман ойду эске салып турганы менен баалуу эмеспи.

«Жүрөк» жөнүндөгү ырын окуп көрсөк:

«Чыйыр салып чеңгелине акылдын,
Күрөшүнө гүлүн берип жашымдын.
Чындык жолдо бара жатып чарчаса,
Мен жүрөккө ошол күнү макулмун», – деп тилеги ак, таза жана бийиктиги менен өзүнө баш ийдирет. А бирок, турмуш менен акындын тиле-

гинин ортосунда асман менен жердей айырма бар экендиги өкүндүрөт. Адамдын пенделиги, майдалыгы чындыкты айттырбай келип кара өзгөйлүккө жеткенде, же амалдуусу момунун алдап турганда, же алдуусу чабалды кемсинткенин көргөндө, же пенделиктин башка күңүрт жагы жеңип турганда акындын ушул чындык аттуу ыр жараткан дилине ыраазы болосуң.

«Ишенип шыбагалаш өмүр менен,
Адамдык касиеттен бөлүнбөгөн.
Ишенип сересине бир чыкпаган,
Ал арсыз-адамдыгын төгүндөгөн...»

Бул «Ишенич» – деген ырды чечмелөөнүн деле кереги жоктур. Сыны сыртына чыккан тулпардай бир окуганда эле түшүнөсүң. Ушуга бир кошумча:

«Мен бүгүн таза нерсе таппайм суудан,
Учурда экөөбүздү эне тууган».

Биз жогоруда сөз кылган чындык, ишенич, тазалык деген үч сөз өзүнчө түркүн кайрыктарды бириктирип турган симфония сыяктуу – өзүнүн татаал сырдуулугу менен жалпы адамзатынын ыймандык үч кылындай кыңгырап күүгө келип турганы менен кызык. Ооба, комуздун үч кылындай чынында тазалык деген сөз – бакыт деген сөздүн эле өзүнчө синоними дейли. Ошонун өзү менен бирге чындыктын өзү эбегейсиз зор бакыт! Ал эми, бул эки нерсеге ишеним кошулса – сөз менен жеткире алгыс өмүрдүн, жашоонун, адамзатынын байлыгы болбойт беле!

А бирок, адам коомунда алмустактан бери келе жаткан улуу күрөштү да мына ушул акын жазган. Чындык, тазалык, ишеним – үчөө болгону талашсыз. Бул үч нерсенин бирөө капыстан, аргасыз жоголсо калганы болуп турушу керек. Тазалык

колдон келсе, так айтканда аргасыздан калбай калса чындык болушу керек, эгерде жогорку экөө тең жок болсо, эң жок дегенде ишеним болушу керек го акыры, пенделер арасынан мына ушул үч нерсе кайып болгондо гана жан үшүткөн кайраттуу үшкүрүк пайда болуп, төмөнкүдөй ыр жаралса керек:

«Бүркүт да өбөктөп ыйлайбы,
Билгенби, ким көргөн мындайды.
Башына иш түшсө сыр бербей,
Бажаңдап комдонуп турбайбы!

Бүркүт да кайгырып, сыздайбы,
Бүлдүрүп каргышты тытпайбы,
Чеңгелин таштарга матырып,
Чабыттап оболоп сызбайбы!»

Мына, замандаш! Бул саптар жалпы эле дүйнөлүк поэзиянын шедеврлеринин катарында бирдей тура алат. Жан дүйнөңдө уктап жаткан түшүнүксүз жигерди ойготуп, сезимтал ойго салып, кайрадан кайратка үндөп, алыскы чексиз максатка чакырат. Дагы бир кошумчалай турган нерсе – жасалмалуулукка, курулай шектенүүчүлүктөн караманча оолак болуу менен бирге ойго батырып, сезим ойготкон мазмуну менен ырдын сырткы формасы айкалышып – сүрөткерликтин ийкемдүү ысык деми – поэзиянын сыйкырдуу акыйкат дүйнөсүн көргөзүп турат.

Дегеле, кандай көрүнүш, кандай субьект болбосун акын табият аркылуу түшүндүрүп, чыгыштын улуу дидактикасынын мөлтүр булагы аркылуу адамдын жандүйнөсүн сугарып, кооздук, ыйман, чындык менен иши жок – буюмду байлык деп эсептеп, адамдын кадырына карабаган адамдардын ар-намысын ойготуп келе жатат.

Жазмыштан жалтанбай, турмушка басынбаган, кайраттуу жигери төмөнкү ырдан жаңырып, өзүн

да, өңгөнү да улам жаңы күрөшкө үндөп, ырлардын ыргагынан бууракандаган толкундуу күчкө ээ болуп, жарыкчылыкты даңазалайт.

«Түрлөрү бар болуунун да элге кеп,
Туура бааны, терең бааны эл берет,
Кимдин бирок, ким экенин билүүгө,
Канат сынбай – учуп өтүү эң керек».

Ал эми, төмөнкү саптардагы ааламга араң сыйган улуу акылмандыгына таң каласың. Себеби, ыйман, коркуу сапаттарын шайтан жактырбаганы менен кудай сыйлайт:

«Баары керек, жакшы кылат, кем кылат,
Өлөт, тынат, өлбөймүн деп ким чыгат!?
Керек эмес адамдарга бир гана,
Кыйналганда ыйлап туруу буркурап!
Керек эмес!«

Караңызчы?! Ушундай эрдик, бекемдик, чыныгы чындык, кыскасы, чыныгы адамдык жана ушундай оптимизм, ишеничке толгон үмүт гана биздин эртеңки күнүбүзгө жарык чачып, кандай кыйынчылык болбосун тобокелчи тоо ашыргандай кызмат кылаарын түшүнүп турабыз.

Акын табиятты сүрөттөөгө келгенде белгилүү орус акыны Тютчевден ашса ашып, кем калбаганына күбө болосуз. Табиятты түшүнүп, тыңшап, ырахат алуу – ар бир адамга келе бербеген сезим эмеспи. Ырасында сезими жеткилең адамдар тыңшап да, түшүнүп да ырахат алышы мүмкүн дейли. Бирок, ошол жаратылыштын керемет кубулушун төмөнкүдөй ырга айлантып жазып берүү, сан адамдын бирине гана буюрган бакыт деп түшүнсө болот. Сөз куру болбосун үчүн мисал келтирейин, «Айлуу түн»:

«Шыркырайт, бош кумай таш кулап,
Шуудурайт куураган аткулак.

Көкүлү борчукту аймалайт,
Көк арча аязда калтырап».

Акыйкатта дүйнөнү көркөм кабылдоосу анча жетилбеген, табити, ички маданияты сулуулукту баалаганга кудурети жетпеген адам – «көк арчанын көкүлү борчукту аймалап» турганын көрсө да ойлоно албайт эле. Ушул эле «Айлуу түндөгү» төмөнкү саптарга көңүл буралы:

«Элирип азоолор ойношот,
Эрке жел гүлдөргө мойношот.
Шактагы уктаган чымчыкты,
Шыбырап жалбырак ойготот».

Мына ушул жерден В.Белинскийдин «Поэзияны түшүндүрүүгө болбос, аны окуп гана ырахаттануу керек!» деген пикирине жан деп кошуласың. Же болбосо, «Балалык» жөнүндөгү ырын окуйлу:

«Кырчындай боюм бүгүлүп,
Кынтайсам көзүм илинип.
Шиберде калды эркелик,
Шуудурум сымал күбүлүп» – деген ырдын түзүлүшү кадимки элдик традиция менен келаткан формасы кадыресе көнүмүш болсо да, мазмуну, образы таптакыр жаңы болуп, күтүлбөгөн чеберчиликтин мүмкүнчүлүгү ачылат.

Кыргыз тоосун, кыргыз көлүн, кыздарын, комузун, дарыяларын, табигый кооз жаратылышын, жалпы эле жашоо менен турмушту ырга салууга келгенде Өмүркул Кулумбаевге табият, айрыкча бир кудурет-шык берип койгонун китептерин окуп олтурган адам сөзсүз байкап, кошулуп, кошо толгонуп, поэзиянын керемет дүйнөсүнө аралашып кетет.

Негедир Н.Островскийге жазган ырынан акындын өзүнө, өз тагдырына үндөшкөнүн байкайбыз.

«Суктантып, таңдандырган кылымдарды,
Сулуулук да бир көктөм гүлүн жарды.
Жашоого жардык салган коңгуроодой,
Жер шарын солкулдаткан үнүң калды».

Эми, төмөнкү ырына көз салсак:

«Тоо бүркүттөй теше тиктеп алысты,
Торун тыттым, кан жыттанган күйүттүн,
Туудай кармап, терең сезип намысты,
Туу кырына чыккым келди бийиктин!«

Акын өзү жазгандай терең сезим, намысты туудай кармап, поэзиянын туу кырына чыккан кези! Ат-Башы дарыясындай бууракандап төгүлүп, жээгин жайпап, канчалаган ыр окурмандарын поэзия дүйнөсүнө чакырып келет. Бар болуңуз, акын ага!

***Барчынбек Бугубаев, акын***

## КАЙРАТТЫН, ЭРКТИН АКЫНЫ

Орус адабиятында Н.А.Некрасов «Кайгы менен каардын музасы» деп аталса – Өмүркул Кулумбаевди кайрат менен эрктин акыны деп айтса болот. Акын отузга чыга элек курагында оор кырсыкка учурап, эки бутунан айрылган менен сарысанаа түшүп чөгүп кетпей, же кайгы менен муңга жеңдирип жибербей, алгач адабиятты казып окуса, кийинчерээк отуздан ашканда өзү дагы турмушту, жашоону жана адамдарды сүйүүгө, коздукту, сулуулукту баалаганга жык толгон ырларды жаратып, окурмандарын кайраттуулукка, эрктүүлүккө чакырып келе жатат. Акындын «Турмуш кайрыктары» деген алгачкы ырлар жыйнагы 1970-жылы жарык көргөндөн берки мезгилдин ичинде «Менин эрким», «Каккын жүрөк», «Бийик дабандар», «Тоолор сүйлөйт» «Арчалуу булак», «Элет торгою», «Көктөм

жыты» деген сыяктуу ондон ашык жыйнактын автору болду. Акын үйрөнчүк кезди да баштан өткөргөн. Бирок, ырасын айтуу керек, тез эле алешем мезгилден чыгып, өзүнө гана таандык стили, үнү бар акындардын катарына копгулган.

Акындын 1970-жылы жарык көргөн «Турмуш кайрыктары» деген жыйнагындагы «Башыңа бүт дүйнөнү батырбасаң» деген ырында:

«Турмушта күрөш менен өткөн жакшы,
Бакытка ак жол менен жеткен жакшы», –

десе, «Бийик дабандар» деген жыйнагында:

«Турмушка саран карап, сүйүп саран,
Турмушка таштабасак билип кадам.
Бели көп, ашуусу көп, ашуу татаал,
Турмуштун ар кадамы бийик дабан», –

деп жазганындай татыктуу жашап келе жатат. Акындык менен гана чектелбей жаш мезгилинде мезгилдик басма сөздөргө макалаларды, фельетондорду жазып, коомдогу кемчиликтерди аёосуз сындап, ал үчүн жергиликтүү бийликтер менен кагылышып да жүрдү. Ансыз деле акыбалы оор акынды прокурор, милийсаларга текшертишкен учурлар болгон. Ошол учурда кыргыздын көрүнүктүү бир адабиятчысы «сен эмне партия жөнүндө жазбайсың, антпесең китептериң чыкпайт» деп акыл да айткан экен.

Акындын чыгармачылыгына арналган чакан макалада анын мыкты деген ырларынын жүздөн бирине да токтолуу кыйын, анын 1990-жылы чыккан «Элет торгою» деген жыйнагындагы:

«Мен сыйынаар бир кудай бар – ал намыс,
Мен коркуучу бир азап бар – ал карыз.
Мен жек көргөн бир нерсе бар – коркоктук,
Менин шорум – көр дүйнөгө алданыш.

Мен урунаар бир кулум бар – ал эрким,
Мен урматтар бир мазар бар – ал элсиң.

Мен күрөшөөр бир балбан бар – ал турмуш,
Мен асыраар бир мүлкүм бар – ал жерсиң» – дегендей жылдыздуу саптар көптөгөн ырларына мүнөздүү болуп саналат.

Адатта чыгармачыл адамдар, өзгөчө акындар, алтымыштан өткөндөн кийин арыштары мурдагыдай болбой, демдери кайтып, ырларды эмес, эскерүүлөрдү, эсселерди, философиялык турмуштук ой-жүгүртүүлөрдү жазганга өтө баштайт. Кыргыз адабиятында бул салтты бузгандардын бири ырагматылык Эсенгул Ибраев болсо, экинчиси Өмүркул Кулумбаев. Эсенгул Ибраев алтымыштан ашканда чыныгы чыгармачылык кайра жаралуу тилкесине туш болсо. Өмүркул Кулумбаевдин «таскагы» да алтымыштан кийин төмөндөгөн жок. Акын жетимишке чыкканда:

«Мени айтышат шайтан го деп өлбөгөн,
Мен өлүүнү жанмын самап көрбөгөн,
Алгылыктуу артымда из калса деп,
Алпурушуп көнгөн адам өңдөнөм.


Мени айтышат ит го дешип жаны бек,
Мен этибар алгым келбейт аны көп.
Теңтайлашып таалай менен олтурам,
Түбөлүккө өлбөстүктүн камын жеп».

* * *

Нелер келбейт, бул өмүрдө тагдырда,
Эсеби бар, эч ким калбайт жаздымда.
Жаралганда маңдайына жазылган,
Азап-тозок – анын баары бактыңда, – деп жазса сексенге таяганда да ал арышынан жазбай келатат. Акындын бул маарекесине карата ырлар жыйнагынын жарык көрүп жатышы кубанычтуу. Биз акынды маарекеси менен куттуктап, өзүнө, ырларына узак өмүр каалайбыз!

***Папан ДҮЙШӨНБАЕВ.***
***2009-жыл «Кыргыз-Туусу».***

*Кыргыздарда уютку бар айкөлдүк,*
*Кыргыздарда-жоомарттык да, байкермик!*
*Кыргыз болуп туулуш бакыт ар кимге,*
*Кыргызымдын тукумунда бар-шермик!*



## ТУУЛГАН ЖЕРИМ –
## ЫЙЫК АЛТЫН БЕШИГИМ

Туулган жерим-ыйык алтын бешигим,
Туулган жерим – ынак сүтүм, кешигим.
Бата берип, бакыт тилеп бөлөгөн,
Бири Кыдыр сенсиң ыйык жетинин.

Аластаган жети атаңды тааны деп,
Аластаган журттун ыйык жаалы – деп.
Улуу кыргыз таянаар тооң деп айткан,
Узак өмүр, ыйман, ырыс маа тилеп.

Ооба, журтум, асыл уям, ыйыгым,
Түгөнбөгөн түмөндөгөн уругум.
Жапа чексе боорго басып бузбаймын,
Тили заар жыланыңдын уюгун.

Аяп басып жалгыз талын чөбүңдүн,
Аяп турам бир тамчысын көлүңдүн.
Какшып куурап, аңкап турса ай талаа,
Ага келет жамгыр болуп төгүлгүм.
Чачың түшсө Ата журтум чач болуп,
Чачпагыңа кошо келет өрүлгүм.

***18.03.08-ж. Бишкек.***

## АЛЫМ КЕЛСЕ

Улуу элдин ырдап, улуу казалын,
Узун элге угузамын атагын!
Ала-Тоосу бешик болуп термеген,
Айланайын, Айкөл кыргыз мазарым.

Теңдешүүгө чамасы жок эч кимдин,
Мен уулумун Теңиртоолук атанын.

Жотом – кыргыз булбул учкан оозунан,
Жаным кыргыз – жеңилбеген жоосунан.
Бөркүм кыргыз – буудан минген канаттуу,
Бейнем кыргыз – бүркүт учкан зоосунан.
Тобо кылган атам-энем алп кыргыз,
Бул дүйнөнүн тоосу кыргыз, тоо сунам!

Аруу дүйнөм – ак кементай, чапаным,
Ак мөңгүдөй – Ала-Тоодой калпагым.
Жоболоңдуу сан кылымдык колумду,
Жүрөгүмө дастан кылып жазамын.
Караанынды канат кылып кыргызым,
Карегиме сүрөтүңдү тартамын.

Күндө көрсөм күндө жашсың – күлгүнүм!..
Кубанычта куунак өмүр сүргүнүң.
Жандооч кылып, айландырып койсом дейм,
Жер шарынын сага байлап киндигин.
Алым келсе, Ата Журтум көтөрөм,
Боз үйүңө бу дүйнөнүн түндүгүн!..

***18.03.08-ж. Бишкек.***

## МҮРӨГҮ КЫЛА АЛАМЫН

Курсагың ачса аш даяр,
Кабагың азса наз даяр,
Кагылам сенден Ата журт,
Каржылайм десең баш даяр.
Кулуңмун улуу кыргызым,
Күнөөм жок сага актанаар.

Аттантсаң жолго аттанам,
Алп буудан болом таптаган.

Жоокериң болуп беремин,
Журтуңдун чегин сактаган.
Жаныңа курман болуучу,
Жүрөгүм менен мактанам!

Чап! десең жооңу чабамын,
Чайпалбас алтын чарамын.
Мөгдөтө турган жоо келсе,
Манасың боло аламын.
Жан десең журтум жаныңа,
Жанымды деле чабамын.

Мүшкүлүң болсо барамын,
Мүдөөңдүн жолун табамын.
Мекеси кылып дүйнөнүн,
Мертинбес өлкө саламын.
Мен сени өлбөс, кыргызым,
Мүрөк суу кыла аламын!...

*23.03.08-ж. Бишкек.*

## ЭГЕМДИН ӨЗҮ СҮЙЛӨГӨН

Эне тил бүткөн жан менен,
Эне тил жүрөт кан менен.
Эненин тили-ыйык тил,
Эмгектин тили ал деген!
Эненин тилин билбесең,
Эмне сен, айбан мал белең?!

Эненин тилин билбеген,
Эмчектин сүтүн актабайт.
Эненин тилин билбеген,
Эл-журттун салтын сактабайт.
Эненин тилин билбесең,
Эмнеге сени бак карайт?!.

Эненин тилин билбеген,
Эл боло албай гүлдөгөн.
Эзелтен бери эне – деп,
Эгемдин өзү сүйлөгөн.
Эненин тилин чангандар,
Эл-журтсуз өтөт дүйнөдөн.

*23.04.2004-ж. Терек-Суу.*

## УЛУТТУК НАМЫС КАНА?

Улуттук намыс деген адат кана?
Урушсаң, ууру кылсаң жагат сага.
Улууну кичүүлөрү сыйлоо калган,
Үй сайын, кече сайын-араккана.

Калыс эл – кыргыз деген атак кана?
Каралап, жок кылмышты тагат сага?
Кемитип, кембагалды баса калган,
Кадимки жырткычкана, манапкана?!

Эзелки эркин тоолук, жашооң кана?
Эркиндик – көмүскөдө матоо сага.
Эр болсоң «сен» деп көрчү «олуяны»,
Эгемен болгон менен – жасоолкана!

Байыркы бал кыялдуу бала кана?
Баланын жогу-кайгы, бары-санаа!..
Ордоңон ооз күйүп, жүрөк сыздайт,
Ортомчул-окшош иттер, паракана.

Ыймандуу, улуу кыргыз-Мисир кана?
Кайдасың, буудай жүздүү бүтүк бала?
Мисириң мизилдебей, далдал болгон,
Мурдуна чулук таккан митискана!..

О, кыргыз опол-тоодой адат кана?
Ойлончу?.. ошол адат жагат сага.

О, кокуй ордунда тур, копшолбогун,
Оомалык-ойрондотчу жараңка да.
«Общий дом» ычкырыңды чече берип,
Оорукчан, болуп калба жалапкана?!.

*21.12. 2004-ж. Бишкек.*

## ОШО ДА ТООЛУК КЫРГЫЗБЫ?

Жайлоолоп боз үй тикпесе,
Жаадырап кымыз ичпесе.
Капырай, ошо да кыргызбы?
Карысын ардактап күтпөсө.

Кыр-кырда жылкысы кишенеп,
Казанда турбаса бышып эт.
Бу дагы кыргызбы, тоолукпу?
Балдары минбесе кызырек.

Кыздары беш көкүл өрбөсө,
Конокко кой союп бербесе.
А дагы тоолукпу, кыргызбы?
Ак калпак элечек кийбесе.

Булкунтуп кермеге ат суутуп,
Күлүгүн чаппаса кушча учуп.
Кыргызбы, кыз куумай болбосо,
Кыздары жасанып, аккуусуп.

Көздөрү жаадырап жылдыздуу,
Дүйнөсү буруксуп, гүл жыттуу.
Ажары чолпондой жанбаса,
Айтчы ошол, тоолукпу, кыргызбы?!

## КАЙДА ТИЛИМ

Кана кыргыз, кайда журтум, хан бабам,
Калк болдукпу, көрүнгөндү жандаган.
Кан соргучтар «киргиз» болуп алышып,
Кыргызбыз деп, айтканына арданам!

Кана кыргыз, кайда кыргыз, хан бабам,
Калыс кара, хан ордосун кармаган.
Келгиндердин карегинен айланып,
«Киргиз» болуп алгандарга таң калам.

Кайдасың-ой!.. итиң мойнойт «киргиз» деп,
Кайдасың-ой? битиң жойлойт «киргиз» деп.
Кайда кеткен намыс деген кысталак,
Кара чаар жылаан сойлойт «киргиз» деп.

Кайда деги, барбы кыргыз мекеним,
«Киргиз» болду сакалы да текенин.
Таң заарынан «киргизбиз» дейт короздор,
Тек, айкырат «киргизбиз» деп эшегиң!

Кыргызбызбы, мен да, сен да курдашым,
«Киргиздерге» болобу дейм кул башым.
«Киргизбиз» деп Ош базарда чурулдайт,
Бир катынга үнүн кошуп миң катын.

Кайда тилим, кыргыз тилин жутушту,
Каргалардын карга көзүн чукушту.
Эне тилин – өлүү тилге айлантып,
Өгөй тилди пайгамбардай тутушту.
Эптеп эле түшүнүшкөн бир-бирин,
Элестетем дүлөй менен бучукту!

***30. 12. 2003-ж. Бишкек.***

## АНДА КЫРГЫЗ

Жарты нанга бирин-бири чакырып,
Жокторуна жегенинен калтырып,
Каран түндө кайгыларын бөлүшүп,
«Кары сөзүн капка сал» – деп, жалпы угуп.

Кабак-кашым дебей деле жаяңдап,
Конок келсе болгон ашын даярдап.
Коёр эле баласына катканын,
Ачкан курсак тоюнаарын баяндап.

Бөлүп ичип, бир казандан жарманы,
Куюп коюп болсо келбей калганы.
Көбүрөөгүн берип, багып бапестеп,
Кеткенине ачкалыктан дарманы.

Ооруп калсаң үйрүлүшүп келишип,
Отун жагып, кейигенге кейишип.
Урматташып бирин-бири турчу эле,
Үшүгөнгө киймин чечип беришип.

Кара тумоо, ачарчылык, жокчулук…
Кандуу согуш, ый, муң-кайгы жокто ырыс…
Бир билгизбей, бир туугандай жашашты,
Пейилдерин аш да кылып, от кылып.

Ыйык сезген, улук сезген кыздарын,
Ыйыктыгын сезээр эле кыз дагын.
Ысык ашка карыларын тойгузуп,
Жаштар ичип даамсызын, муздагын.

Ачкалыктан кетсе көзү илинип,
Ырыскыбыз-ынтымак деп, биригип.
Топук кылып, тоо жытына тоюнган,
Кыргызымдын ким экени билинип!!!

## ЭМИ КЫРГЫЗ

Карап туруп кайгырамын эмичи?..
Кыргыз эмес, «киргиз» жыттуу эл ичи.
Арам куюн айландырып кеткенсип,
Ала-Тоомун андагы жок териси.

Эптеп-септеп эби турат өргөөңүн,
Эптеп-септеп согулгансыйт өрмөгүң!
Анда кечир?!. айкөл элдин андагы,
Асыл пейлин бүгүн деле көрбөдүм.

Ооруп жатсаң жөлөп койбойт башыңы,
Ачка турсаң, жулуп алат ашыңы.
Алга десең – артын көздөй басышат,
Адамдардын куурап калган такымы.

Ынтымак жок, ыйың эч бир жан укпайт,
Ырыс качып, барган сайын алыстайт.
Ыйман качкан, өңгөнү кой, аңкасаң,
Уул-кызың оозуңа суу тамызбайт.

Кычаанчылык, кызыл кулак, зулумдук,
Ичи тардык, ач көз жолго бурулдук.
Куурап барат, эй, кыргызым пейилиң,
Айтчы деги, кай заманга урундук?!.

Карышкырча бирин-бири таламай,
Кеткендерчи эл-журтуна карабай.
Иттин этин качан кыргыз жечүү эле,
Олдо, арам! Түбүң түшкөн заман ай!

Супсундары сууганчакты тажабай,
Сойкуланып, үй-жайына карабай.
Кыз кезинде качан ойнош күтчү эле,
Кара көзүң какшып калган заман ай!

Заман көчү... үзүлбөгөн адатың,
Айтаар тарых – агын жана карасын.

Бирок кыргыз, ким элең сен, ким болдуң,
Көч аркалап кайсыл жакка барасың?!

Бар, бара бер, улай бергин көчүңдү,
Буктурмада бүлүнтпөгөн көч кимди?!
Бир кылчайып күзгүсүнөн мезгилдин,
Карап алчы, көч башчысы өзүңдү?!.

***9.02.2003-ж. Терек-Суу.***

## «КИРГИЗДЕРГЕ»

Кыргызга – кыргыз гана тили керек,
Кыргыздарга-кыргыздын үнү өбөк.
Көрүнгөндүн тилине жагынгандар,
Көч ээрчиген ит сымал жүрүп өлөт.

Кыргыздарга – кыргыздын тили керек,
Кыргыз тили тилдердин гүлү демек!
Ар кайсынын тилине кулдук урган,
Алжып калган ит сымал үрүп өлөт.

Кыргыздарга – кыргыздын тили керек,
Кыргыз тили эзелтен улуу делет.
«Кыргыз» тилдүү кыргыздын шүмшүктөрү,
Өзүлөрү өз көрүнө үңүп өлөт.

Кыргыз болот эл тузун актагандар,
Кете берсин кыргыз тили жакпагандар.
Кыргызымды басынтып жер каратты,
Көрүнгөндөн туулган башка балдар.

Эстүү-баштуу эл дагы тил сатабы,
Тил таанытат элинди, тил-атаңды.
Ыйманы жок балдары «Общий домдун»
Ыйык карма энеңдей тил-мазарды!

Тилин саткан «киргиздер» орден алды,
Жерин саткан «киргиздер» оңбой калды.
Атаң менен энеңдин аласын сат,
Андан башка сатаарың калбай калды?!

***2.02.2003-ж. Терек-Суу.***

## ЧАЛАЙЛАР

*(Же кыргыз эмес, же митис эмес «киргиздерге»)*

Оруска тилин кесип берген кыргыз,
Ойлонбой чыгып кеткен ченден кыргыз.
Онтолоп «өт» дегенди «от» деп турсаң,
О, кокуй, эмнең тоолук, эмнең кыргыз?!

Дүйнөгө жаратканың, эгең кыргыз,
Эмчектен эмген сүтүң – энең кыргыз.
Э кокуй,«көп» дегенди «кооп» деп турсаң,
Энеңе ким жалгашкан, эмнең кыргыз?!

Бир тилди тутуп келген-мазар кыргыз,
Бир тилде бийлик кылган-атаң кыргыз.
Эмчегин энесинин кесе тиштеп,
Пир кылган эки тилди-качан кыргыз?!

Бир тилди улуу кылган жотоң кыргыз,
Бир тилдүү уруу болгон ботоң кыргыз.
Ар кайсы элдин тилин чанжырасаң,
Акыры болуп калат топон кыргыз.

Өз тилин өгөйлөгөн сарайдагы,
Өкүмөт төрөлөрдүн-малайлары.
Кош тилим деп жаткандар конок тилин,
Хандардын иш башкарган чалайлары.

Күн батат, болот таңдын атканы да,
Журт карыйт, болот анын жаш чагы да,

Өз тилди өгөй тилге айлантсаңар,
Өзөгүң бир өрттөнөт, шашпагыла?!

Кыргызга кыргыз үчүн баалуу, кыргыз,
Кыргызды, тил салтынан тааны кыргыз.
Байыртан эли-жерин саткан эмес,
Бир тилдүү өлкө болгон жамы кыргыз.
Чалайлар, чарпып, буруп сүйлөгөндөр,
Чыныгы кыргыз эмес «жаңы киргиз!»

*29.01.2003-ж. Терек-Суу.*

## ТУКУМ КУРУТ БОЛБОГУН

Кыргызча кадам таштабай,
Кыргызча элди баштабай,
Кыямат кетээр бекенбиз,
Кыргыздын тузун актабай!

Кыргызча салтты сактабай,
Кыргызча жанды таштабай.
Эл-жерди сатаар бекенбиз,
Эненин сүтүн актабай!

Ар кимдин кашып көчүгүн,
Ар кимдин тартып өтүгүн,
Айттырбай өлсөк болду эле?!
Атага наалат, катыгүн!

Чурайдан кыздар пулду издеп,
Чак түштө кылат кылмыш көп.
Айттырбай өлсөк болду эле,
Атасы митис кыргыз деп!

«Кут» болсо жалпы домубуз,
Кайнаган биздин шорубуз.
Батыштын асып казанын,
Байланып калды колубуз.

Ойлосом Кытай пирибиз,
Оруска дале инибиз,
Кыргызча ооздо келме жок,
Кесилип калган тилибиз.

Карк болбо канча билимге,
Касиет кыргыз пиринде.
Атакең Манас айтканбы,
Англис, немис тилинде?!.

Шыпшынып сурайт келгиндер,
Шыйпаңдап койсо келиндер.
«Общий дом» кылып алышты,
Жапондор, корей, негрлер.

Арабдар берип катыкты,
Кызыңдан тапты «бакытты».
Кыргызды кылды «общий дом»,
Кысталак келгин азыткы!

Айтышып түрктөр мыскылын,
Алдашып, чечип ычкырын,
Эне сүт ооздон кете элек,
Кызыңдын алды кыздыгын.

Тоскундар келип алыскы,
Тооңду булгап салышты.
Тотудай кыргыз кыздарын,
Токолу кылып алышты.

Уйгурлар тепсеп намысты,
Уяңа бүлүк салышты.
Кызыңды бойго жете элек,
Күң катын кылып алышты.

Ар коруң, тузуң уурдалып,
Ашыңа жатат уу салып.
Байкушум, кыргыз шейшебиң,
Баратат улам булганып!

Анты урат ыйык-ордонун,
Абайла, кыргыз, ойлогун.
«Общий дом!..» общий – деп, жатып,
О, кыргыз... кокуй, акыры,
Тукумуӊ курут болбогун.

*24. 06. 2002-ж. Терек-Суу.*

## ОЛДО БАЙКУШ, КЫРГЫЗЫМ

Ала-Тоого жаз келет...
Агын суудай мас келет.
Кудай кылып бөтөштү,
Куйругу жок тас келет.
Келгин тейлеп казанды,
Куса турган аш берет.

Керме тоого жай келет...
Куржун камдап бай келет.
Кузгундары куркулдап,
Кумун, ташын жей берет.
Элдин тоноп ырысын,
Эшегине теӊденет.

Айкөл тоого күз келет...
Күттүрбөгөн жут келет.
Кырман толгон кызылды,
Куу тумшуктар жүктөнөт.
Ыйманы жок келгинге,
Ырыскысын бүт берет.

Кыш келгенге кубанып,
Куйту кетет кун алып.
Илеӊ-салаӊ кыргызым,
Ич көйнөгү чубалып.
Итирейип келгинден,
Ичип-жешет суранып.

Олдо байкуш кыргызым!
Опол-тоодой кылмышың.
Төрдө болсо жазында,
Көрдө кышта бир бутуң.
Журттун кайда намысы,
Жок дегенде бир жутум?!

***23.03.2008-ж. Бишкек.***

## МАГА ӨРМӨТ КЕЛСЕ ЭГЕР

Жакшы чыккан итимин,
Журтчул бол деп, күчүгүн.
Өтөлүнө чыгарам,
Энесинин сүтүнүн.
Олуя кыл – деп, айтам.
Очогунун түтүнүн.

Кер эчкинин улагын,
Кең дүйнө – деп турагың.
Тоону сүй – деп, өстүрөм,
Торолгондо чунагым.
Кир тамандан сакта дейм,
Тунук болсун булагың.

Кайберендүү тоолорум,
Калкан болот зоолоруң…
Кылыч кылып мүйүздү,
Кыргызыңды коргогун.
Ажо кылам бүркүттү,
Тактысына ордонун.

Калыс бол – деп бүргө сен,
Кара ташты сүйлөтөм.
Карышкырды баш кылып,
Кит балыкты бийлетем.
Сорбо канын элдин – деп,
Сүлүк куртту үйрөтөм.

Мага өрмөт келсе эгер,
Жашыл болот көрпө жер.
Опол тоонун башына,
Орнотулат кеңсеңер.
Кыргыздашып бүт дүйнө,
Кут чулганат өлкөңөр!!!

***23.03.2008-ж. Бишкек.***

## ОЙЛОН, КЫРГЫЗ!

Улуу дедик көтөрүп,
Ушул орус байрагын.
Ую калса жөтөлүп,
Уюштурдук сайраңын.
Умай эне – кыргызым.
Универсал кайраным!

Тузу мунун эң ыйык,
Түп атабыз түрк, дедик.
Турпагына сыйынып,
Турак үйүн түптөдүк.
Бу туугандан белибиз
Калбас бекен бүктөлүп?!

Улуу орус тыягы,
Улуу кытай быягы,
Түрк, еврей – көп улут,
Казак, татар, өзүбек,
«Бактыбыздай» сыягы.
Анан калса арамза,
Ар биринин кыягы...
Байкуш кыргыз болот го,
Көк бөрүнүн улагы!..

Ар улутту сагалап,
Аралаттык мекенди.

Орношкон соң табалап,
Окутат го акеңди.
Каның ирип баратат,
Кайран кыргыз апенди.

Калабы деп чочуймун,
Күңгөй карап тескейди.
Болобу деп, кокуй күн,
Жүрөгүңөр сезбейби?
Кыргыз калып жомокто,
Кытай болуп кетпейби?!.

Кусаматтык арбыса,
Алар кетет утушуп.
Итче талап кетет го,
Биз жатканда тытышып.

Ойгон кыргыз, ойгонгун,
Ойгонгун да ойлонгун.
Тегирмени болбогун,
Тентип келип тойгондун.
Кенебестик кетирсең,
Келбей койбойт ойрон күн!

Ойлонбосоң мойнуңа,
Буурсундар чиркелет.
Битиң батпай койнуңа,
Тонуң калат сиркелеп.
Таңкы короз кыйкырбай,
Текелериң биттелет!..

Түркчө төрөп кыздарың,
Түгөйт ырыс тутканың.
Орусташып кыздарың,
Ойрон болот тутканың.
Кыргыз атың жоюлат,
Кытай чечсе ыштанын.

Комузуңдун ордуна,
Ырын ырдайт домбура.
Салат го дейм арабдар,
Сыйыртмакты мойнуңа.
Кара жылан кирбесин,
Кокуй кыргыз койнуңа.

Болбойлу, деп, сестенем,
Бара-бара баңгибиз.
Чүкө кылып өкчөгөн,
Арак деген аңгибиз.
Кийинирээк кууратып,
Кул кылат го англис.

Асыл элди жат бийлеп,
Аппак жолдон азабыз.
Арам тилди көп сүйлөп,
Алжып бара жатабыз.
Кыргыз бойдон өлөлү,
Каргабасын атабыз...

Арам бутту киргизбей,
Боз үйүңдү аруу тут.
Айлакерге кийгизбе,
Ак калпагың ал да кут.
Азып-тозбой жүрөгөр,
Айланайын Ата Журт!

Ак сүтүндөй ыйык көр,
Элечегин энеңин.
Асыл тоом улук жер,
Боорум, жүрөк, карегим!
Мага мазар – кыргыз эл,
Сенин, менин мекеним!

«Молдосу көп деген бар,
Арам өлөөр неменин.
Арты кайгы – кыргыздар,
Күч ээрчиген «берендин»

Эл сатканга барабар,
Сүтүн саткан эненин!...

Журттун кетсе пейили,
Береке жок ашында.
Ыркы кетсе элиңин,
Бийлеп алат ашына.
Эл мүңкүрөйт ажонун,
Мээ болбосо башыңда.

Айланайын асыл журт,
Алтын очок уюткан.
Алыс карап, акыл тут,
Айкөл элим – Улукман.
Кол жууп кала көрбөйлү,
Кыргыз деген улуттан.

Билим десе билим бар,
Тилчи, десе тилиң бар.
Бий болууга четинен,
Бириң эмес, миңиң бар.
Куйтулугуң болбосо,
Кай жеринде кемиң бар?!

Бир жакадан баш чыгып,
Бир багытка баш буруп.
Бир казандан аш ичип,
Бир конушта каткырып.
Жүрбөйсүңбү биригип,
Бир таш менен жатты уруп!

Куйтуңдашып кашынбай,
Котур ташты катынбай,
Көлөкөнү пир тутуп,
Көчүгүңдү ачтырбай.
Бир кудуктан суу ичип,
Бир дененин башындай...

Кенен жайлоо – кениң бар,
Кереметтүү жериң бар.
Кымыз жыты гүлазык,
Кыргый мүчө келин бар.
Жамы түрктүн атасы,
Кыргыз деген элиң бар...

Кемсинишип жардылар,
Кербезденип алдуулар.
Тобо кылбай кудайга,
Тойгон күнү кардыңар.
Демократ болом деп,
Делбе болуп калдыңар.

Улуу көчтүн башында,
Улуу журтсуң азыр да.
Сан кылымдын заты бар,
Кыргыз деген атыңда.
Уюткусу дүйнөнүн,
Улуу элим басынба?!

Кылым артып кылымдан,
Кызыл каны чубурган.
Кыргыз үчүн жан берип,
Далай кыргыз кырылган.
Кеменгерлик бейнени,
Кыргыз сага буюрган.

Айыгышкан эрөөлдө,
Ат үстүнөн түшпөдү.
Аспап болуп өнөргө,
Албан журтту түптөгү.
Мыкты кыргыз болалбайт,
Менменсиген түрк теги!..

Бөйдө бузуп ыркынды,
Болбо дал-дал жыртынды.
Ажыдаардай немелер,
Ачып турат кулкунду.

Айланайын кыргызым,
Аяп урун журтуңду.

Сарысы да, карасы,
Сага бузук санаасы.
Боорлошпус десе эле,
Болбо соргон мамасы.
Ата Журт – деп, жанды бер,
Ар бир кыргыз баласы.

Кыйды түлкү болосуң,
Карап үрбө ийниңи.
Эркиндикте оңосуң,
Элдин болсо бирдиги.
«Киргизбайга» теңелбе,
Ал келгиндин сийдиги!...

Таазим кылгын чөбүнө,
Талын жерге калтырбай.
Тоосун теңе Теңирге,
Ташын жатка кактырбай.
Жалгыз күкүм куму да,
Жалтылдаган алтындай!

Таазим кылгын туусуна,
Түкүрбөгүн суусуна.
Чымчым элбиз сактайлы,
Ченеп көрсөң уучуңа.
Ар убакта бал татыйт,
Аарысынын уусу да!

Кыргыз атам, татынам,
Кулмун күлүң ташыган.
Кара жанды саа бербей,
Кантип жерге жашырам.
Кыргызыма баш уруп,
Кудайга анан баш урам!!!

***23.03.2008-ж. Бишкек.***

## КООПСУЗДАНУУ

Келгиндер мыкчып башыңды,
Келгиндер жутат акыңды.
Кепшебей кыргыз баш көтөр,
Келгиндер ичет ашыңды.

Келгиндер журтту башкарат,
Келгиндер минген атты алат.
Кешигиң катат кыргызым,
Келгиндин тили жатталат.

Келгиндер чукуйт көзүңдү,
Келгиндер алат өтүңдү.
Эндиреп журтта каласың,
Эч кимге болбой өтүмдүү.

Келгиндер тепсейт кутуңду,
Келгиндер өбөт кызыңды.
Кемсинген балдар төрөлүп,
Болосуң «киргиз» тукумдуу.
Баш көтөр, бийлик талашып,
Батбаадай болоор учурбу?!

Келгиндер өкчөп сакасын,
Келгиндер айтат насаатын.
Келгиндер тепсеп даң салат,
Керилген тоонун жакасын.
Озунгун, кыргыз баш көтөр
Ок тийгир, эмне жатасың!..

***21.03.2008-ж. Бишкек.***

## БҮТ ЖАСАЛМА

Бүт жасалма, мейлиң кайда бурулба,
Кабылгансың, каргашалуу кылымга.
Жасалма даам татып турат таңдайга,
Жасалма жыт келип турат мурунга.

Бүт жасалма, кай нерсеге урунба,
Кабылганбыз, каны бузук кылымга.
Наны, тузу, аба, суусу жасалма,
Жасалмалык-жамгыр, күндүн нурунда.

Жасалма сөз, жасалма дин тутканбыз,
Өзүбүзгө, биз өзүбүз душманбыз.
Ыйманыбыз, мыйзамыбыз жасалма,
Жанды берип, бий болууга куштарбыз.

Жагалданып, бүт жасалма күлкүбүз,
Паракордук, арам тапкан мүлкүбүз.
Карышкырбыз туралбаган кан ичпей,
Айла-амалы, ашып-ташкан түлкүбүз.

Жасалмалап, бейиш бар – деп, үндөйбүз,
Жансыз жаңкы-жасалма кооз гүлдөйбүз.
Аялдардын боозуганы жасалма,
Атабыздын ким экенин билбейбиз.

Ырдаган ыр, сүйгөн сүйүүң жасалма,
Берген сыйлык, алган сыймык, батаң да...
Жасалмалоо үгүт, үмүт, сыйкордук,
Көздү таңып, баратабыз сапарга.

А мен болсом – күн өчкөнчө тутулуп,
Бу жашоодо бирде утуп,.. утулуп.
Күн өткөрбөйм, өмүр сүрбөйм жасалма,
Көрүмдө да турат кыргыз жыты уруп.
Баарысынан кыргызымдын жыты улук!

*13. 01.2004-ж.*

* * *

Байлык тапкын опол тоодой жыйылган,
Ак сарай сал, чылк алтындан куюлган.
Эмне кылба, кандай дөө-шаа болсоң да,
Эч нерсең жок бу дүйнөдө буюрган.

* * *

Жаның туткун, качып кайда кетесиң,
Ушул дүйнө утурумдук бекетиң.
Бу жашоого келсең болуп бересе,
О дүйнөгө аласасыз кетесиң.

* * *

Ойлобогун – деп, түбөлүк жаралдым.
Опурталдуу өмүр, жашы адамдын.
Капысынан келет бир күн «жүрү!» деп,
Кароолуна илинүүсүң ажалдын.

* * *

Түн да, күн да ойлой жүргүн өлүмдү,
Түбөлүккө берген эмес өмүрдү.
Тиги жайда эч ким сени таанызбай,
Ушул жайда урунуп кал өзүңдү.

* * *

Баарын эле жаратпаптыр сен үчүн,
Буюруп койгон өзүңдүн бар үлүшүң.
Бирин бирге эгем кылган шыбага,
Эртең сен да курттун эле жемисиң.

* * *

Жаратканың эмне кылса, ошосуң,
Биз айдайбыз жашообуздун сокосун.
Жаралганбыз чымчым эле турпактан,
Эртең кайра чымчым эле топосуң.

* * *

Агып келип өмүр деген дайрадан,
Биз кетебиз андан агып кайрадан.
Чиелешкен, чырмалышкан дүйнөнүн,
Чымчыгыбыз убактылуу сайраган!

*13. 01. 2004-ж. Бишкек. ӨК.*

## «ОБЩИЙ ДОМ»

«Общий домго» баарысын энчилеттик,
Отубузду, очокту тепкилеттик,
Сарыларга кыздарды салып берип,
Сасып турган колтугун өпкүлөттүк.

«Общийбиз» – деп, «ошого» кынык алдык,
Ортолукка боз үйдү тигип алдык.
Ордобузду тебелеп селсаяктар,
Ойрондолуп эшекке минип калдык.

Асыл башка ал үйдөн азап үйдүк,
Арасатта тигилген чапан кийдик.
Чычкан жедик, ит жедик, мышык жедик,
Жети атадан келаткан салтка сийдик.

Колтугуна катышып котур ташын,
Көр бийликтин көрүштү озуйпатын.
Чыкыйына кыргыздын чай кайнатты,
Чачтуусун да, ордого топтоп тазын.
Багы тайган кыргызым бара-бара,
Болобуз го баарыбыз «общий» катын!

*14.03.2005-ж. Бишкек*

## КЫЙНАЛАМ

Олтурам жүрөк сыздап терең ойдо,
Санаа бар сыйбай турган дене бойго.
Кыргызым, кайда кетип баратасың,
Түштүкпү, туңгуюктуу бөтөн жолго.

Келиндер тергейт эле кайнатаны,
Кабылдык бир адатка каргашалуу.
Атаны «евич» кылып алмаштырдык,
Калбады салтыбыздын сайда саны.

Келиндер тергейт эле кайненени,
Каадасы калайыктын кайда? деги.
Энени «евна» менен алмаштырдык,
Салт кетти тоонун болуп кайберени.

Сый эле атын айтпай тергегендик,
«Евич» деп, «евна» дедик неге жеттик.
Бир гана көч ээрчиген кандек болдук,
Булутпуз жел айдаган, эмне көптүк?!

Жүгүнүү келиндердин салты эле,
Журтума жабышы бир арам неме.
Ыйманын, салтын саткан-шылдың заман,
Ышкыртат ак, кызылын кыздар деле.

Булганган көпкөнчүлүк, көчө жаман,
Ызаатсыз, ыркы кеткен, өтө сараң...
Салты жок, сакалы жок, муруту жок,
Сандалган, салабатсыз көсөө заман.
Көздөрдүн бири чекир, бири көпкөк,
Кыргызды коңур көздүү кайдан табам?!

***13.03.2005-ж.***

## КЫРГЫЗДЫН ЭНЕСИ

Сырга бек, сөзүнөн бал тамган,
Суйкайып жүзүнөн күн жанган.
Жоодур көз, айымдар-асылдар,
Жолуксаң мындайга не арман!

К а й ы р м а:
Умайым, улуунун улуусу,
Уз оймок энелер ырыстуу.
Кымча бел, кара көз, калтар чач,
Кыргыз кыз-сулуунун сулуусу.

Улууну урматтап иштерман,
Дүйнөгө ажайып түс берген.
Асыл жар, акылдын кенчисиң,
Колунан каалаган иш келген.

К а й ы р м а:
Пейили кең, береке-кутмандар,
Бел байлап, намыска уткандар.
Бактылуу, эр жүрөк кеменгер,
Бет келсе жеңилген душмандар.

К а й ы р м а:
Бир көрсөң Ала-Тоо элеси,
Балкыган Жер шары денеси.
Бактылуу дүйнөнүн очогу,
Баланын, адамдын энеси!

*26.03.2007-ж.*

## ЖЕП ЖАТКАН НАНЫҢ ТИЛИҢДЕ

Жеп жаткан наның тилиңде,
Жеп жаткан наның билимде.
Казаның кайнайт тил болсо,
Карк болот, болгон билимге ээ!

Мураска жетет тил менен,
Мүңкүрөйт тилин билбеген.
Баарынан турат жогору,
Байлыктын куту – тил деген.

Мураска атам таштаган,
Бул тилим көчтү баштаган.
Тилибиз менен эркинбиз,
Тилибиз бизди сактаган.

Кылымдап айткан энелер,
Кыргыздын тили – кеменгер.
Кызтеке жанга барабар,
Киргизбиз деген немелер.

Жок туруп, жазма, окуусу,
Турмуштан кыргыз окуучу.
Тең келээр бизге эч ким жок,
Тилимдин Манас чокусу.

Дүрбөбөй, тилге шек бербей,
Улуу тил издеп, сестенбей,
Энеңдин тилин жакшы бил,
Экилүү келин кейптенбей!

***11.02.2004-ж.***

## КЫРГЫЗДАР

Таанысын дүйнө мени, дүйнө сени,
Дүйнөнү дүңгүрөтүп гүлдөтөлү.
Кылымдап, туубузду кылкылдатып,
Кыргызча жашаганды үйрөтөлү?!

Кембизби, биз кыйынбыз дегендерден,
Кыргызга калыстыкты Эгем берген.
Кур калган абалтадан эл эмеспиз,
Кабылан Манас сындуу кеменгерден.

Айкөлдүк – ар кыргызда бирдей адат.
Акылман, ар бир тилде сүйлөй алат.
Абалтан ата салты элимде бар,
Ар бир кыргыз – дүйнөнү бийлей алат!

Ынтымак, ырыскысы чачылбаган,
Улуу эл тийишпесе катылбаган.
Сансыз жоону, жалгыз сөзү жеңип көнгөн,
Мүңкүрөп, элин сатып, сатылбаган.

Аз эле элдин санын сурасаңыз,
«Аз болсоң, саз бол!.. деген тун атабыз,
Какайып көнгөн элбиз касташканга,
Кабаарып, тоо болсо да кулатабыз.

Элденбиз, булбул тилдүү көйкөлдүргөн,
Эзелтен эркке бекем, көркөм дүйнөм.
Кан-жаным, кара кыргыз касиеттүү,
Каралдым, Кыргызстан – өлкөм сүйгөн!

Аздектеп, таанып турсун дүйнө сени,
Ааламга кыргыз тилин үйрөтөлү.
Кууп чык кудай таала болсо дагы,
Кыргызды, кыргыз тилин сүйбөс элди.
Кастарлап, салтын сыйлап бөтөн элдин,
Кыргызча, кушун дагы сүйлөтөлү?!

***13. 01.2005-ж. Бишкек.***

## СУКТАНГЫН, СУКТАН КЫРГЫЗГА

Акылың ашып турса да,
Ааламды атаң курса да.
Теңелчүү жан жок дүйнөдө,
Тек-жайы айкөл кыргызга.

Күлүгүн аттын минсең да,
Күмүштөн байпак кийсең да,

Ким деген чыгат тең келип,
Кыраany – Манас Султанга.

Теңсиң дейм, айтчы, киминди,
Теңебейм бирге, миңинди,
Баласы тургай кыргыздын,
Бакасы дагы билимдүү.

Абалтан даңкы дүңгүрөп,
Акыйкат, айкөл, ак жүрөк.
Таңдангын, суктан кыргыздын,
Ташы да дүйүм тил билет.

Кастарлайм ата-бабамды.
Канынан кыргыз жаралды.
Касиет-суусу, жеринде,
Кыргызды сүйдүр баланды?!

***18. 02. 2005-ж.***

## ҮЙҮҢӨ КЕТЧИ, ТИГИНЕ

Жашоодо эл көп телинди,
Жашоодо эл көп билимдүү.
Жактырып калсаң жанымды ал,
Жөн кончу, алба тилимди.

Элиме салба жигинди,
Тийгизбе элге тилинди.
Арамга бирок, алмашпайм,
Абалтан аруу дилинди.

Тили жок элди – эл дейби?!
Тили жок калса өлбөйбү.
Кычышсаң ташты тырмачы,
Кыргызга тийбе, кең пейли?!

Кыргызды айтчы, ким дейсиң.
Кыйынмын, мени – бил дейсиң.
Кылымдап бирге жашайсың,
Кыргызча бир ооз билбейсиң.

Үстөмдүк кылба, тилиме,
Үйрөтпө кыргыз «иниңе?»
Үйрөнө албай, тажасаң
Үйүнө кетчи, тигине?!.

***18. 02. 2005-ж. Бишкек.***

## АБАЙЛА КЫРГЫЗ

Эсиңе келгин ээрчиме кыргыз,
«Ээ эмес» элсиң – эркиңе кыргыз.
Көксөгөн ойго жетесиң, ойлон,
«Көр даяр!» десе ээрчибе кыргыз.

Жөлөтүп-таяп, телчиме кыргыз,
Жоромол акыл – сенсиң ээ кыргыз.
«Кыйынсың!» десе жаныңды берип,
Жыртайып, кийин тентибе кыргыз.

Келгиндер чалма мойнуңа чалып,
Кетишет кийин оюнуңа канып.
«Жоомартсың!» десе катынын берип,
Ордуна анын жоор эшек алып.

Жагына берип, күйгүзбө кыргыз,
Кызыңды жатка сүйгүзбө кыргыз.
Жоюлат тилиң, жоюлат каның,
Жонуңа жатты мингизбе кыргыз.
Абайла деги, акылды калча,
Ак ниет кыргыз, адилсиң кыргыз!

***14.02.2005-ж.Бишкек.***

## УЮТКУ

Ачык айт, акмакты акмак деп,
Аксакты ачык айт аксак деп,
Арамдык кылбагын эч кимге,
Ашыңды актап ич, актап жеп.

Ачык айт, дудукту дудук де,
Алдабай, былыкты былык де.
Кордоочу акыңды бербесе,
Көкөлөп колунан жулун де.

Ачык айт, ууру де ууруну,
Аздекте айкөлдү улууну.
Абалтан кор тутуп көнбөгөн,
Абалтан кыргыздын кулуну.

Барктап өт, ыйык деп, ыйыкты,
Баспагын, бузбагын уюкту.
Каадасын, кадырын билип жүр,
Кас кылба, бөтөн эл-улутту.
Кулун да кор кылбай сыйлаган,
Кыргызың, түп атаң уютку!

***05.04.2008-ж. Бишкек.***

## КЫРГЫЗЫМ МЕНИН ТОО МҮНӨЗ

Менин бар адырларым шумкар канат,
Алыска максат көздөп учкан барат.
Абам бар хан Бакайдай ал чокуда,
Жайы-кыш таш калаада тулпар багат.

Менин бар конуштарым кымыз жыттуу,
Бир конгон пейилинен сезет кутту.
Энем бар жалкай музга эр бөлөгөн,
Канатын Күнгө жанып шумкар уччу .

Менин бар булактарым кыз күлкүлүү,
Күлкүсүн туурап сайрайт куш түркүмү.
Калкайган найза миздүү аскаларым,
Ааламды тиреп турган жыш түркүгү.

Мен дагы ушул тоодо төрөлгөмүн,
Бүркүттүн уясына бөлөнгөмүн.
Энекем тоо мүнөздүү кыргызындай,
Туйгун бол, – деп көбүн кылды жөрөлгөнүн.

## УГУП АЛ

Угуп ал, кыргызымдын жигиттери,
Урматы, улуу элдин жигит бели.
Үбөлөп коё турган кез эмеспи,
Уучуна салып туруп жигит жерди.

Угуп ал, кыргызымдын жигиттери,
Урагыс улуу доордун жигит гүлү.
Ушу кез «үлп» эттирип үйлөөчү кез,
Уурттун жели менен жигит Күндү.

Бек болсоң, тооңдой бол, бел алдырба,
Бейкүрөш душманыңа жем алдырба.
Күлмүңдөп көөдөн менен тоспойсуңбу.
Күркүрөп келе жатса сел алдында.

Дүңгүрө, уксун дүйнө добушуңду,
Дүңгүрө, сен бирөөнүн корусуңбу?!.
Күркүрөп кең ааламга сызбайсыңбы,
Күч кошот кыргыз эли – достук колу.

## САЛТ-САНАА ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

Кыргыздын ичкен тузу улук,
Кыргызды сүйсөң кыз улук.
Кыргызга болсоң чыккынчы,
Бир күнү кетет тузу уруп!

***Автордон***

О, калайык, санаа-салтың бузулду,
Айныган көп, актаган аз тузуңду.
Очогуң бар, кыргызың бар, урбасын,
Ойлогула! Ойлогула кусурду.

Шарап менен бүтмөй болду сый дагы,
Шарап менен бүтмөй болду ый дагы.
Каада-салттын баары аракка алмашып,
Кыргызымдын арак болду – ыйманы!

Атасы өлүп, энеси өлүп боздошуп,
Бирөө турса күйөөрүнө коштошуп.
А бирөөлөр арак ичип ыржаңдайт,
Төрттөн, бештен чогулушуп, топтошуп.

Бирөө ыйлайт, күйүтүнө бышактап,
Бирөө ыйлайт, көрүстөндү кучактап.
Муңду салтка айландырган кыргыздар,
«Майла» – дешет бирин-бири шыкактап.

Ала-Тоодой ашка малды сойдуруп,
Ала-Көлдөй арак ичип, той куруп.
Арбак урган кыргыз коёт өлүгүн,
Ата салтын келгин салтка жойдуруп.

Баары бузук, бара жатат бузулуп,
Аңгиликке, баңгиликке тукуруп.
Аргай жерде ит сыңары чагышып,
Алмончоктой жигит, кыздар учунуп!

Анда дагы, мында дагы таштанды,
Акыр, орго арам балдар ташталды.
Ит көтөрүп, ымыркайдын баштарын,
Ичегисин мышык чубап, жеп салды.

Үйрөнүшүп, Батыштагы «Пиринен»
Келин чыкты жан-жөйүңдү шимиген.
Сойкукана, соопкана деттирип,
Салтты таптың, капкайдагы чириген.

Ата менен арак-шарап чегишип,
Абышканы зордоп кыздар өбүшүп.
Энектери чирип түшкөн жигиттер,
Эне-атасын симирилте сөгүшүп.

Кекиртегин кемпир-чал да тыйбады,
Келмеси жок, калганы жок ыйманы.
«Ак нан!» десе мурундарын чүйрүшүп,
«Арак!» десе жанын турат кыйганы.

Мейли дедиң, болсо деле арың жок,
Мейли дедиң, жашаганга жарың жок.
Олдо, кыргыз! Арак үчүн акчаң бар,
Олтурсаң да, бир сындырым наның жок!

Айыгышуу, арамзалык, доо, кастык,
Кайда кеткен кыргыздагы жоомарттык.
Ит болдук го, жолоочуну ээрчиген,
Кимди туурап, кимге деги боор ачтык.

Чыгаандардын жан-жөйүндө уурулук,
Чирип турган устун сымал туурулуп.
Батып калдык, башка журттун сазына,
Байкашымда чыгыш кыйын суурулуп.

Ата салтын ыйык туткан улуттук,
Андан-мындан курап жатып куруттук.
Эмчегине кол тийгизбес кыздардын,
Эски адат деп, улуулугун унуттук!

Жикке бөлүү – кол чыгарбай бир жеңден,
«Кыйын экен» айтчы дешип ким, менден.
Урунсакчы кыргыз үчүн – оо, кыргыз,
Ушу жанды бул жашоого бир келген.

Кымыз калып – доорун сүрүп ичкилик,
Катын чанып – катын тейлеп, иш билип.
Туу чокудан туңгуюкка аттанып,
Түшөбүз го тулпар минбей, ит минип.

Сый ажырап, ата менен баладан,
Санасаң көп, жан дүйнөсү тар адам.
Сабыры жок, кунары жок, куусу көп,
Салтты бузган сасык беле заманам!

Сый ажырап, кызы менен энеден,
Суз дүйнөсү, бешиги суз бөлөгөн.
Сорпосу жок, чоң казан жок, чогу өчүп,
Соолуп бара жатабы дейм, кемегең.

Көпкөлөң көп, көмөчүнө күл тартмай,
Көксөө байлык – көрүнгөнгө көз артмай.
Убада жок, шерти жалган алдамчы,
Ушу доордун – жүзү кара, сөзү актай!

Күлүгүң жок, ыргып минген кермеңен,
Кумайык жок, тап бергенин сермеген.
Каңгып жүргөн карышкырдын үйүрү,
Кайбар кыргыз, жаздың экен эмнеден?!

Чалпалактап, чарпып сүйлөп тилиңди,
Чүкө сымал, чертип «ойноп» билимди.
Кыргыз ата, кыргыз эне бүткөнү,
Сенден, менден мурда болгон илимдүү.

Алар деле эне тилин алмашпай,
Айткан сөзү курч болучу алмаздай,
Ойлоп сүйлө, оңдоп сүйлө, соо сүйлө,
Ойрон кетет көчүк жагын карматпай.

О, байкуш ай! Туурай берген көргөнүн,
Оку, билгин, алгын жакшы өрнөгүн...
Тоолуктардын – алар шырып шырдагын,
Тоолуктардын – алар соксун өрмөгүн.

Адат болуп батмай оңой олжого,
Арам акча түшүп жатат дорбого.
Момуну аз, арбын «бакшы» дербиштер,
Молдолукту бергилечи молдого.

Азгырылып, мусулмандык булганып,
Арбак менен сүйлөшкөндөр жин даарып,
Жашырынган жойпу жалган динчилер,
Жамы журттун ыйман, салты уурдалып.

Мугалимдер мурда жүргөн жашынып,
Молдо болду бүгүн көзү ачылып,
Милициялар, теспе тарткан төрөлөр,
Мусулманмын – дешти пулга сатылып.

Мусулмандар!.. барлар арбын акчасы,
Пейилиңди көр-оокатка сатпачы?!..
Кайрымдуу бол, боорукер бол, калыс бол,
Кыргызыңдын ушул түпкү максаты.

О, мусулман!. О, Кудайдын бекзаты,
Пейилиңди, берекеңди сатпачы?!..
Атасына үйрөтөт дейт, сийгенди,
Алсыз элдин, арсыз элдин устаты.

Бургандар аз ыйман жакка ышкысын,
Ыйлаган көп, ырыскысы жупжупун.
Келекелеп кыргызымды «киргиз» деп,
Кем акылдар, кетиргендер сөз кутун.

Чүмбөттүүлөр – бирин-бири жандаган,
Чүчөктүүлөр – кучунасы кармаган.
Көрдү чукуп, пайда тапкан шылуундар,
Кыргыз эмес, кудайды да алдаган.

Талак кылуу, бир-бирине ишенбөө,
Тузак коюу – бирин-бири кишендөө.
Уктап жатып кан уурtаган желдеттик,
Ойгонгондо окшоп кетет түшү өңгө!

Көңүлү пас, базар толгон тилемчи?
Көмөгү аз, бир ооруга миң эмчи.
Улуу кыргыз улагаңан май акпай,
Уюткунду ит жеп турат илгерки!

Эл элек го качырбаган кут кушун,
Эл элек го улуу туткан журт тузун.
Элдин наркы – эмчек сүтү эненин,
Эме бербе көрүнгөндүн упчусун.

Жайлоо какшып күтүрөгөн малдан жок,
Жан жери ачык, жапчы дешке дарман жок.
Жабалактайт бүткөн боюн саткандар,
Жашаш үчүн андан башка арган жок.

Жакырчылык, бир көпөскө миң жалчы,
Жанын берүү жашоо үчүн бир тамчы.
Жарга элди айдап бара жаткандар,
Демократ – бюрократ – чоң камчы!

Азык издеп, таштандыны казгандар,
Ачык асман таштандыда жаткандар.
Кудайлары, «Эркиндиктин» уккула,
Кайыр сурап тентип жүрөт жаш балдар.

Бий баласы чакмак алып долларды,
Жойлоп жүрөт Париж, Нью-Йорк, Лондонду.
Кепиндикке акча сурап кембагал,
Көрүнгөнгө сунуп турат чор колду.

Бий балдары чет өлкөдө окуган,
Билим алып, бийлик жолун токуган.
Кем акылдуу кембагалдын балдары,
Кийээри жок качып жүрөт окуудан.

Урмат кылам, угуп койчу кеменгер,
Кирчүүлөр көп, эгер болсо белен көр.
Андан башка алласы жок не кылат,
Арбып кетти иттин этин жегендер.

Доор ушубу? – тажысы бар, башы жок,
Доор ушубу? – казаны бар, ашы жок.
Доор ушубу? – очогу бар, оту жок,
Доор ушубу? – бети кара, көтү бок.

Доор ушубу? – эч ким менен иши жок,
Доор ушубу? – келип, кеткен изи жок.
Доор ушубу? – түтүнү бар, ышы жок,
Доор ушубу? – эмчеги бар, сүтү жок.

Доор ушубу? – дарагы бар, гүлү жок,
Доор ушубу? – капкараңгы түбү жок.
Доор ушубу? – чакчалекей, чала жан,
Доор ушубу? – ыйманы жок, пири жок.

О, жараткан, ашык айтсам баш урам,
Көп жатпайбы, кем жактарым чачыман.
Адамга адам жырткыч болуп баратат,
Айтчы, өзүң аны кантип жашырам.

Оорулардын алын суроо азайып,
Очорулуп жатса көрбөй какайып,
Алмашылып баратабыз долларга,
Акыйкаттын андан көзү кашайып!.

## КЫРГЫЗДЫН УУЛУМУН

*(Обон үчүн)*

Тайманбай өрт кечип, тоону ашкан,
Таңыркап, суктанган – жер, асман.
Сүйгүлө, мекеним – Ала-Тоо,
Сүрүмөн – суу жүрөк жоо качкан

К а й ы р м а:

Айтканын аткарган эрки бек,
Акыйкат, айкөлдүк, ак тилек.
Кылымдап шердикти туу туткан,
Кыргыздын уулумун эр жүрөк!

Абалтан бабалар жердеген,
Эч кимге намысын бербеген.
Тукуму боломун Манастын,
Тең келип, касташкан жеңбеген!

К а й ы р м а:

Айтканын аткарган эрки бек,
Акыйкат, айкөлдүк, ак тилек.
Кылымдап шердикти туу туткан,
Кыргыздын уулумун эр жүрөк!

Өзөндөр, чер токой гүлдөгөн,
Өрүкзар – дүйүм куш үндөгөн.
Өзгөчө асылсың мекеним,
Өзүңдү ким деген сүйбөгөн.

К а й ы р м а:

Айтканын аткарган эрки бек,
Акыйкат, айкөлдүк, ак тилек.
Кылымдап шердикти туу туткан,
Кыргыздын уулумун эр жүрөк!

Асыл журт – Мекеним, медерим,
Аталар калтырган белегим.
Сыймыктан, намыскөй уулуң бар,
Сен үчүн жанымды беремин!

К а й ы р м а:

Айтканын аткарган эрки бек,
Акыйкат, айкөлдүк, ак тилек.
Кылымдап шердикти туу туткан,
Кыргыздын уулумун эр жүрөк!

***22.02.2005-ж. Бишкек.***

## МЕН КЫРГЫЗМЫН

Мен кыргызмын, бийиктикте төрөлгөн,
Жаным, каным, жана кыргыз көрөңгөм!
Кыргызмын деп кара ташын айттырып,
Кыргыз үчүн жанды берип, өлөм мен!

Мен кыргызмын, кыргыз – жөлөк, өбөлгөм,
Кыргыз сүтүн ичип, өсүп көгөргөм.
Улуу Манас тукумунан боломун,
Басмырлатып бастырбаймын төбөмдөн.

Кыргыздарда уютку бар айкөлдүк,
Кыргыздарда – жоомарттык да, байкерлик!..
Кыргыз болуп туулуш бакыт ар кимге,
Кыргызымдын тукумунда бар – шердик!

Кайрымдуулук, боорукерлик – калкымда,
Улууга-урмат, кичүүгө-сый, салтында.
Булбул үнүн салып сызат керимсел,
Куму дагы окшоп турат алтынга.

Аска-зоолор чылк берметтен бүткөндөй,
Арашандар, ак мөңгүлөр – сүт көлдөй.
Жашыл тулаң – жакут баскан торкодой,
Касын тосот – дос тамырын күткөндөй.

Мен кыргызмын, кыргыз нанын жегемин,
Төксөм канды – кыргыз үчүн төгөмүн.
Менин жаным кыргызыма буюрган,
Мекениме керек десе беремин.

Кыргыз бол деп ким бирөөгө жалынбайм,
Кырылышса, кырылышам, багынбайм.
Өлгөн сайын өөрчүгөндүн уулумун.
Өнө берем, тутанамын, жалындайм.

Далай кылым, доорлорду карыткан,
Денем бүткөн, демим бүткөн намыстан.

Жайы-кышы коломтодо беш бармак,
Жамы кыргыз – жайдар мүнөз даанышман!

Бирок кыргыз кур калбаган өксөөдөн,
Ошондо да куурап калбай көктөгөн.
Мен кыргызмын, какайганга какайган.
Таарынткандын таманынан өппөгөн!

Ар коруна жазакерлик сыйбаган,
Аксакалын кудайындай сыйлаган.
Чокусунда мен турамын ааламдын,
Берекенин, бейпил ырын ырдаган.

Мен тоолукмун, тоо бар жерде кыргыз бар.
Тоо, кыргызга болбой койгон ким куштар!
Жети атасы туушпаган кыргызга,
Кайдан чыкты кара жолтой «киргиздер!..«

Ооба, курдаш!.. уютку бол элиңе?!
Ооба, журтум, мекен камын жегиле?!
Бутуң көргө турса дагы салаңдап,
Бактым кыргыз, каным кыргыз дегиле?!

Ооба, курдаш, сапар жетет чегине,
Өтө бир иш, чыкпагыдай төгүнгө?..
Алла буйруп, тилден калып жатсак да,
«Кыргызмын» деп, айтып калсак эмине ээ?!
А мен болсом, тозокто да айталам,
Ант беремин «кыргызмын!..» деп, өлүүгө!!!

***29. 12. 2003-ж. Бишкек.***

## ТЕҢИР-ТООНУН УУЛУМУН

Бала дебе, бактысыз бир суу мурун,
Мен кыргызмын, Теңир тоонун уулумун.
Байлыгым да, бакытым да тоолордо,
Басып турам, бу дүйнөнүн туу кырын!

Бири дебе, журт куруткан уурунун,
Мен кыргызмын, улуу журттун уулумун.
Карап турам, бу дүйнөнү бийиктен,
Кармап турам – бу дүйнөнүн суулугун.

Тек кетирбейм, томуктайын намыстын,
Тоону тарткам, тоолорумдай калысмын.
Ай түнөгөн аскаларда жашаймын,
Арамдыктан, жуукурлуктан алысмын.

Күндө жашайм, Күн тамызаар-тамызгым,
Күн төрөлгөн тоодо туулуп калыпмын.
Эл милдети, жер милдети мойнумда,
Элим, жерим, тоолоруma карызмын.

Теңир тоо деп жөн жеринен атабайт,
Теңир тоочо болбогондор жашабайт.
Тоодо жаным, тоодо өмүр, жүрөгүм,
Тоолор гана жан дүйнөңдү тазалайт.
Тилек тиле, тоюнбасаң тоого кел,
Тоого гана тайынгының, капаңы айт?!.

***27.04.2003-ж. Терек-Суу.***

## ТОЙБОЙМУН ТООГО ЧЫКПАСАМ

Тойбойт кардым, тоого бир маал чыкпасам,
Топуктанам, таш жазданып уктасам,
Тоо жөнүндө жаман пикир айтсаңар,
Тостойгончо эки көзүм мушташам.

Түшүмдө да тоолорума чыгамын,
Турмуш сырын, улуу сөзүн угамын.
Тоолор менин сыйынуучу кудайым,
Тоолор менин мойнумдагы тумарым.

Туум туткан, тоо деп жашап жүрөмүн,
Тирүүмдө да, өлсөм тоолор түнөгүм.

Көрөөр көзүм, уга турган кулагым,
Көөдөндөгү тоолор каккан жүрөгүм.

Жаңылбаймын, артык десем жаныман,
Жалбарамын, караанынан кагылам.
Жан тоо эмес, пейлим, ырыс, намысым,
Жаралган тоо – кыргызымын канынан.

Мазар тообуз – кыргызы бар, багы бар,
Маңызы – кут, жоомарттыгы баары бар.
Ар ташында, аскасында, кумунда.
Алатоолук кыргызымдын жаны бар.

Тойбойт кардым, тоого бир маал чыкпасам,
Толгономун, сыздап калса, сыздашам.
Ай-ааламды көргүм келип бийиктен,
Аскасына аска болуп учкашам.
Кыргыз болбой анда куруп калайын,
Кушу болуп тоону айланып учпасам!..

***20.04.2003-ж. Терек-Суу.***

## АДАТЫБЫЗ

Уйга жүгөн катпаган адатыбыз,
Улуу кыргыз элинин баласыбыз.
Байкербиз – деп көөдөнду каккан жокпуз,
Батек болуп турса да манатыбыз.

Жаадымда жат жаман дарт жараатыбыз,
Жатып ичээр жалкоолук, таң атырыш.
Аңкоолукту аңдагын, көрүп тур – деп,
Ала-Тоону жердеткен жаратылыш.

Жайдар мүнөз, жаркылдап, жагат ырыс,
Жайлообуз бар, канга-кан жана кымыз.
Теңир берип, терметкен бешигибиз,
Теңир тообуз – телчиткен канатыбыз.

Бөтөгөдөй бөйтөйгөн – боз үйүбүз,
Баарысынан бактылуу – кооз үйүбүз.
Бермет маржан чубурган кокту-колот,
Бажырайган ай жаркын тоо сүйүүбүз.

Берекебиз белчеден агат ырыс,
Биз бар үчүн бакытын – табат Чыгыш!
Бүт дүйнөнү кыргызга жагынтабыз,
Беш миллион кыргыздын Манасыбыз!

Мөлтүрөшүп, моймолжуп жүзүмдөрү,
Мөлтүрөгөн дарактын бүчүрлөрү.
Адырлардын албырган карагаты,
Араң турат ой! – десең үзүлгөнү.
Көзүң барда көрүп кал, менин өлкөм,
Сулуулугу суктанткан бүт дүйнөнү!..

***21.12.2004-ж. Бишкек.***

## ЫЙЫКСЫҢ МЕКЕН

*(обондуу ырга)*

Ай-Күндөн бүткөн чырайың сенин,
Аруусуң сүйкүм ырайың сенин.
Жалгаса экен өзүңдү Алла,
Жараткан жалгыз кудайым менин.

К а й ы р м а:
Сен үчүн жашайм, сыймыгым мекен,
Сен кымбат мага – улуксуң мекен.
Энекем, атам, эл-журтум жана,
Эң эле мага ыйыксың мекен.

Жанымды берем – суратпай сага,
Жабыксаң – күйөм чырактай сага.
Аңкасаң агып кашыңда суудай,
Агызам канды булактай сага.

К а й ы р м а:

Өмүргө тете – бир күкүм ташың.
Өмүргө тете – бир үзүм чачың.
Сууңду тамчы уурттатпайм жатка,
Сайылган сага, садага башым!

*2-май. 2005-ж.*

## МҮРӨГҮ КЫЛА АЛАМЫН

Курсагың ачса аш даяр,
Кабагың азса наз даяр,
Кагылам сенден Ата журт,
Каржылайм десең баш даяр.
Кулуңмун улуу кыргызым,
Күнөөм жок сага актанаар.

Аттантсаң жолго аттанам,
Алп буудан болом таптаган.
Жоокериң болуп беремин,
Журтуңдун чегин сактаган.
Жаныңа курман болуучу,
Жүрөгүм менен мактанам!

Чап десең жооңу чабамын,
Чайпалбас алтын чарамын.
Мөгдөтө турган жоо келсе,
Манасың боло аламын.
Жан десең журтум жаныңа,
Жанымды деле чабамын.

Мүшкүлүң болсо барамын,
Мүдөөңдүн жолун табамын.
Мекеси кылып дүйнөнүн,
Мертинбес өлкө саламын.
Мен сени өлбөс, кыргызым,
Мүрөк суу кыла аламын!...

*23.03.2008-ж. Бишкек.*

## ТЕНТИБЕ

Тентидиң кыргыз, тентидиң,
Туушкан элден кем кимиң?
Төбөңө жатты чыгарып,
Төбөңө тийди келтегиң.
Тентиткен сени аргайда,
Телибай – төрө тентегиң.

Тентидиң кыргыз, тентидиң,
Теңтайлаш болбой кем тилиң.
Темтейип куду БОМЖго,
Теңелип калды кешпириң.
Тентитти тийип кесири,
Тойбогон бийлик кескинин.

Баладай итий жамалың,
Башкарып «киргиз» арамың.
Айласыз тентип жүрөсүң,
Ар кимдин аңдып тамагын.
Ортокко элди уруntуп,
«Общий дом» кылды заманың.

Тентибе кыргыз, тентибе,
Туйбадым сенден эч күнөө.
Тентиткен сени айып бар,
Тетиги төрө-кескиде.
Тур өйдө!.. келгин абалкы,
Тоо мүнөз – кыргыз кейпиңе!

***03.04.2008-ж.***

## ТООЛУКТАР

Тоолордун оор болот кусуру,
Тобо кыл? Эскертем ушуну.
Тоолуктун эмнесин кордобо,
Тоонун бар дубасы – «тузу уруу!»

Тоолордун көл келет тукуму,
Тоолордун шер келет тукуму.
Тоолуктар беттешсе алдырбайт,
Тоолуктар сүйлөбөйт утуру.

Тоолуктар – бейчеки кармабайт,
Тоолуктар бейкүнөө кандабайт.
Батасы бакытка тундурат,
Бейкүнөө бет буруп каргабайт.

Тоолуктун аскалар мекени,
Тууганчыл – акыл-эс жетеги.
Асманын алгыр куш жойлогон,
Айтылуу алп Манас көсөмү.
Түпкүрдү көрүшөт тоолуктар,
Көзүнө анын көз жетеби?!.

*08. 04. 2008-ж. Бишкек.*

## МЕНИН ҮНҮМ

Ак калпак – улутумун чыккан теги,
Ак калпак – Ата конуш тапкан мени,
Ак калпак – атам кийген мурас себи,
Ак калпак – кыргызымдын намыс, бели.

Ак калпак – акылымдын саябындай,
Ак калпак – ата жолу баянындай.
Ак калпак – тоолуктарга багыт берген,
Ааламга жол көрсөткөн маягымдай.

Ак калпак – кайда, барсам белгим, дилим,
Ак калпак – ата берген Гербим, сүрүм.
Ак калпак – Ала-Тоомун макети да,
Ак калпак – Улуу топто менин үнүм.

## АК БОЗ ҮЙЛӨР

Ак боз үйлөр ыйык бизге – ордо, тоо,
Ала-Тоомун атам жазган баш сөзү.
Ак боз үйлөр – ал кыргызга жан бото,
Ала-Тоомун апам ойгон макети.

Ак боз үйлөр – ак эмчектей чыңалган,
Ат азынап абалтадан мамыдан.
Жабыкбашын кыздар алып кыялдан,
Жан-жүрөгү жаны менен кайыган.

Ак боз үйлөр – жуурат уюп эришке,
Аргымакты куйруктаган жигиттер.
Төбөсүндө алп кара куш тебишсе,
Туурасынан дыргып өткөн кийиктер.

Ак боз үйлөр – мен чоңойгон бешигим,
Алп Манастын, Каныкейдин өргөөсү.
Ак боз үйлөр – өз тагдырым, өз үнүм,
Ак боз үйлөр – Ата-Журттун келбети.

Түндүгүнө тууган Айды байланып,
Көгүчкөндүн уясындай бөйтөгөй.
Боз үй турат астында жер айланып!

## БҮТ БЕРЕМИН

Мезгилдин кыймылдагы оюн туюп,
Кылымдын доошун угуп, ырын угуп,
Мейкинде сапар чегип баратамын,
Токтобойм, калган да жок унутулуп.

Жайкалып дарагындай бүчүр жарып,
Жаныма жасай турган ишимди алып.
Жол беттеп келечекке мен аттандым,
Жашоонун чалына элек изин чалып.

Өзүмдү көңүл күүлөп, өмүр шыктап,
Улуунун сөзүн сыйлап, сөзүн куштап,
Аттандым максатыма, бакытыма,
Апамдын – Жер Эненин төшүн жыттап.

Бооруна Мекенимдин түнөп алып,
Болоттой досторумдан жүрөк алып.
Жер безип шашып кетип баратамын,
Жарыман сүйүү деген белек алып.

Адамдар – сага таалай көздөгөнүм,
Ата Журт – сага бейкут издегеним.
Кылымдап жол жүрсөм да таап алып,
Киндик кан тамган жерге бүт беремин.

*«Тиктимби, үйдү же жокпу,*
*Тагдырым айтаар жомокту.*
*Элиме арнап ыр жаздым,*
*Эритип туруп болотту»*



## ЖЕРДЕГИ ЖЫЛДЫЗДАРГА

Жаманы да, жакшысы да агылып,
Жылдыз болуп көккө калды тагылып.
Чочуп турам жерде кыргыз калбайт го,
Жылдыз болуп кетишеби, ак уруп!

Төбөлөрү көрүнсө эле бир эли,
Жылдыз болуп чыга калат иреңи.
Кимге керек, топураган топ жылдыз,
Тийбеген соң жылытаарлык илеби?!

Жылдыз дейбиз – чардаса да бакабыз,
Жылдыз дейбиз – чик түшсө да сакабыз.
Жылдыз болуп, жабалактап асманга,
Жамы кыргыз – учуп бара жатабыз.

Жылдызбыз дейт мекияндар какылдап,
Жылдызмын деп, корозубуз чакырат.
Биз эмине, жылдыз эмей кимбиз деп,
Букачарлар – күлдү челип сапырат.

Ай-ааламда анык жылдыз саналуу,
Жылдыз десе, жылдыз боло калабы?!
Опол тоодой – эмгеги бар, орду бар,
Оңой эмес жылдыз болуп жаралуу.
Булбул эмес, канаттуунун баарысы,
Талант, эмгек даңазалайт адамды.

***13. 12. 2004-ж.***

## АКЧА, АКЧА – КЫСТАЛАК!

Акча, акча, акча-шум…
Акча болсо, башкасың!
Дөөгүрсүйсүң – айбаным,
Дөң болсоң да аскасың.

Акча, акча, акча – тың!
Арсызсың ээ – как башым?!
Сойкусуң да, жексурсуң,
Сулуу болот – тарп катын!

Акча, акча – маскасың!
Алдоо, куулук – максатың.
Дудукту да сүйлөткөн,
Кыңшылаган – машкасың!

Акча, акча – танкасың!
Тоону дагы жанчасың!
Түрү суук кысталак,
Дөшүсүң да, балкасың!

Хан да, кул да, чоросуң,
Канды, жанды соросуң.
Эки чымчым сөз билбей,
Эл акыны болосуң!

Губернатор, акимсиң,
Кеңешчиси, шакиртсиң.
Генералсың – куусуң ээ?!
Чочок кесээр – макимсиң.

Колдо болсо – Кыз Сайкал,
Колдо жокко – Көк Байтал.
Прокурорсуң, сотсуң ээ,
Деги бети жоксуң ээ?!

Колдон колго жүгүрүп
Кол куушуруп, ийилип.

Кордолгонго макулсуң
Кепич болуп кийилип.

Тергөөчүсүң, төрөсүң,
«Ташты» жеген дөбөтүм.
Тыягына катындын,
Тыгылып бир өлөсүң!

Орунбасар – айымсың,
Ойсоктогон, шайымсың.
Саунада жутулуп,
Сийгектеткен пайымсың!

Секретарь чүрөксүң,
Сен көк моюн түлөксүң.
Гендиректор төшүндө,
Кагып турган жүрөксүң.

Кармап көрсөң көк кагаз,
Каарланса шер Манас.
Түлкүлөнүп, көз карап,
Турасың ээ, көт жалап?!

Калың журтту башкарып,
Калысмын деп, мактанып,
Карганасың бетпагым,
Калтаны да жеп салып.

Акча деген сөз угат,
Анын көрөт көзү бат.
Акча деген депутат,
Акча деген өкүмат!

Акча болсо башың бар,
Акча болсо – батың бар.
Башын жуткан акчага,
Байгамбарды сатып ал?!

Аласынан бир өпсө,
Ал токтобойт мүнөткө!..
Аргай жакка чабылат,
Ар-кору жок бир өпкө.
Адвокаты – баарынын,
Акча менен күрөшпө?!.

*6.03.2005-ж.*

## АКЫНДАРЫМ

«Мен жеримде турганда,
жер жайнаган чий элем,
жээрен сакал бий элем. Эми?..»

**(чийдин арманынан)**

Акындар, айланайын акындарым,
Атагы ташты жарган асылдарым!..
Катыгын берчүү элең го ким болбосун,
Калемиң кайсалатып катылгандын.

А бүгүн таш чайнаган тулпарларым –
А бүгүн – тактан түшкөн султандарым.
А бүгүн – канаттарын кыркып салган,
Кайырчы, капастагы шумкарларым!

Калемиң – шах, шааларды калтыраткан,
Калемиң – калайыктын жарпын жазган,
Суй жыгып канкорлорду калемиңер,
Сулаткан султандарды алтын тактан.

Каарына – арамдыкты жуутпаган,
Жүрөгүн музга басса суутпаган.
Кеменгер жан дүйнөсү акындарым -
Кеп менен, кебез менен мууздашкан.

Билбеген жалынганды, телингенди,
Билбеген – сөөк салса кемиргенди.

Опол тоо – Омор Хаям, Фирдоусилер,
Билбеген өрттөсө да жеңилгенди.

Баштарын канжыгага байлангандар,
Тилдери – ок, кылычка айлангандар.
Баамчылдар, сергектер, сезгич жандар,
Байгамбардан кем эмес байгамбарлар!..

Акындар – айтып бүткүс кубатыңар,
Ааламдын үнүн аңдап угасыңар.
Жарылып жүрөгүңөр жер жарылса,
Жашоонун тилин сүйлөп турасыңар!

Мазары – сулуулуктун жан дүйнөңөр,
Акагы – махаббаттын бал дүйнөңөр.
Ыроолуу – ыр Пегасы, ыр дыйканы,
Түбөлүк өчпөй турган шам дүйнөңөр.
Сөздөрү адамзатын суктандырган,
Сулуунун бетиндеги кал дүйнөңөр!..

* * *

Кесишип көр замана улам тилин,
Кемсинип, көргөн кордук, туман күнүң.
Бүркүттөй бүлүк салган акындарды,
Бук болуп бирин таппай турам бүгүн.

Замана зоолу салып моюнуна,
Саясат жылаан салып коюнуна.
Жабыгып, акындардын көрдө буту,
Жон тосуп жакырлыктын союлуна.

Калемин карегине – төөнөп, кагып,
Акылын карайлатып көөгө малып.
Акындар итке минип турган кези,
Аргымак минген кези, сөөлөт калып.

Кайдасың, торгой тилдүү акыным ай!
Калдыңбы, толкун болуп сапырылбай.

Шарданга кетиптирсиң шакабалуу,
Шум заман таңдайыңа татып уудай.

Көр турмуш көмөлөтүп акындарды,
Калеми көр оокатка сатылганбы?!
Көпөстөр күнкарама кылып алып,
Кул болуп күнүмдүккө басынганбы?

Акынды – алсыратпайт муздак зындан,
Акынды абалтан эл, куштап турган.
Арсыздар, акын эмес, ак сарайга,
Ортомчул, «дежур» болуп чуркап турган.

Айрымы акын жолун туура тутуп,
Айрымы – жуунду ичип бууланышып...
Айрымы чоорун тартып замананын,
А тоодон, бу тоого өтүп-кууланышып..

Акындын ырларында жашап жаны,
Акындын ар убакта атат таңы.
Акынды кылыч кеспейт, найза өтпөйт,
Акындык – атак дагы, азап дагы.

Ар кимге молдо болбой, болбой бакшы,
Ар кимге жорго болбой, көрбөй запкы.
Ар кору акындардын жандан таттуу.
Акынга адам бойдон өлгөн жакшы.

Акыным – айрымыңа арданамын
Акындык асыл дүйнөң, кайда жалын?!
Баа жеткис акынсың сен, айкөлсүң сен,
Бийлердин туура түшүн – айла, амалын.
Басынба, атомдон да күчтүү курал,
Калемиң, барбы – баалуу андан дагын?!!

***6.01.2003-ж.***

## БҮГҮНКҮ ЫРЛАР ЖӨНҮНДӨ

Кечип өткөн музанын көл-дайрасын,
Кайран Муса, кайран Атай кайдасың?!
Бүгүн уксаң – мыёлогон ызы-чуу,
Мээң ысып көтөрүлөт кан басым.

Кереметтүү – сайган муза саймасын,
Кайран Мыскал, Жумамүдүн – кайдасың?
Устаттар жок, касиети таш жарган,
Улуу тоонун – уучу куруу калбасын?!

Ырыспай жок, Асанкалый таңшыган,
Дүйнөм турат окшоп сайга какшыган.
Сагыйпа жок, Гүлмайрам жок, Зейнеп жок,
Канымгүлдү таппай турам калкыман.

Үнүн жоктойт залкарларды комузу...
Улуу тоонун дымыгансыйт добушу!
Тажап бүттүм, чар каргадай үндөрдөн,
Тантык сөздөр, татыбаган тоо тузу!

Чубалжыган чунак ырлар – учу жок,
Маймыл ырлар, жылаан ырлар – буту жок.
Канчык ырлар, каңшылаган мас ырлар,
Кыргызымдын кыпындай да жыты жок.

Кайда бая – тоодон аккан бал ырлар,
Теребелди, термеп турган шаң ырлар.
Толуп кетти теги-жайы самопал,
Туралбаган, сыртка чыкпас шал ырлар!

Жел сыяктуу – желпиме ыр, изи жок,
Балакай ыр – азуусу жок, тиши жок.
Азоо ырлар – жүгөн, тизгин, чылбыр жок,
Аны менен алп урушкан киши жок,
Аны менен Ата-Журттун иши жок!..

***5.03.2005-ж. Терек-Суу.***

## ЖАҢЫ МОЛДОЛОРГО

Молдом ай, молдо, молдосуң!..
«Момунум» арак жолдошуң.
Алган соң жүздү шыңгытып,
Айтасың: Алла колдосун!
Абайла, ар кор, баркыңды,
Акыры арак сорбосун?!

Молдом ай! Молдо, молдосуң!
Момоюп деле жоргосуң,
Молдону жолдон азгырган,
Момолой «водка» оңбосун.
Ышкыртпай калпты жүрсөңчү,
Ыйманың бир күн соолбосун.

Көсөөсүң – мурут, сакал жок,
Көчүктө кийген чапан жок.
Кепич жок, маасы, селде жок,
Кишиге берген батаң жок.
Сиркелеп, сасып турасың,
Сыйынаар кудай, мазар жок.

Эрмектеп тарткан теспе жок,
Эки ооз келме эсте жок.
Аш жейсиң албай дааратты,
Аарчынаар жоолук бетте жок.
Арамсың, байкуш мылжыйып,
Арактан башка кепке жок!

Молдом ай, молдо кайгы жок,
«Момунсуң» төшөк, зайбы жок.
Киши өлсө, куран окусаң,
Киңкилдеп сөздүн дайны жок.
«Мөөрө – дейт, мөөрөйт кыргыздар,
Молдо айтса болду, айыбы жок!

Мурунун чукуп солкоёт,
Мусулман менмин деп коёт.

Чочконун этин бир чара,
Чыгы жок эле жеп коёт.
Ыйманын сатып сойкуга,
Ылжаңдап кетпей беш конот.

Кылбадым шылдың молдону,
Кылмыштын молдо чордону.
Карайлап турган кишиден,
Келе деп алат олжону.
«Алла!.. деп турса, сол колу,
«Акча!» деп турат оң колу.

Жасалма молдо – жаңылар,
Жана бар «ийне» сайынаар.
Саясат мунун селдеси,
Саясат – төшөк жамынаар.
Алдамчы – жалган мусулман,
Амалдын мында баары бар!!!

*5.03.2003-ж. Терек суу.*

## ЭҢ ЖАМАН

Сурайсың менден «не жаман?«
Сүйкөлгөн бетке көө жаман.
Бооруна баспай ботосун,
Боздогон инген төө жаман.

Сурайсың дагы: – не жаман?
Суу жутпай жаткан чөл жаман.
Аңкуулап коноор куусу жок,
Аңгырап жаткан көл жаман.

Сурайсың анан – не жаман?
Саз болуп жаткан жер жаман.
Карөзгөй ханга кабылып,
Карайлап турган эл жаман.

Сурайсың дагы – не жаман?
Капыстан баскан жоо жаман.
Кыргыз жок, калпак, кымыз жок,
Каңгырап калган тоо жаман.

Акылга анан кем жаман,
Ар-корун саткан көр жаман.
Атанын наамын булгаган,
Анан сен, жана мен жаман.
Суу кылып саткан – эл-жерин,
Султаны – элдин эң жаман!

***20.02.2003-ж. Терек суу.***

## ЫЙМАНСЫЗ ЖӨНҮНДӨ

***Ыйманы жок баладан,***
***Ыйман тилеп, жакшылап,***
***Таап алып талаадан,***
***Күчүк баккан жакшыраак***

***(Мен.)***

Ишенбейсиң – укканыңа өзүңдүн,
Ишенбейсиң кылыгына зөөкүрдүн.
Айып кимде? Системабы, элдеби?
Ишенбейсиң көргөнүнө көзүңдүн.

Айып кимде? Уулуңдабы, кыздабы?
Айып кимде? Эмген сүтү, туздабы?
Айыптуубу, алпештеген ата-эне,
Жоругуна жүрөк сыздап, муздады.

Билбей турам, кимден издейм айыпты,
Же башынан сасып жаткан балыкпы?..
Баарында бар – заманабыз ыймансыз,
Бара жаткан багытыбыз айыптуу!!!

Айтып жатам – көргөн билген чындыкты,
Ата журттун салтында жок кылмышты.
Ыймансызды таш бараңга алчуу эле,
Жаралганы кыргыз болуп кыргыз бу!..

Келиндерин, инилерин тизмектеп,
Келиштире сөгүп «шурку, чүчмөк» – деп,
Кордоп турса, кылыгына жараша,
Кепини жок көмүш керек үч бүктөп.

Бир тыйынча пайдасы жок үйүнө,
Малы да жок, тапкан эмес дүнүйө.
Көркоолукта кырк сегиз жыл жашады,
Тагдыр башка бу жазган бир чийин ээ?!

Тартып кийип, кимде болсо жаңысын,
Төлөп кой – деп, катынына карызын,
Бодо сүйлөйт, көчөдө бир-бий, мырза,
Булгаган ит, бир уруунун намысын.

Кечке жатат, жээктеги түлөндөй,
А кечинде «ууга» чыгат чөөлөрдөй.
Аш-той берген жердин баарын аңтарып,
Алжып келет, араң басып соо келбей.

Анан кирет адатынча кычылап,
Бакма өрдөгүн бирден кармап учурат.
Мышык, түлкү анан болуп арстан,
Акырында адатынча кутурат...

Ыймансызды кыргыз ата – туудурба,
Кыз кылба да – кыргыз эне – уул кылба?
Жакырланып баратабыз ыймандан,
Жалаң шумкар олтурчу эле тууруңда.
Ыймандуу кыз, уул күткүн кыргызым,
Желегиңди сая турган туу кырга?!.

***21.02.2003-ж. Терексуу.***

## БИЗ АКЫНДАР

*(шакаба)*

Биз акындар, көп оттойбуз тил менен...
Күч сынаштык кудай таала – пир менен.
Бу жашоонун байгамбары окшойбуз,
Эч нерсе жок – биз туйбаган, билбеген.

Шору кайнап, түшүп жатсак дүрбөлөң,
Көр заманды, заман дейбиз гүлдөгөн.
Тилиңерге сөөл чыгып калгыр ай!
Ханды – хан деп, мылжылыңдап күлбөгөн!

Сакалыбыз калган күнү майланып,
Жазакерлик казыгына байланып,
Илип койсо мойнубузга каргысын,
Дежур тилге баратабыз айланып.

Сөөк ыргытып, жуундусун сунганда,
Сөк дегенин – сөгүп, батып жыргалга.
Ичи куру, окшоп калат башыбыз,
Ийнибизге илип койгон кумганга.

«Бөпөлөсө» болуп калдык тоту куш,
Кыргызыбыз «киргиз» болуп чокунуп,
Кээ бирөөбүз өзүбүзгө өзүбүз,
Тирүү туруп, тантып куран окудук.

Биз жаза элек эмне калды арийне...
Бейиш калды, тозогу бар а дүйнө.
Десем айтат: «Бейишиңди билбеймин,
Тозокту жаз, тозок деген ак үйдө».

***9.02.2003-ж. Терек суу.***

## СОПУЛАРГА

«Асыл башың барында,
Арамдыкка малынба?!»
Деп айтышат сопулар -
Календерче ак урба
Куу сөзүнө сопунун,
Кулдук урба, жагынба.

Алдап кийип топусун,
Туурап сүйлөп сопусун.
Арабдарга жалынат,
Андан толбойт кочушуң.
Андан көрө күйшөп өт,
Ата Журттун сокусун.

Теспе тарткан болушуп,
Кээде шарап согушуп.
Мукамбетти даңкташып,
Мусулманды корушуп.
Үргүлөгөн сопулар,
Дааратты жок коңурсуп...

«Лейиил-алла, иилли аллаң...»
Куткарбаган ажалдан.
Жер астында бейиш жок,
Бейиш сага – бул жалган.
Кур аякка бата жок,
Куу сопулар шумданган.

Бирдей келет жөөгө өлүм,
Бирдей келет дөөгө өлүм.
Калкалабайт кудайың,
Мейли келсин бөөдө өлүм.
Ким экенин кудайдын,
Таанубайт го көөдөнүң!...

## КӨРДҮЙНӨ

*(Шилтемдер)*

Таазим кылып– Жер, Күнгө,
Түгөнбөгөн эл мүлдө.
Түнүн күнгө алмашып,
Чимирилет көр дүйнө.

Жетүүчүдөй түбүнө,
Желип-жортуп күнүгө,
Жалган менен чындыгы,
Жаакташкан көр дүйнө.

Бирин тыгып көрүнө,
Бирин буйруп чөгүүгө.
Бирин кайра жаратып,
Будуңдаткан көр дүйнө!..

Сүйбөгөнгө сүйкөнбө,
Сыр билбеске – туш келбе.
Сүйүү деген суу эмес,
Сурап алып ичкенге.

Болбос ишке асылба,
Боройлотуп сапырба.
Сылап-сыйпап турбасаң,
Сыртын салат катында.

Бала болот тамырчы,
Байланбайт да агын суу.
Чекке жетет сабырлуу,
Чыгарган бу – чагым чуу.

Кулдар жетпейт – дубанга,
Күйкө кирбейт кыраанга.
Жакшылык жок – жыланга
Жатып алып суранба!

Зили кара – агарбайт,
Иттен жолборс – жаралбайт.
Түнкатардан төрөлгөн,
Тукум болуп саналбайт.

Кайрым болот – асылдан,
Камчы жебейт – акылман.
Доочу кетпейт үйүңдөн,
Дөөлөт кетсе башыңдан.

Ок кайрылбайт атылган,
Оңбой өтөт – сатылган.
Бакыт кетсе, кайрылбайт,
Куштай болот качырган.

Жылдызда жок – жылуулук,
Жаманда жок – улуулук.
Жан дүйнөсү жакшынын,
Жайнап турган – сулуулук.

Жоомарттык жок – саранда,
Жойпу кирбейт – адамга.
Акыретчил – алсыздар,
Адам бөрү – адамга.

Ээр токубайт эшекке,
Тыйын кымбат – көпөскө,
Эки кылат эсиңди,
Эгер катын өчөшсө.

Кыз... коркутат энесин
Элдин уккун кеңешин.
Дарак алыс таштабайт,
Дан болгондо – мөмөсүн.

Адам табып – адамга,
Адамда бар көп арга.
Сүткор бези адамдын,
Сурабагын жан арга.

Алгыр куштар – чабыттуу,
Акылга акыл – тамызгы.
Арачы кыл калысты,
Атак табат намыстуу.

Оору сырын – соо билбейт,
Аяганды жоо билбейт.
Алдан тайып калганда,
Арстанды – чөө бийлейт.

Азаматка – бак конот,
Ага көпкөн мас болот.
Башка келген дөөлөттүн,
Баркын билген аз болот.

Сөздүн жакшы – кыскасы,
Жердин болбойт туткасы.
Оттун болот – кычкачы,
Ойдун болот – устаты.

Тилдин сөөгү – жок болот,
Эмгекчилдер – ток болот.
Акылы жок – шок болот,
Арам байлык – жок болот.

Хандын болот – капасы,
Тондун болот – жакасы.
Карөзгөйдө – ыйман жок,
Калптын – тийбейт батасы.

Көйрөңдөрдүн – алы жок,
Көлөкөнүн жаны жок.
Көпөлөктүн балы жок,
Көрдөгүнүн – шамы жок.

Көпүрө көлдө жок дешет,
Катуу сөз тийген ок дешет.
Кор көрсөң көздү – чөп тешет,
Таарынса, түпкө – өз жетет...

Дос дешет ууру-ууруга,
Ченеп ич – дары, ууну да.
Көкөйгө тийет кустуруп,
Көп ичип алсаң сууну да.

Зөөкүргө-зөөкүр табакташ,
Ичкичке-ичкич аракташ.
Канкорго канкор-жаракташ,
Сойкуга сойку – танапташ.

Ажал келбейт – кудайга,
Акыйкат жок – бу жайда.
Аңгилер көп субайда.
Арпа чыкпайт кумайга.

Калптын сыйы – аз болот,
Казга бейиш – саз болот.
Кулпурбаган – чап болот,
Гүл чыкпаган – таш болот.

Ай-ааламдын түбү жок,
Иттин – тайы, пири жок.
Жерди жөлөөр – мүрү жок,
Жан алгычта – сүйүү жок.

Айланат музоо – акырын,
Айланат тулпар – казыгын.
Бакалар сүйөт баласын,
Бактым – деп, ушул балчыгым!

Таз жору сүйсө – опкок – дейт,
Торпогун уйлар коркок – дейт.
Өрдөктөр сүйүп жөжөсүн ,
Өзүмө эле окшош – дейт.

Улагын эчки «чунак» дейт,
Мышыктар «мыймый» ынак дейт.
Бажылдап аккан дайра да,
Башатым менин булак дейт.

«Тай туйлап, такка чыкпайт» – дейт,
Өзүмчүл-өзүн куштайт – дейт.
Кемпайлар жүйө укпайт – дейт.
Куш сымал, жылаан учпайт – дейт.

Акылдын болбойт – түпкүрү,
Ааламдын болбойт – түркүгү.
Айланат тирдик күнү-түн,
Кагылып койбой кирпиги.

Ичкенге бергин аш кылып,
Билгенге кылгын – жакшылык.
Билбеске кылсаң жакшылык,
Бир кезде кетет баш буруп.

Кордобойт мыкты – карыпты,
Козгобойт – өлгөн табытты.
Зыянын тартат булгаган,
Суу агып жаткан арыкты.

Учунса айгыр – урук жок,
Улгайган жанда – кылык жок,
Шамалдуу тоодо – булут жок,
Сабаасыз, кыргыз, кымыз жок.

Тиреген Айды бакан жок,
Ыймансыз жанда мазар жок.
Булутта кийген чапан жок
Жашоодо бүткөн сапар жок.

Жумурткада киндик жок,
Өлгөндөрдө тирдик жок,
Эсен болсун – энелеш!
Аталашта бирдик жок.

Бал чыккан жерден уу чыгат,
Бак тайса баштан – туу сынат.
Эр чыкса, айкөл, кеменгер,
Эл кармап турат туу сымак.

Айтылбай калса, сөз өлөт,
Атан төө жүктү көтөрөт.
Аң казган болсо бирөөгө,
Акыры түшүп өзү өлөт!

Элиңден кетпе алыстап,
Эртеңки күнүң табышмак,
Жол баскан сайын өмүрүң,
Түгөнүп турат алыстап!..

* * *

Каткырса бирөө – төркү үйдө,
Каңырык – капа, берки үйдө.
Бирөөгө бакыт – көл дүйнө,
Бирөөгө – кайгы көр дүйнө.

Бирөөгө жашоо – кең, дүйнө
Бирөөгө жашоо – кем дүйнө.
Бекети-келип, кеткендин ,
Береке дүйнө, кең дүйнө.
Түгөнбөй турган машакат,
Керемет дүйнө, көр дүйнө!..

***19.02.2004-ж.***

## ДОЛЛАР, ДОЛЛАР, ДОЛЛАР

Көпөстөрдө доллар көп,
Күрсүлдөшөт доллар – деп.
Капчыктарын толтурат,
Карды тоёт доллар жеп.

Катындары, балдары
Капчыгында доллары.
Керкейишет-кесирлер,
«Кеппи» – дешип сом дагы.

Ооздорун көптүрүп,
Оройлукка өстүрүп.
Көркоолонот доллары,
Көчүгүнөн өптүрүп.

Жанын кыят канчасы,
Жалгыз доллар – максаты.
Кокуйлашып доллар жейт,
Колдорунда соткасы.

Баасы, баркы арбыды,
Доллар жешет бардыгы.
Кепил, калыс, ортомчу,
Ажонун да жарлыгы.

Доллар – динге киргизип,
Доллар – кызды сүйгүзүп.
Доллар бийлик жүргүзүп,
Доллар такка мингизип...

Алла дебей доллар деп,
Аны тапкан жол – деп,
Асан айткан ажылар,
Арабызда андан көп.

Доллар дешип, чачаса,
Доллар дешип, какаса.
Доллар дешип киргиздер,
Чардап жатат бакача.

Терең билбей ал-жайды,
Такылдатып таңдайды,
Доллар, доллар – жеп жатып,
Тентип, бозуп калбайлы!

Билбей тескей-күнгөйдү,
Биттүү тонду кийбейли.
Өлкөбүзгө – доллардын,
Атын коюп жүрбөйлү?!

Кыргыз – улут жоголуп,
Кыргыз – урук омолуп.
Табыт болуп калбайлы,
Сөөк долларга оролуп.

Мейли болсун кайсы убак,
«Мен доллар» – деп, Ай чыгат.
Короз, эшек – эрте-кеч,
Долларбыз деп айкырат.

Улуу кудай кептенип,
Рубль – деп кепшедик.
Эми өлүп жүрбөйлү
Еврого тепселип.

Эми кудай сактасын,
Элим жолду баштасын.
Еврого, долларга,
Эне сүтүн сатпасын!?

***9.02.2004-ж. Бишкек.***

## БААРЫНАН БАЙЛЫК – АДАМДЫК

***«Колунда жок – кор,***
***Колунда бар – зор».***

Колуңда болсо адамсың,
Конокто төргө олтуруп.
Колдо жок болсо – жамансың,
Кор кылып коёт жокчулук.

Колуңда болсо, сыйлуусуң,
Кеңешке кошот ардактап.
Колдо жок болсо кургурсуң,
Колотот, кордоп, канкакшап.

Жалаа жаап, колдо жокторго,
Жаман түш көрсө жорушат.

Бай болсоң берип устукан,
Той берсе башчы коюшат.

Тишиңди санайт күйгүзүп,
Тилегиң каткан жакырлык.
Төбөңдү көргө тийгизип,
Төшүңө минет басынтып.

Жок болсо адам кар болот,
Жокчулук эмес – жамандык.
Бирде жок, бирде бар болот,
Байлыгың – мыкты адамдык!

***12.02.2004-ж. Бишкек.***

## СОМ

***«Дүнүйө мурас эмес,***
***даанышмандык мурас!..»***

Акчанын аты чоң жинди,
Арамга үндөйт – сом дилди.
Куш кылып куртту учурат,
Кумурска кылат сом – пилди.

Акчанын аты чоң жинди,
Алмашат динге, сом динди.
Булбулдун үнүн чыгарбай,
Байлаган ушул сом тилди.

Жолборско теңейт кандекти,
Жорго тай кылат бечелди,
Дөөдүрөп, алжып калды дейт,
Дубанды жарган чеченди.

Сатылат сомго барысы,
Сай-сайлап калат калысы.
Алп калат сомдун астында,
Тийбеген жерге далысы.

Соодалаш дайым – хан, бийге,
Сомдуку бу да, о дүйнө.
Жолдошу – бөрү, кузгундун
Жол чабат акча – Ак үйгө.

Кыйындар чыгып, кыйындан,
Хан сарай курган тыйындан.
Сарайы калып, өзү жок,
Селсаяк өмүр буюрган.

Кул, күңдүн курап – ыйынан,
Көпөстөр сомго сыйынган.
Сомдору кайра жоо чыгып,
Сомунан жаны кыйылган.

Сом керек дечи барына,
Бирок,
Байланган адам мамыга...
Ажалы келген учурда,
Аралжы болбой жаныңа.

Эмгектен, маңдай тер менен,
Тапсак ээ!.. сомду эң кенен.
Бак-таалай артып турбайбы,
Бөлүшүп жесек эл менен.

Адал сом – жанга жагымдуу,
Ал кармап турат тамырды.
Ок соккон – октон өлөт – дейт.
Курт сорот – баксаң каныңды...
Сорпоңду ичип, сом деген,
Чоң жинди алат жаныңды..

***03.03.2004-ж. Бишкек.***

## АДАМДЫК ПАРЗЫҢ БУ ДАГЫ

*«Жашаганды билбегендер,*
*жамандыгын жашоодон көрөт»*

Жашоонун өзү – уу болот,
Жакалап турат, куу болот.
Жашоонун тилин билбеген,
Жабыга берет, суу болот.

Турмуштун өзү – өрт болот,
Балы да, шору көп болот.
Туруштук бере албаган,
Тумчугуп өтөт, мерт болот.

Өмүрдүн жашоо – чырагы,
Өмүрдүн жашоо – булагы.
Өчүрбөй, соолтпой кармасаң,
Өзүнчө эшик бу дагы.

Турмушуң чиркин түрдөнөөр,
Туу тутуп, тилин билген эр.
Таалайын издеп талыкпай,
Теңтайлаш өмүр сүргөн эр.

Жашоого түркүк ким болгон,
Жаңылган эмес, ким жолдон?
Жалаңдап чыккан нечендин,
Жайы-кыш, күнү-түн болгон.

Турмушуң менен сырдашсаң,
Түрдөнгөн дүйнө, гүл бакчаң.
Дартына дабаа табалбай,
Далайдын башын чым баскан.

Оору бар, онтоп күйүнткөн,
Опоосуз тирдик сүйүнткөн.
Армандуу дүйнө адамда,
Арылбай кетет үмүттөн.

Тирдик жок башка азаптуу...
Тирүүлүк эле тозок бу.
Бейишиң деле анда жок,
Белендеп жаккан очокту.

Ынанба, бар деп, бүлүнүп,
Ырысың эле тирүүлүк.
Гүлдөө жок, күрөш – ал жайда,
Күл болот сөөгүң күбүлүп.

Адилдик бар деп какшайсың,
Ага не мынча чаңкайсың.
Эркиндик, чындык акыйкат,
Эч качан издеп таппайсың.

Тирүүлүк жеткен ылай да!..
Тирүүлүк толгон убайга.
Тайбаска ташын оодарып,
Теңчилик кылбайт кудайда.

Издесең дагы миң айла,
Из калаар жагың бу жайда.
Ээ эмес адам башына,
Эркиндик деген а жайда.

Жашоо бу деңиз – сен өзүң,
Жапжалгыз сүзгөн кемесиң...
Деңгемас сүрсөң өмүрдү,
Деңизге чөгүп өлөсүң.

Жашоонун өзү – уу дедим,
Жашоонун өзү – куу дедим.
Түйшүгүн талбай көтөргөн,
Турмуштун басат туу белин.
Алпештеп турса Ата Журт,
Аткарган парзың бу сенин!..

***28.07.2004-ж. Терек-Суу.***

## КЕКЧИЛДИК

*«Атаңды өлтүргөнгө,*
*энеңди алып бер...«*
*Элден.*

Акылдуу дебейт кекчилди,
Азамат дебейт – кешпирди.
Атанын уулу – дейт кыргыз,
Адамды – айкөл кеп билги.

Даража бербейт көктүгү,
Даанышман дебейт кекчилди,
Калыс жан дешет тоолуктар,
Калкына дайым эстүүнү.

Кекчилдик бербейт атакты,
Кербездер болот чатактуу.
Керемет көрөт өздөрүн,
Кек деген билсең азап бу.

Жакшыда дешет кеги жок,
Жакшынын ою, өрү жок.
Кемдигин гана билгизет,
Кек сактай берсе эби жок.

Ыгы жок кектин күнү не?..
Ырыскы келбейт үйүнө.
Кек алам деген бөксөлүк,
Кечке эле берет бүлүнө,
Кечирим иши – мыктынын,
Кекчилдик жетет түбүңө!

***12.02.2004-ж. Бишкек.***

## КАЙДА КУДАЙ – КИМ КУДАЙ?!

Кудай – бийлик, аны издебе алыстан,
Адам айкөл, адам деген даанышман.
Бир-бирине туруш үчүн сес берип,
Өз ичинен кудай жасап алышкан.

Бир көрөлү дешип – бакыт, убайды,
Бир көрөлү дешип – а жай, бу жайды.
Өлчөөң кургур, өтө кыйды адамдар
Адегенде жаратышкан кудайды.

Чогуу көр деп, адал менен арамды,
Чок бассак да бирге таштап кадамды,
Өлөлү деп бир чуңкурда кудай да,
Өзүнө окшош жасаган бейм адамды.

Айткан жакшы ар нерсени наалыбай,
Сага деле, мага деле бир кудай.
Чынын айтсам адам менен кудайдын,
Айырмасын али жүрөм таанбай.

Биз адамдар кыйды жана дардаңбыз,
Бу дүйнөдө, а дүйнөдө жалганбыз.
Кудай кайда? Кашыбызда жүргөндүр,
Кудай бар – деп, алдап жашап калганбыз.

Адам менен кудай бирге жашаган,
Алар бүткөн эне менен атадан.
Жашоо менен адамзатын табыят -
Бирин-бирге ыйык кылып жасаган.

Жасап алган адамдарбы кудайды,
Адамдарды жасаган же кудайбы?..
Ким жасаган ай-ааламды, тирдикти,
Билбейт пенде, ушул жерде бир айбы???

*16.02.2004-ж. Бишкек.*

## ЧЕЧМЕЛӨӨ

Болотту болот – кесеби,
Болотко темир жетеби?
Экөөнүн боорун сөз тешет,
Өзүнчө келет кезеги!

Алтынга болот жетеби,
Ал экөө тагдыр чечеби?
Ал экөө чечпейт эч нерсе,
Адамдын керек жетеги.

Шер көрөт өзүн далайлар,
Шер кылган шерди малай бар.
Айла-амал кетип турганда,
Алтындан артык калай бар.

Асылдар киер дуудуң бар,
Аргымак өлсө кулун бар.
Акылдуу чыкса, туу тутаар,
Атадан калган уулуң бар.

Карманаар, ар ким тутунаар,
Касиет, изи, куту бар.
Бирине-бири байланган,
Баасы бар, баркы, күчү бар,
Атагын анын чыгарып,
Айлантып турган киши бар!

*31.03.2004-ж. Бишкек*

## ӨЗҮҢДҮН СОТУҢДАБЫЗ

Балырлуу суудай былжып агыла албай,
Быкшысаң, суу тал сымал жагылалбай.
О дүйнө кеткениң оң андан көрө,
Олтурсаң оттук таштай чагылалбай.

Күн көрбөй – күлүп-жайнап тирүүлүктө,
Кууратып, кулгуналап кириң ичте.
Тажатпай о дүйнөгө кеткен жакшы,
Тирдикте – тирүү жүрүп чиригенче.

Бапырап, багалбасаң жанды малча,
Басынып, баркың кетип тантыганча.
Өмүрдү сүрүп анда кереги не,
Өрнөксүз-бекерликтен алжыганча.

Жаадырап жашасын деп жанды берген,
Жашоого кандым деген барбы, пендең?.
Урунуп жаман сөзгө калган арман,
Ушунча сопсоо жүргөн арбын элден.

Баамымда басуучу жол арбын экен,
Байкачы, барысы эле даңгыр бекен?
Биз балким беленине түшкөндүрбүз,
Болгондур, бороон-чапкын, жамгыр нечен.
Өмүрдүн ким экенин аныктаарсың,
Өзүңдүн сотуңдабыз залкар мекен?!.

***21.12.2004-ж. Бишкек.***

## КИМ АЙТАТ

Балапанын карга – карасың дебейт,
Канкор карышкыр – бөлтүрүгүн жебейт.
Чымын чымчыкка канатын ченейт,
Күйкө бүркүткө текөөрүн теңейт.

Улуу дебейт өмүрдү көп жашаган,
Улуу делет, эмгекти көп жасаган.
Өзөк дартын айталбайт кепке кашаң,
«Өзүң тиккен чукул – дейт этке чапан.»

Өз акылың өзөк менен бир дешет,
Өзгө акыл да тилин тапсаң иргешет.

Көп адамдын туюк болот дүйнөсү,
Көз көрүнөө турган менен тил безеп.

Туура болоор колуң менен урганың,
Так калтырат – тилиң менен урбагын.
Өзүңө өч – өз муштумуң, өз тилиң,
Өчүн алат, өзүңөн өз кылганың!

Алып өткүн жолуңда жаткан ташты,
Сүртүп өткүн көзүнөн аккан жашты.
Турмушуңда бул экөө бир жолугат,
Тирүүлүктө сөзсүз сооп тапкан жакшы!

Асыл жанга тушуксаң, акыл жошот,
Айныкейге тушуксаң – акыл тосот.
Жакшылыкты кылчууга абайлап кыл,
Жандимиге көрсөткөн назың – тозок!

*22.12.2004-ж. Бишкек.*

## АРАКЕЧТИН АРИЯСЫ

Бешенем жаман бузулган,
Бөлүнбөй койдум ушундан,
Буксүгөн алкаш аталдым,
Бир кезде элем мусулман...

Кыялым жаман бузулган,
Күн болбой койду кутулган.
Каңкылдай берем ичкенде,
Кадимки иттей кутурган.

Айрылып, аксап бутумдан,
Атка окшоп андан учунган.
Ар кимге барып сөйкөнөм,
Абийрим кетип тутунган.

Ок тийген жандай абалым,
Онтоймун ооруп каламын.
Ойлонбой бөтөш деген бир,
Ооруну сатып аламын.

Боз бала менен шоктонуп,
Бомуждар менен дос болуп,
Соолукчуу жайда көп жаттым,
Сволочь жаным соттолуп.

Атанын сөзүн укпадым,
Ар кайда түнөп уктадым,
Айбыкпай сатып ичкемин,
Аялдын уурдап ыштанын.

Акылын укпай энемин,
Азгырып арак өнөгүм.
Ар кайсы жерин аймалап,
Абийирин төккөм жеңемин.

Өлөйүн десем жан таттуу,
Өлбөйүн десем ал таттуу.
Бейпайга салды не кылам,
«Бөтөшпай» деген акмакты.

***8.01.2005-ж.***

## ЭРКЕЛИК

*«Баланы кудайыңдай*
*сыйласаң башыңды кесет».*
*(Акылмандардын сөзүнөн.)*

Өлчөөсү бар түшүнгөнгө эркенин,
Өмүрүндө болбой койгон эрке ким?..
Оң го деймин эркелик да ар кимге,
Ойлоп туруп бүгүнкүсүн– эртеңин.

Эркелеткен болоор дешет сенчелик,
Эркелеткин, эгер турса эп келип.
Эркеликтин – эне-атага жообубу,
Эгер балаң сөгүп турса теңселип.

Болуш керек атасынын эркеси,
Башын чайкап, көрбөгүдөй эл чеки.
Эркелеткин, каалаганын жасагын,
Эркелерди элиртпесе эртеси.

Катаал жолу – эркеликтин сезгенге,
Табышмак жол, татаал багыт-чечкенге.
Кечиримсиз не бир ишке туш кылат,
Эркелиги аша чаап кеткенде.

Нечендер бар, эркеликке, сыйга таң,
Эркелетсе коркконундай туйбасаң.
Элде кеп бар: – «кесип кетет башыңды,
Балдарыңды кудайыңдай сыйласаң!..»

Балдарыңды эркелетпе дебеймин,
Баласы да эрке бектин, кедейдин.
Баш болбосо ырысына түкүрөт,
Эркелери-эркелеткен сөрөйдүн.

Эркелетүү – оңой олтоң иш дебе,
Эркелетет – күчүктөрүн ит деле.
Эссиз балдар ээ болушпай эркине,
Эркеликти колдонушат ашкере,
Балдарыңды эркелетип обу жок,
Бир кезекте бармагыңды тиштебе?!

Аңдап, өлчөп эркелетүү себебин,
Акыл, сезим, ар коруна ченегин.
Шаан-шөкөт, экиленген эркелик,
Шору балким ата менен эненин.

***13. 01. 2004-ж. Бишкек.***

## АРСАР ОЙЛОР

Абзел нерсе адам болуп төрөлүш,
Бирок кымбат адам болуп көгөрүш.
Андан оор – адам болуу адамга,
«Акмак эле...» деп айттырбай жөн өлүш!..

Калаар адам – балким капыс төрөлүп,
Күн өткөрүп, көрүнгөнгө жөлөнүп.
Эгер менден из калбаса энчилүү,
Эмнем киши, болгум келбейт тирүү өлүк.

Касың кордоп, казаныңды көмөрүп,
Карайлатаар, жолуң калаар бөгөлүп.
Карайлабай, чыгып кетсең капастан,
Калаар балким, бир милдетиң төлөнүп.

Ачкөздөндүк, ар нерсеге жүгүрдүк,
Акыл жетпес, ал жетпеске бүлүндүк.
Турмушта бир сөз бар экен мындайча: –
«Түбөлүк жок бакыт болот – күнүмдүк!..»

Кээде чиркин, алтын табат бактыны,
Кээде чиркин, акмак минет тактыны.
Эзелтеден сөз бар экен мындай бир: –
«Эл-жер үчүн өмүр сүргөн бактылуу!..»

Ким жашаган – жанын кармап түбөлүк,
Өлбөстүккө, эминең бар – күбөлүк?!
Адамдыгын актап өлүү деген бар,
Өлгөн сыймык – урмат-сыйга бөлөнүп!

## ЭЛ ТАНДАЙТ

Кутулбайт адам азаптан,
Кур калбайт айбан мазактан.
Кеп-жайын иштин сураба,
Көөдөнү сокур кашактан.

Жадабайт адам убайдан,
Жамгырсыз болсун суу кайдан.
Эмгексиз эгер жашасаң,
Эч кайрым болбойт кудайдан.

Адам жок муңсуз ааламда,
Ал жетпес ишке заарланба?
Арт жагын карай басышат,
Акыл-ой айтсаң нааданга.

Арстан коркпойт күчүктөн,
Асылдан адам – бүтүшкөн.
Мурунуң канайт акыры,
Мүйүздүү менен сүзүшсөң.

Жел болбой токой ыргалбайт,
Жемеден наадан кур калбайт.
Калктагы бардык көйгөйдү,
Калыстык менен эл тандайт.

***16.02.2005-ж. Бишкек.***

## АЙРЫМ АТКА МИНЕРЛЕРГЕ

Жапайы иттей жалаңдап жулунушкан,
Жегенинин этин да, кылын жуткан.
Жандимденип, жакалашып эки экиден,
Жаалданып, тарп талашып кырылышкан.

Кылдай ишти чоңойтуп төөдөй көргөн,
Кембагалды кыйынсып жөөлөй берген.
Кемигенди кемсинтип жарга такап,
Капчыктары толгуча өөнөй берген.

Короздонуп, койкоңдоп – таранышкан,
Канчык сымал – ач калган жаланышкан.
Эрдемсишип, экиленип, өңгөнү кой,
Эбин таап энесинен пара алышкан.

Мансабына мас болуп, күчкө салган,
Момунсунуп, мыйзамга түртө салган.
Кыйындыктан өлгөнсүп, майлатышып,
Көр казганды күнөөлөп, салык салган.

Жөөттөнүп, жалдашып, жалданышкан,
Жарга такап, бөрк ал десе, жанды алышкан.
Жалмаңдап жемсөөсүнө жем кирбесе,
Жорудай туш-туш жагын каранышкан.
Жашоого булар болсо, адамдарды,
Жеп-тоноп, өтүш үчүн жаралышкан.

***3.02.2005-ж. Бишкек.***

* * *

Кетет баары – мезгил деген агымга,
Мээнет, дөөлөт – мурас эмес багың да.
Эл да кетет, дүйнө турат өзгөрүп,
Эмгек гана гүлдөп турат шагында.

* * *

Баары турат бирин-бири жаңылап,
Бири кетсе, бири кайра табылат.
Тирдик бүтүп, жер огунан чыкмайын,
Өзгөрүүлөр болуп турат ар убак.

* * *

Болгон эмес бакыт деген түбөлүк,
Бирде болуп, бирде турат түгөнүп.
Олуя эмес жаралгандын барысы,
Өмүр улайт, бир-биринен үйрөнүп.

* * *

Мыйзамы бар – шаасы жетпес эч кимдин,
Аз жаш берсин, көп жаш берсин, көп билгин.
Баары калат, ажал тооруп келгенде,
Ала кетпейт, алы жетпейт, эч кимдин!..

***20. 02. 2005-ж. Бишкек.***

## АДАМ ЭЛЕ СЕНСИҢБИ?

Дөөлөт келип турган кезде бакылдап,
Тууган арбыйт – ашын тартып чапан жаап.
Төргө өткөрөт, төрө кылат баш урат,
Төп келтирип даңазалап макал таап,
Куру койбой күчүгүңдү сыйлашат,
Кыңшыласа булбулум деп казалдап.

Дөөлөт артып турган кезде бакылдап,
Достор арбыйт үйдөн чыкпай такымдап.
Жээн, таяң – туура өтпөй жолуңдан,
Дулдулум деп, акыл кошуп, акыл таап.
Корозуңду бүркүтү деп, ырдашат,
Кол куушуруп, кошоматчың какылдап.

Дөөлөт кетет, тартуу кылган бууданын,
Тартып алат, салам бербейт тууганың.
Ашын бербей улагадан узатат,
Айыңдашат айтып көөнү сууганын.
«Куп болду» – дейт башургандын бири жок
Кеп кылышып, кантип иштен кууганын!

Алыш-бериш «ай!..!» дегиче өзгөрөт,
Аталашың, жээн, таяң ойт берет.
Байке, айкөл!.. деген сөздүн бири жок,
Бергенине доочу болуп дос келет.
Кошоматчы, колтукчу да, жазакер,
Кепшеген бир кой болчу – деп, эскерет.

Карап алып ышкырбаган эчкиңди,
Акыл калчап ойлобогон эскиңди.
Бак конгондо жүрбөйсүңбү эскере,
Баягы эле түбү тешик тепшиңди.
Табыятты карап түрүн өзгөрткөн,
Курган адам хамельон сенсиңби?!

***2.04.2008-ж. Бишкек.***

## АДАТ

Даки... дейт кулпурган манатты,
Супсак – дейт, даамдуу тамакты.
Жакшы да, жаман да жакпаган,
Жеринен адамдын адаты.

Ысыса, ысык – деп, ысылап,
Үшүсө, суук – деп, кычылап.
Барга да, жокко да чыдабайт,
Акыры бирөөнө тушугат.

Аз берсең «аттиң ай, аз!.. дешет,
Көп берсең, дагы бер, тап дешет.
Эч качан ыраазы болушпайт,
Көп өмүр сүрсө да «ка-аак!.. дешет.

Ага да «ооба» дейт таш жеген,
Ага да «ооба» дейт аш жеген.
Тойгуза албайсың кеп менен,
Толтура албайсың аз менен.
Көнүмүш адаты адамдын,
Көрүнө көмүлөт башы менен.

***08.04.2008-ж. Бишкек.***

## ҮЧ ӨЛҮМ

Адамда болот – дейт үч өлүм,
Биринчи – чын ажал, түз өлүм.
Экинчи буйруктуу – мүчөлүң,
Үчүнчү – акмактык ит өлүм.

Биринчи күздө же, көктөмдө,
Жутта же, алыска көчкөндө.
Ак ажал оорудан өлөсүң,
Акыры ажалың жеткенде.

Экинчи: чым басып денеңи,
Курагың келбейби, келеби.
Мүргүтөт капыстан шум ажал,
Мүчөлүң өлүмдүн себеби.

Үчүнчү: эл журтун сатканда,
Эсирген кутурган какмарга.
Энени ак сүтүн актабай,
Күнөөгө капталдан батканда.
Ит өлүм адамга келет дейт,
Эл журттун байлыгын чачканда.

***07.04.2008-ж.***

## ЖАМАН

Калк жыргап турганда боору аман,
Капыстан каптаган жоо жаман.
Эсиңди кетирген оорудан,
Эшиктен кетпеген доо жаман.

Суранып кечирген күн жаман,
Суу ичпей саргайган гүл жаман.
Жалындап, жалбырап турганда,
Жашабай жалп өчкөн үн жаман.

Маарага жеталбай бир кадам...
Бар, жокко каниет кылбаган.
Мереэдик сөзүнө турбаган,
Сарсанаа, сараңдык эң жаман.

Жаратат адамды шок кылып,
Жашатат, ач кылып, ток кылып.
Жамандын бир аты жалкоолук,
Жамандын бир аты – жокчулук.

***07.04.2008-ж. Бишкек.***

## КҮРӨШҮҮ

Тагдырың чүкөбү? Өкчөбө,
Тагдырың оюнбу? Өзгөгө.
Тагдырдын түйшүгү эң татаал,
Ташынып жүргүдөй көч беле.

Тагдырдын агылаар – нугу бар,
Тагдырдын айтылаар сыры бар.
Тагдырдын өкүмү өтө оор,
Тагы бар, бийи бар, кулу бар.

Тагдырдын талабы – жүдөтүү,
Таймашка, эрк, күчкө үйрөтүү.
Табышмак-чийини, чечими,
Тагдырдын мыйзамы – күрөшүү.

Аргандай укукту бералат,
Алдамчы бүтүмгө келалат.
Акылды миң калчап, тагдырды,
Акыры эрктүүлөр жеңе алат!

***06.04.2008-ж. Бишкек.***

## ӨТҮНӨМ

Бар болсо калганы өчүңөн,
Кек калса айтылбай сөзүңөн.
Өзөктөн кан агып турганда,
Өч алба, доо кылба өтүнөм.

Кыйшайтсам түзөлгөн көчүңөн,
Жаш алсам басмырлап көзүңөн,
Мен ыйлап турганда өч алба,
Жигиттик кылып кой өтүнөм?

Оорумун оң келбей ойдогум,..
А балким таарынтып койгомун.

Ат деле бир жолун үч басат,
Арт жагын өзүңдүн ойлогун.

Таптымбы, билбеймин оюңду,
Тар болсоң берерсиң шорумду.
Кылыч да кеспейт деп, айтышкан,
Сыпайы сунулган моюнду.

Пендеде аргандай ушак бар,
Затына жараша ызаат бар.
Ишиңе, баркыңа жараша,
Изиңе коюлган тузак бар.
Айланып бир келээр башыңа,
Абалтан аңдыган кысас бар.

***06.04.2008-ж. Бишкек.***

## СУРАГЫН

Жапжарык күйгүдөй чырагың,
Жапжашыл тургудай чынарың,
Кейибей өтөйүн десеңер,
Кененин пейилдин сурагын.

Кандырып өмүрдүн кумарын,
Карыбай жүргүдөй курагың,
Асылдан болоюн десеңер,
Акылдын алтынын сурагын.

Агызып чындыктын булагын,
Көгөрсүн десеңер турагым.
Азбаган, тозбогон Ай-Күндөй,
Адамдын ак дилин сурагын.

Калгыдай каргаша, дубага,
Калгыдай калп берген убада.

Каңтарып – ар намыс, ыймандан,
Калкыңды кылгыдай убара.
Сапырган күлүңдү, үйүңдү,
Заманды суранам сураба?!

***06. 04. 2008. Бишкек.***

## ЖОГОТТУМ

Чындыктын кетирди айласын,
Чындыктын жоготту пайдасын.
Арамды адалга жалгады,
Акыйкат бар эле кайдасың?

Аруулук касиет көмүлдү,
Алдашып бар кылды, төгүндү.
Чындыктын чырайы сулуу эле,
Чүмкөнбөй көрсөтчү өңүңдү.

Жаркылдап жамалы алтындай,
Жаадырап жүрчү эле сатылбай,
Жарандык ыйман, салт бар эле,
Жарыкка чыксаңчы жашынбай.

Айбатың мизиндей болоттун,
Акылың өзүндөй жомоктун,
Аскар тоо мүңөзүң бар эле,
Аныңды кыргызым жоготтум.

Адамдык турпатың жылуу эле,
Адамдык дүйнөбүз сулуу эле,
Болбосо жүрөгү, боору таш,
Ушунча уу беле, куу беле?!
Байыртан кыргыздын пейили,
Баарынан баа жеткис улуу эле!.

***6.04.2008-ж. Бишкек.***

## ӨЖӨРЛҮК

Барк да бар, маани бар өжөрдө,
Бирок да бет келбе өжөргө.
Өжөрдү өжөрчө жеңбесең,
Басынып жөнү жок көгөрбө?!

Жүйөгө жыгылсаң эгерде,
Тийген күн болсо да төбөңдө,
Түндүгүн түшүрө чапкан оң,
Өжөрлүк өжөргө өбөлгө.

Өжөрлүк куулардын ыкмасы,
Өжөрлүк – устаттын устаты.
Өжөрлүк акылдын бир түрү,
Өткүрдүн бир түрү кыскасы!

Акмак деп айталбайм өжөрдү,
Ал адам кыры жок өнөрлүү.
Убайга, азапка кул болбойт,
Узартып ала алат өмүрдү.

Кеп калган «өжөргө теңелбе?..
Өжөрлүк өмүрүң, өлүм же.
Өжөрлүк жарашат эрлерге,
Жеңгенге жоо беттеп келгенде.
Өжөрлүк – кез кезде адамды,
Кылып да коё алат шерменде!

*05.04.2008-ж. Бишкек.*

## МЫНДАЙ КЕП БАР

– Колдогун деп, келтирбе – деп, ар балаа,
Кол куушуруп, сыйынышат Аллага.
Куру келме тойгузабы, курсакты,
Куу сөз менен Байгамбарды алдаба?

Куру, бекер какшай берсең кудайлап,
Касиетиң кача берет ылайлап.
Ээн ооз эмес, эмгек сенин кудайың,
Эмгек менен ыйман тап да, ырай тап.

Шарыят да укук бербейт кордоого,
Шапар тээп баткын дебейт олжого.
Ичи бөлөк, сырты бөлөк молдо көп,
Ыйманынан уурдап каткан дорбого.

Ачык айтсам молдо чукул батага,
Айтканы алла, таянганы асаба.
«Актан» согуп даарат алып коюшат,
Келиндерди кээде кылып «шакаба».
Мындай кеп бар: – «молдо менен ажонун,
Айтканын кыл, жасаганын жасаба?!»

***05.04.2008-ж. Бишкек***

## ӨНӨКӨТ ООРУ

Адамда бар, ташып кайра соолугуу,
Адамда бар ач көздөнүп тоорулуу.
Адамдарда – заардык бар, жырткычтык,
Адам табат акча деген ооруну.

Баары билбейт – жакшылыкты, сообуңу
Ар биринин ар башкача жоругу.
Адамдарда айлакерлик, арсыздык,
Адам табат – мансап деген ооруну.

Айкөл бекен барысы эле адамдын,
Адамда бар эң жаманы-жамандын.
Адам деген өмүрүнүн туткуну,
Адам кээде жалгыз талы бадалдын.

Бирок биздин арабызда жакшы бар,
Жарым ырыс болот – дешет жакшылар.

Адам болуп жаралуу да мыйзамдуу,
Адам болуп өлүү дагы салты бар.

Адамдарда сураш да бар жан арга,
Адамдарда адат да бар кан алма.
Баамдасаң өнөкөттүү оорунун,
Байыртадан бардык түрү адамда.

Адамда бар – камкордук да, сүткордук,
Адамда бар – жанкечтилик, анткордук.
Адамдарда – байлык, бийлик, сүйүү бар,
Жасайм десе адамга жок тоскоолдук!

***30.12.2003-ж. Бишкек.***

## ЖЫЛДЫЗДАР ЖӨНҮНДӨ

Ай-ааламга жылдыз болду бүт кыргыз.
Алчы конбой түшүп калды чик кыргыз.
Оозундагы эне тилин жулдуруп,
Ойсоңдогон «киргиз» болду ит кыргыз.

Аңгыраган эшегин да жылдыз деп,
Айгыр сийген тепегин да жылдыз деп,
Көк асманга туруп калдык тизилип,
Кечээки эле чечегин да жылдыз деп.

Мыёологон мышыгын да жылдыз деп,
Мурду маңка чычымын да жылдыз деп.
Ай-кой – дебей баратабыз асманга,
Алалары жыртыгын да жылдыз деп.

Оңой менен көккө чыкпайт жылдыздар,
Улуу атак, урматтоочу жылдыз бар.
Жел тамандын баары жылдыз болушту,
Жер үстүндө калбайбы, дейм кыргыздар!

Жылдыздыкка атаганат не жетсин,
Айтпайт го дейм жылдыз болбо деп эч ким.
Туура түшүн, мен жылдызмын дей бербе,
Түп жагына жатып алып белестин.
Туу чокуга сайыш керек ал үчүн,
Таасын эмгек, түбөлүктүү желектин!

***5.03.2003-ж. Терек-Суу.***

## БУ ЖАЙДА

Санаанын баткан сазына,
Саргайткан өңдү татына.
Ар кандай түйшүк туш келет,
Адамдын асыл башына.

Акаарат айтып кудайга,
Асылым, курбум муңайба.
А жайда болот эркиндик,
Азаттык болбойт бу жайда.

Чындыгың жок деп чыңырба,
Чындыгың чымын чынында.
Чындыгың чиркей түшүнгүн,
Чыңылдап конгон мурунга.

Уурулук, намыс, уят да,
Тукумга калчу мурас да.
Улуулук, көсөм, жоомарттык,
Уруна билсең бу жакта.

Күмүш бар, алтын, акактар,
Күлкү да, ырыс, азап бар.
Тирүүлүк деген немеде,
Түбүңө жетээр тозок бар.

Төрөлүү, өлүү, кемиш бар,
Тополоң согуш, кейиш бар.
Жараткан жашоо дегенде,
Жан жыргай турган бейиш бар.

Быякта жээр таяк да,
Быякта-жексур, арак да.
Байлык да, бакыт баары бар,
Баш кесээр желдет, набак да,
Жетеңдин куу сөөк, башы бар,
Түбөлүк жайың ал жакта.

*31.07.2004-ж. Терек-Суу.*

## АДАМДЫН ӨЗҮ ДААНЫШМАН

Адамдар нени ойлобойт,
Оюна акыл бойлобойт.
Акылман адам бир гана,
От менен такыр ойнобойт.

Адамдын – адам бактысы,
Адамдар – акыл ачкычы.
Адамга арка, бел болот,
Адамдын гана жакшысы.

Адамдар жапан төрөлгөн,
Акылы менен көгөргөн.
Айбанча жашап оболу,
Атак, даңк алган өнөрдөн.

Түйшүктөн отту табышкан,
Таш курал жасап чабышкан.
Оюн-зоок куруп жупташып,
Очокко отту жагышкан.

Бөлүнгөн уруу-урууга,
Бел байлап өлкө курууга.
Түптөгөн ата-тектерин,
Туу таштап тукум-муунга.

Бакытын талбай издеген,
Билимдин түбүн түптөгөн.

А бирок адам жоо бойдон,
Акыйкат деген ит менен.

Хан сарай, ордо курушкан,
Ханына кулдук урушкан.
Булдургуч курал жасашып,
Бир-бирин анан кырышкан.

Жолдор жок адам чаппаган,
Жоосун жок адам таппаган.
Какшанып адам төрөлгөн,
Ал калат бойдон какшаган.

Адамдын өзү даанышман,
Амалды ойлоп табышкан.
Динди таап анан өзүнөн,
Кудайын жасап алышкан.

*31.07.2004-ж. Терек-Суу.*

## БИР ШИЛТЕМ ОЙЛОР

Ким бирөөнү чалам десең торуңа,
Кайта айланып түшөсүң бир колуна.
Бу жашоонун күңгөй-тескей жагы бар,
Тагдырдын бар – оңу менен солу да.

* * *

Жамандыкты кылган болсо ким демек,
Өз башыңа ал айланып бир келет.
Тирүүлүктө текке кеткен нерсе жок,
Жамандык да, жакшылык да иргелет.

* * *

Жамандарга жакшылыгың татыбайт,
Жуптанган соң кайта өзүңө азынайт.
Бетпактарга баатырсынып өчөшпө,
Ташка сийсең өз бетиңе чачырайт.

* * *

Кайда бурса, ачык дешет тил жолу.
Калпыс сүйлөп, таап алган да тил жоону.
Жексурду да жеңе турган тил экен,
Жети өлчөп кескен болсоң бир жолу.

* * *

Акмактардын байкап жанаш жанына,
Ал карабайт – абалыңа, алыңа.
Киши деген аты гана болбосо,
Кошулушпайт адамдардын санына.

* * *

Өмүр жолу барган сайын караңгы,
Удургутуп, калчай берет адамды.
Эңсегенге жетиш үчүн бир гана,
Эмгек, күрөш, эркиң ага аралжы.

* * *

Атак келип чыккан кезде таскагың,
Бутун тосоор кырсык деген каскагың.
Аттиң аа!.. деп дал ошондо билесиң,
Адамдардын мыктысын да акмагын.

* * *

Келип дөөлөт, атак турса, бак карап,
Кошоматчың кошо курат салтанат.
Оомат кетсе, оолакташып ошолор,
Ортосуна мыктылардын от жагат.

* * *

Бирөөгө мылтык атсаң башын аттап,
Сага да мылтык атаар кегин сактап.
Өчөшпө, өчөгүштөн эр өлөт дейт,
Кек сактап, кегин алган жеткен акмак.

* * *

Башыңа басмарлаган кайгы түшсө,
Басынба, жеңер жолдун дайнын изде.
Өксөөнү өжөрлөнүп багындыргын,
Өмүрдү уруна бил бардык ишке.

* * *

Улуу – деп айтып турса ушул урмат,
Урунгун, улуулукту өтө кылдат.
Көп, азбы ар бир иштин маңызы бар,
Аз иш да ордун тапса, улуу кылат.

* * *

Дарты бар аягынан аксагандын,
Даңкы жок, бир генийче – миң жамандын.
Өзөгү чирип калган шакка окшоп,
Даны жок – өзүн өзү мактагандын.

* * *

Сала жүр бул сөзүмдү назарыңа,
Ушакчы уунун кирет катарына.
Уурунун, убадакөй жалганчынын,
Сыйынаар – кудайы жок, мазары да!

* * *

Жоо чапса, жоготконун элиң табат,
Сел алса, жоготконун жериң табат.
Баарысын жоготкондон коркунучтуу,
Үйүңдөн жоо чыкса эгер эмнең калат?!.

* * *

Урунуп кал, жаштыкты күүң барда,
Улам келбейт курагың күлгүн жанга.
Өмүр деген туурунан качкан куштай,
Өтүп кетет, өкүттө кийин калба?!

Адам деген табыяттын колунда,
Ажал, кырсык ар убакта жолуңда.

Кара жанды калкалаарга чама жок,
Кабылганда бир атылган огуна.

* * *

Көп ишенбе, көрүнгөнгө айбаным,
Көзүң менен өлчөө керек салмагын.
Алагой деп, сала койбойт колуңа,
Кудайга да кур алакан жайбагын?!

Аң-чөнөктү шимшиген ит сыңары,
Алдамчынын узун болот кулагы.
Кошоматка кой сойгонго эң керек,
Ошолордун ишенчээктер куралы.

*1.08.2004-ж. Терек-Суу.*

## КАЙРАН ЖАН

Маңдайдан жылдызы, Ай жанган,
Калбаган кулкүдөн, сайраңдан.
Өлбөстөй өмүрдү сүрөсүң,
От болуп, алоолоп кайран жан!

Азууга алмадай таш чайнап,
Аргымак, мамыга ат байлап,
Көрүңө кетесиң кайран жан,
Көзүңдөн албырып чок жайнап.

Кыздарды кулундай туйлатып,
Кылгыртып, коюндаш бир жатып.
Кумарың таркабай кайран жан,
Куш болуп күкүктөп, түн катып.

Кээде сен кем болуп айбандан,
Күн көрүп күйүттүү сандалган.
Кыясың күлгүн жаш өмүрдү,
Кембагал күн көрүп кайран жан!

Алоолоп Күн менен бир чыгып,
Алоолоп Ай болуп, кулпуруп.
Булутка киресиң тумчугуп,
Бүтөсүң кайран жан тутулуп.

Чамынып кумарың артканга,
Чаңыртып кол салып арстанга.
Чүйтүйүп демиң сууйт кайран жан,
Чал болуп «чучугуң» катканда.
Чама жок, кайрылып өмүрдүн,
Кайта бир балынан татканга!..

*1.08.2004-ж. Терек суу.*

## ЖАШООДО КИМ БАР ДЕЙСИҢ КЕМИБЕГЕН

Адамга ый да керек буулукканда,
Арылып арам зилдер бук чыкканга.
Обу жок ой-санаага туткун болбой,
Оболоп, канат күүлөп кушча учканга.

Ый керек кайгы басып тумчукканда,
Ыйманга дилиң тартып муң чыкканга.
Алсырап бара жаткан эркин бүлөп,
Адамдык ар-намысын пир тутканга.

Тоо барбы, тополоңдо кыйрабаган,
Турмуштун шору кимди кыйнабаган.
Таалайың тайкы болуп дайым турса,
Тагдырда адам барбы, ыйлабаган?!.

Жашоодо ким бар дейсиң кемибеген,
Жашоодо ким бар дейсиң кейибеген.
Кайгырып ыйлабаган ким бар дейсиң,
Кашайып карап койсо Теңир деген.

Жараткан адамзатты ыйласын деп,
Жараткан жакыр жашап, кыйналсын деп.
Тирүүгө телегейи тең дүйнө жок,
Адамга аткарууга ый да милдет.

Атагын арбыта албай хан ыйлаган,
Алтынга карк болбогон жан ыйлаган.
Түбөлүк көз жаштабай кимдер өткөн,
Тирдикке келгендердин баары ыйлаган.

Өмүрдүн теңи соолук, кайгы теңи,
Өмүрдүн – теңи дөөлөт, жарды теңи.
Өмүрдө – аземдентип, көрктөп турган,
Өзгөчө эмгегинин арбын зери.
Өзөгү түтөп, көзгө жаш албаган,
Өкүнбөй өткөн адам барбы, деги?!.

***24.11.2004-ж. Терек-Суу.***

## КҮН ТЕГИЗ ТИЙБЕЙТ

Тагдырың жазган өкүмгө,
Таарынба, деле өкүнбө.
Ким болуп өмүр сүрүүнүн,
Купуя сыры өзүңдө.

Айтаарым болсун – эсиңде,
Атак бар кылган – эсирме.
Айкөлдүк менен иш кылуу,
Адамдык гана сезимде.

Арзан даңк – билсең белен жүк,
Ар ишке керек чебердик.
Сүйөнүп жашоо – бирөөгө,
Сароору болуу дегендик.

Ар иштин бар да өз жолу,
Ар иштин болот өз доору,

Өмүрдүн бу да сыймыгы,
Өз оозго жетсе өз колу.

Айлакер, абжөөт немеге,
Акылдаш болбо дегеле.
Айла-амал менен муютуп,
Акыры чыгат төбөңө.

Кор кылбайт султан бууданын,
Кезинде дары-уу дагын.
Сыйрышат касың териңди,
Сыйлабай койсо тууганың.

Ар кандай иште ченем бар,
Акылда – тайыз, терең бар.
Калк айтып келген эзелтен,
«Күн тийбейт тегиз» деген бар,

Ишенбе – куйту кешпирге,
Ыймандуу достон шекшинбе.
Кан өтүп ичтен турса да,
Кайрымсыз жанга сездирбе,
Ар-корсуз болсоң айтууга,
Акың жок датты эч кимге.

***24.11.2004-ж. Бишкек.***

## КАНДАЙ ОЙЛОЙТ

Нан менен бу турмушта күн өтөөрүн,
Тырмактай бала билет, билет келин.
Замандаш кандай ойлойт, мага болсо,
Нан жокто бараткансыйт түтөп жерим.

Нан деген жандын күнү, элдин күнү,
Нан менен көтөрүлөт элдин жүгү.
Жаш келин кандай ойлойт, мага болсо,
Нан жокто тешилгенсийт жердин түбү.

Билгемин нандын баркын орок оруп,
Нан десе аркасынан тоголонуп.
Күкүктөй нан деп жатып согуш жылы,
Көп киши калбадыбы моло болуп.

А бүгүн итке берет чыктап коюп,
Агын жейт, кара нанын жыттап коюп.
Ал кезде жарты нанды таап алышса,
Бапырап бүт жээр эле кыштак тоюп.

А бүгүн баалуу болуп арак «мырза»,
Айымдар тажап кетет тамак кылса.
Кепкектеп бөтөлкөнү токоч менен,
Ооз аарчыйт, ак нан менен кагаз турса.

Өрөөлөп согуш жылы ачкалыкты,
Өмүрүн ата берип ат салышты.
Фашистке бир туугандын, боорун берип,
Бүгүнкү токчулукту таппадыкпы!

Адамым, ачкалыктын жолун бөгөп,
А менин коём десең боорум жөлөк.
Жердеги нан күкүмүн териш үчүн,
Жөргөлөп кумурскаң да болгум келет.

## ЖАЛЫН

Жалындап алмаз күйөт, болот күйөт,
Жалындап бүт ааламга күн да тиет.
Өмүрдүн өткүрлөрү ошо сымак,
Жалындап бирдей шартта согот жүрөк.

Күйгүзөт жалын бардык алсыздарды,
Эритет кара ташты, муздак карды.
Жалындап жашабаган адамдын да,
Жашоодо ырахаты барбы айтчы?!

Жашоону жаның менен сүйүп түшүп,
Жашоого жалын болуп күйүп түшүп.
Жашоого күлгөн бойдон, күйгөн бойдон,
Жашап кал, жан кетсе де күйүп бүтүп.

Жалындын түрлөрү бар жибек түстүү,
Жел тийсе үлбүрөгөн карап түстү.
Мен аны жалын дебейм, кыйындыкта,
Жаркырап жана келген жалын күчтүү.

Жашоодо эч ким аны өчүрө албайт,
Өчүрүүнү ойлогон көзүн алдайт.
Ал жалын кылымдарга алоолонуп,
Андагы адамдарга көзүн арбайт,
Жакшы өмүр жалындардан кемби деги,
Эч качан, эч ким аны өчүрө албайт.

## АЙТААРЫМ

Мен билем адамдын көп асылдарын,
Аттары алтындалып жазылганын.
Атаны жер каратпайм десең эгер,
Айтаарым арзан жолго качырбагын.

Ызалап ырыс качса жашынбагын,
Издей бер, курчтук кылып шашылбагын,
А бирок, кыябына келе түшсө,
Аянба, ким болсо да качырбагын.

Эрдемсип чарт-чурт этип чачылбагын,
Эч качан элден ойду жашырбагын.
Калк айтат: кор кыласың жигиттикти,
Колуңдан келбес ишке катылбагын.

## ЖҮРӨК БИЛЕТ

Жүрөк билет, жүрөк баарын башкарат,
Жүрөк ыйлап, анан көздөн жаш тамат.
Жүрөк күлсө жүз да күлүп кашкайып,
Жүрөк корксо анда адамды дарт чалат.

Жүрөк билет, жүрөк баарын аткарат,
Жүрөк айтса кол беделге так салат.
Жүрөк таптуу – муз эритип таш жарат,
Жүрөк күйсө анан адам каш кагат.

Жүрөк кенен – баары ошондо сакталат,
Жүрөк күлүк, жүрөк албуут чапкан ат.
Калыстыгын, калпыстыгын жобурап,
Жүрөк айтса анан тилиң аткарат.

## БАКЫТ

Бакыт – бул табылгабы күтүлбөгөн,
Жок досум, чексиз аска мизилдеген.
Жетесиң чокусуна чыккан кезде,
Турмуштун түйшүктөрүн тишиң менен.

Бакыт бул – өмүрлөрдүн жайы-кышы,
Бакыт бул – байгеге баш сайылышы.
Бакыт бул – сансыз жанга таалай издеп,
Сапарда адамдардын кайыгышы,

Бакытты баш ийдирбейт жарак дагы,
Бакытка жетпей, талган канат дагы.
Бакыт бул – эки жандын учук улап,
Өмүрлүк кол кармашып бараткáны.

Бакытты таба албайсың атагымдан,
Бакыттын бир сыры бар ага турган.
Ушунча кылдат дүйнө бакыт деген,
Уруна билген колдо таза турган.

## КЕКСЕЛИК

Адамдарда жаман адат кекселик,
Ашмалтай дарт айыкпаган безденип.
Акыл уурдап, көптү билем деп ойлоор,
Ашкан жедеп адепсиздик, бөксөлүк.

Бир укмуштар кабылчудай башына,
Басса-турса шекшип, өзгө, касына.
Карыш баскан кадамына чөп салып,
Жарга түртөт жан жубайын татына.

Жада калса баласынан шектенет,
Жакын досун жатса-турса текшерет.
Жуткан ашы жумурунан түшкүчө,
Жүрөкзаада, жан ыйманын жеп келет.

Жик чыгарып жакшы сөздөн, жакшыдан,
Жүдөңкүрөп жүрүшүнөн саксыган.
Жан да байкуш жашоосуна күмөндөр,
Жүрөгүндө жылуулук жок какшыган.

Өз көлөкө, өз боюнан сезденип,
Өтө жаман адамдарда кекселик.
Өмүрүндө бир да жанга ишенбей,
Өтүп кетет эч жыргабай кексе күп!

## ӨМҮР ЖАЗЫ

Табийгат алып келет не бир жазды,
Тагдыры башка-башка... не бир жакшы.
А бирок, эки келбес эч кайрылгыс,
Адамдын абдан катаал өмүр жазы.

Ал кээде бир жылт эткен оттой өчөт,
Ал кээде бир ышкырган октой өтөт.
Букулдап өлгөн төөнүн ботосундай,
Бук болуп бугуп өтөт, боздоп өтөт.

Жаз – адам келип-кетип, жашоо калат,
Жашоого жандуу карап, атак тарап.
– Жакшылап мен жазымды узаттым деп,
Жаштарга шерденсек ээ, атаганат!

Жыл – мезгил өтөт, кетет, Мекен калат,
Жашарат, барган сайын ажарланат.
Жазымды Ата-Журтка жумшадым деп,
Айткандай күн болсо ээ, атаганат!

Жаштыгын түбөлүккө ким кармаган,
Жаз өткөн, жаштык өткөн миң сандаган.
Муңайбас, кордук көрбөс, мөгдөп калбас,
Өмүрдүн гүл жазына мен суктанам.

Дос күттүм, сыйын көрдүм жан курдаштын,
Кыз сүйүп, келин менен кадырлаштым.
Баарынан ысык экен өмүр жазы,
Баарынан сенче доско кабылбасмын.

Ыр бердиң, обон бердиң жан сергиткен,
Ыпысык жүрөк бердиң таш эриткен.
Кыйбастан ажыроо да оор дечи,
Коштошуу – өмүр жазга – азап экен.

Жазмыштын адамга көп арман-даты,
Жүк болуп, быкшып жашап калганчакты.
Атылып жанар тоодой бир дүңк этип,
Адамга арноо бакыт – өмүр жазды!

Тагдыры күлкүгө зар не бир жаркын,
Тагдыры ташка тийген жан кыйбастын.
Кагылсак жүрөк болуп ошолорго,
Биздин жаз – текке кетпес жан курдашым!!!

## Н.ОСТРОВСКИЙГЕ

Суктанткан, таңдандырган кылымдарды,
Сулуулук да бир көктөм гүлүн жарды.
Жашоого жардык салган коңгуроодой,
Жер шарын солкулдаткан үнүң калды.

Жашоого кумарлантып урпактарды,
Жашоонун бийигине шыктап жанды.
Сен кеттиң кайталангыс нөшөр болуп,
Сендейди кайра таппай турпак калды.

Жүгүнтүп, чөгөлөтүп уу турмушту,
Жүрөгүң жыгылбаган туу тургузду.
Адамдын адамдыгы аныкталып,
Ажалдын солк этпеген туусун жыкты.

Өмүрүң калган кезде ууртам араң,
Өркүндөп дайра болдуң буркандаган.
Биз ашаар мындан бийик бел жок эле,
Бел байлап жеңип кеттиң султан абам.

Угуп кой, улуу адам, таасын кыраан,
Мен сага кол куушуруп таазим кылам.
Кылычтын кырын басып окту тиштеп,
Каргыштын сен жыккандай шаасын жыгам.

Ант берген алп эркиңе кыргыз иниң,
Көтөрүп так өзүңдөй турмуш жүгүн.
Барамын кылымдардын кырын басып,
Куш болуп канатында ыр-күлкүнүн.

## ЖАНЫП БАРАТ МАКСАТЫМ

Текөөрү бар жүрөктүн,
Тоо бүркүтү көздөнүп.
Кармап туусун күрөштүн,
Күйүп-жанат өрттөнүп.

Жаландаган жайдары,
Жан аргымак мингеним.
Ат жабуусу саймалуу,
Арнап берген сүйгөнүм.

Кара кыргак баркыттан,
Ак калпагым төбөмдө.
Көөкөрүмө каркыттан,
Энем куйган жөнөөрдө.

Атам соккон чегелеп,
Ат жабдыгы күмүштөн.
Улуу тоого чөгөлөп,
Узаганмын күлүп мен.

Кырк кыр аштым түш менен,
Кара чачым кыроолоп.
Максат, тилек дүрт деген,
Жанып барат алоолоп.

Туусун кармап Мекендин,
Издегеним ыр гүлү.
Күлүп келээр бекенмин,
Гүлүн алып бир күнү.

## СЕН ӨЗҮҢ

Келип-кеткен жашоого,
Бул ким эле дебесин.
Кайра өзүңдү жасоого,
Милдеттүүсүң – сен өзүң.

Дартка өзүң эм болуп,
Өксөбөсөң жеңесиң.
Түгөнбөгөн кен болуп,
Бер өзүңө – сен өзүң.

Кимге болсо улук бол,
Кичик болсоң өнөсүң.
Бир дүйнөнү куруп кой,
Сен өзүңө – сен өзүң.

Өктөмдөнүп кимде-ким,
Шер көрсөтсө ал өзүн.
Өбөктөп баш ийбегин,
Шер өзүңө – сен өзүң.

Ичиш үчүн кашык суу,
Келгин болуп келесиң.
Чымчык сымал бакытты,
Тер өзүңө – сен өзүң.

Махабатка кан кургап,
Сүйбөй койсо сени эч ким.
Сүйүү болуп жамгырлап,
Так өзүңө – сен өзүң.

Төөнөп турат ийнесин,
Бир көзүнө бир көзүн.
Бир килейген дүйнөсүң,
Сен өзүңө – сен өзүң.

Жаратып даңк өрнөгүн,
Жашаш үчүн келесиң.
Ың-жыңы жок көмбөгүн,
Сен өзүңдү – сен өзүң.

## КЭЭДЕ...

Түшүнсөң туура сөзгө сен,
Турмушуң кээде бөксө экен.
Түз айткан бир ооз сөзүнүн,
Туткуну болгон жок бекен?

Баа берсең туура сөзгө сен,
Бакытың кээде кексе экен.
Канча бир көсөм жете албай,
Каалаган ойдон бөксөргөн.

Жазмыштын жолун карачы,
Тирешип ак да карасы.
Кээ бирде күйкө көкөлөп,
Бүркүттүн сынган канаты.

Татаал ээ? Турмуш, жашамак,
Таап ал жолуң азамат,
Бир келген ушул дүйнөдө,
Бир чоң эрдик жасап өт.

## АДАМГА ӨНӨРЛӨРДҮН БААРЫ КЕРЕК

Турмушта мокогонго бүлөө керек,
Турмушта чаалыкканга сүрөө керек.
Кырсыгып, кыйын жолдо жатканыңда,
Кишиге ким болсо да тирөө керек.

Күлүктөй күлүктөргө – улан керек,
Жыланды чагыш үчүн – жылан керек.
Көкөлөп, ололобойт куштун баары,
Кырааны тебиш үчүн кыраан керек.

Акмакты акмактанып жеңүү керек,
Адамга адам болуп келүү керек.

Карегин сага чукуп бергендерге,
Карекпи, карегиңди берүү керек.

Адамга өнөрлөрдүн баары керек,
Адамга досчулуктун агы керек.
Жылдырбай, жалгандыкты байлаганга,
Бир гана чындык деген мамы керек.

## КАЙРАТ АЙТУУ

Сен курбу, турмушка таарынба,
Кабыл ал, алкышын жаалын да.
Кежирлик кыл десе, кылып бер,
Күлүп бер, күл деген маалында.

Эң кыйын – турмушту түшүнүү,
Эрдемсип чыгарба күчүңдү.
Турмуштун ойлосоң өзүңсүң,
Тырмактай бир эле күкүмү.

Ыйлайсың айыңдап жашоону,
Бекердин бейиши жашообу?..
Билгенге – чын эле бейиши,
Билбеске – бүтпөгөн баш оору.

Жасабайт адамдар эмнени,
Жашоонун ый эмес эрмеги.
Сен эмей курт деле термелейт,
Сеп албай кыпынды жердеги.

Жарыкка баатырча келесиң,
Бел тутуп жашоонун элесин.
Адамда, эч качан таарынып,
Ашуу жок турмуштун белесин.

## БИР ЧОҢ АТА БАР ЭЛЕ

Комуз черткен дөбөдө,
Бир чоң ата бар эле.
Комузу жок, дөбө жок,
Кайда кеткен баары эле?

Шырдак ойгон боз үйдө,
Бир чоң эне бар эле.
Шырдагы да үйү жок,
Көрүнбөдү ал деле.

Азынаган мамыда,
Аргымакты көргөмүн,
Таппай калдым аны да,
Тирүүсүн же өлгөнүн.

Кап-кап курут, эжигей,
Казан кайнап, көп ирет.
Издеп калдым таба албай,
Ит жеп кеткен көрүнөт.

Дүбүрөтүп жылкы айдап,
Көчтө төөсү боздогон.
Кайран тоолук өлгөнүн,
Ат үстүндө жоктогон.

Чылбыр тартып тай минип,
Чыгуучу эле бөбөк көп.
Калдым көрбөй буркурап,
Кара ташка өбөктөп…

## АЗАМАТТЫН АРМАНЫ

Азаматтын эң биринчи арманы,
Албуут жарга баш байланып калганы.
Өтүп кетет өйдө карап баса албай,
Өмүрүн жеп, көөдөндөгү зардабы.

Андан да бир азаматтын арманы,
Ал да илдет аялынын кармаагы.
Турмушуна ыйлап жүрүп күн өтөт,
Тушап коёт тууп берген балдары.

Азаматтын андан соңку арманы,
Сокур сүйүү зордоп арбап алганы.
Суз болбосо сулуулук да бир кайгы,
Селкисинин жигитке арткан салмагы.

Азаматтын чоң арманы арылбас,
Көк ийнени колго албаса карындаш,
Этегинин жиптериндей самсаалап,
Өтүп кетет, кайран гана жалын жаш.

А болбосо асыл эне Ааламсың,
Арамдыктар кантип даап саа барсын.
Азаматты кылбас үчүн армандуу,
Асманынан ырыс болуп жаагансың!
Ооба, жаным, жаралгансың ошондой,
Оттой ысык, Күндөй жарык маа даңкың!

## САГА АЙТАМ

Карышкырдын чөп жегенин көрбөдүм,
Кан ичкенин, эт жегенин көргөмүн.
Оозу кандуу качан болсо билемин,
Карышкырдын карышкырдай өлгөнүн.

Жыландын да чайнаганын көрбөдүм,
Тирүү бойдон соргондугун көргөмүн.
Эрте-кечпи эбин таап бир чагат,
Эч убакта жыланды боор көрбөгүн.

Көргөн жокмун, сагызгандын аппагын,
Көрүп жүрөм, ала канат сактарын.
Жоор көрсө – чукуганы-чукуган,
Жакынсынтып сагызганды бакпагын.

Карышкыр да бизден коркот, а бирок,
Жыландын да – адамчалык алы жок.
Сагызган бир салпаң чымчык эмеспи,
Сак жүр жандан – тигил үчөө мүнөздүү,
Айтып жатам, сага курдаш кеңешти.

## МҮНӨЗҮНӨ ЖАРАША

Сылык адам – өзгөнү да сылык көрөт,
Былык адам – өзгөнү да былык көрөт.
Жаман-жакшы жарышып эзелтеден,
Бир-биринин тамырын кыйып келет.

Акмак адам – өзгөнү да акмак көрөт,
Бетпак адам – өзгөнү да бетпак көрөт.
Максаты жок, эрки жок эр көөдөндөр,
Турмуш менен тагдырын чакмак көрөт.

Майдачылдар – өзгөнү да майда көрөт,
Пайдачылдар – өлүктөн да пайда көрөт.
Кесир, сүткор, кекселер акырында,
Кагыраган ач белде, сайда өлөт.

Ким эмнени жасаса андан өлөт,
Көөдөндөрү сокурлар андан өлөт.
Арамдыкты бирөөгө багыштаган,
Акырында өз оозун кармап өлөт.

Ар ким көрөт өзүнө салыштырып,
Акылынан мүнөздөп алып туруп.
Өзгөлөрдү мен көрүп келе жатам,
Кадагына турмуштун салып туруп.

## ЖАКШЫ ТИЛЕК

Тартынбай жакшылыкка кылча пейлим,
Табият жашыл бойдон турса деймин.
Эгини дыйкандардын аӊкап жатса,
Канымды аӊызына бурса деймин.

А тургай Күндү дагы батпаса дейм,
Кумурска көлөкөдө жатпаса дейм.
Өлүмдө өз душманым калса дагы,
Өмүрүн кимдир бирөө сактаса дейм.

Ак тилек адам сага тилегеним,
Аманат жанды баккын жүдөбөгүн.
Азапта калсаӊ калем жаныӊдамын,
Жалгыз сен жан-жүйөмдү үрөгөнүм.

Тилектин кечиккени кечиримдүү,
Жашартат жакшы тилек сезимиӊди.
Келинге перзент тилеп келе жатам,
Камдай бер, жентегиӊди, бешигиӊди.

Бай экем жашаган да тилек менен,
Бейкуттук болсо экен деп, тилеп келем.
Калайык, керек десеӊ мына жүрөк,
Чабынгын көөдөнүмдү жиреп берем.

## ЖАШТАРГА

Жашчылык өмүрдө бир кеӊдик өзү,
Жаш күнүн жакшы урунган эрдик өзү.
Тайгак жол, татаал белде таалай деген,
Талыкпай таап алып келгилечи.

Күн табы жылытса да тийип сени,
Кол жеткис жерде турат бийиктеги.
Достуктун ушул күндөй табы тийсин,
Достуктун ыйык жери бийик жери.

Тагдырдын басыш бакыт оң жолуна,
Туш келет таалайыңа кордолуу да.
Адамдын Ягосу – арсыз жашоо,
Анан да Отеллосу болбогула.

Журтуңдун дайым болгун эр бүлөсү,
Жакшынын дайым болот кең дүйнөсү.
Айтаарым ар бириңер бул өмүрдү,
Акактай таза сактап көнгүлөчү.

## АСЫЛ КЕЛЕТ

Адам билет – жек көрүп, жектегенди,
Адам жеңет – багынтат беттегенди.
Асыл адам, а бирок билбеш керек,
Алсыздарды сыйынтып кектегенди.

Адам деген баарына түтө алат,
Ал чыгынса жыртыгын бүтөй алат.
Асыл адам, а бирок өтпөш керек,
Алдан тайып жатканга сүзө карап.

Ап-апакай баарынан адам иши,
Ай-ааламды жаркытат адам күчү.
Асыл келет, баарынан ыйык келет,
Адамдарга эмизген адам сүтү.

Адам сөзүн андыктан билиш керек,
Бүт дүйнөсү бүтүндөй үмүт келет.
Түндү жарып жаркыраган Чолпон сымал,
Тунук бойдон өмүрүн сүрүш керек.

## КУПУЯ БАР

Купуя бар – кээде адамдын жаалында,
Кымбат баа бар, кээде адамдын заарында.
Себептерин талдаш керек эң кылдат,
Сезиш керек негиздерин маалында.

Уусу болот кээде жесең балдын да,
Урат тузу кээде аппак нандын да.
От тамызып очогуңа жараша,
Ойлош керек жагаарыңдын алдында.

Кээде адамды ак көңүлдүк өлтүрөт,
Кээде даңкка жазакердик жеткирет.
Жалынына чынчылдыктын чалдыгып,
Жүргөндөр көп жакшылыктан тепки жеп.

Жашаш керек жанды багып эң кымбат,
Жасаганың андан болсун эң кылдат.
Кандай кана жашабагын адамым,
Калайыктан таап алгын сен урмат.

## АКЫЛ

Дүйнөнүн сулуулугу акылдарда,
Бу дүйнө акыл менен ачылган да,
Табият мындан кооз болмок экен,
Адамга акыл бирдей чачылганда.

Акылдын жолу алгач мунарыктуу,
Адамга акылмандык – курал мыкты.
Акылдын туу белине жеткен күнү,
Ал турат турган сымал буралып туу.

Баамымда акыл түсү кызыл манат,
Башкадан баасы кымбат, бийик барат.
Ойлонбой отун жакса бат өчөт да,
Бийиктен өзүн кайра жерге чабат.

Андыктан акылдын да акылы бар,
Өзүнчө ар биринин татымы бар.
Күнүмдүк доор менен кошо жашап,
Кылымды жортуп кетер басыгы бар.

## КӨРБӨДҮМ

Да бир досум чындык издеп жүрөм – дейт,
А бир досум чындык үчүн күйөм – дейт.
Тоолор айтат: «Көрө элекмин чындыкты,
Тапкан жокмун, чындык жолу түгөнбөйт.

Да бир досум, чындык жолу асыл – дейт,
А бир досум чындык өмүр, жашым – дейт.
Тоолор айтат: «Чындык кепин өзүңө,
Көп кызыккан адамдардын башын жейт».

Сен чындыктын өкчөй бергин чүкөсүн,
Алчы конбойт, өлүп-талып бүтөсүң,
Алып келчи, чындык таптым дегенди,
Алым келсе жиликтейин мүчөсүн.

Болсо болоор, бирок болбойт ал белен,
Чындык деген колго тийбес кайберен.
Изи калбас балык сымал суудагы,
Дайра сымал агып кетет сай менен.

Чындык жасайт, адалды да, арамды,
Чындык жолу тар да, катаал караңгы.
Эмгичекти жашоо билбейт, көрө элек,
Чындык таптым деп, жар салган адамды.

***15.1.1995-ж.***

## ОЛДА БАЙКУШ БАШЫМ АЙ!

Турмуш менен күлүп-жайнап күрөшүп,
Күлгүн курак кеткен жакшы бир өтүп.
Көөнөртпөгүн, көр дүйнөгө алданба,
Бул курактын көрөңгөсүн түгөтүп.

Акыл, эмгек бирин-бири сүрөшүп,
Асыл баштын кеткени оң бир өтүп.

Кайран жанга кайрылуу жок, жолу жок,
Кимдин гана калган эмес үнү өчүп.

Бул кара жер баарын бирдей батырган,
Жаралдыңбы... жайың даяр казылган.
Алоолонуп бир жарк этип өчөбүз,
Ар кимибиз жалгыз окпуз атылган.

Ким жашаган төрөлгөнү көөнү жай,
Бирде толуп, бирде көлдөй соолумай.
Кадыр таппай, каңгып эптеп жашаган,
Кайран турмуш, олда кайран өмүр ай!

Ойрон өмүр аз экенин баалабай,
Оозун ачат, эмчек сорчу баладай.
Оолактанып куу турмуштан бирөө өтөт,
Олда баёо, олда байкуш адам ай!

## УШУЛ НАМЫС

Энени ыйык тутсаң – ушул намыс,
Эл-журтту ырыс тутсаң – ушул намыс.
Актыктан кыя баспай адил жашап,
Адамды улук тутсаң – ушул намыс.

Өмүрдү өрнөк кылсаң – ушул намыс,
Өзүңдү жеңбес кылсаң – ушул намыс.
Калкынын каны – дилин мазар кылып,
Кыргызым эл – деп, турсаң – ушул намыс.

Жолуңду сезип кетсең – ушул намыс,
Жашоону ысык сезсең – ушул намыс.
Жылаандай сойлоп калган учурунда,
Шумкардай учуп кетсең – ушул намыс.

Билгенге бул намыстын даңгыр жолу,
Биринчи, арын коруу, багын коруу.
Намыстын кыл чокусу, катаал чеги,
Ар иште адам болуу, адил болуу!

## АТА-ЖУРТТУН ЖҮГҮН КӨТӨР

Акын деген кур үмүттүн кулу эмес,
Акын деген кур үмүттүн нуру эмес.
Барымтага байланып кете турган,
Бир байталдын, эшектин куну эмес.

Акын деген – сүткордун пулу эмес,
Чайкоочулар сырдаган чыны эмес.
Моокумуңуз кангыча кубулушкан,
Мойнундагы сойкунун шуру эмес.

Акын деген – акылдан мулук эмес,
Көч ээрчиген бир жандык былык эмес.
Акыл уурдап акмактар камдап коюп,
Тешиктерге тыгуучу тыгын эмес.

Акындардын алсызы, балбаны бар,
Ар киминин алынча салмагы бар.
Оргуп агып деңизге куйганы бар,
Орто жолдо кум соруп калганы бар.

Акындын да жыргалы, кууралы бар,
Акындын да уйлары, бууданы бар.
Куу жаны кар, кудайы урганы бар,
Жанар тоодой атылып, сууганы бар!

Акын болгун дүйнөгө үнүң жетээр,
Акын болбой калсаң да, күнүң өтөөр.
Күүсү менен комуздун бирге жашап,
Ата-Журттун биринчи жүгүн күтүр.

***10-август, 1993-жыл.***

## ЖАКШЫ ЭКЕН

Адамда өмүр аз десем,
Аз эмес а бир бакты экен.
Азына кайыл болмокмун,
Армансыз өткөн жакшы экен.

Кишиде өмүр аз десем,
Көп жашың эле бак бекен?!
Куру кол кетпей аз жашап,
Көп жасап кеткен жакшы экен.

Көп жашап өлбөй кор болуп,
Ак ишке колум шор болуп.
Аз жашап өлсөк не арман,
Адамдын алпы зор болуп.

Бак деген тирүү баш десем,
Бакыттын жолу башка экен.
Жылаанча сойлоп жан бакпай,
Жигитче өлгөн жакшы экен.

Кастарлап өлсөң эл-журтту,
Кастарлайт сени эл куттуу.
Кан болуу андан жакшы го,
Кар болбой өлсөң эң мыкты.

## КОЙДУМ ДЕЛЕ ӨҢГӨСҮН

Сен адамсың, адамдыгың өлбөсүн,
Тигип кетчи, өлбөстүктүн өргөсүн.
Айлаң кетсе жалгыз чырпык сайып кой,
Чынар болот койдум деле өңгөсүн.

Сен адамсың, жашап өткүн адамдай,
Тойсоң күлүп, ач болгондо кабаарбай.
Баары болот, бир арманда кетпегин,
Адам эле деген сөздү таба албай.

Малды мал дейт, итти ит деп аташат,
Адамдар да адамбыз деп жашашат.
Бирок өзүң ким экенин билбейсиң,
Өнөр өлчөйт, өлтүрөт же жашатат.

Мыкты да өтөт, байкуш да өтөт термелеп,
Мансап үчүн айбанча өлгөн пенде көп.
Жашоо чиркин ойго, тоого урунтат,
Жаман адам деп болбогун элге кеп.

Ким өлбөгөн, не бир айкөл өлүшкөн,
Жер томпойбойт, дале тойбойт көрүстөн.
Алаар энчиң эки кулач жер асты,
Айдап малды кете албайсың өрүштөн.

Алтын жыйнап аппак сарай салаарсың,
Атак күтүп, кадыр-барк да алаарсың.
Не кылсаң да кара башка кам көрбөй,
Эмгек менен элге жаксаң, адамсың.

Сен өлөсүң, шайтан да өлөт өлбөгөн,
Өлгөн жакшы сүттөй аппак өң менен.
Көзүң барда сайган тууң желбиреп,
Көз өткөн соң түшпөй турсун өргөңдөн.

## АКЫН ДЕГЕН БОЛУШ КЕРЕК ДААНЫШМАН

Жасакердик акын үчүн көрүстөн,
Жаатчылык акын баркын кемиткен.
Касиет жок жүз тайдылык акында,
Кан кылычын калем менен жеңишкен.

Акын эмес – атак, даңкты өңүткөн,
Аруу ойлор менин ыйык периштем.
Каада, салтты бекем тутуп акындар,
Кан алдында какайышып өлүшкөн.

Ата журтту барктап, сүйүп баа туткан,
Акын деген болуш керек даанышман.
Жалгыз акын сансыз колду багынтып,
Калем менен айла-амалын таап уткан.

Заман деген көчкөн көч бир өргөөлүү,
Аны ээрчиш – акындыктын өлгөнү.
Кандай заман, кандай доор болбосун,
Туруш керек акын тоодой өрдөгү.

Көчкөн көчтү ит сыяктуу ээрчиме,
Акындардын тийген эмес энчине.
Калыс акын, анык акын айланат,
Калайыктын түгөнбөгөн кенчине.

Конуп берген өкчөгөндө жай-кышы,
Кээ бир акын саясаттын койгуту.
Сенчи десең болгум келбейт эч качан,
Замананын жанын саткан сойкусу!

## АДАМДЫН УЮТКУСУ

Сакалга кир жукпасын,
Сакалды эл куштасын.
Кармоочу сакалдуулар,
Кастарлап эл нускасын.

Сакалды кор тутпастан,
Сакалдуу сен устатым,
Кармоочу сакалдуулар,
Кадырлап калк туткасын.

Ойнобо, сакал менен,
Олуя сакал деген.
Өз ордун таап жүрсө,
Ошону мазар көрөм.

Кадырла сакалыңды,
Кар кылба атагыңды.
Эл үчүн алып жүргүн,
Ээгиңде таза кылды.

Кудайдай атаң улуу,
Куштагын сакалдууну.
Адамдын уюткусу,
Апаппак сакал куну!

## АТАК-ДАҢК ЖӨНҮНДӨ

Ар кимге аргыл даңк конот,
Ажарын ачаар барк болот.
Азаптан бирөө даңк алса,
Алтынга бирөө карк болот.

Бирөөнү жыкса – даңк тороп,
Бирөөнү кетет – даңк тоноп.
Канууртап тапсаң эгерде,
Каныңды бир күн даңк сорот.

Даңк деген санаа – тооручуу,
Моюндан түшпөйт – зоолусу.
Эмделгис дарт көп адамда,
Эң жаман даңктын оорусу!

Жашоого болот даңксыз да,
Учурат бирок, даңк – кушча.
Эшексиң даңкка мас болсоң,
Эң жаман дечи мастык да!

Таптасаң кушча бөпөлөп,
Табына келет көкөлөп.
Аярлап даңкты айкөлдүн,
Айкөлү гана көтөрөт.

Өмүрдү алдап жан бакпай,
Өмүрдү даңкка алмашпай.
Дээримде менин бир адат,
Даңк эмес ырга кан катмай!

Түрү көп даңктын табуучу,
Шамы бар даңктын жануучу.
Мекенге аппак иш кылсам,
Мен үчүн даңктын аруусу!

## ТУУ ТУРА

Кимде гана жок үмүт,
Качан болсо алыста.
Жанып турган чок үмүт,
Кол жетпеген алыста.

Үмүтүңө тутулуп,
Өзүңдү-өзүң алдайсың.
Туткунунан кутулуп,
Такыр чыга албайсың.

Байкуш адам ишенчээк,
Багбанысың үмүттүн.
Бармагыңан кишендеп,
Байлап турат күнү-түн.

Үмүт менен төрөлүп,
Үмүт багат бөпөлөп.
Үмүт менен торолуп,
Үмүт кетет жетелеп.

Ооба, байкуш адамзат,
Үмүт да бир туу тура.
Биз көнөбүз аган бат,
Ушунчалык куу тура!

## КАЙМАНА

Балам жок деп, басса-турса буркурап,
Бекиш куу баш, кер канчыгын эш кылат.
Сөлпү май баш, чай иче албай тынчыраак,
Беш баласы башын кандайт беш убак.

Бала туубай эрге катын болгону,
Бейбакгүлдүн бал жууратын ит ичет.
Орусгүлдүн он баласы он жолу,
Оозу-мурдун симирилтип кетишет.

Тоолукбектин тээ илгери аңгиси,
Токтоно албай бооз бээни бузуптур.
Келгинкиндин башын жуткан баңгиси,
Эне тоонун этегине кусуптур.

Өткөн бабам, Камбар ата байлыгы,
Өз үйрүнөн өзү тукум алыптыр.
Аргынбектин арам өлгөн айгыры,
Өз байталын өзү көздөп салыптыр…

Эне-атага тик карабай өтүшкөн,
Тоолук жигит, тоолук кыздар илгери.
Салт-дилибиз окшойт белем көзүккөн,
Саясатчы саламчылар келгени.

Өзү тургай сый көрсөтүп итине,
Кең көкүрөк, койнубузду ачыппыз.
Жоо, жок курбу – келгиндердин иши не…
Биз өзүбүз башыбыздан сасыппыз!

## ЖАШАБА

Бералбай туруштук капага,
Бей ыйлап күнүмдүк жапаңа.
Атаңа айттырып наалатты,
Актанып, арсызча жашаба.

Кең карап кетирген катаңа,
Кенч болуп тартылсаң жазага.
Күнстан, гүлстан болуп өт,
Карөзгөй күн кечип жашаба.

Гүлдөсүн, суу куйгун гүлдөргө,
Кубат бер кемсинтип күлгөнгө.
Куйтулук кууратат акыры,
Кууланып, аш ичип, күн көрбө?

Иштегин дилиңдин туйганын,
Иштегин акылга сыйганын.
Ар кимге док артып жашаба,
Адамдык парзыңды сыйлагын.
Адамда жаман дарт жалаачыл,
Ак болсун ар дайым ыйманың!

***06.04.2008-жыл, Бишкек.***

## ӨЧҮҢДҮ АЛ

Өмүрдө – болотту тешүү бар,
Өмүрдө – асканы кесүү бар.
Өмүрдө бир кылка жашоо жок,
Өмүрдө – деңизди кечүү бар.

Өмүрдө – ашуудан өтүү бар,
Өмүрдө – өлүү бар, өксүү бар.
Өмүрдө мөгдүрөп калуу жок
Өмүрдө – кетирген чеки бар.

Өмүрдө – жыргайсың, куурайсың,
Өзгөрөт, бир жерде турбайсың.
Санаа бар, өкүнүү, күнүгө,
Саралтын жумуртка туубайсың.

Турмуштун сынынан – өтүү бар,
Өрттөнүү, жана да өчүү бар.

Таймашта жашаткан адамды,
Тагдырдын чыгарган өкүмү ал.
Өмүрдү бекерге өткөрбөй,
Өчөшсө, өчөшүп өчүңдү ал!.

*6.04.2008-жыл. Бишкек.*

## АДАМ БАРДА БААРЫ БАР

Жашоодо карап турсаң баарысы бар,
Жабыгып, жан кыйналса дарысы бар,
Алына бап келгидей ар адамдын,
Алдына койгон максат – багыты бар.

Таймашта тактап алган чамасы бар,
Тагдырдын айландырган барасы бар.
Шору бар, өмүр бою кайнап турган,
Шуулдап уча турган канаты бар.

Суусу бар, иче турган азыгы бар,
Тирүүдө тарта турган казыгы бар.
Барк, баасын кемелине келтирбеген,
Бактысын байлап койгон казыгы бар.

Баарына кире турган эшиги бар,
Башына өлчөп койгон кешиги бар.
Аластап, ак-карага ылайыктап,
Ар кимдин бөлөнүүчү бешиги бар.

Эч качан кабылбайсың оңоюна,
Ал энчиң, карап тиет жолоюңа.
Эмгектин чыга турган алп чокусу –
Карабайт кадырыңа ороюңа.

Турмушта баарысына адымдайсың,
Дегеле ойдогуга кабылбайсың.
Өзгөчө өмүр жолдун багыты ал,
Өлгүчө санаа, ойдон арылбайсың.

Адамдын тирүүлүгү – бейиши ал.
Тирүүнүн тозогу бар, кейишиң ал.
Тирүүгө өлүм улук, ажал абзел,
Түбөлүк жата турган бейитиң ал!

*17.03.2005-жыл. Бишкек.*

## ӨМҮР ДЕГЕН

Абысындай – бир бирине атаандаш,
Аткан таңдай, баткан күндөй катарлаш.
Өтөт өмүр, жашоо өтөт ээрчишип,
Жер астына калмайынча качан баш!

Өмүрүндө дөөлөт, шорго абысын,
Бир биринин тыңшап өтөт дабышын.
Кастыгы да, пастыгы да токтолот,
Качан жүрөк токтоткондо кагышын.

Бардык нерсе өтөт күрөш, арбашып,
Күндөй чыгып, түндөй турат алмашып.
Ансыз жашоо – ачуу эмес, таттуу эмес,
Ал өмүрбү?.. өтпөгөн соң кармашып.

Өмүр өтпөйт толук турган чарадай,
Өмүр болот – көп нерсеге таламай.
Ансыз жашоо – ысык эмес, суук эмес,
Ансыз жашоо – өлүү туулган баладай.

Эмгек менен машакаттуу жаралган,
Өмүр деген – келип-кеткен чабарман.
Өмүр билсең түгөнбөгөн казына,
Адам кенчи – аны казып ала алган.

Баалай билсек – тоо көтөргүс баркы бар,
Бир жаралат, кетсе келбес салты бар.
Кумар канбас, суусун канбас бул өмүр,
Кутудагы катып койгон алтын ал.

Өмүрдүн бар өйдө-төмөн жактары,
Бирде ачык, бирде бүркөө асманы.
Өз өмүрүн – эмгек эки жаратса,
Мекен деген ал айланган – ат мамы!..

*29.12.2003-жыл. Бишкек.*

## ЖАШОО ДЕГЕН КЕРЕМЕТ

Жашоо деген – керемет,
Бир келет да, бир кетет.
Асылдарды гүлдөтөт,
Акмактарды кирдетет.

Самап бу тоо, а тоону,
Санаа бузат макоону.
Сайда жаткан таш эмес,
Сансыз азап-жашоо бу!

Оңой көрбө жашоону,
Оюн эмес, жашоо бу?
Отко салып, кайра алып,
Ооздуктайт азоону.

Күч эмгеги – асыл баа.
Күн өткөрөт аксым да...
Майып болуп калышат,
Мар болгондор бактыга.

Жүрө алышпай бой сылап,
Жүргөндөр бар кой сымак.
Кешпирлерден кээ бирде,
Кеменгерлик ой чыгат.

Бу жашоодо көп сыр бар...
Бийлик кылат кузгундар.
Таалайына жазылып,
Такка минет жексурлар.

Жан бар кезде денеде,
Жаның күйгөн кемеге.
Жаккан отту өчүрөт,
Бир үлп эткен жел эле!

Ийсиз жашоо – камыр бу,
Ийи канса кадырлуу.
Айкөл болот сактасаң,
Ар, кор, ыйман, сабырды.

Жашоонун көп түрлөрү,
Жарытпаган күн көрүү...
Баарысынан эң кымбат,
Жашаганды үйрөнүү.

Бирөө эле Күн деле,
Бир эле ай миң дебе?..
Адам ошол сыңары,
Бир бүтүндүк – бир дене.
Тың жашаган адам бар,
Түркүктүк жок дүйнөгө!

Бир барабыз жаннатка,
Балит жашап, жан бакпа?
Өмүр деген мөмө эмес,
Өсө берген даракка.
Өнөр эмес адамга,
Өмүр сүрүү – жадатма.

Жашоо деген – керемет,
Жашаганды үйрөтөт.
Бул аземдүү дүйнөнү,
Адам гана гүлдөтөт.
Ошол асыл дүйнөдөн,
Адам деген дүйнө өтөт!..

***13.07.2004-жыл. Терек-Суу.***

## ЖИГИТТИК

Атылган ок өтпөгөн жүрөгүнөн,
Аска-тоо эрип кеткен илебинен.
Жигиттик баралына келген кезде,
Болотту сөзү менен тиле билген.

Бапестеп, бакыт тапкан бул өмүрдөн,
Баарына сабыр кылып, күлө билген.
Даанышман, кайран гана жигитчилик,
Душманын сүрү менен көрө билген.

Апкаарып, ажалдан да айбыкпаган,
Ажары, ар-коруна чаң жукпаган.
Кадырлуу, касиеттүү – эр жигиттик,
Абалтан ат жалында кыз жыттаган.

Алоолоп, мөртү келип турган чакта,
Аттанган ыйык жолго бурганакта.
Асылым, кайран гана жигиттигим,
Айланып келбейсиң го кайра башка!
Айрылып олтурамын жигиттиктен,
Аттиң ай!.. арман дүйнө! айла канча!..

***03.05.2005-жыл. Терек-Суу.***

## АЙЫРМАСЫ АДАМДЫН

Кейпи деле, кепке келбей кабаарган,
Кеби тийээр, кемпай кээ бир адамдын.
Качан болсо сабыр тутуу бир гана,
Касиети ушул – айкөл адамдын.

Сурайт элем «сен эмнеге жаралдың?..»
Барктуулардын биридирсиң замандын.
Манчыркаба, Алла-таала болсоң да,
Бактылуусу ушул болот адамдын.

Же калаарсың тепкисинде тагдырдын,
Же өтөөрсүң даамын татпай бактыңдын.
Убайымды жеңе билгин үн катпай,
Ушул адам эң жакшысы жакшынын.

Эрте туруп, тосуп чыгып, таң алдын,
Эмгегиңен элиң үчүн бал алгын.
Күрөш!.. күрөш!.. не болсо да жеңилбе,
Гүлү ушул, эң мыктысы адамдын.

Күнү бүтөт – жакшынын да, жамандын,
Сура өзүңөн – неге дегин – жаралдым?
Арткыларга өрнөк таштоо бир гана,
Айбандардан айырмасы адамдын.

*03.05.2005. Терек-Суу.*

* * *

Жан кейисе жашагандан тажайсың,
Жашоого сен, жан алгычтай карайсың.
Күндөн күнгө тарый берет кең дүйнө,
Күйүтүңө кулдук урган малайсың.

Санаа деген жан дүйнөңдү шимирет,
Санаасы жок – сары сууга семирет.
Жаман адам – бир жаралып, миң өлөт,
Жакшы адам – бир төрөлөт, бир өлөт.

Тажадым күндү көргөндөн,
Тажадым – өскөн өргөөмдөн.
Таалайсыз жашоо оор экен,
Тажадым – тирдик мен сенден!..

*21.12.2004-жыл. Бишкек.*

* * *

Сураса сенден бечел ким?..
Буйдалба, «мен» де, бечелмин.
Эстүүрөөк өмүр сүрө албай,
Эмгегин жедим нечендин.

Сураса: ким деп кар болгон,
«Менмин де кар да, шал болгон.
Айла жок жашап жүрөм де,
Ажырап – намыс, ар кордон...

Кудайдын бары бекер го,
Купшуңдап, куру – чечен го...
Анындан болбой калыстык,
Арманда боздоп кетем го!

Кылалбай койду калыстык,
Кош жүздүү белем жарыктык.
Түз карап койсо не болмок,
Турганда башта карыптык!

Сураса менден бечел ким?
Мен айтам: карып – бечелмин!
Арманда өтүп кетем го,
Актабай тузун мекендин!

*21.12.2004-жыл. Бишкек.*

## ЖАШОО ДЕГЕН УШУНДАЙ

Казат болгон, хандын башын хан алган,
Кыйроо болгон – кутулбаган жан андан.
Бу дүйнөнүн мыйзам парзы ушундай,
Бири өлсө, бири кайра жаралган.

Тирүүлүктүн туткунунан бошонбой,
Өтөсүң сен, жашоо шарты ошондой.
Боло берет жанды, өлүмгө алмашуу,
Бир орундан, бир орунга котормой.

Капысынан таап алып бактысын,
Кул да минген, хандар минген тактысын.
Өжөр турмуш – өч алдырат, өч алат,
Жашай алат, тапкан жашоо – ачкычын.

Сырдуу дүйнө – билбегенге кулпулуу,
Сырын дүйнө ача бербейт утуру.
Сырын ачат – акыл менен ак эмгек,
Адамдардын жүрөгүндө – учугу!

Жашоодо бар – жанбай турган өчөгүш.
Милдет да бар эч убакта өтөгүс.
Биз адамдар – улуу жашоо жолунда,
Үзүлгөндү жалгап жүрүп өтөбүз.

Ооба, курдаш!.. жашоо жолу ушундай,
Адам өтпөйт ак жолунан бузулбай.
Биз жашоонун кумарчысы элебиз,
Бирде утсак, бирде кайта утулмай!..

***29.12.2003-жыл. Бишкек.***

## ӨЛҮМ ДЕГЕН

Өлүм деген – жан чыкканы төгүнгө,
Өлүм деген – кош айтышуу өмүргө.
Күлгүн жаның топурактан жаралып,
Күйүп бүтүп, айланганың көмүргө.

Өлүм деген – тийген күндүн батышы,
Түркүгүнөн – тулпарыңдын качышы.
Өлүм деген – жараткандын өкүмү,
Жашоого жок – жандын эми акысы.

Өлүү деген – бир өзөндүн токтошу,
Бир дүйнөнүн жүрөгүнүн сокпошу.
Тойдум дебес, топук кылбас адамга,
Ажалдын ал башка салган ноктосу.

Өлсөң ыйлайт – бири эле деп чырактын.
Өлсөң ыйлайт – бири эле деп булактын.
Чырак өчтү, булак соолду – деп, ыйлайт.
Күнүн көрбөй солкулдаган курактын.

Өлөт бирөө – келген кезде баралга,
Өлөт кетип эпкин менен шамалга.
Элде кеп бар – «жети күндүн бири өлүм...»
Жанын алат, сураттырбай жан арга.

Алат ажал сенин койбой эркиңе,
Аны берет – бир Алланын энчине.
Ордуңду тап, анан өлгүн адамым,
Окшоп жүрбөй төркүлөгөн селкиге.

Өлүм алат – бал татыган жаныңды,
Өлүм кыркат – гүлдөп турган шагыңды.
Анык өлүм, адам үчүн ак өлүм,
Коргоп өлгүн – намысыңды арыңды!?

***29.12. 2003-жыл. Бишкек.***

## ТАБЫШМАК

Күн көрөбүз – санап, өлчөп, карыштап,
Күн көрөбүз – чүнчүп, мүчүп, арыктап.
Түбөлүккө жашоочудай жүрөбүз,
Турмушуңдун арты билсең табышмак.

Бул бүгүн деп, бул эртең деп, иргейсиң,
Бирин сүйүп, бирин кагып тилдейсиң.
Ай, адам ай!.. өтө өлчөп, бычасың,
Азыр эле не болооруң билбейсиң.

Кээде кийип калпагыңды тешилген,
Байлык жыйып, күнүң болот эсирген.
Ай, адам ай!.. анан сенин алаарың,
Ашык эмес эки кулач кепинден!

Ач көздөнүп, алып учуп өзүңдү,
Алтынды кой, толтурасың бөзүңдү.
Ай, адам ай! эки чымчым топурак,
Тойгузат ээ?! о дүйнөдө көзүңдү?!

Сапар жолуң барган сайын алыстап,
«Сараңдыкка барат – дешет, жан ыктап».
Өмүрүңдү өлчөп, бычып жашабай,
Өчпөс өңү, соолбос – гүлү салык тап.
Кайып болуп келдиң адам дүйнөгө,
Кайта кандай кетээр жолуң табышмак!

***01.03.2003-жыл. Терек-Суу.***

## ЖАШОО ТҮЙДӨГҮ

Болсо дагы ушунчалык ичиң кең...
Баамдай жүр, ким экениң изиңден.
Өмүрдөгү өтө татаал сыяпат,
Өзүн баалап, өзүн-өзү түшүнгөн.

Болсоң дагы ушунчалык Мисир сен,
Карай жүргүн калган изди изиңден.
. Адамдардын катарында бармын де,
Алгылыктуу изиң болсо түшүргөн.

Жашай билгин жаалы катуу жашоодо,
Жаса кетпес нокто да бар азоого.
Жан сыяктуу жүрсө болду ырсайып,
Жакшы да бир, жаман да бир макоого.

Ит кесиби эптеп-септеп күн көрүү...
Бир ачылат... өмүрүңдүн гүлдөрү.
Кубалашып – азап, жыргал жүрбөйбү,
Өңдө болбойт көргөндөрүң түштөгү.

Жаман изди салайын дейт ким деги,
Жакшы жолду тапчууга көп түрлөрү.
Эрезеге эңсөө деле жеткирбейт,
Эбин таап жашоо-турмуш түйдөгү.

***01.03.2003-жыл. Терек-Суу.***

## ЖАШТЫК

Көрбөйсүңбү, жазмышыңдын кастыгын,
Көз ирмемде көздөн кайым жаштыгым.
Кимге барам, догурунуп, мындай деп:
«Жалын курак жаштыгымды тапкының?«

Анан калса мунун кара аздыгын,
Аздыгына шай келишип «мастыгым.»
Жан-жөйүмө батыра албай койдумбу,
Жан кумарым – жашчылыктын ташкынын.

Жанганычы, жанар тоодой бүркүлүп,
Жалын-чогу жерге жетип күнчүлүк.
Жүрөгүмө салып калбай чогунан,
Жаалым өчүп олтурамын күрсүнүп.

Кез эле да тоо болсо да көтөрөөр,
Кез эле да – аска зоолор көсөлөөр.
Туу көтөргөн жашчылыктын шаңы эле,
Түнкү шамдар, жаркыраган көчөлөр.

Кетирбегин жашчылыктын кыйдамын,
Келет, кетет кези менен сый дагын.
Бирок чиркин келбей турган бир нерсе,
Бу жашчылык – өкүн, өксө, ыйлагын.
Жашчылыгым текке кетти дебессиң,
Жетелешип бирге жүрсө ыйманың!

***03.03.2003-жыл. Терек-Суу.***

## АРМАНДАН БҮТКӨН

Армансыз жанды тап анда?..
Арман бар бардык адамда.
Шынаарлап жүрөт бир арман,
Шилтенген ал бир кадамда.

Армансыз дүйнө тап анда?..
Хандар да өткөн арманда.
Сары оору болгон дүйнөнүн,
Султаны болбой калганга.

Арылмак эле ким андан,
Армандуу тура бу жалган.
Ай болуп калбай эмне деп,
А балким кылаар Күн арман.

Акылы артык чыгаан жан,
Алтыны тоодой куралган.
Бакытым артык дегенде,
Бар чыгаар балким бир арман.

Армансыз өмүр кимде жок,
Арылбайт жолду миң тороп.
Азайган сайын арбыйт ал,
Армандан бүткөн дүйнө жок!

***05.02.2003-жыл. Терек-Суу.***

## НЕСИ АРТЫК

Өзөндөй күү-шаа түшүп агылбаган,
Өчпөгөн жалын болбой жалындаган...
Өмүрдү өмүрчөлүк көргүм келбейт,
Өлкөнүн оту болуп жагылбаган.

Боройлоп, бороон болуп жашабасаң,
Боругуп, белден тайып чарчабасаң...
Тирдикке жүргөнүңдүн неси артык,
Тагдырдын тишин чагып, матабасаң...

Жан барда жашагыдай эмгек эккин!
Жан жайрап баратса да эл деп, өткүн!
Ак жаша... айкөл жаша... байкер жаша,
Аттиң ай!.. бул өмүргө эмне жетсин!

Күн болот кур намысын адат кылган,
Күн болот тирүүлүктөн тажап турган.
Айныбай, Ата журттун бактысы үчүн,
Айкөлдөр асыл башын чабат курман!

Өмүрдө далай болот каргашалык,
Күн болот жашай албас каргачалык.
Жашоонун аманаты өмүр чиркин,
Жаннатка жанды алгыча кармашалык.
Акыркы күн келгенде эч ким жанды,
Ажалдан арачалап калбасы анык!

***14.01.2007-жыл. Бишкек.***

## АБАЙЛАЧЫ

Канат күүлөп не бир айкөл, даанышман,
Өмүр жолун өз-өзүнчө таап учкан.
Ар биринин жөндөмүнө жараша,
Тагдыр деген, тарых деген баа бычкан.

Ким болбосун – эмгегине жараша,
Барктайт, баалайт – мезгил деген тараза.
Түйүндөрүн чечиш кыйын турмуштун,
Жашоо деген эмес экен тамаша.

Ой жоругун, «жашаймын? – деп, эмнеге?»
Оюн эмес, ушул тирдик пендеге.
Адам деген машакаттуу тирдикти,
Акыл, максат, эмгек менен жеңген ээ?!.

Ооба курбу, күрөш – наның жей турган,
Бу жашоого болбош керек бейкурман.
Абайлачы, кайдыгерлик, жалкоолук,
Адамдарды – адамдардан кем кылган.

***04.05.2005-жыл. Терек-Суу.***

## ДҮЙНӨГӨ ТҮНДҮК БОЛГОН КИМ?

Кур калды дейсиң чаңдан ким?...
Кечирип дүйнө албан күн.
Өмүрлөр өттү эсепсиз,
Өкүнүү, жыргоо, арман күн.
Тополоң, кыйроо, туйтунуу,
Түп тутуп аны калган ким?...

Жашоону болду – чанган күн,
Жашоодо болду – сайраң күн.
Түйшүгүн тартпай турмуштун,
Тирүүдө болот – кайран күн.
Бир келген жаның аманат,
Бүгүнкү жашоо – жалган күн.

Кыз жандап, күлүп – өткөн күн,
Күлүк чаап, даңкка жеткен күн.
Күмүштү жыйып, алтынды –
Кумарга ойноп – көпкөн күн,
Күнүмдүк жыргал, бүт калат.
Көрүнө ала кеткен ким?!

Муң-зарды болот – көргөн күн,
Мекенден болот – бөлгөн күн.
Атаны болот – көмгөн күн,
Бак-таалай болот – келген күн.
Ыраазы болуп баарына,
Ыракмат айтып өлгөн ким?!

Шаар кыйрап болгон – ойрон күн,
Шөкөткө далай толгон күн.
Ороосун пулга толтуруп,
Өмүргө, сынга тойгон ким?
Ким болсо кур кол кетесиң,
Дүйнөгө түндүк болгон ким?!.

***25.03.2008-ж. Бишкек.***

## ЖООПТОН КИМ ДЕГЕН КУТУЛАТ

Жерде бар – жаманы-жакшысы,
Жерде бар – молдосу, бакшысы.
Жерде бар – өлүм да, өмүр да,
Өзүнчө ар иштин ачкычы.

Бакча жок – кыйрабас, соолбогон,
Байлык жок – кемисе толбогон.
Кезек бар турмуштун өзүндө,
Кор болот бирөөнү кордогон.

Балта бар – даракты кесүүчү,
Бургу бар – балтаны тешүүчү.
Дүйнөдө кур калган нерсе жок,
Кайрылып бир келет кезүүсү.

Бычакты курчуткан – бүлөөсү,
Бүлөөнү адам бар – бүлөөчү.
Жамгырды булут бар – жаадырчу,
Булутту шамал бар – сүрүүчү.

Жаралбайт куучусу жок деле...
Мылтыксыз атылат – ок неге?
Мыйзамсыз жаралбай ар нерсе,
Шамалсыз айдалбайт жел кеме.

Киндиктеш жаралган баарысы,
Тулпарды айлантат – мамысы.
Адамдын артыгы, айбандан,
Акылы, ыйманы, намысы.

Табыят бардыгын кубултат,
Табыят – жыгылтат, тургузат.
Бу тирдик айлантып акыры,
Бир-бирин бир кезде урунтат.

Таштаса, таш менен чабасың,
Аш берсең – ашыңды аласың.

Нааданга нааданча мамиле,
Не кылсаң пейлиңен табасың.

Адам бар – жүрөгү мыкаачы,
Адамдын тагдыры кыраакы.
Байлыгың бактылуу кылалбайт,
Адамдын акыл-ой – мурасы.

Адамдар – утат да, утулат,
Ага да, буга да кызыгат.
Адамдар өзүнчө миң дүйнө.
Ай сымал, Күн сымал тутулат.
Адамдар – жок болот, бар болот,
Тагдырдан ким качып кутулат?!.

*25.03.2004-жыл. Бишкек.*

## МАҢДАЙЫҢА ЖАЗЫЛГАН

Эрденсибе, өзгөгө бой көтөрбө,
Эртең болбос, бүгүнкү той көчөндө.
Көл бөксөрөт, соолуп калат кез келсе,
Буркандаган улуу дайра өзөндө.

Эч болбогун, өзүңө-өзүң ыраазы...
Арам пулдун артта калбайт мурасы.
Мерти кетет менменсинген тоолордун,
Мүңкүрөшүп чыгып калат жыласы.

Муштум түйүп, короздонбо менсинип,
Тагдыр деген – таразада теңчилик.
«Тай туйласа, такка чыкпайт» деп калат,
Талпак болгон арстандар мертинип.

Шаты менен чыккан бакка ишенбе,
Калат дешет ак эмгектин изи элде.
Жоболоңдуу шаты зоого чыгарат,
Жолун тапкын кайра ылдый түшөөргө.

Нелер келбейт бул өмүрде, тагдырда,
Эсеби бар, эч ким калбайт жаздымда.
Жаралганда маңдайыңа жазылган,
Азап, тозок – анын баары бактыңда!

***24.06.2002-жыл. Терек-Суу.***

## ЫЙ ДА КЕРЕК

Ый да керек – тааныганга кудайды,
Ый да керек – сооротушка убайды.
Ый болбосо эч нерсени таанybайт,
Адамдардын ушул жерде бир айбы?!.

Ый да керек – сезиш үчүн жабырын,
Ый да керек – тутуш үчүн сабырын.
Ый болбосо, азап-тозок болбосо,
Сезбейт адам тирүүлүктүн кадырын.

Ый да керек – табыш үчүн таалайды.
Келбейт дебе, мага көз жаш, маа кайгы.
Азап, күлкү бирге жүрөт ээрчишип,
Адамзада – каалабайбы, каалайбы?!.

Ким бар дейсиң мүдүрүлүп турбаган,
Ким бар дейсиң – өмүр бою жыргаган.
Бакыт менен аралыгы кайгынын,
Баамдасаң араң эле бир кадам.

Айтчы, кимдер убай тартпай телчиген,
Ашкан ким бар, жараткандын эркинен?!.
Бакыт деген келсе келээр күттүрүп,
А көз жашың – көлөкөң бир ээрчиген.

Ырас, келбейт жулунгандын баарына,
Ырыс табат – чарчап адам чаалыга.
Ырыс токтойт – көтөргөнгө ырысты,
Ырыс келет – көз жаш менен даамына.

О, адамдар, өтөм дебе ыйлабай,
Шатка жарды, адам деген ыйга бай.
Хан таажысын кийгендер да ыйлаган,
Карыпчылык башка түшүп жыргабай.

Асыл туткан, өзүлөрүн пир туткан,
Алптардын да көз жаш демин сууткан.
Касиеттүү, каада салттуу айкөлдөр,
Көз жаш менен акыл-оюн жуушкан.

Баарыңарды көз жаштагын дебеймин,
Бирок көз жаш жан жолдошу кедейдин.
Тирүүлүктө – көз улуу мектебиң,
Тааныганга ким экенин Эгемдин.

Ый да керек – адам барда, жан барда.
Ыйсыз өмүр – өткөн өмүр шарданда.
Компас көз жаш – ый кадырын билгенге,
Компас көз жаш – турмуш жолун чалганга.
Универсал жандоочусу адамдын,
Устат көз жаш – улуу сабак алганга!..

*21.12.2003-жыл. Бишкек.*

## АДАМГА ЖАШОО ЭҢ КЫЙЫН

Артыкмын сенден, мен дешип,
Асылды издейт мелдешип.
Артыгы жандын энекең,
Алдейлеп баккан терметип!..

Айкөлбүз дешет эрдемсип,
Атадан мурда төргө өтүп.
Атакең айкөл түшүнсөң,
Айкөлдүк сырын үйрөтүп.

Чөп эмес жерден чыккандай,
Жел эмес, эркин сызгандай,

Жүгөнү турмуш адамдын,
Жүрбөйсүң эркин эч кандай.

Күнүмдүк жыргап жашаарсың,
Күнүмдүк ыйга батаарсың,
Топурак жайың түшүнсөң,
Түбөлүк уктап жатаарсың.

Бирөөгө жасап жамандык,
Бирөөнөн алып арамдык.
Ордуңа анан кетесиң,
Он, он беш эле кадамдык.

Жолу бар – келээр бактынын,
Жолу бар – кетээр жакшынын.
Айкөл бол, кул бол – ажалга,
Аралжы болбой алтының!

Өлчөлүү күнүң батуучу,
Өлчөлүү – тузуң татуучу.
Адамдар сени жараткан,
Адамдар – көрдү казуучу.

Адамга – адам абысын,
Адамдар тескейт барысын.
Эч качан бири-бирине,
Өтөбөй кетет карысын.

Табышмак бири-бирине,
Тагдыры татаал түйүм ээ?!
Ак келип, аппак кетсекчи,
Атаңдын көрү, дүнүйө!

Жакшылык үчүн мелдешип,
Жарашкын адам элдешип.
Жашагын адам демекмин,
Жашымды берип, мен кетип.

Айтканы дебе бир тыйын,
Айкөлдөр көргөн эл сыйын.
Айбандык кылуу бир паста,
Адамча жашоо – эң кыйын!!!

***14.07.2003-жыл. Бишкек.***

## БАКМА ЖӨЖӨ

Жалаң кылыч белиңе байлабасаң,
Жапырылтып тийген жоону айдабасаң,
Жатып ичээр байкуш ай! Эмнең жигит?
Жалгап үйгө тийбесе пайда – батаң.

Жанар тоодой атылып кайнабасаң,
Жалбыраган гүл болуп жайнабасаң.
Турпатыңан башкаң жок, эмнең жигит,
Түгөнгүр – деп, каргаса карган атаң.

Жайдак аттын жалына асып казан,
Жалкай музга төшөнбөй жатып, чапан,
Бегомоттой жатасың эмнең – жигит,
«Берчи, катын – бышат деп, ашың качан...»

Этегинен эненин туулуп султан,
Эр жигит дейт, элин шордон сууруп чыксаң.
Капырай-ов, эмнең жигит, балдарыңды,
Казандагы арпадай кууруп турсаң.

Жер чукулайт чыйпылдап жөжө деле,
Жөргөлөшүп терип жейт бөжөк беде.
Эгер сенден сураса айтасыңбы?
«Элүүдөгү менмин – деп, бакма жөжө.
Алты сандуу адамдар бакма болбойт,
Ак сүт берип, асырап, баккан эне!..

***03.03.2003-жыл. Терек-Суу.***

## АДАМ БОЛУУ АБДАН ООР

Адамдарга, ат жакшы адам деген,
Аңдап көрсөк жок сымал аган ченем.
Анын баары а бирок, адам эмес,
Адам болуу – ойлосок абдан терең.

Адам дейби – кан ичип, ок атканды,
Адам дейби – алсызга ор казканды.
Адам дейби – элди чаап, эл чачканды,
Адам дейби – Ата-журт, жер сатканды?!

Адам дейби – ичине кек катканды,
Адам дейби – зили заар, бетпактарды.
Адам дейби – жасакер, куу капталды,
Адам дейби – мансапка көз артканды?!

Адамдыкты түшүнөм, башкача мен.
Акылы алтын, түгөнбөс, таптаза кен.
Бирдей жүргөн чаалыкпай – тоо-түз менен,
Бактысына ар кимдин – сооп издеген,
Адамды мен адам – деп, эсептеймин,
Бардыгыбыз – бир эле боорбуз деген!

***03.03.2003-жыл. Терек-Суу.***

## КҮЙҮТ

Күйүт сырын күйүткө күйгөн билет,
Күч-кубат күйүттөн тайган билет.
Кымыз ичип, кыз жандап, куш салгандар,
Күйүт сырын күйбөсө кайдан билет.

Күйүт сырын – күйүттө калган билет,
Киши тургай күйүттү айбан билет.
Кылычынан кан тамып, май чайнаган,
Күйүт сырын – хан, бектер кайдан билет.

Күйүт сырын – жүрөгү күйгөн билет,
Кумарланып ак дилден сүйгөн билет.
Алдамчыга уттуруп, алдаттырып,
Адил иштин артынан жүргөн билет.

Күйүт баасы барабар – өлүм менен,
Күйүт баасы барабар – өмүр менен.
Түтүнү жок, изи жок ыштап турган,
Жан дүйнөңөн бул мите – бөлүнбөгөн.

Күйүт деген жаман дарт – айыкпаган,
Күйүткө да, күлкүгө барымта адам.
Абайласаң а бирок, бир сыры бар,
Адамдардын адамдыгын аныктаган!..

***03.03.2003-жылы. Терек-Суу.***

## ООРУЙТ ЖҮРӨК

Ооруйт жүрөк!.. ооруп турат жүрөгүм.
Онтоп жатам, тоорудубу? шум өлүм.
Же бир жерде үйү кыйрап, оту өчүп,
Жаткан жокпу?.. жүрөгү ооруп бирөөнүн.

Ооруйт жүрөк... оорум копшоп капамы,
Бар белем да, бир жерде бир азалуу.
Жаным кейийт, жары боздоп бир жерде,
Же бирөөнүн жайын казып жатабы?..

Ооруйт жүрөк... ооруса ооруп, оңбосун.
Аман бекен?.. алыстагы жолдошум.
А кокуй ай!.. бир жеринде дүйнөнүн,
Жер титиреп, эл кырылган болбосун!

Ооруйт жүрөк... неге мынча сыздады?
Тынч болсо экен, төгөрөктүн төрт жагы!
Үркүн болуп, үйөр жүрүп суу ташып,
Же чыктыбы, согуш деген өрт дагы?!.

Мейли оорусун, менин эле жүрөгүм,
Бул оорудан сакайбасты билемин.
Барысынын мен алайын оорусун,
Баш катсаң да келет дечи бир өлүм.
А көрөкчө Ата журттун жүрөгү,
Оорубасын ошол жалгыз тилегим!

***01.03.2003-жылы. Терек-Суу.***

## ӨНӨРЛҮҮ ЖӨНҮНДӨ

Ок соккон – октон өлөт,
От кечкен – оттон өлөт.
Ажалың эгер жетсе,
Андайга жокко бөгөт.

Уу тапкан – уудан өлөт,
Чуучулдар – чуудан өлөт.
Адамды кордогондор,
Акыры куурап өлөт.

Бу жазмыш баарын берет,
Баарынын даамы келет.
Түз жолун таппагандар,
Турмушка наалып өлөт.

Өнөргө балбан – адам,
Өмүрүн сайган адам.
Эзелтен эккенинин,
Түшүмүн алган – адам!

Кул өлсө – кул деп көмбөйт,
Хан өлсө – хан деп көмбөйт.
Ким өлсө бирдей алат,
Кара жер иргеп, бөлбөйт.
Адамча өлүү милдет,
Айкөлдөр өлсө да, өлбөйт!

***26.02.2003-жыл. Терек-Суу.***

## ОК ТИЙГИР

Он тыйын иштеп таппасаң,
Окутуп, бала бакпасаң,
Ок тийгир, эле ок тийгир,
Оңдурбайт сени терс батам.

Майышып чалгы чаппасаң,
Мал багып, кырман баспасаң.
Ок тийгир, эле ок тийгир,
Оозуңа салса ашты атаң.

Жууп албай сирке чачыңды,
Жуурканга катып башыңды.
Ок тийгир, эле ок тийгир,
Олтурсаң жумшап катынды.

Эл ичет, алар чанда мас,
Эргулум, а сен күндө мас.
Ок тийгир эле, ок тийгир,
Омолуп барат күлгүн жаш.

Уул үйлөп, курбуң кыз берди,
Үйүнө бакыт – куш келди.
Ок тийгир эле, ок тийгир,
Ошондон кокуй, сен кемби?

Топ жарып курбуң, даңк алды,
Тоюна толук калк барды.
Ок тийгир эле, ок тийгир
Ойлончу сенде ар барбы?!

Оозума сал – деп, о, катын,
Отун тап, от жак, бол бачым,
Ок тийгир эле, ок тийгир.
Жатасың ооруп, соо башың!

Ак эмгек десе жалт койгон,
Арактуу жерге тап койгон.

Эсил бир кайран кырк сегиз,
Эмгектен качкан жаш ойрон!..
Ок тийгир эле, ок тийгир
Күйдүргү эле, о күйгүр!!!

* * *

Жакшы бар, элде жаман бар,
Жарды бар, айкөл адам бар.
А бирок, жатып ичээрлер,
Жашоодо ашык адамдар!..

***21.20.2003-жыл. Терек-Суу.***

## МЕКЕ ЖӨНҮНДӨ

Чыйкан сымал чыгып алган чекеме,
Жүрөктү өйүйт – мендеги бир маселе.
Кулдугум бар – кечирегөр жараткан,
Оорум кыйнап баралбадым Мекеге!?

Кылалбадым Кааба алдында зыярат,
Кылган жокмун шарыятка кыянат.
Мекендештер кылып жатса ажылык,
Мусулмандык – ар намысым уялат.

Эл тоногон жандимилер – «көсөмү»,
Далдал кылат – кудай менен Мекени.
«Канды ичип, «кечирип кой!..» десе эле,
Алла-таала, алданабы, кечеби?!

Ажылыкка барган ар бир пендеңе:
– Келдиң эле – деп, сурабай – эмнеге?
Акча берсе, ажы болдуң – дей берген,
Алла таала жегичсиң го сен деле?

Киши союп, кишини жеп шернеге,
Кыянаттык кылып коюп пендеңе,

Ажы кылган арам тамак немени,
Алла-таала арсызсың го сен деле.

Башты кеспей, кесип алып тилиңи,
Мекелешет жогоркулар билими.
Ажылыгын сатып жатат ага да,
Арабдардын – акча, байлык пириби?!

Адам өзү ким экенин ойлойбу?
Дилин сатып, Меке менен ойнойбу?..
Ак эмгегин тартууласа мекенге,
Мекен мага – Меке, ажы болбойбу?..

Кудай деле калыс болсо болбойбу?
Кулдук уруп, акча менен ойнойбу?..
Байкуштардын баалап, пейил, дөөлөтүн,
Барбаса да Ажысың деп койбойбу?!.

Ооба, Алла!.. осол айтсам кеч калкым!
Моюнумда мусулмандык беш парзым.
Мусулмандын төрөлсөм да үйүндө,
Мусулманча таалим албай эс тарттым.

Анан оору, кайгы жаздап жаздыгын,
Азап менен өттү өмүр, жаштыгым.
Азыр дагы ойлоп коюп олтурам,
Алла мага неге тиккен кастыгын.

Узак жаттым, кордук арбып, сыйыман,
Ушунчалык бир нерсеге кыйылам.
Бир да парзым өтөт окшойт өтөлбөй,
Кай Аллага, кай Мекеге сыйынам.

Жатам жалгыз, сыйынаарым жок белем,
Жашым өттү, муздап калган бүт денем.
Бирок ойлон, жаалың күчтүү – эй, адам!
Акылыңа, талантыңа жок чеңем!

***19.02.2003-жыл. Терек-Суу.***

## ТАГДЫР МЕНЕН МЕЛДЕШПЕ

Тарткым келбейт ким бирөөнүн төлгөсүн,
Айткым келбейт ким бирөөнүн төл сөзүн...
Бирок келсе бир жамандык башыңа,
Чукуп коёт оң көзүңдү сол көзүң.

Бийлик болсо, байлык болсо – ал кубат.
Баары сенин жок нерсеңди бар кылат.
Бирок сенин бадик кетсе башыңан,
Тууганың да тутуна албайт, кар кылат.

Сый сыпаатка батып турсаң жан жыргап,
Сыймык болсо жоктон тууган табылат.
Дөөлөт кетсе таанымаксан болушуп,
Боло баштайт туугандардын баары жат.

Тагдырда көп табышмактуу калк болот,
Капыс кетип, капыс келип бак конот.
Кара көзүң кашаярда кан жутуп,
Койнуңдагы катының да кас болот.

Ишенбегин – мээнетке да, дөөлөткө,
Төө мингенде жүргөндү эсте жөө кезде.
Адам болсоң эч убакта унутпа,
Алсыз күнү – жүргөнүңдү дөө кезде.
Турмуш деген оомал-төкмө дүнүйө,
Тагдыр менен эч убакта мелдешпе?!.

***09.02.2003-жыл. Терек-Суу.***

## ЭГЕР СЕН

Бир нерсени – сүйө билсең эгер сен,
Бир нерсеге – күйө билсең эгер сен.
Анык адам, акыйкатчыл адамсың,
Акты – ак деп, жүйө билсең эгер сен.

Айкөл болсоң, чыгаан болсоң эгер сен,
Алсыздарга караан болсоң эгер сен.
Адашканды айкын жолго саласың,
Акыл-ойго кыраан болсоң эгер сен.

Үшүгөндүн күнү болсоң эгер сен,
Урпактардын – гүлү болсоң эгер сен,
Урмат, сыйлуу улуу гана адамсың,
Учалбаска – мүрү болсоң эгер сен.

Тилин тапсаң – кечелердин эгер сен,
Бели болсоң – бечелдердин эгер сен.
Баарысынан бактылуу жан болосуң,
Багыт берсең бекер жерге эгер сен.

Башы тоодой, мойну кылдай жолу бар,
Бардык иштин кээде болот жолу шар.
Изде таалай, ийне менен кудук каз,
Издегенге көп кезигет сонундар.
Бийлик, байлык дарбазасыз короо эмес,
Баркы, баасы – жолукчууга жолу бар!

***08.02.2003-жыл. Терек-Суу.***

## ЖАКШЫЛЫК ЖӨНҮНДӨ

Сен бирөөгө кылган болсоң жакшылык,
Сыйга сый бар, минип алба ат кылып.
Эселектин кылган иши деп жору,
Эгер кетсе жакшылыкка баш буруп.

Жакшылыкты эгер кылсаң кенедей,
Деп ойлобо жасадым деп ченебей.
Адам болсо азды тоодой туюнуп,
Ал кубанат аска-тоого теңебей.

Ким бирөөгө чоң жакшылык жазасаң,
Күлүп жаза, мейли болсун өз атаң.

Жарыгы жок, кайры тийбейт аныңдын,
Жакшылыкты күйүп жасап – атасаң!

Эгер кылсаң тууганыңа жамандык,
Урат тузу кылган үчүн арамдык.
Улуулук бар жакшылыктын өзүндө,
Ушул сенин касиетиң адамдык.

Жакшылыкты кылгандарга не жетсин,
Саа жакшылык кылаар кезек, келет күн.
Ар нерсенин арт жагында кайры бар,
Адам дайым, адамдарга керексиң!

***24.06.2002-жыл. Терек-Суу.***

## КАЛЫС ЧЕЧЕТ

Жакшыга, жаманга да адам жакын,
Жашоодо ар ким ойлойт жан аргасын.
Баа жеткис – барк, багыттан адаштырып,
Байлыкка туткун кылат кайран башың.

Баарына ээлик кылган адамзаттын,
Билишет эки жолу жаралбасын.
Эмгектин таалимине моюн сунбай,
Эркине – күң, кул кылат жаман башын.

...Өмүрдө неге болсо урунасың,
Өксөөнүн кээде чыгат – бугу бачым.
Сезимде сабырдуулук сакталбаса,
Санаанын жолу кайгы – уу жутасың.

Түшөөрсүң теңсиз жалаа торуна да...
Тобо де, бактыңа да, шоруңа да.
Торундай жөргөмүштүн тирдик деген,
Түйшүксүз бакыт тийбейт колуңарга.

Чындыктын түбү тешик, алыс дешет,
Чынында чиелерин намыс чечет.
Тилекке жетип, жетпей калуу жагын,
Турмуштун таразасы калыс чечет.

***30.01.2003-жыл. Терек-Суу.***

## КӨР МАНСАП

Көр мансап – ыйманымды саттырасың,
Көр мансап – кир оокатка мас кыласың,
Өзгөдөн эстүүсүнтүп, ээликтирип,
Өзүмө өз көрүмдү каздырасың.

Көр мансап – ак жолумдан азгырасың,
Көр мансап – агайинге кас кыласың.
Күлгө чаап, ыйманымды ырыскымды,
Көрүмө кепини жок жаткырасың.

Көр мансап – досторуман жат кыласың,
Көр мансап – көздү майга бастырасың.
Мансаптын макоолугун ушундан бил,
Өзүңө өзүң карап каткырасың.

Көчүгү көр мансаптын бекем болбойт,
Мансапка маашыркаган – көсөм болбойт.
Буларың мезгилдин бир күйкөлөрү –
Бүркүтчө чала турган текөөр болбойт.

Тар болот мансапкордун жатаар көрү,
Тар болот мансапкордун келечеги.
Ар кор жок, алар маалим кимге болсо,
Ыйманын соодалаган жан экени!

***31.01.2003-жыл. Терек-Суу.***

## БЕК САКТА

Таалайды эгер тагдыр ташка чапса,
Тап айла таманына калтырбаска.
Жүрөктү алам десе «ооба» дегин,
Жигиттик бирок курбу наркты сакта.

Таалайды тагдыр башка дагы чапса,
Тартынба, сен дагы чап – аны башка.
Аргымак минип көрүп, алчактап тур,
Адамдык арды сакта, аны сатпа?!

А балким тагдыр сени «мин!» дээр такка,
Адамды дал ошондо сыйла, назда.
Опуртал, оома-төкмө турмуш болот,
Ошондо ыйманыңды сакта, сатпа?!

Жашоодо жаңылуу бар, айла канча,
А бирок багытыңан кайра качпа?
Ак жолдон адашканда чаалыкпагын,
А жолду чыккан жерден кайра башта.

Не келбейт тирүүлүктө асыл башка,
Дүр-дүйнө тартуу кылаар, алтын так да.
Жок дебе, жанды десе, жаныңды бер,
А бирок элди жерди сакта, сатпа?!

***01.02.2003-жыл. Терек-Суу.***

## ОЙ КАЛЧОО

Аралыкты көз менен өлчөй билгин,
Акыл-ойду сөз менен өкчөй билгин.
Ашып кетпей, алданып, барар жолду,
Ал күчүңө жараша чектей билгин.

Арам менен адалды талдай билгин,
Сабыр тутуп өзүңдү кармай билгин.

Атылган ок, айткан сөз кайтып келбейт,
Айтканыңды салмактап, танбай жүргүн.

Тил катпагын тубаса – кыраандарга,
Тийишпегин – тубаса чыгаандарга.
Алтынсыңбы, жезсиңби аныкталат,
Ат чабышта, аламан дубандарда.

Бүлүнөсүң, бүтүндү бүлүнтпөгүн,
Ар нерсеге ат койгун билип тегин.
«Шашкан коён ийнине батпайт» дешет,
Күтсөң досту – кимдигин иликтегин.

Жат канатка – учам деп, жабышпагын,
Жасакерден, жуукурдан алыстагын.
«Өз акылың өзөк» – дейт, ар нерсенин,
Жүрөк менен уккунуң дабыштарын.

Кол чатырын бирөөнүн көтөрбөгүн,
Карөзгөйгө жагам деп, көшөрбөгүн.
«Өз эчкиңин улагын теке сал дейт,
Өз жүгүңдү жеңил го көтөргөнүң.

Бүгүн атчан, эртеси жөө болосуң,
Буйруп койсо такка да ээ болосуң.
Бас – десе эле максатсыз баса бербе,
Буйлалаган ээрчиме – төө болосуң!

Кайсыл эне, эмчектен сүт эмгениң,
Тоого чыксаң чектеп ал, түшөөр жерин.
Аш экен деп, баарысын жута бербе,
Тилиң менен татмайын – ишенбегин!

*14.03.2004-жыл. Бишкек.*

## ЖАКШЫЛАР

Жакшыны – жакшы деш керек,
Жарашат ага эп келет.
Жаны жок болсо иши бар,
Жакшыны эли эскерет.

Жакшылар болот шертке бек,
Жакшыдан кетпейт текке кеп.
Жок болсо көзү, сөзү бар,
Журтунда калган из демек.

Түркүн сөз айтсаң жарашкан,
Түбү жок жакшы – кең асман.
Жакшысы жугат – деп, калат,
Жакшылар менен жанашсаң.

Жабышат баары жакшыга,
Жамандап урат – ташты да.
«Бул жакшы адам» деген сөз
Буюраар бекен бактыма.

Жакшыга жакшы кабылбайт,
Жакшыны – жакшы жан ылгайт.
Жакшыга жакшы кабылса,
Жанар тоо болуп жалындайт.

***14.03.2004-жыл. Бишкек.***

## САК БОЛГУН

Жай таппай жанды коёрго,
Жабыксаң жашоо – бороондо.
Жан болсо коргоп алуучу,
Жан арга – бул да чоң олжо!

Күйүттө калсаң басынып,
Күлүңдү кайгы сапырып.

Күйөөрүң болгон жакшы экен,
Кыйналган кошо ачынып.

Ботосун жоктоп – төө боздоп,
Тургандай, турсаң төөгө окшоп,
Аталаш танса бир арман,
Абалтан берки жоого окшоп!

Турганда оору, жоо каптап,
Тууганың кетсе оолактап.
Доо койгон жаман турбайбы,
Достугун досуң – ооррактап.

Эмесе, достум сак жүргүн,
Эмнени көрбөйт баш гүлгүн.
Кимдерге келбейт бак чиркин,
Кимдерден кетпей – даңк чиркин.
Бир күнү кылат бак – сүйкүм!
Бир күнү калат – даңк мүлкүң!

*18.03.2004-жыл. Бишкек.*

## КАПЫРАЙ

Арстан, арстанга кол салбайбы?
Акылман, акылманга ор камдайбы?
Аярлар – акыл, ойдун каракчысы,
Акмактар – ак, кара – деп, жол тандайбы?..

Муңдуунун зары аллага угулабы,
Мусулман тээп жатпайт кыбыланы.
Сүйбөсө, көз да көзгө урунабы,
Олжого кыныккан ит тыныгабы?..

Ачуулуунун астынан чыкпа деген,
Арамзанын акылын укпа деген.
Уурунун насааттарын – тутпа деген.
Узарасың дос болсоң уста менен.

Акыл деген жеткирет алыс жолго,
Арзан жолго түшөм деп, карып болбо,
Аялыңды аттантпа алыс жолго,
Адам болсоң оболу – намыс корго.

Куймулчакка сындырба бычак дешет,
Ким бирөөгө койбогун тузак дешет.
Алыш-бериш сооданы нысап чечет,
Ичи арамдар акыры тушап кетет.

Акыретчил болушат бечаралар,
Акыбетсиз оокат жок – бекер алаар.
Ажал жанды күтүүсүз алаар кезде,
Алла кирбей оозуңан – түшүп калаар.

Айла-амал жок буйруктан эсен калаар,
Аянсаң да жаныңды бекер алаар.
Ай-ааламдын түбүнө жашынсаң да,
Ажал деген шүмшүк бар жете бараар.

Болот баарын өмүрдө жоготууга,
Өгөй берсе жешилет болотту да.
Калпычынын сөзүнө аш бышабы,
Казан тургай, очокто жок отуна.

***21.12.2004-жыл. Бишкек.***

## КӨКӨЙ КЕСТИ

Буркурайт комуз – буркурайт,
Бугуна жүрөк зыркырайт.
Буюгуп кетип баратам,
Бул муңдуу үнгө ким чыдайт.

Боздоду комуз – боздоду,
Боздоосун дүйнөм коштоду.
Ботосу өлгөн ингенге,
Бул комуз неге окшоду.

Муңдуу күү – муунтат, муң агып,
Муңуна муңум уланып.
Боройлойт комуз боройлойт,
Бороонго бороон куралып.

Күн-Айга жетип зор добуш
Күүлдөйт комуз – жоргобуз,
Куюндап, кайра басаңдап,
Күрпүлдөйт Карамолдобуз!

Жаа тартат комуз туу булгап,
Желмаян минет чымылдап.
Күүлөнөт комуз күүлөнөт,
Күн-түндөп жаап шыбыргак.
Тарыхтын айтып жазганын,
Кыргыздын ырдап дастанын,
Жол тартып келет кылымдап!

*19.03.2004-жыл. Бишкек.*

## АДАМДЫК МИЛДЕТТЕР

Эмгектен бакыт жаралаар,
Эмгектин ээси – адамдар.
Эмгектир сүтү – эненин,
Сүтүнө болот барабар.

Эмгектен, эмгек сүтүн эм!
Эмгекти – эл деп, түшүнөм.
Эмгектен адам жаралып,
Эл болуп анан түзүлгөн...

Эмгектен, аны ардакта,
Эмгегиң менен жан сакта.
Энчисин алдап бирөөнүн,
Эпчилдик менен жан бакпа?

Эпчилдер бардыр ар башка,
Эпчилдер – устат алдашка.
Ообагын арам оокатка,
Окшошуп – тирүү арбакка.

Ашкүптүн алба, өрнөгүн,
Ак эмгек өсүп-өнгөнүң.
Туткактык менен жан баксаң,
Тирүүлөй анда өлгөнүң.

Сүткорлук менен жашаба,
Сөз айтат наалат атаңа.
Карөзгөй болсоң акыры -
Каласың тетир батага.

Оң кылган эмес уурулук,
Оңолгон эмес – чуу куйрук.
Берешен болуу – чоң атак,
Боорукер болуу – бул сыймык.

Ар ишке керек устаттык,
Аялга касап – бетпактык.
Айбандык менен барабар,
Абийирге кылган туткактык.

Тууганга кара санаган,
Туусу жок калат – ал арам.
Атаны сыйлай албаса,
Акылдуу чыкпайт балаңан.

Дүйнөсү тайкы, тар адам,
Тубаса ошол кар адам.
Эненин баркын билбесе,
Элдик уул чыкпайт балаңан.

Эр жигит атын арытпайт,
Эселек куштап марытпайт.
Менсинген кыйды көөпайлар,
Мекенин сүйүп жарытпайт.

Абдан оор – жашоо мыйзамы,
Анын бар – аптап, ызгаары,
Ар дайым болот тараза,
Адамдын – айкөл, сырттаны.

Эмгектей кенди таппайсың,
Эмгексиз – элге батпайсың.
Бут коёр жер жок эмгексиз,
Өткүчө өмүр аксайсың.

Урматка эмгек жеткирет,
Улуу адам ушул – деп, билет.
Уйпалап жүрүп жалкоолук,
Улага жакка жеткирет.

Керсейген адам – кембагал,
Кеменгер адам – эл багаар.
Кедерди кескен – жалкоолук,
Кепке албай, барктан байкалаар...

* * *

Көп сөздүү – калат жалаага,
«Көрөгөч» калат балаага.
Алп ооздук менен байыган,
Акыры калат талаада.

Апыртма таппайт атакты,
Арызчы – сүйөт чатакты.
Жарыбайт кызыл кулактар,
Жансоога болбойт – касапчы.

Жарыбайт кексе – өмүрү,
Канкордун болбойт – теңири.
Жазакер, жуукур – экөө тең,
Жашоонун жандуу – өлүгү.

Күлүп ал, күлкү пайдалуу,
Күн өткөр жашап, жайдары.

Ойношчул адам – жар болбойт,
Ошолор жандын айбаны.

Даңк келип калат капыстан,
Ийинге батпайт ашыккан.
Балакет баскан – туугандык,
Бийлердин башын сасыткан.

Айкөлүн адам – туу кылат,
Көбөйүп, аздан курулат.
Кеги бар, кемпай адамдар,
Кенедей ишти чуу кылат.

Баарынан ыйык – Эл-Меке!..
Бешигиң – мекен термесе.
Ыдырайт, кулайт – тоо дагы,
Ынтымак, ыйман бербесе.

Баарысын табат издеген,
Баспагын даяр из менен.
Өмүрүң сая кетпесин,
Эмгекте калат из деген!

***20.03.2004-жыл. Бишкек.***

## ПЕНДЕЛЕР

Турмуш деген татаал бүткөн теңдеме,
Океанда чабак урган зор кеме.
Сырын чечип, ал кемеде сүзгүн деп,
Жаратылыш – берген үлүш пендеге.

Жашоо татаал – ашалбаган ашуу бар,
Жашоо зор кенч – анын сырын ачуу бар.
Жашоо төлгө – миң сан татаал тунгуюк,
Жамалыңа ченеп койгон жазуулар.

Урунган бар... урунган жок өмүрдү,
Баалаган бар, баалабас бар, төгүнбү?..
Ким болсоң да таанып жаша – теңирди,
Ким болсоң да таанып жаша – тегиңди.

Болбос ишти – болтурам деп, жулунба,
Баш оорутуп, боор тартпа – зулумга.
Арам жолдон арылбасаң жетпейсиң,
Ар болбосо, акылыңдын нугунда.

Пейил дагы бүткөн мүнөз тубаса,
Береке да, берекени уласа.
Кумарланткан куттуу эмгек болбосо,
Кудайың да «ме!..» дей койбойт сураса.

Журт бийлээрсиң, бакыт коноор башыңа,
Жооң келип кол куушураар кашыңа.
Тууган жерди – тумар кылып тагынгын,
Түкүрбө – дейт – иче турган ашыңа.

Төгүлөөрсүң башкаларга кут болуп,
Көрүнөөрсүң башкаларга нур болуп.
Тууган элге, тууган жерге, а бирок,
Эмне жетсин!.. кызмат кылуу кул болуп.

Өмүр куну – эмгек менен ченелет,
Аксарай кур, алтын менен чегелеп.
Баары калат, эмгек сүрөт өмүрдү,
Өз акылың, өзүңө – зор керемет.

Даңктуу кылган, барктуу кылган мансабың...
Байлык деген – казылган көр, акмагым!
Айбандарды адам кылган дөөлөт – дейт,
Ал болсо бир утурумдук калканың.

Элге бергин, элдик болсун тапканың,
Элди сатпа, эл эмес да чакмагың.
Таалай деген топтоголок нерсе бир,
Так жүрбөсөң чыгып калат талканың.

Мейли дейли, деле көп жыл жашагын,
Мейли дейли, арбын болсун тапканың.
Бүтөт бир күн бу дүйнөлүк сапарың...
Тогуз кулач сатин кийип жатаарың.

Адамдарым, мейли болсун эмнеңер,
Эл деп, жаша, «эмне тапсаң элге бер!?»
Саймалайсың... сапырасың дүйнөнү,
Бу тирдикте сага күч жок тең келээр!
Аз өмүрдөн – жасап алчы көп өмүр,
Ата Журттун кулу болуп пенделер?!

***08.01.2004-жыл. Бишкек.***

## ЫЙ

Көз жаштап, күйүп-бышып кыйбаганга,
Керек экен кези келсе ыйлаган да.
Жаныңа бир аралжы – көз жаштасаң,
Жүрөктү кайгы мыжып, кыйнаганда.

Чынында ый курусун, ый жаман да,
А бирок керек экен ыйлаган да.
Кайгыдан жеңилдейсиң – көз жаштасаң,
Карыптык көөдөнүңө сыйбаганда.

Жөн эле, жинди белең ыйлагыдай,
Жатпайбы – ыйда муңуң, ыйда – убай.
Ый сырын билгендерге ый да – дары,
Ыйда бар, жазмыш – күүсү, ыргагы бай.

Ыйда бар, бир керемет кубулжуган,
Уккандын жан дүйнөсүн «сыйындырган».
Билгенге – жөн ый эмес – симфония,
Турмуштун түйүндөрүн туюндурган.

Ыйлаган хандар дагы, эл бийлеген...
Ыйлабайт жөн жеринен жан күйбөгөн.

Сергитип сезим күүсүн дирилдетип,
Сызылып чыккан муза жан дүйнөңөн.
Ыйлаба, ый курусун – ынанаарлык,
Ый сырын – сен бир билсең, мен бир билем!!!

*03.03.2003-жыл. Терек-Суу.*

## АКЫН КҮЧҮ

Акындын жаш тамганда карегинен,
Мөлтүлдөп лира тамат калеминен.
Көөдөнү симфония күүсүн чалат,
Кайгынын бир кыпындай данегинен.

Акындын күлкү чыкса жүрөгүнөн,
Толкуну артып деңиз илебинен.
Ажары мемиретип шаттык төгөт,
Айбы же Күнбү? – дейсиң ирецинен.

Акындар тилсиз кенен кеңеше алат,
Улуу да, кичүү менен теңеше алат.
Ууну да балга айлантып, балды ууга,
Муздан гүл, таштан чубап кебез алат.

Акындын өзү өлсө да сөзү калат,
Ааламдын тереңинде жети кабат.
Жылдыздын жарыгына гүл ыргытып,
Жыпарын качан болсо үзүп алат.

## КҮЛҮК КЕЛЕТ

Күлүк келет төрт аягы соруп жер,
Күү-шаа түшөт тогуз баллда согуп жел.
Күйгөн таштар туягында быркырап,
Кымкаарланат кирпигине тоңуп тер.

Күлүк келет кирген суудай күрпүлдөп,
Куйрук-жалы куюн болуп сур түрмөк.
Дабышына тең жарылып кетчүдөй,
Далы тосот улуу тоолор диртилдеп.

Күлүк кызуу, кош кулагын жапырып,
Көбүк бурт-бурт оозу араандай ачылып.
Куукуулаган элдин үнү кырчада,
Сом камчыдай соорусуна басылып.

Күлүк келет койгон жерге чектелип,
Кош өпкөсү – куш канаты кейиптенип.
Ак жоолугун бек байланган боз бала,
Ат үстүндө ал да барчын көздөнүп!

## ТАРТ КҮЛҮКТҮ, АЛДЫМА

Тарт күлүктү алдыма тоолук бала,
Тулпар берген минсин деп тоолук мага.
Куштай учуп жетемин максатыма,
Койчу дебе, жан пери, суулуктаба.

Жер чапчытпай чечкиле ат мамыдан,
Жигерим ат минбесем ат сагынам.
Качан тоолук жатчу эле баш калкалап,
Каруу сынап, аш ичем, ат жалынан.

Келе апа, кементай, ак калпакты,
Келе, камчы, кемерди, күлазыкты.
Көөкөр байлап кан жолдо жигит жүрсө,
Кыргызыма жоо тийип, ат чарчаппы?!..

Колдон тартып бийикке жыртык – ачын,
Коём гүлгө оронтуп жердин башын.
Шыңгырагын угасың үзөңгүнүн,
Ай-ааламдан атымдын азынашын.

Бол, тарткыла, тулпарды келбейт тургум,
Ай атаке, бата бер, көнбөйт уулуң.
Бакыт таап келмейин адамзатка,
Аттын башын үй жакка келбейт бургум.

## КЫЛ КЫЯК

Жүрөгүмдүн кере тартып кылдарын,
Жүрөгүмдүн тартып алып сырларын.
Сен, кыл кыяк, неге мынча сыздадың,
Сен, кыл кыяк, неге мынча кыйнадың.

Кандай адам добушуңду жараткан,
Кайгы да бар, кусалык бар саматкан.
Окшоп кетет ботосу өлгөн ингенге,
Сайда боздоп, тал сыдырып бараткан.

Күкүк окшоп тал башында какшаган,
Күү ыргагы кумдуу чөлдөр таш дабан.
Ыйык жолдо кансыраган жоокердей,
Улам кармап жалгыз огун атпаган.

Мөлтүрөгөн көз жаш чыгып үнүңдөн,
Муңга толгон күрөк улуп үнүңдөн.
Энелердей жалгызынан айрылган,
Эмне мынча сыздап калдың бүгүн сен!

Сызда кыяк, жан сырдашым, ак кушум,
Бугуп жаткан жүрөк муңун жазгычым.
Жалгыздыктын «Полонезин» тартчы бир,
Жабыркоого баткан өмүр балкысын.

Сызда кыяк, сапарыма камчысың,
Сызда кыяк, учсун өмүр, калкысын.
Сен, музыка, нотасысың турмуштун,
Сен, музыка, бу дүйнөмдө таттуусуң!

## ЧИРКИН ДЕСЕ

*(Илгери айыл башкарган «Т» аттуу агага)*

Быштырып кер сабааны күрпүлдөтүп,
Бышырып эт чүйгүнүн бүлкүлдөтүп.
Карышкыр ичик кийип, жорго минип,
Кийгенсиң суусар бөркту сүлкүлдөтүп.

Дүркүрөп үлпөт куруп, дүркүрөтүп,
Аялың асыл жибек үлпүлдөтүп.
Айылдап жүрдүң аба күлкү менен,
Аземин даражанын күн-түн кечип.

Кармаштың, ар ким менен кызаңдаштың,
Күчүңдү арамдыкка бүт алмаштың.
Койдуруп жоргоң менен жөө жүргөндү,
Кой көздүн далайларын куштарланттың.

Алтындан асты-үстүнө кынап тишке,
Ысылап кириндиңиз ынак сүткө,
Жакынсып бир карабай койбодуңбу,
Жалооруп жетим жүрсөк бирок бизге!

Агатай, сабаа быштың күрпүлдөтүп,
Агатай, дүйнө жыйдың үлпүлдөтүп.
Арман ай! Бир ак эмгек калтырбапсың,
Арткылар эскерише жүрсүн дешип.

## КАТЫҢДЫ АЛДЫМ...

Катыңды алдым акын курбум арнаган,
Жазганыма күнөө коюу бар маган.
Ыр чиркиндин табыш үчүн дүйнөсүн,
Керек экен бир жолоочу талбаган.
Этек түрүп эки ооз сөздүн айынан,
Эл кыдырам жерим калбай барбаган.

Өстүм депсиң, өзүм ырды жазам бат,
Мени айтыпсың кийин кеттиң кашаңдап.
Ооба, курбу, ырды сатса алмакмын,
Күндө барып, каалашымча базарлап.
Бир сабы эле бир китепке барабар,
Бакыт экен, татаал экен ыр жазмак.

Ооруйм депсиң атагың жок сен үчүн,
Мени койгун, өссүн сенин өрүшүң.
Көлчүк болсо бака чардап калат деп,
Издеп жатам ырдын бир зор деңизин.
Атак үчүн сенче көп-көп жазам деп,
Сыйрат белем кызыл жүздүн терисин.

Жүрбө депсиң эл санына кошулуп,
Аның жүйө, алган жокмун олтуруп.
Мезгил менен бир жүрөйүн деп жатам,
Мен түбөлүк калыш үчүн окулуп.
Кимдин кимин сыноочусу алдыда,
Коркпо менден – болочоктун соту улук!

## АДАМ ЖӨНҮНДӨ ОЙ

Адам кантип жатып алсын өлүктөй,
Адамда бар алга басуу, өнүкмөй.
Байлык табуу, дөөлөт табуу баары бар.
Бир гана жок кеткен күнгө көрүшмөй.

Адамда бар табылга да жаңылык,
Карылык да баркы менен карылык.
Бирок, чиркин жигиттик кез келбейт го,
Сыздасак да, ыйласак да жагынып.

Адамда бар, айыгышуу, тирешүү,
Адамга адам тийип турган Күн өзү.
Акыл коштоп, бут шилтенип турганда,
Адамдардын такыр бүтпөйт күрөшү.

Баарына орток адамдардын өмүрү,
Бирде бийик, бирде төмөн көңүлү.
Болбош керек адамдарда бир гана,
Бак тайганда максатынан чегинүү.

## ЖҮРГҮМ БАР

От боло көр, бирөө тамызгы алгыдай,
Ыр боло көр, укса кулак кангыдай.
Ажыраба адам болуу укуктан,
«Асыл эле!..» деп эл топо салгыдай.

Шам боло көр, караңгыда жангыдай,
Шак боло көр, гүлүң мөмө жаргыдай.
Айлаң кетсе суу боло көр, бир тамчы
Аңкагандар ууртап суусун кангыдай.

Жол боло көр, эл өксүбөй каттаган,
Тоо боло көр, үзбөй мөңгү сактаган.
Айлаң кетсе жалгыз чырпык боло көр,
Бутагыңа чымчык конуп назданган.

Адам үчүн баарысы бол жакшынын,
Күндөй чыккын, түн түшүрө баткының.
А болбосо, туулуп эмне жашоого,
Асыл адам боло албасаң, какшыгын!

## ӨМҮР КӨЛҮ

Мезгилдин бир кезинде өмүр көлү,
Мелмилдеп турасың ээ, төгүлгөнү?!
Ал күнү бир жутсак деп, айланчыктайт,
Адамдар чөйчөк камдаар чөмүргөнү.

Өзүңө өзүң батпай ташып улам,
Өзүмчө сен бир дүйнө жашыл ыраң.
Жупуну анан тарта бересиң ээ,
Жээктен артты карай качып улам.

Чыкыроон андан келип саа дайыма,
Чыга албай нени жазса таалайыңа.
Чегинде турасың-ов, майда-майда,
Чырмалып ак толкундар саамайыңа.

Ох, өмүр! Өмүр көлүм, жыргалым ай!
Жээгиңди баса берет жылда кумай.
Мен сени ушундай бир жашасам ээ!..
Мелмилдеп калыбынан жылбагыдай!

## МЫНДАЙЧА

Мындайча тоолордун бир кабаарганы,
Муз жүрөк болбосо деп адамдары.
Булагы деңиз болууну эңсебесе,
Бу дагы тоолордун бир жан арманы.
Алмашып кетпесе деп бир ойлонот,
Ак калпак кийип турган балам дагы.

Мындайча тоолуктун бир ыйык жери,
Мөгдөсөң басып кетпейт кыйып сени.
Жигерин баатырдыктын үйрөнүшөт,
Жандатып бүркүтүнө бийиктеги.
Жок дебейт шертке турсаң жүрөгүн да,
Жылмайып сууруп берет жигиттери.

Мындайча тоолордун бир айкөл жери,
Мээрман, кимге болсо сыйкор эли.
Капкалуу калаасын да ачып берет,
Кадырлап, бооруна алат тентигенди.
Беттерин оңой менен өптүрүшпөйт,
Пейлине толмоюнча селкилери.

Мындайча тоолордун бир калыс жери,
Максатсыз жашаганды намыс көрүү.
Айбыкпай кара кылды жара сүйлөп,
Актыкка карегин да чегип берүү.
Муңайбай, мүңкүрөбөй, зарда кылбай,
Милдетин тоо алдында кезип өлүү!

## АДАМ ТҮТӨТ, КӨНӨТ БААРЫНА

Алган сайын турмуш каарына,
Жашооң келип балдын даамына.
Алчы таасын таанып, жетилип,
Адам жашайт, чыдайт баарына.

Алган сайын тагдыр жаалына,
Акыл толуп, акыл жаап удаа.
Адамдыгын билип, бел байлап,
Адам түтөт көнөт баарына.

Ага чейин барын кургандай,
Алтын жаап көктөн тургандай.
Өзгөлөрдү кем, пас сезебиз,
Өтүүчүдөй абийир булганбай.

Сиңген кезде турмуш каныңа,
Сезе билип батып жаныңа.
Адам карайт башка көз менен,
Адам келет намыс-арына.

Анан билет баркын бакыттын,
Абдан билет наркын кастыктын.
Өлөөр күнү билет адам зат,
Өзүндөгү жытын сасыктын.

## ШУМКАР ЖӨНҮНДӨ ЭКИ ЫР

### I

Шумкар бул – тоо кушу жар кабак,
Шаңкайып жүрөгү кардан ак.
Кара таш күл болуп кеткенче,
Кайратын, намысын карманат.

Шумкарлар бекерге шаңшыбайт,
Шаңшыса не деген жан чыдайт.

Караса көздөрү куйкалап,
Кайнаткан болоттой шыркырайт.

Алдырбай, басынбай жоосуна,
Ал конот айланып тоосуна.
Жок жерден тумшугун кандабайт,
Жем салбайт бейэмгек жоосуна.

**II**

Шумкар да кезинде жаш төгөт,
Жүрөгү эмес да таш демек.
Көзүнөн жаш чыкпай көөдөнүн,
Күрпүлдөп деңиздей муң тебет.

Ал кылбайт эч кимди беймаза,
Ал ыйлайт тоосуна ыйласа.
Күйкөдөй чыйылдап күн көрбөйт,
Ал кыйрайт шумкарча кыйраса.

Ал шорго күйүкпөйт, актанбайт,
Ар кимге бышактап даттанбайт.
Бук болсо булутту бүлдүрөт,
Болбосо күркүрөп асмандайт.

Түнөрүп турса да туш тарап,
Турмуштун жаалына суктанат.
Бир күндүк шумкарча жашоосу.
Миң күндүк азаптан куткарат.

Шумкардын ыйына кабылба,
От да бар, аяз бар жаалында.
Анткени, атасы тоолордун,
Абалтан каны бар канында.

«Түбөлүк терeңгe чөмүлүп,
Жылтылдайт жылдыздар шурудай.
Саманчы жолунда керилип,
Түн жатат уйкуда сулуудай».



## ЭЛЕТ КЕРИМСЕЛДЕРИ

Ала-Тоого жаз келет,
Анда булут «жаш» төгөт.
Дүйнө жашыл, жалбырап,
Жашоосуна мас демек.

Ыргап гүлдөр тажысын,
Ырдан сунат маа жутум.
Ышкы жаздын илеби,
Ысылатат тоо кызын.

Берметтенип чөп башы,
Бээ жайылган бет таты.
Кырууласа желбиреп,
Кылак-кылак кыз чачы.

* * *

Тоо жаңырса таш кулап,
Томураңдап кашкулак.
Тосурайган боз бала,
Тору тайын камчылап.

Кыргый учат зыпылдап,
Кайың-талдар баш ыргап.
Кызыл жоолук булгалап,
Кырда келет кыз ырдап.

Чагылган да от булгап,
Чартылдайт жер солкулдап.
Эзилишет тоо-булут,
Эриндери чопулдап.

* * *

Чал олтурат түрүп жең,
Чакча жасап мүйүздөн.
Кырчоого жип кыстарды.
Кемпир сууруп ийиктен.

Келет бөбөк безилдеп,
Куймагынын четин жеп.
Кайра-кайра баш чулгуйт,
Кара бука лөкүлдөп.

* * *

Быжыргак чөп шүүдүрүм,
Берметтентет гүл бүрүн.
Мөңгү күнгө чагылат,
Мөлтүрөтүп киндигин.

Кырчын желге таранат,
Куш тилинен бал агат.
Кубулжуган токойдо,
Кызыл бөйрөк карагат.

Аймак керет кулачын,
Арча серпет жыпарын.
Жерди безет желаргы,
Жыйнап гүлдүн тутамын.

* * *

Тотулардай жаркып ак,
Тоодон үркөр артылат.
Учуп өтөт жылдыздар,
Үзүм оттой тамчылап.

Кызгалдактар дирилдеп,
Гүл аарыга шимилет.
Кызыл түлөк сур марал,
Сууну кылк-кылк шимирет.

Дүйүм гүлдөр чаңдашат,
Деле баары анда шат.
Жыпар жыты мас кылып,
Араң турат алма шак.

Жел термесе жагым жай,
Боюн матайт ак ыргай.
Бозой-бийкеч албырат,
Боо ыргайдын агындай.

* * *

Жайдын таңы шоодурап,
Жанат чолпон жоодурак.
Дырдай боюн нур чалып,
Дүйнө капар тоо сулап.

Чукуранат дүйүм чөп,
Чуудаланат булут тек.
Олтурушат аскалар,
Ой сүргөнсүп булут бек.

## ЖАЗ КӨРКҮ

Жаз сулуу келдиби, карачы?..
Чандайып дарактын мамасы.
Жарылып кетчүүдөй бүчүрү,
Чыркылдайт талдарда таранчы.

Торсоюп кайыңдын бүчүрү,
Тамылжып алманын күчүгү.
Жабылып ар кайда калгансыйт,
Жапжашыл баркуттун үзүмү.

Арыктын бойлору көгөрүп,
Атырга айлана бөлөнүп.
Жалбырайт талааны койгондой,
Жакуттун жашылын чөгөрүп.

Уйлар да сары суу шимирип,
Үргүлөп, мурунун чүйүрүп.
Алчаңдайт булактар борчукта,
Ак булут аскага түрүлүп.

Кой-козу көктөмдү кубалап,
Көк шайы кыр-кырда чубалат.
Койкоңдоп көлчүккө киринип,
Көгүчкөн, боз бактек сыланат.

Жашарып, тоолору, талаасы,
Эленип куштардын канаты.
Жамырап боз балдар, гүл чыгып,
Бышылып боз үйдө сабасы.
Бооруна ботосун көтөрүп,
Бойтоюп, жаз келди карачы?!.

***04.03.2005-жыл. Бишкек.***

## КОЙЧУ

Тоо боору көктөм, жел аргы,
Аскалар кийген туманды.
Жатышат койлор кепшешип,
Жамбашка төшөп тулаңды.

Уруту койдун буртуюп,
Желини сүткө тырсыйып.
Эмчекти соруп түрткүлөйт,
Ээрчиген козу быйтыйып.

Жанында сары тайганы,
Кол чанач, куйган айраны...
«Кош ой!..» дейт, жаңдап таягын,
Койчунун жүзү жайдары.

Мемиреп асман көк ирим,
Момпосуй сымал – чөп ширин.

Жакуттай жүзү жалтылдайт,
Жаандан кийин көлчүктүн...

Булуттар көктө калкышып,
Гүл жыты – жыпар аңкытып.
Булдурайт куштар кап кайдан,
Булактар чоорун тартышып.
Кой ташта койчу үргүлөйт,
Аскалар моюн артышып!..

***01.03.2005-жыл. Бишкек.***

## ЧИЛДЕДЕ

Күмүштөн талаа уюган сымал,
Коргошун окшоп, көгүлтүр туман.
Көл сымал аппак теребел толкуйт,
Көкүлгө таккан шурусун кунан.

Шыңгырап аттын куйругу күмүш,
Шыгырап жерге жаагандай күрүч.
Ай талаа андан кулпуруп турат,
Апапак баркут, жапкандай бүлүш.

Мурундан чыгып аппак жел агып,
Мурутка атам ак мончок тагып.
Уюлгуйт бакта уюткан күмүш,
Көк жалкай муздар – көөкардай жанып.

Тутанып токой ак жалын болуп,
Бууланып дайра – ак балыр болуп.
Аскалар турат койкоюп сындуу,
Калгандай окшош ак кажыр конуп!..

***23.02.2003-жыл. Бишкек.***

## АПТАПТА

Үп болуп кайнап турат – талаа дагы,
Топоздун оонайт суугa мамалагы.
Солуктап тилин сунуп канчык жатат,
Көлөкө кылып алып арабаны.

Үргүлөйт, чукуранып аппак улак,
Уй боорун нымдуу сызга кактап, сулап.
Заңгырап экиленсе айгыр эшек,
Чурайын куйрук менен ат чапкылап.

Топтошуп, башын катып көлөкөлөп,
Кой солуйт, көгөөн ырдайт канат элеп.
Жылаң баш, боргулданып бөбөк ыйлайт,
«Токтоңуз, ысып кеттим, энекелеп!..»

Денеңдеп, торпок чуркап сайгактаган,
Чаначын кажыгага байлап чабан…
Кыр ылдый түшүп келет кара кунан,
Соксоңдоп эки бутун маймактаган.
Ай талаа – аптап уруп, солуп жатат,
Саргарып, сүт сыяктуу каймактаган!

***23.02.2005-жыл. Бишкек.***

## ЖАПЖАШЫЛ ЖАЙКЫ ЖАЙЛООДО

Арашан булактар кайнаган,
Аркарлар көздөрү жайнаган.
Кулун, тай кече албай кошкурат,
Күрпүлдөп, күү чалган дайрадан.

Гүл соргон аарылар балкылдап,
Көк ышкын борчукта солкулдап…
Козуну тойтоңдоп кубалайт,
Көк иттин күчүгү борсулдап.

Көшүлүп байбиче ийикте,
Куш кайкып шуулдайт бийикте.
Ак чийдин үстүндө шыңкылдайт,
Аялдар түр салган кийизге.

Азоолор ойношот кошкуруп,
Ак түтүн түндүктөн созулуп.
Ээ бербей азынайт кер айгыр,
Элжирейт байталга кошулуп.
Жаш торпок шиберде «мөө-мөө...» дейт,
Капталда кара таш сокуюп.

Албыра, апакай чынысын,
Айгерим көз салып тымызын.
Чорого чоюла узатат,
Чыныда кызгылтым кымызын.
Асыл жер – эмнеден бүткөнсүң,
Айкөлүм, Айперим – ырысым!!!

***23.02.2005-жыл. Бишкек.***

## ЖАЙЛООНУН ЖАТТЫМ КОЙНУНДА

Айлана кымыз жыттанып,
Албырып жүзү тутанып.
Адамы тургай жайлоонун,
Ак ташы турат кызарып.

Эмчектей ийип, сүт агып,
Эрке кыз эндик жыттанып.
Эргитет жайлоо көркүнө,
Энгилчек таштар тутанып.

Кыялкеч күндүн отуна,
Кызгылтым мөңгү чокуда.
Ойноктоп кумай кубулжуйт,
Окшошуп тоос-тотуга!

Жапжашыл арча көркү көк,
Жайкалат гүлдөр мөлтүрөп.
Жаныңды термеп булакта,
Жайлоонун күүсү чертилет.

Окшошсо айлуу түн сүткө,
Окшотот ташты күн миске.
«Эжеке, бээ саа, бээ саа» – деп,
Элжирейт чымчык түндүктө.

Коёсуң кантип толкубай,
Топ жылдыз күмүш топчудай.
Коктуда суулар шыңгырап,
Кубулжуйт алтын чолпудай.

Күрпүлдөйт дайра ойдуңда,
Күкүктөп таңшыйт ой-кырда.
Жан биргем кызга окшогон,
Жайлоонун жаттым койнунда.

***30.09.2001-жыл. Терек-Суу.***

## КЫШ КУДУРЕТИ

Албырып аппак агып нур,
Ак мончок терек тагыптыр.
Талдагы аппак мончокту,
Таранчы тиштеп алыптыр.

Ак бермет аттын жалында,
Ак шибер ороп мамыга,
Ак куюн «айлан көчөк...» деп,
Айланат арча жанында.

Ак чачпак уйдун куйругу,
Ак байпак – кайың, жылгыны.
Акырын келип аймалайт,
Аппак жел мурут, мурдуму.

Сур марал болуп ак марал,
Суйкаят аппак аскалар.
Кубулжуп турат бүткөндөй,
Кыпкызыл бетке аппак кал.

Аппак – чеч дөңдөр кубулжуп,
Ак балбал талаа жымылжып.
Ай аалам замзам суусунун,
Алгандай жүзгө нурун жууп.

*18.03.2004-жыл. Бишкек.*

## ЖАЗДА

Жапжашыл тубар төшөлүп,
Жапжашыл жакут көтөрүп.
Оолжуп көй көз жаз келди
Оймоктой оозу бөйтөйүп.

Жапжашыл желек көйкөлүп,
Жапжашыл куржун бөктөрүп,
Жапжашыл минген жоргосу,
Жаз келди көпкөк бөрк кийип.

Чатырап тоонун өңүрү,
Чатырап жердин желини.
Көк ирим болуп балактап,
Көбүрүп ийийт – келини.

Даракстар бүркүп көк жалын,
Жан дүйнө сыгып өз балын.
Көк бүчүр желге айткансыйт: –
Көктөтчү, өпчү – деп, жаным!

Булактар оргуп көк мүрөк,
Булактап көпкөк чөп күлөт.
Бутакта чымчык чыйпылдайт,
Көшүлтө гүлдү өпкүлөп.

Жарылып көктөм бурукшуп,
Жамалы кыздай нымыкшып.
Жаз келди, мына жаз келди,
Жаадырайт дүйнө чыгып бук!

***21.03.2004-жыл. Бишкек.***

## КЕРИМСЕЛ

Бөпөлөп, болуп гүл байрак,
Белинен тартып гүлдү аймап.
Белесте жүрөт керимсел,
Беш көкүл кыздай сайраңдап.

Кыр ылдый ойкуп кылактап,
Кулунду жыттап, кулактап.
Селкинчек тепсе жалбырак,
Седептей мойнойт гүл аппак.

Коңгуроо гүлдөр койкондоп,
Кымыздык бийлейт бойтоңдоп.
Кайыңды желпийт керимсел,
Карматпай жортуп ойсоңдоп.

Аскалар моймол тунжурап,
Арчалар сүйлөйт шыбырап.
Кытыгым келди дегенсип,
Кайкаңдайт мөмө шыңгырап.

Боз үйдүн түрүп үзүгүн,
Түндүктүн үйлөйт түтүнүн.
Мурдунан чымчып жел өпсө,
Мыймыңдап коёт күчүгүм.
Тойроңдоп барып керимсел,
Түрткүлөйт талдын бүчүрүн.

***19.03.2004-жыл. Бишкек.***

## БУЛАКТА

Секирип таштан ташка кыткылыктап,
Кашкайып, карбаластап агат булак.
Шыбырап, көбүк бүркүп гүлдү сорот,
Чөйчөккө куюп жаткан шербет сымак.

Чачырайт баржактаган майда көбүк,
Гүлдөрдүн жыпар жытын аймап өбүп.
Жалбырап суусун канып суйкайышып,
Желбирейт жээктеги жайнап өрүк.

Даракка коно калып, сайрап чымчык,
Мөмөсүн соро калат кармап, чымчып.
Ансайын агат булак шыңкылыктап,
Аларга алаксыбай, калбай тынчып.

Булакка кыз колтуктап жигит келет,
Бу кезде бермет жамгыр булут төгөт.
Магдырап апай ташты булак сүйсө,
Моймолжуп турган көздөн жигит сүйөт.
Боз үйдө ыңаалаган үн угулат,
Бой балкып жаткан экен келин төрөп!..

***26.03.2005-ж.***

## КЕЛБЭЭРСИЙТ ЖАЙЛОО

Бой тумар кылып борчуктун гулүн,
Балжууран тердик корумдан ширин.
Кыйкуулап өтсө, жаңырат аска,
Кыйкуулап туурап турнанын үнүн.

Көк тирейт тоолор тизгендей катар,
Көйкөлүп булут тартышат сапар.
Тердиктей жерде көктөм жок, ак муз,
Көркүнө чыгып Теңиртоо мазар.

Кошкурат топоз, коркурап, үркүп,
Топону бордой ийнинен түртүп.
Карсылдап кырда сүзүшөт аркар,
Канатын керип кайкыган бүркүт.

Мойнуна таштын оролуп булак,
Булакта ойнойт торолгон улак.
Күү чалат сабаа, күрпүлдөп бышса,
Көйкөлүп өтөк керилет сулап.
Аскадан түшкөн апай суу мойнойт,
Жаткандай келин ак жибек чубап.

***20.03.2005-ж. Бишкек.***

## ЖААНДА

Үркүтүп шамал, үркүшөт булут,
Аскалуу зоого корголоп.
Быт-чыты чыгып, дарактар улуп,
Басылбай жамгыр шорголоп.

Түнөргөн асман, шыбыргак ак жаан,
Жулкунуп токой ыргалат,
Кыз сымал шашкан, күн батыш жактан,
Кайың-тал, жоолук булгалап.

Көбүктөйт дайра, күркүрөйт өзөн,
Урунуп ташка чачырап.
Койкоңдойт гүлдөр, кулпурат көктөм,
Акактай суулар чачылат.

Чапкандай балка, күмүшкө «чык, чык...»
Устадай тамчы узанат,
Күн чыкса «кыт, кыт!..» күлгөндөй чымчык,
Албырып жайлоо тутанат!

***22.02.2005-жыл. Бишкек.***

## ЖАМГЫРЛУУ ЖАЙЛООДО

Жайлоодо гүлдөр жоодурап албыр,
Үйүрүн кайрып, азынайт айгыр.
Үүлдөп үкү – үн салат тынбай,
Үзүктө сүйлөйт жобурап жамгыр.

Тыпылдап тамчы, чаканы чертет,
Кишинеп кулун, көкүлүн серпет.
Куйругун тиштеп, канчыктын тартат,
Кумары канбай, күчүгү тентек.

Боркулдап саамал, шуулдайт сабаа,
Каймактап сүтү – толтура чара.
Кыйчылдайт бешик, тыныгып кайра,
Чыйпылдап сорот – эмчекти бала.

Коңурук тартып козголбой улан,
Үшкүрүп коюп, оонактайт жубан...
Тыныкпай жамгыр үзүктө сүйлөйт,
Тамчылайт тамчы – тыпылдап улам!..

***14.02.2005-жыл. Бишкек.***

## САДАГА КЕТЕМ

Көк кашка суулар, күкүктөп аккан,
Күлмүңдөп булак – күү чалып жаткан.
Көралбай койдум кумар көз кызды,
Кыз куумай ойноп, күлүктү чапкан.

Бермет түс гүлдөр, белестен терген,
Балкыган шибер, белчеден келген.
Булбулу таңшып, буралган кайың,
Бук кылды токой – каткырган желден.

Барганга шай жок булуттар алыс,
Апаппак аска – бугудай багыш.

Көз жоосун алат, ай тийген тоолор,
Кубулжуп турат күмүштөй агыш!

Керилген кыздай кемели келип,
Күү тартат мүйүз, кайкыса элик.
Кылайган шоола түркүн түс берип,
Борчукка күндүн желесин керип.
Садагаң кетсем асылым жерим,
Саамайдан турган жел сылап, өбүп!..

***16.02.2005-жыл. Бишкек.***

## ЧАГЫЛГАН

Чагылган оттой ойноп күйүп кетти,
Булутту дарбыз сымак тилип кетти.
Тарсылдап таш бетине таамай тийди,
Тамылжып, таш көйкөлүп ийип кетти.

Жалпылдап чөптөр жерге жапырылды,
Жамгыр да көнөчөктөп сапырылды.
Бет-беттен бээ кишинеп, сел декилдеп,
Сай-сайда өкүм суулар атырылды..

Чагылган улам-улам тарсылдады,
Айлана күн селиндей жаркылдады.
Түнөрүп жердин бетин солк эттирип,
Жүрөктү опкоолжутуп алкымдады.

Чатырдан суу шатырап шорголоду,
Бөбөктөр бурчтан-бурчка корголоду.
Адырды туман каптап андан кийин,
Айтылды шыбыргактын чоң жомогу.

Энекем ыйык сезип чагылганды,
Мен уктум ага минтип жалынганды:
«Жерди ийит, желиндерге сүт жиберип,
Аяба балдарымдан табылганды».

## ТҮН СУЛУУСУ

«Чулп» этип Ай булутка чумуп кетти,
Ааламдын жарыктыгын жулуп кетти.
Сумсайган сур булутту жара сүзүп,
Калдайып аркы учунан чыгып кетти.

Аскадан ар кыл суулар шыркырады,
Мөңгүнүн кашка башы жалтырады.
Коктулар коңурукта жаткан дөөдөй,
Дүйүм гүл жел койнунда калтырады.

Торгойлор түн сулуусун ыр кылышып,
Кийиктер таш чубуртат сындырышып.
Күрсүлдөйт көк дөбөтү койчумандын,
Күлүктөр кошкурушат дырдыгышып.

Жылкычы ат үстүндө үргүлөдү,
Ат жалы желаргыга үлбүрөдү.
Жаш сулуу ак шейшептен чыккан төшүн,
Кымтынып алда нени күңгүрөндү.

## АЙЛУУ ТҮН

Кечки күз... Ай-аалам апакай,
Кырданып белесте жатат Ай.
Аскалар кубулат, кулпурат,
Асканын ажары акактай.

Шыркырайт, бош кумай таш кулап,
Шуудурайт, кууураган ат кулак.
Көкүлү борчукту аймалайт,
Көк арча аязда калтырап.

Элирип азоолор мойношот,
Эрке жел гүлдөрдү ойнотот.
Шактагы уктаган чымчыкты,
Шыбырап жалбырак ойготот.

Оттонот Жетиген төбөдө,
Окшошуп чок жаткан кемеге.
Адырга күмүштөн килем жаап,
Ай чыкты чакчайып төбөгө.

Ышкырат уларлар чарчабай,
Ыр терем кыпкызыл алчадай.
Жабыктан жылдыздар шыкаалайт,
Жаркырап шооласы нурга бай.

Тоолордун түнүчү!.. Жайында,
Тебилип селкинчек айылда.
Жөлөнүп кыз-жигит турушат,
Жөлөнүп шыңгадай кайыңга.

## АРЧАНЫН ЧАРЫ ЭЛЕ

Күн көрбөй куурап жатса эле,
Кар көрбө муну анча эле.
Бурукшуп турган чатырап,
Бир кезде жашыл арча эле.

Кеселге жыты дары эле,
Кеп салчу мактап баары эле.
Албырып шагы жер чийген,
Арчанын бул бир – чары эле.

Жээгинде суунун ыргалып,
Жайы-кыш турчу нурданып.
Тунуучу куштун үнүнө,
Түбүнө жатса ким барып.

Карарып бышса мөмөсү,
Канатын кагып бөлөөчү.
Чыйпылдап учкан ушундан,
Чымчыктын далай жөжөсү.

Жеткенде куурап карылык,
Жыты жок дебе дарылык.

Жашоодо арча негизги,
Жагылган менен ал улук.
Түнөрөөр, тоосу муңаяр,
Түтүнүн бир топ сагынып.

## КУМАРЛАНУУ

Жаткандай бийлеп миң пери,
Жалбырайт тоонун гүлдөрү.
Кучактай калат төө ташты,
Көк кашка суунун түрмөгү.
Кулпурат токой, күү чалат бозой,
Кубулжуйт куштун үндөрү.

Мурунга чертип атыр жел.
Музага көлкүйт жашыл бел.
Кол булгап кайың жаткансыйт,
«Кара көз жаным бачым кел!»
Жылдыздар жанат,
Жүрөккө тамат,
Жылдыздай секет, затың мөл.

Үлбүрөйт чыгыш уламдан,
Үкүсүн оңдойт гүл андан.
Борсоюп борчук нымыкшып,
Боз чымчык учат чынардан.
Калкар тоо көлүм,
Кара көз жерим,
Миң көрсө канбас кумардан!

## БАКЫТ КҮНҮ

Мөмө чачкан келишим,
Жайкы дарак түбүндө.
Жанга тартып перисин,
Турат жигит күүгүмдө.

Мөмөлөрү салаңдап,
Көрктүү дарак күрсүйөт.

Кыз эмчеги өркөч ак,
Тирсиет да, тирсиет.

Конгон чымчык бутакта,
Чокуйт дарак мөмөсүн.
Кыз жоодурап кучакта,
Куунун берет элесин.

Жигит кызга бойлошуп,
Жаш жүрөгүн энчилейт.
Кыз мөмөгө окшошуп,
Кызыл эрди мөлтүрөйт.

Жаштыкка түн нурданып,
Жалгап жатты бакытты.
Желге гүлдөр ыргалып,
Куттукташып жатышты.

## ЧИЛДЕДЕ

Кылычын аяз баатыр кыңгыратты,
Керме тоо кыялданып көшүп жатты.
Калаамы тармал бубак жутуп койду,
Карагай зымдар сыздап күүсүн какты.

Талаага аппак кымкаар желпип өттү,
Тал-терек сөйкөлөрүн мөлтүрөттү.
Койлордун өөктөрү күмүш күбөк,
Кыздардын кызыл жүзүн чымчып өттү.

Берметтеп чал сакалы шыгырады,
Муруттун ак күмүштөй кылы дагы.
Бөбөктүн манжаларын тиштеп алды,
Бөйтөйгөн эриндери чымырады.

Адырлар кар астында житип кетти,
Тоң түртүп жерди жара сүзүп кетти,
Көктөгү мээ кайнаткан кыпкызыл күн,
Көк жалкай муз астына түшүп кетти.

## ЖАЙКЫ СҮРӨТ

Чагылган октой учуп зыркырады,
Чар тарап «солк» жүрөктү булкуп алды.
Бак-дарак этек-жеңин делпилдетип,
Бороондо булут кейип буркурады.

Сел жүрүп сайды көздөй теминишти,
Сайда суу саамал сымал көбүк үстү.
Ырыскы шыбыргактайт ыңкып талаа,
Ысыкта аңкап жаткан эгин ичти.

Эчкилер маарап ийди тостоюшуп,
Элебей койлор турат мостоюшуп.
Бир тийсе балчыктарды бычыратып,
Бийиктен таштар кулайт октой учуп.

Калганы кыз жамгырда сүйкүм деги,
Көкүлдөн суу шорголоп сүлкүлдөдү.
Чыпталып тар көйнөгу мүчөсүнө,
Чымырайт көкүрөктө тирсийгени.

Басылбай шамал сызат чырпып бетти,
Булутту быт-чыт кылып жыртып кетти.
Куюлат салааланып күндүн нуру,
Кулпуруп жердин бети жылт-жылт этти.

## МУЗ ЧАККАН КЫЗ

Кыш чилде беттен сылап тызылдатат,
Муз асты аккан суулар кытылдашат.
Аязга жүздү анардай сордурган кыз,
Ал музду ак балталап чакылдатат.

Күүлөнүп барган сайын чак-чак чабат,
Күбүлгөн майда муздар тунук набат.
Кышкы суук ысык демди бубактантып,
Кыпыйта саамайына бермет тагат.

Барс этип балта музга батып кетти,
Байкуш кыз бажырайып шашып кетти.
Баятан камалган муз суу астында,
Боркулдап, баржалактап ташып кетти.

Музду кыз чакылдатып күндө чагат,
Акмалап ат жетелеп жигит барат.
Байкасам кыз жигитке жолукканы,
Күнүгө муз чагууну кылган адат.

## КЫШТООДО

Камчысын колдо сермелей,
Кара ичик жондо желбегей.
Кайырат койчу койлорун,
Кар чапчып жорго жем жебей.

Соорусу жайык ак таңда,
Созулат түтүн асманга.
Боз үйдө эне балпайып,
Ботурайт сүзмө батманда.

Кыроолоп саамай тумандан,
Кайкыда келип суу алган.
Кар чийип келет булактап,
Кара чач жерге чубалган.

Борсулдайт дөбөт, комдонот,
Боорсок, эт тартып тоңголок.
Ботолуу инген букулдайт,
Көзүнөн жашы шорголоп.

Чыкылдайт аяз теминип,
Чүмкөнүп бубак көк ирик.
Чыр уулу жатат койчунун,
Чүкөдөй кантты кемирип.

Чатырап токтоп долу суу,
Чылбырдын аппак чор учу.
Зымырап зымда үн тартат,
Чилденин черткен комузу.

## ТҮН

Койнунан таш мончок чагылып,
Түн жатат жуураттай ботурап.
Каракөк туш кийиз жамынып,
Кер зоолор Ай термеп олтурат.

Аскадан аскага жаңырык,
Таш кулап, чайк этсе кайберен.
Саамалдай көбүрүп, жабырып,
Сырдашат кашка суу сай менен.

Үн салса жылкычы белесте,
Түйшөлтүп гүлдөрдү сыбызгы.
Дирилдеп ак кайың жел өпсө,
Түбүндө жигит-кыз турушту.

Түбөлүк тереңге чөмүлүп,
Жылтылдайт жылдыздар шурудай.
Саманчы жолунда керилип,
Түн жатат уйкуда сулуудай.

Көйкөлөт токой магдырап,
Көлбөөрүп жумшак жел сылап.
Албырат арча мүчөсү,
Ай тамак кызда кал сымак.

Кайкыса торгой тил бүлөп,
Кайың-тал ырдайт дилдиреп.
Ботолуу төөдөй адырда,
Булуттар калкыйт үлбүрөп.

Малынып Айга тумшугу,
Мөлтүрөйт мөңгү супсулуу.

Эңгилчек баскан борчуктар,
Эненин сайган туштугу.

Мөлтүрөп бышкан карагат,
Мөмөсү көзгө кадалат.
Тамылжып четин, балжууран,
Таңдайдан тыз-тыз шап алат.

* * *

Күркүрөп тоонун кырынан,
Күү чалса сууга сугулам.
Жаткансыйт ырдап энекем,
Жайлоодо бешик ырынан.

Өпкөдөй ташка чагылган,
Өрттөнөт тоодо чагылган.
Шурудай ак кой чубуруп,
Шыкаалайт бака балырдан.

Чыртылдап оту бетинде,
Чыпталып көйнөк этине.
Койчу кыз коюн кайтарат,
Кош алма каткан төшүнө.

Аскалар бөркүн тыштап ак,
Асманды тиктейт куш канат.
Таажысы гүлдүн ийилип,
Күзөтчү аркар жыт чалат.

## МЕНИН ЖЕРИМ

*(Этюд)*

Үбөлөп чачкан алтындай,
Үргүлөйт ыңкып ак буудай.
Керме тоо чалкып керилет,
Канатын каккан аккуудай.

Күү менен ташка чабылган,
Күрпүлдөйт суулар адырдан.

Кыздардай кызыл кийинген,
Кылактайт белде чагылган.

Бетеге желге чайпалат,
Бел-адыр тармал кайкалап,
Жоодурайт тулаң термелет,
«Жоогазын» бийин кайталап.

Жылдыздар учса жорголоп,
Жаткансыйт сымап шорголоп.
Алыша кетчү арстандай,
Аскалар аңдан комдонот.

Кайкалап боору жеримин,
Камкаймак каптап өңүрүн.
Кылгыра чалкыйт Ысык-Көл,
Кызындай жаткан перинин.

* * *

Кызгылтым чыгып нуруна,
Кылкылдайт кымыз чыныда.
Калтырап колу жигиттин,
Кыз сунган жетпей чыныга.

Ушунча батып кыялга,
Үлбүрөйт селки уяң да.
Кылгырып барат, чиркин ай!
Кызыл гүл калкып кыянда...

Шуулдайт сабаа үн кошуп,
Шыңк этип күлсө гүл чочуп.
Көктөмдө боз үй шаңкаят,
Көбүктөй көркү бир кочуш...

* * *

Коркулдайт топоз шагылда,
Кыягын тартат аңыр да.
Чатырайт Чолпон чатырайт,
Саамайын бөлөп жалынга.

Бүргөндүн жыты буркурап,
Балапан учат бырпырап.
Кылактап жайнап кызгалдак,
Кыр-кырдан кызга ыр сунат.

Керилип ак таң үлбүрөйт,
Койнунда тоонун үргүлөйт.
Жылкыдай үркүп шооладан,
Жылдыздар көктө дүңгүрөйт.

Тил безеп, булбул чынардан,
Тирсийет бүчүр чыңалган.
Байчечек кагып кирпигин,
Балбылдайт мага уламдан.

## ТОКОЙ

Шуулдайт, токой күү чалат,
Шыңгырап желге шурусу.
Жалтырак жалт-жулт суйсалат,
Жаткансыйт «кел!» деп булутту.

Тармалы чыгып бүрүнөн,
Дарактын көлкүйт баштары.
Таңшыган куштун тилинен,
Тамчылайт шербет сапсары.

Как жарып токой ортосун,
Кашка суу кыял терметет.
Кагылып чаап колкосун,
Кайың-тал боюн сермешет.

Чыйк этип элик кыйгаштап,
Чү коюп жаадай керилет.
Көк токой көлкүп кылактап,
Көкүлү тал-тал төгүлөт.

Дыбырайт мөмө күбүп жел,
Дүйүм чөп толкуп күбүрөп.

Жыпарын ташып керимсел,
Ар кайсы гүлгө жүгүрөт.

Мен келем төтө жол менен,
Махабат ичи токойдун.
Мөпмөлдүр ойго кол берем,
Ыр издеп жүргөн бозоймун.

## АЙ ЧЫКСА НАЗДАНЫП

Канча бир булуттун катмары,
Кептенип гүлдөрдөй шактагы.
Күн бата суналып, суйсалып,
Кучактап жатышат асканы.

Кыймылдап киргендей жан аган,
Кырчага оролсо ал анан.
Кош бойлуу келиндей бөйтөйөт,
Кийгенсип кең көйнөк маладан.

Ай чыкса назданып, нурданып,
Албырып, алоолоп кыр жанып.
Кыз бурак жаткандай көрүнөт,
Жигитке баш жөлөп, кырданып.

Кирпигин жылдыздар ыргытса,
Жалтырап көк шибер жылбырска.
Жалбырак окшошуп көрүнөт,
Жайылып келаткан кундузга.

Мөлтүрөп таңга маал түрүлүп,
Мөңгүнүн «шарабын» шимирип.
Моймолжуп булуттар өйдөлөйт,
Мончодон чыккандай киринип.
Ак куулар жол тартып жаткандай,
Ал анан алыстайт сүрүлүп.

## ЭЛДИН ЭНЕСИ

Булутка тийген төбөсү,
Бу тоолор элдин энеси.
Элечек кийген энеге,
Эненин калган керээзи.

Булутка жеткен кулачы,
Бу тоолор журттун уясы.
Ак калпак кийген атанын,
Атага берген мурасы.

Кубултуп курчап асканы,
Куюлган кумай таштары.
Кериле басып суу алган,
Келиндин күмүш чачпагы.

Кызгалдак окшоп үкүсү,
Кытылдап булак түнкүсү.
Селкинчек тепкен сейилдеп,
Селкинин шыңгыр күлкүсү.

Ак тасма тоолор береги,
Атамын алган желеги.
Тоолуктун тоосу – жүрөгү,
Жигитке берген белеги!

## ЖАЙКЫ ТАҢ

Күн чыкса жылдыз көрүнбөйт,
Ким бирөө терип кеткенсип.
Күн батса жылдыз күлмүңдөйт,
Кочуштап седеп сепкенсип.

Мөлтүрөйт чөптө шүүдүрүм,
Ак бермет ширеп калгансып.
Көпөлөк сорот тоо гүлүн,
Канатын кагып, жан балкып.

Көмөкөй кагат боз торгой,
Көлкүгөн көпкөк шиберде.

Көк жорго турат козголбой,
Кош бутун салган чидерге.

Чүкөдөй тоолор өкчөлүү,
Булутту чиет көктөгү.
Көк чырпык менен жел ойноп,
Көкүлдөн сылайт өпкөнү.

Сур жорго минип чыгыштан,
Суйсала тартат жайкы таң.
Жагоолуу кушум кондуруп,
Жолунан тосуп баратам.

## БУЛАК

Берметтей чачкан чачырап,
Белесте булак атылат,
Беш көкүл кыздын чачындай,
Борчукта тал-тал жазылат.

Асканы чулгап нуруна,
Атылса анын кырына.
Маңкаят зоока тургансып,
Мүйүзү алтын бугуга.

Жабылса жым-жым таш сууга,
Жаткандай чөгүп ак буура.
Кайкыдан түшсө бул окшойт,
Канатын каккан ак кууга.

Бөбөктүн окшоп чулдуру,
Булактын үнү ыр куду.
Куюлса таштуу сай менен,
Күмүштөй тунук шыңгыры.

Чертилип дүйнөм үнүнө,
Чөгөлөп жутам күнүгө.
Таң сүрө уксаң терметип,
Торгойдун окшоп тилине,
Аксак ээ, биз да булактай
Аңкаган өмүр гүлүнө!

*«Нелер келбейт бул өмүрдө, тагдырда,*
*Эсеби бар, эч ким калбайт жаздымда.*
*Жаралганда мандайыңа жазылган,*
*Азап-тозок – анын баары бактыңда»*



## ДАГЫ БИР ЖОЛУ
## БИЙЛИК ЖӨНҮНДӨ

Бийлик бүткөн – зордук менен кордуктан,
Бирин бири байлап турат кол буттан.
Хан ордосун канга турат сугарып,
Хан тактысын – курган чор кол, чор буттан.

Кекенгенин ийинине кийирген,
Кылычынан кан тамбаса күйүнгөн.
Төөнөп көзүн «сен» дегенди кашайтып,
Тентектердин киндиктерин түйүргөн.

Буйлалаган төөгө окшош мыйзамы,
Толгон эмес, тойгон эмес курсагы.
Жаны менен кошо бүткөн бийлиги,
Жаакташсаң даяр илээр кылтагы.

Бийлик кумар – билет аны баарысы,
Бийге арзыйт – чанда бийдин калысы.
Бийлик үчүн баласынын боорун жеп,
Төлөнбөгөн энесине парызы.

Ал өзүнөн акылманды жек көргөн,
Атасынын башын бала жеп келген.
Айкөлдүктөн нечен хандар тайыган,
Акырында асыл башы тепселген.

Хан кылычын жасакерлер чабышкан,
Хан ордосун – паракорлор багынткан.
А хан болсо – кулу болгон чагымдын,
Бүргө болуп – жандоочулар чагышкан.

Бирок, нечен хандардын бар асылы...
Акыйкаттын алар алтын казыгы.
Акырында башын жеген асылдын,
Ар ким менен ойнош болуп катыны.

Бийликтин да бар өзүнчө бактысы,
Бекер жерден сыйындырбайт тактысы.
Бирок маймыл такка минсе кокустан,
Бүркүт болуп келет канат каккысы!

Көр бийликке кимдер өткөн аңкабай,
Көөдөндө муң, көмүлбөгөн баш далай.
Көөлөп бетин акка моюн сундуруп,
Көрү болгон – көз кайкыткан ак сарай.

Бийлик кумар – бүткөн адал-арамдан,
Бийлик – убай, бийлик ажал, жан алган.
Бийлик – кудай, адамдардын өзүнө,
Аруу болуп, кудай болуп жаралган.
Акылдуубу, акмакпы, же ал бийлик,
Адам кудай, шайлап койгон адамдан!..

*03.01.2004-жыл. Бишкек.*

## ТОЛОРСУКТАН ИЛИП КОЁТ

Арстанга бут тоссоң – жаның калат.
Ажалга бут тоскондо – сабыр кылат.
Кайгы муңга бут тозсоң шерденесиң,
Асты ханга бут тоспо – жаныңды алат.

Бөрүгө тике кара – ыйбаа кылат.
Жырткычтар баш кесээрден ыймандуурак.
Бийлүүнүн бутасына бир илинсең,
Бир сөздүн куну үчүн – курман кылат!

Акыйкаты жок элдин – мыйзамы кор,
Ажолору шок элдин – ыйманы шор!

Акыйкатка жетем жеп ат салышкан,
Азаматтын ай, жылдап жатканы тор.

Акыйкаттык баарына – алтын кылат?!
Адам минбей так минип, алтын турат.
Ажосуңбу, ким болбо азгырылсаң,
Акыры бир көрүңө – алтын тыгат.

Бийликтүүлөр кан соргуч – сүлүк болот,
Абжөөт келет, аздектейт, сүйүп коёт.
Тобо кылбай, тоготпой басып көрчү,
Толорсуктан тоңкойтуп илип коёт!

***04.05.2003-жыл. Терек-Суу.***

## БЕТПАКТАР

***«Карышкыр канчалык ачка болсо, ошончо тиши курч болот».***

***М. Ауэзов.***

Кыргыздын бир сөзү бар бетпак деген,
Кыйды болот, кексе болот – бетпак немең.
Ара жолдо калаарың айкын нерсе,
Алыс жолго аттансаң бетпак менен.

Кылмыштын кылтагына байланышкан,
Бузуку бульдоктордой майланышкан.
Бурмалап, болбогонду «болду» дешип,
Бетпактар, дежурлукка айланышкан.

Кечээки системага көчүн кошуп,
Бүгүнкү системага көчүк тосуп.
Жүгүнүп, саясаттын жалаптары,
Жүгүрүп атак-даңкка моюн созуп.

Шумпайдын сыйлык берди не бирине,
Сөктүрүп, «КПССти» деп, жеригиле.

Кечээки партократ бети жоктор,
Сыйынган демократ – «теңирине!«

Кишиге окшобогон эч бир жери,
Карарган беттин өңү, беттин теңи.
Демократ боло калган коммунисттер,
Кадимки хамелеон кешпирлери.

Советтин кечээ минген аргымагын,
Өлкөнүн басып алып – байлык, малын.
Көк бөрү – көк улактай тартып жатат,
Чыгарып бүгүн элдин чалдыбарын.

Башынан сасып такка буулуккандар,
Байлыкка жутунгандар – куу шумпайлар.
Арамза депутаттар, айлакерлер,
Ыйманын ысыраптап, кан жуткандар!..

Өлкөнү бийлегенде – бетпак улук,
Өзүнөн өзү чыгат бетпак улут!
Карайлап келгиндерди ыйык көрсөң,
Канында калып калат бетпак урук!

Азатты алганбыз деп мактанабыз,
Азыр эл аныңардан абдан алыс.
«Киргиздер» канды соргон канталалар,
Бүгүн биз келекебиз – маскарабыз!..

Ак жол жок, арам бизнес, банги – марлар,
Ак үйдүн босогосун аңдыгандар.
Алдамчы системанын бетпактары,
Акыңы уурдаганга ынтызарлар...

Бетпактар – бетпактарга сый жөндөшөт,
Бетпактар бечарага кыр көргөзөт.
Бир паста «береке» таап ыймансыздык,
Бешигин муңдуулардын ый терметет.

Чөгөлөп кулдук урсаң «ур-аа» дешет!
Чыныгы демократ «мына!..» дешет.
Чыкыйта каргы тагып моюнуңа,
«Чыгыштын кумайыгы тура!..» дешет.

Жан күйсө, тилиңден сөз ачуу чыгат,
Жакырлык жанга батса – азуу чыгат.
Бетпактык тамыр байлап алган кезде,
Бечелге ашалбаган ашуу – сымак!

Жан күйсө айкөл тилден уу да чыгат,
Жан күйсө, момун элден чуу да чыгат.
Бетпактын гүлү жайнап турган менен,
Өзөгү дарагынын куурап турат!

Барк эмес, акыры бир бетпак карып,
Бетпактар бедел таппайт – эч мактанып.
Бүксүгөн баачасы жок, балит кесел,
Бетпакты жеңиш керек бетпактанып!

Бетпактык – коомдогу агым аккан,
Беделин, арын саткан, жанын саткан.
Сасыган саясаттын – сүлүк курту,
Өзөгү – зор мафия тамырлашкан!..

Кызматын бир биринин өйдөлөтөт,
Кыныгып, күндөн-күнгө өргө жетет,
Бетпактык – былжып жаткан – коррупция,
Анын жайы – ак сарай – өргөө дешет!..

Митаамдар – бир министр болуп алган,
«Айкөлдөр» ак ордого конуп алган.
Бетпактар – төрагалар, төрө бийлер,
Баш алып, арылбаган колу кандан.

Жаяңдап, жылмалаңдап, калп каткырып,
Журтуна кылгандар бар бетпакчылык.
Даңк алып, жасакерлик кылгандар көп,
Дээринде жок болсо да сап камчылык!

Май талкан, чоң үстөлдү башкаргандар,
Мансапкор, алчы таасыз ак капталдар.
Бүгүнкү суракчылар, суу мурундар,
Парага белден баткан таштандылар!..

...Ким бетпак – кунга калган андан бетпак,
Ким бетпак – калкын, тилин чанган бетпак.
Ким бетпак – алдап бийлик алган бетпак.
Ким бетпак – элден безген хандар бетпак.

Ким бетпак – башка түйшүк салган бетпак.
Ким бетпак – баркын саткан чалдар бетпак.
Айласын табалбаган сомдор-бетпак.
Парачы, арачыбыз доллар-бетпак.

Чоңдордун чоорун тарткан кылмыш – бетпак,
Чет элге боорун саткан турмуш – бетпак.
Урматка ээ болбогон манкурт – бетпак,
Улутун уят кылган «киргиз» – бетпак!

Бетпак бар, болгон жерде адамзаты,
Адамдын азгырылат аган башы.
Кейипкер болуп калды бетпактыкка,
Кечээки демократ аралчасы...

Кыргызым, кыргыз болуп турган кезде,
Кубаттуу эркибиз бар өркүндөшкө.
Кылымдап айкөлдүктүн жолун бастык,
Кыңыр иш кылган жокпус бетке чиркөө.
Калайык калбасынчы жерди карап,
Кокустан куруп алып бетпак өлкө?!

Өлкөмдө беш миллион адам жашайт,
Өзгөрүш, өркүндөшкө кадам жасайт.
Өмүрдө – бетпактык бар, аппактык бар,
Өмүрдө – жакшы дагы, жаман жашайт.
Тирүүгө бетпакчылык кылбайлычы,
Турмушта кыска өмүрүң араң жашайт?!.

***04.05.2003-жыл. Терек-Суу.***

## КҮЧ БАР, КҮЧКӨ БАРАБАР

Канкорлонсоң – канкорчо жооп аласың,
Cооп кылсаң адамга – сооп табасың.
«Кара кылды как жарган калыс бол – дейт,
Канкорлукка үндөбөйт тоо баласын.

Канжар сайсаң – канжардан жооп аласың,
Шорго түтсөң – түртүлөт шорго башың.
«Аштык айдап, алсызга аш бергин» – дейт,
Арам жолго бастырбайт тоо баласын.

Жинди болсоң – жиниңди жинди кагат,
Билги болсоң – дилиңди билги табат.
Күч бар, күчкө барабар качан болсо,
Кези келет, күн көрбө, күндү карап?!

Калыстык жок, жүйө жок, кан ичкичте?..
Кан ичкич бар, барабар кан ичкичке.
Акмактанып, акмакты жеңиш керек,
Кабаанакты – жеңүү бар, каап итче.

Сен зомбулук кылбасаң, мен кыламбы?!
Сен кор көрсөң – кордолуп мен турамбы?
Карегимен кан алып сен чыкпасаң,
Кара жаным кашайып мен чыгамбы?!

Кайдан чыкты, террорист дегениңер?!
Канга-кан деп жатпайбы?! – жемегиңер.
Кара чүмбөт жамынып кыргын салуу –
Куруу шылтоо – капкара желегиңер.

Кайдан чыккан – террорист деген немең,
Азаттыктын – кулдары, ал деген мен!
Баскынчылар жаратат террористти,
Басып, тепсеп – беделин кебелбеген…

Бийлик үчүн, пул үчүн жандан кечкен,
Террорчулук башталат – хандан, бектен.

Зомбулуктан, зордуктан террор чыгат,
Жашоо үчүн ар намыс – жандан кечкен.
Турмуш өзү жаратат террористти,
Туубайт эне андайды чыккан чектен!..

*05.03.2003-жыл. Терек-Суу.*

## КАТЫГҮН ЭЛЕ... КАТЫГҮН

*«Эр башына күн түшсө –*
*өтүгү менен суу кечет.*
*Эл башына күн түшсө,*
*Эгемден башка ким чечет?..»*

Алгансың элден – суулукту,
Айла-амал кылып – куулукту...
Калайык турат а бүгүн,
Кемжийте басып жулукту.

Көз турса деле жыртайып,
Күлүмүш болуп ылжайып.
Айкырып алдап эшекче, бирок,
Эл калды минип эшекке,
Айтсаңчы, каапыр – кимде айып?!

Капарга албай эч кимди,
Катынга бердиң тизгинди.
Карайлап тентип калышты,
Калың эл тартып мүшкүлдү.

Кыгыңча көрбөй эч кимди,
Кызыңа бердиң тизгинди.
Билерман кылдың уулуңду,
Күч күйөө деген кешпирди...

Сүйүнттүн – базар үнөм деп,
Байыйбыз – дедиң түмөндөп.

Байлыкты алып, басмарлап,
Байладың элди жүгөндөп.

Чорону таптап шумпайдан,
Чоочундар келди капкайдан.
Кыргызды «жалпы үй» – дедиң
Кембагал болдук жыртайган,
Келгинге калды кордолуп,
Келин, кыз байкуш тылтайган.

Капаста калдык камалып,
Калайык бозуп, таланып...
Кай жакка эми баралык,
Катыгүн!... эле катыгүн!

*14.03.2004-жыл. Бишкек.*

## БИЙЛИК ЖӨНҮНДӨ

Бийликти – кылыч жаратат,
Бийликти шумдар талашат.
Кан агып турат мизинен,
Хандарың канын жалашат.

Хандарды кылыч зор кылып,
Хандарга жагат зомбулук.
Карактап элди келишкен,
Хандарың зындан, ор куруп.

Хандардын жаны-кылычта,
Хандардын каары-кылычта.
Камыкпайт, канат суусуну,
Кан ичип бат-бат турушса.

Кан жыты калбас изинде,
Кан жоктур, кандын ичинде.
Хандардан чыккан канкорлор,
Кара так калып жүзүндө.

Калкынан башка жоосу жок,
Хан өткөн байлаар боосу жок.
Кан ичпей элин башкарган,
Хандардын деле соосу жок!

Калк кылат ханга зыярат,
Ханынан коркот, уялат.
Каарына кулдук урбаса,
Хан кылат калкка кыянат.
Кылычтын каны кур койбойт,
Калкынан тагы куланат!

***08.02.2003-жыл. Терек-Суу.***

## ЭТЕГИ ЭЛДИН ЖАЙНАМАЗ

Айталбай бетке чындыкты,
Ар кимге урба кулдукту.
Жат жерде султан болгуча,
Журтуңа болгун кул мыкты.

Арамга бурсаң чындыкты,
Адамга көрсөт сый мыкты.
Эмгегин элдин жегендер,
Эч качан болбойт сыймыктуу.

Чындыкка башын сайган аз,
Чындыкка чыгат кайра кас.
Чындыгың чаян кээ бирде,
Чыркырап кетет кайран баш.

Чындык жок дешет бу жайда,
Таппайсың кылып миң айла.
Баарысын жасап жараткан,
Бар бекен чындык кудайда?!

Чидер дейт чындык бутуңда,
Чече албайт аллаң – кысырда.
Этеги элдин жайнамаз,
Эзелтен чындык ушунда?!.

***05.02.2003-жыл. Терек-Суу.***

## АК САКАЛДАР ЖӨНҮНДӨ

***«Сакалды ардактай билбесе
бир тутам кылжуугуч
болуп калат...»***

***Элден***

Жонго жаап сакалдууга чапанды,
Кайбар кыргыз барктаар эле сакалды.
Сапар тартса чөгөлөшүп баатырлар,
Сурачуу эле «бериңиз?!.» деп, батаңды.

Адал сөздү алар алып оозуна,
Актык каалап өзү тургай жоосуна,
Ак сакалга ак калпагы жарашып,
Тураар эле окшоп Ала-Тоосуна.

Ар бир сөзү алтын казык ат мамы,
Мыйзам эле ак сакалдын айтканы.
Калыстыгы кара кылды как жарып,
Акыйкаттын алар эле калканы.

Ыйык тутуп ак сакалын курандан,
Сакалынын актыгына кубанган.
Ырыс качып, тентисем да кудайдан,
Ыйманымдан тайдырба, деп суранган.

Жек көрүшүп жасакерди, жойпуну,
Жек көрүшүп саясатчы – сойкуну.
Карсылдашып кагышса да эки дөө,
Калыстыктын кудайлары болчу бу!..

Ак сакалга төрдөн орун беришип,
Тукум сурап, байгамбардай көрүшүп.
Турaар эле кайран кыргыз каадалуу,
Туу тутушуп, туудай сыйлап өбүшүп...

Ак сакалдар бүгүн элге жеринди,
Системага, дарттуу коомго телинди.
Ак сакалдар «дежур» чалга айланып,
Эрегишке бөлүп жатат элимди.

Түштүктө чал – сарт камырын ийлешип,
Түндүктө чал – Кемин бийин бийлешип.
Жети өрөөнду жети өлчөп бир кеспей,
Жеген сөөгү – бирин бирге тилдетип.

Кыргызымда мындайча бир макал бар,
Деп калышат «текеде да сакал бар!..»
Элди бузган теке сакал аталба,
Эсебиңди табаар кыргыз – мазар бар!

Болуш керек сакал деген сакалдай,
Дежур чал – деп, Кудайназар атанбай.
Айдактаса адаты бар чалдардын,
Сөөк ыргытып, бөрк ал десе баш алмай.

Кастарласаң сакалдын көп аземи,
Калыстыгың – калкалоочу а сени.
Сасык сакал, арам сакал атанба,
Саясаттын болуп алып батеги?!

Сасыйт дейбиз баш жагынан балыкты,
Байыртадан айтылган сөз анык бу!
Биздин бийлер баш жагынан былгышып,
Барктуу чалды «дежур» кылып алышты.

Жагынышып акимдерге, хандарга,
Теги катын, теги окшоп салбарга.
Кечээ эле бийлегендер кыргызды,
Айланышты бүгүн «дежур» чалдарга.

Ушул дешип сакалдуулук милдетим,
Темселешип, тетир кийип күрмөсүн.
Дежур болду партократ чалдар бүт,
Ак сакалын этке сатып бир кесим!

Бүгүн көрсөң хамалеон келбети,
Демократ башындагы селдеси.
Бүгүн көрсөң ыйманы жок «дежур чал»
Кечээки эле КПССтин желдети!

Система сен!.. Сенин былык катаң бар.
Кой териге алмашылды чапандар.
Аким, ажо, губернатор шайлаган,
Ар айылда бирден «дежур» сакал бар.

Жакыр, жалчы көр тирдикке кан катса,
Жесир, жалчы – жерден безип жан бакса.
Ак сакалды «дежур» чалга айлантты,
Аңкагандар бийлик, байлык мансапка.

Ак адамдын ар намысын төгүшүп,
Ак адамды – арамдашып сөгүшүп,
Айбан чалдар асылдарды кордошот,
Ак сөөктөрдүн таманынан өбүшүп.

Айдакчысын жөөлөй барып өлтүрүп,
Арам сөзгө ооздорун толтуруп.
Жеп алышкан а дүйнөсүн бу чалдар,
Жыйналышты өзү бийлеп сот куруп.

Көзү чылпак, мурундары, ириңдеп,
Таз башында буурул чачы бириндеп.
Кайбарларын жандап алып бу чалдар,
Каап турат карт дөбөттөй кирилдеп.

Дежур чалды, дежур балдар алмашып,
Дежур катчы, жазгычтарга арбатып.
Үркүп турат үрөйү учуп коомубуз,
Үйүгүшкөн карышкырдай кармашып.

Дежур басма, дежур, куйту акыны,
Колтукчусу куурап калган такымы.
Ажосун кой, атка минээр сөрөйдүн,
«Дежур» ойнош күтүп алган катыны.

Дежурчул коом, дежурларын сыйлаган,
Жасоолдору жакпаганын кыйнаган.
Баш кесерлик, бактысыздын өлкөсү,
Таманыңда тагы калат кыйраган!..

Тайманбаймын, тилди кес, же жеп ийгин,
Чындык өлбөйт, чындык – сынбайт, миң ийгин.
Ак сакалды арам сакал дедирген,
Айла-амалы, жети кабат Ак үйдүн.

Эзелтеден Эне-Жердин аты улук,
Элим келген Эне-Жерге баш уруп.
Кайран энем, барк-баасы жок кайран жер!
Кетпедиби кытайларга сатылып.

Эли жерин ким энекем дебесин,
Эзелтеден бир боорумдай элесиң!
Жерин саткан тете саткан энеге,
Ак үй сатты кытайларга энесин.

Күндөп-түндөп, бөлөп ашы, жемине,
«Карашам деп, кызматыңа, кемиңе.
Сөз үйрөтүп, үндөп дежур чалдарын,
«Үзөңгү-Кууш, кытайдыкы дегиле?!.«

Губернатор, акимдерин баш кылып,
Күйпүл күчүк, канчыктарын маш кылып.
Саясатын бүт дежурлар жүргүздү,
«Сен!» дегенди селейте чаап, башка уруп.

Булбул болуп сыналгысы, үналгы,
Бүтүндөй бир үйөр болуп куралды.
«Жашасын» – деп, дежурлардын заманы,
Бүткүл өлкө чакырганбыз ураанды.

Баратса да таажы-тагы жыртылып,
Бардык жерде куугунтуктоо, тыңчылык,
Өлкөбүздү саясаты сасытты,
Өкүмдардын өз сакалы кыркылып.

Башаламан кайда барба башың маң.
Күркүлдөр бүт дежур чынжыр байланган.
Айтпай ак кой, чалы тургай өлкөнүн,
Соту дагы дежур бийге айланган.

Басым жасап жалган үгүт сөзгө биз,
Бак таалайга зил кетирдик өлчөгүс.
Демократ – даанышманбыз дейсиңер,
Чычалаба, делбекрат өлкөбүз!

Баскан изди, жаткан жайды акмалап,
Кандайдыр бир кара жылан баш багат.
Кайда барба бирден дежур артында,
Калың журтту коррупция башкарат.

«Сен!..» деп, койсоң, сындап койсоң бирөөнү,
Же көрүстөн, зындан анын түнөгү.
Баркын булгап, бардык жайда тепсетет,
Биздин бийдин таманында жүрөгү.

Бурмалашып мыйзамды да, тузун да,
Моюн сунбайт мазарына – туусуна.
Бардык байлык депутатта былжыган,
Бир ууч эле кылмышкердин уучунда.

Жагынбагын, бийлик деген касап бу,
Энеңди алат, орго салып атаңды.
«Суу кетет да, сай калат» – деп, эл айткан,
Сыйлагыла, ак сакалдар сакалды?!

Эки кылбайт – элдин көргөн жапасы,
Эки кылбайт – жерин саткан азасы!
Оңолбойбуз жети кабат ак үйдөн,
Кетмейинче мафиянын атасы!

Суранамын, ак сакалдар, агалар,
Ак сакалда артык дөөлөт жана бар.
Арды сатып «дежур чалга» айлансаң,
Андай сакал кыл жуугучка барабар!!!

*24.06.2002-жыл. Терек-Суу.*

## АСЫЛ АДАМ АЯГЫНА ТҮКҮРБӨЙТ

Акыл-ойдун биздин заман туткабы,
Айыңчыл эл, катын ушак укканы.
Сталинди ырыс кесээр диктат – дейт,
Сталинче кана, бирөө чыкканы.

Акыл-ойдун биздин заман жегичи...
Андан-мындан уурдап тапкан жемиши,
Башы тулку, азуулары карышкыр,
Арамдыктан бүткөн жандар негизи.

Коммунисттик саясаттар – келжир деп,
Корозбайлар короздонот келжиреп.
Эмгек кылып, ошолордой чыкпайбы,
Ленин да, Сталин да – менмин деп!

Кашка баштар өзүн сезген даанышман,
Бекер ичип, бекер билим алышкан.
Каңкылдашып, кандек болуп жатпайбы,
Өлүп жатса кайран гана арстан!

Асыл адам аягына түкүрбөйт,
Арбагына адам тургай ит үрбөйт.
Улуу адам – ыйык тутат устатын,
Уяты жок – өзүм гана үчүн дейт.
Улуу тарых баарын тыкан изилдейт!..

*22.12.2004-жыл. Бишкек.*

## ОШОНДО

Биз жашадык – жуундуну, түптү ичип,
Биз жашадык – суу кошулган сүттү ичип.
Кытаан жедик, этин жедик карганын.
Көбү калды ачкалыктан бүк түшүп.

Кармап жедик таранчыны кышында,
Куйкаладык – өлгөн иттин бутун да.
Отко кактап этин жедик түлкүнүн,
Ооруп өлгөн, оору менен кутурма,

Куйкаладык бучкактарын куурдун,
Колго тийбей калчу кээде жуундуң.
Иче турган тамак таппай темселеп,
Ийнин каздык чээниндеги суурдун.

Согуш бизди эр жаратты кебелгис,
Ошондо биз, бышык неме белем биз.
Кыштын күнү тоң кемирчек кемирип,
Чырылдатып, чычкан кармап жегенбиз.

Карды кечип, жылаңаяк ураалап!
Кармаганбыз, качса коён кубалап.
Камыр жедик, корго ороп будалап,
Ошондо да эмес элек сугалак.

Ошондо да баарын коюп ортого,
Ойноп-күлүп оронгонсуп торкого.
Чогуу жедик эмне гана таппайлы,
Таңсык болдук, бирок нанга, сорпого!

Ыйык эле ыйман менен ынтымак,
Чабышпадык-жааттašып, чыркырап.
Бүгүн байлык, бүгүн бийлик талашуу,
Байкуш кыргыз кыйрап калба, быркырап!.

## ТАКТЕКЕЧИ

*«Эки жүздүүлүк – шермен-*
*деликтин кыл чокусу».*

Жигитсиңби, сен кимсиң биле албадым,
Жылпыштаган кейпиңе кубанбагын.
Кудайыңа миң ирет кулдук ургун,
Катын болуп калбаган бир арманың!..

Анда мында оомайың адат белем,
Ал амалың өзүңө жагат белем.
Билесиңби, Сталин бир маршалды,
«Бетпаксың сен, саясы жалап» – деген.

Таасын айтсам ардагым кечиресиң,
Тактекедей тайтаңдап секиресиң.
Эрдемсинип өзүңө жаккан менен,
Эл алдында баркыңды кетиресиң,
Койкоңдотуп комузчуң черте берсе,
Калабы дейм көөлөнүп эки бетиң!..

***18.03.2005-жыл. Бишкек.***

## КИМДИН, КИМДИН ЗАМАНЫ

Кимдин, кимдин заманы?..
Куттуктаган караны,
Кекиртегин кашынган,
Келемиштей ташынган,
Кулгуп жуткан келесоо,
Кусундусун жашырган,
Кыкты-сыкты ылгабай,
Курсагына батырган,
Күндөн-күнгө ашынган...
Куу тумшукчу!.. жанагы,
Кузгунбайдын заманы!..

Кимдин, кимдин заманы?..
Арам ичкен тамагы,
Акебайлап жашаган,
Арамдыкты жасаган,
Айлакерлер экилүү,
Алдап, көчүк такаган,
Жер тыңшаарлар, куйтулар,
Жасакерлер, ырчылар,
Көбүртүшкөн жараны,
Сасыкбайдын заманы!..

Кимдин, кимдин заманы?..
Кыңк этпеген адамы,
Күң, кул болуп бараткан,
Күн өткөргөн набактан,
Боюн сатып күн көрүп,
Боздоп-ыйлап таң аткан,
Бoтолорун сатышып,
Бал эмчектен кан аккан,
Эли-журтун тентиткен,
Эргул, мансап талашкан,
Бетпак, бөйөн-чаяны,
Бөрүлөрдүн заманы!..

Кимдин, кимдин-заманы?..
Куурап калган дарагы...
Акыйкатсыз жабыккан,
Арак аккан арыктан,
Элдин ыркын кетирген,
Эки-экиден кагышкан,
Биримдикке кол салып,
Буйрук алган алыстан,
Хандык кылган – каныша,
Катындары «даанышман!..»
Кыргызчылык баягы,
Кыргызбайдын заманы!..
Ушул – замана баяны!..

Улуу журттун баягы!
Демократ дейсиңер,
Делбе тура а дагы!..
Асырай алаар бекенбиз,
Ара туулган баланы?!.
Энөө неме көрүнөт,
Эркиндигиң жанагы.
Чалып кирди чалмакей,
Чиндүүлөрдүн аялы...
Бөлүштүрүү тымызын,
Бөрүлөрдун талабы,
Демагогдор – абжөөттөр,
Депутаттар – жалдамчы,
Ачылгандар арааны,
Алп күркүлдүн заманы...
Эсим оойт билбеймин,
Эмне болот аягы?
Чар бакалар – бийликте
Чалмакейдин заманы!..

***23.12.2004-жыл. Бишкек.***

## БИЙЛИК ДЕГЕН ЭЛДИКИ

Бийлик кирет жаман дартка таркаган,
Бийликтүүлөр – бийлик үчүн наркоман.
Жанын сатып, суусап турат мансапка,
Жумур кургап, жуткан сайын чаңкаган.

Бийлик кумар – бийликтүүлөр кумарчы,
Бийлебесе калыс бийлер – чуу арты.
Акыл-ойдун кан майданы дал ушул,
Адамдардын – ары кору сыналчуу.

Соргок келет бийликтүүлөр – аксым ал,
Жакыр бийлик – жаман бүткөн таржымал.

Жанын берет, кеткиси жок бийликтен,
Казыгына аркандалган ат сымал.

Бийлигинде калыш үчүн карышат,
Башкаларды мите сымал чагышат.
Алдамчылык, калыш үчүн бийликте,
Адам таппас айла-амалды табышат.

Бийлигине тобо десе эр киши,
Бул алардын азаматтык белгиси.
Букарасы бирден тарап – кул болот,
Бийлик кылса, акыл-ойго кем киши.
«Жалгыз чырпык токой болбойт» – деген бар,
Башаты эл, бийлик деген элдики!

***20.01.2005-жыл. Бишкек.***

* * *

Мансап деген – мансапкорго чоң олжо,
Бирок келет окшош коркок коёнго.
Мансап үчүн соодаласаң эл-жерди,
«Бетпак!» деген жазуу калат молоңдо.

Мансапкорлук – макүрөөлүк, эски адат,
Мекенинин көзүнө да чөп салат.
«Арам өлдү, акмак эле» деген бир,
Арт жагына, баласына сөз калат!

Мансап деген – кара беттин үлгүсү,
Кулдук уруу – бир кишиге миң киши.
Мекен үчүн урунушсун максатын,
Кимдин келсе калыс өмүр сүргүсү.

***18.01.2005-жыл. Бишкек.***

## САЙ-СӨӨГҮМ СЫЗДАЙТ

Айланды Ак үй арамга,
Ал үйгө толду арам баа.
Жоо болуп элге шылуундар,
Жол тосуп салды адалга.
Жоголдуң кыргыз, жоголдуң,
Жок уулуң коргоп алаарга.

Жоголдуң, жолбун башкарды,
Жоболоң иштер башталды.
Каныңды ичти желмогуз,
Катуудан араң таш калды.
Бооруңду жутат акыры,
Болгону калдың таштанды.

Тебинип эле турушат,
Пейлиңди бетбак кылышат.
Тууңду жыгып, тул кылып,
Тилиңди кесип тынышат.
Этеги калды жабылбай,
Энеңди катын кылышат.

Качыр бар жерде каат бар,
Каргаша кара саат бар.
Элиңди экиге бөлөт,
Эрегиш күчөйт, жаат бар.
Эшекке такты мингизбей,
Эшикти эрте жаап кал.

Дөбөт бар, канчык бар жерде,
Дүрбөлөң тантык бар жерде.
Коногу үйдү башкарса,
Корголбой калат кар пенде.
Кун алат кыйнап доочулар,
Кыйналып турган тар жерде.

Карк алтын болуп кийгени,
Катыны элди бийледи.

Кара жип болуп мингени,
Хандардын уулу бийледи.
Катыны башка бирөөнүн,
Кызынын башка тийгени.

Бөрк алгын десе башты алды,
Байкеси, жээни башкарды.
Таш алгын десе ашты алды,
Таяке, досу башкарды.
Ажонун сүйлөп атынан,
Иниси ишти аткарды.

Дунгандан бакты бөлөнү,
Орустан бакты жөжөнү.
Казактан таап жасоолду,
Каңдатып койду төбөңү.
Калканыч кылды тагына,
Кам ичип келген төрөнү.

Эл-жерин бычып сатышты,
Эшекке жүктөп ташышты.
Уурдаса бири алтынды,
Уурдады бири жакутту.
Ойрондоп далай кыргызым,
Оруска кире качышты.

Ойт берсе бирөө жеп балын,
Ойт берсе бирөө жеп малын.
Какырса бирөө тагына,
Кармайм дейт бирөө бек тагын.
Байкуштар толгон Ак үйгө,
Билишпей жото, тек жагын.

Көтөрүп жаттан түндүктү,
Көсөм эл – аксап, дүрбүштү.
Кулаалы толгон ордого,
Куугундап, кумпай бүркүттү,
Казаның куурап баратат,
Кар кылып жаттын түпкүчү.

Жекжааты жезит кузгундар,
Жемсөөсү толгус кузгун ал.
Жасакер, жандooч, паракор,
Жанында түрү «куштун» бар.
Журтунун камын жебеген,
Жүрөгү, боору, муз булар.

Булганган тону, жакасы,
Буксүгөн калбай тазасы.
Чакчыгай, күкүк, сагызган,
Чардаган саздын бакасы.
Коздоп баккан чымчыктар,
Коррупциянын Ак үй атасы.

Алганы арам – баласы,
Акеси, үке, тагасы.
Алдап жеп, какшап карганган,
Айлакерлердин адаты.
Көмүскө кыткан ишкерлер,
Коррупциянын эки канаты.

Май баскан майтык жулугу,
Мээсинин жоктор тунугу.
Арылдап баса калгандар,
«Ай!..» эле десе улугу.
Прокурор, соттор, милиция,
Коррупциянын кулуну.

Булганып өткөн тегеси,
Былыктан бүткөн денеси.
Карөзгөй, канкор, жалганчы,
Каргышын айткан эгеси,
Бузуку булар, абжөөттөр,
Бузулуп тууган энеси.

«Үзөңгү-Куушка» той берип,
Сатышты каапыр «кой!..» дедик.
Олжолоп баарын алганда,
«Оозунан итти сой» дедик.

Энесин сатам дегенде,
«Ой акмак, астаапырылда, ой!..» дедик.

– Берем – дейт көлдү. Бербейбиз.
Сатам – дейт элди. Көнбөйбүз.
Электр-шамды сатам – дейт,
Ээн баш ойлон «сен!..» дейбиз.
Кыргызды сатам десе эгер,
Көрүн каз, ханды көм дейбиз.

Кандеги какты калкымы,
Каманы жеди тарпыңы.
Кыз, улан азып тосушту,
Кыйратып атак-даңкыңы,
Күмүшү элдин күбүлдү,
«Кумтөрдүн» агып алтыны.

Каркыраа кетти кадырга,
Катынды бердик тамырга.
Кайран жер кетти алмашып,
Камышка, сасык балырга.
Куу тумшук болуп эл калды,
Куу тумшук жаккан жалында.

Баягы кийген дуудуң жок,
Бал кымыз ичкен туу кыр жок.
«Бириккин кыргыз!..» деп, келген,
Баягы бабаң – муунуң жок.
Бал тилдүү калктын тукуму,
Бел чечээр кыргыз уулуң жок.

Так, тажы талаш көбөйдү,
Тамырчы кылып өгөйдү.
Байлыкты аңдап бөлүшүп,
Басканы турат «Жерүйдү».
Шифери, кирпич, кант завод,
Алганга берет мөөрөйдү.

Баарысын тоноп топурап,
Баскандан коркпойт чочулап.
Алтынын катып чет банкка,
Камынып качканы отурат.
Тоо жесе деле тойбойт го,
Тойгузаар бекен топурак.

Арбыды акмак, тапаны,
Арам пул сатып базары.
Айла-амал издеп жатышат,
Аңдышып Камбар-Атаны.
Күнөөлөп түштүк, түндүктү,
Кыркылып барат сакалы.

Алтынга тете турак жок,
Асырап ичээр булак жок.
Беделдүү деген адамдар,
Бети жок калды – уят жок.
Амал таап тоноп алышты,
Атадан калган мурас жок.

Ак үйгө бири кириптир,
Айрымы бүгүн министр.
Куу кулкуң кургур депутат,
Кузгундун тонун кийиптир.
Эшекчи делип жүргөндөр,
Элди алдап такты миниптир.

Түз жолго кээси барыптыр,
Түрмөдө кээси карыптыр.
Бийликке жетпей калгандар,
Бүргөнү туурап чагыптыр.
Чамасы чактар ортодо,
Чакчыгай болуп алыптыр.

Түзөлгүн десе түзөлүп,
Жөтөлгүн десе жөтөлүп.
Кой болгун десе кой болуп,
Кол көтөр десе көтөрүп.

Чөнтөккө түшкөн айрымы,
Чоң үйгө жолу төшөлүп…

* * *

Эл саткан өлбөйт – өлүмдөй,
Жер саткан калат көмүлбөй.
Эненин сүтүн жер берет,
Эне-Жер – улуу Теңирдей.
Ээрчишип эгиз козудай,
Эл журтум жаша бөлүнбөй?!

Тилиңди сакта кордобой,
Тунбайсың тилди оңдобой.
Ууру тил дешет бөтөндү,
Уруна көрбө олжодой.
Өмүрүң менен бир жүрөт,
Өз тилиң алтын ордодой.
Тукумуң улай албайсың,
Туу болуп тилиң орнобой!..

Айтаарым болгон чеки тас,
Арамза андан жеке таз.
Акыры таппай ынтымак,
Айылды бөлгөн эки таз.
Таз кейпин кийип калбайлы,
Табышкын аркы, берки таз!..

***11.04.2008-жыл. Бишкек.***

«Тушунгун, ый-кулкунун себептерин,
Неликтен жамгыр жаайт, серептегин.
Неликтен бороон боздойт, чынар
кыйрайт,
Саргаят жалбырагы теректердин.
Сынганын, жаш чырпыктын
соолгонун кор,
Абайлап, андан кийин мени эстегин?!»



## МИҢ САНАА

> ***«Аллага эгер ушунчалык***
> ***зарыл болсо,***
> ***адамды жерди көтөр десе,***
> ***көтөрөөр эле...»***
>
> ***Мен***

Аракетчил – бара-бара уста болот,
Акыл-ойчул арткыларга – нуска болот.
Ак эмгектен таппаган байлыгыңдын,
Өмүрү – арам болот, кыска болот.

Жойпуларга, каргыны итке тагат,
Жол таппаган эскирген изге салат.
Хан болсоң да акыры кайталанат,
Каның менен бир бүткөн жаман адат.

Өңүн гана барктаган – сулуу эмес,
Өзүн гана даңктаган – улуу эмес.
Оома адамдын тагдыры – опурталдуу,
Ойношчулдун төшөгү – жылуу эмес.

Ар бир сөздүн – ак, кара учугу бар,
Ар бир иштин бүтүүчү учуру бар.
Байкер дүйнө тептегиз бүткөн эмес,
Баланын да – жолборсу, мышыгы бар.

Дайра болбойт чалкыган жалгыз булак,
Токой болбойт, чер болбойт – жалгыз дарак.
Жоо бетине чыга албайт жалгыз адам,
Журттун жүгүн көтөрбөйт жалгыз караан.

Жалдуулардын баарысы тулпар эмес,
Канаттуунун баарысы шумкар эмес.

Тагдырыңдын – чөлү бар, көктөмү бар,
Тирүүлүгүң тургузган гүлзар эмес!

Көөкар эмес кулпурган таштын баары,
Көсөм эмес – бөрк кийген баштын баары.
Керек болсо көзүңдү чукуп коёт,
Бөйпөлөңдөп жүргөндөр астыңдагы.

Кашый берсең айыкпайт, жараат бүтпөйт,
Кайкып учпайт, жылаанга канат бүтпөйт.
Кесе тиштеп эмчегин жатса дагы,
Эч убакта балага эне түтпөйт.

Ар нерсенин касиети бирок башка,
Актабас нерсе болбойт тилин тапса.
Кордолсо бүркүт карга болуп калат,
Каркыттаса каман да кирет тапка.

Пул болот бөздүн наркын билип сатса,
От чыгат – ташка дагы ташты чакса.
А дүйнө кетээр күнү пайдасы жок,
Алтындын баасы болбой калат ташча.

Аралыкты акыл менен өлчөө керек,
Адам кээде аз запкыны өздөн көрөт.
Абайлабай жаңылган ок сыңары,
Адам кээде оору эмес, сөздөн өлөт.

Түтүнү жок турмушта өрт болобу?..
Топураксыз байлыкка көз тоёбу?
«Баш кесмек бар, тил кесмек жок..» деп,
Баалуу турат байыртан сөз коногу.

Жылаан чыгат ийнинен тилин тапса,
Бакыт табат илимдин ийнин казса.
Эрк, кайраттуу баарысын жеңип чыгат,
Эмне деген кабылбайт чиркин башка!

Сурайм десең кудайдан көбүн жаштын,
Суй жыгылып өмүрдүн кенин казгын,
Жашка, бакка адамзат тойгон эмес,
Жалгыз гана ден соолук сенин бактың.

Сараң белем, кудай да калпыс белем,
Сүйлөбөчү, Өмүке, тантып дебең.
Жаман чыккан ордуна, он баланын,
Жакшы жазган бир ырымды артык көрөм!

Көп жашаган көөнөргүс көсөм эмес,
Аз жашаган акылсыз бечел эмес.
Ар биринин өзүнчө салмагы бар,
Айкыргандын баары эле чечен эмес.

Булуту жок – бурганак, жамгыр болбойт,
Мүнүшкерсиз – мойноп куш, алгыр болбойт.
Уясынан көргөнүн учканда алат,
Баскан жолдун баарысы даңгыр болбойт.

Кут көрүнөт – от жаккан кемегеңен,
Көркөм дүйнө мекениң ченебеген.
Ким эмнеге сыйынса өзү билсин.
Кудай-Таалам мен үчүн эне деген.

Кеңдигине ааламдын талашым жок,
Кемсинтүүчү бирөөнү адатым жок.
Кыйырына дүйнөнүн жетсем дагы,
Кыргызымсыз учаарга канатым жок.

Алыс түшпөйт алма да дарагынан,
Алма түшөт копшосо шамал улам.
Айкөл эмес, как жарган кара кылды,
Аш өткөндүн баарысы тамагынан.

Көсөө менен отту да көөлөсө өчөт,
Көпкөндөргө токтобойт, дөөлөт кетет.
Ак эмгектин үзүрү болбой койбойт,
Ашыкпасаң бир күнү мөөнөт жетет.

Алдап-соолап жутсам деп мите ойлойт,
Арзан алма оозуна түшө койбойт.
Кабыланга төш жайып кандек мойнойт,
Касиети көлчүктүн – көлчө болбойт...

Кабыландын тагына карга конбойт...
Карга консо тактыга – каргача ойлойт.
Иш түшкөндө башыңа иттер кордойт,
Жору-кузкун – куркулдап тарпка тойлойт.

Жүрөгүндө кулагы акылмандын,
Сезиминде көзү да – сокурлардын.
Бардык байлык бааласаң мээде болот,
Бакыт эмес – олжосу озунгандын!..

Көндүрсөң мышык дагы бийлеп берет,
Колунан иш келбеген сүйлөөк келет.
Кежирлер кендириңди кесип тынат,
Кеп билбес кеңкелеске «тилмеч» керек.

Бетпактар буттан эмес, баштан аксайт,
Бузуку – өзгө тургай жатка жакпайт.
Боорунун боорун айкөл ташка чаппайт,
Башынан тууганынын – акмак аттайт.

Күлүктүн чуркаш керек күчү барда,
Күлүп ал, күүлүү кезиң кызыл алма!
Качкан куш кайра туурун тапмак беле,
Карыптын канткен менен иши кар да.

Эшекке алтын жүгөн катмак беле,
Эссизге акыл айтсаң жакмак беле?!.
Жакшылык – жакшылыкча кайтат дебе,
Жарасын жашыра албайт акмак неме!..

Ит кутурса кармашат арстан менен,
Өз төшөгүң жатканга абдан кенен.
Кийиз казык эч качан жерге кирбейт,
Канча жолу каксаң да барскан менен.

Сай болбосо агын суу агып келбейт,
Сансыз жылдыз айчалык жарык бербейт.
Жаманды сөзгө жыксаң маакул дебейт,
Жакшыны сөзгө жыксаң айып көрбөйт.

Ар нерсеге акылды топтоп түшүн,
Амириңдин чегинде космос бүтүн.
Адам өзү – алланы жаратышкан,
Акыл эси өзүнө окшош үчүн.

Карышкырдын ишенбе, кайрымына,
Мактанбагын манчыркап байлыгыңа.
Курттап турса, куйкаңар – сасып, ирип,
Күлгөн болбойт – маймылдын майрыгына!..

Ит көрсөтөт аласын эркелетсең,
Эресеге жетесиң эмгектенсең.
Өңүтүнө максаттын жетиш кыйын,
Өткөн жолду барактап эскербесең.

Жакшы бала атасын төргө сүйрөйт,
Жаман бала атасын көргө сүйрөйт.
Жалкоо адам – жашоого эптеп-септеп,
«Жалгыз жаным – өлбөсүн, өлбөсүн..» дейт

Абдан оор адамга жалгыз калуу,
Адам жеми ажалдын ансыз дагы...
Айырмаң не арканы тийгизбесең,
Айбан деле бага алат жалгыз жанды.

Жылаан дагы жол берет таттуу тилге,
Жылытпаган бороон бар – ачуу тилде.
Жаман болот, тар болот, таба жолу,
Жыгылганды табалап асты күлбө?!.

Өлүш бирдей баарыга, билгин досум,
Жатаар жайы кара жер ким болбосун.
Арачалап ажалдан кала алышпайт,
Аздектеген болсо да миң жолдошуң.

Аздан болот, бир күндө Мисир болбойт,
Жарыбаган ойчулда үзүр болбойт.
Арабанын астына жатып алып,
Жалган бейиш курчуулар өзүн кордойт.

Эмгектенбей эссиздер тиленишет,
Эгеме да элчилер тил эмизет.
Ырыс оошот, ынтымак тилеп адам,
Ыйманына жараша бүлө күтөт.

Жатып ичээр жалкоонун шылтоосу көп,
Жан бактынын жадатма сыркоосу көп.
Акылсызды айтышат уйкучу деп,
Ары жоктун өзгөчө күлкүсү көп!

Эр адамга жүрөктүн өртү керек,
Эр жигитке – достуктун шерти керек.
Ак сүтүнө эненин не тең келет...
Ата-Журтка ак эмгек берчүү белек.

Душманыңды ок эмес, сөзүң атсын,
Уу-дуу кылбай, ар иштин көзүн тапкын.
Акмакты акмактанып – жеңиш керек,
Акмактар сени сатса, өзүн саткын.

Суук тумшук зулумду – зулум жандайт,
Беделдүүнү, бектерди пулуң арбайт.
Чычкан менен мышыгың дос болсо эгер,
Бир тоголок кампаңда даның калбайт.

Шынаарлашып, шыйпаңга шыйпаң үйүр,
Жазгы күндөй жайнаган – кыштан түңүл.
Берешендик кылганда котур таш бар,
Бек тутпаган беделин кыздан түңүл.

Алдамчылар өзүн өзү актап турат,
Айыптуулар айтаар жообун тактап турат.
Арам ойлуу азгырып орто жолдо,
Ары-бери калчашып чакмак кылат.

Ууру тынбайт алаарын көздөгөндө,
Ач көз кыйбайт жакшылык өзгөлөргө.
Ушакчылар уз келет тил жагынан,
Уруштуруп – тил менен өрттөгөнгө!..

* * *

Бир качса, кайра куш конбойт,
Бөлтүрүк баксаң – ит болбойт.
Беделдүү жандын куйругун,
Байкабай баскан – бут шордойт.

Акылдуу түтөт азапка,
Алтын да салат капаска.
Ата журт үчүн эр жигит,
Аттанат – намыс казатка.

Турмуштун өтсө азабы,
Түгөнбөйт адам казалы.
Туш келсе кокус карыптык,
Туурайсың чардап баканы.

Тагдырдын тартса күнөөсүн,
Таш бака болот сүлөөсүн.
Ишиңен майнап чыкпаса,
Ит болуп дагы үрөсүң!

Тартыя берип кунанга,
Таптасаң чуркайт дубанга.
Далыга чаап душманың –
Даанышман десе кубанба.

Жаратып адам келбетин,
Жашоого ыйлап келгенсиң.
Туйтунуп, кайра күлүп кет,
Түбөлүк элиң термесин.

Кишиге жат иш – майдалык,
Купулга толуш кайда – жык.

Бизсиз да жашап кара жер,
Бизсиз да турат айланып.

Жүйкер келет жалаачыл,
Жарыбайт деле – калаачыл.
Баласын, жанын – мансапка,
Барымта кылат парачыл.

Кыябын иштин таап, уткан,
Кулдан да чыккан даанышман.
Өзгөнү алсыз дебегин,
Өзүңдү эгер шаа тутсаң.

Жегичти куштап чокунсаң,
Желмогуз чыгат тотуккан.
Мисирди курам элге деп,
Минген бар такка кокустан!

Акылы, ою ашынган,
Ааламды бийлейт акылман.
Айлантып адам жер шарын,
Алмадай башка батырган.

Жаратып айкөл пендени,
Жазады ойлосо эмнени.
Ай-аалам чексиз сыңары,
Адамдын акыл жөндөмү.

Бар болсо тобо дебеген,
Жок болсо дебей – кем элем.
Баарына кайыл адам ай!
Бүткөнсүң деги эмнеден?!

Адамдын жүгү өтө көп,
Ааламга учту көкөлөп.
Алласы эгер буюрса,
Ал жерди деле көтөрөт!!!

***13.12.2004-жыл. Бишкек.***

## ЖЕТИ САПАР

* * *

Буудандын арышындай сууту канган,
Булбулдун таңдайындай таңшык салган.
Комуздун күүлөрүндөй күүгө толгон,
Кымыздын кубатындай суусун канган.
Бийикке издеп таалай,
Бар ырым алга карай,
Элимдин берени бол туусун алган.

* * *

Көз албай көктү тиктеп күнү-түнү,
Ой толгоп тулпарлардай күлүктүгү.
Кырка тоо жаалдуу карап сен турасың.
Керемет булутуңдун бир үзүмү.
Турпагы торко мекен,
Төрөдүң эркке бекем,
Турмушка туудай саям үлүшүмдү.

* * *

Баркыңан Мекен-Эне кагыламын,
Баш ураар ыйыгымсың, кам урамын.
Чекке кой, азапка чек, ал өз ишиң,
Не кылсаң чеңгелиңде каны-жаным.
Коломтоң алтын бешик,
Коюнуң ичээр кешик,
Сен үчүн кыйын ишке кабыламын.

* * *

Жүрөктүн ар убакта табы жалын,
Жан Мекен, билем кутуң даарыганын.
Алсырап, арып-ачып турсам дагы,
Ала-Тоом артып турат саа кумарым.
Сурдансын мейли касым,
Сөгүнүп кылычтасын,
Сен каргап, сен Мекеним каарыбагын.

* * *

Бир өлөт, бир төрөлөт жигит деген,
Жигиттик ыйык белең, бийик белең.
Жүрөктүн алоолонгон табы болсо,
Жадырап асманыңдан тийип берем.
Мынакей жигит менмин,
Мендей бол жигиттерим,
Муздабас, өлбөс, соолбас менин денем.

* * *

Ак болсоң жамандыкка кыйбас журтуң,
Адамдык баркың менен кымбаттырсың.
Тирүүңдө калайыкка урматтуу бол,
Жашы да, карысы да сыйлап турсун.
Ошондо бактылуусуң,
«О, кайран, – дешип, – кырчын!»
Көмөөрдө жыланы да ыйлап турсун.

* * *

Турмушка тике туруп таза карап,
Сынынан элдин өткөн атак алат.
Какталып күнгө күйгөндүктөн эмес,
Күрөштүн күчү менен чач агарат.
Эркине бий болду деп,
Эл айтса бүт дүңгүрөп,
Бул дагы бактылуулук атаганат!

* * *

Куш болуп дарактарга ырым консун,
Күлүктөй дубан бузаар сыным толсун.
Дүйнөгө деңиз болуп чогулайын,
Дүңгүрөп болуп турсун үнүм толкун.
Бүлдүрбө, ушуну эсте,
Таш чекпе эстеликке,
Коюлган мага эстелик ырым болсун.

* * *

Орустун чер токою кереметим,
Казактын ай талаасы энелешим.
Кавказдын касиеттүү булактары,
Күнөстүү Балтикага эмне жетсин!
А бирок, тууган жерим,
Киндик кан бууган элим,
Дүйнөңү эч нерсеге теңебесмин!

* * *

Мен тоолордон бата сурап ийилем,
Аттанаарда ак жол издеп үйүмөн.
Топурагын өпкүлөймүн чөгөлөп,
Ташы тургай жыттап алам күлүнөн.
Аңдыса да мени өлүм,
Анан сапар чегемин,
Төгөрөгү төп болгондой дүнүйөм.

* * *

Жер шарын түгөтпөйсүң казганда да,
Күн көзүн тосо албайсың жапканда да.
Нак болот – болот бойдон кала берет,
Отко сал, мейли ташты чапканда да.
Жашоодо ал сыңары,
Жабыкпайт, келбейт жаалы,
Жакшылар жаман кырсык басканда да.

* * *

Кармагам мен да кыздын жумшак колун,
Кактагам ысыгына ыктап боорун.
Каралдым, татынакай ай, ырларым,
Ыпысык дал ошондой жумшак колуң.
Сылайын кел чачыңан,
Секетим, бал татыган,
Сен дагы маңдайымдан жыттап койгун?!

* * *

Карачы, бу тоолордо көп арчалар,
Картайбас жайы-кышы көк арчалар.
Карегин чарк айланып караан тутуп,
Калкалап келе жатат бел, аскалар.
Сен арча, мен аскамын,
Ырларым, эл аскарың,
Түркүкпүз бирин-бири жөлөп, таяр.

* * *

Мекеним – сен бир жыпар мага гүлсүң,
Мекеним – сен бир жарык мага күнсүң.
Жоодурап сүйгөнүмдүн жамалындай,
Жоругуң күндө сулуу, күндө сүйкүм.
Жаадырап турсун өнүп,
Жаштыкты сага берип,
Жашоодон кете берсек кана, чиркин!

* * *

Сенде Мекен аталык мээр, сүрдүү жаал,
Сезимдеги жакшы сапат бүтүн бар.
Жашырууга эч акым жок адамдык,
Жан энелик кечпей турган сүтүң бар.
Айландырган боорумду,
Асыл тоолор бир сырдуу,
Бир купуя кумар кылган күчүң бар.

* * *

Ат-Башым, мени тапкан Ата-Журтум,
Ай, уулум, чабалсың деп кападарсың.
Көзүңө бир көрүнөм Ай-Чолпондой,
Көөдөнүң күйүккөнүн баса турсун,
Жүрөксүп жолдон кайтсам,
Жүдөтүп жукалансам,
Ылайым антың урсун, атың урсун!

* * *

Мейманым, мага келсең тоону көргүн,
Соорусу тоолор – тоонун, тоолор жердин.
Көрөсүң бүт дүйнөнү бийиктиктен,
Түнөгү тоолор күндүн, тоолор шердин.
Тоолорго бир чыкпасаң,
Суусунан бир жутпасаң,
Журтуңа не айтасың, эмне дейсиң?!

* * *

Турсаң да найза малып жүрөгүнө,
Турсаң да ийне сайып карегине,
Жигиттер тоо деп өлөт, тоону сактайт,
Суусунун тамчысы үчүн,
Тоосунун бир ташы үчүн,
Жигиттер дайым даяр жан берүүгө.

* * *

Тоолуктар кимге болсо тунук жүрөк,
Тоосундай бийик көрөт, ыйык көрөт.
Тузуна кара санап антты бузса,
Түбөлүк топурагын түйүп берет.
Сүтүнөн эне кечет,
Сөз кылбай ата кетет,
Андайга жылааны да каарын төгөт.

* * *

Ким эгер ыгыбыздан четке чыгат,
Кыргыздар а дегенде сөзгө жыгат.
Жалгыз ооз сөздүн күчү окко тете,
Жакшылар жаакташпайт, кепке сынат.
Калың эл тон жакасы,
Карылар сөз атасы,
Ким болсун кары сөзүн мыйзам кылат.

* * *

Мансап кээде көз ачырбай мас кылат,
Дос-тууганды тааныбайбыз жакшылап.
Өзүбүздү биз өзүбүз шылдыңдап,
Өйдөлөйбүз өзгөлөрдү басмырлап.
Дөөлөт тайып кеткен соң,
Мээнет берип кетмен чоң,
Турмуш анан өз жазасын тарттырат.

* * *

Шор бердиң, жетим кылдың танганым жок,
Шакаба оору бердиң талганым жок.
Окуттуң татаал турмуш мектебинен,
Оо, тагдыр, ошондо да арманым жок.
Бирок да максат бердиң,
Буудандай таптап келдиң,
Тирүүлүк сенден башка ардагым жок.

* * *

Көктөмдөй кара ташты жарып чыгып,
Кыздардай көз кумарын талыктырып.
Күлүктөй дубан бузуп күүдөн калбай,
Кош айтып кеткичекти жарыкчылык.
Не жетсин жашаганга,
Өзгөчө жаш адамга,
Өксүтүп, өкүндүрбөй карыпчылык!

* * *

Адамга адам салат салакасын,
Акылман сөз тийгизбей табат датын.
Илеби үшүгөнгө бир тийбесе,
Отуңдун табы кимге, табы салкын.
Тузуңду татып жүрүп,
Төрүңдө жатып жүрүп,
Көзүңө салып коёт чөптү касың.

* * *

Зергердин күмүшүндөй куюлушуп,
Дайрадай таштан ташка урунушуп.
Комуздун кылдарындай дир-дир этип,
Биринен бири бийик, бирин жыгып.
Деңиздей бири толкуп,
Шамалдай бири жортуп,
Жашоонун биринен – ов, бири кызык!

* * *

Олтурам теребелге көз чаптырып,
Оймок ооз кыздар өтүп кетти азгырып.
Капырай, жыйырма бешим кайда кеттиң,
Келишкен кара көздөн тез баш буруп.
Эрөөлөп кеттиң беле,
Элүүгө жеттим беле?
Түгөнүп калгыр десе, эх, жашчылык!

* * *

Адамды адам деле кордобосо,
Адамдын ажал жолун торгобосо.
Муңайып каргашага кабылбаса,
Муң каптап согушууну ойлобосо.
Жашасак бир туугандай,
Касташпай эч кууланбай,
Мендеги тилегимдин болгону ошо.

* * *

Шай келбей досуң менен «кош!» дегенге,
«Энеке, ай!» деп айталбай ок жегенде.
Жан курбу баш да калат жашырынып,
Ың-жыңсыз бир кичине боз дөбөдө.
Көз барда өзүбүзгө,
Калбастан өкүнүчтө,
Коёлу таш эстелик жок дегенде.

* * *

Өлөсүң калалбайсың катып жанды,
Өзгөдөн алалбайсың сатып жанды.
Өмүрдүн келип-кеткен изин калтыр,
Өкүнбөй сыя кылып жазып канды.
Атыңды кызыл ташка,
Эл-журтуң чегип жазса,
Адамга мындан ашкан бакыт барбы?!

* * *

Согушта каргыш каптап дүйнө жүзүн,
Кара таш көмүр болгон күйгөн үчүн.
Кан каптап гүлдүн бетин, куш өрттөнүп,
Калбырлап ок токойду, тоолор күкүм.
Эркелеп эмчек сорбой,
Өскөнмүн иштеп чоңдой,
Сен, бөбөк, эркин эмгин эне сүтүн.

* * *

Күйөөсүн угузганда жарык таңдан,
«Каткырып», анан эстен танып калган.
Көргөнмүн бир келинди согуш жылы,
Көзү агып, чачы агарып карып калган.
Кайгынын эмне экенин,
Согуштун оор кезеңин,
Жүрөгүм беш жашымда чалып калган.

* * *

Сен үмүт, бүтпөй турган ак тилексиң,
Сен али бир жуула элек ак жибексиң.
Үлбүрөп таажысына жел тийбеген,
Үйүмө жыпар чачкан ак гүл өзүң.
Ак жааным, шыбыргагым,
Ажайып ыр ыргагым,
Ак эмес сенден башка бактыма эч ким!

* * *

Энеке, энекебай, асыл энем,
Мен сенин акылыңа кумар элем,
Турмуштун тоскоолуна туш келсең да,
Табына улам келип тураар элең.
А бүгүн калдың тилден,
Окудум карегиңен,
«Жолумду уулум улап кеткин!» деген.

* * *

Мен сага даңкым менен алынбаймын,
Мен сага пулум менен жагынбаймын.
Муңайып колду сунуп босогоңдо,
Мөгдүрөп думанадай ак урбаймын,
Тирүүлөй жерге каккын,
Тилди кес, даргага аскын,
Тагдырым бирок сага багынбаймын!

* * *

Жакшы көр, мейли тагдыр жаман көргүн,
Ал, мына, бейишти да сага бердим.
Бар беле жаман дартың келе бери,
Бар беле жамандыгың мага бергин.
Кордук бер, жан чыдагыс,
Көтөрөм баарын жазмыш,
Кайгысын артпай журттун, калың элдин.

* * *

Күчкө күч кайрат кошкон алыс барат,
Күймөлбөй көнүш керек алыс карап.
Көкөлөп өскөн сайын ийилет дейт,
Оболу жерден тамыр алып дарак.
Жерден да жоомартсыңбы,
Жерди бак, тоо-ташыңды,
Сермегин андан кийин көккө канат.

* * *

Ойлочу нерсе барбы урагыс же,
Өмүрдү аз деп арман кылабыз ээ?!
Не деген узак өмүр күндүк жашоо,
Иш бүтөт ойго келбес, кирбес түшкө.
Из таштап ташка терең,
Урунсак максат менен,
Улуу күн, улуу өмүр бу да бизге.

* * *

Үмүттөн учкун калбай, чок да калбай,
Жүрөгүң муздап турса таш баскандай.
Тоолорго чыгып келгин атка минип,
Жүрөгүң ысый түшөт от жаккандай.
Ат жалын жеңил дешип,
Аскага чыгып кетип,
Аталар өмүр сүргөн дарт да чалбай.

* * *

Бирөөнүн атагына далдаланып,
Ар кимдин маңдай терин алдап алып.
Жыртыктан шыкааласаң бу турмушту,
Жарыбас өмүр ошол, арман анык.
Суктантып курбуларды,
Чыгарып бир кумарды,
Жашоо парз, намыс алып таң калаарлык!

* * *

Чындык сен кээде мокоп ийилесиң,
Чыркырап өз отуңа күйүп өзүң.
А бирок, көө жукса да ак бойдонсуң,
Ажары актан бүткөн дүнүйөсүң.
Карашың күндүн көзү,
Баркыңа кыйын жетүү,
Бу кезде жок өзүңдөн бийик эч ким.

* * *

Бакыт сен түлкүсүң ээ, балыксың ээ,
Келбеген оңой менен өңүтүмө.
Ушунча кумар болуп жүрөм чыны,
Бир ирет дидаарлашып көрүшүүгө.
Бирине кар экенсиң,
Бирине зар экенсиң.
Эч мүмкүн эмес сени бөлүшүүгө.

* * *

Көргөндө эмне күлдүң, бир өзүмдү,
Күйүткө жеңдирди деп жүрөсүңбү?
Жок баатыр, ысыгына батып алдым,
Ыр менен күнүм жарык – билесиңби?!
Турмушту боёк кылып,
Тагдырды жомок кылып,
Өзүмдүн тартып жатам сүрөтүмдү.

* * *

Кол салып мен бирөөнүн жүрөгүнө,
Көмүскө ууру кылып жүрөмүн ээ?!
Жан эркем, сен экөөбүз айыптуубуз,
Сенин да, менин дагы түгөйүмө,
Сүйүүбү, жашчылыкпы,
Күнүмдүк азгырыкпы,
Жашырбай айтчы калыс, күнөө кимде?

* * *

Сен мага жашыл дүйнө, жапжаш дайым,
Суусунсуң, көлөкөсүң аптап сайын.
Бейиштин дарагысың махабатым,
Бакытым бир өзүңсүз таппас жайын.
Өтөөр дейм, сенсиз да күн,
А бирок, оюм бүлгүн,
Асылым ашык болдум, не кылайын?!

* * *

Көзүңдө бүт Жер шары уктагансып,
Жатасың бир ажайып нурга балкып.
Сен үчүн артып барат кызганычым,
Сени мен тиктеп жатам сырга батып.
Уктайгой, перизатым,
Уктайгой, махабатым,
Жыргал жок, бу дүйнөдө сенден артык.

* * *

Сирень бак, сен кыналып колтугумда,
Олтурдук махабаттын толкунунда.
Керимсел эркелетет кызгалдакты,
Кой таштын эңгилчектүү борчугунда.
Кептерим, кенедейим,
Гүлдөйүн, көгөрөйүн,
Сайрачы, чынарыма кончу мына!

* * *

Сүйөм деп анткор айтып көнгөн жокмун,
Сүйүүнүн каралыгын көргөн жокмун.
Сый күтүп, сүйгөндүгүм түшүндүрүп,
Сын коюп, асыл белек берген жокмун.
Дилимден ичтен сүйдүм,
Дил сырын өзүм билдим,
Жетпесем, алдамчысың деген жокмун.

* * *

Сүйүүнүн кайгысыбы үшкүрүгүң,
Секетим, эмне мынча үшкүрүндүң?
Кандайдыр карайсың да бир купуя,
Капыстан уйгу-туйгу, ичим бүлгүн.
Түйшүккө салып башты,
Тиктетпей табышмактуу,
Табийгат кошоор бекен бизди бир күн?!

* * *

Баамымда Жер желиндей байыбаган,
Баамымда Жер буудандай талыбаган.
Жашарып, тапка келип бараткансыйт,
Кулачын күнгө чейин жайып адам.
Күч алып биз да күндө,
Жаралган жан болсок ээ,
Жер сымал күүдөн – күчтөн тайыбаган.

## ОН ЭКИ САПТАР

Алыс жакка кеткениңде сен кызым,
Бороон улуп, дирилдеген жалбырак.
Ошол күнү жерге түшкөн жылдызым,
Карааныңды карап турдум жалдырап.

Эрбегейим!.. Үзүлгөндө карааның,
Улуп-уңшуп, ушул дүйнө сыздаган.
Жүрөк какшап, сары жездей жамалым,
Күү безеген өмүрүмдө укпаган.

Тагдыр ушу буюрганын көтөр деп,
Жер калчылдайт кармагансып оорусу.
Кара булут шолоктоду нөшөрлөп,
Ошол кызым менин жашым болучу!

* * *

Күндүк өмүр күлүк минип бир келээр,
Касиеттүү болсун десең мартаба.
Күрдөөлүңдүн гүлүн калпып миңге бер,
Күлүк оозун керет элең канчага.

Жигиттигиң жалбырагын бир ачаар,
Жыпарына бөлөп алчы өмүрдү.
Жапа чекпес ким бар дейсиң миң жашаар,
Жашоого жан – төрөлдү да көмүлдү.

Турмуш деген тирелишкен ыйык жоо,
Тамырын жул, кетирбестен өчүңдү.
Көп жаш эмес, көп жасаган улук го,
Күн өткөн соң кечтик кылат өкүнүү.

Тосуп көлдү тоону баспай көрүнгөн,
Ачам десең, казам десең өмүр – кен.
Ысыраптуу болгон үчүн жашоо да,
Ырыскым көп жыйган жана төгүлгөн.

Кыйындыктар кенчим мага бөлүнгөн,
Кубанчыма, же кайгымда өмүр тең.
Тирчиликтин сахнасы бу турмуш,
Тирүү жандар турпат өңүң көрүнгөн.

Качан болсо кабарым бар өлүмдөн,
Кыярбас бир гүл тапшырып өмүрдөн.
«Кош бол жашоо!» деп айтайын деп жүрөм,
Киндиктеш тоо, коюндаш жер төрүңдөн!

* * *

Ал милдет – досту досу эскерери,
Анда дос, тоо жолукса эсте мени.
Ааламдын так ортосун тиреп турат,
А биздин Ала-Тоонун көктө теңи.

Бул абзел, жылдыз көрсөң кубанаарың,
Булуттун канат кылам булаганын.
Кыпкызыл таңдын түрүп көшөгөсүн,
Күн чыгат как түбүнөн улагамын.

Бийиктик кайда десе бизди кара,
Бир эсе бийик тоолор күзгү сага.
Тоо деп бил, кыргыз десе, бүркүт деп бил,
Тутантам теги чымыр түпкү баба.

* * *

Мен жашоого бий да, бек да эмесмин,
Борошого боюн тоскон терекмин.
Кубатым бар сууруп берээр жүрөктү,
Качан калкым суусаганда керекмин.

Мен жашоого кул да, күң да эмесмин,
Күлүстөндүү такта турган себетмин.
Мажнундардын бир моокумун кандыраар,
Махабатка аңкаганга керекмин.

Мен жашоого шер да, коркок эмесмин,
Сурасаңар анда мени демек ким?
Бу жашоону буйдоолонтуп буй кылаар,
Бир өзүмүн адам – деген желектин.

* * *

Күүсүн уксам мен комуздун боздогон,
Көрдөн турам, көрдө сыздайм, копшолом.
Дирилдеген кылдарында тургансыйт,
Жетимдигим соолгон гүлгө окшогон.

Күүсүн уксам мен комуздун какшаган,
Көрдө суусайм, кайра-кайра тамшанам.
Кылдарыңда кырчын сымал бүгүлөт,
Жигиттигим буудан сымал аксаган.

Ыргагыңа бир эрисин көлкүп бой,
Ызаларын диркиретет серпип ой.
Көз жумаарга жарым минут калганда,
«Көкөй кести» күүсүн досум чертип кой.

* * *

Таңда көрсөм бу тирдиктин чыгышы,
Ажарланат тоо кызынын бетиндей.
Аскаларга ыктай жаткан булутчу?!
Ал сулуунун ич көйнөксүз этиндей.

Жер чалкалап тоо чатырайт боорунда,
Нур кызынын кош алмалуу төшүндөй.
Жалжылдаса Чолпон жанып тээ кырда,
Шер кучактап жаткан кыздын көзүндөй.

Таңда турам, күн ойгонот мөлтүрөп,
Кирпиктери ак жибектин талындай.
А жүзүндө үзүм булут көк жиреп,
Тоолук кыздын бетиндеги калындай!

* * *

Ыйбаа кылбайм, дос да күтөм алыстан,
Ырыскымды бөлүп берем алышсаң.
Бирок мага даңк тапканда таанышпа,
Таттуу болот данксыз кезде табышкан.

Ыйбаа кылбайм тууганымды табыштан,
Кел, келегой, издеп келсең алыстан.
Бирок менден бак тайганда качпагын,
Барктуу болот баксыз кезде табышкан.

Алтын башка бура тартпас намыстан,
Ак сүт эмдик энелерден даанышман.
Тилди жулуп, башты кесип алса да,
Трууган, досум тайбай өлгүн калыстан!

* * *

Жүрөккө жүрөк кол салат,
Жүрөккө жүрөк тор жаят.
Жүрөктү жүрөк ийнелеп,
Жүрөктөн жүрөк жол табат.

Жүрөккө жүрөк жүк салат,
Жүрөккө жүрөк жик салат.
Жүрөктү жүрөк терметип,
Жүрөктө өчкүс из калат.

Жүрөктүн күчү жүрөктө,
Жүрөктүн кылы жибекче.
Жылуулук берет күнчөлүк,
Жүрөктү сыйлап ким өтсө.

* * *

Күлүп алчы, жан кеткиче биз карып,
Күйөт жаштык жалгыз жолу дуу жанып.
Анан өмүр шүүдүрүмдөп кыроолоп,
Анан өмүр учуп кетет бууланып.

Күл, күлүп ал, бүгүн гана күлөсүң,
Күлбөй эмне?.. Сен өзүңө бий өзүң.
Анан десең, эртең десең жок чоло,
Анда турмуш табат да бир жүйөөсүн.

Күлүп алгын, о кара көз, күл мага,
Күлкү гүлүн жыттабаган ким гана.
Эртең минсе мойнубузга карылык,
Эркетайым, күлсөк дешке тил гана?!

* * *

Кайнаш керек ачуу турмуш каарына,
Жашоо күнүң келип турсун даамына.
Бир айтаарым, кол берүүдөн сак болгун,
Ким болбосун адамдардын заарына.

Турмуш каары кыраакылык үйрөтөт,
Жылан заары дарыласа бир кетет.
Асты кетпейт заар тилдин тактары,
Так жүзүңө тамга салган бул чечек.

Мейли болсун ашкан чабдес, каарман,
Мейли деле чыгып кетсин даардан.
Айдайлардын ичиркентээр зили жок,
Ача тилдүү, кара жүрөк заардан.

* * *

Суроо коём, сулуу кандай жаралат,
Сулуулук дарт, же бакытпы аромат.
Даарыганды чаккан, чалкан болбосун,
Жан жүрөгүн ачыштырып жаралап.

Анын кайсы айырмасы өзгөдөн,
Же көлчүкпү, же деңизби тептерең.
Же жүрөктүн көпүрөсү болбосун,
Жакшы дагы, жаман дагы тепсеген.

Сулуу өтсө илик албай башканы,
Жүрөк дүк-дүк, жүз кызарып, апкааруу.
Тогуз жолдун тоомуна бек кагылган,
Бу сулуулар балким чыгаар ат мамы.

* * *

Комуз суусайт, комуз улам тамшанат,
Кылдарынан дирилдеген жаш тамат.
Кыйналат ал: «не болдуң?» деп сурасам,
Кара Молдо кайда, качан какшанат?!

Комуз сыздайт, кылы безеп күү бугун,
Кептер окшоп торго түшкөн кургурум.
Ыргактары боз молону кучактайт,
Кайда Атай?.. Кайда, Муса булбулум?!

Ыйла комуз!.. Тарт алардын жабырын,
Тирүүсүндө билдиң бекен кадырын?!
Учуп кеткен сен жоктогон булбулдар,
Кыргызына керээз кылып жан ырын!..

* * *

Жигиттик доор келет башка бир гана,
Жигит – дүйнө, кезек берет пилге да.
Жанар тоону бир үйлөмдө өчүрүп,
Кагыр чөлгө жамгырланып күндө жаа!

Жигит өзү – шилтемиңдей чагылган,
Жигит өзү – жанар тоодой жагылган.
Тосот бербей чыгыш керек суурулуп,
Тоо болсо да тарткан кылдай камырдан.

Жамандыкка барбай, күчкө баш ийбей,
Жакшы менен жамакташа өз үйдөй.
Жигит келет Ала-Тоо жок жигитсиз,
А жигиттер Ала-Тоонун өзүндөй.

* * *

Жүрөк курчун көрүнгөнгө мокотпой,
Көсөп өтүп аш болсо да көз октой.
Жигит деген жоодо сынайт жигерин,
Жутта сынайт, шордо сынайт тозоктой.

Сөздүн баркын итке-кушка коротпой,
Байлай сүйлөп сел болсо да тороп бой.
Жигит деген топто сынайт жигерин,
Боюн сактайт, жаман ишке жолотпой.

Эпкининен тоо болсо да солкулдап,
Эпкининен жел – океан толкундап.
Ар убакта кайнап турат жигиттер,
Арашандэй атырылып боркулдап.

* * *

Орсок уйча кешигимди саап улам,
Жүрөгүмө жек көрүүнү таап улам.
Сен келгин дос көп сыйырба пардаңы,
Конок ичет каалап берген даамынан.

Эки элибиз бейкуттукта жашасын,
Эшик ачсам төрдү көздөй басасың.
Кой кадырман, менде да кол, ооз бар,
Бейжооп неге коюнумду ачасың?!

Көп досум бар, эгер илик санасаң,
Кол алышам, бирдей болсун таразаң.
Ээн башты кондурганга дитим жок,
Билсең чыным, а билбесең тамашам.

* * *

Алтын дешет, өз орду бар кезинде,
Ашык мактоо акыл кошпойт сезимге.
Адам бол дейт, эгер акын болбосоң,
Акындардын сылтып жүрбөй четинде.

Темир дешет, өз орду бар кезинде,
Турмуштун да уяты бар бетинде.
Менин атым Пушкин эмес Өмүркул,
Даңк өзүнө, менин даңкым өзүмө.

Пушкин сунса бийиктикке шар колун,
Менин дагы баса турган бар жолум.
Сабап жанды Байрон, Бальзак болом деп,
Сатат белем Өмүркулдук ар-корум.

* * *

Булуттун минип агынан,
Булоолоп суунун шарынан.
Керимсел болуп бир келсем,
Күлүктүн аккан жалынан.

Тоолордун чыгып нугунан,
Турмуштун сыгып чыгынан.
Кер толгоо болуп бир келем,
Комуздун сызып кылынан.

Жашоонун нактап балынан,
Жанымдын күбүп шагынан.
Кылымдын чоору болсом ээ?!
Кыргыздын чыккан канынан.

* * *

Мейлиң шер бол көтөрүлгөн соболу,
Калтыраткан канча кыйын бололу.
Бей кадырбыз, белдүү түркүк бизде жок,
Эл алкышын алалбасак оболу.

Кайкы, мейлиң куштай учкан бууданда,
Кылкылдаган кол алдында туу карма.
Барган жерден баар табуу бизде жок,
Баркын билбес мерез болсок тууганга.

Карга айтат дейт өз баласын аппагым,
Акмак табат дал өзүндөй акмагын.
Ак-караны көрүш үчүн даанарак,
Өз башыңды, өз көзүңдү сактагын.

* * *

Шаң куруп сан кылымды кымтылаган,
Шакардай оргуп-кайнап тынчыбаган.
Жүрөгүң акын досум сенин гана,
Жүйүртө басып таштан ыр чубаган.

От жагып жер бетинен желбиреген,
Ой минип, жолду чалып мүргүбөгөн.
Мээнеттин дыйканысың акын досум,
Мезгилдин дүйнөсүндө дүңгүрөгөн.

Калемиң адам дилин бургулаган,
Керимсел, учкан куштан сыр сураган.
Коомдун мингичисиң акын досум,
Кыялы ширендидей шыркыраган.

* * *

Сунбагын, суу жүрөккө уу сунабы,
Жүрөк керек ичкенге ууну дагы.
Берчи жаным уу болсо махабатың,
Бирден ууртап, уусуна жуурулалы.

Жакпаган жүрөккө да бал сунабы,
Жаккан жүрөк жакшы жейт балды дагы.
Берчи жаным бал болсо махабатың,
Бирге ууртап балга кумар кандыралы.

Ким тартпаган сүйүүнүн азаптарын,
Ким тартпаган сүйүүнүн акак – балын,
Көр оозуна бут малып олтурсам да,
Кыялыңа кумарым артат жаным!

* * *

«Сүйөм!» дебе сая түшүп артыман,
Сураганым албас болсоң оор эгер.
Сүйөм бирок, «сүйөм» дештен тартынам,
Сүйүү чегин өлчөй албайт тоо да, жер.

Сүйөм дебе ыксыз жерден жалбарып,
Сүйсөң сакта жүрөгүңдө купуя.
Барк билишсек болгон кезде жан карып,
Биз жетебиз салган жерге куш уя.

Артык сүйүү жылдык жерден сезилет,
Сүйүү чегин тил билдирбейт аксынып.
Жүрөк билет тилден көрө жүз ирээт,
Жасамалдуу жалбарбачы, ак булут?!

* * *

Сүйүү деген ак марал,
Сууга келет таңга маал.
Өңүтүнө жеткенче,
Өкүндүрөт алдап ал.

Кыялдантып бүлдүрөт,
Кырдан кызыл гүл берет.
Боз жоргодой чайпалып,
Бул өмүргө бир келет.

Ак чыныда мөлтүрөп,
Акактатып өлтүрөт.
Алып колго жуткуча,
Асылынан өртү көп.

## ОЙ ЧАБЫТТАРЫ

Ак калпагым ата даңкын улаган,
Ак калпагам асыл мүлкүм кураган.
Ушул калпак менин тийип энчиме,
Улуу тоону жердегенге кубанам.

Сан тоолорум сапарлашым сынаган,
Сан тоолорум бар алтыным – мунарам.
Башаты экен жер эненин бийиктик,
Бу тоолордо төрөлгөнгө кубанам.

Көнбөптүрмүн сүйлөгөнгө жылмалап,
Көнбөптүрмүн жашаганга күн карап.
Сыйынбаган жүрөгүнөн башкага,
Мен кыргызмын, кыргыздыгым ким танат?!

* * *

Жүрөк деген зор держава, зор даван,
Зордуктоого, күчкө моюн сунбаган.
Керек болсо бүт дүйнөнү батырып,
Керек болсо жалгыз таруу сыйбаган.

Жүрөк деген күчтүү курал күрөшкө,
Жүрөктү бак, жүрөктү күт, жүдөтпө.
Керек десе аппактыгы буладай,
Керек десе көөдөн кара миң эсе.

Жүрөк сезет көз көрбөгөн майданы,
Жүрөк катаал, жүрөк айкөл жайдары.
Жүрөк деген чексиз аалам, чексиз дың,
Буркандаган бир ажайып дайра бу.

* * *

Ата-Журтка болгучакты калпычы,
Ата-Журттун тийбес болсо алкышы.
Жашабаска макул элем ишенсең,
Жандан уят, кымбат деген шарт ушу.

Отко жумша, чөлгө жумша өтүнөм,
Отту кечип өлүүнүн да өзү кен.
Айла кетсе түтүн болуп чыксам ээ,
Тууган мекен очогуңдун өзүнөн.

Эгер Мекен ишим болсо жаңылган,
Эссизиңе жай бербегин багыңан.
Кара жолго анда койгун сөөгүмү,
Калайыгың тепсеп турсун агылган.

* * *

О, секетим он сегизиң ак марал,
Ойкуп-кайкып, ой термеген тандамал.
Октой учкан жүрөк менен элеңдеп,
Оттоок издеп бир чыгасың таңга маал.

Ошондочу?! Бир ажайып ак кушсуң,
Оозго эриген ушунчалык таттуусуң.
Кана балын соргучакты чү коёт,
Жүрбөйсүңбү, ал курактын качкысын.

Байкуш жүрөк сырдашканча шыбырап,
Белден-белди ашып кетет зымырап.
Оюн салган он сегизди азыр да,
Алаар болсок «кыр-уу, кы-руу, кы-руулап!«

* * *

Таш дейсиңер таштан дагы от чыгат,
Ок дейсиңер токто десе ок турат.
Бирок гана мүнөз керек адамдык,
Тилин билген, тура турган бек чыдап.

Уу дейсиңер уудан өмүр сакталат,
Бал дейсиңер балдан көңүл бат калат.
Бирок гана өлчөө керек адамдык,
Бу тирдиктин баркын билген сак карап.

Өлдү дейсиң өлгөндөр да тирилет,
Тирүү дейсиң, өлүктүр ал ким билет?!
Экөөнүн тең өлүү-тирүү экени,
Өтөп кеткен иштеринен билинет.

* * *

Мен турмушту зор океан-көл көрөм,
Сансыз өмүр алга кулач сермеген.
Бирде толкун, бирде чапкын, бирде жай,
Чөгүп кетет чабак уруп көнбөгөн.

Мен турмушту мунара дейм мелжиген,
Сансыз жүрөк бийигине эргиген.
Азоо минип ал мунара башына,
Адам чыгат дүйнөсү зор, пейли кең.

Мен турмушту улуу көрөм, алп көрөм,
Улуулукка мен да жетем, ант берем.
Адамдардын бактылуусу деп сезем,
Ат салышкан ушул айкөл, алп менен.

* * *

Мекен-Эне сенден чыккан адаммын,
Мекен-Эне бир ишиңе жараармын.
Ушул уулум уялбайт не дейби деп,
Уйку көрбөй олтурбайбы каралдың.

Түшүн мени, түшүн Мекен берекем!
Түшүн элим, замандашым энекем.
Очогуңа жылт эткидей сөз издеп,
Жортуп жүрөм кайда жүрөт дебесең.

Жаным журтум, милдетиңди сеземин,
Жашоо үчүн ооруп турат өзөгүм.
Учур келет чагылгандай чартылдап,
Улуу тоонун туу кырынан өтөмүн.

* * *

Сен экөөбүз оору менен дарыдай,
Сен экөөбүз – тулпар менен мамыдай.
Байыр алышып, чырмалышып турабыз,
Башка кантип сенче болсун жаным ай!

Сен экөөбүз – жүрөк менен денедей,
Сен экөөбүз – бала менен энедей.
Дагы кайсыл күнүм турат секетим,
Төбөмдөгү тийген күнүм сен эмей!

Тагылчу мен карек болуп көзүңө,
Тагылчу сен жүрөк болуп төшүмө.
Мөмө болсом дарагымсың секетим,
Мобу башка жалгыз эле өзүң ээ!

* * *

Качан болсо үлгүрөмүн өлүүгө,
Бирөө кирип жатат беле көрүмө.
Мен үлгүрбөй каламбы деп чочуймун.
Машакаттуу максатымдын чегине.

Дөөлөт күтүп пул жыюуга үлгүрөм,
Кыйналганда күч жыюуга үлгүрөм.
Курсант кылбай өлөмбү деп коркомун,
Эрдигиме, эмгегиме элди мен.

Өлгүм келет төрөлгөндөй ак бойдон,
Ак гүл чыгып турпагыма баш койгон.
Элине кул, эркине бий болсун деп,
Энем-атам Өмүркул деп ат койгон.

* * *

Ичим күйсө жүрөк бышып, жалбырап,
Үн катпаймын, жүрөк өзүн жандырат,
Нес го дебе күйүтүмдү дарылайм,
Неге сени жабыркатам жан кубат.

Санаа келет, сар жоргочон азгырык,
Саламдашам, күлүп калам каткырып.
Жинди дебе букту жатам дарылап,
Жан алгычты шылдың кылып, мыш кылып.

Шайырлансам мас болгонсуп бир кейпим,
Сен айтасың «токтолбойсуң, жүрбөй тим».
Шат мүнөздөн жанар тоодой күч алып,
Кеселиме эм кылганды билбейсиң.

* * *

Каным катат, тойбой койдум өмүргө,
Капырай-ов, өмүр кызык, өмүр не?!
Кантип тоёт турмуш деген бир досум,
Кылганың жок жаккыдай, дейт – көңүлгө.

Көзүм өтөт жашаганга адамча,
Капырай-ов, эмне жагат адам саа?
Кантип канам жашоо деген жандоочум,
Күндөн-күнгө жакшы болуп баратса.

Кыял сүрбөй мен жазмыштын эркине,
Күүгө келем, күндөн-күнгө чертиле.
Кантип турам мезгил деген жүргүнчүм,
Мени кактап бара жатса өртүнө.

* * *

Кайран тоолук, канга батса тушардан,
Кебелбеген, кайра каны тутанган.
Кара кылды бөлө чайнап кычырап,
Эки көзү коломтодой кызарган.

Аргымагын жайдак минип кыраандан,
Ар булчуңу аска-зоодой чыңалган.
Кайран тоолук! Душманына үн катпай,
Кара булут бороон болуп куралган.

Кайран тоолук, чокту баскан жыңайлак,
Кабак түйбөй суу ичпесе жыл-айлап.
Каргыш торун эрки менен үзүшкөн,
Кол сунбаган кур алакан кудайлап!

Кел, максатым, кел намысым оттугум,
Кел деген оң, деген сөздөн кошкунуң!
Билген жакшы – максаты жок жашоонун,
Бир эринди нымдаар сууча жоктугун.

Кел ажалым, келе бергин сагалап,
Адегенде эмне, чачың гана агарат.
Улуу күч бар адам деген атымда,
Кыска өмүрдөн узак өмүр жаралат.

Жаман көрөм касташканды өзүмө,
Жакшылыкты тартуулаймын өчүмө.
Эгер жазмыш мага калса өчөшүп,
Өчүмдү алам өзүнө да өчүгө.

* * *

Уккун асман! Сен дүйнөгө калыссың,
Жолун таппай караңгылык, жарыктын.
Көз ачканча оңго-солго бурулуп,
Көп чачымды буурулдантып салыпсың.

Жооп бер дүйнө, суудан бүткөн, жалындан,
Адам сели келет, кетет, агылган.
Алар кайда? Тирдиктеги күйгөн от,
Ошолордун өмүрү – отуң жагылган.

Тааный албай чындыгыңдын дидарын,
Таштак жолдо аң-таң болуп турамын.

Жалгыз чындык өлүм гана дедиң го,
Өлүм чындык, көр турбайбы турагым.

* * *

Мен тургамын селким менен өбүшүп:
Махабаттын мүрөгүнөн бөлүшүп.
Ошол түнү Ай да Чолпон тогошту,
Ак булутту булактатып тебишип.

Бой чымырап коймолжунуп көзүбүз,
Өзүбүзгө ээ болбойбуз өзүбүз.
Көпөлөктөй чарк айланды Күндү жер,
Ошол түнү тартылышып эки күч.

Буйрук берди анда мага кубатым:
«Күн кубатын өлчө, өлчөп чыгасың!»
– Экөөбүздүн сүйүүчөлүк, – дедим мен -
Жүрөгүңөн айландырып турасың.

* * *

Сен жакшысың, сүйгөндүктөн перисиң,
Жүрөгүмдү жара бөлсө теңисиң.
Башкаларда жалгыз эле күн болсо,
Экөө менде – сен сүйүүмө эгизсиң.

Сен айкөлсүң – сүйгөндүктөн табылган,
Бирөө менмин – бир карек сен кагылган.
Башкаларда жалгыз эле Жер болсо,
Экөө менде – бири сенсиң  жан курман!

Мейлиң кары, мейлиң оору дебеймин,
Муздайбы деп сүйүүм азап жебеймин.
Бу дүйнөнүн жакшысынын баарына,
Бир тал гана кирпигиңди теңеймин.

Сураба, туурулат деп эрдиң неге,
Турмуш – уу, бал жутам деп келдиң беле.
Айдын да теңи жарык, теңи кара,
Теңи суу, теңи кургак жердин деле.

Жашоо бал, балдыгы бу – тирүүлүгүң,
Тирүүлүк – эл алдында билүү – жүгүн.
Өлүк деп бекерпозду көп айтышат,
Өзүнө жүргөн менен тирүү бүгүн.

Анда дос, турмуш деген аары тура,
Жашоодо жыргалы – бал, каары уу да.
Балына уусун эзип сыя жасап,
Жаза кет баяныңды тарыхына.

* * *

Алтыныңды уурдатканга шолоктоп,
Асыл жарым ыйлабачы, толот жок.
А көрөкчө сүйүүбүзгө сак болгун,
Аянычтуу – аны уурдатсак, жоготсок.

– Өзүң жокто жалгыз үйдө каламын,
Кулпулап кет, корком, – дедиң – а да чын,
Бирок жаным эшикти го бекитем,
Жүрөгүңө кантип кулпу саламын.

Алтынымды жоготтум деп ыйласа,
Алыс кетсем кулпула деп кыйнаба.
Менин кенчим, менин чебим – ишенич,
Сүйүү көнбөйт, чүлүктөөгө, пулга да.

* * *

Сүйүүбүздү куш деп койсок мисалга,
Сен экөөбүз эки канат учаарга.
Кокус эле бир канаттан айрылса,
Конбой калат, учпай калат куш анда.

Куш канатын тарап жүрсөк бапестеп,
Күндө жашпыз, күлгүн бойдон жаш өтмөк.
Мен сүйүүмө атадаймын асылым,
Сен сүйүүңө энедей бол, жаш эмчек.

* * *

Сүйүү шагым он сегизде гүл алган,
Соолбос үчүн каным менен сугаргам.
Жыпарларын сен жыттайсың жан кубат,
Жашасам да аңкып турат уламдан.

Биз сүйүүнү айландырып көк көлгө,
Биздин сүйүү аяп сылап өткөндө,
Биздин сүйүү көктөм болду, от болду,
Эч бир күч жок өчүргөнгө, төккөнгө.

* * *

Туруктуулук – махабаттын жүрөгү,
Туруктуулук – махабаттын үрөнү,
Түндүгүңө конуп-учкан куш эмес,
Турмуш көчү – конгуроолуу, жүгөндүү.

Сен сүйүүнүн түркүгүсүң жубайым,
Сууткан аттай мен байланып турайын.
Коңгуроолуу көчүм болуп сен келсең,
Конушуңа урагыс үй курайын.

* * *

Чындык сен, кээде мокоп ийилесиң,
Чыркырап өз отуңа күйүп өзүң.
Жүзүңө көө жукса да ак бойдонсуң,
Ажары актан бүткөн дүнүйөсүң,
Карашың күндүн көзү,
Баркыңа кыйын жетүү,
Бу кезде жок өзүңдөн,
Бийик эч ким!

*«Кыргыз ата төрун берип конуштан,*
*Аялдарды суук көздөн корушкан.*
*Ата Журтун урматташып аластап,*
*Ар бир аял – Умай эне болушкан.»*



## ЭНЕКЕБАЙ

Энекебай, о ыйыгым, ыйыгым!
Энекебай, о кутманым, уюгум!
Агып келип тамырыңан алтымыш,
Алтын өмүр бешигиңе уюдум.

Энекебай, чүтүрөйгөн кудайым,
Энекебай, о кең дүйнөм, Күн, Айым!
Өзүң тилеп, мени жоктон жаратып,
Өмүр бою мен деп тарттың убайым.

Алыс кетсем, көз майыңды түгөтүп,
Аш ичпейсиң, санаа менен күн өтүп.
Жүрөгүңдү мыкчып жүрүп өттүң го,
Кайырчыдай өмүрүмдү тилетип.

Ойноп кетсем, кыздар менен шаңданып,
Ошондо да кеткичекти таң жарып.
Олтурасың, күтө-күтө эрбейип,
Таалай тилеп, төлгө салып, шам жагып.

Жүрөгүңө тепчип санаа жебесин,
Башым десем, уйкуңду жүз бөлөсүң.
Ата болуп ак чалса да чачымды,
Алигиче ымыркайдай көрөсүң.

Сенден калсам, эскерээрмин үч убак,
Менден калсаң, күйүп-бышып буркурап.
Кургурум ай! Кара чачың куу болор,
Кош эмчегиң алмак-салмак зыркырап.

Энекебай, билем, туям эмгегиң,
Энекебай, өмүр жаның мен жедим.

Кантип мени карыш жолго узатсын,
Кактап күн-түн ак сүтүңдү эмгеним.

Кактап күн-түн эмчегиңди эмгенмин,
Кирпик какпай канча жолу термедиң.
Татыбайт го көз ирмемдик толгооңо,
Бу дүйнөнүн бүт байлыгын бергеним.

Ичке катып ысыгыңды-суугуңду,
Ыйык кармап журтуң конгон тууруңду.
Из кашкайта элге жакса энеке,
Конуш кылып кыргызыма туу кырды,
Анда дагы жаш алаарсың көзүңө:
– Айт калайык, айтчы, менин уулумбу?!

## ЖАРЫГЫ КҮНДӨЙ АЯЛДЫН...

Жарыгы күндөй аялдын,
Жамалы күндөй аялдын.
Жан биргем жалгыз энекем,
Жашоодо сүйөөр, аярым.
Жабыкса жакшы жар үчүн,
Жанымды алса даярмын.

Асманда болсо жалгыз күн,
Аялдар жерде – сансыз Күн.
Жаныңда жубай болбосо,
Жашоого айтчы, таңсык ким.
Аялсыз Жерде болбойбу,
Ал кезде – Күнсүз, Айсыз түн.

Жок болсо адам үндөбөй,
Жер калат анда гүлдөбөй.
Аба, суу анын колунда,
Аңгырап тирдик, үй кедей.
Билиги аял сүйүүнүн,
Бир аял – бүтүн дүйнөдөй!

Аялдар – бойдун тумары,
Аялдар – жашоо кумары.
Бук болуп өмүр аялсыз,
Бутунан дүйнө турабы?!
Бакыттын аял мазары -
Баарыбыз кулдук уралы?!.

*22.12.2004-жыл. Бишкек.*

## КЫРГЫЗ КЫЗДАРЫ

Бойго өңү төп келип,
Бермет шуру кептенип.
Саамай чачын өрүшкөн,
Салаа-салаа беш бөлүп.

Такыясы үкүлүү,
Тал чыбыктай мүчөлүү.
Жаркын эле маңдайы,
Жарык күндөй түштөгү.

Ата сөзүн угушкан,
Ага таазим кылышкан.
Арак тургай ичпеген,
Ачкыл дешип кымыздан.

Таалим алып энеден,
Арам тамак жебеген.
Чуңкуруна бармактын,
Аш ичкенде ченеген.

Адеп кармап өздөрүн,
Абай сүйлөп сөз жөнүн.
Үн көтөрүп сүйлөбөй,
Учурунда өзгөнүн.

Атка минсе кайкышкан,
Аккуу болуп калкышкан.
Кыздарындай кыргыздын,
Болобу деп айтышкан.

Саралтындай уюткан,
Салтты ыйык туюшкан.
Көөдөндөгү көп оюн,
Көз караштан туюнткан.

Улуулардан ийменген,
Кичүүлөргө ийбелген.
Урмат-сыйдын үлгүсүн,
Улуу тоодон үйрөнгөн.

Элдин карап ыркына,
Элчи болгон журтуна.
Калктын эле ырысы,
Кармап сырын купуя.

Жолборс жүрөк, шер өзү,
Жоокерлердин төрөсү.
Жой болоттой кыздардын,
Жаңыл мырза эжеси.

Кан Манасты арзыткан,
Кармашкандар кан жуткан.
Кайбар эле кыргыз кыз,
Кыз Сайкалды тартышкан.

Кур калбаган учугу,
Кыйры узарган утуру.
Айкөл кыздар кайдасың,
Ата Кыргыз тукуму.

Ойго болбойм эгедер,
Ойрон кыргыз... кеменгер.
Кайда кыздар андагы,
Кайда кыргыз энелер?...

Карап таппайм эч жерди,
Каада бизден безгенби?...

Кайда кыздар тоо жыттуу,
Кайып болуп кеткенби?..

Байыр кылган асканы,
Бабам кайда баштагы?!
Чала моңол «киргизбай»
Чыккан белем акмагы.

Ураганбы, капталы,
Уйпаланган чачтары.
Кайда бая жеңенин,
Ат көтөргүс чачпагы.

Аман калбай «бороондон»,
Адеп, ызаат жоголгон.
Бек сактаган кыздардын,
Белгилери не болгон.

Ыйык тутпай өргөөнү,
Ыйман наркты көмгөнбү?
Улуу көчтү унутуп,
Умай эне өлгөнбү?

Турам ойдо кысталган,
Тирүүлүгүң бут жалган.
Ак өргөөнүн төрүнө,
Арам неме бут малган.

Кайда кыздар кулпурган,
Калтар чачы кыркылган.
Аңга төрөп ыргытып,
Абийирлери жыртылган.

Устаралап алгандай,
Үч элидей чач калбай.
Чачы өрүлбөй келиндин,
Чач учтугу байланбай.

Буулуп калган тил бүгүн,
Бүксүп калган бирдигиң.

Жакыр дүйнө кыз чыкты,
Жабалбаган киндигин.
Кагылайын кыргызым,
Кайда тоодой пилдигиң?!

Кыргыз анда салт сүйгөн,
Кыздар болсо «дарт» тийген...
Деп айтканын уккамын:
«Кызга тыюу кырк үйдөн...»
Көрмөксөнгө салышпай,
Көмөк кылган ак дилден.

*8.02.2008-жыл. Бишкек.*

## КЫЗДАР ЖӨНҮНДӨГҮ ЫРГА КОШУМЧА

Көлкүп көчүк чайкашып,
Көз көрүнөө айкашып.
Киндиктерин көрсөтүп,
Көөдөн жагын калчашып.
Бийлебеген кыргыз кыз,
Бий кумарын таркатып.
Каадалуу жүрөккө,
Караганы бал татып.

Арам сөздөн сүйлөшүп,
Араб бийин бийлешип.
Түнкү оюн-зоокто,
Тулку боюн ийлешип.
Жүргөн эмес кыргыз кыз,
Жигиттерди тилдетип.

Качан кыздар шок эле?..
Бир айтканы ок эле.
Кусалантып күлкүсү,
Куйкалаган чок эле.

Энеси да бейкапар,
Ээнбаштык жок эле.

Жолдош кылган ийнени,
Жөпжөнөкөй кийгени.
Өрмөк соксо жарашып,
Ошол эле бийлери.
Сайма сайып, чий чырмап,
Коуздочу дүйнөнү.

Шып-шып шоона тартканы,
Шырдак эле дастаны,
Кыз кыялын туюнткан,
Кийиз басып жатканы.
Сулуу эле өзгөчө,
Суйсалыңкы басканы.

Жылмайганы таш жарып,
Жүз бурса гүл баш багып.
Карегинен өрт чыгып,
Карышкыр да жазганып.
Көргөн жандар таңданган,
Кыргыз кыз!.. деп, тамшанып.

Акыл жактан байма-бай,
Ажарлары алмадай.
«Чалап» ичпей, сагызды
Жалжалактап чайнабай...
Кайда кыргыз кыздары?
Кагылайын каргадай!

Жибек мүнөз жез оймок,
Жан дүйнөсү уз ойлоп.
Керме тоонун кызы жок,
Кеткен белем койкондоп.
Олтурамын баш катып,
Ордун таппай ой толгоп...

Кардым ачат намыстан,
Каным качат намыстан.
Катын, кызы билинбей,
«Киргиз» болуп алышкан.
Каркырадай кыз кайда,
Карай берип талыткан.

Каны качып бетимин,
Кемип турат кешигим.
Боюн саткан кыздар тууп,
Боздоп турат бешигим.
Ата салтын бузушту,
Арман күн ай!.. катыгүн!

Ызылдашып чабышып,
Ысык канын тамызып.
Качан арак иччү эле,
Кары менен кагышып.
Таза туткан ыйманын,
Тумар кылып тагышып.

Арман арбын ызадан,
Ат болдук го тушаган.
Аруу мүнөз кыз кайда,
Ак шейшепчен узаган.
Ала-Тоосу саргайды,
Арыла албай кусадан.

Суу болбойлу сөз ээрчип,
Ит болбойлу көч ээрчип.
Тил туурамчы болбойлу,
Өз салтыбыз бөтөнсүп.
Жалжалактап ырдайбыз,
Жаттын ырын чеченсип!..

Ачуу сөзүн агытпай,
Айкөл сөздөн айтып жай.

Сүрдүү эле энелер,
Сөздөрүнө чаң жукпай.
Тейлеп турган кыздарын,
Тили менен мамыктай.

Эркектерден ийменип,
Эл алдында ийбелип.
Ээнбаштык кылба деп,
Энекеси дем берип.
Кыздар өскөн кашыктай,
Калк көзүнөн иргелип.

Байбичелер бөпөлөп,
Баскан эмес көчөлөп.
Балит сүйлөп бакырбай,
Бирин бири жетелеп.
Кепке жыккан энесин,
Кокус чыкса эселек.

Кылтыңы жок кымындай,
Кыйкырышып жулунбай.
Кыз каадасын сактаган,
Кымбат туткан буюмдай.
Акааратты айтпаган,
Ажосуна кулундай.

Аялзаты – улук деп,
Аялзаты – тунук деп,
Ажылдаган аял жок,
Ар бир сөзү – сылык, төп.
Кыл жугузбай өскүн – деп,
Кыздарына куруп кеп.

Кыздар тартып энесин,
Кымтыланып денесин.
«Ай!..» дегенден айбыгып,
– Адепсиз кыз дебесин,
Уят дешип элинин» –
Уккан эмес жемесин.

Ойлон, аял асылдар,
Опол тоодой затың бар.
Ойлон ишти кылганга,
Олуядай акыл бар.
Кайдан чыкты башым маң,
Каңкылдаган катындар.

Коргойбуз – дейт укукту,
Кепти айтып кычыткы.
Ылайыктуу иш кылбай,
Ынтымакты бузушту.
Акылы кем аялдар,
Арам жолду тутушту.

Эл үчүн – деп, «толготуп»,
Эл үчүн – деп, кол созуп.
Аялдар сурап киришти,
Кекиртегин бордошуп.
Энелер, ай!.. энелер,
Элечегин кордошуп.

Элге эне, атың бар,
Эрге сенсиң асыл жар.
Көпкөнбү, же билбеймин,
Көчөдөгү катындар.
Абайлагын ийниңде,
«Аял» деген башың бар.

Тик карабай эрине,
Тил тийгизбей тегине.
Өрнөк болуп кызына,
Өрнөк болуп элине,
Нарктуу болчу энелер,
Наалат айтпай бегине.

Эне тууйт былыкты,
Эне тууйт улукту.

Эне тили эмдүү тил,
Эне тили уютку.
Эби менен сактайлы,
Эне деген ыйыкты!

Эне болот кыз дагы,
Энесиндей кыздары,
Атаганат болсо ээ,
Айкөл, асыл, уз баары.
Болсо гана байыркы,
Байбичедей нускалуу.

Эл эмчектен сүт эмет,
Энеде бар – үч элес.
Жер, суу, күндүн турпаты,
Энеге эл ишенет.
Улуу дүйнө аялзат,
Үрө берген ит эмес.

Бarкты билсең тутуна,
Байыр алат кутуңа.
Байгамбарлар сыйынган,
Баш урунуп бутуңа.
Уламышсың энелер,
Үлгү болгун кызыңа?!!

***11.04.2008-жыл. Бишкек.***

## БҮГҮНКҮ АК ЧҮЧТӨР ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

***«Аялдар коомубузда зор күч,***
***бирок арасында бар – ак кол***
***жана ак чүч!..***
***Биз аларды сындасак жүрөгү***
***түшүп калмакпы,***
***Ансыз деле чыдап келдик,***
***кесе тиштеп бармакты...»***
***Мидин Алыбаев.***

Энелик асыл затың бар,
Эмнеге болсо акың бар.
Айбандык ишке баруугa,
Акың жок, бирок катындар.

Эл журттун нугу – асыл жар,
Эл курдум дешке акың бар,
Эмчек сүт берип эзелтен,
Эл курган – аял, асылдар!

Жашоого үлгүң жана бар,
Жараткан өзү сага – жар.
Сүтүңдүн жалгыз тамчысы –
Залкар тоо менен барабар!

Үч эле тамга атыңар,
Түбөлүк өлбөс жашыңар...
Аял, же эне дегенде –
Жер, Күндүн, суунун – заты бар!

Үч эле тамга атыңар,
Ушунча сүйкүм назыңар,
Аялдык ыйык турпатың,
Абанын, куттун – заты бар!

Жараткан мекен, эл журтту,
Жараткан уул, сен – кызды.

«Алтын баш» акмак эркектен,
Бака баш эне – сен мыкты!..

Аялдан чыккан бектер бар,
Аялдан чыккан – лөктөр бар.
Атагы жарып дүйнөнү,
Арманда өтүп кеткен бар.

Аялдан чыккан – шаалар бар,
Аялдан чыккан – залкарлар.
Аялдык наркка төп келбес,
Ар корун бирок саткан бар!..

Аялдан чыкса акылсыз,
Ага туш болгон – бактысыз.
Жынысы бирок, заты аял,
Энелик наамга татыксыз.

Аялдар болсо уяттуу,
Ал өлкө – эң бир кубаттуу!
Байыртан аял сактаган,
Бабадан калган мурасты.

Ыймандан аял кеткенде,
Ырысың тете – төккөнгө.
Койнуңда жатса, көрүнгөн –
Коломтоң тете өчкөнгө!

Күнүбүз дедик көктөгү...
Аялдын оор – сөккөнү.
Балчыкка тепсейт эл салтын,
Бийликке жетсе көпкөнү.

Энелик атка зарлар бар,
Энелик атын танган бар.
Эстей жүр – ыйык милдетиң,
Энелик наамын алгандар.
Эненин таман астында,
«Бейиш бар» деген байгамбар!..

* * *

А бүгүн көзүм тумандуу…
Айталбай ойду турамбы?!.
Тегибиз барат бузулуп,
Тепсеген сымал куранды!..

Аялды асыл туткамын,
Атына арбып суктануум.
Көбүнө кетем ишенбей,
Көбүнө чындай укканым.

Күнөөнү кимден табамын?!.
Күнөкер балким заманым,
Эсирип барат айымдар,
Эрине берип талагын!.

Он каттап тагып шуруну,
Оозунан түшпөй чылымы.
Очоктун мору жыттанып,
Окшутат сасып муруну.

Эсилип кири самындай,
Элөөрүп, күүлөп айгырдай.
Мыйзамчыл жандын жарлары,
Мылжыйып, күлүп маймылдай!

Кеп салса бири – жаңжалды,
Кеп салат бири – арманды.
Ээн баш баскан айымдар,
Ээ болбой эри калганбы?!.

Кеп кылса бири – көпкөнүн,
Кеп кылат бири – өпкөнүн.
Ойноктойт бири сыймыктуу,
Ойношу канча чөккөнүн.

Шарапка мөөндү сугарып,
Тилдери карыш чубалып.

Ажылдайт айтып ушакты,
Аягы чырга уланып.

Байлыгын анан санашып,
Бөтөштү жалап, талашып.
Кеңкелес сойку – сен, мен!.. деп,
Кете албайт деле тарашып.

«Абышкам менин чоң!.. дешип,
Меники андан зор» дешип.
Мелдешип, колун кармашып,
Калысы – бирөө кол кесип.

Эринен изин жашырып,
Элеңдеп, койбой басынып.
Түн катар болуп алышкан,
«Тигиге» алган татыгып.

Үйүнөн чыгып эртелеп,
Үргүлөп кайып, теңселет.
Үч-төрт күн жүрмөй адаты,
Үлпөтчү менен эркелеп!..

* * *

Берээрсиң суроо ким булар: –
Бедели бийик курбулар.
Зайыбы – «киргизбайлардын»,
Сийдиги – арам пулдуулар.

Берээрсиң суроо ким булар: –
Суусаган даңкка курбулар.
Мансапкор бектин зайыбы,
Элге эмес, пулга кул булар.

Болсо да тоодой айыбы,
Билинбей калган дайыны.
Деңге мас, дөөлөт сыймыкка,
Депутат лөктүн зайыбы!

Ойлору озуп кылымдан,
Обу жок даңкын урунган.
Жел өпкө көпкөн катындар,
Жер шарын – желдеп кыдырган..

Саякат жөйүн кызыткан,
Самолёт минип учушкан.
Тырмашка жерин кычышкан,
Таап алган кооз мышыктан.

Лифчигин издеп келишкен,
Лондонго заказ беришкен.
Көчүгүн чайкап килеңдеп,
Көчөдө «Тивист» тебишкен.

Бааланып деле кадырман,
Париждеи духи алдырган.
Апакай тишин жулдуруп,
Алтындан азуу салдырган...

Мейли деп болсо жан курман,
Мекеден замзам алдырган.
Осмону алып Делиден,
Ойноштун моокун кандырган...

Чайнектен алтын – чай куйган,
Чилиден кофе алдырган.
«Ашыгы» үчүн нан алган,
Араптар салган дандырдан!..

Уюшуп общий домуна,
Ырдашып общий хорун да...
Кардардын таап зоотунан,
Калышат общий сообуна.

Андайдан балким акпыз дээр,
Андайдан деле жатпыз дээр,
Бар беле кыргыз элинде?
Бүгүнкү коомдук ак чүчтөр?!

Коргоочу салтты энесиң,
Колуңдан келет жакшы иштер!

* * *

Акыры өлкө кыйрайбы,
Адамды басып муң-кайгы.
Эркиндик деген эмине,
Элдеги ыйман турбайбы?!

Эзелтен кыргыз көксөгөн,
Энелик милдет көп деген.
Аялды сыйлап, ардактап,
Алдынан кыя өтпөгөн.

Барк, баасы кетип арактан,
Балит иш жасап тажаткан.
Бар беле бизде аялдар,
Бабасын жерди караткан?!.

* * *

Толтура кылган айыбы,
Тоноп жеп элди байыды.
Көчөлөп жүргөн шапар тээп,
Көпөстөрдүн зайыбы.

Ар кимге калып балдары,
Асылкеч, шоок жан жагы.
«Арстандардын» зайыбы,
Азаптуу кийген дамбалы!..

Кылабы, БОМЖ кесирди?..
Жүрбөйбү, таппай кепинди.
Жогорку жактын айымы,
Жоругу өтө кесирлүү.

Бир кесим нанга зар болуп,
Жүрбөйбү жесир кар болуп.
Тулкусу – алтын жасалга,
Туйтунган булар кан соруп.

Бектериң муну билбейби?!.
Билишет – тескей, күңгөйдү.
Базарчы кылып аялын,
Билмексен болуп жүрбөйбү.

Өксөө – деп айтпай өксөөнү,
Бөксө – деп, айтпай бөксөнү.
Аялы турат билгизип,
«Алкаш!» деп бийдин өздөрү.

Каталык – бизде, сизде да,
Каргыны тактык итке да.
Ата журт үчүн кам көргөн,
Адам жок салаар из даана!
Актанат «жакырчылык» деп,
Акылга жакыр система!..

* * *

Акыры айтсак чындыгын,
Асылсың аял – кургурум!
А бирок, тарта жүргөн оң,
Аз-аздан тизгин чылбырын.

Кыз менен арак чегишсең,
Уурдатып уулга көп ичсең.
Э, кокуй!.. текке кетпейби,
Энелик сүтүң эмизген!

Түн катып жүрсөң мас болуп,
Турсаң да пулга, бак конуп.
Уялыш керек аялга,
Улгайган сайын сак болуп.

Сурадым дагы комуздан: –
Олоң чач кыз не болушкан?!
«Чач менен кырккан ырысын, –
Ал айтты – келген орустан...»

«Салт кайда – дедим – асылым?!
Тоом айтты мага «акырын: –

А бүгүн калдым таанybай,
Эркеги менен катынын!..»

Сурадым ата конуштан: –
«Эл кайда барат о, кутман?!
Ал айтты мага «катындар –
Эринин эри болушкан!..»

Уялчаак эле кыз бала,
Урмат-сый кылган журт ага.
Салт санаа кетип аялдан,
Сийүүчү болду тузга да!..

* * *

Энени көрүп кыз өсөт...
Ээси без болсо куш безет.
Ынтымак элде болбосо,
Ыйманы качып, кут кетет.

Аганы көрүп, ини өсөт,
Ырысын ачуу – тил кесет.
Так билгиң начар болгондо,
Тагдырын элдин ким чечет?!.

Эр көпсө – элге залалы,
Эл көпсө – урайт дарагы.
Аялдар көпсө, деп айткан –
«Акыры кийет караны!..»

«Энесин көрүп кызын ал,
Эшигин көрүп, төрүнө өт.
Хан, бегин көрүп, калкын көр,
Канына сиңген салтын көр.
Эл даңкын эске тутуп ал,
Жакшысын таап тукум ал»
Деп айткан ата-бабабыз,
Эл журттун ачуу тузу – бал!!!

***16.02.2003-жыл. Бишкек.***

## ЖЕЛ ТАМАН, ШАЛААКЫ ЖӨНҮНДӨ

Катыны болгуча көчөнүн,
Кадырын алгыча Көкөңүн…
Көйнөктүн этегин бүрсөңчү,
Көрүнүп жатпайбы көтөнүң?!

Жанжөкөр жандагын, күлгүнүң,
«Жалпы үйгө» жалжаңдап киргиниң.
«Көк сууну» көөкөрлөп ичипсиң,
Көрүнүп жатпайбы киндигиң.

Көчөдө жүрөсүң шалпактап,
Көрүнгөн көп өкчөп чакмактап.
Ит жалап, ит сийип жатпайбы,
Идишиң ар кайда шалтактап.

Ботулдап жамалың боёлгон,
Жан кумар аласың оёндон.
О кокуй, моюнуң кокочо,
Төө куштай тартайып тонолгон.

Жел таман, жасалма «сыйың» көп,
Аныңды соодалап тыйын көп…
Ботулдап төшөгүң жыйылбайт,
Балаңдын маңкасын чымын жеп.

Капкара жүзүң да, ичиң да,
Жаман дарт жугузган изиң да.
Ак болсо, сыртың да, ичиң да,
Аялдык – асылдык ушунда.
Жер, Күнгө барабар күчүң бар,
Жел таман атыгып, бузулба?!.

***22.02.2003-жыл. Терек-Суу.***

## АБЫСЫНДАР

Жумуртка сымал кыры жок,
Жылытаар жанда нуру жок.
«Абысын» деген оору бар,
Атынан башка жугу жок.

Ар кимге келет ар башка,
Ажылдап итче кармашпа.
Айыгыш андан эң кыйын,
Абысын дарты жармашса.

Аңтарып, аңдып изиңди,
Ал коёт санап тишиңди.
Көркөмдөп жоруйт эрине,
Көрө элек жаткан түшүңдү.

Көмүскө аңдып жулукту,
Көбүртөт сөздү жугуштуу.
Кычыктап турса заар тил,
Качпасын кантип ырыскы.

Көралбай жакшы жагыңды,
Көралбай тапкан багыңды.
Бир бирин көөлөп абысын,
Билгизбей сорот каныңды.

Тымызын күүлөп эрлерин:
«Түгөйүм болсоң сен менин,
Тыйып кой, ага-жеңеңди,
Түз жүрсүн алып, бергенин!..»

Эрине айтып «арманын»,
«Эгер сен болсоң алганым…
Тыйып кой, келин, иниңди,
Тынч жүрсүн, билип дарманын!..»

Айыпты таап атадан:
«Арылтсын бизди кападан.
Калыстык кылып, жөн жүрсүн,
Кагып кой, коркпой апаңан!..»

Өзүнчө тигип өргөөсүн,
Өзгөртүп тажаал өң-бетин:
«Таз экен тигил бетпактын,
Таяке, жээни келбесин!..»

Баласын күүлөп балага...
«Бар, кеткин айткын мамаңа.
Көлдөтүп сийип кетиптир,
Көк дөбөт келип чарага...»

Экиге бөлүп тууганын:
«Эркексиң, айткын куурадым.
Тындырбай деле көп келет,
Төркүнү шалтак Зууранын...»

«Көтөрүп бир ууч талканын,
Эримсиң, айткын чарчадым.
Достору деле көп келет,
Тындырбай Дилбар маңканын...»

Ит көрсө көрүп беркиден,
Көз чыкса, көрүп керкиден...
Абысын дарты ириңдеп,
Ал тайып барат мертинен.

Эрегиш – анын мүдөөсү,
Эп көрөт аны күйөөсү.
Атадан калган мураспы,
Абысын деги – ким өзү?!.

Аялдын жеткен жүдөөсү,
Аялдын жеткен түгөтү.

Абысын болуп алышат,
Аялдар жаман мүнөзү!..

А бирок, сөздүн жүйөсү,
Алардын балким күнөөсү...
Тексиздик кылып жатпайбы,
Тебетей катын күйөөсү!

* * *

Аялда – бакыт ырыскы,
Аялдар улайт урукту.
Эзелтен аял даңктаган,
Эл кылып сактап улутту.
Аялдын билбейт жакшысы,
«Абысын» дартын жугуштуу.

Айыңдаш жеңе, келинде,
Арамдык, кастык кебинде.
Абысын дарты болбосун,
Абалтан бери элимде.
А бирок, болуп жүрбөсүн,
Айыптын баары – эринде?!.

***14.07.2003-жыл. Бишкек.***

## ЭНЕЛЕРГЕ

Асылсыңар, айланайын энекелер!
Ай, ааламды бөксөртпөс, берекелер.
Андан адам арбыбайт туубай жүрчү,
Акмакты бир эл-журтуң келекелээр.

Энекелер, дүйнөнүн туткалары,
Эл тукуму, элине кут – карааны.
Атасынын төрүнө төрөп койгон,
Туубай койчу ар-кору жок кыз баланы.

Мээрим жактан эч нерсе жетпес сага,
Тилейсиңер берсе деп, перзент гана.
Чурайыңды зиңкийтип сөгүп турган,
Чурку болсун туубачы эркек бала?!

Айыкпаган жүрөктүн бир жарасы,
Айбан чыкты деттирбе бул баласы.
Аңдан көрө куу баш өт энекелер,
Ак сүтүңдү бир итке булгабачы?!

Согончогу канабай өттү дешээр,
Билем оор, жан дүйнөң өксөп өтөөр.
А көрөкчө туубас бол, энекелер,
Бир канкорду төрөбө түпкө жетээр?

Баланы бул мынча не жерийт дебе,
Баштан өтпөй туруп да кейийт беле?
Бейпайчыны энелер төрөбөчү,
Бир айбандан кыргызың кемийт беле?!

***10-август, 1993-жыл. Терек-Суу***

## ТАЖААЛ ЖӨНҮНДӨ

Итти айтабыз, иттигинен капты деп,
Битти айтабыз, биттигинен чакты деп.
Аялдардын бирок, ити, бити бар,
Ага бирдей – жаман кеп да, жакшы кеп.

Көбүк, бетке, шилекейи чачырап,
Көт чучугу түшкөн чөөдөй бакырат.
Көк беттенип көчүк башын койгулап,
О, кокуйлап, кошунаны чакырат.

Жаагын безеп, илбей көзгө эч кимди,
Жалаа жаап, жабыштырып – кепширди.
Өзөгүнө чыккан чыйкан эринин,
Өзү болсо көчөдөгү бир жинди.

Ындыны өчүп, ичкен ашы иримдеп,
Ичтен ооруп, сырт жагынан күлүңдөп.
Эр сөрөйү – өлүү эмес, тирүү эмес,
Өксөп өтөт өмүрүнүн гүлүн жеп.

Жакшы аял – жаман эрди куш кылат,
Жаман аял – жакшы эркекти мыш кылат.
Бу тирдигиң эриш аркак турбайбы,
Бир жаманга, бир жакшыны туш кылат.
Бал махабат, байкуш нике деген бар,
Бул экөөнүн баарын чечет ынтымак!

*19.02.2003-жыл. Терек-Суу.*

## КЫЗДЫ КӨР, ТЕҢИР-ТООНУ КӨР

Тоолор көп, тоонун тоосу бар,
Теги чылк алтын, коозу бар!..
Туптунук менин Теңиртоом,
Дүйнөгө Теңир тоо сымал!

Тоолор көп, сүйкүм чырайы,
Койнунан чыккан – Күн, Айы.
Теңебейм аны эч кимге,
Теңиртоом тоонун кудайы.

Таш тура дебе денеси,
Таалайдын айкөл – элеси.
Кыргыздын эмген эмчеги,
Кыргыздын – ата, энеси!

Атыры аңкып буркурап,
Асканы аймап – гүл турат.
Бир-бирин туурап шыңгырап,
Бир эмес агат миң булак.

Асканы булут өпкүлөп,
Ак булак ташты тепкилеп.

Кыйкуулап өтсө керимсел,
Кытылдап – шибер, чөп күлөт.

Адыры жылдыз кучактап,
Ак марал – зоолор бут аппак.
Тиздеген төөдөй борчуктар,
Төштөн суу кулайт бурчактап.

Төрт түлүк батпай койнунда,
Төгүлүп байлык ой кырда!
Мөлтүрөйт жылдыз белесте,
Мингендей төөнүн мойнуна.

Жайында – гүлүн, өрдү көр,
Кыздагы анан өңдү көр.
Келбети Теңиртоонун ал,
Күзгүдөй күмүш мөңгүлөр!..

Кышкы тоо – катар мөл чүрөк,
Кылкылдап аппак өрт күйөт.
Кызды көр, Теңиртоону көр,
Келбети сүйкүм мөлтүрөп.

Турпаты менмин жаралган,
Турпактан болот анан жан...
Кара таш ар бир кыргыздын,
Кареги болот кадалган.
Теңирим – кыргыз төрөлгөн,
Теңиртоо деген адамдан!!!

***27.04.2003-жыл. Терек-Суу.***

* * *

Аял үчүн жылкы тийип өрүштөн,
Аял үчүн – элдин канын төгүшкөн.
Эл бузулуп, эрегишип чабышып,
Эрөөлдөргө эрлер чыгып өлүшкөн.

Аял үчүн – касташкандар элдешкен,
Аял үчүн – башын сайып мелдешкен.
Аял үчүн бир өлкөнү бүт берип,
Ажо өлүп, эли тентип, жер безген.

Кыргыз – ата кыя баспай аялдан,
Акыл сурап, аялдарга таянган.
Аялдарды кем көрбөгөн тоосунан,
Аял үчүн жанын берип, жан алган.

Кыргыз ата төрүн берип конуштан,
Аялдарды суук көздөн корушкан.
Ата журтун урматташып, аластап,
Ар бир аял – Умай эне болушкан.

***13.03.2004-жыл. Бишкек.***

## АЯЛДАР ЖӨНҮНДӨ АК ДИЛ

***»...Энем болуп калганың үчүн,***
***ким болсоң да ыйыксың!..»***

Аял дейбиз, ким болсоң да жалпыңы,
Ичинде бар – калайы да, алтыны.
Акыл калчап энеликти билебиз,
Аял деген ыйык ысым аркылуу.

Аял дейбиз жоолукчандын баарысын,
Ай-ааламга тете келет ал ысым.
Эгем-жердин жүрөгүндөй туямын,
Энелердин жүрөгүнүн кагышын.

Аял табат, аял багат бактыны,
Аял коргойт, аял кордойт тактыңы.
Жаманыңа, жакшыңа да себепкер,
Жаман аял – жаман кылат жакшыны.

Өрдө – өбөк, ылдый түшсөң – таягың,
Ырысың да, ыйманың да – аялың.
Эркек деген болсо анын тамыры,
Эне, аял – мөмөлөгөн дарагың.

Эне – дүйнө, көз кайкыткан кенендик,
Эне болуу – улуу уздук, чебердик.
Аял деген адамдын бир бөлүгү,
Эне болуу – жердей болуу дегендик.

Жерде кыйроо – күч болбосо эгемде,
Эне деген үч тамганы эгерде...
Жерди койсок үч жеринен тиретип,
Эне болмок түркүк болуп беренге.

Ооба, ошондой аял деген үч тамга,
Тирөөч болмок тиреп койсок асманга.
Эгем эгер буйрук берсе энелер,
Күчү жетмек – жерди алып учканга.

Эне десе – биз жашоону билебиз,
Табиятты энебиз деп, жүрөбүз.
Аба, күн, суу – энеликке таандык,
Биз аларсыз кантип өмүр сүрөбүз.

Сен бейишти издебегин эч жерден,
Эмген эмчек, энең бейиш сүт берген.
Эгем бизди жараткан – деп, жүрөбүз,
Эне менен жашоо түбү – түптөлгөн.

* * *

Кудайдын өзү – энебиз,
Кудайдын сөзү – энебиз.
Кудайга эне барабар,
Кут көрүп сөзүн өлөлүк!

Жаадымда энем маа кудай,
Жазасы – кудай жаалындай.
Энесиз өтүп кетмекпис,
Кудайды деле тааныбай.

Сыймыктан сүйкүм энеге,
Сүйүүнун салты – энеде,
Жалгоосун алсак эненин,
Жагабыз анан Эгеме.

Сүйсөң – сүй, күйүп энедей,
Күйсөң – күй, сыздап энедей.
Сүтүндөй аппак сүйүүсү,
Сөөгүндө кир жок кенедей.

Сүйүүнун болот көп түрү,
Сүйүүнүн болот мезгили.
Энедей жулуп жүрөгүн,
Эч качан бербейт эч кими!..

* * *

Аялсыз – жолдон азасың,
Аялсыз – шорго батасың.
Аялдын алгын тазасын,
Аялдын алгын батасын.

Аялда – урук, угутуң,
Аялсыз жашоо курусун.
Аял бар жерде сулуусуң,
Аялың менен улуусуң.

Аялга жашоо – байланган,
Аялга жашоо – жалганган.
Аялдын өзүн Күн десек,
Жер шары – адам айланган.

Аялдын сөзү керемет,
Алкаса адам көгөрөт.
Гүлдөтүп турган дүйнөнү,
Төрт бурчу аял – төгөрөк.

Аялдын өзү – таң аткан,
Аялдын пейли – бал аккан.
Ай-аалам көрксүз болот – деп,
Аялды сулуу жараткан.

Аялзат кылы – комуздун,
Аялзат – үнү добуштун.
Тирдикке аял – көпүрө,
Түндүгү үйдүн, зор устун.

Энең да чыккан – аялдан,
Атаң да андан жаралган.
Адамзат жолун улаган,
Аялзат – өмүр, аял – жан.

* * *

Жашоого таштап кадамды,
Жараткан ата-бабаңды.
Омуртка сөөгүн сыздатып,
Обо эне тууган адамды.

Ичирип өмүр суубузду,
Ыргалткан ыйман туубузду.
Мээрман эне төрөгөн,
Мухамбет, ыйык Иисусту.

Эрезе жеткен кайбарлар...
Өрт коюп өлгөн айбандар...
Ошолор чыккан энеден,
Олуя, Султан, байгамбар.

Мейличи аял – ким болсун,
Аткан таң, мейли – түн болсун.
Ал аял – сенин энекең,
Ал менин энем – бир боорсуң!!!

* * *

Мен билбей балким жүрөмүн...
Ойлойсуң ойдун төмөнүн.
Тырмагым менин ооруса,
Энеке, ооруйт жүрөгүң.

Энекем, эркиң болоттой,
Эл укса, көрөөр жомоктой.

А көрө мени ал – дейсиң,
Ажалды мага жолотпой.

Эр жетсем деле коруйсуң,
Эмчегиң сыздап, жок уйкуң.
Жаадырап көргөн түшүңдүн,
Жакшысын мага жоруйсуң.

Энелик ыйык кумарың,
Энчиме бүткөн тумарым,
«Астыңа кетсем экен!» – деп,
Алкаган сөзүң угамын.

Чиймейген чийдей бүчүрдөн,
Чыгардың дарак дүкүйгөн.
Кагылам, энемаралдым,
Кутулам кантип сүтүңдөн.

* * *

Ийнелеп тешсем асканы,
Имерип келсем асманды,
Ак сүтүң актаар бекемин,
Агарса мейли чач дагы.

Кебездей ташты жумшартып,
Керме тоо турса бой балкып,
Карзыма берем энеке,
Каймагын жердин бүт калпып.

Жүрөмүн жакшы ой тутуп,
Жүрөктү санаа-ой кысып.
Кайрымы болоор сүтүңдүн,
Калкымы койсом тойгузуп.

Эгемдин сүрөп камчысы,
Энемдин тийсе алкышы,
Зор булак болот энеке,
Сүтүңдүн жалгыз тамчысы.

Тамчылай берип – күн бүтсүн,
Таң ата берип – түн бүтсүн,
Ааламды чыгам айланып,
Ак сүтүң үчүн бир бүркүм!..

* * *

Аялга – арзып ашыкпыс,
А бирок, күн жок ак кушсуз.
Эрки бош далай сулуу бар,
Энелик атка татыксыз.

Куштарбыз сулуу айымга,
Куту бар, төшөк, чайында.
Көз тойбойт бирок, чунактын,
Кыялы менен жаалына.

Үргүлөп, күлүп жылмайып,
Үлпүлдөп койсо жыргайбыз.
Келбетин эле сүйөбүз,
Кепширлик кылса куурайбыз.

Аял бар, жанга жагымдуу,
Ал кармап билет тамырды.
Эркекке жубай болуу парз,
Эне деш кыйын баарыңды...

Жакшы аял – көчтүн башында,
Жакшы аял – сөздүн башында.
Эл башы, элдик аял бол,
Энелик атка жашынба?!

Жалыны аял – очоктун,
Жакуту аял – мончоктун.
Периси аял – бейиштин,
Кылычы аял – тозоктун.

Жакшыга аял жарашат,
Жаманы жерди каратат.
Жактырып калса, көзү эмес,
Жүрөгү менен карашат.

Жакшысы жардын күндө – кыз,
Жагымдуу жанга – гүлдөп уз.
Жаманы анын – күң турмуш,
Жаманы анын кул турмуш.

* * *

Айкөл деп, аны макташат,
Асылы ыйман сакташат.
Уурулук жаман аялга,
Уйгактай кетпей чапташат.

Жыргаткан жылуу назы бар,
Желаргы жыттуу заты бар.
Жабыксаң жыртык – тешикке,
Жамаачы болот – жакшы жар.

Ээн ооздук – деген чоң оору,
Ээн ооз аял – оңобу?..
Эл бийлээр балким, а бирок,
Энелик даңкы жогору.

Тукумсуз – оору, дарт болот,
Туяксыз деген ат конот.
Өрнөктүү өмүр сүрсө да,
Маанайы дайым пас болот.

Жакшынын аял – жарчысы,
Жан жолдош эмес, калпычы.
Жоболоң күндө – жакшы жар,
Жигиттин болот камчысы.

* * *

Албуутсуң, бирок энесиң,
Аялдык жактан жеңесиң.
Ээн тил көөлөп жатпайбы,
Эненин ыйык денесин.

Зулумсуң, бирок аялсың,
Сулуусуң, бирок аярсың.
Сүткорсуң, сараң, ач көзсүң
Баарына дайым даярсың.

Билесиң – жанды бакканды,
Билесиң акча тапканды.
Сүтүңө кошуп жибердиң,
Сойкулук деген какмарды.

* * *

Энелик жагың – албан кут,
Аялдык жагың андан кут.
Өмүрдү чаап садага,
Өзүңө гана арбалдык.

Энени жыкпа – күнөөгө,
Энени кошпо – жүдөөгө.
Энелик баркка татыктуу,
Энекем менин бирөө эле!..

* * *

Ордосун жоонун сапырган,
Оёндор чыккан катындан.
Ошонун эне бир аты,
Олуя кулак жапырган.

Сүрү эле жоону качырган,
Ок болуп сөзү атылган.
Ошонун аял бир аты,
Орошон султан баш урган.

Зулумга башын ийбеген,
Суусата сөздү сүйлөгөн,
Ошонун чечен бир аты,
Ошо да өткөн дүйнөдөн.

Эрлердин ишин аткарган,
Эмгеги менен даңкталган.
Эмизип жүрүп баласын,
Энелер элди башкарган!..

* * *

Күлкүсү кышты жаз кылып,
Кумарды турса арттырып.

Гүлдөйсүң кыраан куш болуп,
Колуна конгон талпынып.

Келбети куудай созулуп,
Келбетке назы кошулуп.
Кер марал болуп турса ээ,
Көзүнөн сыры окулуп.

Толукшуп тоонун кызындай,
Кулпуруп тоос кушундай.
Аялың аткан таң болуп,
Алдыңдан чыкса утурлай...

Аттиң – ов, андай күн кайда,
Миң жайды жашап бир жайда.
Жалтанбай өмүр сүрмөкпүз,
Жашоого келип миң кайра!

Жан-жөйдө болуп тунуктук,
Жалбыздай жыты бурукшуп,
Дүйнөсү сулуу, жөнөкөй,
Жар болсо күндөй булутсуз.
Жашагың келе бермек ээ,
Жашообуз болуп бир укмуш!!!

***12.03.2004-жыл. Бишкек.***

* * *

Кырк чачы улуу – кыздардын,
Кылыгы сулуу – кыздардын.
Гүлдөтөт нуру – кыздардын,
Көксөткөн гүлү – кыз жандын.

Күндү көр – кыздын көзүн көр,
Кызды көр – жердин көркүн көр.
Гүлдү көр – кыздын жүзүн көр,
Ааламды... кыздын өзүн көр!

Тазалык жагын кыздан көр,
Тунуктук жагын – кызга бер.

Назиктик жагын – кыздан ал,
Кыздарды сыйла, куштап ал!

Тоо көрсөң кызга – окшоштур,
Тотукуш балким окшоштур.
Дүйнөнү турган коолдоп,
Дүйнөдө кыздай уз жоктур.

Жердин да – бөксө, тоосу бар,
Анын чөл, анан коозу бар,
Адамдын кыздар сыймыгы,
А бирок, кыздар... кыздар ай!
Аттиң ай! анын «но-су» бар!

*13.03.2004-жыл. Бишкек*

## КЫЗДАР АЙ!

Биринен бири сулуу,
Биринен бири сүйкүм.
Бири күн, бири нуру,
Бу кыздар, эмне чиркин!

Биринен бири чүрөк,
Биринен бири көркөм.
Бири суу, бири мүрөк.
Жылдызбы түшкөн көктөн.

Бири гүл, бири жыты,
Биринен бири жыпар.
Дүйнөнүн назы ушу,
Дүйнөнүн куту – кыздар.

Биринен бири устат,
Бири сүт, бири май көл.
Биринен бири кылдат,
Биринен бири айкөл.

Бири тоо, бири өзөн,
Биринен бири көсөм.

Мээрими, сүйүүсүнөн,
Мөлтүрөп дүйнө бүткөн.

Жаралган неден деги,
Жаадырап асыл – теги.
Күмүштөй таза – сөөгү,
Калкымын перилери.
Кыздар ай!.. кыргыз кыздар,
Кай кудай берген сени!!!

***13.01.2004-жыл. Бишкек.***

## АЙ КИМ БИЛЕТ...

Ай ким билет, эмне болот аягы,
Арбын эле аялдардын баяны.
Айыңдашып, айтпаса экен өзүңдү –
Аялдардын ушул дешип чаяны.

Аялды айтат «Өлкө дешип калаалуу»,
Аялды айтат «өмүрдүн деп – дарагы.
Айыл сени айтпаса экен асылым –
«Аялдын – деп, албууту да, аяры!..»

Ооба секет, мөлтүрөгөн чолпонум,
Өңүң сүйкүм, өңүң сулуу сопсонун.
Акыл-оюң андан бетер туптунук,
Кыялыңан... не болот деп коркомун.

Жарашканда ит кыялың жүзүңө,
Жайнап – тийип ай-ааламдын жүзүнө.
Ошондо бир сен барабар болмоксуң,
Ободогу жалгыз күндүн күчүнө ээ.
Кулдук уруп турмак анда адамдар,
Кудай таала сымал сезип өзүңө!
Асылым ай! Бирок...

***13.01.2005-жыл. Бишкек.***

## ЖЫТЫНДАЙ ЖЫТЫ ЖАЛБЫЗДЫН

Жытындай жыты – жалбыздын,
Жытындай жыты – бал кыздын.
Күн дагы сенден уялат,
Күлмүңдөп койсоң – Ай турсун.

Жылаңач жатсаң ойгонбой,
Ким болсо ашык болгондой…
Жылдыздын алып Чолпонун,
Жаткырып эле койгондой.

Коёсуң кантип арбалбай,
Көзүңдөн оттук жангандай.
Капкара секет карегиң,
Карагат тагып салгандай.

Мойнундай мойнуң аккуунун,
Мөлтүрөп турат алкымың.
Чубуруп кеткен күмүштөй,
Шыңгырайт күлкүң – алтыным!

Тиш жоктур сенин тишиңдей,
Тизилген бермет түсүндөй.
Кара каш, чачың балбылдап,
Капкара калтар – бүтүндөй!

Койкоюп мурдуң кылычтай,
Кылыгың суусун – кымыздай.
Кылгырып көзүң, кымча бел,
Кош балтыр аппак булуттай!

Орто бой бүткөн затыңа,
Оймок ооз, чап жаак татына.
Алтындын кени жаткансыйт,
Алмадай асыл башыңа.
Бир күнү жатсам оролуп,
Билектей олоң чачыңа!
Аттиң ай! аттиң, аттиң аа!!!

***27.02.2005-жыл. Бишкек.***

## АЯЛ ЖӨНҮНДӨ

*«Алыс жүр аялдардан колдон келсе,*
*Эмесе, аял деген кыйын нерсе».*

*(Шота Руставели)*

Чынында аял деген кыйын нерсе,
Чатырап күндөй чыгып нурун төксө.
Жанында жаткан кезде кылыксынып,
Жүрөктү бергиң келет сууруп чыгып,
Түшөсүң туткунуна турбай көпкө.

Акылы акыл да, анан сырга сараң,
Айланып жалынбаган кимдер аган.
Жыландай кучагына орой алып,
Сырыңды магдырата сорот канып,
Аярлап аша турган миң бир дабан.

Эркек жок аялдарга эрибеген,
Аялдар – ак дүйнө деп сени келем.
А бирок, аярланбай, акчыланбай,
Алдабай жүрөгүмө такты салбай,
Асылым жүргүлөчү чеги менен...

Жалбартып Жердей күчтүү кубатыңар,
Жанымды, жайкап гана турасыңар.
Алдейлеп, элчи кылып амалыңды,
Аргасыз сүйдүрөсүң жамалыңды,
Акыры ак жолумдан бурасыңар.

Чынында аял деген улук экен,
Алдына чөгөлөткөн эрди нечен.
А бирок, аппак болсо жубайына,
Алдатпай аялдыгы чырайына,
Андайын улук сезем, тунук сезем!

## КАТ ЖАЗГАН КЫЗ

Кирпиги кагазга тигилип,
Карагат кареги күбүлүп.
Калкытып кыялга денесин,
Кат жазат жаш сулуу үңүлүп.

Калемге жүрөгү илинип,
Шилтесе шыбырап тилинип.
Айтылган сырларды канынан,
Ак кагаз үлгүртпөй шимирип.

Кубаныч, өкүнүч тиркелип,
Ойлору тизилип чиркелип.
Күрүчтөй мөл сүйүү жазылды,
Махабат ойгонуп түйшөлүп.

Эстеди коңур күз учурун,
Кыроолоп өң жойду кызылын.
Кылкылдайт төгүлүп кетчүдөй,
Жаш ээлеп кош көздүн кычыгын.

Кайрадан суйкайды жамалы,
От үйлөп сүйүүнүн шамалы.
Алоолоп бүткөн бой ансайын,
Жаштыктын илеби тарады.

Жаным деп күбүрөйт ичинен,
Жалбарып, карааны изинен.
Канатын каккылайт махаббат,
Кептердей кагаздын бетинен.

## КЫЗДАРСЫЗ

Кыздарсыз кырчын курактар,
Кулпуруп кайдан кылактаар.
Шыбырын туурап, шык курап,
Шылдырап аккан булак да ал.

Аңкыбас жыты гүлдөрдүн,
Авазы болбос үндөрдүн.
Жылдыздай жым-жым тиктешкен,
Жыргалы болбос дүйнөнүн.

Табият тартып сузуна,
Татыбас турмуш тузу да.
Бул дүйнө өтөөр ый менен,
Булуттай жашы сызыла.

Саргайып тоонун ыраңы,
Сайрабас булбул бу дагы.
Үңкүйүп өтөөр акындар,
Үйлөрдүн күйбөй чырагы.

Жок болмок жашоо тирдикте,
Жүрөктө сүйүү, гүлдү искөө.
Жоругу жүрөк бийлеген,
Жоодурак кыздар – Күн бизге.

## КЫЗ ДЕГЕН

Жанып өчпөс жалын тура кыз деген,
Жүрөгүңө жан шериктик издеген.
Торуң барда тотусуна жайып кал,
Эй жигит, ай, эки чыкпайт тиш деген.

Биздин күндө бийик тура кыз деген,
Бийигинен булут үзүп искеген.
Ууз кезде ууртунан жыттап кал,
Учур өтөт, биз өчөбүз тизмеден.

Жанар тоодой жанып келер куражтар,
Жарыгына жаштык жибин улап кал.
Ак куулары айдың көлдүн кылактаар,
Анда сенин кара чачың бубактаар...

Бийиктеги булут тура кыз деген,
Бу тирдиктин бактысы экен бүтпөгөн.
Жазгы күндөй жаш өмүрдүн жамгыры,
Жаратылыш коoздугун издеген.

## КЫЗ КҮЛКҮСҮ

Кыз күлкүсү оттой жанып адатта,
Ууртунан кызыл жалын тамат да.
Жосундары жүрөгүңө от коюп,
Жаштык жалын каптап калат заматта.

Алоолонуп каптай берсе жалыны,
Айландырат көк иримге жаныңы.
Андан кийин ала салып ойногон,
Алар өзү айдың көлдүн балыгы.

Кусалантат кыз күлкүсү бир кызык,
Кокус кетсе көл түбүнө зыргышып.
Карма жигит булактатып бактыңды,
Кайра-кайра кайырмагың ыргытып.

* * *

Барабыз бакка күн үзбөй,
Бакытка шерик гүл искей.
Шыңк этип койсоң гүл бакча,
Шыңгырай түшөт күмүштөй.

Жибектей кара чачыңа,
Жарашып мүчөң татына.
Жалжылдап турсаң жан эркем,
Жаш кошом жыргап жашыма.

Кыймылың лира күчүндөй,
Кыялың сүйүү бүтүндөй.
Колуңдан кыссам чатырайм,
Гүл ачкан жаңы бүчүрдөй.

* * *

Кайра-кайра саатыңды каратып,
Мүнөтүңдү, секундуңду санатып.
Зарыктырам шашпа жигит дептирсиң,
Сеп алдырбай сагындырып, саматып.
Сен махабат менден узап баратып…

Көңүлүңдү миңге бөлүп саматып,
Түшүңдө да, өңүңдө да жанашып.
Убайлантам уйкуң алып дептирсиң,
Кыялыңда мени бирөө талашып –
Сен махабат менден узап баратып.

Сезимиңе түркүн ойлор жаратып,
Жүрөгүңдү айыктырып канатып.
Сынабасам эркиңди бир дептирсиң,
Сүйүп-сүйбөй, кээде жерди каратып.
Сен махабат менден узап баратып…

* * *

Төшөктө жалгыз жатпайм дайым эле,
(Кызык ой – менин жарым кайып эле)
Каралап көз ирмесем кучагымда,
Кадимки аппак төшүн жайып эле.

Көрүнүп калы алма бетиндеги,
Жалбарат кирди жууп сезимдеги.
«Бактым» дейт бажырайып улутунса,
Балкып бой араң турам эзилгени.

Көз жумсам канча жолу улам-улам,
«Келбейсиң сагындым» дейт угам-угам.
Буруксуйт кыз кездеги таза жыты,
Мен унуткан узак жыл арасынан…

* * *

Жашоодо бир эле Күн, бир эле Ай,
Бир жылда бир эле жаз, бир эле жай.

Өзүмө энчилебейм эч кимисин,
Өмүрүм сени менен турмушу бай.
Бактым ай!
Бир күлкүң мага күн да, мага жаздай!

Бир жылда бир эле күз, бир эле кыш,
Бактыма жандоочум да бир эле кыз.
Күз-кыштын кейип койбойм кымкаарына,
Өзүңсүз өмүрүм сыз, көңүлүм суз,
Тирдигим жут,
Тирүүмдө сүйбөй кетсең жүрөгүм муз.

## ҮЙ-БҮЛӨ

Мен чындыкка тутка деймин аялды,
Мен чоркокко уста деймин аялды.
Ушул аял отун жагып, үй тигип,
Ушул аял адам кылган адамды.

Мен аялды коркута албайм тик карап,
Мен аялды жыга албаймын күч сынап.
Аял деген үч тамганын өзүндө,
Ай ааламды солкулдаткан күч турат.

Чөп жабышса кокус эле ийнине,
Терип-тепчип, түшө калып үйрүлө.
Мен аялдан көпөлөктөй айланам,
Аялдуу эр, жакшы тура үй-бүлө.

Жазмыш салса оор жүктү ийниңе,
Жамакташып бири дыйкан, бий бирөө.
Короoң таза, коругуң чеп, жан өткүс,
Бактылуу үй, базар тура үй-бүлө!

Ката кетпейт кандай макта аялды,
Кайгы-муңга аял гана аралжы.

Буркулдаган буура минип бир өтөт,
Бу жашоодон биздин өмүр аялдуу.

## КЫЗДАР КЕЛЕТ

Үлпүлдөп ак буладай тазартылган,
Үндөрү үн чыккандай таза алтындан.
Көчөдө кыздар келет, кыздар келет,
Кептенип каркырадай катар турган.

Ыргалып жел термеген кайың болуп,
Илеби бетке соккон жалын болуп.
Көчөдө кыздар келет, кыздар келет,
Кылкылдап, кызыл-тазыл агым болуп.

Жылмайып, толкуй түшүп, басса басып,
Жүрөгү жийде гүлдөн наз талашып.
Буралып кыздар келет, кыздар келет,
Бурукшуп бүт теребел шатка батып.

Жылмайса капыс сени карап өзү,
Жүрөккө октой тиет кара көзү.
Бурукшуп көчө менен бара жаткан,
Бу кыздар мас кылуучу шарап кези!

## АЯЛ – МЕНИН ЭНЕКЕМ

Башка жакпы, мейли болсун мекеним,
Кайда барсам аял демин сеземин.
Нан жыттанган, жан жыттанган турпаты,
Өмүрүмө өмүр кошуп кетемин.

Алыскабы, кандай жолго барбайын,
Аба болуп курчап турат ар дайым.
Аялсыз мен суусуз калган балыкмын,
Алым кетип кургап турат таңдайым.

Жаткан күндө жашоо саатың аз калып,
Баскан күндө жакырчылык, ачкалык.
Бир мүнөткө аял турса кашыңда,
Жанга аралжы, жанга байлык канчалык.

Качан болсо кең дасторкон жаярга,
Жазында жаз, майда көрсөң жай анда.
Өз башына өзү гана барабар,
Бардык сонун касиет бар аялда.

Табигаттын дал өзүндөй берешен,
Табигаттын дал өзүндөй берекем.
Эки бергис, эч алмашкыс бак-таалай,
Эң башкысы – аял менин энекем!

## АЯЛДАРГА

О, аялдар!
О, энелер,
жан гүлүм!
Оттон бүткөн дүйнөсүңөр ар бириң.
Турасыңар кипаристей көгөрүп,
Турасыңар гүл ачкандай дал бүгүн.

Ооба бактым!
Ай жамалым, айкөлүм!
Сен кайгырсаң, менин сыздайт сай-сөөгүм.
Сен жылмайсаң бүт ай-аалам жылмаят,
Нурусуңар ар кимиң ар өлкөнүн.

Ооба, бактым!
Көктөп турган данексиң.
Саа суктанбай кандай мерес жан өтсүн.
Сен алдастап сооло турган кез келсе,
Сугарамын суусун чегип каректин.

Төрөлгөнсүң бу дүйнөгө бакты үчүн,
Сен ошондой, кандай болсо ак сүтүң.

Эркелетип, эгер кыссаң бооруңа,
Эрип кетет, уюп жаткан таш бүтүн.

Түн да түшөт, сен уктасаң магдырап,
Ойгоносуң атып чыккан таң сымак.
Кыймылыңдан бүт айланат тирчилик,
Кирген суудай күү-шаа түшүп жаркырап.

Ооба, жаным!
Турмуштагы ак кемем!
Сен дүйнөсүң аял деген ат менен.
Турпатыңа өзүң гана барабар.
Таба албадым сага теңдеш башка мен!

«Бел байлап адам бакытты көксөйт,
Ак сүйүү эмне?.. Канткенде көктөйт?
Бакыттын сыры ар башка, бирок,
Сүйүүдөн тапкан бакытка жетпейт!»



## СҮЙҮҮСҮЗ ӨМҮР – ӨМҮРБҮ СҮРГӨН?

Жалгыз сага кылып жүрөм сыярат,
Балким бирөө кылаар бизге кыянат.
Сүйөм сени, сен деп көздү жумаармын,
Суум бүтүп, болгон кезде кыямат.

Сүйүү деген – өлбөс, өчпөс, үмүттүр,
Жетпегенге жан кейиткен күйүттүр.
Сүйчү жаным, сүйчү сен да менчилеп,
Суусап, аңкап – байгамбар да сүйүптүр!

Сүйүп калдым, сүйгөндүктө эмне айып,
Сүйүп калдым – баратканда улгайып.
Күзүндөгү жалбыракка окшошуп,
Күндөн-күнгө баратамын саргайып.

Кыйыламын, кете албадым коштошуп,
Кыйыласың сен да мага окшошуп.
Жалжал карап жалооруйсуң секетим,
Жөнөтпөчү жүрөгүмдү боздотуп.

Буулугамын, бугум батпай ичиме,
Бирпас эле жолукпасам өзүңө.
Кагылайын, батып бара жатамын,
Карабачы, балбылдаган көзүңө!?

Сенсиз өмүр – даракка окшош кууураган,
Сенсиз – менмин бир кайырчы эселек,
Сенин өзүң күн да, аба, суу маган,
Сен бакытсың – бир кыз эмес секелек.

Сүйөм сени, кудайымдай ардактап,
Сыйынамын, атырамын таңды аппак.
Сүйүшкөндүн болот элек чолпону,
Сен да мендей сүйгөн болсоң зар какшап!

## ТАППАЙ ЖҮРӨМ

Бир гана тамчысындай булагымдын,
Бир гана шыңгырындай жылаажындын.
Сагындым мөлтүрөгөн махабатты,
Сагындым жылмайганын ынагымдын.

Бир гана уучтамындай турпагымдын,
Бир гана жыттамындай гүлзарымдын.
Сагындым асыл заттын жан турпатын,
Сагындым, сагынычка мен багындым.

Сагынуу бүт уйкумду алып кетти,
Сагынуу карегимди жарып кетти.
Сагынуу сар жоргосун токуп берип,
Нөшөрлөп жаш өмүрүм агып кетти.

Сагынуу жашыл тоодо аксап жүрөт,
Сүйүүсүн сары майдай сактап жүрөт.
Энеден эрте калган жаш улактай,
Элендеп, эрмен терип какшап жүрөт.

Эмгекке ак шооласын сүйүп күндүн,
Эч жакпай асыл жыты түркүн гүлдүн.
Мезгилден издеп жүрөм, таппай жүрөм,
Мен бүгүн алп канаты сүйкүмүңдүн.

## ӨЛЧӨӨҢӨ КИМДЕР ТЕҢЕЛСИН

Асылдан бүткөн белемсиң,
Айдай ак, жердей кененсиң.
Аялдык тунук затыңа,
Айталбайм эмне теңелсин?!

Periден бүтүп калыпсың,
Бешенең күндөй жарыксың,
Туу тутуп кармап секетим,
Тумары белең намыстын.

Суусатып суудай актыгың,
Суйсалып күндөй наздыгың.
Балбылдап күйгөн көздөрүң,
Бермети белем – бактынын.

Өлчөөңө кимдер теңелсин,
Өзгөчө ыйык, тереңсиң!
Ааламда сага теңдеш жок,
Ак сүтүн берген энесиң.
Суктантып турган секетим,
Сыйкырдуу бир күч элесиң!

*3.12.2004-ж. Бишкек.*

## АЛТЫНЫМ НЕДЕН ЖАҢЫЛДЫҢ

Жолуксам сузсуң, карашың башка,
Былчырайт жүрөк, ургандай ташка.
Кыйналып куурап сезимиң боздойт,
Кылкылдап толгон көздөрүң жашка.

Чубуртуп жашты жүзүңө төгүп,
Жалбырап жанды экиге бөлүп.
Тиктешип турдук тил катпай көпкө,
Үшкүрүк болуп үйлөгөн көөрүк!

Окулуп көздөн өкүнүч, кайгы,
Орунсуз ойлор, обу жок, дайны.
Байкасам секет, экенсиң не дейм,
Бир жүргөн эле, курбумдун зайыбы.

Колуңда жүрөт, көтөргөн бала,
Көңүлдү буруп, көз салдым ага.
Оргуштайт каным, ок тийген жандай,
Опокшош экен наристең мага.
Алтыным неден жаңылдың экен,
Азаптуу бакыт туш болуп сага?!.

## КУУРАЙТ ГО ӨМҮР

Алсырайт өмүр – санаачыл болуп,
Аптапта калган айгүлдөй солуп.
Арманда өтөөр өмүрүм сенсиз,
Аптаптан калган адам жок коруп!

Кайырма:
Санаага батып, саргайдым жаным!
Сагынып сени, байланды багым.
Өчүрсөң, койсоң колуңда турам,
Өзүңдөн башка менде жок жалын.

Ойлоймун сени ойгонуп таңдан,
Оорукчан жүрөк, оорутуп, арман!
Жашатып жанды – өзүңдөн бөлүп,
Жаратпай койсо не болмок жалган.

Кайырма:
Санаага батып, саргайдым жаным,
Сагынып сени, байланды багым.
Өчүрсөң койсоң – колуңда турам,
Өзүңдөн башка менде жок жалын!

Камыгып, карап сен келчүү жолду,
Кайгынын зили – жүрөккө толду.

Жалыны көздүн өчөт го сенсиз,
Жай бербей кайгы – толбогон орду!

Санаага батып, саргайдым жаным,
Сагынып сени байланды багым.
Өчүрсөң, койсоң колуңда турам,
Өзүңдөн башка менде жок жалын!

Көралбай сени, ардагым асыл,
Капаста куштай олтурам азыр.
Жалбыздай куурап, саргаяр өмүр,
Жоголуп менден – өзүңсүз акыл!

Кайырма:
Санаага батып, саргайдым жаным,
Сагынып сени, байланды багым.
Өчүрсөң, койсоң колуңда турам,
Өзүңдөн башка менде жок жалын!

***10.03.2005-жыл. Бишкек.***

## КАРАЙСЫҢ КЕЧКЕ

Арзыпмын сага улгайган кезде,
Айталбай сырды-арманым ичте.
Купуя ойду билдирбей сен да,
Кыйнайсың карап, кылгыра кечке!

Кайырма:
Күн-түндөп деле чыкпайсың ойдон,
Кул кылат күлкүң жылмайып койгон.
Жете албай калсам – жүрөгүм аңкап,
Жүрөм го жаным – боздогон бойдон.

Келбээрсип мүчөң – кайыңдай аппак,
Кармасам колуң – кебездей жумшак.
Жапайы жандай жалooруп сенсиз –
Жалгыздык кыйнап, жан дүйнөм сыздап.

Кайырма:

Күн-түндөп деле чыкпайсың ойдон,
Кул кылат күлкүң жылмайып койгон.
Жете албай калсам – жүрөгүм аңкап,
Жүрөм го жаным – боздогон бойдон.

Унута албай, жытыңды искейм,
Үлбүрөп солуп, гүл сымал үзгөн.
Капыстан сага жолуккан кезде,
Каниет кылам, кетпейсиң түштөн.

Кайырма:
Күн-түндөп деле чыкпайсың ойдон,
Кул кылат күлкүң жылмайып койгон.
Жете албай калсам – жүрөгүм аңкап,
Жүрөм го жаным – боздогон бойдон.

*8.03 .2005-жыл.Бишкек.*

## КҮКҮГҮҢ БОЛДУМ

Кашыман өтсөң кеткендей кактап,
Керимсел сымал келбетиң аптап.
Күн-түнү кетпей эсимде калдың,
Күкүгүң болуп жүрөмүн какшап.

Кайырма:
Жай бербей жанга, жүрөгүм сүйөт,
Тартылып көзгө айдай бир сүрөт.
Батынып, балкып, периштем деги,
Бетиңден сенин деги ким сүйөт?

Жаадырап жайнап, жамалың аппак,
Жалбыздай жытың – жай бербей наздап.
Ойлоно берип, оорулуу болдум,
Оюңду айтчы, көп албай чакмак?!

Кайырма:
Жай бербей жанга, жүрөгүм күйөт,
Тартылып көзгө айдай бир сүрөт.
Батынып, балкып-periштем деги,
Бетиңден сенин деги ким сүйөт.

Кусадар болом, көзүмдү жаштап,
Кыялкеч сөзүң көкөйгө сактап.
Көрүнүп коюп кетесиң жаным,
Кылчая карап, күлкүңдү таштап!..

Кайырма:
Жай бербей жанга, жүрөгүм күйөт,
Тартылып көзгө айдай бир сүрөт.
Батынып, балкып-periштем деги,
Бетиңден сенин деги ким сүйөт.

***4.03.2005-жыл. Бишкек.***

## ӨМҮРДҮН БАЛЫН БИРИНЧИ ТАТТЫК...

Эсимде жалгыз дарактын түбү,
Жыпарын чачкан сирендин гүлү.
Өмүрдүн балын биринчи татып,
Өбүшкөн элек – ишемби күнү.

Сайсайлап издеп, какылдап жеңең,
Кайдасың деген, карбалап энең.
Жабышып сүйүп, өбүшүп турдук,
Жабышып денең, жабышып денем!

Издесе мейли, издесин дедик,
Ийитип бойдун, ширесин төгүп.
Бир жүрөк болуп, биригип кактык,
Экөөбүз дедик – өмүргө шерик!

Өмүрдүн гүлү – мезгилсиз соолуп,
Кайкыды бакыт – кайберен болуп.
Күкүгү болуп кайгынын калдым,
Күйүткө салды, күтпөгөн жорук.

*22.02.2009-жыл. Бишкек.*

## ӨКҮТТӨ ЖҮРӨМ

Жаштыктын жолун басыппыз далай,
Жалбырап болуп сүйүүгө малай.
Жөн жүрөт белек, ким билет анда,
Жабышып мага, дебесең агай!..

Азгырып жолдон, айбандай эңсөө,
Аташпай аттиң!.. жээн деп, тайке.
Эсиме балким келмекмин анда,
Эркелеп мага, дебесең – «байке!..»

Ак нике, төшөк атталып андан,
Алоолоп күйдүк, от болуп жанган.
Эриң бар сенин, жарым бар менин,
Эң эле эрин – таттуу эле балдан!

Эриңди сен да карганып, жайлап,
Жарымды мен да нан тиштеп чайнап...
Жоругуң сенин кечилди бекен?
Коюппус менин – бактымды байлап.
Жабыгып бүгүн өкүттө жүрөм,
Жүрөгүм сыздап, оозумду кармап!..

*22.02.2005-жыл. Бишкек.*

## АЯЛ ДЕГЕН МАХАБАТ

*«Сиз чынчыл аялды тандап*
*алыңыз, береке тапкыр...»*
*Мухамбет байгамбар.*

Аял деген азгырык...
Аял деген махабат.
Аял – деген кут кудук
Аял деген сүттөн ак.

Аял деген ак булут,
Аял деген ак шуру.
Аял деген айсулуу,
Аял кылат бактылуу.

Аял деген суусунуңду кандырган,
Аял деген мөл булак.
Алоолонгон албырган,
Аял деген гүлбурак.

Жыты моокум кандырган,
Жамалычы жаадырап.
Жароокерге жан курман,
Жашоодогу шам чырак.

Аял деген асыл зат,
Бир ыптасы денеңдин.
Жан шеригиң акылдаш,
Ал турпаты энеңдин.

Тукум улап бараткан,
Жер шарынын түйдөгү.
Миң жашатсын жараткан,
Аял деген дүйнөнү.

Даражасы төп келет,
Аялдардын Теңирге.

Ыйман, ырыс, кут демек,
Аялдардын өңүндө.
Аял Обо энебиз,
Аял гана өмүргө ээ!

*14.02.2004-жыл. Бишкек.*

## ОЙНОШТУК

Сезимди далай ойготтук,
Сырдашып, ойго-ой коштук.
Барк-баасын сыйлап ойносоң
Бетпактык эмес, ойноштук.

Ыкташтык жатып эзилип,
Ысыктык ырыс сезилип.
Оорукчан кылдык күйөөңү,
Ошондо кетип чекилик.

Баарынан аны артык деп,
Балкыштык айтпай артык кеп.
Оозунан элдин укчумун,
«Ойноштук калса сасык» – деп.

Арамдык жагын иргебей,
Акшыңдап аны, тилдебей.
Арасат балдар төрөлдү,
«Атасы болот ким?.. дебей.

Келин бар аты «К» деген,
Кызым бар андан «А» деген.
Отуна күйдүк сүйүүнүн,
Ойноштук сага баа берем.
О дүйнө барсак ойнойлу,
Ойношум бол – деп, саа келем!..

*19.01.2004-жыл. Бишкек.*

* * *

Эгер чындап сүйүшсөк,
Баарын жеңип чыгабыз.
Бапестейбиз бышыктап,
Сүйүү шаарын курабыз.

Сүйө коюш опоңой,
Ага жетиш эң кыйын,
Көрбө бекер олжодой,
Үзүш оор чынжырын.

Сүйүш эмес эринден,
Эптеп   жетип өпкөнүң.
Сүйүү коркпойт Теңирден,
Сүйүү табат өз теңин.

Сызга таштайт кээ бирде,
Сүйүү деген акмагың!
Кейпи кара келинге,
Жалынтат деп, «аппагым!«

Айрымдары бир көрүп,
Сүйө калдык деп калат.
Азап жүгүн көтөрүш,
Аздектелет махабат!

Эптеп жашоо опоңой,
Адам болуу азап да.
Сүйүү дагы ошондой,
Жетүү кыйын максатка!..

*12.02.2004-жыл. Бишкек.*

## ШАКЕК

Кадырлуу шакек, сыйкырдуу шакек,
«Катыңыз» – деди, каракөз секет.
От жанган жүзү, көргөндөр аны,
Оймоктой ооздон сордурса дешет.

«Каткын!..» деп, берген шакеги алтын,
Күлмүңдөп жоодур, күмүштөй алкым.
Бир сыр бар анда, чеберлеп карма,
Билгенге берет шакектин баркын.

Билемин сырын – а бирок айтпайм,
Бүтпөгөн ой бар, бугу бар – байкайм.
Жүрөктө жүрөт катылуу шакек,
Жүдөсө кирдеп, каныма чайкайм.

Шакекти мага каттырды неге?
«Каткын!..» деп, берген сүйүүсү беле?
Кастарлуу буюм, купуя сыр бар,
Болбосо «кат!» деп, тапшырбайт эле.

Көмүскө айтам, табалбай ыгын,
Көзүнөн окуйм, караса сырын.
Бу шакек менин бүтпөгөн сүйүүм,
Бу шакек – менин бүтпөгөн ырым!

***20.03.2005-жыл. Бишкек.***

## КЕЛИНГЕ

Оңбогон арзуу азгырып койдуң,
Оруна салдың онтоткон ойдун.
Көпөлөк болуп, көргүчө дегдеп,
Көрмөйүн сени туралбас болдум.

Апакай келин, азгырдың неге?
Арзуудан ысып албырат дене.

Кайдагы күнү кабылып калдың,
Капарсыз эле жүрбөдүм беле.

Башкача үнүң таптаттуу чыгып,
Балкыймын жыргап үнүңдү угуп.
Көркүңдү көрүп, суусунум канат,
Келинден башка келбетиң тунук.

Кош эми секет, кеткени калдым,
Көөдөндө жүргөн арманым арбын.
Сырыңды табаар, себебин айтаар,
Таштадым сага жүрөктү алгын!

***20.03.2005-жыл. Бишкек.***

* * *

Махабат гүлүн терип,
Марысам дебедимби,
Максатым, үмүт өлүп,
Мөгдөттүң берениңди.

Жаштыктын гүлүн себип,
Жайнатсам дебедимби.
Бактысыз өмүр берип,
Билбепмин ченээриңди.

Теңтайлаш үлкөн менен,
Тизгиндеш жүрсөм дедим,
Төп келбей күткөн немем,
Түйшүккө түшүп келем.

Экинин бири болуп,
Эл-журтка жаксам дедим.
Арман ай!.. гүлүм соолуп,
Кешигим каткан менин.

Актыкка тумар болуп,
Акыйкат дилим менен,

Чындыкка кумар болуп,
Ширесин шимирбедим.

Жетиген чынар болуп,
Жергеме тигилбедим.
Өлкөмө арнабадым,
Өмүрдүн көз ирмемин.
Көр дүйнө!!!

***19.01.2005-жыл. Бишкек.***

## ТАППАДЫМ АЙЛА

Ашыкмын, бирок тил кыска,
Айталбай койдум оюмду.
Себепчи болбой кылмышка,
Сактайсың сен да боюңду.

Тымызын бирок карайсың,
Туюнта албай оюңду.
Ашыкпа дейсиң, аяйсың,
Акырын кармап колумду.

Көпчүлүк туюп калчудай,
Көзүмдү ала качамын.
Таппадым айла, алтын ай!
Тынчытпай түшүп назарым.

Сүйлөшүп көздөр тымызын,
Жетпейбиз, айла жок белем.
Жакшылап ойлон ырысым,
Жатпайлы ойноп от менен.
Тобокел дейли – сүйүүнүн,
Жалынын кечип өчпөгөн.

***31.01.2004-жыл. Бишкек.***

* * *

Сеп алдырбай жанымды,
Сүйүү деген тозогуң,
Алдап, соруп канымды,
Айтчуу болдум «кошогун».

Жаралады жүрөктү,
Жаш улгайып калганда.
Күзөп алган түгөттү,
«Кой!..» деш кыйын андан да.

Улам ойго сүңгүтүп,
Улам түшкө киргени.
Саят канды дүргүтүп,
Жүлүнүңө ийнени.

Курган напси курусун,
Келиндерден көз өтүп.
Кыздын соргон ууртун,
Курагыңды эстетип.

Делбе тура ойлосом,
Сүйүү деген ак пендең.
Аны менен ойносоң,
Арылбайсың аземден.

***31.01.2004-жыл. Бишкек.***

## ОКШОШСУҢ ШАМГА

Солкулдап боюң тал чыбыктай,
Суусундук сөзүң – бал кымыздай.
Кош алмаң төштө тирсийип андан,
Кочуштап койгон ак булуттай.

Сүзүлүп жатсаң жалбырап көзүң,
Сүрдөймүн карап жалдырап көзүм.

Алсырап дүйнөм жаныңа барсам,
Албырат бетиң, албырат бетим.

Аарчыган талдай апакай мүчөң,
Алтыным, деймин – агатай десең.
Көлбөөрүп дене, көйкөлүп көлдөй,
Көзүңдү сүзсөң, көзүмдү сүзөм.

Кылчая карап, шыңк этсе үнүң,
Кыялым туйлап, жарк этет күнүм.
Албырып жайнап, булбулдар сайрап,
Ачылат гүлүң, ачылат гүлүм.

Алдырып эркке, алаптап анда,
От болуп жанам, окшошуп шамга.
Булуттай калкып, булоолоп балкып,
Бүткөн бой жаным, айланат балга!

***14.03.2005-жыл. Бишкек.***

## СЕН ЖӨНҮНДӨ ОДА

Сүйгөнгө жетпей суусады дүйнөм,
Сабылам калып, күлкүдөн күлгөн.
Суу жетпей калган дарактай куураар,
Сүйүүсүз өмүр, өмүрбү сүргөн?!

Асылым түшүн, арманда жүрөм,
Азгырып ойлор-азаптуу түмөн.
Жанымдан кетсең жабыгып, сыздап,
Жалооруп жайрап, жашашым күмөн.

Чыдамым кетти, жыргалым, ойло,
Чырпылдап турган чымчыкмын тордо.
Местейип мүнөз, муңканат оюм,
Махабат деген малынып шорго.

Өзгөрүп кыял, өксөдү сезим,
Өзүмдү жектейт, өгөйлөп эсим.
Кылыгың келет чубуруп көзгө,
Кыйылган талдай куураган кезим.

Кучактап жалгыз жаздыкты уктап,
Кыялга батат, жүрөгүм муздак.
Жансоога күтөм өзүңдөн жаным,
Жээкте калган балыктай суусап.

Түтөдү жүрөк, чыгарбай жалын,
Түшүмдө көрүп, дүүлүгөт каным.
Сапырып санаа, сайсайлайт өмүр,
Секетим айтчы, сендеби, жаным?!

Оюмда дале, шиберлүү ойдуң,
Ошол түн эсте, унутпай койдум.
Акылдан танып, алсырап жаным,
Аңкатты эле ыпысык койнуң.

Эртеси түш чен, кактаган аптап,
Аймалайм сени алкымдан аппак!..
Көйкөлгөн чынар, көшөгө болгон,
Ал күнү бизди аптаптан сактап.

Ээрчишээр элек козудай эгиз,
Эзиле бышкан токойдо жемиш.
Түтөтөт жанды туюкка камап,
Түрүлгөн этек, көйнөгүң көгүш.

Буулугам санаа батырып букка,
Куштардын үнү кубулжуп – муза!
Кылгырып көзүң, күү чалып сезим,
Калды эле эрдиң канталап жука.

Дарактын түбү жылдыздуу жайда,
Апакай булут, айкашкан Айга.
Кош кайың сымал кошулуп турдук,
Кобурап желге, жалбырак майда...

Чакырам сени ышкырык менен,
«Чыкпагын!..» деген, чаңкылдап энең.
Оозумда дале, тилиңдин даамы,
От болуп жанды кактаган денең.

Кезикпей калсак айламды таппай,
Какжырап турам, мөмөсүз шактай.
Келалбай күүгө, кеңгиреп турам,
Өзүмдүн дүйнөм, өзүмө жакпай.

Ай-аалам сенсиң, ардагым түшүн,
Сезимим, өмүр – сеники бүтүн.
Өкүнөөр менде себеп жок кылча,
Өзүңдү сүйүп калганым үчүн.

Айланат жаным, ардагы жандын!..
Арылгыс сен деп, санаада калдым.
Жалбырап күйүп, жан жүрөк сүйүп,
Жанар тоо болуп, жаадымда жандым.

Түйшүктүн сезбей ачуусун аңдап,
Тутулуп күнүм, тагдырым алдап.
Түгөйсүз калсам, түгөнүп бүтөм,
Турмушум сенсиз – таалайсыз арбак.

Кымбатым, сүйүү – кыпкызыл алма,
Кабылат алма, адамга чанда.
Бурукшуп жытың алмадай секет,
Жеталбай жүрөм, табалбай айла.

Кайгыда калдым, кумардан чыкпай,
Кеттиң го учуп, кыйкуулап куштай,
Кайрылып канат, өзүңдү самап,
Канатсыз жүрөм, өзүңсүз учпай.

Таарыныч – жанбас табышмак болуп,
Табыша албай, тагдырга жоруп,
Таалайым катаар таштасаң мени,
Тамырын кыйган чырпыктай солуп.

Кымбатым, сенсиз кыйноодо калдым,
Өзүңсүз жашоо – өчкөнү шамдын.
Кемтигим толбой, өтөөрмүн өксөп,
Кереги канча?.. Өзүңсүз жандын.

Караймын жолду, карегим талып,
Касаптуу шордун данегин чагып.
Күчала ичкен немедей болом,
Кусалуу үндү күкүктөн алып.

Суусатат экен, сүйүүнүн деми,
Сулуулар муну – билеби, деги?
Зар какшайт беле, сабылып адам,
Сүйүшсө мени, сүйгөндөй сени?!

Карегим кара!.. каралдым ойлон?
Канчалык жан бар сүйүүгө тойгон?
Кудайга улам, кулдукту урам,
Какшатып сени, сүйгүзүп койгон.

Оорутуп келбейт, ойлорго нелер,
Ойлосоң сүйүү – жаныңа медер.
Суктанбайт элем өзүңө мынча,
Сүйөөргө супсак жан болсоң эгер.

Асылым аруу, артыксың жандан,
Ашыктык нуру, көзүңдөн тамган.
Өкүнүч, кайгы болбосо керек,
Өзүңдү сүйгөн адамда арман!

Жабырлуу экен сүйүүнүн доору,
Жеталбай калсаң – айыккыс оору.
Жеңе албайт экен сүйүүнүн күчүн,
Жеңгениң оңой, абдан көп жоону...

Момурап анда элеттин таңы,
Мойнуңа салып, көгүлтүр шалы.
Жанаша бастык булакты бойлой,
Жаадырайт жүзүң жанымдын – жаны!

Жылытып мени, сендеги жалын,
Жылытат сенин мендеги табым.
Арчага анда сүйөнүп турдук,
Апакай бетте капкара калың!

Мөлтүрөп бышкан жүзүмдөй жүзүң,
Мөлт эте түшөт, шыңк эткен күлкүң.
Колтукка колтук шыбырап турду,
Коштошо калган кош жүрөк сүйкүм.

От болуп – кумар, ойноктоп сезим,
Окутуп турду сүйгөнүн көзүң,
Отурдук эле кандырып кумар,
Оолжуп бизге – баш ийкейт четин.

Үзүлө түшөм, төшүңдү ачып,
Үргүлөп сен да, жыпарың чачып.
Уйпалап жаттык тушардан чөптү,
Үстүртөн жаады ак булут калкып.

Көйкөлөт дене, жүлүндү сыгып,
Көшүлүп, жыргап-көк буусу чыгып.
Тамшанткан ошол таалайлуу түн ай!
Тизеге даты – көк чөптүн жугуп…

Буурул таң болуп, жылдыздар тарап,
Бөйтөйгөн төшкө, төшүмдү кадап.
Коштошо албай, үйүңдүн жаны,
Кеталбай турдум кылчактай карап…

Далай жыл өттү, жалгызмын эми,
Жадымда калбай жаштыктын деми.
Айланып келгис сапарга кеткен,
Андагы сүйгөн аккуштай пери.

Сагынтып санаа күндөрдү күлгөн,
Сабылып азыр, саргайган гүл мен.
Картаят экен адамдын жашы,
Картайбайт экен, качаңкы сүйгөн.

Күздөгү күнгө окшошуп дүйнөм,
Көк түтүн болуп кусалык күйгөн.
Кыйналам эстеп, кылгырат көз жаш,
Көңүлдөн кетпей качанкы сүйгөн.

Уруntту ойго, улгайган чакта,
Ар түркүн санаа – ар бири башка.
А бирок жыты алмадай келет,
Ак сүйүүм калган арчалуу ташта.

Ашыктык экен – чечилбес түйүн,
Азыр да эсте арзыган гүлүм.
Картайды – өмүр, картайбайт тура,
Кан менен жашап качанкы сүйүүң!

Тутанып улам өчпөгөн оту,
Туш болсо сага эңсеген тоту.
Кызылың-кызыл, агың-ак болоор,
Кут болуп сүйгөн кушуңдун боосу.

Бел байлап адам бакытты көксөйт.
Ак сүйүү эмне?.. Канткенде көктөйт?
Бакыттын сыры ар башка, бирок,
Сүйүүдөн тапкан бакытка жетпейт!!!

***19 .03.2005-жыл. Бишкек.***

## ТАНДАГАН ТАЗГА ЖОЛУГАТ

*«Жарымы жандын –
жакшы жар...»*

Таалайга өмүрлүктү тандап алгын,
Тамырын шашылбастан кармап алгын.
Кор болуп бир кезекте үшкүрүнбө,
Кокустан кешпир болсо тандаганың.

Тандап ал, татынакай мөлтүрөгүн,
Атасын, энесин көр, төркүндөрүн.
Айкөлүн, ичи-сырты бирдейин ал,
Кыргыздын аккуусун ал, мөл чүрөгүн.

Асылын, балбал жанган шурусун ал,
Кайнаган угуттуусун – угутун ал.
Арманда калбагыдай таразалап,
Баарына баш байлаган сулуусун ал.

Жаңылып, байлыгына кызыкпагын,
Жаңылып, таап алба, бузуктарын.
Жакшысын таап алсаң жанга шерик,
Жашоодо, бул өмүрдө кут утканың.

Таап алсаң сылаңкороз жасалмасын,
Жуулбайт, кирдеп турат жакаң бачым.
Колтукка түртмөлөрүн таап алсаң,
Үзгөнүң-карт даректын таш алмасын.

Тандасаң бирок, тазга жолугаарсың,
Тазыңды табалашса корунаарсың.
Таалайың ташка жайган талпак болоор,
Таркылдап сөгүп турса долу катын!..

***12.02.2004-жыл. Бишкек.***

## ОЛТУРЧУ ТИЗЕМЕ

Кыргыздын кыйры – мол чүрөк,
Көбүнөн сүйкүм – Көл чүрөк.
Балбал көз сүйкүм секетим,
Баарынан ашкан сен чүрөк.

Жаркытып турган күүгүмдү,
Жайнатып турган гүлүңдү.
Уксам да кумар таркабай,
Уксам дейм улам үнүңдү.

Кадасаң балбал көзүңдү,
Каламын жыйбай эсимди.
Жалбырап турсаң коёрго,
Жер таппай калам өзүмдү.

Сезимиң толгон акылга,
Серп салам сендей асылга.
От болуп жанат элем го,
Оролуп жатсам чачыңа.

Оолжуп турган мүчөңө,
Оролот дүйнөм бүт эле,
Оймоктой ооздон сүйдүрүп,
Олтурчу жаным тиземе.

*17.02.2004-жыл. Бишкек.*

## КҮНДӨЙҮМ

Карабайт да каалап жүрөк сүймөйүн,
Карабачы, кагылайын күндөйүм.
Карай берсең – өмүр бою кадалып,
Карегиңе чөгүп кетип жүрбөйүн!

К а й ы р м а:
Күндөйүм ай, күндөйүм,
Күнүм дебей, ким дейин?!
Карегимде турасың,
Кайда гана жүрбөйүн.
Кадалбайт да сүймөйүн!

Жалжал тиктеп карай берсең күндөйүм!
Жаным балкып, жалыныңа күйбөйүн?!
Жан-жөйүңүн каны болуп жүгүрүп,
Жүрөгүңө кирип алып жүрбөйүн.

К а й ы р м а:

Карабайт го мени сенче бөлөктөр,
Караганга сен экөөбүз себепкер.
Анда жаным, кол кармашып жүрсүнчү,
Өмүр бою чагылышып каректер?
К а й ы р м а:

*19.02.2004-жыл. Бишкек.*

## СҮЙҮҮГӨ ТУТАМ ГҮЛДЕСТЕ

*«Сүйүүдө – уу да,*
*бал да бар...»*

Сүйүү даамын татпаган,
Сүйүү сүйбөй жашаган,
Пендеси эмес тирдиктин,
Бу дүйнөгө жат адам!

Сүйүү шорун тартпаган,
Сүйүү балын татпаган.
Жоокери эмес сүйүүнүн,
Жоосун жыга чаппаган.

Сүйүү деген – бал ушу,
Сүйүү деген – жан ушу.
Түшүнгөнгө ушунда,
Тирүүлүктүн маңызы...

Гүлүн жыттап себеттен,
Сүйүп көрдүң беле сен?
Боздоттурса бирөөнү,
Бирде жумшак кебезден.

Сүйүү белин ашканга,
Сүйүү балын татканга,
Сүтү болот эмчектин,
Суусун чаңкап жатканга.

Жарык күндөй келбети,
Жандын ичсең шербети.
Жанып турат тутанып,
Жашчылыктын бермети.

Кубат жетпей жазганга,
Күйгөн жылдыз асманда.
Асылдыгын адамдар,
Айландырган дастанга.

Татып турат уусу – бал,
Тартынбастан сузуп ал.
Дүйүм гүлдү көктөткөн,
Таңдай каткан суу сымал.

Ал жаралган аппактан,
Атып турган аппак таң.
Ободогу Күн сымал,
Күйүп турган аппак шам.

Оттой ысык илеби,
Опол тоодой жүрөгү.
Илбериңки гүлбурак,
Ичкендердин мүрөгү.

Сөөлөтүнө сын жетпейт,
Соодаланбайт, пул жетпейт.
Өлбөйт сүйүү, жок болбойт,
Өлчөмүнө кун жетпейт.

Наздыгын айт, чиркиндин,
Нуру сүйүү – күлкүнүн.
Сүйүү жердин тирөөчү,
Сүйүү түзөт түркүгүн.

Сүйүүдө бар касиет,
Отко салса күйбөгөн.
Ким болбосун баш ийет,
Жан жок сүйүү – сүйбөгөн.

Сүйүү деген – керемет,
Суусаттырып мас кылган.
Сүйө билсең бак, дөөлөт,
Сүйүү айкөл, акылман.

Чалынбаган чиркиндин,
Кимдер гана торуна.
Сүйкүмү бул – сүйкүмдүн,
Сүйүүгө так болгула?

Аруу жүзүң албырып,
Айдай жарык жамалың.
Андан сулуу ай болуп,
Ашык болгон адамың...

Оолжуйсуң ошондо,
О, шумдук ай! билемин.
Минген сымал боз жорго,
Муза чалат жүрөгүң.

Таткан сайын танбаган,
Таалайдын бул ширини.
Сүйүү сыйкыр – арбаган,
Сүйүү – өмүрдүн билиги,

Ал арбытып кусаңы,
Суйкайган бир сүлөөсүн,
Сүйүүнүн жок мыйзамы,
Жаш-карыбы, сүйөсүң.

Оолуктуруп, от кылып,
Оролот ал жыландай.
Эсиңи алат, токко уруп,
Ыйыктыгы курандай.

Делбеленип, даярсың,
Тоону тешип өтүүгө.
Балким башты саярсың,
Сүйгөнүңө жетүүгө...

Мажнун болуп сүйүүнүн,
Тозок отун кечкемин.
Калчап, өкчөп сүйүү – миң,
Сүйүү уусун ичкемин.

Ромео мен болуп,
Ал болучу Жульеттам.
Жүрөгүбүз бир согуп,
Ал болучу бир ыптам.

Кубулжутуп, таңшытып,
Булбул кылат бактагы.
Бүткөн боюн балкытып,
Эрип турат таш дагы.

Сүйүү үчүн Кишимжан,
Болуш керек Олжобай.
Адал өлсүн асыл жан,
Ак сүйүүнү булгабай.

Алыс кетсең учуп да,
Келгиң келип көксөтөт.
Бүт касиет ушунда,
Бардай кылып көрсөтөт.

Баарысынан жагымдуу,
Баарысынан кадырлуу,
Бергиң келип турасың
Сүйүүң үчүн жаныңды.

Жаман жагын калтырып,
Жакшы жагы айтылып.
Ал бар үчүн – күн чыгып,
Ал бар үчүн Ай чыгып.

Ага гана байыр алып,
Ага гана байланып.
Ал бар үчүн тургансыйт,
Ааламда Жер айланып.

Ал жөнүндө – түш көрүп,
Ал – деп, баарын бүткөрүп.
Жалгыз учуп каласың,
Жесир аккуу кейиптенип.

Талдын бүрүн сыдырып,
Тоо, токойду кыдырып.
Дербиш кылат махабат,
Аллага үнүң угулуп.

Билбейм мындан тазаны,
Бул өмүрдүн – акагы.
Сыйынгыла, сүйгүлө.
Сүйүү – адамдын мазары!

Сүйүүгө таштап кең кадам,
Сүйүү – деп, жаша сен адам.
Соо туруп алты мүчөсү,
Сүйүлбөй калыш – эң жаман.

Сүйүү – жан, болбойт чен аган.
Сүйүү – сел, шамал – ураган.
Сүйүүнүн болот тиреги,
Сунуп бой селге чыдаган.

Сүйүүнүн болбойт оңою,
Сүйгөндүн – дайым оң ою.
Сүйгүзөт, сүйүү чырмаса,
Серт болсо дагы орою.

Тек жайын – сүйүү сындабайт,
Дени сак, жокпу – ылгабайт.
Ыйманы таза сүйүшөт,
Ылгаган сүйүү – жыргабайт.

Четтетип ызы-чууну да,
Чыдашат ысык-суугуна.
Көз жумуп, сүйгөн-сүйүшөт,
Кондурат кушун тууруна.

Сүйүшпөйт болбой кусалуу,
Сүйүү жок – болбой ушагы.
Канаты сүйүү адамдын,
Канатсыз – куштар учабы?..

Жашоонун бизбиз коногу,
Жыргайлы сүйүп оболу.
Сугулуп, зарлап-сүйүүгө,
Суктанбас адам болобу?..

Өзөктөш өтүп күндөрүң,
Өзүңдөй болсун сүйгөнүң.
Ишеним керек сүйүүдө,
Ишенбес болсоң сүйбөгүн.

Айтаарым ойго түйүп ал:
Алданба болсо тили бал.
Ойт берме болот өң деген,
Оройун чанбай, сүйүп ал.

Сулуулар келет азгырма,
Өзүңдү өзүң азгырба.
Чын сүйсөң дайым орою,
Окшошуп турат аккуугa.

Сүйүүнүн болбойт – уруусу,
Сүйүүнүн – болбойт улуту.
Сүйгөндүн тили, дили бир,
Сүйгөнүң жандын сулуусу.

Сүйөм деп дартка чалдыкпа,
Сүйө албас болсоң ардыкпа,
Алкышы – бакыт – деп, айтат,
Калганы жаман каргышка.

Көз артып, сүй деп билбеске,
Көңүлдүн гүлүн кирдетпе.
Сүйүүнүн болуп туткуну,
Суу боло бербе, сүйбөскө.

Сүйүүдө – чек да, эрк болот,
Эрдемсип сүйгөн көп болот.
Абайлап, аңдап сүйбөсөң,
Акыры учкун – өрт болот.

Кокустан болсо, тайгылуу,
Кечирбейт сүйүү айбыңы.
Кемсинип калып – кектесе,
Аягы өтө кайгылуу.
Абдан оор сүйбөй коюш да,
Абдан оор андан айрылуу!..

Ойлоймун мен да,
ойлойсуң сен да.
Оюбуз, жүрөк кысталып.
Айталбай мага,
айталбай сага,
Учугун ойдун
Жүз багып.
Жазыктуу кыздай,
жарыкка чыкпай,
Жан-жөйдү кыйнап,
бук чалып.

Тиктеймин кыйды,
Сездирбей сырды,
Качырып көздү карасам,
Карайсың чынбы?
сен дагы сырдуу
жанатан.
Тиктеше калсак –
сен дагы, мен да
калдастап,
Жүрөктөр турат,
айтсаңчы дешип
кан какшап.

Бой бербей эркке,
баратат сүйүүм

ашынып.
Жакшы эле жүрдүм –
жабыгып, сүрдөп,
жашырып.
Бук болуп жүрбө,
буулугуп сен да
алтыным,
Жүрөккө оюң жашынып.
Жүдөбөй, сүрдөп,
кыйналбай,
Жүздөшүп жаным алалы,
Жүрөбүз көздү
качанга
чейин качырып.

*17.02.2004-жыл. Бишкек.*

* * *

Аңкап келдим жан секет,
Алчы, ысытып койнуңа,
Аял деген гүл бекет,
Артылайын мойнуңа.

Суусап келдим жан пери,
Суусунумду кандырчы,
От тутанып сендеги,
Оттугумду жандырчы?!

Аймалатып алмаңы,
Ак шейшепке бөлөчү.
Ай, жанымдын ардагы,
Анан келчи, дебечи?..

Балкып, көлкүп кылгырып,
Бал тилиңен сордурчу.
Аруу төшкө – суй жыгып,
Ак куш кылып кондурчу?
Асыл келин… пах! келин!

*17.02.2004-жыл. Бишкек.*

## АРНОО

*«Бирөөнү сүйүп,*
*Бирөөгө сүйдүргөн адам –*
*бактылуу!«*

Ажарың аруу бой балкып,
Зуурасың жүргөн жай калкып.
Илебиң ысык кубатым,
Деңге мас кылып турасың,
Аруусуң жыпар жыт аңкып.

Бөйтөйүп сүйкүм эриниң,
Асылым болчу шеригим.
Кулун сын, моймол ботогөз,
Төрөдү экен сени ким?
Ырым бол, ырдап жүрөйүн,
Мен сүйгөн кызы – перинин.

Суусатат сүйүү ташкыны,
Эңсетет андан наздыгы.
Нур болуп жүзүң төгүлөт,
Дербишиң болдум жаш сулуу.
Эсиңде болсо убадаң,
Баш тарта көрбө суранам,
Издеймин сенден бактымы.

*17.02.2004-жыл. Бишкек.*

* * *

Себеби бардыр жоруктун,
Себеби бардыр ооруштун.
Сарсанаа болуп жүрөмүн,
Сен болбой калып колуктум.

Тарттырдың сүйүү тозогун,
Боздогон тайлак – ботомун.
Бир карап эми күлүп кой,
Бак-таалай мага ошонуң.

Айлам жок, бойго кыспадым,
Ажырап калып сыздадым.
Арга жок экен сүйүүгө,
Айыпка мени жыкпагын.

Сурабайм деле бөлөгүн,
Сүйүүмө болсун белегиң.
Түшүңдө көрүп бүшүркөп,
Мага окшош бала төрөгүн.

***18.02.2004-жыл. Бишкек.***

* * *

Башталып сүйүү жомогу,
Бастырбай жолду тороду.
Баладай болгон моймолду,
Баш байлап сүйсө болобу?..

Айла жок, кантем ашыкмын,
Азаптуу жолду басыпмын.
Каралдым өзүң болдуң го,
Көктөгү алтын казыктын.

Жүрчүмүн иш деп анчейин,
Жанжөйүм сендик, алпейим.
Айталбай жүрөм, жолду бууйт,
Агарган чачты кантейин.

Жаяңдап койсо андан да,
Жүрөгүм ыктайт жалжалга.
Айыпка жыкпас жараткан,
Асылды сүйүп калганга.

***18.02.2004-жыл. Бишкек.***

* * *

Акмак го дебе бузулган,
Айламды таппай, башым маң.

Таңдайдын кансын суусуну,
Таттырып койчу тузуңдан?

Тозогун тартам айыптын,
Табалбай жүрүп кайыктым.
Куш болуп кончу колума,
Кусадар жүрөк айыксын.

Кайталбайм эми анымдан,
Кара көз артык жанымдан.
«Жан биргем эле!..» деп, койчу,
Жүрөктү берем кагылган.

Арзыган оюм ойдогу,
А балким чыгаар ойрону.
Тилдебей мени асылым,
Түшүнсөң туура болгону.

Айныбайм, тартам азабын,
Ашыгым сенсиң – мазарым.
Эске албай кеткен күндө да,
Элесиң сүйүп жашадым.
Өзүңө таштайм сүйүүмү,
Өмүрүм тартса сапарын.

***18.02.2004-жыл. Бишкек.***

* * *

Чанда эмес эле, күнүгө,
Чабылып жүрөк үнүңө.
Чабалекей куш болуп,
Чаңкадым жаным, сүйүүңө.

Ар күнү эмес, азыр да,
Ай болуп толгон кашымда.
Ажарың турат секетим,
Ак гүлдөй таккан чачыма.

Бурулсам оңго сен барсын,
Бурулсам солго сен барсың.
Кагылып гана кетейин,
Каяктан бүткөн сен жансың,

Түндө да түшкө киресиң,
Туйтуюп сүйсөм, сүйөсүң.
Козудай эгиз ээрчишип,
Жадымда бирге жүрөсүң.

Кадалып сага карегим,
Кагылып карай беремин.
Карегги жаттын кагылып,
Калбаса экен эгерим!

*18.02.2004-жыл. Бишкек.*

Издейбиз бакыт, издейбиз,
Из, жытын чанда искейбиз.
Дареги анын табышмак,
Дегеле издеп бүтпөйбүз.

Сурашат бакыт кайда деп,
Себебин тапсаң айла кеп.
Кастарлап күтө албасаң,
Каласың таяк кайра жеп.

Бакыттын татаал – түйүнү,
Башаты дешет сүйүүнү.
Кубара жортсоң жетесиң,
Күлүктүн бакыт – күлүгү.

Бут тосот тороп астыңы,
Буйдалтат далай азгыруу.
Окшошсо эки сүйүшкөн,
Ошолор гана бактылуу!

*19.02.2004-жыл. Бишкек.*

Чын сүйүүнүн ысыгынан, суугу көп,
Зоодон өтүп, кечиш керек суу жиреп.
Өжөрлөнүп, өтөлүнө чыгалбай,
Өлгөндөр бар, сууга агып, ууну жеп.

Чын сүйүүдөн чыгарышат чуулуу кеп,
Чыдагандар сактай бербейт чууну-кек.
Чиелешкен түйүндөрүн чече албай,
Чыгып кеткен ак жолунан суу жүрөк.

Аба жанга керек болсо канчалык...
Жер өмүргө турган болсо жан салып.
Сүйүү – күнгө, аба, суага барабар,
Бүткөн бойго кан тамырдай таркалып.

Сүйүү болот – адамда да, айбанда,
Сүйүү бөлөйт – ырахатка, сайранга.
Сүйүү үчүн кемеңгерлер жан берип,
Пайгамбарлар – ак жолунан тайган да!

Баары келет сүйгөндөрдүн башына,
Ал карабайт – акылына, жашына,
Сүйүүдө жок – сот, күнөкөр, актоочу,
Күбө да жок – сүйүү дайым татына!

***19.02.2004-жыл. Бишкек.***

* * *

Сүйбөсө карек кагылбайт,
Сүйбөсө – жүрөк жалынбайт.
Секетиң гана болоюн,
Сүйбөймүн десең аныңды айт?

Эч кимге сүйүү – багынбайт,
Эңсеген сайын жалындайт.
Этибар албай жоготсоң,
Экинчи кайра кабылбайт.

Сүйүүнүн туусун кармаба,
Кармасаң туткун, алдаба.
Сүйө бил – сүйсөң адамдай,
Сүйүүнү кордоп, кардаба.

Сактагын сүйүү мурасың,
Сактагын сүйүү – уясын.
Жаралып калса чын сүйүү,
Жаныңды дагы кыясың.

Тараза сүйүү – багыңа,
Сүйүүнү сүйөт кары да,
Туу тутуп, сүйүү сүйбөсө,
Тирүүнүн кирбейт санына.

Карабайт сүйүү – алыңа,
Карабайт – байлык, тагыңа.
Адилет сүйүү – баарына,
Аралжы – сүйүү жаныңа.

Коркпогон сүйүү – эч кимден,
Кол үзбөйт сүйсө – кешпирден.
Күч алып турат күнүгө,
Көрбөдүм сүйүү эскирген.

Кур сөздүү – сүйүп жарытпайт,
Көмүскө калат, сагынтпайт.
Жалынбайт, анык сүйүүсүн,
Жүрөгү гана аныктайт.

Тартасың сүйүү жабырын,
Кечесиң сүйүү жалынын.
Сүйүүгө суусап, көрбөгөн,
Сүйүүнүн билбейт кадырын.

Акырын сүйүп билгизбей,
Аяйсың кир кол тийгизбей.
Жаралуу деги ким болот,
Жаш сулуу койсо сүйгүзбөй.

Укмаксан болуп мүрчүтпөй,
Уялган сымал тур күтпөй.
Боздобойт элек мынчалык,
Бооруңа бассаң күйгүзбөй!..

* * *

Жол жорго жакшы мингенге,
Жой болот жакшы тилгенге.
Өмүрлүк жайдар жар жакшы,
Өкүнбөй өмүр сүргөнгө.

Сыздаган оор күндөрдө,
Сырдашып өмүр сүргөнгө,
Сыпайы, сыйкор жар жакшы.
Сүйүүнүн баркын билгенге.

Сүйгөмүн, сүйүп көргөмүн,
Сүйүүнүн билем жөн-жөнүн.
Сүйүүнүн аты – зымыркуш,
Сүйүүнүн билбейм өлгөнүн.

Сүйдүрүп, сүйүп көнгөмүн,
Суусагам басып чөлдөрүн.
Билбеймин бели сынганын,
Билемин – сүйүү жеңгенин.

Сүйгөндү сүйдүм уялбай,
Жай албай жаным, туралбай.
Куш сымал кактым канатты,
Күн болгон сойлоп жыландай.

Сүйөт деп сүйө бербегин,
Сүйүү эмес иши делбенин.
Сүйүүнүн жетет баркына,
Сүйгөндөр гана эл жерин.

Сүйүүсүз жанда – кумар жок,
Сүйбөгөн жанда – кунар жок.
Сүйүшпөй туруп баш кошсоң,
Суу кылаар, сага убал жок.

Чоң сүйүү деген – чоң азап,
Чоо-жайды сурайт, сынатат.
Бел байлап сүйгөн сүйө алат,
Белдерден өтүп, бел ашат.

Чоң сүйүү – сүзсөң чоң деңиз,
Өтө алсаң сүзүп, чоң жеңиш.
Багытын биле албасаң,
Болосуң боздоп миң дербиш.

Сүйгөнгө сүйүү келишсе,
Сүйүүсү тете деңизче.
Кут кетпей турат дүйнөңөн,
Кудайым берген периште.

А балким сүйүү – көл чыгаар…
Жан барда көлгө – көлкүп ал.
Сүйүп өт, сүйгүн, сүйдүргүн,
Сүйүүсүз өмүр – чөл чымал.

***20.02.2004-жыл. Бишкек.***

* * *

Суу кылбай, парзын өтөбөй,
Сүйгөмүн көрүп мекедей.
Айланып кетпей зар болгом,
Ай карап турган текедей.

Чын сүйдүм кирбей түшүмө,
Чын сүйдүм салбай күчүмө.
Элестет сүйүү – эң ыйык,
Эненин окшош сүтүнө!

Жай бербей жанды бүлдүргүч,
Сүйүүнүн күчү – сыйкыр күч.
Келбети – көркөм кең дүйнө,
Керемет эрки – сындыргыс.

Миң эмес, сүйүү – бирөө эле,
Музуна болот түнөөгө.
Мүлтүлдөк болсоң жетпейсиң,
Мисалы ошол бирөөнө.

Жаратат сүйүү – турмушту,
Жаратат сүйүү – ырысты.
Жаадырап сүйүү сүйбөсөң,
Жакындап келбейт ырыскы.

Сүйүүгө ар ким энчилүү,
Болсо да болбойт кемтиги.
Түбөлүк сүйүү жаратат,
Түгөнбөй турган кенчиңи.

Сүйүштүк дешет баарысы,
Сынообу, чынбы – анысы?!
Сүйгөнгө – сүйүү дабасы,
Сүйгөндүн – сүйүү дарысы.

Сыпаттуу бардыр миң сулуу,
Сынап көр баарын – ким сулуу.
Сыныңа толоор бири жок,
Сүйгөнүң гана эң сулуу!

* * *

Наз мүчөңө суусап турам, түшүнчү?..
Наалытпачы, болчу, жаным бүтүрчү.
Алдейлечи, балын сыкчы-жүлүндүн,
Алдастатчы, жатчы, жаным сүзүлчү?!

Болчу жаным? Ак шейшепке термечи,
Агып чыксын бүткөн бойдун шербети.
Өмүр суусун, өмүр балын жуталы,
Өзүң дагы – сүйчү жаным, «кел!...» дечи.

Баратпайбы, качып жаштык зуулдап,
Бүткөн бойду дүүлүктүргөн «суу» кургап,
Бүгүнкүбүз келбейт секет экинчи,
Бир балкыйлы, бир жыргайлы дуулдап!

Чымырайлы, бакыт сүйүү – биз үчүн,
Чеччи жаным, жан дүйнөңдүн «бүчүсүн».
«Мазарыңды» кысканбачы алтыным,
Махабаттын мөлтүрөгөн сүтү үчүн.

***19.02.2004-жыл. Бишкек.***

Жароокер жанда жар болсо,
Жанжөйү аткан таң болсо.
Кулактап Күндү минмекмин,
Гүлазык, пейли бал болсо!..

Жибектей бою созулса,
Жүзүнөн ою окулса,
Жер шарын тескеп чыкмакмын,
Жүрөккө жүрөк кошулса.

Сен окшоп дарак гүлүнө,
Мен суусун болуп гүлүңө,
Бир бүтүн чынар болмокпуз,
Балкытып бойду сүйүүгө.

Мен булут болсом – нөшөргө,
Сен жамгыр болуп нөшөрлө.
Биригип анда акмакпыз,
Бир дайра болуп өзөндө.

Ак шейшеп болуп – ак олпок,
Сен жатсаң кызыл гүлгө окшоп.
Гүлүңө жаным кошулуп,
Олпокко көлкүп оронсок.
Эч арман болбос эле ээ,
Эрисе денем дененде!..

***12.03.2004-жыл. Бишкек.***

## СҮЙҮҮ ГҮЛЗАРЫ

Сүйүү эмес капысынан жытташуу,
Сүйүү эмес алдап-соолап жупташуу.
Сүйүү – деген самоо эмес, жөн эле,
Сүйүү деген – өлүп-талып суусашуу.

Сүйүү эмес эриккендин эрмеги,
Сүйүү эмес, көпкөндөрдүн жел кеби.
Эңсөө батпай ээликтирсе сүйүү дейт
Эки жүрөк бир денеде термелүү.

Чындап сүйсөң – жеткен бакыт үлүшү,
Чанып кетсе, жеткен азап күйүттүү.
Качан болсо жанып турат чолпондой,
Кадырына жеткен кезде сүйүүсү.

Сүйүү эмес, көрүнгөнгө суктануу,
Сүйүү эмес, кагып-силкип кызгануу.
Сүйүү деген – бир-бирине ишенүү,
Сүйүүнүн бар өтө назик мыйзамы.

Сүйүү деген – чексиз батуу жыргалга,
Сүйүү деген – улуу байлык тунганга.
Сүйүү деген – көктөмдөрдү жаратуу,
Эки дене биригишип, бир жанга.

Сүйүү эмес, көтөргөнгө белен жүк,
Сүйүү деген – айкөлдүк да, кенендик.
Сүйүү деген – сыйга батуу, сыпаалык,
Адамдагы эң жогорку чебердик.

Сүйүү дебе, карап койсо жылмайып,
Сүйүүдө бар сансыз муза, миң кайрык.
Сапар карып, зарлап жүрүп жетесиң,
Сүйүү деген учуп жүргөн желкайык.

Сүйүү сезбейт өзүндөгү чамасын,
Сүйүү сезбейт, жаш-карыбы арасын.

Баш айланткан ыйык сезим баа жеткис,
Баш айланып, Мажнун болуп каласың!

Сүйүү эмес сатып алыш элпекти,
Сүйүү эмес – самай бериш эркекти.
Сүйүү деген эки жүрөк биригип,
Бир убакта, бир комузда черткен-күү!

Сүйүү деген – алмашуу эмес төшөктү,
Сүйүү деген – ачуу эмес этекти,
Сүйүү деген эки дүйнө биригип,
Бир дүйнөгө отургузуу көчөттү.

Чын сүйүүдө чек ара жок, чек билбейт,
Сүйгөн сайын сүйүү нуру мелмилдейт.
Эгер эле күүсү жанса бирөөнүн,
Эч убакта күүгө келип чертилбейт.

Анын айкын, аруулугу, наздыгы,
Акылыңды айландырат чапкыны,
Эки баштын бир төшөктө жатканы,
Эки өзөндүн бир өзөндө ташкыны.

Абайлап кеч, ал жаштыктын ташкыны,
Абайлап ич, ал сүйүүнүн мастыгы.
Тажап кетсең, тайкы кечүү издесең,
Табалбайсын, күтө албайсың бактыны.

*25.03. 2004-жыл. Бишкек.*

* * *

Сүйүүдөй да сыпаа нерсе болобу,
Сүйүү эмес кепкорлордун жомогу.
Баркын билсең бүт касиет сүйүүдө,
Баарысынан даражасы жогору.

Сүйүү деген – бурай берчүү тетикпи?
Билим алып, иштей турган кесиппи?..

Сүйүү деген – улуулуктун улуусу,
Сүйүү деген издеп табуу – кешикти!..

Сүйүүнүн татканга – сүтү бал,
Суусунуң канганча ичип ал.
Сабылып, сүйгөнгө жараша,
Мөл булак, мөлүнөн сузуп ал.

Сүйүүнүн селчелик күчү бар,
Седебин калпып ал, сүзүп ал.
Алсырайт баркына жетпесең,
Асылды ардактап, күтүп ал.

Өмүрдө бир эле сүйүү бар,
Бирде бал, бирде уу билип ал.
Жашоого кайрылып келбейбиз,
Жыпарын, соолбогон – гүлүн ал.

Билбеске – эң татаал түйүн ал,
Билгенге – канатың күлүк ал.
Супсагы суу кылып койбосун,
Сүйдүрүп бирөөнү… сүйүп ал!…

***27.07.2004-жыл. Терек-Суу.***

* * *

Обозгер жакшы – хан жакшы,
Катыны жакса, ал жакшы.
Эч качан такка жолотпо,
Элине жакпас бейбакты.

Катыны жакшы – эр жакшы,
Эстүү хан болсо эң жакшы.
Хан шайлап, кээде алабыз,
Кеп жебес – катын бейбакты.

Жакшы аял сыры – эркекте,
Жарашпай калаар кез-кезде.

Ойлонбой тийер кээ бири,
Окшошуп турса эркекке.

Төп келсе, эссиз эки жар,
Жөөлөшөт окшоп эки нар.
Туш келсе жаман жакшыга,
Эптешип жашайт, неси бар.

Кошулса эки жакшы жар,
Коюнуң толгон алтын ал.
Ажарың чыгып турат-ов!
Ажайып аткан таң сымал!

***14.03.2004-жыл. Бишкек.***

* * *

Кагылайын, өлбөй турган жанымсың,
Карагөзүм сага гана кагылсын,
Жүрөгүмдүн, жүлүнүмдүн жарымы,
Жаным сага курмандыкка чалынсын.

Ооба, секет, жүрөгүмдүн толтосу,
Туур болсоң, кушум сага консочу.
Өмүрүмдү тартуу кылып берейин,
Өзүңчөлүк, өзгө келин болсочу?..

Чытырап бой, батпай турам денеме,
Чыгарчы бир ак булуттай серецe.
Жоодуратып, жаадыратып дүйнөгө,
Жараткан бейм сулуу кылып сени эле.

Ооба, жаным, араң турам буулугуп,
Ойнокточу ак балыктай суурулуп.
От жагалы коломтоңо секетим,
Оролушсун эки жүрөк жуурулуп.

## АК МОНЧОК

Көрүнүп нурдай бир ууртам,
Кылайып тоодон сен чыксаң,
Көркүңөн жаным, корунуп,
Күн чыкпай калат булуттан.

Ак гүлдөй жаркып ачылып,
Ак шоола болуп чачылып,
Алтыным турсаң жанымда,
Ай калат зоого жашынып.

Күмүштөй күлкүң шыңгырап,
Күлкүңөн шоокум үн курап,
Күлмүңдөп күлүп сен турсаң,
Күлкүңдү туурайт мөл булак.

Гүлдөрдү бассаң аралап,
Кулпунат гүлдөр сагалап.
Ажарын сага окшотуп,
Ак марал боюн таранат.

Көйкөлгөн шибер көк жибек,
Көлбөөрүйт арча көк билек.
Арчада сүйөнүп турасың,
Ак мончок болуп мөлтүрөп!

Ажары түндүк ак буурул,
Ай-аалам жапкан ак дуудуң.
Керме тоо жаткан ал кезде,
Көркүнө окшоп аккуунун!

*18.03.2004-жыл. Бишкек.*

## САГЫНУУ

Карасам көздөрүңдөн жалжылдаган,
Кадимки от күйгөнсүйт балбылдаган.
Эрдиңди чупулдатып эзилишкен,
Эстеймин эзелкини жан жыргаган.

Ойносок ого бетер эзилишип,
Этиңе этим эрип, чечинишип,
Сагындым жаткан түндү алдейлешип,
Сүйүүнүн сары саамал сүтүн ичип.

Сагындым аккуулардай моюндашып,
Боюңа боюмду артып, боюм балкып.
Сагындым айлуу түндү, ак шейшепти,
Сүйүүнүн жүргөн күнүн чоорун тартып.

Кубулжуп, көөкар таштай жаным күлгүн,
Кыздарды жүрөгүмө салып жүрдүм.
Экинин бири болуп, шери болуп,
Элимди энекемдей анык сүйдүм.

Күн болду ышкырыгым октой учкан,
Күн болду ичкенимди онтоп жуткан.
Күн болду аргымакты алчылантып,
Атылып топтон чыккан, топту бузган.

Дүйнөсүн жарып кирдим ак жоолуктун,
Суу-сөлүн сыга кармап ташты ооруттум.
Тоосунан күнүм болду гүлүн терген,
Тулпарын мине калып шап!.. тоолуктун…

Балкыбай ошол жүрөк – бүгүн сыздап,
Бал эмес, ошол жаштык бүгүн супсак.
Бейпайда бел ашалбай олтурамын,
Баарысы бүгүн муздак!.. Бүгүн муздак!

Албырган ал келбет жок гүлүм солуп,
Кыйналып, кыска ойдун түшүн жоруп.
Умтулуп, улуу тоону карап коём,
Учалбай капастагы күкүк болуп!

*25.03.2004-жыл. Бишкек.*

## АКЗУУРА

*(Обондуу ырга)*

Туш болдуң не кылам, арзыдым,
Таалайга бүткөнсүң ашыгым.
Таш чайнап олтурам талаада,
Тарттырып койдуңбу жазыгын.

О, Акзуура, Акзуура,
Алсаңчы назыңа.
Өрттөдүң бозойду,
Өзүңдөй татына!

Койкойгон апакай маралым,
Көргөндө алоолоп жанамын.
Албырат ак жуумал жамалың,
Алтыным, убалга карагын.

О, Акзуура, Акзуура,
Бөлөчү назыңа.
Жанаша жашайлы,
Жаралдың бактыма.

Күлмүңдөп сүйлөсөң чечилип,
Көл болуп турамын көшүлүп.
Ал күнү оболоп учамын,
Ай менен жүргөндөй сезилип.

Ак гүлүм Акзуура,
Термечи жазыңа.
Арман жок эле го,
Тең болсом башыңа.

*30.03.2004-жыл. Бишкек.*

## СҮЙҮП АЛ, ӨМҮР БАР ЧАКТА

*«Сүйүп көрбөгөн анын*
*даамын билбейт».*

Сүйүүдөн баары табылат,
Сүйүүдө өмүр жаңырат.
Сүйүүгө суусап, сабылып,
Сүйбөсө кимди сагынат.
Сүйүүнүн күчү керемет,
Сүйүүдөн арман арылат.

Кайырма:
Сүйүүнүн суудай кереги,
Сүйбөй да суусай береби?..
Чамаң бар кезде сүйүп ал,
Чым басып калат денеңи.
Жалтанбай сүйүү сүйөлү,
Жаштын бар экен ченеми.

Жалынсыз жаштык делеби,
Жалооруп берсең келеби?
Жаш болуп сүйүү сүйбөсө,
Жашоонун эмне кереги.
Жашчылык, сүйүү турбайбы,
Жашоонун жалгыз себеби!

Кайырма:

Сүйүп ал, кумар тарасын,
Сурасаң кимден аласың.
Сыйың бар кезде сүйүп ал,
Сатыкка кайдан табасың.
Эрме чөл – сүйүү сүйбөсөң,
Элестет адам баласын.

Кайырма:

Адамдын сүйүү белеги,
Ал өтсө кайра келеби?..
Калабыз берсе сүйүлбөй,
Картаюу деген немени.
Кеткиче өмүр кайрылбай,
Күлөлү, жыргай берели.

Кайырма:

Сүйүп ал, сүйгүн оболу,
Сүйбөсө жашоо болобу?..
Жан барда сүйүп алалы,
Жалгандын бизбиз коногу.
Байгамбар деле сүйүптүр,
Баарынан коюп жогору.

***30.03.2004-жыл. Бишкек.***

## ӨМҮРДҮ БЕРЕМ БҮТҮН

Бээмчек аппак колуң,
Алакан жумшак сонун.
Таалайды табабыз го,
Турмуштун тапсак жолун.

Карагат кара көзүң,
Кайкыган марал өзүң.
Тирсийип андан төшүң,
Түштү да сага көзүм.

Ыр булак шыңгыр күлкүң,
Ыргалган кызыл гүлсүң.
Оймок ооз орто бойлуу,
Ойлорго батам түркүн.

Ак балык аруу балтыр,
Ай тамак – жүзүң жаркып.

Урутуң бал жыттанып,
Эриниң кызыл жанып.

Жутса да канбас суусун,
Жумур кол, мамык уучуң.
Келишкен кыргыз кызы,
Көлдөгү аппак куусуң.

Кыялың кулун ойноок,
Керимсел түрпүң мойноп.
Адырдан ышкын терсек,
Арчалуу тоону бойлоп.

Мойнуңда тизген бермет,
Моймолжуйт андан келбет.
Ийбелип карап турсаң,
Ич ысыйт, ичип шербет.

Апакай маржан тишиң,
Ак ыргай мүчөң үчүн,
Өзүңө тартуу кылып,
Өмүрдү берем бүтүн.

*13.03.2005-жыл. Бишкек.*

## ЖАШООНУН АНДАН БАШКА БАЛЫ БАРБЫ

Азгырылып, малынып балга башың,
Аялдарга бат эле арбаласың.
Жалындатып, жалбартып, экиленип,
Такап коёт жаныңды жарга бачым.

Келбетине чиркиндин байланасың,
Көпөлөктөй көзүнөн айланасың.
Кытыгылап дүйнөңдү күүлөп турса,
Катындарга болушкан хан да катын!

Чиркиндин ким канбаган кумарына,
Чаңкайсың, айланасың тумарына.
Махабат баркын, баасын билгендерге,
Мүрөктүн суусун канбас булагы да!

Азгырып аялзаты баарыңарды,
Аптабы оттой кактайт жаныңарды.
Ээ кылбай жүрөгүңдү эңсөөтүүсү,
Эзелтен эмсиз дартка дары дагы.
Жаныңды мемиретет бир түнкүсү,
Жашоонун андан башка балы – барбы?!!

*27.02.2003-жыл. Терек-Суу.*

## АЛТЫН КАЗЫК КЕПТЕНЕТ

Мактап туруу аялдарга – байыр кеп,
Бирок андан көөнүм калган жайым көп.
Азыр эле байкелесе койнуңда,
Ал жалбарат да бирөөнө жанын жеп.

Көөдөнүңө башын коюпназданып,
Калгычакты көздөрүнө жаш толуп,
Жалбарышат, көзүң мындай болгондо,
Да бирөөнүн кучагында мас болуп.

Ойноктошуп, окшоп жазгы закымга,
Отуз амал бир заматта башында.
«Аякташып калайын – дейт атама!..»
Кармап алсаң ойношунун кашында.

Шумпайлар-ов, эрин алдап, бышкырып,
Жолго салат бир заматта мыш кылып.
Боюн жасап, көчүк чайкап жаяңдап,
Анан жөнөйт, чыккан жакка ышкырык.

Аярлар көп... бирок аял – аяр жан.
Алыстоо да өтө кымбат аялдан.

Ак шейшепте сыга тартып белинден,
Алсыратса, калбай калат жан арган!

Соруласың кучагында жан калбай,
Серти дагы – сулуу, болсо Ай кандай!
Кеткиң келбей кереметтүү жытынан,
Адат бизде, амалына байланмай.
Бу чиркиндер алтын казык кептенет,
Биз эркекке адат аны айланмай!!!

***01.03.2003-жыл. Терек-Суу.***

## БИР КЕЗЕК

Жан дүйнөм күүлөп күч алып,
Жаштыгым оттой тутанып.
Аймалап соруп келиндер,
Алкымым калчуу кызарып.

Соксондоп үйгө түнөбөй,
Сордуруп тилим бүлөөдөй.
Туш келди далай бактыма,
Түбүнө бактын түнөмөй.

Жалбардым, чаптым өпкөмү,
Жалбарды кээде өздөрү.
Апакай кызды чечинтип,
Алмасын өптүм төштөгү.

Калп айтып эмне, дууладым,
Кумарым канбай, суубадым.
Көк шибер болгон тиземи,
Көп жолу шымды жуугамын.

Кимде күн болбойт армандуу,
Көп калдым күндө жаңжалдуу.
Койнунан качтым келиндин,
Калтырып байпак, дамбалды.

Чээнден чыккан немече...
Чертилди далай терезе.
Жалмалап өлүп кетчүүдөй,
Жөлөдүм далай терекке!

Жашчылык тура алтын чак,
Жеңелеп бардык жан жыргап.
Секирип түштүк короодон,
Сур күчүк далай балтырлап.

Сүйүүнү жеңээр күч барбы?
Саматып далай эсти алды.
Жан балкып айлуу түндөрдө,
Жанашкан не бир күз калды.

Жылдызга бөлөп жаш жанды,
Жүз чайкоо кылып ак таңды.
Жыпарын гүлдүн төшөнгөн,
Жыргалым – күлгүн жаз калды.

Окшошуп канат жайган куу,
Өткөзгөн күндөр сайрандуу.
Жамалын алып жаштыктын,
Жапжашыл бойдон жай калды.

Кыш калды анда кычырап,
Кылактап биз да кыз уулап.
Буурул түн калды бубактап,
Биздин бой балкып ысылап!..

**Азыр:**
Көргөндүн баары түш өңдүү,
Көкөлөп учпай куш өңдүү.
Үргүлөп жатам мышыктай,
Ушалап эки тиземди...

Жүдөдүм көзүм чылпактап,
Жүрөктүн отун муз каптап.

Жүгүрө турган шайым жок,
Карылык каапыр кылтактап.
Келиндер кемпир болгондур,
Кемшиңдеп нан жеп, жумшактап!.

***01.03.2003-жыл. Терек-Суу.***

## БИР КЫЗГА

Жашып дүйнөм, кубат кетип денемен,
Ысык тап жок сүйүү деген немеден.
Лайли кызга түшүмдө мен жолуктум,
Делөөрүткөн шыпаа келип Эгемен.
Ылаажым жок, арга таппай турамын,
Зоо башында болуп турам чегелең!..

Билемин жигит кезди, далайлары,
Боорго баскан кездер, агайлады.
Андагы асыл заттын кумарычы,
Алкымдан аймалаган саамайлары.

Кучакта не бил көздөр көшүлүшкөн,
Кумары – куйкалаган, көзү түшкөн.
Сезимим ашыктыктын күүсүн чалып,
Сүйүүнү суусундукка сузуп ичкем.

Акындык аруу жүрөк карыбаган,
Антсе да айласыз ээ, карып адам!..
Дүйнөмүн жыпар гүлү солуп калган,
Даанышман, асылзат жок дарылаган.

Өрттөнүп, өзөлөнүп, таңдан кечке,
Өзгөчө сүйүү сүйдүк өктөм кезде.
Өчпөгөн жалыныңа чулгап койдуң,
Өмүрдүн кызыл нуру өчкөн кезде.
Көзүңө жаш алып кой, кагылайын,
Жан чиркин жаннатына көчкөн кезде?!!

***24.08.2003-жыл. Терек-Суу.***

* * *

Жүзүң мөлтүр бышып турган жүзүмдөй
Жан дүйнөмү ээлеп алдың бүтүндөй.
Жаным деги жейин десем жан балкып,
Жүзүм сымал турасың да үзүлбөй.

Көзүң кара, карасындай жакуттун,
Күлө баккан жамалыңа ашыкмын.
Куйкаласаң, кыйнасаң да өзүң бил,
Күтүп жүрөм сенден баарын бакыттын.

Тал чыбыктай субагай бой келишкен,
Татынасың жан дүйнөмү эриткен.
Таалайыма сени жазып коюптур,
Таарынтпачы таттуу мүнөз периштем?!

Эриндериң бышып турган алчадай,
Эрип турам жан кумарым таркабай.
Эгер жаным мендик болсоң жооп кыл,
Эзе бербей, өйдө-төмөн калчабай?!

А мен болсом – казыгыңа байланган,
Мажнунуңмун, сен деп, сени айланган.
Суусатсаң да, сынасаң да өзүң бил,
Сүзүп өтөм сүйүү деген дайраңдан!

***30.12.2003-жыл. Бишкек.***

Адат болду күндө сага жолукмай,
Арбап сүйүүң – чертилемин комуздай.
Айтып койчу, жок деп койчу сүйбөсөң?
Ашык болгон жүрөгүмдү оорутпай.

Көздөн кетпей көрбөй калсам элесиң,
Кусадармын – кызыл гүлдүү себетим.
Караттырып, карегимди талыткан,
Кара көзүм, кайдан бүткөн немесиң?!

Убайдамын укпай калсам дайныңды,
Урматтапмын, өзүң тургай айлыңды.
Таалайыма жаралгансың секетим,
Тарттырбачы, сүйүп калган айбымды?!

Далай күнү ээрчип жүрөм артыңдан,
Таңкы күндөй жамалыңа тартылам.
Табышмактуу жылмайсаң да сыр бербей,
Тартып белден кучактоодон тартынам.

Сүйсөң сүйчү, кыйнабачы ардагым,
Мен сүйүүнүн далай тарттым зардабын.
Сүйүү деген жутуп ийээр суу эмес.
Сүйүү деген суусаткан уу бил жаным!

***30.12.2003-жыл. Бишкек.***

## СҮЙҮШПӨЙ КОЙСОК ЭМИНЕ

*(элдик ыргакта)*

Ойлосом болом жарадар,
Оюмда бүтпөс санаа бар.
Жалыны жанды күйгүзгөн,
Жанар тоо менен барабар.

Санааркай берем дел болуп,
Санаага бүттүм жем болуп.
Таалайым сени ойлосом,
Ташкындай берем сел болуп.

Өткөндү ойлоп күнүгө,
Өмүрдүн жеттим түбүнө.
Өрттөнүп бара жатамын,
Өзөктөн бүткөн сүйүүгө.

Сүйүүнүн чөгүп көлүнө,
Суусадым жетпей периме.

Сароору болуп калганча,
Сүйүшпөй койсок эмине.

Жабыркайт жаным күйүттөн,..
Жалынсыз отко күйгүзгөн.
Жашчылык жаман дарт экен,
Жат эле жанды сүйгүзгөн.

Антташтык жайда ыргайлуу...
Акыры тарттык муң-кайгы.
Ак сүйүү деген аттиң ай!
Айыкпас оору турбайбы?!

Түйшүгүң тартып боздодум,
Түтөтүп коюп жок болдуң.
Кайрылып келээр жолуң жок,
Кош болгун!.. сүйүүм кош болгун!!!

***31.12.2003-жыл. Бишкек,***

## ЖАҢЫЛЫПМЫН

Сени мен ушунчалык сүйүүчүмүн,
Сатылбас бакытым деп жүрүүчүмүн.
Аттиң ай, ошол кезде билбептирмин,
Себеби болоорун ал күйүтүмдүн.

Эч нерсе деле бизге болбоочудай,
Эридик, эзилишип коргошундай.
Экөөбүз бөлүнбөйбүз дечү элең го,
Өлүмүн жибербесе бизге кудай.

Эринди жатуучубуз балдай соруп,
Экөөбүз эки күйгөн шамдай болуп.
Биз бүгүн эки башка көлөкөбүз,
Билбеймин кеткендигин кандай болуп.

Андагы өчүп сүйүү шамдай жанган,
Орошон бактыбыз жок, калбай калган.
Боздотуп боорубузду ташка чаптык,
Биз бүгүн бөтөн жанбыз кандай... арман!!!

*31.12.2003-жыл. Бишкек.*

## КАТ

Оюмдан кетпей санаалаш,
Олтуруп жаздым салам кат...
«Барк-баасыз жашап өтпөйлү,
Бир келген жанды аманат!..»

Кай жерде жүрөт дебегин,
Кыштакта жашайт берениң.
Супсунду суутуп сароору,
Сүйө албай калган нememин.

Кайгырба мага каралдым
Кайгылуу шорго камалдым.
Шарданда жашап, шып тиктеп,
Шал болуп калган адаммын.

Өрттөнүп кайгым тутанат,
Өрөөлү-бутум тушалат.
Өзөгүм сыздап жатамын,
Өмүрдүн гүлүн ушалап!

Ый эмес жалаң эрмегим,
Ырлардын гүлү – тергеним.
Ааламдын бийик чокусу,
Атбашы деген жердемин.

Дебегин тезек тергениң,
Дартыма дабаа – эмгегим.
Теңирим – мазар Чечдөбөм,
Терексуу деген элденмин.

Чекилик дебе мунуму,
Чыт курсак дебе-ырымы...
Чеп курган ырдан Казыбек,
Чериктин болом кулуну.

Эмнени дагы жазамын,
Эл-журтум кудай-мазарым.
Түшүнсөң билдир дайныңды,
Тартамын дебей – азабын!!.

Эмнени дагы айтамын: –
Эл болбойт жоосуз, байкагын.
Чик түшүп калып жүрбөсүн,
Чүкөңдү ойлоп калчагын.

Баяндайм дагы нени мен,
Башкадан артык эминең?.
Байыртан кеп бар – «хандын да,
Бир татым тузу кемиген...»

Кош болгун курбум, жакшымын,
Кези бар, шордун, бактынын.
Бийиги тоонун, ою бар,
Бир аты жалап-жакшынын.
Бу дүйнө кимге нарк берген,
Буйдоосун байкап баскының?

Кош курбум, кошкун-жакшымын,
Арты ачуу болот таттуунун.
Медалдын эки бети бар,
Бети окшош – шордун, бактынын.
Жакында ажо боломун,
Жакшылап жооп жазгының?!.

***31.12.2003-жыл. Бишкек.***

## КАЧАН БИЗДИН КАБЫЛ БОЛОТ НИКЕБИЗ?

Адат болду күндө турмай кезигип,
Таарынасың бир аз калсам кечигип.
Мурчуясың, көз жаштайсың алтыным,
Мен бирөөгө жолуккандай сезилип.

Эзип жанды – эрке кыял мүнөзүң,
Эликтейсиң, табышмактуу күлөсүң.
Суусаттырып, турат тура сагынтып,
Санааркатып – сүйүү деген түгөтүң.

Карабасаң кокус эле жылмайып,
Кайгырамын, барбы – деймин, менде айып?
Кагылайын, кандай күндө деги сен,
Кармап алдың канатыңа тор жайып.

Бассак, турсак – баарлашып экөөбүз,
Бакыт балын оюбузча ичебиз.
Камыктырган, каректерди талдырган,
Качан биздин кабыл болот никебиз?!
Болоор бекен деги биздин никебиз!!

*31.12.2003-жыл. Бишкек.*

## КИМ ЭСТЕБЕЙТ ӨТКӨН ЖАШТЫК ЭЛЕСИН

Ким эстебейт, өткөн жаштык элесин,
Көз алдыма миң тартылып келесиң.
Музун жарып, толкунунда сүйүүнүн,
Далай мингем – жашчылыктын кемесин!

Жүрөгүмдү далай жолу бырчалап,
Мен кыздарды, мени кыздар куйкалап.
Жанымды чаап жаттым далай селкиде,
Жаным балкып, көк шиберди уйпалап.

Жаным тынбай, жаман чокой бутумда,
Кызды күттүм, кычыраган кышында.
Коюндашып, боорлошуп төшөндүк,
Кары тургай, калчылдаткан музун да!

Карды кечип, кызга артып ышкылык,
Кирпик, кашка – кыроо туруп, муз туруп.
Жолукчу элек, ажылдаган иттерге,
Жалгыз шымдын багелегин тыттырып.

Эки жүрөк – бир бирине жалынып,
Эркелешип, кара түндү жамынып,
Ээн тамда эзилишкен күндөр ай!..
Эми эстеймин, жаным сыздайт сагынып!..

***31.12.2003-жыл. Бишкек.***

## БАРА ЖАТАМ

Бүркүттүн канатына конуп алып,
Булактан суусундукка соруп алып.
Бир көрүп алайын деп бара жатам,
Бир үзүм ак булуттан жоолук алып.

Аккуунун моюнуна минип алып,
Арчанын араматын шимип алып,
Жакаңа тагайын деп бара жатам,
Жалбыздын жалбыраган гүлүн алып.

Жан дүйнөмүн кочуштап отун алдым,
Жан ысыткан кымыздан кошуп алдым.
Бара жатам, секетим сагындың го,
Бал булактуу жайлооңон тосуп алгын.

Жабагылар ойноктоп «өпкөлөнүп»,
Жашыл өтөк тургандыр көрпөлөнүп.
Жытташтырып жүрөктү көк шиберде,
Көйкөлөлүк, жан биргем көйкөлөлүк!

***25.03.2004-жыл. Бишкек.***

## КУПЛЕТТЕР

Акчаны ээрчип жүрөт ажал деген,
Алтының достоштурат арам менен.
Көпкөндө кудайыңды таанибайсың,
Көзүңө тар көрүнөт аалам кенен!

* * *

Сүйүүдөгү кайталангыс касиет: –
Сүйөм дебейт, сүйөм десе ак сүйөт.
Кумар канбай кучагында жатканда,
Ким болсо да, таазим кылат баш ийет.

* * *

Сүйүүдө бар кайталангыс ак тилек: –
Сүйүп калса, ушунчалык наз сүйөт.
Эки жүрөк чын берилип сүйгөндө,
Эрип, көлкүп алоолонуп таш күйөт.

* * *

Элестери ээликтирип сүйкүмдүн,
Ээрининин таттуулугу ай!.. чиркиндин!
Кылымчалык касиетке барабар,
Кучагында термелишкен бир түндүн.

* * *

Жалындырып не бир сулуу сөз менен,
Жамалына карай албай көз менен!..
Жанды берип, бир-бириңе жатасың,
Жалын болуп, ак шейшепте өчпөгөн!

* * *

Көздөр эрип, бир-бирине тамчылап,
Карек кайнап, карай албай алсырап.
Куюлушуп бир-бирине жүрөктөр,
Кумар канбай, балкып бойлор «кансырап!«

* * *

Муза чалып, эрип дүйнөң көлкүлдөп,
Мүчөлөрдөн ак сүт агып мөлтүлдөп,

Ушунчалык улуусуң ээ, махаббат!
Уч-кыйры жок ай-ааламдай мелмилдеп.

* * *

Жүрөгүмдү мыжый кармап карашың,
Жан дүйнөмү жалыныңа жагасың.
Кадырыңа кандай кылсам жетемин,
Каралдым ай!.. балбал таштай жанасың!

Перисиңби, адамсыңбы, эмнесиң,
Бүт жанымды тартып турат келбетиң.
Секунд сайын турчу болдум сагынып,
Сендей сүйкүм жаратабы пендесин?!

Көргүм келет, көрүп турсам уламдан,
Көзүм түшөт келбетиңе суналган.
Карегиңди ала качпай айтсаңчы?
Кагылайын!.. качан чыгам кумардан!

Асылым ай!.. алда эркем, чунак ай!.
Араң турам бой чытырап, чыдабай.
Суусаттырып, сүйөсүңбү?!. дебечи,
Сүйсөң-сүйчү?.. сатуулашып сурабай.

* * *

Сүйдүрөсүң, суусаттырып чунак ай!
Сүйсөң сүйчү, суктандырып сынабай.
Эркелейсиң эрктен жанды тайытып,
Чубабачы жан дүйнөмдү буладай?!

* * *

Кетирбей, улам сүйүп – кучактайсың,
Бышактап, кепке тартып узатпайсың.
Торуңа бир чалганда аппак сүйүү,
Түбөлүк бутка салган тузактайсың!

## АШЫКТЫК ЫРЛАР

*«Ашыктык жаш тандабайт,*
*Ачка адам – аш тандабайт»..*

Олтурам сен жөнүндө казал жазып,
Бирде шор, бирде оюм ширин татып.
Карааның камыктырып кусалантып,
Көрбөсөм калуучудай күнүм батып.

Жалжалым, жазганымды түшүнөөрсүң,
Жай бербей, жан дүйнөмө бүтүн ээсиң.
Жактырсаң кандайдыр бир белги берип,
Жакпасам күдөрүмдү үздүрөөрсүң.

Жалбырап, же бир албай жаным тыным,
Жашырбайм, жакшы көрүп калыптырмын.
Бул сүйүү – эркке койбос чунак экен,
Байгамбар жашка барып калыптырмын.

Бук болуп сүйгөнүмдү батыра албай,
Бет чыдап, айтканга же батына албай.
Азапты далай чектим артып арман,
Арыктап жүрөгүмдүн дарты бардай.

Апкаарып жок сыңары белен кебим,
Артык баш кетемби деп чеберледим.
Ашыктык абалымды билип калса,
Ал дагы бир белгисин берээр дедим.

Уктабай, ушаланып, уйкум качып,
Убайлуу ойлор менен миң сырдашып.
Кашыңды капысынан серпип өтсөң,
Каламын ошол замат туйтунгансып.

Көксөтүп, көргөн сайын артып бугум,
Көзүмдүн андан бетер алдың нурун.
Калкалап кала турган сүйүү экен,
Турганда жанга батып жалгыздыгың.

Турасың жаным дайым сагындырып,
Тушуксаң, куйгузөсүң жалын кылып.
Өзүңсүз бул дүйнөдөн өтөмүн го,
Өмүрдү тың сүрө албай алым куруп.

Өмүрдүн куту – сүйүү абайладым,
Өзүңө баарын арнап, аянбадым.
Сенсиз мен жашай албайт көрүнөмүн,
Сенсиз мен чөлдө калган абалдамын!

Мен сени сүйгөндүктөн көп тоорудум,
Мүңкүрөп, сага жетпей көп оорудум.
Барар жер, басаар жолум көрүнөсүң,
Бакытым, баары сенсиң – ден соолугум.

* * *

Аманат жанды берем секетиме,
Асылым, ак оюмду сезесиң ээ?!
Жалбырттап, жан жыргатып өтөлүчү.
Жашоонун – сүйүү деген бекетине!

Баамда, суранамын асылзатым,
Бактыма өзүң гана жазылгансың.
Тозокко анан түшсөм кайыл элем,
Төшүңө бир кондурчу, жан жыргасын!

Берилдим бир өзүңө, өзүң билгин,
Бир паска унуталбай эсим бүлгүн.
Ашыктык кыйнаганда өөп койсом,
Алтыным, ардабагын, кечиргиниң?!

* * *

Булбулсуз – гүл термелип баш ыргабайт,
Буудандын – табын тапса ташыркабайт.
Музасы кош жүрөктүн күүгө келсе,
Махаббат эч убакта жаш ылгабайт.

Сеземин сүйүү барда – улуу дүйнө,
Сеземин сүйүү барда – сулуу дүйнө.

Сүйүүсүз бу дүйнөгө жаралып не,
Сүйүшүп тургандыктан жылуу дүйнө.
Ашыктык... сүйүү сүйүп өтө албаса,
Адамдын бары-жогу, анда кимге?!!

Сүйүүнү аздектешет аалам мүлдө,
Кабылтат бакытка да, арман күнгө,
Асылым, арнап жазган махабатым,
Акыйкат бир өзүңдө – сүй, же сүйбө?!

* * *

Дүйнөмө батпай турам,
Дүүлүгүп мастай турам.
Асылым, сага жетпей,
Айламды таппай турам.

Сүйүү – кут, ушу саган,
Сүйбөсө ушу жаман.
Делбедей сүйүү сүйгөн,
Дегеле кызык адам.

Берилип алда кимге,
Бейпайга калбай сүйсө.
Ооруган жетпей калса,
Оңбогон арман дүйнө.

Даана сүй, жалган сүйбө,
Далайдан калган дүйнө...
Барктуу сүй – бир жашоодо,
Баарысын алган дүйнө.
Бак табат, сүйүү өлбөйт,
Болсо да балбан дүйнө!..

* * *

Арзан сүйүү деле болбойт, курусун...
Ал сүйдүрөт, кичүүлөргө улуусун.
Балбылдайсың бажырайган секетим,
Баарысынан сүйгөндүктөн сулуусуң!

Көп көксөдүм, болсо экен деп колуктум,
Кыйнап жанды, кайдан гана жолуктуң.
Өзөгүмдө лира болуп жаңырган,
Өмүр бою чертилүүчү комузсуң!

Экөөбүздүн бир бактыбыз ушунда,
Сен жашайсың менин өмүр-кутумда.
Качан болсо караан болуп көрүнүп,
Мен жашаймын кирпигиңдин учунда!

Ооба, жаным сенин сыйкыр күчүңмүн,
Ошондойсуң сен да мага түшүнгүн.
Мен жок болсом анда жарты дүйнөсүң,
Сени менен мен да дайым бүтүнмүн.

Жалдыратпа, айланайын асылым,
Жаным менин – тал-талында чачыңын.
Керек болсо, гүлгө айлантып сүйүүмү,
Саамайыңа тагып коём акырын.

Уруп жыты – алма жыттуу алмаңын,
Уйкусурайм, айталбаймын ар жагын...
Карегиңе чөгүп бара жатам да,
Кандай кылам, кагылайын ардагым!?.

Көлкүтөсүң – эрин тийсе эринге,
Касиетиң жанар – тоодой кеминде.
Бүткүл аалам тегеренип жаткансыйт,
Бир үлп эткен сенин ысык демиңе.

Боорлошчу, айланайын алтын ай!..
Бойго бойду кошолучу тартынбай,
Тирүүлүктүн анда кимге кереги,
Сүйүү сүйүп жан кумарды кандырбай!..

Мен бар болсом, сен да мага бар болуп,
Жүрөгүңөн чуркап турам кан болуп.
Мен өзүңү карегиме сактаймын,
Сен да мени карегиңдей ал – коруп?!

Ооба жаным, бүгүн бөлөк мүчөбүз,
Бир дүйнөбүз бириккенде экөөбүз.
Чаңкап, чарчап, катаал жолду басканда,
Чокусуна махабаттын жетебиз!

Баттың беле, кандың беле сүйүүгө?
Балын соруп, таттың беле тилиңе?
Убай тартып, таап алсаң ширеси,
Ушунчалык өмүрдөгү ширин ээ?!.

Кантип анан сүйүү чогун баспайсың...
Күйгөн сайын, күйсө экен деп кактайсың.
Ишен жаным, менин шамым өзүңдө,
Не кылсаң да өзүң гана сактайсың!..

Эптеп сүйүү, алдап сүйүү болобу,
Эркелечи, эриндерден соролу.
Экөөбүз тең жан берели сүйүүгө,
Элде калсын махабаттын жомогу.

Жүрөм бактым, жалгыз сени туу тутуп,
Жана билем алганымды – уу сузуп.
Экөөбүздүн мүрөгүбүз махабат,
Армансызбыз жашасак да суу жутуп.

Секетим ай!.. ошондойбуз ар дайым,
Сенсиң мага, мен өзүңө бал дайым.
Шаңшып өтөм – атап сенин атыңды,
Шамым өчүп, суум түгөп калмайын.

Сүйүүбүздүн таттуулугу ай, ширинден!..
Сууң менмин, сен турпаксың шимирген.
Мен булбулмун, үнүмдү угаар – гүлүм сен,
Комуз болсоң – черте турган кылың мен!!!

* * *

Айкашып, балтырыма ак балтырың,
Ай нурлуу андан бетер ак алкымың.
Ажарың нак күмүштөн уюткандай,
Албырып андан бетер – ак алтыным!

Келбетиң көрккө келип, көөкар сымак,
Кубулуп чечингенде күлүп турат.
Тамылжып кош эмчегиң андан бетер,
Тургансыйт көөдөнүңдө күйүп чырак.

Көрсөм да көз уялткан жамалыңды,
Келтирет улам эле карагымды.
Асылым, ошол кезде сездиң бекен,
Алсырап араң турган абалымды.

Койгондой мала кызыл гүл байланып,
Кош бетиң күлүмсүрөп, нурдай жанып.
Куу сымал конуп турдуң кучагымда,
Кымбатым, күүгө айланып, ырга айланып.

* * *

Сенсиң секет ырдап бүткүс дастаным,
Сенсиз жерде менин бүркөө асманым.
Мазарымсың, базарымсың, бактымсың,
Бу дүйнөдөн сенсиң жалгыз тапканым.

Ооба, бактым – сенсиз чөлмүн какшыган,
Жылуулук жок, ырысым жок – какшыган...
Арман күчөп, анда тентип каламын,
Айырмам жок – дербиштерден, бакшыдан.

Сүйүү сүйбөйм – сүйүшкөндөй кай бири...
Кышта бороон, аптап болом – жай күнү.
Алдап сүйбөйм, анык Мажнун боломун.
Көз жумамын издеп жүрүп Лайлими!

Ырдап өтүп махаббаттын жомогун,
Ысыкка эрип, мөңгү сымал тоңомун.
Жаш жанымдан артык көрүп сүйүүмү,
Же Жульетта, Ромео боломун!

Сүйүп жашап тирүүсүндө көзүмдүн,
Жанды берем кароосуна өзүңдүн...

Арзып жүрүп жетпей калган арманда,
Асылкечим, Акмөөрүмсүң өзүмдүн!

Далай болгон махаббатка жан кыйган,
Жашын төгүп, а дүйнөнү жай кылган.
Арзып сүйгөн Даниярың мен болом,
Асылзаадам, ай периштем Жамийлам!

Адам деген те алгачкы замандан,
Сүйүү үчүн жанын берип, жан алган.
Кушта дагы, куртта дагы сүйүү бар,
Сүйүү сүйүп жашаш үчүн жаралган.

Бу жашоонун ырахаты эмнеде?
Сүйүү сүйбөй жашап жүрөм эмнеге.
Азбы, көппү бул аманат өмүрдү,
Сүйүү сүйүп жашаш үчүн берген ээ?!

Бу тирдикти берди деги эмнеге?
Ыйман күтүп, кел – деп, берген келмеңе.
Сулуулуктан бүткөн ушул дүйнөнү,
Сүйгүнүң деп, сүйүү берген пендеге!

Сүйүү менен бүтүш керек жан кошо,
Сүйүү эне, сүйүү бала – жан бото.
Аман болсом сүйүүм үчүн жок дебейм,
Жүрөгүмдү сууруп берем Данкочо!..

***08.01.2005-жыл. Бишкек.***

## АРЗУУДАГЫ АРМАН

Түн түшүп тилегиме,
Түнөбөй түнөгүмө,
Олтурам сенден калып,
Окшошуп күнөөлүгө.

Жашырып дайыныңды,
Жүктөдүң кайгы муңду,
Асылым аппак элем,
Айтсаңчы айыбымды?!

Кыналып өбүшкөндү,
Кыштакта – кечиндеги.
Антташкан айлуу түндөр,
Алтыным эсиңдеби?

Болоорун бактым бүлгүн,
Билбепмин, сезбептирмин.
Өзүңө арналды эле,
Өмүрүм – жигит күлгүн.

Көрктөгөн көчөбүздү,
Сүйүүсү өтө күчтүү.
Асылдар дечү эле,
Айылда экөөбүздү.

Жаалына муң куйкалап,
Жабыгам, жашым тамат,
Айыкпас оору экенсиң,
Адашкан сен махаббат.

Өзүңдүн күйүтүңөн,
Өмүрдү кыйнап сүрөм.
Бүгүн да издеп сени,
Бук болуп ыйлап жүрөм.

Суу жүрөк берген эгем,
Сүйүүгө жеңил белең?
Өзүңдүн шертиң кана,
Өлгүчө бирге деген!

Көөнү үчүн асыл заттын,
Көөнү үчүн махаббаттын.
Өтөмүн бу дүйнөдөн,
Өзүңдүн атап атың.

Жүрөккө сени түйүп,
Жүдөттү арбып күйүт.
Жүрөмүн арман кылып,
Жүзтайды сүйүү сүйүп.

Кош эми – өчтү жалын,
Кош эми – кетти багым.
Биздеги тагдыр ушу,
Бактылуу болгун – жаным?!

***13.01.2005-жыл. Бишкек.***

## ЭРКТЕН ТАЙЫП АЯЛ ДЕСЕ ӨЛӨБҮЗ

Экиленип каалагандай өбөбүз.
Аялдардын алтын чынар шагында,
Алпештелип өсөт биздин мөмөбүз.
Кучагында алсыз кулбуз чынында,
Көккө тийип турса дагы төбөбүз.

* * *

Махаббатым, көкөлөгөн чынарым,
Мөлтүрөгүм – эки келбес ынагым!
Бугум батпай сенсиз чаңкай беремин,
Жуткан сайын суусаттырган булагым.
Бакытым ай! сенин гана барыңан,
Бу дүйнөдө өмүр сүрүп турамын.

* * *

Жолугупмун, жаным сендей асылга,
Дүйнөм түгөл өзүң турсаң кашымда.
Бүт өмүрүм, бардык бактым байланган,
Сенин гана бир эле тал чачыңа.
Сыркоолосоң сага кетип садага,
Сууруп чабам жүрөгүмдү азыр да!

* * *

Не кылсак да эптеп таап бир айла,
Сыйынабыз аял деген кудайга.
Ким болбосун көпөлөктөй айланып,
Сыйынасың эне деген Умайга.
Аял затта тагдырыңдын баарысы,
Асыраар да, салаар дагы убайга!

*13.01.2004-жыл. Бишкек.*

## АСЫЛКЕЧКЕ

Жол карап күтөм асылым -
Жообун айт болсо жазыгым.
Жолуккуң келсе, келмексиң,
Жолубуз жалгыз чакырым.

Көксөтүп көркүң – аттиң ай!
Көрбөсөм көңүл ачылбай.
Көз жаштап жүрөм секетим,
Көп ырым калды жазылбай.

Барууга келбейт дарманым,
Байланып жипсиз калгамын.
Жамалың көрүп калайын,
Жолугуп койчу, ардагым.

Айтпасам ичте бук калып,
Арманым батпай – кусалык...
Аргасыз жаздым бул катты,
Ар кимден дале кызганып.

Билээрсиң балким алымы,
Бүгүн жок жандын жарымы.
Кемитип койгон, бутум шал,
Кеселим байлап багымы.

Үзүлбөй сенден күдөрүм,
Уйкум жок, убай... жүдөдүм.
Сен сүйбөй калган күндө да,
Мен сүйөм, деп жүрөмүн.

«Таарынып» калса жүрөгүң,
Себеби оорум – билемин.
Армандуу сүйүү – сүйүппүз,
Ак эле сага тилегим.

Таарына көрбө – секетим,
Тагдырга жазган, кантесиң?!
Тундуруп, кээде ойт берип,
Түшүмө кирип кетесиң.

«Тагдыр» – деп коём үшкүрүп,
Дабаасы – дарттын үшкүрүк.
Күйүттү күндө арбытып,
Күнүгө койдуң күттүрүп...

Сүйүүнүн чактык оттугун,
Сүйүүнүн сездик шоктугун.
Сезбепмин – чиркин ошондо,
Сүйүүгө эркиң boштугун...
Шарданда сүйүү – сүйүппүз,
Шерменде сүйүүм кошкунуң?!

***22.01.2005-жыл. Бишкек.***

## АЛДАБАЧЫ АЛТЫНЫМ

Калпыңды билип турам, карганбачы,
Карганып, кара жаным алдабачы.
Атама тилейин деп, апырткандын,
Арам ой, ар жагында бар балаасы.
Атпагын бир ок менен эки коён,
Арт жагы не болоорун, ылга жакшы?!

Шыпшынып, улам мени караганың,
Шекшинтет бир немеден кара жаным!
Күнөөңү анткор күлкүң айтып турат,
Кумарың ким бирөөдөн тараганың.
Сен дагы суусаганга чапкан белең
Садага дечүү элем го сага жаным!

* * *

Санат кылып ырдай албас акындар,
Сенин жаным, бир касиет затың бар.
Өмүр, жандын өтөлүнө чыккыдай,
Өзүңчөлүк болсо болду асыл жар.
Алдап, кардап-кадырыңа жетпесем,
Азыр даяр, арзыбасам башымды ал?!

* * *

Кумар көздүү кучагында селкинин,
Кумар жазып, далай жолу көлкүдүм.
Жанды сабап, жетүүчүдөй түбүнө,
Жашчылыктын жасаптырмын көп түрүн.
Эми таппай, элестетип олтурам,
Эрсинтишкен сулуулардын эч бирин.

* * *

Аял тура, жан дүйнөнүн азыгы,
Ансыз жашоо, жандын болбойт татымы.
Жүрөгүмө башты жөлөп сен жатсаң,
Жаным балкып, мен да сылап чачыңы.
Жер шарынын теңебесмин баасына,
Жаным сенин, жалгыз түндүк назыңы!

***20.01.2005-жыл. Бишкек.***

* * *

Күчүң жетпей анда мени карашка,
Кучактасам, үргүлөйсүң заматта.
Жалынуунун чегин билбей калабыз,
Жаным эрип, жазданганда мамакка.
Жаадыратып илебине мас кылган,
Жаным курман!.. аял менен шарапка.

* * *

Кынай тартсам илеп алып демиңди,
«Койчу!..» дедиң ала качып белиңди.
Тамылжыдың аруу жүзүң албырып,
Жүүнүң бошоп, тийгизгенде эриңди.
Кусадармын, кантип эстен чыгарам,
Кучагында ныксыраткан келинди!.

* * *

Какшык кошуп, аста сөздү жылдырып,
Кыйнады да караганың кылгырып.
Бирде күлүп, бирде кайра сумсайып,
Баратасың жүрөгүмдү кул кылып.
Көлөкөңдөй ээрчитпечи секетим,
Койсоң боло кара жанды тындырып.

* * *

Сагынганда эске түшүп элесиң,
Сүйлөп ийем «жаным качан келесиң?..»
Жалынтпачы, келчи жаным тезирээк,
«Жинди болуп калды байкуш» дебесин.
Карааныңа куса кылып ээрчиткен,
Кагылайын кайдан бүткөн немесиң.

* * *

Кызгандырып кыйнадың го өңгөдөн,
Киши экенмин кызганбаска көнбөгөн.
Элесиңди бир көрбөсөм сагынып,
Эрме чөлдө дарак болом чөлдөгөн.
Суусунусуң өмүрүмдүн секетим,
Сенсиз деги жашай албайт өңдөнөм.

* * *

Алла берген аялдарга чырайды,
Акыл-эстин уюткусу – Умай бу.
Акылсызын – чырайлары булгашат,
Асылдардын ушул гана бир айыбы?!
Абийирине сак караса сулуулар –
Азгырышмак кучагына кудайды!..

***18.01.2005-жыл. Бишкек.***

## БУЛАКСЫҢ

Кай жакта гана болбоюн жаным,
Сен жакка жүрөк ашыгат,
Өмүрүм күсөп, жүрөгүм түтөп,
Өзүңдү көздөй чакырат.

Ойлорум чачкын, сан санаам күчөп,
Торгоюң болуп сайраймын.
Жоругуң эстеп, жок жактан издеп,
Жол карап, көздү албаймын.

Канталап жүрөк, кайгыдан жүдөп,
Эстеймин моймол көзүңдү.
От болуп илеп, оюмда тилеп,
Оорукчан кылдың өзүмдү.

Чачыңдан сылап, жүзүңдөн сүйүп,
Жан курман болчуу ынаксың.
Бирок сен жаным, бүтпөгөн күйүт,
Жутулбай калган булаксың!..

*20.02.2005-жыл. Бишкек.*

## АТТИҢ АЙ, АНДАЙ КҮН КАЙДА

Сен үчүн тосуп бороонду,
Сыздатып созом обонду,
Секетим келсең болбойбу,
Себеп таап, бөлүп чолоңду.

Эркелеп, минип мойнума,
Эрмектеп, шылтап ойнуңа.
Суналып жатсаң болбойбу,
Супсулуу болуп койнума.

Сүйүүнүн балын ичелик,
Сүйүүнүн сырын чечелик.

Бал татып, балкып жатканда,
Булбул куш турса безенип.

Күрпүлдөп батпай суу сайга,
Күрпүлдөп, окшоп биз дайра.
Атырсак таңды айкашып,
Аттиң ай, андай күн кайда?!

***16.02.2005-жыл. Бишкек.***

## ТҮШҮМӨ КИРДИҢ

Түшүмө кирип, тундурдуң сүйүп,
Тунжурай түштү, түнөрткөн күйүт.
Унутта калып бараттың эле,
Уурдалып бактым, уурдалып үмүт.

Түшүмө кирип, тутанды үмүт,
Тымызын салдың дүйнөмө бүлүк.
Маанисин түштүн түшүнбөй турам,
Мынчалык сени калыпмын сүйүп.

Мойнотуп койдуң, мокогон жанды,
Бооруңа бастың, моокумум канды.
Ойгонсом жоксуң, жатамын жалгыз,
Опколжуп жүрөк, арманда калды.

Томсортту кайра түштөгү күлкү?..
Төп келбейт – дедим түшүмү түнкү,
Түңүлгөн бойдон түңүлөт элем,
Түшүмө деги көп кирбей жүрчү?!

***14.02.2005-жыл. Бишкек.***

## СОПСООДОЙ ЖҮРӨК

Жылт этип өчкөн, шоолалуу нурдай,
Жыргалым кетти – жүрүпмүн, туйбай.
Табышмак кылып, айтпаптыр жүрөк,
Тагдырдын тайкы болоорун мындай.

Жанымды берип, жазылган ырга,
Жабырым арбып, жалдырап жылда.
Жалыным өчүп, жай таппай турам,
Жуурулуп ыйга, жуурулуп муңга!

Жаш чыкпай көздөн, жүрөгүм боздоп,
Жалгыздык жандын ызгаары коштоп.
Бороонго боюм калтырап турат,
Чөлдөгү купкуу сөксөөлгө окшоп.

Жаша деп жанды – ырларым сүрөп,
Жаша деп, жанды ырыма тилеп.
Соороотот мени, сооротом аны,
Сопсоодой кагып, сопсоодой жүрөк!

*14.02.2005-жыл. Бишкек.*

## КҮЛҮП АЛ

Ойноп ал, күлгүн – от кезде жүрөк.
Оту да калат – бир күнү түтөп.
Өмүрүң соолот, суу акпас сайдай,
Ичишкен жан жок, өлбөскө мүрөк.

Ойноп ал, ойно, жаштыгың кетет.
Ойноок жел сымал, жеткирбей безет.
Тирүүгө бакыт, ар дайым болбойт,
Түбүнө анын ким деген жетет.

Жаштыктын болот – жашоодо мерти,
Жаштыгың эмес, бүтпөгөн энчи.

Күлүп ал, күлгүн курагың кетет,
Көз жоосун алып турганда селки.

Күлүп ал, келбейт курагың кайран,
Качкан куш ал бир, табасың кайдан.
Тууруна кайра кондурбайт сени,
Түбөлүк эмес, күнүмдүк жалган!!!

***14.02.2005-жыл. Бишкек.***

## КЕЛСЕЧИ ЧИРКИН БИР КАЙРА

Көйкөлгөн шибер, жапжашыл өтөк,
Көзүңдүн огу, көзүмдөн өтөт.
Кучакка кучак айкашып жаттык,
Куттуктап бизди боз торгой безеп.

Кошулуп анда жаныма жаның,
Көк түтүн чыгып, алоолоп жаным.
Ашыктык сөздүн баянын анда,
Айтышка келбей, «алсырап» алым.

Ай сайын эмес, кездешип күндө,
Таң менен кайтып, тамылжып үйгө,
Көйкөлүп балкып, көлдөлөң-шибер,
Кызыл нур тамып апаппак гүлгө.

Аттиң ай! Аттиң ал күндөр кайда?
Ак булак белең кошулган сайга.
Кыр ашып өмүр кеткени калды,
Келсеңчи чиркин, бир жолу кайра?!

***14.02.2005-жыл. Бишкек.***

## САГЫНУУ

Сай сөөгүм сыздап, санаага батмай...
Саргайып ооруп, сабыркап жатпай.
«Жаным» деп жүрүп, жапага салдың,
Жүрөгүң беле, капкара таштай.

К а й ы р м а:
Жалооруп өмүр, аңгырап дүйнөм,
Жан коёр жер жок, жалгызсып жүрөм.
Санаага батып, саргайбайт элем,
Болбосо сенче жалбарып сүйгөн!

Үмүттү үзбөй, ар кайда каңгып,
Үйүңдү карайм, үшкүрүк арбып.
Көз жумсам, ачсам көзүмдөн өтөт,
Кылыгың сенин, кымбатым баардык.

К а й ы р м а:
Жалооруп өмүр, аңгырап дүйнөм,
Жан коёр жел жок, жалгызсып жүрөм.
Санаага батып, саргайбайт элем,
Болбосо сенче жалбарып сүйгөн!

Бүчүрү окшоп, үшүгөн талдын,
Байкушу болдум, түшүнгөн жандын.
Себеби эмне, туюнтпай кеттиң,
Сагынуу деген ооруда калдым.

К а й ы р м а:
Жалооруп өмүр, аңгырап дүйнөм,
Жан коёр жел жок, жалгызсып жүрөм.
Санаага батып, саргайбайт элем,
Болбосо сенче жалбарып сүйгөн!

***14.02.2005-жыл. Бишкек.***

## ЖҮРӨЙҮН ЭМИ ӨМҮРҮҢ ТИЛЕП

Ашыктык оту арбытып жанган,
Ак шоола болуп жанчуусуң андан.
Айламды таппай алсырап жүрөм,
Ажырап сенден арбыды арман.

К а й ы р м а:
Тартылып сага таанышкан күндөн,
Таалайым жалгыз сенсиң деп жүргөм.
Ал кезде бирок бар тура секет,
Адамың сенин аздектеп сүйгөн.

Өзөгүм күйүп, өкүнүп жүдөп,
Өзүңдү көздөй өзүмдү сүрөп.
Түбөлүк жанды эңсетип койдуң,
Тирүүмдө сенден түңүлбөйт жүрөк.

К а й ы р м а:
Тартылып сага таанышкан күндөн,
Таалайым жалгыз сенсиң деп жүргөм.
Ал кезде бирок бар тура секет,
Адамың сенин аздектеп сүйгөн.

Суусадым, эңсеп, сүйүүгө канбай,
Сыздаттың неге айыбым бардай.
Сыр катпай сүйбөйм, деп койсоң болмок,
Сенделтип мени ээрчитип албай?!

К а й ы р м а:
Тартылып сага таанышкан күндөн,
Таалайым жалгыз сенсиң деп жүргөм.
Ал кезде бирок бар тура секет,
Адамың сенин аздектеп сүйгөн.

Сыздады жаным, сырды ким билет,
Сен үчүн секет, ак бойдон тилек.
Жанашпай калдык аттиң ай, арман!
Жүрөйүн эми өмүрүң тилеп!

К а й ы р м а:
Тартылып сага таанышкан күндөн,
Таалайым жалгыз сенсиң деп жүргөм.
Ал кезде бирок бар тура секет,
Адамың сенин аздектеп сүйгөн.

*8.02.2005-жыл. Бишкек.*

## АК БУЛУТУМ

Алкымың жылдызданып,
Алгандай жылдыз тагып.
Калтар чач ай далыда,
Капкара кундузданып.
Кыпкызыл эриндериң,
Койгондой гүл кыстарып!

Албырып ажар – багың,
Ак жуумал, жанга жагым.
Аарчыган бээмчектей,
Апакай манжаларың.
Жарк этсең кандырасың,
Жанымдын жан кумарын.

Ай соору ак мамыктай,
Аруу төш, ак баркуттай.
Койкойгон кош балтырың,
Кулпурат ак жакуттай.
Каалгый басканыңчы,
Калкыган ак булуттай.

* * *

Үнүңдүн шыңгырынан,
Булактын ырын угам.
Балбылдак көздөрүңдөн,
Бакыттын нурун туям.
Асылым, супсулуусуң,
Арбалып сага турам.
Акылдын көлү белең?

Асылдын мөлү белең.
Ата Журт сыймыктанат,
Асылым сени менен.
Тагдырга сени жазса,
Таш бекен эрибеген!...

Айдагы шурусуңбу,
Акактын нурусуңбу?
Жаадырап күн чыккансыйт,
Жылмайтсаң урутуңду.
Жылдыздын бир үзүмү,
Жыпардын бүрүсүңбү?
Төрүндө Теңир Тоонун,
Термелген гүлүсүңбү?

Кебездей аксың неге?
Келбетиң ак куу беле?
Капкара жыпар мончок,
Көзүңө тактың беле?
Боорума басып жүргөн,
Болсоңчу бактым эле.

Мүнөзүң нур булаган,
Мүчөңү ким кураган.
Күлгөнүң кудум эле,
Күмүштөй шыңгыраган.
Арзыдым, болдум окшойт,
Агурган мен думанаң!..

*8.01.2008-жыл. Бишкек.*

## СУЛУУГА

Сулуусуң кандырган кумарды,
Сулуусуң – дүрбөткөн дубанды.
Секетим тагынып алсам дейм,
Сенсиң – деп, мойнума тумарды.
Сулуусуң – козгогон кумарды,

Сергиткен кептенип, жел аргы.
Секетим сен эле ыйыксың,
Сенчелик ынабайм куранды.

Ай сымал баш баккан булуттан,
Ажарың арзытып куруткан.
Дарылап жүрөктү жүрөйүм,
Дартыма сен болчу улукман.

Капырай!.. Күнсүңбү, эмнесиң?
Каныкей, Чүрөкпү? Келбетиң.
Алла бир жараткан экен ээ,
Ажарлуу сенчелик пендесин.

***08.04.2008-жыл. Бишкек.***

## БАР БОЛСО ЭГЕР СҮЙГӨНҮҢ

Өзүң деп келем бул үйгө,
Өзөгү жандын бул үйдө.
Өмүрдүн жоктой кызыгы,
Өзүңсүз супсак бу дүйнө.

Кылыгың кымбат, сырдана.
Кыйбасым жалгыз сен гана.
Көз салчы секет болоюн,
Көлөкөң эле ыр мага.

Гүлүм бол жыттап жүргөнгө,
Күнүм бол күндө тийгенге.
Түгөйүм эле бологөр,
Түбөлүк өмүр сүргөнгө.

Көктөмдөп турган жайым бол,
Көктөгү толгон айым бол.
Кайылмын тагдыр не кылса,
Кашымда өзүң дайым бол.
Жанымдын издеп түгөйүн,

Жан албай согот жүрөгүм.
Секетим туура түшүнгүн,
Сен үчүн жашап жүрөмүн.
Бакыттын жеткен чеги ошо,
Бал болсо эгер сүйгөнүң!..

*1.12.2004-жыл. Бишкек.*

## ӨТҮНҮЧ

Оюңду арамдыкка алдатпачы,
О, жаным, тунук сууну чаңдатпачы.
Алтындан кымбат менин махабатым,
Асылым, акыл менен салмактачы?!

Жаздыгың жолоочуна жаздатпачы,
Жаркыным, бакытыңды ак сактачы.
Көзүңдөн тегеренип турганымда,
Капыстан жүрөгүмө таш баспачы.

Өзүңдөн-өзүң жаным шекшибечи,
Өмүрүн сүйүүбүздүн бек тилечи?!
Экөөбүз чар дарактай жерди чийип,
Өсүүгө бактыбыздын жетти кези.

Жаштыктын эки келбес кымбат жазы,
Жаадырып жан кеткенче сыйнаттачы?!
Гүлзарын сен экөөбүз тиккен үйдүн,
Кыска ойлоп, колуң менен кыйратпачы?!

## СҮЙҮҮНҮ ӨЗҮНЧӨ БИР МЕКЕН ДЕП СЕЗ

Сүйүүнүн зери менен турган аалам,
Сүйүүнү акын да жок ырдабаган.
Өчпөгөн тирүүлүктүн жарык күнү,
Өмүрдүн жаш-карысын ылгабаган.

* * *

Сүйүүнү өзүнчө бир мекен деп сез,
Баркына эрдин-эри жетээр эптеп.
Жыргалы, жан кейиткен азабы бар,
Жаалына – жандын-жаны чыгат беттеп.

* * *

Дүйнөсү эң бир назик болгондо да,
Дайыма абай кылып колго карма.
Оту өчүп, күлү калат, соолуп калат,
Ойлоп ал, зордоп алба.

* * *

Жандуу сөз, жандын өзү – сүйүү деген,
Жолдору – эң бир татаал түйүндөгөн.
Чырагы адамзаттын чекедеги,
Чын сүйүү – отко күйүп, ийилбеген.

* * *

Сүйүүнүн закондорун ким чектеген?!
Сабылып, сапарларын ким чекпеген.
Сөз таппай туман каптап акылыңды,
Сүйгөнүң – көктө турат кол жетпеген.

* * *

Сүйүүдө кезегинде сабыр болбойт,
Оюнду чакмак алып, мыжып ойнойт.
Гүлдөрдөн жыты келип сүйүү гүлү,
Жыттоого ашыктырып эркке койбойт.

* * *

Сүйүүмү баарысы ырдайт акынга окшоп,
Сүйбөйсүң, камынбайсың акыл топтоп.
Кайгысын айыктыраар дабасы жок,
Капыстан жүрөгүңө атылган ок.

* * *

Сүйдүм деп бир сулууну келээр миңи,
Ошондон сүйүү гүлү көгөрдүбү?..
Сүйүүнүн сезиминде терең сыры,
Сүйүүнүн өңүндө эмес, тереңдиги...

* * *

Чын сүйгөн сүйгүн дебейт өкүмдөнүп,
Чын сүйгөн сүйдүм дебейт төшүн керип.
Түбөлүк кошулушат эки дүйнө,
Тымызын бир-бирине өзүн берип.

* * *

Сүйүү – гүл, жаңы ачылып турган дайым,
Жаадырайт сүйүү күнү тийген сайын.
Аптапка, добулга да моюн бербейт,
Асырап алаар болсо билген жайын.

* * *

Чын сүйүү – кем калышпайт жел кайыптан
Чын сүйүү чексиз бакыт жер майышкан.
Чын сүйүү – ташбакадай чөлдө сойлоп,
Чын сүйүү – сүттөй аппак, куштай учкан.

* * *

Сересиң, өмүрүмдүн сересисиң,
Сендеги чын сүйүүнүн элеси үчүн.
Садага ай-ааламды чабаар элем,
Секетим, сенин улуу эне сүтүң!

* * *

Жер-Күндөй аял-эркек эки дүйнө,
Жанды арнап адамзаттын өсүшүнө.
Турушат сүйүү огунда тартылышып,
Турмуштун күүсүн чалып өз ичинде.

* * *

Оо, дүйнө! Аябагын бүт жакшыны,
Ойноттуң, сүйүү бердиң кымбат күнү.
Даанышман болсо гана – бардык аял,
Өзүңдөй табигаттын кылдаттыгы.

* * *

Сезими эркектерди отко бөлөп,
Сүйүүдө аял уяң, токтоо келет.
Адамзат чын сүйүүдөн өлгөн эмес,
Ал өлсө – ажалынан, октон өлөт.

* * *

Боорго колду алып куушургудай,
Махабат чындыгында эмес – кудай.
А бирок, өзүнчө бир сыйкырдуу күч,
Адамдар өкүмүнө баш ургудай.

* * *

Асылды анык болсо сүйгөндүгүң,
Асырайт ак сүйүүсүн билгендигиң.
Кызганыч – оор кайгы сүйүүдөгү,
Куткарат адамдардын миңден бирин!

* * *

Махабат – ач олтурсаң тамак болот,
Махабат – алсыз калсаң канат болот.
Башыңды жөлөп өтүп – бул махабат,
Бак болуп түбөлүккө карап коёт.

* * *

Баамымда өзгөчөсүң башкалардан,
Бешенең бажырайып аппак андан.
Суйсалып барган сайын супсулуусуң,
Сен үчүн өлөмүн го аңкагандан!..

* * *

Сен эле жаралгандай перизатым,
Сүйкүмсүң, жан-дүйнөмө канышасың.
Күн эмес, мүнөт сайын өзүң тургай,
Көрүүгө көлөкөңдү сагынтасың.

* * *

Мен сени сүйгөндүктөн кынтык таппайм,
Мээримиң, маанайыңды укмуш мактайм.
Жаныңа жакшылыкты бүтүн топтоп,
Жүрөктөн жамандыкты сызып таштайм.

* * *

Агарып атып турган таң дүйнөлүү,
Ар кимдин өз-өзүнө бал – сүйгөнү.
Өзөктөн сызып чыгып бирдей жанган,
Экөөбүз – экөөбүзгө шам үйдөгү.

* * *

Сүйүү да дарак сымал жемиш берет,
Мөмөдөй а дегенде көгүш келет.
Кыпкызыл алма болуп жетилгенде,
Кыналып эки жүрөк эриш керек.

* * *

Көчөдөн айсыз түндө көрүнбөчү,
Көз тиет, кыйын болот элдин көзү.
Капырай! Кимдин Айы жердеги дейт,
Келсе экен, экөөбүзгө көрдүн кечи!..

* * *

Түпкүрдө мага бербей таңдын нурун,
Түтөтүп, мага кыйбай жандын сыйын.
Бир гана сени койсо чыдаар элем,
Бир үзүм аш искебей сансыз кылым...

Кызарып бышаар десем уламкысын,
Капырай «алмам» эмне кубанкысың?..
Супсагы байкоосуздан кабылган бейм,
Сүйүүдөн алган элем сурап жутум...

* * *

Суранам, сүйкүм жарым, асыл бактым,
Сүйүүнүн билесиң го сатылбасын.
Ак уруп бирөө келсе абайлап жүр,
Аялуу сандыгыбыз ачылбасын?!

* * *

Ал айтты: «Алдап кетем ажалды да,
Апакай сүйүүбүз бар аралжыга.
Кош жүрөк бирдей кагып жаткан кезде
Ким кирет «кайыр» сурап анан мында?!

* * *

Эркелейт: «Мен сүйүүмө ишенемин,
Эрмегим, мен алдыңда сүт элемин!
Экөөбүз байлык кылып жүрбөйбүзбү,
Ортодо ишенүүнүн күчөгөнүн!..»

* * *

Төшүңдү жапчы, жаным, жалбыратпай,
Ийитип илебиңе жанды тартпай.
Албырып кош алмаңдан нур төгүлөт,
Ажары анан калса аппак таштай,
Жаныңа жолой албай турам, секет,
Жытыңдан жуткум келип мөл булактай.

* * *

Арбачы, кучагыңа тартчы жаным,
Асылым, махабаттын татчы балын!
Жашоодо рахатым, жан кумарым,
Бакыттын баарысынан бийик эле,
Бу жолку бир сүйүүгө балкыганым.

* * *

Болчу эми, терезени калкалачы,
Бетиңден сүйүп кетет Ай жанагы,
Балыңды бир аарыдан аябачы,
Бакытым, кой, башыңды чайкабачы?!
Мендеги мүргүп турган жүрөгүмдү,
Махабат канатына калкалачы?!

* * *

Секетим, самоо кыйнап сага келдим,
Сандалтпа, жүрөгүмдү жара бөлгүн,
Балбылдак күнүм батып кеткичекти,
Бир келди ажарыңды карап өлгүм,
Бу жолку эңсегенди аткар жаным,
Бакытты – мындан аркы бара көрдүм.

* * *

Сыпаа аял дайым мөлтүр булактай,
Суусун канып, көз ачылат умачтай.
Ар убакта ойдун издеп учугун,
Атаарыңды билип турат суратпай.
Кара көздүн кумарына канбаган,
Кайран өмүр! Кагаз сымал бир актай!

* * *

Оо, кара көз! Айбы, Күнбү эмнесиң?
Ак маралбы, ак тотубу келбетиң?
Сенин гана ажарыңа такканбы,
Бу табигат сулуулуктун берметии.
Болчу жаным! Бир жашарып алалы,
Махабаттын бир жуткурчу шербетин?!

* * *

Айтчы деги, периштеби, эмнесиң?
Ак куусуңбу, – көрктөндүргөн көл бетин.
Өлбөстүктүн суусу болсоң жутулчу,
Өмүр чиркин, бир ажайып чөлдөсүң.
Тирүүлүктүн бейишине кирели,
Тикчи жаным, махабатттын өргөөсүн!

* * *

Ичпей келдим, сага секет – аш калып,
Имердиң го, жүрөгүмдү как жарып.
Чатыраган олда сенин сооруң ай!
Чабалактап жаткан сымал ак балык,
Ысыктыгың жанар тообу жаркыным,
Илебиңе баратам да какталып!

* * *

Сүйүүгө ар ким болот дайым кумар,
Сүйүп ал, сүйбөй дагы жаның тынаар!
Сүйгөнүң сүйбөй койсо – ошол өкүм,
Аны сен сүйүп калган айыбың бар.

* * *

Жүргүчө жараланып зарга батып,
Сүйүүдөн көңүл дагы калган бакыт.
Ким чыдайт көз боётуп адамдыгын,
Кор кылып, коюнуна жалган жатып!..

* * *

Келбетиң шүүдүрүмдөй гүлдө жаткан,
Кыялың миң булактай, жылжып аккан.
Кымбатым, кайдан бүткөн асыл элең,
Көз отуң жүрөктөгү кылды таккан?

* * *

Кымбатым, капаланба, бери кара?!
Көккө – Күн, Жерге берген – сени гана!
Күн батса, батып кетсин, асылкечим,
Сен гана кабак чытып, тунжураба?!

* * *

Сүйүүдө бир ок менен экини атпайт,
Ал сүйүү – эч убакта жан жыргатпайт.
Андайлар адамдыгын булгап алып,
Акыры башты тепсеп, бешикти аттайт.

## КЫЗ КӨЗҮ

Баары эле пирдей дечи адамда көз,
Кыз көзү сыйкыр мончок кадалган көз.
Ирмөөдө аземи бар кытыгылуу,
Жигитке кылтак болуп жаралган көз.

Адатта кыздар тике карабайт да,
Караса жүрөгүңдү жаралайт да.
Төөнөлүп кирпиктери сезимиңе,
Жагымы өмүр бою тарабайт да.
Ал кароо – сүйүп кароо билсең, билдиң,
Сүймөйүн кыздар көзүн кадабайт да.

## СҮЙҮҮ БУЛ, КУБАНЫЧЫМ, АЯНЫЧЫМ

Сүйүү бул – менин жоктон жаралышым,
Сүйүү бул – менин оттой жаналышым.
Сүйүү бул – көңүлдөргө жагалышым,
Сүйүү бул – өмүрлөргө таралышым.

Сүйүү бул – максатымдын канаттары,
Сүйүү бул – күрөшүмдүн жарактары.

Сүйүү бул – жаштыгымдын ыйык кези,
Сүйүү бул – турмушумдун барактары.

Сүйүү бул – кубанычым, аянычым,
Сүйүү бул – ташкындашым, жай алышым.
Сүйүү бул – үмүтүмдүн чакырыгы,
Сүйүү бул – жашоодогу таянычым.

## СҮЙҮҮ ДЕМИ

Кыз жөлөп жийде бакта орто боюн,
Кылгырат, киши күтөт, бойтогоюм.
Көөдөндө тирсилдесе эрке жүрөк,
Кыялы бүлкүлдөтөт орто боюн.

Желаргы аймап-жуктап ак алкымын,
Албыртат, ноокастатат «ах, алтыным!»
Чиркейлер соруп жатса деле туйбайт,
Чытырап толуп турган ак балтырын.

Сүйүүнүн деми сезим чымыратат,
Дегдетет, делебесин чымыратат.
Кайыңдын жалтылдаган жалбырагы,
«Күткөнү келе жатат» – шыбырашат.

## ТҮШҮНӨСҮҢ СЕН КАНДАЙЧА СҮЙҮҮНҮ

Түшүнөсүң сен кандайча сүйүүнү,
Түтүнүнө колду кактап жүрүүбү?
Жарыгына колду кактап жасалма,
Жанды сатып, жалган сүйүп-күйүүбү?

Же коюубу зарыктырып, күттүрүп,
Же жутуубу кылгырышып ичкилик.
Айлуу түндө бак түбүндө жалбаруу,
Ак сүйүүнү ырастабайт үшкүрүк.

Же болбосо асыл белек берүүбү,
Же ар кимдин кызганычка чөмүүбү.
Көмүскөдө куру бекер жалооруп,
Кыйнап, алдап колдон тартып өбүүбү?!

Мен замандаш, балким затын билбесмин,
Карасы эмес мен агына дилдешмин.
Ойлой-ойлой айырмасын таппадым,
Жашоо деген, сүйүү деген бир кептин.

Мен замандаш, балким затын билбесмин,
Күрөш болсо мен ошого тилдешмин.
Туюнтканга тунуктугун, актыгын,
Тил жетишпейт, эмне деген тил жетсин!

Майтарылгыс сүйүү баркын сактаган,
Мен адамдык салтым менен мактанам.
Жалгыз күндүн табы жанга жетишсин,
Жаркын сүйүү болбогон соң кактаган.

* * *

Уйку көрбөй сен жөнүндө ой жоруп,
Уугуп кеттим таң атканча ойлонуп.
Жаттың бекен жаздыгыңды кучактап,
Жаным сен да, таттуу уйкуңдан ойгонуп.

Жүрдүң бекен, же сайрандап бакчада,
Жүрөгүңдү сууруп берип башкага.
Жүдөдүңбү, жоругумду сагынып,
жаш тамчылап карегиңден капкара.

Таппай арга, татып сүйүү кермегин,
Таштай албай тагдырыңдын бергенин.
Кырчын боюң калды бекен майышып,
Кандай күндө калдың экен эрмегим?!

Канатыңа канат кошуп махаббат,
Кайкыдыңбы, унуттуңбу баса бат.
Жоодурагым, жылдызыңдын нуру өчпөй,
Жүрсө болду кадырлап бир азамат.

## ЧЫКСАҢ БОЛО

Кара чачка ак бантигиң байланып,
Келээр элең чолок мурдуң майланып.
«Кел ойнойлу» деп беришип чүкөмөн,
Урушканда кетүүчүмүн кайра алып.

Бир заматта чукчуңдашып жоолашып,
Бергендерди «келе бер» деп доолашып.
Уруп коюп өзүм кайра чыдабай,
«Ыйлаба» деп калуучумун сооротуп.

Оромпой тээп, кеп талашып жакылдап,
Ойночубуз караганга жашынмак.
«Таап ал мени» дебедикпи быйтыйып,
Тырмактай бир арчазарга жашынсак.

Келбей үйгө кечке жүрүп көчөлөп,
Сен чарчасаң мен көтөрүп бөпөлөп,
Калдырканды кармап берип колуңа,
Келээр элем кедеңдетип жетелеп.

Артта калып балалыктан мончогу,
Алыстаттты сенин, менин ортому.
Чыксаң боло чымырканып дагы бир,
Чүкө утушуп, ышкын уулап жортолу .

## ЖАЛГЫЗ СЕН ЖАПЖАРЫК ДҮЙНӨМСҮҢ...

Кокустан кароону не кылам,
Карасам көзүңө урунам.
Карасам чыгышка – Күнүмсүң,
Карасам батышка – Кыбылам,
Күлмүңдөп баарында турасың,
Кай жакта жүрбөгүн туу кылам.

Жумсам көз – каректе жүрөсүң,
Жылмайып баягы мүнөзүң.
Жакшы эле кулакты бек басам,
Жүрөктө шыңкылдап күлөсүң.
Жашоомо жаралган, бир келген,
Жалгыз сен жапжарык дүйнөмсүң.

Дагы сөз – секетим, тыңдасаң,
Дүйнөгө ыр толот ырдасаң.
Баш ийип эркиңе теребел,
Буралат, бийлешет гүл жашаң.
Ботодой көзүңдөн нур алып,
Бүтпөгөн поэма – ыр жазам.

## ИШЕНСЕҢ

Кыз карап өтсө шекине,
Кыйыла көпкө тиктейсиң.
Кара көө сүртүп бетиме,
Кыйкымдап айып издейсиң.

Гүл эмес жүрөк мендеги.
Көктөн Күн түшүп жыттаган,
Суу белем түшкөн белдеги,
Жуткандай сузуп суусаган.

Жел эмес жаштык курагым,
Жашоодо түнөк таппаган.
Келгин куш эмес ынагың,
Жылуу жай жакка ыктаган.

Ишенсең жаным көк талдай,
Ийилчээк эмес жүрөгүм.
Өзүңдөн жүрөм көзду албай,
Өзүңсүң жалгыз чүрөгүм!

## КЕЛИНГЕ

Жалбырап турган келинсиң,
Камыгам ичтен мен дагы.
Кантейин, кантем перисиң!
«Каап!» десең керек сен дагы.

Кадалтып кара көзүңдү,
Кадайсың, менден албайсың.
Өзүңө тартып өзүмдү,
Өзүңдү-өзүң алдайсың.

Азапты салба башыңа,
Арбалып мага ардагым.
Чылбырдай кара чачыңа,
Чырмалаар кезден калгамын.

Саныңды ачык көрсөтүп,
Сапырба секет, санаамы,
Жүлүн суум тамбайт мөлт этип,
Жан-жөйүң менден канабы?!

Калбас бир белем сообуңа,
Каргаша тура курагым.
Капаска салган ооруга,
Кантейин жетсин убалым! ,

## МАХПУСАМ
*(Элдик ыргакта)*

Ойнойлу деп ыктасам,
Ойт бересиң Махпусам.
Оролду экен кандай жан,
Олоң чачка бир тутам.

Күлөлү деп ыктасам,
Кылт бересиң Махпусам.

Ким артты экен билегин,
Кымча белге Махпусам.

Урутунан жыттасам,
Уйгур кызы Махпусам.
Эңсейт белем мынчалык,
Эгер көзүң кыспасаң.

Түшкө кирип уктасам,
Тундурасың Махпусам.
Боздоп жүрүп өтөм го,
Бооруңа бир кыспасаң.

Жандай басып өтөсүң,
Жаркылдаган секетим.
Жүрөгүмө чок салып,
Жалындатып кетесиң.

Бассаң көркүң суйсалат,
Бажырайган ай тамак.
Тамшандырып суусаттың,
Тирүү бойдон куйкалап.

Аруу мүчө алтыным,
Ак балыктай балтырың.
Алмаң төштө солкулдап,
Аарчып койгон тал сының.

Ким кылгырткты көзүңдү?!
Ким жазданды төшүңдү?!
Өксөгөнүм басылсын,
Өптүрүп кой бетиңди.

Макул десең барайын,
Маек кылып алайын,
Жүлүнүңө жүлүңдү,
Жалгаштырып салайын.

Байке дейсиң, кылгырып,
Бир аз сырды жылдырып.
Анан байке десеңчи,
А дегенде тындырып.

Келбе десең, нетейин,
Кейип жүрүп өтөйүн.
Сенсиз Мажнун болом го,
Суубай жүрүп көкөйүм.

Ай, Махпусам сойдуң да,
Ашык кылып койдуң да.
Жылаан деле болсоң бир,
Жатсаң боло койнума.

Көзүң кара маржансың,
Жытың жалбыз, жалжалсың.
Карып болуп жатканда,
Кайдан чыга калгансың.

Жүзүң кызгылт нур окшоп,
Эрдиң кызыл гүл мончок,
Эңсегендер эрдиңди
«Эптеп жетип, бир сорсок!..»

Билбейм эмне болгомун,
Бүт жолумду торгодуң.
Муңайдың го Махпусам,
Мен чыгалгыс ордомун!

## КАТКА ЖООП

Бирөөгө бакыт берет – минген такты,
Бирөөлөр таап алат – тилден бакты,
Баарына бакыт-таалай тең бөлүнбөйт,
Бирөөлөр таап алат – өңдөн бакты.
Бирөөнү сүйө албасаң,.. сүйдүрбөсөң,
Басынып, агерекчө өлгөн жакшы!!!

* * *

Ичим сыздап, эрте чыгып ойронум,
Шарабына махабаттын тойбодум.
Эх, тагдыр ай!.. Эми колго конбойт го,
Көгүчкөнүм, мен каалаган ойдогум.
Асылзаттын бир бооруна тартылсам,
Наадан дарттын тытат элем торлорун!?.

Эркин учкан кыялымды тузактап,
Ээсиз калган жүрөгүмдү бычактап…
Эмне кылам, кайдан келген кат эле,
Эгер мени жазылсачы мазактап?!.
Ээ боло албай олтурамын өзүмө,
Элестерин бир келиндин кучактап!

Жайын билип куурап калган курактын,
Жаным, кечир!.. абалымды сурапсың.
Кагылайын, жүрөгүңдү оорутпа?
Кадырыңа жете албаган чукакмын.
А сен болсоң мөлтүрөгөн туптунук,
Аземи зор, мен жуталгыс булаксың.

Күлбөй, сүйбөй – шыпты тиктеп көп жатып,
Кайран өмүр болуп калды көк жашык.
Кылгырышып «байке» деген келиндер,
Кусалантат андан бетер сыздатып.
Кандай кылам!.. аял сенин жытыңа,
Каным кургап, бара жатат көз катып.

Же басалбай, же жылалбай ордуман,
Ыйлап туулуп, ыйлап өлмөй болду жан,
Кайрат тайып, каруум калбай баратат,
Калган жанды эми кимге кор кылам?!
Кайран гана мага берген бакыт ай!
Кайып болуп качып кеткен койнуман!

Жаным бирге аял деген Теңирге!
Жлгыз өзү жер шарындай keминде.

Жазмыш чиркин, жаш күнүмдү алгыча,
Жарыгымды үйлөп салса эмине?!
Өмүрүмдүн берээр элем калганын,
Өмүшүм! – деп, бир жалбарган келинге?!

* * *

Маа кантип мыкты адамдар дитин бурсун,
Эненин актабадым сүтү урсун!..
Изиме топо чачып өткүлө да,
«Ырысы жок адам!» деп, бүтүм кылсын?!
Кудайдын каргышына калган жанмын,
Кой мага назар салба, жүзүм курсун?!

Боор ооруба, мени аяба ардагым,
Мен өлгөмүн, жашап жатат арбагым.
Суктангандын кандыра албас суусунун,
Сырты мөлтүр, ичи чирик алмамын.
Сүйүү дагы, бакыт дагы мага жат,
Секетим ай!!! түшүнөрсүң калганын.

Аялдын мен, ким экенин билемин,
Ашыктыктын далай жуттум мүрөгүн.
«Айрылбайм» деп, жалбарышкан нечени,
«Эгер эле айырбаса бир өлүм!..»
Ардактаймын аялзатын, энени,
Андан бирок, муздап калган жүрөгүм!

Жалбарганда сен боорумда эркелеп,
Жанды берип койсом дейсиң эртелеп.
Экиленип андан айткан сөздөрүң,
«Мен эркекти көрө элекмин сенче!..» деп,
«Жаным болчу... кыйнабачы?!, өпкүлөп,
Жалбарууңа болгондурмун мен себеп!

* * *

Жаштыктын сел ташкынын ким токтотот,
Жаалы дарт – күн боздотот, түн боздотот.
Бел байлап баралына жеткичекти,
Бир быкшып, бир тутанып, бир чоктошот.

Көңүлүң кумарына нык канганда,
Гүлзарда гүлүн ачкан гүлгө окшошот.

Мен анда тоодон келип аргымакчан,
Далайды суулуктатып жалдыраткам.
Андагы алоолонгон ысык жериң!
Жанымды корго малып калбыраткан,
Эсимде сен сордурган аппак алкым,
Энеден туума жатып жалбарышкан!

Көптөрү мени чанып, мен жеткемин,
Далайын мага жетпей дегдеткемин,
Көптөрү кучагымда кылыктанып,
«Каралдым!.. өпчү мени!.. өп!.. деткемин,
Мен көргөн машакаттуу жашчылык ай!
Нес болом кылыгыңды көксөп сенин!

Көзүнүн бир купуя кырын салган,
Келиндер!.. сыр ачалбай күйүп-жанган,
Көзүнүн кыйыгынан сөз жиберип,
Калп эле «агай!..» дешип кылыктанган,
О, жазмыш!.. ошол кездин таттуулугу,
Отуңду бүткөн бойдон сыгып алган!

* * *

Махаббат, жашчылыктын алтын доору,
Дартына бир чалдыксаң дарттын оору.
Ашыглык азабына бел байласаң,
Аппак куш колго конгон алтын боолуу.
Октолуп бир мезгилде эки жүрөк,
Оргуштап океандай ташкын болуу!

Сүйүүнүн – маңызы бар-балдан таттуу,
Сүйүүнүн – намысы бар-жандан таттуу.
Сүйүүгө жетип баркын биле албасаң,
Сүйгөнгө жетпей зардап калган жакшы!
Биз өмүр сүрүп жаткан бу жалганда,
Бир жеткен бак-таалайдын эң чокусу!

Сүйүүнүн балын татып балкыбаган,
Сүйүүнүн канатында калкыбаган.
Бул өзү капысынан бу дүйнөгө,
Бир келип быкшып кеткен жарты адам,
Чиркин ай... колдон келсе турaар элем,
Сүйүүгө-маяк болуп жаркылдаган.

Сүйүүнүн – ойдон кеткис учуру бар,
Сүйүүнүн – ойлоп тапкыс кызыгы бар.
Дегдетип дареметин делбе кылып,
Даамынан улам татсаң – утуру бал.
Кол булгап кайран жаштык кеткичекти,
Кайкытып – сүйүү кушун учуруп ал!

Жашчылык – өмүргө бир жаккан чырак,
Жарыгын урунбасаң өчүп тынат.
Махаббат жан дүйнөнүн жүргөн тогу,
Жүрөктөн бир жүрөккө өтүп турат,
Кейитип, кемелине келбей жаштык,
Келген дарт, жеткен ажал өксүк кылат.

Саматып бассаң-турсаң эстен кетпей,
Сүйүүнүн адаты – бул, эркелешмей.
Жан дүйнөң мөлтүлдөгөн тамчы болот,
Жалооруйм өз боюма эрким жетпей.
Биригип бул учурда эки дүйнө,
Эритип бирин-бири көлкүлдөтмөй!

Ах, чиркин! Ажарыңчы анда сенин,
Ай сымал бөлөп койгон балга денин.
Коймолуп көзүң жатат албырып бет,
Кылгырып, кызгалдактай жанган эрин!..
Тирсийип кош алмаңдын нуру жатат,
Тим эле келип турат арбап жегиң!!!

Адам жоктур жаштык тузун татынган,
Ала жипти айкөлдөр да аттаган.
Жумур дене ак шейшепте жалбырап,
Жанып турса төшүңдөгү ак мамаң,

Асыл затка көрөр элем эркектин,
Алкын бузуп кара жанын чаппаган.

Ышкы отуна канча болсо жан чыдап,
Эки жүрөк сорулушуп бал сымак.
Жалкай музда далы жатса жалбырап,
Жалкай муз го, тизе үшүбөй калтырап.
Канын соргон калгычакты кансырап,
Кайран сүйүү, кайран гана жаш курак!

Сүйүүнүн – сүйүп көргөн баркын билет,
Саматып бир сыйкыр күч тартып жүрөт.
Күүлөнтүп кайда жүрбө кеңгиретип,
Көрүнөт көз алдыңа – чалкып, түгөт!
Артылып бир бөтөнчө сулуулугу,
Ан сайын ашык болуп, арзып сүйөт.

* * *

Азгырылып аялга жок никеси,
Мен да болдум сулууларга күзөтчү,
Көк так болуп көк шиберде жыртылган,
Көөп жүрүп жалгыз шымдын тизеси,
Куюлду го ак чөйчөккө кылкылдап,
Кыздар үчүн кызыл актын кесеси!

Сүйбөй эмне?.. дооруң келип турганда,
Бир батыш парз – не болсо да жыргалга,
Бирок, сүйүү – суусагандын суусу эмес,
Суроочулар жутуп ийген сунганда.
Анык сүйүү – анан келет даамына,
Ачуу-таттуу асыл баасын туйганда!

* * *

Жүргөмүн мен сулуунун изи менен,
Ал үчүн дербиш болуп – кичилегем.
Док артып, терезесин черткиледим,
Дос болуп, ажылдаган ити менен.
Көптөрү ак шейшебин булгатпады,
Канчалык болсо дагы ичи кенен.

Жолуктум келинге да, бир өптүргөн,
Жоодур көз, соруп эрдин, илеп тилден,
Боорума «байкелетип» далай басып,
Койнуна, эри жокто түнөп, күлгөм!..
Чыласын кечиптирмин көрүнгөндүн,
Чыныгы сүйүүсү жок жүрөк менен!

Көз кыскан маа не бирдин катындары,
Көргөмүн мен алардын чатын дагы!..
Опокшош бир дарактын алмасы экен,
Ойлопмун ар башка деп татымдары.
Артынан сулуулардын чуркап жүрүп,
Акыры ташыркап да атым калды!

* * *

Эки башка жалгыз жаздык жаздалып,
Мен жазданып, алмаң төштө баш багып.
Муза чалып жан дүйнөбүз мөлтүлдөйт,
Сен астымда, мен үстүңда назданып.
Чабак урган махабаттын көлүндө,
Кайран жаштык, кайран гана ак балык!

Жойлоп өттүм кыш чилдеде көп түндү,
Жашчылыктан капар албай эч кимди.
Ант беришип, айкалышып сырдашып,
«Айтчы жаным, убадага бексиңби?»
Жаным десең, жагалданып суйсайып,
Жаным деймин, бардык күүбүз чертилди.

Тилден соруп, таттуулукту туйдуруп,
Анда дос жок, менде да жок кыйдылык.
Эриндерден-эрин чыкпай чапташып,
«Болчу, дешип, үшүп кеттим чыйрыгып».
Бак түбүндө көк буу чыккан түндөр ай!
Эки дене бирин-бири суй жыгып.

Кылактап тагдыр чиркин түлкү тура,
Кайрымсыз – кайгысы да, күлкүсү да.
Бирөөнү гүлдөй соолтуп, бирөөн наздап,
Бирөөнү – талоон кылган ит-кушуна.

Жашоонун мыйзамдары ушул экен,
Жаратып койгон сымал-кушту учууга!

Жаш өрдөйт, күндөп жылып, айлап жылып,
Жашоомун улам жолун тайгак кылып.
Капаста чымчык сымал олтурамын,
Кайгыма күлгөнүмдү байрак кылып.
Капыстан учуп кеткен кайран жаштык,
Кыздардын гүлзарында сайрап туруп.

Баарынан жүрөк сууп көңүл калган,
Антсе да, аял жыты-таттуу балдан.
Ах, чиркин! ушунчалык айлакерсиң,
Ала жип аттап алып акчыланган.
А бирок, миң күнчөлүк ырахат бар,
Бир түнкү кучагыңа тартып алган!

Койнуңда сулуу жатса чалкып андан,
Кимдердин ышкысына суусун канган.
Айыкпайт, дабаасы жок, дарысы жок,
Адамдар ашыктыктын дарты чалган.
Солкулдап тал чыбыктай буралтат да,
Сүйүүнүн – кээ бир кезде арты арман!

Ким мунун кумарына берилбеген,
Ким мунун сөөлөтүндө элирбеген.
Сүзүп өт – көз кайкыткан асыл дүйнө,
Сүйүү бул– зор океан мелмилдеген.
Кол сунуп чабак уруп жетпей калсаң,
Кусалык кошо бүтөт өмүр менен.

Адашып, азгырылып канча адам,
Аялдын ким койнуна аңкабаган.
Мөлтүрөп ак шейшепте жатса чиркин,
Канткенде кур напсимди тарта алам?!.
Асылым, ошол түнкү кучагымда,
Ай болуп сен жаткансың чалкалаган!

* * *

Ишенбе – жазгы күндүн булутуна,
Ишенбе – кышкы күндүн жылуусуна.

Эрк жактан керимселдей ойноок келет,
Ишенбе – аялдардын сулуусуна.
Сабылтып, качан болсо чычып кетет,
Сойкулук – сулуулардын ырысына!

Ишенбе, ишенесиң жаным, неге?!
Ичкеним ак сүйүүнүн балы дебе.
Изиңди булгап коёт ашык ичсең,
Ичиңе жага бербейт аның деле!..
Ишентип, алдап сүйүп алдап кетет,
Ишеним боло бербейт баарында эле.

Сыртынан ашык болуп, өңүткө алып,
Сүйөбүз ким бирөөнү өлүп-талып.
Көзүнүн агы менен тең айланып,
Көрбөсөк кусаланып, ооруп калып.
Бирөөнүн ишенимин алуу деген,
Байкасаң-баарысынан чоң усталык!

Жазыпсың «Чоң-Сары-Ойдон» салам дуба,
Жашыды окуп алып агаң буга.
Өмүрдүн муң кайгысын бөлүшүүчү,
Өлгөндө көмө турган адам тура.
Өркүндө, саламат бол, садагасы!
Өзүңдүн сыйынамын караанына!

А балким, күткөндүрсүң жообун каттын,
Айла жок, кат жазалбай ооруп жаттым.
Айланып, азаптуунун алын сурап,
Адамдык парзыңды сен орундаттың.
Ажалга кездешпесек көрүшөөрбүз,
Аман бол – асыл келин, боорум – бактым!!!

***1994-жыл, Терек-Суу.***

## АКЫРКЫ КАТ

Сенсиз жашоо – өчкөн очок жалжалым,
Сенсиз жашоо – өлгөн жашоо ардагым.
Өмүр бою куш конбогон дарактай,
Өмүр бою шак байлабай калгамын.

Сенсиз кайдан таалай жытын искедим,
Сенсиз кайдан эс эч татыбайт ичкеним.
Сансыз көздүн бирөө дагы окшобойт,
Сенин гана көздөрүңдү издедим.

Сенсиз улуп муздак шамал колкомо,
Сенсиз көндүм жашаганга томсоро.
Бак түбүндө бажаңдашкан күн эсте,
Бир алманы коюп алып ортого.

Бизден бакыт учуп кетти, бир келип,
Баркын билбей, бирок өзүн тиледик.
Кыялы терс, тагдыр тентек баладай,
Сүйүүбүздү сактоо жолун билбедик.

Дарагыбыз жаңы гана гүл ачкан,
Куш сайраган, мөмө байлап бир аздан.
Ал бакчабыз көз жаштарга айланды,
Кара булут, биз жашаган кең асман.

Кара булут биздин гана төбөбүз,
Кайгы болду, азап болду төрөлүш.
Биз экөөбүз эки жерде буркуюп,
Булут сымал жашыбызды төгөбүз.

Ишенбедик актыгына утуру,
Мен учурдум, сен учурдуң кушуңду,
Өмүр өттү, башка бакка корголоп,
Жазмыш бизге жазган экен ушуну.

Бул ооруну кайдан таптык билбеймин,
Күнөөкөр ким? Кимибизди тилдеймин.

Уйку-соодо чачып алган алтыным...
Убагынан эрте соолгон гүлдөймүн.

Балким коноор багыбызга консо куш,
Жылыбайт го ага жүрөк – колкобуз.
Аттап өттүк алтын башын бирөөнүн,
Ай кесирлик!... алыс.... алыс ортобуз.

Кош алтыным, ак чымчыгым алгачкы,
Сагынуулар жек көрүүгө алмашты.
«Кош!» дебесмин өлгөндө да дечү элем,
Кош дедирди бирок тагдыр алдамчы.

Кат жазганда унутсам да бөлөгүн,
Мындай бүтчү «кел оозуңан өбөмүн!»
Бул катымда ал сөзүмдү жоготтуң,
Бул катымда тунжураган жүрөгүм.

Акыркы кат максатына чыкпаган,
Акыркы кат, кара таштай муздаган,
Жетпесек да зар какшатып кол үзгөн,
Сени билбейм, мен сүйүүмө суктанам.

## НЕ ЖОЛУКТУҢ

Жүргөндө бир көрө албай кусаланып,
Жабыгып, жүрөк ооруп туталанып.
Жан эркем, капысынан не жолуктуң,
Жанымды ого бетер ызалантып.

Тил катпай, тик кароого жетпей кубат,
Акылым эмне экенин сезбей турат.
Жыргалым, кайдан келдиң, кайдан чыктың,
Жүрөктүн толтосунан өрттөй булап.

Көрүнүп бүркөө күндөй асмандагы,
Козголуп жан арманың капкайдагы,

Муңайым сен турасың муздап боюң,
Мөлтүрөп көздөрүңдөн жаш тамганы.

Караймын карегиңден айланганы,
Калтырайм, укугум жок айлам барбы?!
Сенин да алган жарың алдыбызда,
Аргасыз турса дагы жайдаңдады.

Бак берсин, не кылабыз тагдыр ушу,
Баалайлы буйрушунча бактыбызды.
Үчөөбүз үн катышпай жол тартабыз,
Үч башка ойдон жоруп бактыбызды...

## ЖАКШЫ ЖАН

Жакшы жан – барган сайын дайраланып,
Жакшы жан – барган сайын саймаланып.
Түрлөнтүп ого бетер турат талбай,
Турмуштан жыгылса да тайгаланып.

Жакшы жан – барган сайын деңиз болуп,
Жаадырап төгөрөгү тегиз болуп,
Ой-кырын тиричиликтин даана көрөт,
Көздөрү бал-бал жанып, сегиз болуп.

Ийбелип барган сайын шагын байып,
Чатырап барган сайын тамыр жайып.
Жакшы жан – жер майышкан токой болот,
Өмүрдүн өрнөк кылып талын сайып.

Жакшынын кескен сайын тили бүтөт,
Жакшыны кемитсе да мүрү бүтөт.
Ак чачып, кебез байлап кирген үйдөн,
Ажалды кууп чыгат, мүдүрүлтөт.

Жакшынын жашоо күнү арбын экен,
Жакшы жан алдуу экен, ардуу экен.

Жарым жыл жашаганча күч аламын,
Жарым саат жакшы менен ашты жесем.

Жакшы жан – барган сайын дайраланып,
Жакшы жан – барган сайын саймаланып.
Жер сымал казган сайын кени чыгат,
Жигери жүрөгүмөн кайнап агып.

## МЕН ДА КӨРДҮМ КЫЗ КАМЫН

Мен да баскам кыздар менен күнүгө,
Терезеден гүл ыргытып үйүнө.
Кебим бүтпөй далай жолу тургамын,
Күбүңдөшүп чоң дарактын түбүндө.

Мен көрдүм далай жолу кыз камын,
Моймолуна көзүм катып сыздадым.
Чогун бастым жылаңайлак жаштыктын,
Чоктой бети кызарганча жыттадым.

Жаным күйүп, жан уйкумду жүз бөлүп,
Жалбаргамын жатсам дагы түш көрүп,
Жаттым далай көк шиберде жалгыз шым,
Кош тизеси көгөргөнчө бүктөлүп.

О, жашчылык, уч-кыйыры жок асманым,
Ошондо да кумарыңа батпадым.
Кайран өмүр кыз жытына мас кылып,
Көрбөйсүңбү бир кайрылбай качканын.

## КЕЛЕСИҢБИ, ЖАН КУБАТ!

Жашыл арча түбүндө,
Жайдак минип аргымак.
Күтүп турам күүгүмдө,
Келесиңби, жан кубат?!

Ырдайын деп ошондо,
Сактап жүрөм ырымды.
Келбей койсоң бүтөм го,
Соро берип чылымды.

Колумдагы choopума,
Гүлдөн тагып аламын.
Тоонун терип боорунан,
Жылдыздарды тагамын.

Улуу тоонун койнунан,
Улар тосот үн салып.
Жел аймалап мойнунан,
Жетип барат гүлдү алып.

Тоо атамдын оозунан,
Алдей сөздү угасың.
Тоо энемдин боорунан,
Эркелейсиң кубатым.

Жибек жалуу сүйүүнүн,
Аргымагын минебиз.
Айга учат күлүгүм,
Алыс сапар жүрөбүз
Келесиңби жан кубат!

* * *

Кичинекей кездерде,
Кучакташып бир басып.
Бетим тийип бетиңе,
Жүрөөр элек сыр жазып.

Төшөк салып ал кезде,
Кемпир-чалды ойнодук.
Нанды туурап кез-кезде,
Жатат дедик той болуп.

Эми, секет, сен бөлөк,
Мен оозумду карманам.
Дагы ойносок не болот,
Кемпир-чалды кайрадан?!

## СЕН БОЛБО

Жыргатып сөзүң «сиз» деген,
Жоодурайт көзүң тиктеген.
Жүрөктү булкуп алат да,
Жульеттам болбо издеген.

Күлөсүң сыйкыр күч менен,
Кыялың лира бүтпөгөн.
Табылдың кандай кыламын,
Таалайым болбо издеген.

Капилет туруп алдымда,
Капырай, күндөй жандың да.
Заматта аруу сезимди,
Сүйүүгө чырмап салдың да.

Узасаң жандан ынагым,
Үмүттү курман кыламын.
Үзүлүп жаным кетчүдөй,
Үп болуп араң турамын.

## СЕН ДЕГЕН

Сындабаган атаң ким да, энең ким,
Сүйүү деген – эң терең-тереңдин.
Акмакты да асыл кылып толкутат,
Артык сүйүү, анык сүйүү деген – Күн!

Мейли деле үйөр келсин, жел келсин,
Тоо кагышып, жер жарылып термелсин.
Анын баарын тосуп алаар күчү бар,
Анык сүйүү – жүрөккө дем бергенсиң.

Өтсө деле жарым жандуу мүңкүрөп,
Өмүр күйсүн жазмышына дүркүрөп.
Өксөбөгөн, өлбөй турган сүйүү бар,
Өмүр бою жапжаш бойдон күн сүрөт.

Бакыт үчүн баарысына баш байла,
Бир кайрылып келет беле жаш кайра.
Сүйүү деген жан дүйнөңдүн булагы,
Сүйүү деген апакай сүт, ак дайра!

## СУУСАТАТ ГО КУСАЛЫК

Сүйүү жанса тутанып,
Сел болот го күч алып.
Сен жанымдан кеткенде,
Суусатат го кусалык.
Зейнеп-күкүк болобуз.
Сагынышып биз анык.

Бажырайган кичинем!
Баарын билем, түшүнөм.
Бактың калат кем болуп,
Баса көрбө изимен.
Буулуп калган таалайым,
Бир башкача кишиден.

Жүрөгүңө батмандай,
Жер кепкенен баткандай.
Ажайып бир асылсың,
Ачык кабак, ак маңдай,
Аралыгы курактын,
А бирок, жер-асмандай.

Кирбесем да ичине,
Кызды билем кичине.
Тартып алуу өлчөөсү,
Табияттын күчүнө ээ.
Эрин тийсин ак жолтой,
Энең өпкөн жүзүңө.

## МОЮНГА АЛУУ

Эмнеге сени мынча эркелетем,
Эч нерсе туйбай калам эркелесең.
Үшкүрөм, үшкүрөсүң чачтан сылайм,
«Үйлөнүү той жасайбыз эртең десең!«

«Жарым бар, жаным!..» дейсиң мага наздуу,
Жоодурап бул учуруң андан ак куу!
«Өкүнбө, экөөбүз тең кечиккенбиз,
Өмүшбай, ушунубуз балдан таттуу!»

Ошондо от өчкөндөй демиккенмин,
Өзүмдү өзүм «жеткен өлүк!» дедим.
«Азгырба ак жолунан адаштырба,
Алдагы алмончоктой периштенин».

Жан отун бир үлпөттө жагып койдуң,
Жашчылык насибине барып койдум.
Ал түнкү уурулукпу, ашыктыкпы,
Айткыла, ким алдында карыз мойнум?!

## КОШТОШООРДО

Билип турам жүрөктөгү кайгыңы,
Билем оор, мага дагы айрылуу.
Тагдыр деген таш боор чиркин турбайбы,
Таарынбагын, тагдырга кой айбыңы,
Муздап турам, мен баарынан ажырап,
Мага дагы ушул учур кайгылуу .

Тирдик өтөөр, таң да атаар, кеч кирип,
Балдар өсөөр, түшүнүшөөр эс кирип.
Кордоп турат мени оору бир гана,
Койбойт элем муңаюуну эч билип.
Бирок, жаным каласың го өкүттө,
Менин кийин ким экеним кеч билип…

## МЕН ӨЗҮҢДӨН ӨТҮНӨМ...

Алдым далай мага жазган катыңды,
Ар бир сөзүң көп ойлорго батырды...
Таарынбачы? Турмуш ушул ардагым,
Тагдыр сага кошпогонго башымды.

Сүйөм депсиң, сүйөөрүңдү жазыпсың,
Чынын айтсам мен да сага ашыкмын.
Кирпигиңди, жаштабачы, жете албайм,
Каргышына калган жанмын бакыттын.

Сага жетсем табам депсиң бакытты,
Сатпай турган нерсе экен го бакыт бу?!
Жете албайбыз, колдон келбейт, эми кеч,
Жалгыз оору жетпегенге жазыктуу.

Үйлөнбөөнүн себептерин сурапсың,
Үмүтүңдө чачтарымды сылапсың.
Мен сүйүүнүн кандыра албас суусуну,
Муздак, бирок, жутулбаган булакмын.

Жообун депсиң кара көзүм тезинен,
Жообу ушул! Мен тагдырга өкүнөм!
Ашык болсоң айтпа жанды кейитип,
Акыркы ирээт мен өзүңдөн өтүнөм!

## КҮТӨМҮН

Күтөмүн, күтөм сени келеби, дейм,
Күйүгөм, үшүгөнүм деле билбейм.
Бак жакта «караң» этип бирөө жүрөт,
Бу дагы күтүп жүргөн немеден бейм?!

Келбейсиң, келгичекти азабым жейм,
Кечикти, бир нерсеге капабы дейм.
А балким мен жөнүндө бир сөз угуп,
Атасы бөгөт болуп жатабы дейм.

Күтөмүн карды басам кычырата,
Түңүлтүп жатпайсың же, ушу чакка.
«Жетимдин эмнесине тиесиң!», – деп,
Жибербей жатабы же, кызын апа?!

Үшкүрөм, чылым сором, кечигесиң,
Урунтсам айың сөзгө кечир өзүң?!
Ушакка ишенбесең улутунуп,
Кектейсиң, эмне шамың өчүрөсүң?!

## СҮЙКҮМҮМ

Гүлдөрдүн кечип түркүмүн,
Күлкүнү күлдүк бир ширин.
Кагылып мага жаткансыйт,
Ирмеген сайын кирпигиң,
«Сүйөмүн» сени дегенсиң,
Суу бойлоп жүрсөк сүйкүмүм.

Аралап арча, шиберди,
Алганбыз колго сиренди.
Калбады беле ошондо,
Канталап оодун бир эрди.
Олтурдук кайың түбүндө,
Оп-окшош өскөн гүл өңдүү.

Ырдашып куштар бадалдан,
Ыжылдап аары бал алган.
Оолжуп боюң бир укмуш,
От жанып турду жамалдан.
Көргөзбөй ала качасың,
Көзүңдү эки карарган.

Айкашып желге учтары,
Арчага арча ыктады.
Жанаша чыккан арчадай,
Жалбырап турдук биз дагы.

Жайлоонун калды таңында,
Жаштыктын жалгыз ууртамы.

## БЕЙИШТЕГИ ГҮЛСҮҢ ЭЭ

Кимди болсо ашык кылган түрпүңө,
Кара көзүм, бейиштеги гүлсүң, ээ?!
Бактым сенин бир үлп эткен жытыңды,
Бербес элем сансыз байдын мүлкүнө.

Кимди болсо куштар кылган күлкүңө,
Күнүм сенин жылмайышып, сүйкүм ээ?!
Бербес элем бир өлкөнүн тагына,
Өткүм келет куштар болуп көркүнө.

Ушу жанды улам тарткан эркиңе,
Деги жаным, кулак канган күүсүң, ээ?!
Бак-таалайдын чертет элем лирасын,
Болсом эгер кучагына бир түн ээ.

Суктандырбай, койчу деги татынам,
Суусап турам, бир сүйүүңө баш урам.
Коёюнбу Жердин шарын айлантып,
Бир тал гана сенин кара чачыңан!

## ӨЗДӨРҮ

Жаштык кылбай коюшкансып өздөрү,
Сөз кылышса сөөктөн өтөт кептери.
Кемпирлер ай!.. Ким бирөөдөн өбүлбөй,
Калган сымал аппак бойдон беттери.

Жигиттикти айыпташып, кечирбей,
Сөз курушат өзүнүкү сезилбей.
Ай, чалдар ай!.. сопу бойдон жүргөнсүйт,
Жүрөгүн чаап, сулууларга эзилбей.

Күлсө күлүп, баркы менен ойносо,
Тойбогондур жашчылыкка тойбосо?!.
Чийди түрүп, керегеден башпактап,
Кемпир-чалдар өбүшкөнүн ойлосо.

Ат арытып, ашыктарын издешип,
Арга таппай, жете алышпай тиктешип.
Анда булар сүйүшкөнүн эстесе,
Ачка жүрүп, «ай батканда күт» дешип.

Бир сөзүм бар бүгүнкү жаш кеп жесе,
Булар дагы картаярын эстесе.
Ал кездеги улан-кызды кеп кылып,
Ала жиптен аппак өттүк дешпесе ээ!!!

*«Каккын жүрөк сага буйрук кыламын,*
*Каргашага чыдап көндүң – чыдагын!*
*Жашоо берип, бак бербеген Теңирден,*
*Жүрөгүмдү чарчатпа деп сурадым»*



*«Мезгил жана окуя –*
*баатырларды жаратат...»*
*(Кытай эл сөзү)*

Каккын жүрөк, сага буйрук кыламын,
Каргашага чыдап көндүң чыдагын.
Жашоо берип, бак бербеген Теңирден,
Жүрөгүмдү чарчатпа – деп, сурадым.

Каккын жүрөк, какпай эмне турасың,
Как, кайгынын чыгаралы жыласын!
Теңир Тоонун тектирлерин аралап,
Түбөлүккө кал – жүрөгүм, мурасым!

Каккын жүрөк, каккын жүрөк чаалыкпа,
Кармаарым жок, сенден башка таарынтпа.
Бу дүйнөнүн учу-кыйрын аралап,
Бир жүрөлү, өлбөс, өчпөс тарыхта.

Каккын жаным!.. чаалыктым – деп, курутпа,
Кыйналганың кулагыма угузба.
Тоо болсо да көтөрчү эле бабабыз,
Тегиң тоолук, сен кыргызсың, унутпа!

Каккын жүрөк, бир жарап бер намыска,
Бир жаралдың!.. жанды бербейт карызга.
Адамзатын таңдандырып жашап өт,
Адам деген ким экенин аныкта.

Каккын жүрөк, сенсиң учаар канатым,
Калайыктын ырдап каккын санатын.
Досторумдун доолатпай как бергенин,
Душманымдын кандырбай как – табасын.

Какпай эмне? кага турган кезегиң,
Кайнап турат жүрөгүм – деп, сеземин.
«Кокус келип калыптыр ээ, дүйнөгө
Кайран балам – деп, айтпасын мекеним!

Үрксүн азап, кагып жаткан жаалыңдан,
Кайгы, оору – болуп кетсин саа курман.
Ат-Башыдан каккан жүрөк угулуп,
Ай-ааламга жүрөк болгун таанылган.

Как, каккының, дайра болуп агылган,
Караңгыга чырак болгун жагылган.
Терек-Суунун тырмактай бир жүрөгү,
Тирүүлөргө жүрөк болгун кагылган.

Жаның кейип, жабыркоону унуткун,
Жамгыры бол – түбөлүктүү булуттун.
Сыркоо, муңга туруп бергин мөгдөбөй,
Сулуусуң сен, улуусуң сен, тунуксуң!

Бак тайыды, болду кайгы, айрылуу,
Баштан тайды жаш өмүрдүн байлыгы,
Такоор болуп өзүң калдың жүрөгүм,
Бозгун кылды, тагдырымдын тардыгы.

Наалат айтпа, кол үзүшкөн досторго,
Кези келсе, болот чобур ат – жорго.
Бакыт кайып, балким келээр бир күнү,
Баштагыдай кага бергин козголбо.

Таарынбагын сүйрөп чыккан тууганга,
Түр көрсөтпө, табалаган кууларга.
Каккын жүрөк, калкың жерди каратпайт,
Каны таза – буудан деген бууданда.

Каккын жүрөк, кага турган мезгилиң,
Как, кектиктин каада тутпа эч бирин.
Өжөрлөнгүн, өрдү карай бет алып,
Өлбөстүктүн дабанына жеткиниң.

Сансыз түндү кирпик какпай атырдым,
Санаа басып, сапырылып чачылдым.
Алдас уруп кагып турду жүрөгүм,
Абийрине – кир жукпайт – деп, асылдын!

Далай жылы «көрдө» жатты өмүрүм,
Кыйноосуна «ай!..» дебедим, Теңирдин.
«Адам болсоң, алга – дедиң жүрөгүм,
Артта калба элден – дедиң, темингин».

Топтоголок жетим кезден башталып,
Кактың жүрөк, калдың жүрөк такшалып.
Күн кечирип келатабыз дүйнөдөн,
Гүл өмүрдү күйүт менен башкарып.

Каккын жүрөк, океандай иримде,
Баткан күндүн чыгаары бар – түңүлбө.
Тизгиндеп кал, желдей учкан мезгилди,
«Өлүм парз – дейт – жети күндүн биринде!»

Каккын жүрөк, кайбар жүрөк элең да,
Кадырыңды билет балким Эгем да.
Каргашаны баатырларча жеңген – деп,
Келечекке болуп калгын легенда!

***11. 07. 2004-жыл.***

## ЖҮРӨК ӨЙҮЙТ

Өз-өзүнө ар кимдики ылайык,
Өлчөп турат турмуш деген таразам.
Бирок ойлон, туура түшүн калайык,
Жүрөгүмдү бир нерсе өйүйт жанатан.

Айымдардын айрымдарын карасам,
Издегени жалаң буюм алтындан.

Согуш жылкы жокчулукту санасам,
Бирөө кармап муунткансыйт алкымдан.

Бир аялга болуп турдум жана таң,
Нанды басат уулу жерге калтырган.
Согуш жылы эске түшөт жан апам,
Аңыз терген карды шилеп балтырдан.

Кокусунан да бир үйгө баш баксам,
Кыздар ойнойт куурчак жасап камырдан.
Эске түшөт ачкалыктан таштап жан,
Согуш жылы көз жумгандар айылдан.

Өз-өзүнө ар кимдики ылайык,
Хрусталь ал, чөйчөк күткүн алтындан.
Согуш жылын – эстей калсам муңайып,
Бир кесирпос муунткансыйт алкымдан.

## УШУЛ ҮЙ

Ушул үй – ынтымакка орток болгон,
Ушул үй – ызгаарыма олпок болгон.
Ушул үй – ыйбаа берип жүрөктөргө,
Урматка, ырахатка, шатка толгон.

Ушул үй – бакыт балын бирге таткан,
Ушул үй – баарлашып бирге жаткан.
Ушул үй – бала жазган тилге дастан,
Ушул үй – баркыбызды килге тарткан.

Ушул үй – куш сайраган бутагынан,
Ушул үй – кыз жыргаган кучагынан.
Ушул үй – бараар максат учаар унаам,
Ушул үй – мага шибер тушарыман.

## БОЗДООНУН БАР СЕБЕБИ

***(Төшөктө жаткандыгымдын кырк үч жылдыгына)***

Өмүр сүргөн кырк үч жылдын ичинде,
Өлүм сүрү – кошо жүрдү изимде.
Ошондо да көрсөтпөдүм көз жашты,
Окшоп жүрдүм сыр алдырбай Мисирге.

Көңүл чөктү, көөлөбөдүм убайды,
Көркоолонуп сөккөнүм жок кудайды.
Өзүң билгин жаратканым деп турдум,
Өмүркулдун ошол гана бир айбы?!.

Улуу дарттын чыгардым мен ойронун,
«Сабыр кыл...» деп, сол колумду, оң колум.
Кемеңгерлер чым астында жатпайбы,
Кара жердин ким аныктайт тойгонун?!.

Күйүтүмө жатып калбай арданып,
Күндөп-түндөп эмгектендим карманып.
«Киши болуп неге жашап жүрөмүн,
Кумурскача кеталбасам жан багып!..»

Муздак тамда жалгыз жаттым «озондоп»,
Муң бөлүшүп, акылга акыл кошор жок.
Шыбыш келет: – Эй, Өмүркул, кулак как,
Не боздойсуң эл эскерээр кокон жок!..»

Ооба, деймин: – «Эл жек көрөт бечелди,
Эч нерсем жок, кубандыраар мекенди...
Жок дегенде, дуба кылып жүргүдөй,
Бир эстелик тургуза албай кетемби?!.»

Боздоо, кайгы – жашоонун бир мыйзамы,
Боздоо дагы – жашоонун бир ууртамы.

Боздош керек эгер тагдыр буюрса,
Боздогондой адамдардын – сырттаны.
Боздош керек – эгер болсо дилиңде,
Улуу үмүт, улуу ишке шыктануу.

*22.12.2003-жыл. Бишкек.*

## ТОРГОЮМУН КАЙГЫНЫН

Алтыным жок, ыйык тутуп ырымдаар,
Арбын пул жок, мансап үчүн чыгымдаар.
Акыл-ойдун терип жүрөм үрөнүн,
Аздыр-көптүр эптеп жазган ырым бар.

Ак сарай жок – жертөлөм бар, тамым бар.
Аргымак жок – эшек, бир аз малым бар.
Чилмигиймин, курсагым жок чандайган,
Чолок бутум, араң эле жаным бар.

«Алты уул» дешет жети атамдын уругу,
Атам, энем – Атбашынын кулуну.
Тентип өскөн топтоголок жетиммин,
Терек-Суунун бир кумунун сыныгы!..

Каным Черик эшигинен май аккан,
Кымыз сунган кызы алтын аяктан.
Акынмын мен ыр издеген төшөктөн,
Таалим алып турмуш деген саяптан.

Дөөлөтүм жок чиренгендей айрымың.
Атагым жок, адамга көп кайрымым.
Теңир тоонун таштарынан ыр алсам,
Теңдеши жок – ушул менин байлыгым!
Бакыт ушул, баркым ушул, даңк ушул,
Баарын уткан торгоюмун кайгынын!

*22.12.2004-жыл. Бишкек.*

## ЫНАГЫМ ЖОК

Бирөөнүн бийин бийлеп ырын ырдап,
Билбеймин – жагынганды, алынганды.
Билемин эл кыдырып айлап, жылдап,
Бир үзүм – ыр суранып акурганды.

Одоно сөзүн сүйлөп, күүсүн чалып,
Олуя туталбаймын – кадырманды.
Торколуу тоолоруума күнүм калып,
Билемин – ыр берчи, деп жалынганды.

Ыр сурап ойду-тоону кыдырат деп,
Үлөгөр кылбагыла мени баса.
Оорукчан дешип мени сөз кылат көп,
А бирок, ырларымдын дени таза.

Мойнума куржун салып, жерди безип,
Элимден ырдан башка сураарым жок,
Өзүмдү ыр жазганда жеңил сезип,
Каламын, ырдан башка ынагым жок!

*24.02.2005-жыл.*
*Бишкек.*

## ТИКТИМ БЕКЕН

Басып бүттүм жетимиштин чоң жолун,
Бирде жолдуу, бирде жолдон оңбодум.
Токтотподу бакыт деген бекетке,
Тоскоол болуп – оң колума, сол колум.

Талбай издеп, күнүн көрүп өлбөстүн,
Таппай койдум – таалай деген өлкөсүн.
Чаалыктырып жетимиш жыл ичинде,
Чукуп турду – оң көзүмдү, сол көзүм.

Жолум арбып, бирде калып талаада,
Кээде кыйрап – турмуш деген араба.
Жууса кеткис жамандыкка туш келип,
Жете албадым «жакшы» деген маарага.

Ооба, курбум, үндөп көрдүм атакты,
Ооба, курбум, күн өткөрдүм мазактуу.
Бутум талып, бийиктикке жеталбай,
Бир көздөн ыр, бир көзүмдөн жаш акты.

Адам деген билем жашка канбасын...
Бирок чукул күндөн, күнгө жаннатым.
Көз өткүчө жүрдүм эле тиксем деп,
Гүлү аңкыган – өмүрдүн бир алмасын.
Тиктим бекен, собол кылаар ата журт,
Ач арбагым үмүт кылып калбасын?!.

*06.01.2004-жыл.*
*Бишкек.*

## МЕН ӨЛГӨНДӨ

Мен өлгөндө – суранам өкүрбөгүн?!
Өзүмө өзүм – өлдүм деп, өкүргөмүн.
«Өлүгүңдү биз көмдүк, дебесин деп,
Өз сөөгүмдү өзүм жууп, кепиндедим.

Озондобо, айтпагын кошогуңду,
Өзүм эле кошкомун кошогумду.
Ойрондоткон, тарткамын бу дүйнөдө,
О дүйнөдө тартуучу тозогумду.

Үрп-адат деп жасалма той куралбайм,
Алдап элди аракка тойдуралбайм.
Кабыргасы кабышып тургандарга,
Карашымды кандыра сойдуралбайм.

Асыл эле деп дагы мактабагын,
Терс жагымды унутуп таштабагын.
Алың келсе бир келип кетти деп кой,
Азык кылып тагдырдын таш бараңын.

Жасабагын, жасалма кейишиңди,
Жакшы билем жатакана – бейитимди.
Ушул дүйнө жыргалын бергени жок,
Урдум сенин андагы бейишиңди.

Мен өлгөндө суранам, өкүрбөгүн,
Муза чалып кейибе, өкүнбөгүн?!
Даттанууга эч кимге укугум жок,
Так аткардым тагдырдын өкүмдөрүн.

Бардарсынып болгонун чачтыра албайм,
Бир дербишмин, анымдан асты танбайм!
Байлыгым жок, балапан ырларым бар,
Пара берип көрүмдү каздыра албайм.

*17.05.2003-жыл.*
*Терек-Суу.*

## КЕЧИРЧИ, МЕНИ КЫРГЫЗЫМ

Кечирчи, мени кыргызым?!
Кепинге берчи – ыр кутун.
Капаста калды кайгырып,
Канатым эле – бул бутум.
Кыйналып жатам төшөктө,
Кудайга бар го кылмышым!

Түшүнгүн туура – кыргызым,
Татыбай турат – ыр тузум!
Ой эмген жетим козудай,
О, байкуш!.. менмин унгучуң!
Аттиң ай!.. сага калтырсам,
Суусундук ырды бир жутум!

Асылым, элим түшүнөөр!..
Аябайт элден – күчүн эр.
Жамаачы болуп берсем деймБ
Жарылып кетсе бүтүн жер.
Чырмайып жатам, эч ким жок,
Чечилген жерди бүчүлөөр.

Баарынан оору – кайгыбы?..
– Таалайдан – бул бир айрылуу.
Дүйнөнү жыйып нетесиң,
Ден соолук – жандын байлыгы.
Мекенге кызмат кылбадым,
Мойнума жүктөйм – айбымы.

Кыргызым, түшүн андыктан,
Кылмышсыз өтпөйт – бардык жан.
Улуу жол болоор а балким,
Учурум – кайгы, кан жуткан.
Аргымак минип келээрмин,
Арылып кайгы-каргыштан.

*19.04.2003-жыл.*
*Терек-Суу.*

## КУР КАЙРАТ

Менден сурайт: «чөгөрдүбү, азабың?..
– Жок, жилигин чагып жатам капанын.
Дарыгерим, даанышманым – ырым бар,
Дарылыкка ичип коюп жатамын.

– Жалгыздыктан, чыкты го – дейт бачагың.
Бул суроочо: «Мындайча жооп айтамын».
Ысык суугун тең бөлүшүп өмүрдүн,
Ырым менен боорлошуп жатамын.

– Арман го – дейт, алганы жок калганың.
– Аруу жан аз, сурабагын ар жагын.

Боздосом да, күлсөм дагы бир жүрөт,
Поэзия мына менин жалжалым!

Сурайт дагы «тайгандырсың эркиңен.
– Жок, тайбадым, ушул улуу энчимен.
Жетимиш жаш... бир кынтая элекмин,
Жигерим күч, жигитчилик темпимен.

Түгөнүү жок, күндө кубат, иргелмей,
Түтөгөнгө, быкшыганга жол бербей.
Жашап жатам чар дарактай көкөлөп,
Жазмыш жолум турса дагы оң келбей.
Бир айтаарым – өтө катаал жол бастым,
Бир айтаарым – болгуң келсе, бол мендей?!.

*01.03.2003-жыл.*
*Терек-Суу.*

## БЕЛГИСИЗ КАТ

Балким болоор жазган катым акыркы,
Абалым оор, асыл досум азыркы.
Элесиңди бир көрүүгө зар болдум,
Эмне мынча болуп калдык жатыңкы.

Күтпөй калдым жакшылыкты эгемден,
Күйүт ыштап, күйүт туздап өлөм мен.
Карманаарым деле калбай баратат,
Кан аралаш жаш тамчылайт калемден.

Муунум бошоп, жан дүйнөм бүт муздады,
Мени көрсө боздоп өтөт куш дагы.
Мусаапырлык баарысынан оор экен,
Мууну бошоп, ырым кошо сыздады.

Өттү өмүрүм, бүтпөй далай иш калды,
Өнөрлүүлөр өздөрүнө из салды.

Асыл досум, ажал менен арбашам,
Адам байкуш турбайсыңбы – ит жандуу.

Туура түшүн, болуп кеттим кайгычыл,
Жан дүйнөнүн жалгыз жоосу – кайгы бул.
Көпкө ыраазы, азга шүгүр дебеген,
Адамзаттын эзелтеден айбы – ушул.

Коштошо албайм, кырсык чалса көп достой,
Мендеги ал, адат эмес коштошмой.
Жаннатыма кокус кетип калганда,
Ырларыма көз сал, мендей боздотпой.
Калемдеги кан аралаш аккан жаш,
Калаар деймин калкка мени жоктотпой!

*20.02.2003-жыл.*
*Терек-Суу.*

## ТИЛЕК ТИЛӨӨ

Тиксем деп үйдүн жакшысын,
Турса деп үйдө Аккушум.
Түн уйкум калып ыр жаздым,
Тапсам деп өмүр бактысын.

Азаптын исин искедим,
Аш болбой жеген-ичкеним.
Аңтарып турмуш кампасын,
Асылын ырдын издедим.

Бекерден жазды дебегин,
Беделим артсын дебедим.
Тартуулап кетсем деп жаздым,
Таалайдын талант белегин.

Табасын угуп курдаштын,
Тайкы оюн билип сырдаштын.

Тоолордун – куму, ташынан,
Тотуга окшош ыр таптым.

Тиктимби үйдү, же жокпу,
Тагдырым айтаар жомокту.
Элиме арнап ыр жаздым,
Эритип туруп болотту.

Оор экен ырдан үй тикмек,
Оор экен жазыш ой түптөп.
Армансыз өтөт элек ээ,
Ажайып – ырдан үй тиксек?!!

*09.02.2003-жыл.*
*Терек-Суу.*

## БОЗДОП ТУРДУ

Ыр жаздым аскаларга өчпөсүн – деп,
Ылайым көзүнөн жаш төкпөсүн – деп.
Алладан ал ырыма бак тиледим,
Өзүмдөй өксөп жашап өтпөсүн деп.

Ыр жаздым ай талаама көктөсүн – деп,
Жүзүнөн көктөм гүлү өчпөсүн – деп.
Жазмыштан жаадыратып жашат дедим,
Жашынан мендей муңду сезбесин – деп!

Ыр жаздым буркандаган өзөнүмө,
Ылайым дарт чалбас – деп, өзөгүнө.
Деп айттым: «Кылымдарга бирге жүрүп,
Кыргызга парзыңарды өтөгүлө?!»

Ырымдын жашын сүрдүм көзүндөгү...
Ыйманым сенсиң кармаар бетимдеги,
Калкыма жаманатты кылып кетсем,
Каралдым – деп сурандым – кечир мени?!

Аттандым сапарыма козгоп сырды,
Айлана кандайдыр бир боздойт муңдуу.
Азаптын бир дербишин узаттык деп,
Ай талаа муңга муңду коштоп турду.
Ырларым мени тартып кала көрбө,
Комуздай боздоп турган окшош кылдуу!..

*15.10.2007-жыл.*
*Терек-Суу.*

## ЫР ЖАЗГАНДАРГА

Өлгөндү жазсаң өлүп жаз,
Өрмөктөй согуп, өрүп жаз.
Өлүптүр эле дей бербей,
Өлүктүн сүрүн берип жаз.

Кепинин жазсаң – кепин бол,
Жесирин жазсаң жесир бол.
Ак кепин болуп оролуп,
Айтылган ойго кепил бол.

Ый үнүн уксаң – ыйлап жаз,
Кыйроочу жазсаң кыйрап жаз.
Кыйрады, ыйлап дей бербей,
Акылга ченеп, ылгап жаз.

Узак сөз уксаң – уюп жаз,
Улуулар айтса муюп жаз.
Жамактай бербей көргөндү,
Жан дүйнөң менен туюп жаз.
Кычуусу кансын жүрөктүн,
Кулакка кыттай куюп жаз?!

*25.03.2008-жыл.*
*Бишкек.*

## ЖАТАМЫН ЫРДАН ТАМ САЛЫП

Жакшылык көрбөй сандалып,
Жашообуз жүргөн жан багып.
Улуу жол сөзсүз табасын,
Умтулуш керек арданып.

Койгуча жазмыш алды алып,
Калса да каруун каржалып,
Кур бакыт келбейт, сураба
Күн-түндөп изде саргарып.

Эмгектен коркуп жашынба,
Эринчээк болбо жашында.
Жуурканга башты катпагын,
Жоолукту бергин катынга!..

Адам жок чыккан миң жашка...
Акылың болот – гүл бакча.
Ар намыс керек жигиттик,
Адамдык жолуң бир башка.

Өтөсүң – бийлик, мал калып,
Өмүрдөн өчкүс шам жагып,
Түбөлүк тооңо коюп кет,
Тургандай карап, таңданып.
Жашоому менин сураарсың,
Жатамын ырдан там салып!..

***04.02.2003-жыл. Терек-Суу.***

## КУМУРСКА ЖАНА МЕН

*Кумурска эмгекчилби,*
*же пилби?*
*Күрөшө кетсе мелдешип,*
*Кумурска көтөрүп чабат*
*дешет пилди.*

Кирип, чыгып жабалактайт кумурска,
Балбал таштан үй курабы, бул уста.
Көтөрүшүп өзүндөй жүз нерсени,
Илип алып беш-алты эле мурутка.

Мен соромун, уурдап, согуп малактай,
Кээде бекер, арак уулап таңатпай.
Карап турсам кумурскалар чурулдайт: –
Жоголчу дейт, иштечи дейт тажатпай.

Чыга калат андан-мындан жорголоп,
Булуң-бурчка калганы жок корголоп.
Жаны тынбайт, жапырт иштейт, мен болсом,
Каңгып жашайм, кытып жашайм олжолоп.

Кумурскалар көктүгүнө салыптыр,
Көз кайкыткан үйүн куруп алыптыр.
Дале жүрөм какыр-чикир аңтарып,
Кайран өмүр алтымышка барыптыр.

***18.03.2004-жыл. Бишкек.***

* * *

Кумурска менин – пирим,
Кумурска менин пилим.
Куртчалык көтөрбөдүм,
Кудайдын салган жүгүн.

Кумурска мага – мазар,
Кумурска мага – казал.
Куртчалык көтөрбөдүм,
Күйүткө чыдап катаал.

Кумурска – жан шеригим,
Кумурска – бал шириним.
Куртчалык жан бакпаган,
Көркоонун мен биримин.

Кубантат жүкчүлдүгү,
Кумурска курттун – пили,
Онтодум көтөрө албай,
Оор экен тагдыр жүгү.

Тыным жок кумурскада,
Тилеги – жумуш гана.
Олчоюп олтурамын,
Окшобой кумурскага.

*18.03.2004-жыл.*
*Бишкек.*

## БЕЧАРА БИР ПЕНДЕМИН

*«Ый чапчыйт – сол чеңгелим,*
*Ыр чапчыйт – оң чеңгелим.*
*Кайгыга уз пендемин,*
*Калкыма – кут пендемин,*
*Кудайга кул пендемин».*

Түшүнсөң деги мени,
Таштын мен эригени,
Куштун мен – канатсызы,
Күйүттүн – тегирмени.

Угуп тур – эми мени:
Улармын сеңирдеги.
Атайын жаралгамын,
Азапка чегилгени.

Ынтымак – күткөндөрүм,
Ый-муңду сүтчө эмгемин.
Ызгаарда жыланачмын,
Ыр – жеген, ичкендерим.

Ыйман, салт – сыйынганым,
Урмат сый – урунганым.
Калкыма буюргамын,
Садага чымын жаным!

Басынып, бүркөлбөдүм,
Бак-таалай – изденгеним.
Байлыкка табынбаган,
Баш уруп багынбаган.
Өрт болуп жалындаган,
Өзгөчө бир пендемин!..

*18.03.2004-жыл.*
*Бишкек.*

## ЭЛДЕН УКТУМ

*«...Изиңди – эмгегиңден,*
*Уюгуңду – элиңден изде».*

Калдыбы – деп, тоо боорунда издерим,
Мен өзүмдүн издеримди издедим.
Таш жарылып, тамчылаган суу чыкты,
Аңда менин анчалык жок түспөлүм.

Калдыбы – деп, жок дегенде исенмим,
Мен гүлдөрдүн жытын алып искедим.
Бурукшуган бир ажайып жыт чыкты,
Ушул беле, деген сымал күткөнүң.

Мен үнүмдү булактардан тыңшадым,
Каркыранын карап жүрдүм учканын.
Баамдадым ак булуттун нөшөрүн,
Боз торгойдун сайроосунан укпадым.

Үнүмдү издеп, изимди издеп кыдырдым,
Из издедим добушунан ырымдын.
Жооп күтүп, жортуп жүрөм бүгүн да,
Те, түнөргөн түпкүрүнөн кылымдын.

Үнүмдү издеп тостум далай бороонду,
Үнүмдү издеп аштым далай Долонду.
Акырында: – «Үнүң менен изиңди,
Элден изде» – деген уктум соболду!

*14.03.2004-жыл.*
*Бишкек.*

## КАЙДАН КЕЛДИМ

*«Жалындап күйбөгөн – өмүр,*
*Дат баскан – темир».*

Түбүң түшкөн дүйнөгө
Кайдан келдим билбеймин.
Турмуш деген түрмөдө,
Солуп калган гүлдөймүн.

Тозогуна тоо болуп,
Тосуп турдум тоготпой,
Кайгырсам да соолугуп,
Кайратымды жоготпой.

Күрпүл суудай сайдагы,
Күкүктөгөн жаштыгым.
Кызгалдактай жайдагы,
Гүл өмүр ай!.. аздыгың.

Бурганактуу тирдиктин,
Бороонуна кабылдым.
Очогуна күнү-түн,
Отун болуп жагылдым.

Өтүп кетти түтүндө,
Өмүрүмдүн чордону.
Эскергенге изимди,
Күлүм калса болгону.

*7.03.2004-жыл. Бишкек.*

## КЫЯЛДАНУУ

*«...Ат арыбас болсочу,*
*Жаш карыбас болсочу..»*

***(Токтогул)***

Кыйноого күйдү жүрөгүм,
Кыпкызыл болуп очоктой.
Эркеси болуп дүйнөнүн,
Өмүрдү сүрсөк боздотпой.

Жаратса боло кайрадан,
Жаштыкты берип өмүргө.
Кубулжуп жылда жайнаган,
Гүл болуп калсак эмине!

Курушуп калбай теридей,
Кулун сын бойдон жүрсөк ээ!
Күлгүн жаш бойдон перидей,
Кылымдап өмүр сүрсөк ээ!

Жаш барган сайын нарылап,
Жашартып жанды дарылап.
Жаңыртып турса ай сымал,
Жарымы кара, жарымы ак.

Арчадай дайым жапжашыл,
Күйгүзүп күндөй башты асыл...
Кыярбас кылып жаратса,
Кыйры жок кылып жашты ушул!!!

***18.03.2004-жыл.***
***Бишкек.***

## ЖЕТИМИШ ЖАШЫМА

Жесит ойдон кутула албай жанатан,
Жетимишке чыгыптырмын санасам,
«Аттиң, дүйнө!.. жетимиш из көрүнбөйт,
Арт жагыма илик салып карасам.

Ойго келдим ошондо бир бүлгүндүү,
Жетимиш жыл бекер өмүр сүрдүмбү?!.
Ошончо жыл оттоп бекер жан багып,
Ойдун-тоонун кою болуп, жүрдүмбү?!.

Чамам чактай чарчагансып ирeңим,
Жанар тоодой өчүп калган илебим.
Эртең-бүгүн деп коёмун оюмда,
Ээн-эркин жата турган түнөгүм.

Кармаласам колго ырыстуум урунбайт,
Каңырыктайм, сыйлуу сөздөр угулбайт.
Олтурамын түш көргөндөй денге мас,
«Барксыз өлүм!..» деген бир үн чырылдайт.

Эл келгенсийт дешип «эзил кайраным!..»
Өзүм билбейм, кайда олтурам, кайдамын!..
Киммин деги? санаам санга бөлүнөт,
Эминем бар, деги кайсы жайдамын?!

Эмгегим жок, жылыткандай чекеми,
Эзил кайран өмүр текке кетеби?
Көзүм барда ким экеним таанылбай,
Көз өткөн соң «жылдыз эле» дешеби?!

Ай ким билет?.. күмөн ойлор мунум да,
Кээде дайра акпайт тура нугунда.
Абайласам начарынан асылы аз,
Адам чиркин!.. жибек тура кубулма.

Ооба адам, жан бир келген жолоочуң,
Көрктөнөсүң!.. бөздөй чирип оңосуң.

Эки жүздүү катындайсың ойношчул,
Көрүнгөндүн күкүгү да болосуң.

Ооба, адамым, эки жүздүү чоросуң,
Байкушту да балка болуп согосуң.
Капчыктагы кайран алтын кык болот.
Эртең эле боз топурак молосуң.

Ооба, чиркин!.. ойдон четтеп кеттимби,
Тагдыр деген таанып койбойт эч кимди.
Бүгүнкү бий, эртең куржун асынат,
Бак да, шор да – болчуу нерсе мезгилдүү.

Гүл өссүн деп ар бир шилтем кадамга,
Күрөгүмдүн канын куйдум анан да.
Тулку боюм – туулганы түз жүрдү,
Тилмеч акын болгонум жок заманга.

Намыс айтты: «жетимиш жыл жашадың...»
Жооп айттым: «ооба, ошончо жашадым.»
Кан көтөрсөң, балчык көрсө секирет,
Кылыктарын туурабадым баканын.
Жетимиш жыл айтып келдим кудайга,
«Асыл буюм, адам деген атагым!..

*22.04.2003-жыл.*
*Терек-Суу.*

## УРАГЫС ЫРДАН САЛГАМ ЧЕП

Жаш агып көздөн көлдөгөн
Жакшылык деле көрбөгөн...
Өжөрсүң неге мынчалык,
Өл десе кудай өлбөгөн?!.

Жүрөсүң неге эрдемсип,
Жанды эле сага бергенсип.

Жандими жансың таң калам,
Жараткан менен мелдешип!..

Жатса да кордоп, басынтып,
Жаалыңа тийип акылсыз.
Айраң таң калам өзүңө –
Айбансыз, же бир асылсыз!?.

Күйүтүң деле андан көп,
Күлкүңөн кайгың – арман көп.
Өлгөнү калды Өмүш – деп,
Өчөшкөн айтат албан кеп!..

Ал чындык, жанмын өлбөгөн,
Азап-муң кетпейт өңдөнөм.
Алдатып койгон баарына,
Ар корсуз айбан сен белем!..

Ал чындык, жашайм эрдемсип.
Ал чындык – жашайм келбээрсип.
Жалдырап жашап албаймын.
Жан барда сенден – мен кемсип!

Өчөшүп – кайгы, тороп муң,
Өмүрдү бөйдө жоготтум.
Өксөөгө бирок, баш ийбес,
Өзүмүн сынбас болоттун.

Күпүр көп, ооба, арман көп,
Күпүрдүн көбү – жалган кеп.
Ый-зарды жууруп алтынга,
Урагыс ырдан салгам чеп.

***10.03.2005-жыл.***
***Бишкек.***

## КЫЙНАЛЫП КЕТТИМ

Оорутуп санаа – ок болуп тешкен,
Опоосуз жашоо – жылдызым өчкөн.
Кургаган дарак сымалмын бүгүн,
Кайдасың жаштык – курагым көктөм?!

Бүркүттөй болуп, канатын кескен...
Буулугуп, албай көзүмдү көктөн.
Саргайдың кайран капастын – кушу,
Сагынды сени – тоолорум өскөн.

Түнөрө карап жашоону – ушу,
Туткуну – зардын, тушалган буту.
Таалайсыз бойдон өтөт го өмүр,
Тажатып жанды – тагдырдын ызы.

Алдамчы дүйнө – ачыгы кептин,
Адамдык баркты – кайгыдан сездим.
Алланы деле таарынтпай жашап,
Азаптын соңку чегине жеттим.
Коштошоор күндү зарыгып күтөм –
Кар болуп жашап, кыйналып кеттим!..

*10.03.2005-жыл.*
*Бишкек.*

## ЖЕТИМДИК

Жер төлө кылып тоо койнун,
Жем издеп, жортуп чоңойдум.
Муштуму кетпей башыман,
Мазагын көрдүм оройдун.

Опколжуп, коркуп жүрөгүм,
Ороого далай түнөдүм.
Күчүктү катып койнума,
Кыңшылап, үшүп жүдөдүм.

Ылымта таппай теңирден,
Ылай суу ичип, «семиргем»
Ырысым качып ачкадан,
Ыргыткан сөөктү кемиргем.

Ыйлаган күндөр жан ачып,
Уктабай, ооруп таң атып.
Ылгабай ичтим жуунду,
Ырбыйган иттен талашып.

Байлардын жалап челегин,
Балалык түшкөн беделим.
Коркутуп нанын бөбөктүн,
Колунан жулуп жегемин.

Кокочо болун иреңим,
Көсөөгө окшоп билегим!
Уурулук кылган күн болду,
Үйүнө кирип бирөөнүн.

Айрылып эне-атадан,
Анда мен жетим жашагам.
Жазыгым бардай Теңирге,
Жаралып баксыз атадан,
Жетимди көрсөм азыр да,
Жан кейип, көзгө жаш алам.

*01.03.2004-жыл.*
*Бишкек.*

## КУУ ЖЕТИМ ДЕЧҮ АЙЫЛЫМ

Чой-чойлоп миздүү таш басып,
Чор байлап, таман аксатып.
Кой тосуп жүрдүм кыр-кырда,
Кесилген балтыр какшатып.

Курагым анда сегизде,
Кайтардым козу белеске.
Куркурап турчуу ичегим,
Кулунун бээлер эмизсе!..

Жөргөмүш эле жегеним,
Жөжүрөп үшүп келемин.
Эсим ооп кээде ачкадан,
Эчкини дагы эмгемин.

Өзүм саап уйду суратпай,
Өпкөгө тепкен чунак тай.
Апалап ыйлап өңгүрөп,
Маарагам жетим улактай.

Сыз өтүп, муздап капталым,
Көйнөк кир, тондо шакмарым.
Күн жааган түндө көгөөндө,
Козулар менен жаткамын.

Эндей тон кийип, бит баскан,
Эрбеңдеп далай белди ашкам.
Кудайы сурап жүргөндө,
Кубалап далай ит капкан.

Шур тартып коюп мурунду,
Шурудай төгүп ыйымды.
Ырымдап берген аялдан,
Алгамын жети тыйынды.

Уюлгуп сирке чачымда,
Урулган токмок башыма.
Сасыган саман төшөнүп,
Зар какшап жаткам акырга.

Куу жетим дешип айылда,
Кусалык кайнап канымда.
Моюндан куржун түшкөн жок,
Момолой бала чагымда.

Булактан кечке суу ташып,
Буюгам жашоом уу татып.
Бир үзүм нанга сатылып,
Баш терем таңдан, түн катып.

Күйүтүм ээрчип аркаман,
Күн болгон эмес чарчаган.
Жетимдик басып жонуман,
Жетиле албай чаңкагам.
Мээнеттүү күнгө туш болуп,
Мен үчүн болгон зар заман!.

*23.02.2005-жыл.*
*Бишкек.*

## МЕН

Бир күрүлдөп, нөшөрлөп, добул болуп,
Бир бүжүрөп, бир кайра сонун болуп.
Баягы эле «бейитте» жашап жатам,
Байкуш жандын намысын, арын коруп.

Терек-Сууга ырымды багып коюп,
Тамызгыга «жиндиден» жагып коюп.
Саргыл тартып эртеси солуп калам,
Суудан чыккан кадимки балык болуп.

Кымыз сымал кайгымы ичип жүрөм,
Жаннатымды ушунча күтүп жүрөм.
Көөдөнүмдү бук-кайгы курттай жойлоп,
Көз жашымдын көлүндө сүзүп жүрөм.

Кайсы сырды силерден жашырамын,
Каран түндү буркурап атырамын.
Карышкырга байланган улакмын мен,
Карап турсаң бүгүнкү акыбалым!

*23.05.2004-жыл.*
*Терек-Суу.*

## УНУТУП КАЛБА

*«Тагдырдын таманында кумурскадай тепселип калсаң – эч кимге даттанууга акың жок...»*

Себепсиз көздөн жаш чыкпайт,
Себебин жазмыш тастыктайт.
Сыздабайт элем башкага,
Супсуну сууган жаштыкты айт!

Жүйөсүз жерден муң чыкпайт,
Жүрөгүм кыйнап муң кыстайт.
Мөгдөбөйт эле башкага,
Мусаапыр кылган турмушту айт.

Күйүткө күйгөн бир ыйлайт,
Кимдигин кимдин эл ылгайт.
Кер мурут кезде кар болуп,
Кешигиң каткан өмүрдү айт.

Жашырбай жандын – кемин айт,
Жаралган эркке бегин айт,
Карабай калыс көз менен,
Кашайып калган Теңирди айт.
Тагдырды утуп жашаган,
Таалайы тайкы мени айт!

***06.04.2004-жыл.***
***Бишкек.***

## БАР БОЛСО БЕЙИШ МЕН ЧЫГАМ

*«Кайгынын каарын жеңе*
*албаган адамдын, датта-*
*нууга акысы жок...»*

Эгерде бейиш бар болсо,
Тескеген калыс жан болсо,
Бут тоспой эле киргизет,
Кеңейтип көрүм тар болсо!..

Эгерде тозок чын болсо,
Жактоочум эле тың болсо,
Куткарат мени андан да,
Кийгизип, жаап кылторко.

Мыйзамы болсо буйлалуу,
Кудайдын анда урганы...
Жетелейт төөчө – оң, солго
Жегичтер качкан ыйманы...

«Кой!..» дебей башка салганын,
Көтөрдүм жүгүн Алланын.
Чыгамын, бейиш меники,
Чыгууга укук алгамын!

Ынандым коркпой – өчүүдөн,
Илдеттин коркпой өзүнөн.
Алланын чыкпай – эркинен,
Ийненин өттүм көзүнөн.

Жетимдик күндү өткөрүп,
Жашоому жанга – бөктөрүп.
Жашадым, соолгон согушка,
Балалык күнүм бап келип.

Айтпадым – айың, ушакты,
Армандуу көздөн жаш акты.

Бүркүттөй шаңшып турганда,
Шум оору салды тузакты.

Адаты экен тоолуктун,
Алдырбай дартка соолуктум.
Арбашып жатып, акыры
Ажалдын өзүн ооруттум.

Көксөгөн жокмун оңойду,
(Күчтүүгө, алсыз жолойбу?..)
Күрөшүп, жеңип баарысын,
Кырк беш жыл жаттым оңойбу?..

Турмуштун болдум салбары,
Тилдеген жокмун алланы.
Тукумуң өссүн деп турдум,
Тирешкен сайын кайра аны.

Өчөшүп, тузун сөкпөдүм,
Өрүшүн бузуп өтпөдүм.
Берекем, улуу кыргыздын,
Пейили менен көктөдүм.

Жокчулук турду жакалап,
Жоргому минип, такалап,
«Жосунуң курсун» – дедим да,
Жоомдой койдум талкалап.

Айыңчы айтып жайымды,
Ийнедей көзгө сайылды.
Аш менен уруп узаттым,
Алдына коюп чайымды.

Муңканбай, күлүп жашадым,
Мыйзамдай тутуп азабын.
Эсимде жүрдү эрк берип,
Эрдиги кыргыз атамын.

Тагдырга наалат дебедим,
Таптаза турду беделим.
Адам бол! – уулум деп турду,
Ак сүтү кыргыз энемин.

Ар кандай түштүм кейишке,
Айланган жокмун шейитке.
«Туз, парзын журттун өтөйүн,
Тура тур – дедим, бейитке...
Үн уктум: – болбо кабатыр,
Чыгасың – деген, бейишке!..

*05. 05. 2004-жыл.*
*Бишкек.*

## АРЫГЫМ СООЛУП КАЛАТ ГО...

Көгөрөт адам батадан,
Көкөлөп турат асабаң.
Кеменгер уул туулат,
Кесибин улаар атадан.

Атадан кем дейт бирөөнү,
Атага тең дейт бирөөнү.
Абалтан элде бар экен,
Атадан артык төрөлүү!

Атадан кеми арытат,
Атага теңи – марытат.
Атадан артык чыкканы,
Ааламга атын таанытат.

Кеминин кем дейт өнөрү,
Теңинин тең дейт өрнөгү.
Атадан артык чыкканы,
Көрсөтөт экен төбөңү.

Эл устат – айкөл уулуңа,
Эр сактайт сайган тууну да.
Алтын так урап калат го,
Алгыр куш конбой туурума…

Ат болбос казык айланбас,
Алтындай болсун кайдан таш.
Арыгым соолуп калат го,
А дүйнө кетсе кайран баш!

*22.01.2005-жыл.*
*Бишкек.*

## ОКЕАН ДА БӨКСӨРӨТ

Болду менин көп жайларда түнөгүм,
Боор ооруткан күндө өмүр сүрөмүн…
Кабак түйүп, карап койсо ким бирөө,
Каккан сымал туюп, какшайт – жүрөгүм!

Көп жашадым өргөөсүндө бирөөнүн,
Көзүн карап жашагандан жүдөдүм.
Акмактарды кеп кылышып күлүшсө,
Өзүмө алып, аа да ооруйт жүрөгүм.

Асыл жанга акыры бар – бир өлүм…
Өлгүм келбейт, жашаганды сүйөмүн.
Арам өлүү – милдети эмес адамдын,
Асыл өлүм болсо экен деп жүрөмүн!

Асырашат, бөпөлөшөт кушунча,
Өздөрүнчө бирок кабак тутушса…
Өгөйсүнүп, өзүмө алам аны мен,
Оору чиркин, кекчил кылган – ушунча?!

Кайгы менен калган күндө бетме бет,
Каңырыктайм, түрткү болот көп себеп.

Кербез кылып, мусаапырлык түгөнгүр,
Генийди да көп электен өткөрөт.
Алдап-соолап, өзүмдү өзүм сооротом: –
Адам тургай, океан да бөксөрөт!

***22.01.2005-жыл.***
***Бишкек.***

## ЖЕРИМЕ

Кой таштын чыгып түбүнөн,
Коктуну көздөй жүгүргөн.
Жел кайып тоонун булагын,
Жети атам менин шимирген.

Булактын туурап күлгөнүн,
Булбулдун туурап үндөрүн...
Ырдашып энем жыттаган,
Ыргалып турган гүлдөрүн.

Жылкылар ысып, ылаалап,
Жибектей жалы чубалат.
Балапан балкыйм үн салса,
Баладай үнү ыңаалап.

Асманда шаңшып шуулдар,
Айланат тоонун бүркүтү.
Чымчыктар бакта чырылдап,
Баканын чыгат күлкүсү.

Баш багып бордой ийинден,
Балаты, талдар ийилген.
Аймалап булут асканы,
Аркалар – безип, түйүлгөн.
Шөкөттүү менин Терек-Суум,
Шөкүлө кыздар кийинген!..

***22.02.2005-жыл.***
***Бишкек.***

## ЖАЗЫЛБАЙТ ЫР, ЭРМЕК ҮЧҮН

Жакшы ырларды жазалбасаң,
Жан кумарын ачалбасаң.
Жазбай коюш оңго деймин,
Жан дүйнөнү казалбасаң.

Ыр – ырахат жан эриткен,
Ыр – махаббат – жан сергиткен.
Үлгүсү бул сулуулуктун,
Үзүп алган – гүл бейиштен.

Жазылбайт ыр – эрмек үчүн,
Жашап анда – эмне түшүн.
Жалгыз ырдын саябында,
Жашап турат дүйнө бүтүн.

Жаның калат – жакшы ырда,
Жетет элиң кадырына.
Жазган ырың – окшоп каксын,
Жүрөгүңдүн тамырында?!

*22.02.2005-жыл.*
*Бишкек.*

## ЖАДАДЫМ

Өкүнөм, кээде буулугам,
Өрттөнөм… өрткө суу куям.
Кайрылбай кетти гүл өмүр,
Качкан куш сымал туурунан.

Ойлогон жерге баралбай,
От болуп күйүп, жаналбай.
Таңды-кеч жатам сулкуюп,
Табытка салган адамдай.

Көрө албай күндүн жарыгын,
Көралбай элдин агымын.
Көк түтүн чыгып көөдөндөн,
Көмүскө жатып карыдым.

Төмөндөп күндө абалым,
Теңимден калып барамын.
Төрүмдү калдым унутуп,
Тескейлеп, көргө кадамым.
Жакшы эле багат, а бирок,
Жасалма сыйдан жададым!..

***20.02.2005-жыл. Бишкек.***

## КАР БОЛУП ЖАТМАК ЭМЕСМИН

Бактыга Алла жазбаса,
Болмокмун балким башкача.
Адал аш келбейт турбайбы,
Агуруп, боздоп какшаса.

А балким ажо болмокмун...
Же айылда орок ормокмун.
Карышкыр балким аталып,
Кан-жанын элдин сормокмун.

Жасаармын балким жакшылык,
Жанымды элге зарп кылып.
Жашоодо болуп өтмөкмүн,
Жамгырлап турган ак булут.

Бак берсе эгер – эмгектин,
Бейиши болуп бермекмин.
Кылымдап балким турмакмын,
Кызылы болуп желектин.
Күн калып, бирок ар кимге,
Кар болуп жатмак эмесмин!..

***20.02.2005-жыл. Бишкек.***

## АСЫЛЫМ ЫРЫМ

Жетимиш жылча – жашадым, өлдүм,
Жетимиш жылга тирилип келдим.
Өлгөндө кайра тирилип көнгөн,
Зымыр куш эмес, Өмүркул менмин.

Ыроолоп жолго ырымды миндим,
«Ырысым сен» – деп, ырымды сүйдүм.
Жактырбай баарын, жан биргем сен деп,
Жанаша жатып, ырыма тийдим.

Өксөдүм кээде, ырысым кемип,
Өпкүлөп турду ырларым келип.
Санаалаш болуп ырларым турду,
Сазына баттым санаанын чөгүп.

Оорумду колдон алышып турду,
Очокко отту жагышып турду.
Асылым – ырым, акылдаш курбум,
Алыскы жардан артыктык кылды.

*14.02.2005-жыл.*
*Бишкек.*

## САРГАЙЫП ӨМҮР ӨТПӨСӨ БОЛДУ

Мөлтүрөп, сүйкүм мөңгүлүү аскар,
Эңгилчек баскан саймалуу таштар.
Бооруна тартып, оюмдан кетпейт,
Балжууран терген, шагылдуу чаптар.

Бой тиреп өскөн карагай, арча,
Баа жеткис токой, жапайы алча.
Көз жоосун алып, кумарың канбайт,
Көңүлдү тартат, көрсөң да канча...

Удургуп, оргуп мөл кашка булак,
Урунса ташка күү чалып турат.
Асыл таш сымал кулпурат аска,
Ай чыккан кезде аркары чубап.

Күнүгө карап, кумарлуу жолду,
Кусалык батпай ичиме толду.
Сагынып, самап – туулган журтту,
Саргайып өмүр өтчүүдөй болду.

***14.02.2005-жыл.***
***Бишкек.***

## ЖЕТИЛИП КАЛДЫК БАТ ЭЛЕ

Оргонбуз орок, чөп чаптык,
Оодарып чымды, көң казд ык.
Чымчым нан үчүн кул болуп,
Чыгарып күлдү, от жактык.

Кош айдап, конуп баш тердик,
Кой багып, үйгө ач келдик.
Кышында саман сапырып,
Кыйноону тентип, көп көрдүк.

Тозоку жетим аталып,
Тоюнбай жүрүп жашадык,
Чендендеп бала куракта,
Чоңдордун ишин жасадык.

Жөжүрөп мүнөз жаш эле,
Жетиле калдык бат эле.
Соолуну салган моюнга,
Согуштун ал бир даты эле!..

***16.02.2005-жыл.***
***Бишкек.***

## ЖЕТИМДИК

Телмирип, айтсам чыпчынын,
Тергемин тоонун ышкынын.
«Эжекем ачка калды» – деп,
Элеңдеп жебей турчумун.

Тырмактай болсо тапканым,
Теңин жеп, теңин каткамын.
«Энекем ачка калды» – деп,
Элеңдеп үйгө шашкамын.

Жөргөмүш, согон тергемин,
Жөжүрөп үйгө келгемин.
«Бөбөгүм ачка калды» – деп,
Бөлүшүп көбүн бергемин.

Сай сөөктөн өтүп жетимдик,
Сандалып жүрүп жетилдик.
Арамдан туулуп калгансып,
Атасыз күндү кечирдик.

*16.02.2005-жыл.*
*Бишкек.*

## БОЗ ҮЙДӨ КАЛДЫ

Аттиң ай, мезгил… аттиң ай, арман!
Айтууга жетпейт азыр да дарман,
Кулунча ойноп, көпөлөк кармап,
Кулпурган тоодо балалык калган!

Аттиң ай, дүйнө!.. аттиң ай, жалган!
Аттиң ай, өмүр!.. таттуу кез балдан.
Кымыздык шимип, жөргөмүш терип,
Көк чыбык минип балалык калган!

Кызарып беттер, кымыздан жутсак,
Курутту жедик, эжигей, быштак.
Чикитти чаптык, шанаңдап чуркап,
Чүкөнү аттык, чердейип курсак.

Чычым деп, тилдеп, этекти кымтым,
Чочок деп койсок эжелер чымчып.
Эмгиче кетпей эсимди алат,
Эжеке бээ саа деп жаткан чымчык!

Үүлдөп үкү, улуу тоо шаңдуу,
Улардын үнү – балкыткан жанды.
Боргулдап, тердеп, бойтоюп ойноп,
Боз бала курак, боз үйдө калды!

***14.02.2005-жыл.***
***Бишкек.***

## АТТИҢ АЙ!

Ардагы кылып ааламдын,
Асылын берсе ээ, маа жандын.
Бүт дүйнө жамгыр тилесе,
Бири мен болсом жаагандын.

Асылы болбой жер шардын,
Аземи болбой мен жандын.
Керме тоо, айдың талаанын,
Көктөмү болбой мен калдым.

Көл болсом, сүзсө ак кеме,
Көлбөөрсүп, көлкүп жаш дене.
Көз тоюп адам тургудай,
Кер өзөн болуп аксам ээ!

Кылгыра карап бой балкып,
Кыздарды көздөн айлантып.

Ай болуп көктө турсам ээ,
Айланып жерди жай калкып.

Көк мухит болуп бул жайда,
Кошулуп куйган миң дайра.
Жүрөгү болсом дүйнөнүн,
Түбөлүк кагып турганга.
Армансыз өмүр сүрмөкмүн,
Аттиң ай!... андай күн кайда?!

*13.01.2007-жыл.*
*Бишкек.*

## ҮМҮТ

Турганда батып мен күйүткө,
Тагдырды талдаймын жигитче.
Түз жолго шилтеймин кадамды,
Тунамын, батамын үмүткө.

Бук берсе, тагдырым – үлүшкө,
Бууракан түшпөймүн күйүткө.
Бугумду аламын чыгарып,
Бутумду тоспоймун үмүткө.

Сырдашам, калбаймын эригип,
Сүйлөшөм – жеңемин, жеңилип.
Учугун оюмдун улаймын,
Үмүткө жүрөмүн семирип.

Бир басып, бир жүрүп экөөбүз,
Бир жашап, бир уктап, көрөбүз.
Бир өпкө, бир бөйрөк, бир жүрөк,
Бөлүнбөй бирге эле жүрөбүз.
Башы бир, бир бүтүн дүйнөбүз,
Бир күндө, бир саатта өлөбүз!

*08.04.2008-жыл. Бишкек.*

## АЗ КАЛДЫ

Гүлдөгөн шибер жаз калды,
Кыз менен күлгөн наз калды.
Таңшыган тоолук торгойдун,
Так катаар тили аз калды.

Көөдөндө буккан – дат калды,
Мөмөсү бышкан – шак калды.
Сай бойлой аккан булактын,
Соолучу кези аз калды.

Сый кетти, барксыз – баш калды.
Суутулбай минген ат калды.
Капаста жаткан туйгундун,
Казылаар көрү аз калды.

Суу кетип, какшып – сай калды,
Аргымак кетип – тай калды.
Канаты сынган күкүктүн,
Көз жашы ырга айланды.
Тосалбайт окшойт ак таңды,
Тоолуктун күнү аз калды!

*08.04.2008-жыл.*
*Бишкек.*

## МУЗА БУЛ

Канымды сордуруп бүргөгө,
Кандырып эркими дүйнөмө.
Камалып жатканым оң эле,
Кырк сегиз жыл бою түрмөдө.

Анда да зарыгып жатмакмын,
Айласыз бир жанды бакмакмын.
А бирок азапты көрсөм да,
Адамча бут шилтеп басмакмын.

Күйүтү суусатып оорунун,
Гүл элем мезгилсиз соолудум.
Ташыркап тап жеген буудандай,
Тагдырдын тарттырды кордугун.

Бүркүттөй канаты кайрылган,
Баралбайм тоолорго жай кылган!..
Бук болуп олтурган мусаапыр,
Бут жасап – ырымдан, кайгымдан.

Арстандай капаста түнөрүп,
Адамдык жыпарым түгөнүп.
Түгөнбөй үмүтүм олтурам,
Терезе – тешиктен күн көрүп.

Жанжөйүм алоолоп жаналбай,
Жүрөгүм кансырап кагалбай.
Жанымды ушалайм, жабыгам,
Жер тытып ок жеген камандай.

Тагдырың – кечүүсүз зор дайра.
Кечүүсүн ким табат, жол кайда?
Таппасаң кечүүсүн эгерде,
Таарынсаң, тилдесең жок айла.
Муза бул – кылынын күүсүн тап,
Миң кайрып, ойлонуп миң кайра.

***07.04.2008-жыл.***
***Бишкек.***

## МЕН

Тирдиктин тозогун тарткан мен,
Тирдикке догумду арткан мен.
Тирдиктин туздалып шоруна,
Тирүүлөй табытта каткан мен.

Турмуштун дыңдарын бузган мен,
Турмуштун баасына куштар мен.
Турмуштан түркүгүм бошосо,
Турмушту тажаткан ызгаар мен.

Турмуштун – түгөйү, досумун,
Турмушту тутанткан отумун,
Түшүмүн күзүндө санайбыз,
Турмуштун айдаган кошумун.

Тагдырга бетме-бет чыккамын,
Мен анын, ал менин душманым.
Мен көмүр, ал көөрүк үйлөгөн,
Ал мага, а мен ага устамын.
Эрөөлдө экөөбүз беттешип,
Ал мени, мен аны уткамын!

***06.04.2008-жыл.***
***Бишкек.***

## БАЙЛЫГЫМ

Мен шери – муңдуунун, кайгынын,
Мен шамы – дарттуунун, ардуунун.
Малым жок, алтын жок, акчам аз,
Ырым бар – ырысым, байлыгым!

Мен бийлейм – эрк, кайрат, хандыгын,
Мен алпы – момундун, жардынын.
Ак үйдө, көкүйдө тагым жок,
Ала-Тоо Ак ордо байлыгым.

Менде жок – атак-даңк жумушум,
Теңир-Тоо – кыргызмын улутум!
Азаптын – акыны боломун,
Ата журт – байлыгым, ырысым.

Доллар жок – атак-даңк тапканга,
Доллар жок – көрүмдү казганга.
Параны көтөрүп баралбайм,
Пендемин буту жок басканга.

Жаадымда пейлимдин – кени бар,
Жаадымда береке – көлү бар.
Бакытты, чындыкты таанybайм,
Байлыгым – эмгектин эми бар.
Кыл чайнап, жоо сайган айбаттуу,
Өңүмдө тоолордун – өңү бар!

*08. 04. 2008-жыл.*
*Бишкек.*

## ТОЛГОНУУ

Бууданын минип кайгынын,
Булбулдун издеп алп ырын.
Бүркүттүн таппай шаңшышын,
Бейбакыт өттү ай-жылым.

Оорунун тартып азабын,
От кечип жүрүп жашадым.
Оройго чапты айың сөз,
«Ок тийгир» болду атагым.

Шумкардай таптап боюмду,
Шурудай тизип оюмду,
Көр издеп жүрдүм киргенге,
Көп жедим жонго союлду.

Тирүүмдө таанып көрүмдү,
Тирүүнүн болдум өлүгү.
Кырк төрт жыл салдым табытка,
Кырчындай жапжаш өмүрдү.

Күлкүнүн атпай ак таңы,
Күйүттүн кактап аптабы.
Канча жыл дагы кан жутат,
Кайгынын кара арстаны?!.

*30.07.2004-жыл.*
*Терек-Суу.*

## ӨМҮР КҮТТҮМ

Өмүр күттүм – өрнөк болуп калсам деп,
Өзүнчө бир улуу дүйнө курсам деп.
Калайык калк, айтып жүрсө ошондо,
Кайран Өмүш өзүнчө бир Залкар – деп.

Калса экен деп карт дүйнөгө атагым,
Кайгынын бир тургузсам деп мазарын.
Чагылганга салыштырып чамамды,
Чокту кечип, ууну жутуп жашадым.

Жаагын тилип, өтүн алып жапамын,
Жанар тоодой жалын бүркүп сапарым.
Карт дүйнөгө келип, кеткен коноктой,
Каран түндүн берип турдум сазайын.

Оттук таштай учкун чыгып сөөгүмөн,
Күндөр болду ойду-тоону дөөрүгөн.
Сабыр кылдым, кетпей койду ошондо,
Сан кылымдын жолун басуу көөнүмөн.

Ойлор турду кум сыяктуу чубуруп,
Океанын ойдун сүздүм чумулуп.
Алда – кайдан улуулукка чакырган,
Ыйык бир үн кулагыма угулуп.

Күндөп, түндөп жолго чыгып самаган,
Кете берди кылдыраган арабам.

Өлбөстүктүн чокусуна көз арттым,
Өмүр турду суудай агып салааман.

Жол арбыбайт, жонумда оор жүк болду,
Жапан доорум – жүз эриди, жүз тоңду.
Таалай издеп жолоочулап бараттым,
Тандап алып, тайгалактуу муз жолду.

Арзан менен чыгалбадым дыргытып,
Азап экен, өр жолунда – миң кырсык.
Өмүр издеп сапарымды уладым,
Өзөктөгү максатымды туу тутуп.
Алп тоосунун чокусуна кыргыздын,
Айкелимди коёюн деп тургузуп!..

***06.08.2004-жыл.***
***Терек-Суу.***

## ДУРУС ЭКЕН

Бергиле көзүм барда берчүүңөрдү,
Парага бергин дебейм мен силерди.
Көөнүмө карап туруп бөлбөгүлө,
Көз барда бералбаган энчиңерди.

Сыйласаң көзүм барда сыйлагыла?
Серептеп – эмгегиме жыйганыма.
Тирүүлүк бүткөн күнү сөкпөгүлө,
Түкүрүп, шек келтирип ыйманыма.

Бай өлсөм «буга кудай бак берди де...»
Бейэмгек көзүм өтсө «ачка өлдү де».
Салымым канча болсо сый-сыпаат кыл,
Сөөгүмдү аруу жууп, ак көмгүлө.

Көз барда урматтоону улук сезем...
Айткыла, башта бардыр былык нечен.

Топурак салаардан соң, жар салгыла,
Көрүмө ким экеним угуп кетем.
Айкөл бол, айбан болгун – көзүң барда,
Адамдык бааны алыш дурус экен.

*24.11.2004-жыл.*
*Бишкек.*

## КАЙРАН ГАНА ӨМҮР АЙ!

Бир күн болбой көңүл жай,
Бир күн болуп көп жылдай,
Кайгы менен өттүң ээ!
Кайран гана өмүр ай!

Жашап өтпөй адамдай,
Жанды кыйнап жай албай,
Жабыркадың өмүрүм,
Же калсаңчы жаралбай!

Койдуң муңга жуурултуп,
Кетким келет уу жутуп.
Капастасың өмүрүм,
Кайрат, эркти туу тутуп.

Санаа куунак туралбай,
Сойлоп калдым жыландай.
Аруусуң ээ, өмүрүм,
Ар-намысты кыялбай.

Көрүстөндей түнөгүң,
Кыйнап өмүр сүрөмүн.
Ызгаар мага тирүүлүк,
Ыйлап турат жүрөгүм.

Арбакка окшоп түспөлүм,
Арам татыйт ичкеним.

Жан кыйнаган өмүрдү,
Жашап деле бүтпөдүм.

Ойго-тоого урунмай,
Ой сапырык куюндай.
Жалбыракмын күздөгү,
Жаным калды чымындай.
Какталдың да тозокко,
Кайран гана өмүр ай!..

***24.11.2004жыл.***
***Бишкек.***

## СЕНИ КАЙДАН ТАБАМЫН

Ачка болсом элден азык аламын,
Азып-тоссом эл пааналар карааным.
Ай, ден-соолук, абдан керек экенсиң,
Кимден алам сени кайдан табамын.

Бакыт качса бел байлаймын намыска,
Байыбасам сурай турам карызга.
Ай, ден-соолук, кымбат нерсе экенсиң,
Күчүм жетпейт сени сурап алышка.

Сүйүү сүйдүм, сугум түштү ансайын,
Суусап көрдүм, суу бергенди алкадым.
Баарын каалап, бардым барар жериме,
Бир ден-соолук сага жетпей аңкадым.

Отуз курак гүлдөөр кездин доору экен,
Кырк курагың күч-кубаттын жоону экен.
Ал оорукчан, койчу ошону деген сөз,
Абайласам бардык сөздүн оору экен.

Сыртка чыгып жигиттик кез, бүт сыным,
Сынаар кезде канатымдын учкулун.
Суз экенсиң, таш экенсиң ден-соолук,
Сенин болду жыйырма бешим туткунуң.

## ДАГЫ БИРӨӨ

Кээ адамдар тилин билбей турмушту,
Тилдеп кетет «ушу дагы турмушпу?!»
А мен болсом кабыл алаар ар дайым,
«Адам үчүн турмуш – аба, турмуш – суу.

Кээ адамдар тилин билбей турмушту,
Айтып келет «Акыйкатсыз турмуш бу...»
А мен айтам: «Ат салыша чыкпасаң,
Турмуш чуу да, турмуш уу да, турмуш куу.

Бирөө жашайт турмушуна кагылып,
Бирөө жашайт турмушуна ак уруп.
А мен болсом албарстыдай жалынтам,
Аны турмуш дайым турат сагынып.

Дагы бирөө турмушуна аташып,
Сыйынышат баабединин жасашып.
Турмуш турат Өмүшүнө сыйынып,
Өмүш турат турмуш менен маташып.

Дагы бири турмуш менен келишпей,
Даарып кетет, аны көрөт бейиттей.
Адам жокто турмуш да жок ойлосок,
Алар жүрөт кол кармашып эгиздей.

## АМАНАТ

Агарып улам чач барат,
Аа болбой кыял назданат.
Шыбырайт жүрөк тымызын:
«Билдиңби, бүттү жумушуң,
Ким эми сага каш кагат?!»

Жылгалап өргө жаш барат,
Жигиттик ээрчийт акмалап.

Шыбырайт жүрөк акырын:
«Эң кашаң Өмүш басыгың,
Жолукпайт эми ай тамак!..»

Кубулжуйт эле түркүн күү,
Күлүнбөй калган күлкүмдү.
Сүрүлбөй калган өмүрдү,
Сүйүлбөй калган перимди,
Сен бүткөр ырым сүйкүмдүү.

Таарынбайт кимдер тагдырга,
Таалайсыз калган жаздымда.
Ый менен баштап жашооңу,
Ый менен бүтсөң жашоону.
Кейимек зээни таштын да.

Төрөпсүң күндө алаамат,
Теңирим айткан сага дат.
Бүтүрдүң мени эртелеп,
Мээр сал калса эркелеп.
Ырларым сага аманат?!

## ТҮШҮМДӨ

Бирөө айтат түшүмдө: –
«Эгер өлсөң кышында,
Кокуй өлүм ушул да,
Топо салбай калышат,
Кийми жоктор бутунда!

Айтат дагы түшүмдө: –
Эгер өлсөң жазында,
Кайраным деп, асыл баа.
Гүл коюлат мүрзөңө,
Кызыл-тазыл татына.

Аян берет түшүмдө: –
Эгер өлсөң жайында,

Чымын жээри дайын да,
Көмө салат жугуштуу,
Дарт келет деп, айылга!

Ал жубатат түшүмдө: –
Өлгөн дурус күзүндө,
Эл тоюнат, мал семиз...
Бат келишип бүтүмгө,
Шаан-шөкөт курушат,
Шарап барлар ичинде!?

Анан айтат ал дагын: –
Алкаш болсо балдарың,
Оор өлүм Өмүке,
Булгаганча дамбалын,
Арак ичип киришет...
Анан табытыңа сийишет!..

***24.02.2005-жыл.***
***Бишкек.***

## ЖАШАП ӨТТҮМ ӨЗГӨЧӨ

Кимдин келбейт катаал тагдыр башына,
Ким өтүптүр өмүр сүрүп татына.
«Кайраным ай!» деп кейитсем элимди,
Кайыл элем жаштын – көбү, азына.

Ким өтүптүр муңдун батпай сазына,
Кимдер гана түкүрбөгөн ашына.
Ыйманыма шек келтирбей жашасам,
Ыраазы элем – канча болсо жашыма.

Деги кимдин төп келиптир төлгөсү,
Деги кимдин кыйрабаган өргөөсү.
Өчү болсо алсын тагдыр, а мага,
Өмүрүмдүн буйрук экен өлбөсү.

Не болсо да жазды дечи чекеге,
Бакыт берет кээде жазмыш кечеге.
Мен жаннаттын бейишине чыккамын,
Намаз окуп, барбасам да Мекеге!

Төккүм келбейт – көз жашыңды төк десе,
Өткүм келбейт – өксөп жүрүп өт десе.
Жабыр тартып, жалынымды өчүрбөй,
Жашап өттүм өмүрүмдү өзгөчө!..

*02.12.2004-жыл.*
*Бишкек.*

## САГЫНДЫМ

Күлүгүн минип ойногон,
Кымызын ичип тойлогон,
Сагындым тоому, сагындым,
Кыз менен суусун бойлогон.

Белестин гүлүн жыттаган,
Булагын тыңшап уктаган,
Арчанын жытын сагындым,
Атакем чанач ыштаган.

Булуттан селде чалынган,
Борчуктар булут жамынган,
Сагындым күндө «чой... чойлоп,
Кой тоскон күндү адырдан.

Жакама тагып гүлдөрүн,
Жөргөмүш терген күндөрүм –
Ушунча турам сагынып,
Улардын түнкү үндөрүн.

Айланган зоону бүркүтү,
Ажары ай!.. айдын түнкүчү?!.
Сагындым болуп сароору,
Сууларды аккан күлкүчү.

Оонаган тулаң шиберим,
Ойноок көз марал ирецин...
Энелер курут жайганды,
Ойлосом ооруйт жүрөгүм.

Жылгага жайган жылкыны,
Жароокер куштар супсулуу,
Сагындым «бээ саа...» эжелеп,
Безенген чымчык – ырчыны!

Кыз сунган кымыз – ак чыны...
Кыйкуулап өткөн аккууну,
Сагындым түндө үзүктөн,
Тыпылдап тамган тамчыны.

Кусалык кетпей ойдогу,
Куш сымал жаткан тордогу,
Тагдыр ай!.. турам сагынып,
Тай минип өскөн жайлоому.

Ак жалын болгон тутанып,
Мөңгүнү карайм көз талып.
Сагынтты өскөн боз үйүм,
Түтүнү куймак жыттанып.

Бал жууран өскөн өтөгүм...
Бал жыттуу булак, өзөнүм,
Баралбай койдум сагынып.
Багымды байлап төшөгүм!

Тоолорун самап буркурап,
Тумчугат жүрөк, тумчугат.
Сагыныч менен күн батып,
Сагыныч менен күн чыгат.
Канатым сынып жатамын,
Тобунан калган куш сымак!..

*29.12.2003-жыл.*
*Бишкек.*

## БУЛУТКА

Сенчилеп тоодон түнөк табалбадым,
Сенчилеп тоодон суусун алалбадым.
Армансыз адам болбой тирүүлүктө,
Түбөлүк тоо боорунда калалбадым.

Сенчилеп угалбадым тоо добушун,
Себеп го жылдап, айлап көп оорушум.
Серептеп, «кайда жүрөт каралдым» – деп,
Сагынып жүргөн чыгаар тоо конушум!

Сенчилеп – тоодон тоого жамгырлабай,
Сенчилеп – жан кумарды кандыралбай.
Обдулам, ой учугум бирок, тоодо,
Олтурам өмүр болуп зарга малай.

Бугумду булуттарым түшүнгүнүң,
Буулугам, бирдей дайым күнүм күүгүм.
Арманы болбос эле өмүрүмдүн,
Тоолордо өсүп турса үзүм гүлүм!

*04.05.2005-жыл.*
*Терек-Суу.*

## ТОРГОЙ

Сайрачуу эле санаасыз торгой,
Сабалап учуп, булакты бойлой.
Гүлдөргө конгон гүлгүндөй жапжаш,
Кубултуп үнүн, кусадар болбой.

Арчалуу тоонун жыпарын жыттап,
Асманда кайкып, булутта уктап
Жайлоодо, жазда жалбызга мойноп,
Жаадырап, жайнап, жаштыгы куштап.

Таңшычуу эле таалыкпай таңдан,
Тамшантып тилди, таттуу эле балдан.
Жомогун айткан сүйүүнүн далай,
Жок эле мунун үнүндө арман...

Тагдыры бүгүн караңгы – ордой,
Талаасын көксөйт учалбай, конбой.
Убайга уугуп, сайрабайт эми,
Учалбайт эми булакты бойлой,
Канаты анын кыркылып калган,
Капастын кушу, каңгыган торгой!

*18.03.2005-жыл.*
*Бишкек.*

## БУЙРУГУ ЖАЗГАН ЧЕКЕҢЕ

Кой бактым тоодо чой-чойлоп,
Көк шибер оттоп, кой тойлоп.
Жыртык тон, таман кесилип,
Жыңайлак жүрдүм чолтоңдоп.
Баштаанак эле кара эчки,
Баш бербей, качкан койкоңдоп.

Кайтардым козу, улакты,
Кырларга жайып шыбактуу.
Куурулуп жайкы чилдеде,
Кийгемин эски тумакты.
Өчөшүп, котур кашынтып,
Өткөрдүм бала куракты.

Тилинип балтыр канталап,
Дүмүрдү каздым балталап.
Калган жок эч ким калкалап,
Ач болдум, жайып алакан.
Айылды жорттум самсаалап.

Эчкини эмдим какшыта,
Кодура тердим баштыкка.
Кийизде жаттым оронуп,
Көк кандек жаткан капшытта.
Аргайда жүрдүм суранып,
Агуруп, ыйлап бакшыча...

Күн өттү, эптеп жетилип,
Көргөнүм түштөй сезилип...
Боз туйгун болуп келаттым,
Боорума басып кекилик.
Болоттой анан чорт сындым,
Боздотуп мизи жетилип!...

Боору таш жазмыш экен ээ!
Буйрук бул – жазган чекеңе.
Туу булгап дале чакырам,
Тагдырды кел – деп, жекеге!

*23.03.2008-жыл.*
*Бишкек.*

## ӨЗҮМӨ

Өмүрүнө из салууну билбеген,
Өмүркул, сен жан болосуң ким деген?!
Арын – корун кол жоолуктай урунган,
Адамдардын бири болбо кирдеген.
Айбанчалыш жашоо сага жарашпайт,
Аттиң ай!.. деп өтө көрбө дүйнөдөн.

Сараң жазмыш кайра бербейт өмүрдү,
Өзүң тарткын, өлбөс кылып өңүңдү.
Өчкөн күйбөйт, өлгөн кайра тирилбейт,
Өзгөлөнбөс өмүр дагы өмүрбү?..
Таап жаша жок нерсени бар кылып,
Таң калтырып, тамшандырып Теңирди.

Ай, Өмүш ай!.. деги кызык адамсың,
Адам кантип чабдес болуп жаралсын.
Жүрөгүнөн жер айланып, күн чыгып,
Жашаш керек баарысынан адам тың.
Ай ааламга үнүң жетип турбаса,
Анда Өмүш айыптуусуң, чабалсың.

Таарынбагын – тагдыр мүлжүп, кемиктейт,
Тапканыңды тирдик бөлүп, терип жейт.
Теңтайлашып жүгүнтпөсөң жашоону,
Турмуш сени тирүү жүргөн өлүк дейт.
Белди байлап, жеңе билсең барысын,
Баракелде, бар бол, жаша Өмүш дейт.

Ооба, Өмүш, ооба кайран көк жалым,
Ойрондотоор мүшкүлүң бар көп дагын.
Эркиңе бий, намысыңа кул болгун,
Эне, ата, эл журтуңа көп табын.
Аздектегин, ыйманыңа сыйынгын,
Ата кыргыз колдой көргүн – деп, жалын!

***10.03.2008-жыл.***
***Бишкек.***

## АТТИҢ АЙ!

Ардагы кылып ааламдын,
Асылын берсе маа жандын.
Бүт дүйнө жамгыр тилесе,
Бири мен болсом жаагандын.

Асылы болбой жер шардын,
Аземи болбой же жандын.
Керме тоо, айдың талаанын
Көктөмү болбой мен калдым.

Көл болсом, сүзсө ак кеме,
Көлбөөрсүп, көлкүп жаш дене.

Көз тоюп адам тургудай,
Кер өзөн болуп аксам ээ!

Кылгыра карап бой балкып,
Кыздарды көздөн айлантып.
Ай болуп көктө турсам ээ,
Айланып жерди жай калкып.

Көк мухит болуп бул жайда,
Кошулуп куйган миң дайра.
Жүрөгү болсом дүйнөнүн,
Түбөлүк калып турганга.
Армансыз өмүр сүрмөкмүн,
Аттиң ай!... андай күн кайда?!

***13.01.2007-жыл.***
***Бишкек.***

## КҮРӨШТӨ

Күрөштүн – казанында кайнап жүрүп,
Күрөштүн гүлү болуп жайнап жүрүп.
Өрүнө өлбөстүктүн бара жатам,
Өмүрдү канжыгама байлап жүрүп.

Алгалап, атажурттун туусун алып,
Айгайлап – чөлдөн өтүп, суудан агып.
Ар-кордун асманына бара жатам,
Аңкасам ырларыман суусун алып.

Дем берип жакырлыктан бүлүнгөнгө,
Дем салып ден-соолуктан түңүлгөнгө.
«Үйүмө» анан барсам деп жүрөмүн,
Үзүрлүү үлгү болуп тирүүлөргө.

Жадатып, жандимиге тосот болуп,
Жан дүйнөм өлбөстөргө кошоктолуп.

Жашоонун очогунда күйсөм деймин,
Жан бакты, жалкоолорго тозок болуп.

Мөгдөгөн мусаапырга сылык болуп,
Мойнуна мансапкордун кылыч болуп.
Мурдунан көпкөндөргө ок болсом дейм,
Мүдөөсүн, акыйкаттын жүгүн коруп.
Атымды алтындатып жаздырсам дейм,
Адамдын бир тобунан улук болуп!

*14.01.2007-жыл.*
*Бишкек.*

## КАРЫПТЫК

Жете албасаң – максатыңа көздөгөн,
Жеңе албасаң – жакырлыкты тепсеген,
Жашоодогу жедеп жеткен карыптык,
Жүрө албасаң журт баштаган көч менен.

Болот калкан болбосоң – ок тешпеген,
Боло албасаң – күйбөс, кылыч кеспеген,
Жашоодогу ушу да бир карыптык,
Жасакерге чүкө – болсоң өкчөгөн.

Боло албасаң – бир бүтүндүк сынбаган,
Бөрү болсоң эч жакшылык кылбаган,
Барып турган бул да болсо карыптык,
Башкалардын – жан дүйнөсүн уурдаган.

Адам болсоң – бийдин ырын ырдаган,
Акмак болсоң убадага турбаган,
Айтчы деги, карып эмей эмнесиң?
Аспап болсоң ичи-сыртын сырдаган.

Жаны кейип, ооруп калган карыппы?
Жок!.. башкадан издеш керек карыпты.

Карып дейбиз эл эмгегин жегенди,
Анык карып, алдыргандар намысты.

Карыпчылык келет башка ар кандай.
Бирок карып жашагандар арданбай.
Бектер карып, калайыкты кар туткан,
Мүңкүрөтүп – мыйзам, салтка байланбай.

Бу тирдикте – түрдүү, түркүн карып бар,
Тарых деген – тараза бар, табып бар!..
Алар балким олтургандыр ак үйдө,
Ата журтун соодалаган карыптар!..

***22.12.2003-жыл.***
***Бишкек.***

## КАЙРАН ӨМҮР

Кайран өмүр, күйүп бүттүң чок болуп,
Бүттү, калдың, дүрмөтү жок ок болуп.
Жүрөөр элең серпип коюп көкүлдү,
Кызды көрсөң кыйшаландап шоктонуп.

Кайран өмүр, жүрбөйт эми оштонуп,
Урап калган эми кейпиң – боз корук...
Алчыланып аял көрсө туруучу,
Алоолонуп, жанып – күйүп от болуп.

Жумшап жүрөк, жуушап жүрөк мемиреп,
Жүлүн алсыз, андан өпкө демигет.
Кайран өмүр, карт эшектей үргүлөйт,
Калды баспай, эми неге теминет?!.

Кайран өмүр, калчылдаган тизеси,
Какжыраган, кажып калган мүчөсү.
Кайда бая ойноктогон оттуу көз,
Омурулган небак эле чүкөсү.

Кайран өмүр, суу жоргодой кайраным!
Карылык сен, кишендедиң, байладың.
Азыр мына окшоп турам өзүнө,
Агып, какшып, нугу калган дайранын!
Кайран өмүр!!!

*12.06.2007-жыл.*
*Терек-Суу.*

## ПЕНДЕЛИК

*(Баллада)*

Эл журтум – уккун, уккула!
Эм, себеп – силер бактыма.
Ойрондоп калат турбайбы,
Ооматы тайса, мыкты да,
Канаты калган кайрылып,
Капаста калган куш мына!..

Жашайсың, ыйсыз ким өткөн,
Жан чыкпай койсо жүрөктөн.
Жабыгып не бир кыйындар,
Жан-жөйүн мыжып муң эзген.
Из салып, салбай өтөбүз,
Ичпептир адам мүрөктөн.

Кешиги шорго айланган,
Кем болуп кээде айбандан.
Куш сымал жатып капаста,
Кур калып – күлкү сайраңдан,
Күм болуп калат турбайбы,
Күйүттө жүрүп кайран жан!

Сайраарда булбул – гүлүндө,
Сайраңдаар чакта – сүйүүгө.
Тогошоор кезде кыз менен,
Торгойдун балкып үнүнө.

Тобунан калган оор экен,
Тозогуң түшкөн дүнүйө!

Кимдер жок кайгы жебеген,
Кимиңен, бирок кем элем.
Капылет сурап алгансыйм,
Кайгылуу өмүр Эгемен.
Төрөлбөй коюш оң экен,
Таалайсыз болуп энеден!..

Кер марал изин чалаарда,
Калтарга кушту салаарда.
Кемитип койдуң жараткан,
Кайберен атып алаарда.
Карыптык күндү өткөрдүм,
Кар болуп таппай жан арга!

Кайгысын кечип дайранын,
Каран түн угуп – арманым.
Кусалык боорду жара тээп,
Кудайга жетпей зардабым!
Бир келип кетти дегиле,
Бук болуп жүрүп кайраным!

Өмүрүн таштап элине,
Өчөштүк кылбай кегине.
Камыкпай сүрүп өмүрдү,
Кайнаган кайгы кемине.
Көөлөнбөй кетти байкуш де!..
Келтирбей кепти тегине.

Боздогон үнүн угузбай,
Боюна кирди жугузбай.
Азабы кыйнап бүркөлсө,
Ачылып кайра булуттай.
Көрүнө кетти дегиле,
Күйүтүн жутуп кымыздай.

Жалгыздык сорду митедей,
Жалгандан бакыт күзөбөй…
Үйрүлүп түшкөн жары жок,
Үшкүрүк арбып, түтөбөй.
Санаадан болду дегиле,
Сакадай бою чүкөдөй.

Токулбай калды бууданы,
Топ бузбай торгой – куурады.
Асырап, күтө алган жок,
Аталаш эле тууганы.
Энелеш эки иниден,
Жибибей көңүл сууганы.

Береке таппай жолунан,
Бөлүнүп учкан тобунан.
Белести ашпай калды де,
Бел байлаар эч ким жогунан.
Ойт берип жаштык курагы,
Отузда гүлү солуган!

* * *

Бир кезде элем арашан,
Бийкечтер эле мага таң!
Арашан соолуп бир паста,
Бийкечти кайдан саматам.
Кумарын татпай жаштыктын,
Көрүмө кетип баратам!..

* * *

Ак кебез байлап көкүлгө,
Аргымак эле кезинде…
Таалайды ыраа көргөн жок,
Тоголок калган жетимге.
Жаннатың болсун дегиле,
Жатканда алып кепинге.

Байланаар буудан, мамы жок,
Башына конгон багы жок.
Жатындаш жээн-тайы жок,
Адамдык алты саны жок.
Караны кийээр дегиле,
Кастарлап алган жары жок!..

Шагында жемиш гүлдөбөй,
Саябан багым бүрдөбөй.
Арманда өтүп кеттим ээ,
Артымда кушум үндөбөй.
Жашоодон таппай ырахат,
Жан бактым жайда түрмөдөй.

Айткыла дагы мындайды: –
Адамды басса муң-кайгы.
Ар-корун коргоп мазардай,
Алоолоп күйөт турбайбы.
Жылдызы өчпөй маңдайдан,
Жылаандай сойлоп улгайды...»

Кеп-сөзгө чукул айымдар,
Келеке сүйлөп айыңдаар.
Жараткан берген ыроолоп,
Жан ырым, жандooч – багым бар!
Берекем – Пегас – кудайым,
Бел байлаар кыргыз – тагым бар!..

* * *

Көктөм жок тура соолбогон,
Көл барбы – соолуп... толбогон?
Ким деген болгон жашоодо,
Кызылы кетип, оңбогон.
Жаш чакта бирок, кыйрадым,
Жабыгам, жандай кордогон!

Куш барбы, талбас канаты,
Бөксөрбөс ким бар – чарасы.

Бар тура жердин күн-түнү,
Бар тура жердин аласы.
Аз жашта бирок адамдын,
Армансыз өтсө – баласы?!

Жаратат тура убайлуу,
Жаратат тура – чырайлуу.
Өмүрдү бирдей жаратпай,
Өкүмдүк кылган – кудайбы?!
Бакытка – бирдей жете албайт,
Пенденин ушул – бир айбы?!.

Жакшылык кылсаң – даңк калат.
Жамандык кылсаң – барк калат.
Азамат туулса арман жок,
Ата Журт салты сакталат,
Аттиң ай!.. көздөн сырдуу бир,
Арылбай турган жаш тамат!..

Суу жеген жерде – жар калат,
Суу жетпес жерлер – чаңданат.
Камчыга саптык болбосо,
Кайгырып өмүр саргарат.
Аттиң ай!.. жүрөк мыжылып,
Ар намыс кыйнап арданат!

Азынап жайдак ат кетти,
Арылбай муңдан дат кетти.
Бирок жок кийип калаарга,
Буркурап бөрксүз баш кетти.
Боз үйсүз такыр журт калып,
Бук болуп, көздөн жаш кетти.

Дарыя соолуп, сай калды,
Дал болуп жетим тай калды.
Куураган дарак үстүнөн,
Кулаалы куштар айланды.
Көксөгүн, мейли өксөгүн,
Көрүңдөн башка жай барбы?!

Учур бар – күнүң тутулат,
Утуш бар – кайра, утулат.
Белгисиз бакыт, же азап,
Бирөөнө адам тушугат,
Арга жок кылат пенделик,
Ажалдан кантип – кутулат!?

Жашоодо болот ич күймө,
Жашоодо болот – кык дүйнө.
Арамдык, адал, муң, күлкү,
Адамда болот бипбирге,
А бирок уксаң жалгыз кыз,
Аталап боздойт – боз үйдө.

Эр жакка сөөгү коюлган,
Эл топтоп караш – союлган.
Бойтоңдоп ойнойт боз балдар,
Боорсоктон бурдап – тоюнган.
Кайнаган – казы карталар,
Казанда кара чоюндан.

Кемпирлер сыңар тизелеп,
Кеп салып, кейип – мүчөлөп.
Капаста жаткан кайранды,
«Кыйналып кетти – дечүү элек...
Капырай!.. качан коюлат,
Казылып жайы бүтө элек!?.»

Дасторкон кенен жайылган,
Келгендер кирип айылдан.
Кайнаган самоор боркулдап,
Келиндер тынбай чай куйган.
Өмөктөп арак жуткан көп,
Өмүшкө жан аз – кайгырган!..

Кант салып ичип чайга көп,
Карындан алгын, чайна деп,

Утуру кирип табакка,
Устукан алып кайра жеп.
Андан көп жаткан демитип,
«Атаңдын сөөгүн майла!?.» – деп.

Сур булут, бороон ышкырат,
Сумсайып жайды кыш кылат.
Кетпечи, кетпе аталап,
Кыздарым ыйлайт, чыркырап.
Сөөгүмдү койгон тарапта,
Көк дөбөт жатат кыңшылап.

Боройлоп бороон уламдан,
Боз адыр сыздап тумандан.
Бой таштап, талды сыдырып,
«Ботом!».. деп боздойт төө андан.
Жыргатып, кайра муңкантып,
Жашатат тура бу жалган!

Өкүрүк чыкса каяктан,
Өкүрөт балдар таякчан.
«Мусаапыр өлдү!..» деп, боздойт,
Муң агып үйдөн, май аккан.
«Жан берди бүгүн ээсине,
Жашоосу небак тажаткан».

Жанындай көрүп кыздарын,
Жамаган тапкан-тутканын.
Жылуусун берип, каркыттап,
Өзү жеп, ичип, муздагын.
Эскерээр бекен эс тутуп,
Эркелеп өскөн кыздарың!

Олтуруп элдер тунжурап,
Орошуп чытка он кулач!..
Окулуп бүтүп жаназа,
«Оо-мийин!.. муңга-муңду улап...
Антаңдап табыт көтөрөт,
Аялдар калып чыркырап!..

Он кулач сатин энчиси,
Ойрондоп калды, бүттү иши!
Айланып кетти турпакка,
Адам деп айтпайт эч киши.
Арбакка дуба! – деп коёт,
Окуса куран – беш киши.

Кырк кадам басып, отуруп:
Кол жаят куран окулуп.
Адамдык аттан өчөсүң,
Акыркы жолуң тосулуп.
Кагырап сөөк болосуң,
Көзүңө турпак толтуруп.

* * *

Болдубу түркүк – ааламга?..
Боло албайт адам – бааланба?!.
Боз эле моло болушат,
Шаалар да, айкөл, наадан да,
Кол менен кимдер калкалайт,
Күн чыгат, кайра – жааганда.

Көтөрөт ыйды – залкарлар,
Көтөрөт сыйды – залкарлар.
Энчисиз адам жаралбайт,
Ээликке бүткөн Асман бар.
Эгеме жакпайт, кар болот,
Эмгексиз, эрксиз – жаткандар!

* * *

Сапарым бүттү уккула?..
Жашообуз – күрөш, кут тура!..
Керээзим болсун – дарт, муңду,
Кепинге салып, мыктыла!
Чыгарбай ала жатайын,
Көрүмдүн оозун кулпула?!

Кайгынын берип сазайын,
Кара чым менен басайын.

Өмүштө болгон кайгыны,
Өрттөйүн, күлүн чачайын.
Калайык журтум көрбөсүн,
Көрүмө ала жатайын.

Сокпосо жүрөк сокпосун!..
Соо болсун элим тозбосун.
Жамынып жатсын тоолорум,
Жайлоонун жашыл торкосун.
Байыртан жоомарт кыргызым –
Байгамбар – Саабага окшошсуң!

Керээзим – элим унутпа,
Кең пейил, ынак кымызга.
Калайык тилди таза тут,
Кесири тиет улутка.
Таалайым – Гүлмир кызымын,
Төбөсү тийсин булутка?!.

*04.03.2005-жыл.*
*Бишкек.*

## ӨМҮР ДЕГЕН ӨТӨ КЫСКА КЫСТАЛАК

Кайда менде – бейпил жатып уктамак,
Кайда мени – сылап-сыйпап куштамак.
Бөтөш деген бир жинди бар үйүмдө,
Бейпай менен таң атырат кысталак.

Кайда менде мыкты жашоо сүттөй ак.
Кара жиндим катыныңдай кызганат.
Жай алдырбай, түпкү энеми боозутат,
Жерге кирген Бөтөш деген кысталак!

Айлаң барбы, асыл баштан тайса бак,
Анда баары сени сүйбөй сузданат.
Ар коруңду, абийриңди тепсешет,
Аял менен Бөтөш деген кысталак!

Эрдин иши – элге күчүн жумшамак,
Эрктин күчү – Эзсиздиктен куткарат.
Журтуң менен улуу жолго чыгаарда,
Жаман экен жатып калган кысталак!

Өтөөр тагдыр – өмүр бою суз карап,
Өчөшкөндөн өч алган оң – сак карап.
Өзөк сыздап өтүп кетсе мөөнөтүң,
Өчпөй турган өмүрүңдө – так калат.
Өрөөнүңдө из калгандай өч алгын,
Өмүр деген өтө кыска – кысталак!

***20.04.2003-жыл.***
***Терек-Суу.***

## ӨМҮРДҮ БЕРИП КАЛКЫМА

Топоңо жууруп канымды,
Ташыңа берип жанымды.
Жаннатка анан кетсем ээ!
Жандырып тоомо шамымды.

Өмүрдү берип калкыма,
Бакытты бөлүп жалпыңа
Кайгымды ала кетсем ээ!
Калтырбай баарын артыма.

Дулдулун аттын мингендей,
Дуулдап күлүп жүргөндөй,
Түбөлүк өлбөй жатсам ээ!
Тирүүдөй көзүм ирмелбей.

Убайдан шек да, түр бербей,
Үйлөнгөн күнкү күлгөндөй,
Ажарлуу – жайнап жатсам ээ!
Асылын жардын сүйгөндөй.

Кыйналтып жанды алса да,
Кычуусу шордун канса да.
Жүрөктү берип кетсем ээ!
Журтума болбой сарсанаа.

Жалдырап жаткан күн калып,
Жабыккан муңдуу үн калып,
Асыл эл – аман кал десем,
Акырет кеттим мен карып!
Турпагың торко болсун! – деп,
Тоолорум турса үн салып?!

***02.06.2002-жыл.***
***Терек-Суу.***

## МЕНИ ЭСТЕ

Көп жаздым көкөй кескен арман – керээз,
Жазбаганга айла-амалым калган эмес.
Канткенде адам байкуш жазбай койсун,
Кайнаган шордо калса балдай мүнөз.

Сый көргөн билет дешет сыйдын баркын,
Ыйлаган көрөт дешет ыйдын баркын.
Ысылап, дөөлөтүнө мас болгондор,
Билишпейт сыйдын баркын, ыйдын баркын.

Жабыктым жанаша албай жакшыларга,
Куу тирдик такап турду жанды жарга.
Тагдырдын таманына тепселбедим,
Тайгак жолдон чыгууга таптым арга.

Үйрөнүп уз турмуштун кылыктарын,
Үйрөнүп түйшүктөрүн кумурсканын.
Ызага күлө карап, моюн бербей,
Ыймандын улуулугун унутпадым.

Түшүнгүн ый-күлкүнүн себептерин,
Неликтен жамгыр жаайт, серептегин.
Неликтен бороон боздойт, чынар кыйрайт,
Саргаят жалбырагы теректердин.
Сынганын, жаш чырпыктын соолгонун көр,
Абайлап, андан кийин мени эстегин!?

*13.01.2007-жыл.*
*Бишкек.*

## ДОС ДЕГЕН УШУБУ?

Бөлүшүп нанды кошо жеп,
Мен таза кезде дос элек.
Бир ата жана энеге,
Бала элек, эгиз бото элек.

Ошондой болсо дос демек,
Ойлору аруу, антка бек.
Оозуна кирген эл-журттун,
Опокшош күйгөн от элек.

Сени мен жоктоп көрбөсөм,
Сен мени жоктоп келбесең.
Сагыныч батпай турчу эле,
Садага кетип сен десем!

Бирге учуп тоонун кушундай,
Сен келип, чуркап утурлай...
Жүрдүк го, анда эл айтчуу,
Дос болсо, болсун ушундай!

Арты ушу экен кем жандын,
Айланып келбей сен калдың.
Азаптуу дарттын айынан,
«Айыпкер» болуп мен калдым.

Дарт чалып эки бутуму,
Жол карайм, күтүп утуру.
Келбедиң, эми эл айтат:
«Дос деген эле ушубу?!.»

***07.02.2003-жыл.***
***Терек-Суу.***

## АБЫ ДОС ЖАНА ЖАҢЫ ДОС

*(Бир доско, какшык аралаш)*

Кумганбы, десем баш экен,
Курттардан калган – таз экен.
Астында биртке мээси бар,
Ар кайда чыккан чач экен.

Адамбы десем, түлкү экен,
Арамзаа ойду сүрчү экен.
Айбандык толгон чөнтөгү,
Арамдык – алтын мүлкү экен.

Далкыйып нооча денеси,
«Даанышман» десең дал өзү.
Калкына төрөп бериптир,
Карышкыр кылып энеси.

Саргарып чөөдөй өңүчү,
Замандын чыгаан бөрүсү.
Койнуңду коёт сапырып,
Кокустан келсе өңүтү.

«Тармал чач» дешет айылы,
Табышкер, билет жайыңы.
Тамак-аш берип турбасаң,
Талпагың ташка жайылды...

А мага болсо Абы дос,
Айтышат дешип жамы дос.
Аркандап сайга кетүүчү,
Амалкөй Абы – жаңы дос!

***27.04.2005-жыл.***
***Терек-Суу.***

## БИР ДОСКО

*(Кичинекейибизде достошкон досум бар эле,*
*мен оорупп төшөктө жатып калганы*
*саламга келбей кетти.)*

«Кыраан» досум бала күндөн достошкон,
«Мырза» досум, мүнөзүбүз окшошкон.
Мен оорулуу, ден соолугуң сенин чың.
Дүйнөпостук – досчулукту токтоткон.

Сен ойлойсуң – арбын болсо пулум деп,
Менде болсо, ден соолук жок, муңум көп.
Кезиккенде баш ийкешип коёбуз,
Качанкы бир досчулукка ырым деп...

Ал урунат кыйдылыкка акылын,
Дос көрсө дейм акылымын асылын.
Далай досту күтсөм дагы, а бирок –
Тапкан жокмун ырларыман жакынын.

Деген сөз бар: «дос алат дейт бергенин,
Ал бергендир, менин да бар бергеним.
Дооматым жок досторума эч качан,
Досту саткан барабар дейт эл-жерин.
Досчулуктун дал келбейт го шертине,
Досум айтчы?.. сенин – менин өрнөгүм!..

***27.04.2003-жыл.***
***Терек-Суу.***

## ДОСТУК ЖӨНҮНДӨ

Дилим таза доско эненин сүтүндөй,
Жүзүм таза – доско Күндүн жүзүндөй.
Жүрөгүмдү чабат элем досума,
Досум болсо эгер менин өзүмдөй.

Дүйнөм жоомарт – доско жердин кенчиндей,
Дүйнөм сулуу – доско жаздын көркүндөй.
Достун пейли меникиндей кең болсо,
Мен өмүрдү сүрөт элем өкүнбөй.

Эгер достук бекем болсо аскадай,
Эгер достук кенен болсо асмандай.
Андай достук куштун эки канаты,
Учат элем эч нерседен жазганбай.

Эгер достук булут болсо калкыган,
Жер көгөрткөн нөшөр жаайт артынан.
Эгер достук булак болсо оргуган,
Агат элем деңиз болуп чалкыган.

Достук ыйык – аны болбойт чеки деш,
Ыйык шерти – достор айтса – сөзү сөз!
Сактабаса соолуп калат акыры,
Достук деген бир баштагы – эки көз.

Дос болуу жок – карап мансап, атакка,
Достук деген – бел байлашуу азап да.
Анык достук – орток коюу өмүрдү
Анык достук окшоп турат акакка!

Достун пейли таза болсо – өзүмдөй,
Достун көзү – калыс болсо көзүмдөй.
Бийлик болсо, берет элем досума,
Бу дүйнөнү тартуу кылып бүтүндөй!..

***06.01.2004-жыл.***

## ОЙГО КЕТЕМ

Качат чычкан аргай жерге кайсалап,
Кармайт мышык, ойнойт мышык уйпалап.
Оюн куруп жатканына чычканга,
Ойноок мышык маашырканат, суйсалат.

Коё берип, тиштеп кайра аткылап,
Бир мыёолоп, буту менен чапкылап.
Бир ыргытып, тосуп алып кайрадан,
Бир бүк түшүп, өзүнчө эле шат курат.

Жан алгычтан качкан сымал энтелеп,
Байкуш чычкан жөрмөлөйт – ов! теңселет.
Бир секирип кармап алып карт мышык,
Ооналактап «эркелетет», эркелеп.

Же куткарбай, же байкушту жеп албай,
Кордойт, кардайт шылдың кылып сеп албай.
Мышык-чычкан, оюну – деп, коёбу?
Мүңкүрөө – деп айтабы – бу кандай?!

«Чычканга – ый, а мышыкка күлкү!..» деп,
Эзелтеден эл ичинде жүрчүү кеп.
Ойго кетем, мышык болсо тагдырым,
Чычканмынбы?! мен олтурам муңкүрөп!

*05.03.2005-жыл.*
*Терек-Суу.*

## КАПАСТАГЫ КУШКА

Куш жатат ыйлап капаста,
Ким салган аны капаска?!
Көөдөнүм менин буркурайт,
Көзүнөн мөлт-мөлт жаш акса.

Жан жагын карайт томсоруп,
Жалындап күйүп от болуп.

Жаралайт мени жапасы,
Жүрөккө тийген ок болуп.

Канаты сынып, азапта,
Калбасын шумкар азапта.
Күрсүнөт, жүдөп күйпүйөт,
Күткөнсүп – тоосу, ташы, аска!

Эч качан үзбөй күдөрүн,
Эңсейт го зоосун – түнөгүн.
Шаңшыса тиктеп тоолорун,
Шалдырайт кошо жүрөгүм!

Канатын күүлөп жүз эсе,
Кайкымак торго түшпөсө.
Жан дүйнөм сыздайт жай бербей,
Жалдырап көктү тиктесе.

Туюнтуп эркин учканы,
Тушоосун чокуйт буттагы.
Тагдырлаш, менин башымда,
Таалайы каткан куштагы.

Учалбай турса чыйпылдап,
Угулат мага ый сымак.
Урунуп улам капаска,
Урдугат, кайда тынчымак.
Ал куса, эстеп тоолорун,
Асманда учкан кыйкуулап!!!

***05.03.2003-жыл.***
***Терек-Суу.***

## КАРЫЗМЫН

Кереги жок мага кадик калыстын.
Калыс бол деп айтуудан да алысмын.
Алпештеген ата-эненин ак сүтүн,
Айлам кетип, төлөй албай карызмын.

Кереги жок мага куруу намыстын,
Намысымды коргошчуудан алысмын.
Эмгек сүтүн берип келген мекенге,
Эмгичекти эсим кетип карызмын.

Жүрөгүмдө андан толгон сарсанаа,
Ойлоп келсем – уудай татыйт, бал мага.
Адам кылып, акыл берип жараткан,
Андан бетер карызым көп Аллага!

Тирүүлүктө бериш да бар, алыш бар,
Баарына эле боло бербейт карыздар...
Мусулмандык өтөбөдүм карызды,
Мекеге да чачымдан көп карыз бар.

Өтөй турган карызы бар, карыздын.
Өтөй албай өлүүдөн мен алысмын.
Өтөөсү зор, өлчөөсү зор адамга
Өмүр гүлүм соолуганча карызмын.

*01.03.2003-жыл.*
*Терек-Суу.*

## МЕН, МЕНМИН

Өзүнчө тиккен өргөөмүн,
Өзүнчө соккон өрмөгүм.
Өзгөгө өрнөк калтырып,
Өзгөнүн алам өрнөгүн.

Жактырып, тескеп жөн-жөнүн,
Жакшынын алам өрнөгүн.
Журтума тийген залалы,
Жамандын казам көрлөрүн.

Жасагын дайым – оң кадам,
Жакшылар дайым – кол балаң.

Тууп бер – журтка бир мыкты,
Тууганча жүдөө – он жаман.

Эй, адам!.. келбейт чуу кургум,
Элиме келет туу кылгым.
Он иттен «огуң» айлансын,
Бир жакшы бала туудургун?!

Мен, менмин!.. Сен дей көрбөгүн,
Бирде көл, бирде чөлдөмүн.
Баа коём баскан изиме,
Улага, бирде төрдөмүн.
Калбаса мыкты өрнөгүм,
А көрө жакшы өлгөнүм!!!

*01.03.2003-жыл.*
*Терек-Суу.*

## САКТАСЫН

Оору дагы келе турган башка – сын,
Ортоктошуп, эгер болсо наздачууң.
Жаманыңдан ооруп калган сыңары,
Жаман көрүп, кар кылгандан сактасын.

Оору коёт – карыга да, жашка сын.
Ойдо турат ошондо бир – кас, жакын.
Жарга такап, жай бербеген касты кой...
Жатыркаган жакыныңдан сактасын.

Оору чачат өмүрүңдүн – кампасын...
Ойлор чырмап, баштан качат – бак бачым.
Узак жатсаң убай менен күн көрүп,
Үй-бүлөдө жек көрүүдөн сактасын.

Бешенеде – оору кылуу, соо кылуу,
Оорулууча – бүлөң болот оорулуу.
Опол тоо да ойрондогон жазмышта,
Оорулуунун камын көргөн – сооп улуу!

Ooру берет – не бир ойго келбеген,
Ой жоруйсуң, жаздым дейсиң эмнемен.
Жаның сергийт, жанда турса адамың,
Жаадыраган жүзү менен эмдеген!!!

*28.02.2003-жыл. Терек-Суу.*

## СӨГӨ КӨРБӨ

Жардам кыл деп, жагынбадым бирөөгө,
Жагынбадым, алгының деп, сүрөөгө.
Жанды бактым ак эмгекти аркалап,
Жаман көрүп, ушул үчүн күнөөлө.

Барган жокмун бел сууткaны түнөөгө,
Балиттенип жеткен жокмун мүдөөгө.
Белен жолдо, бекер бакыт таппадым,
Бейбак дегин, ушул үчүн күнөөлө?!

Жатып калдым, жазмыш тартты күнөөгө,
Жан кыйбас да келгени жок жөлөөгө.
Жалгыз турдум жан алгычка бетме бет,
Жакпай калсам ушул үчүн күнөөлө?

Жалгыз калдым калагы жок кайыкта,
Жан тарткан жок чамалуулар майыпка.
Чок кармадым, ийилдим да, сынбадым,
Чала калсам – чарыкка тарт, айыпта?!

Дүлөй болуп угуп бердим сөккөнгө,
Дудук болуп туруп бердим көпкөнгө.
Жамгыр болуп жаап турдум көктөмгө,
Дайра болуп агып турдум өстөндө.
Суранаарым – көзүм барда айыпта,
Сөгө көрбө көзүм өтүп кеткенде?!

*20.02.2003-жыл. Терек-Суу.*

## ЭМНЕМ КИШИ

Баралбасам эл тойлогон тоюңа,
Бакыт издеп чыгалбасам жолума.
Эмнем киши?.. чыйпылыктап олтурам,
Чымчык сымал түшүп калган торуңа.

Элдин жүгүн көтөрбөсөм жонума,
Эрдин жүгүн арталбасам моюнга.
Эмнем киши... айланчыктайт төшөктү,
Окшоп кейпим көк мээ болгон коюңа.

Кошулбасам курбу-курдаш тобума,
Эм болбосо эки ооз сөзүм доорума.
Эмнем киши... эмгектенип жан бакпай,
Окшоп турсам тарп аңдыган жоруга.

Кемсинемин, жалгыздыктан боздоймун,
Кем көрүнүп – элге өзүмү кошпоймун.
Эмнем киши?.. барк күтпөсөм элди алып,
Бу жашоодо ашык адам окшоймун.

Эмнем киши?!. санаам санга бөлүнөт,
Өз көзүмө өзүм өгөй көрүнөт.
Өлбөйсүң сен, алданамын үмүткө,
О, Өмүшүм, адамсың деп көп ирээт!..

***08.02.2003-жыл.***
***Терек-Суу.***

## КАЙРЫЛУУ

Ач арбактай ачка болдум күлкүгө,
Адат болуп жер карама чүнчүмө.
Алыскы дос, ала келгин күлкүңөн,
Ыраазымын – алтын, күмүш мүлкүңө.

Жарып маңдай, каткырганды сагындым,
Жашап жүрүп ортосунда жалындын.
Берип жибер каткырыктан баягы,
Кереги жок килем, торко, малыңдын.

Түшүп турат ындын өчүп маанайым,
Тирек кылам, бел байлаймын саа дайым.
Бешенемди дайым турат жаркытып,
Берип ийген мага – ырыс, таалайың.

Көндүм болдум, баш байладым ооруга,
Көтөрүүгө кудурет бар тоону да.
Катып жүргөн кайратыңан берип ий,
Кала көргүн, кадырлуу дос сообума.

Суранганды – кудайычы дебегин,
Суусап турам, түшүнөөрсүң себебин.
Тунгуюктан жигит чыгат туу булгап,
Тушоо кескин, өтөп элдин керегин.
Урмат сыйга толгон сөздөн берип ий,
Ушул болсун ыйык туткан белегиң!?

*07.02.2003-жыл.*
*Терек-Суу.*

## ЭЛ ООЗУНДА ЭЛЕК ЖОК

Мени айтышат шайтан го деп өлбөгөн,
Мен өлүүнү жанмын самап көнбөгөн.
Алгылыктуу артымда из калса деп,
Алп урушуп көнгөн адам өңдөнөм.

Мени айтышат: «ит го дешип жаны бек!..»
Мен этибар алгым келбейт аны көп.
Тай талашып таалай менен олтурам,
Түбөлүккө өлбөстүктүн камын жеп.

Капырай – ов ким өлүүнү самасын,
«Жаман адам көрсөтөт дейт, жарасын...»
Ичтен боздоп, күлүп жайнап сыртыман,
Улуу ишти бүтсөм деген адатым.

Күнүм болот жалгыздыкта ыйлаган,
Бөтөн жүрөк ооруйбу – деп, ыйбагам.
Андан көрө өз жүрөгүм оорусун,
Арамдык жок, ар коруma сыйбаган.

Мыкты десе калгым келбей дардактап,
Угам баарын урмат менен салмактап.
Өзгөлөнүп жагынбаймын аларга,
Өмүш дешип сый көрсөтсө ардактап.

Жашап келем нугу менен агымдын,
Мен ойлоймун түбү алтын деп сабырдын.
Эл оозунда элек жок деп калышат,
Эстүүсүнө келет кээде табынгым!

***24.06.2002-жыл.***
***Терек-Суу.***

## АРБАКТАРГА

Өтөм күндө, жаныңардан өтөмүн,
Өзүмдү мен өзүңөрдөй сеземин.
Өткөн сайын суроо берем өзүмө,
«Төрөлгөнү – эмнени мен өтөдүм?!.»

Дуба кылам, өзүңөргө кеңешем,
Шанаңдаган байкушум ай!.. дебесең.
Эптеп жашоо, айырмам жок силерден,
Жарык берет – жалгыз гана терезем.

Жаныңардан арбактарым – көп өтөм,
Алда кимге – бардай өтөм бересем,

Ачык асман – бейиш, тозок, тирүүлүк,
А болбосо силерге окшош кебетем…

Арбак болуу – жакшы жана эң жаман,
Сага жетүү – калды менде бир кадам.
Күтө турчу, эй арбактар, күтө тур,
Жанды элиме таштап анан мен барам?!

Өйдөсүнбөйм, өтүп калам жаныңдан,
Өзүңөрдү бири менмин сагынган.
Тажап кеттим тирүү арбак болуудан,
Тагдырыма деле жокмун таарынган.

Тирүүлүгүң канча таттуу болбосун,
Көргүм келет арбактардын ордосун.
Түтөп турам, түшүнгүлө арбактар,
Калбай калды сенден башка жолдошум.

Түшүнгүлө!? өмүр өттү ый менен,
Өлүү дагы бакыт экен сый менен.
Арбак болуу азыр деле опоңой,
Арам өлдү!.. деген сөздөн ийменем.

Өмүрүмдү жашайын деп бир берген,
Эркти күттүм кайрат күчү миң шерден.
Тосуп алган, баргым келди силерге,
Качып чыгып кайгы аттуу түрмөмдөн!

Тос, тоскула, бара жатат коногуң?!
Бири менмин ишке жарар чороңун.
Тос, тоскула, кагыраган сөөктөр,
Кагыраган мен да сөөк боломун.

Тосо турган арбагым көп силерде,
Тозок отун ала барбайм силерге.
Тос, тоскула чирип бара жатамын,
Жарым кылым жата берип чидерде.

Өз арбагын, кайсыл арбак тоспосун,
Эми жазмыш – о дүйнөдө соттосун.
Жер үстүндө жаткан менен тирүүдөй,
Өзүм деле өзүңөргө окшоштум.

Не бир асыл жатасыңар бу жерде,
Өмүр бүттү күлкү да жок күлөөргө.
Мен жашоону сүйүп, баалап жашадым,
Сүйүүм бүтүп, бара жатам силерге.

Мен тагдырды талдап, тандап алгансып,
Өмүр өттү, тирүүлүгүм жалгансып.
Өзүм менен кошо барат силерге,
Ичте толгон улуу кайгым, арман шык.
Тобо кылам, тос, тоскула арбактар,
Тоюп кеттим, тозок оту саргартып!

***24.06.2002-жыл.***
***Терек-Суу.***

## КЕЛ ЖОЛООЧУ КИРЕГОЙ!

Кел жолоочу, кир үйгө?!
Керемет бар бул үйдө.
Кемибеген Өмүш бар,
Кенч бар, ырыс – ыр дүйнө!...
Буркандаган шум – дүйнө,
Бузула элек дың – дүйнө!..

Кел, кирегой – кубатым,
Кирбей неге турасың.
Буулукканың чыгарат,
Булбул үнүн угасын.
Ыйман толгон нур – дүйнө,
Ырга тоюп чыгасың.

Кир, кирегой – көрөсүң...
Эрктин ээсин, төрөсүн.

Ушул үйдөн татасың,
Ынтымактын мөмөсүн.
Ак батасын алып чык,
Анан өсүп, өнөсүң!

Калтырып кир жеситти,
Какпай киргин эшикти.
Ушул үйдө тоолуктун,
Каада салты жетиштүү.
Көраласың бул үйдөн,
Кыргыз жаткан бешикти.

***23.03.2008-жыл.***
***Бишкек.***

## ДОСКО ТААРЫНЫЧ...

Күн болот, Кыдыр даарып, төөгө минген,
Күн болот, Кудай каарып, жөө да жүргөн.
Кутуруп төө мингенде кетпеш керек,
Кысасын тартат адам – жөөгө күлгөн.

Адамдын гүлдөй турган мезгили бар,
Тагдырдын залакасы, эпкини бар.
Таалайды жалгыз адам тапса табаар,
Элине эч ким болбойт жалгыз тумар.

Ээрчишип далай болду кыз жандамай,
Сыйлаштык, чакырышып, сыртта калбай.
Ойлогон ойго жетпей жатып калдым,
Ойрондоп!.. оору чиркин кысталак ай!!!

Бурганак, бирге – жүрдүк бороондордо,
Кийим жок, төшөнчү жок оронгонго.
Катташпай, катаал күндө басып кеттиң,
Мал күтүп, дөөлөт күтүп – оңолгондо.

Акыры тагдыр сырды чечмеледи...
Айткынын – билчу белек жек дегенди.
Кимибиз антка бекем туралбадык,
Салмактап, акыл калчап текшерели.
Айкөл дос, Аккан достук билбеш керек,
Унутуп, таарынычын кектегенди!

*04.05.2005-жыл.*
*Терек-Суу.*

## БОЗДОБО ЫРЫМ

Башыңа түшөөр бейпайлар не бир,
Бактысыз өтүп, балалык өмүр.
Баарысын калыс салмактайт эле,
Бар болсо – бакыт, бар болсо – Теңир!

Миздүү таш бетин жыңайлак басып,
Мөгдөөрсүң ыйлап, жылмайбай бакыт.
Таманым канап, тентидим боздоп,
Таппадым таалай, кудайлап жатып.

Жетилдим басып, жетимдик жолун,
Жетээрде эми оозума колум...
Көралбай көзүн атанын өстүм,
Курсакта жатып, кайнаган шорум.

Кырк жылдан ашык – шып тиктеп жатам,
Кызыксыз дүйнө!.. кыйноого батам.
Кусадар кылат, кыйраган жаштык,
Күлгөнгө куштар... көзүмдү сатам.

Обдулуп турбай, оорлоп дартым,
Огожо болбой, баратат баркым.
Какшатып неге мынчалык койдуң,
Кайдасың, кайран ден соолук алтын!?

Күн бүтсө кайра таң атыш тозок,
Уйкусуз түндөр, кайгыны коштоп.
Жалганга ушул не келди экен,
Үн баспай өмүр – кетет го боздоп!

Жашаган күнду алаамат сезем,
Жайрады курак, жылыбай чекем.
Баары бир дүйнөң жешилет экен,
Болсо да эркиң болоттон бекем!

Жатса да тагдыр тепкилеп, кыйнап,
Жашадым жанды бапестеп кылдат.
Басынып турсаң, кечкидей жандан,
Болсо да өмүр баарынан кымбат!

А бирок шүгүр... арбыса муңум.
Акыры чыгаар – быкшыган бугум.
Арманың айтып, сен боздой көрбө,
Артымда калган асылкеч – ырым?!

Боздобо деле – боорлош «чымын»
Ботосу өлгөн, төө белең ырым?!
Боорума басып, кайгымы жатам,
Боз моло болуп калса да кылым.
Азапты тартпа, арманды маа бер,
Ата журт сага айтылган сырым!

*14.02.2005-жыл.*
*Бишкек.*

## КЕРЕҢСИҢ ДҮЙНӨ

Жаратып жанды, жандырып шаңды,
Өлтүрүп жанды, өчүрүп шамды.
Өксөтүп, жанды, күлдүрөт – Алла,
Адамда өчүң, же кегиң барбы?..

Тагдырын талдап, таалыкпай ченеп,
Бак, баркын төгөт, таалай да берет.
Акмакты даңктап, асылга каскак,
Абалтан баарын салмактап келет.

Кеменгер кылып, келтирип күүгө,
Айлантып Күнгө, алмашып түнгө.
Кетирип кейптен… келбетин түзөп,
Кемшийтип салат, кемитип күндө.

Жаш күнүн албай, жаңы аткан таңдай…
Кылыгы балдай… кемшийтип салбай.
Кан сөлүн сорбой, бөкчөйтүп койбой,
Күйүткө калбай, «кош өмүр!» десек,
Кереңсиң дүйнө, күн келбейт андай!..

Картайбай пенде, кол салбай өңгө,
Солкулдак бойдон, күч-кубат денде…
Жакшылык көрүп, жабыркап – нетпей,
Жаадырап, жайнап, жашаса пенде,
Жаш бойдон анан, келбетин сактап,
Көрүнө тыгып, жалмаса эмне?!
Бир айып – ушул жараткан сенде!..

## ТЕРЕК-СУУНУН КУЛУНУМУН

Канынан сан кылымдап кайнап чыккан,
Кыргызмын, калыстыкты байрак туткан.
Карыткан кылымдарды калайыгым,
Көздөгөн максатынан майнап чыккан.

Көрөсүң касиетти ирецинен,
Көрөсүң калыстыкты – тилегинен.
Экинин бири болгон элим черик,
Эриген тоолор-таштар илебинен.

Гүл чыккан басып кеткен таманынан,
Күн чыккан – арчалардын сабагынан.

Суйкайып сыланышып дарактары,
Сүт чыккан – аскар тоонун мамагынан.

От болуп жүрөктөрү жанып турган,
Ой-тоодон мөлтүр булак агып турган,
Опол тоо – Терек суунун кулунумун,
Ошого жаным секет, жаным курман.

Булбулу токоюнда сайрап турган,
Аромат, миң түркүн гүл жайнап турган,
Айтылуу Ат башынын кулунумун,
Асылып казанда эт кайнап турган.

Чачылып жүрөгүнө – жаным, каным,
Чечдөбө мазарынын жанындамын.
Олуям – Кошой коргон маңдайымда,
Ошого сыйынгамын, багынгамын.
Садага кетейинчи, ата журтум,
Сүйгөнүм силерсиңер – сагынаарым!!!

*18.07.2003-жыл.*
*Бишкек.*

## ХАН КОШОЙ

Кошой деген кыргыз үчүн ыйык бу,
Кошой деген кыргыз үчүн – уютку!
Кошой менен Манас – Манас болуптур,
Кошой менен – кыргыз, кыргыз ырыстуу.

Кытай, калмак – каарына тең келбеген,
Касташканга ар намысын бербеген.
«Кара тоону, Теңир тоону чеп кылып,
Кайбар Кошой Ат башыны жердеген.

Сыйынышып кут Чечдөбө мазарга,
Жоону жеңген, жебе сайып баканга.

Бажаңдашып, боорлошуп, аш камдап,
Баары ичкен, бышырып бир казанга.

Түркүн уруу – Ат-Башыда жашаган,
Туулгансып баарысы бир атадан.
Ордо куруп, кырк чоросун маш кылып,
Катагандын хан Кошойу баштаган.

Жамы кыргыз жаралган бир бүлө,
Кыргыз десе, хан Кошой деп билгиле.
Ата-теги ким экен деп сураса,
Атбашылык – алп Кошой деп жүргүлө!

Теги кыргыз, Теңир тоонун кулуну.
Дөө – байгамбар, улуулардын – улугу!
Кадик айкөл бир жаралган кыргызга,
Каратоонун зеңиринде туругу.
Аты, заты – аруулуктан жаралган,
Ар бир кыргыз алп Кошойдой чыныгы!..

***27.04.2003-жыл.***
***Терек-Суу.***

## АТ-БАШЫМ

Ат-Башым, асыл жерим ай!..
Айкөлсүң жоомарт – эли бай.
Акактай тунук жараткан,
Айланам сенден Теңир ай!

Ат-Башым бейиш кушундай,
Ааламда жер жок ушундай.
Турпаты улуу кыргызга,
Түндүктөн түшкөн кутундай.

Томурган тоосу аппак май,
Толтурган сүттөй аппак сай!

Төө таштан суулар бүркүлсө,
Чачырайт күмүш акшактай.

Суусасаң суусун – абасы,
Сыбызгы кагат сабаасы.
Эңгилчек ташта булактар,
Эненин окшош – мамасы!

Токою толгон карагат,
Томуктай болуп дан алат.
Салаалап ар бир коктудан,
Суу эмес эле – бал агат!

Элесе торгой – канаты,
Элжирейт гүлдөр – карачы?!
Жел жүрсө талаа кулпурат,
Желпиген өңдүү манатты.

Жайылган кулжа, аркары,
Жайлоонун бүтпөс дастаны.
Комузга окшойт – тыңшачы?
Күү чалып турган асканы.

Чалкайып тоосу, ак кары...
Чайыттай көпкөк асманы.
Күмүшкө буулап койгондой,
Кубулжуп турат таштары.

Алп мүчө, тулкун карачы?
Ат-Башым жердин – Манасы.
Ай-Күндөн бүткөн ыйык жер,
Ат-Башым – Меке – Каабасы.

Тоюнаар адам баласы,
Торколуу журттун калаасы.
Ажайып ушул дүйнөнүн,
Ат-Башым – алтын чарасы.

Жанжөйү журттун туптунук,
Жайы-кыш турат кулпуруп.
Кеткенге тулпар мингизип,
Келгенге – кымыз, ыр сунуп.

Көз кайкып жаткан токою,
Кара көз кызы, бозою.
Алдейлеп берет батасын,
Аксакал ата Кошою!

Күкүгү айтып азанды,
Куштары айтат казалды.
Чени жок ыйык дүйнө – дейт,
Чечдөбө ата мазарды.

Баарынан ойлойм артык деп,
Баамымда таппайм артык кеп.
Калганда ачка тоёсуң,
Каймагын суунун калпып жеп.

Жигити шайыр, кызы наз.
Көзүңө деле кышы жаз!
Кыярбас дүйнө – Ат-Башым,
Күнүгө көрсөң – күндө жаш.
Армансыз өтөм дүйнөдөн,
Алдыңа кетсе – ушу баш!!!

***20.04.2003-жыл.***
***Терек-Суу.***

## АЛМАШКЫС ДҮЙНӨ АТ-БАШЫМ

Кертип жеп кулун туландан,
Кер бээни эмет суналган.
Көпөлөк конуп кылгытып,
Көк гүлдү сорот буралган.
Ак куштай канат каккылап,
Агын суу түшөт кырандан.

Арчага конуп куш ырдап,
Аарылар гүлгө ызылдап.
Уруту толуп уркуюп,
Уй жатат кепшеп кышылдап.
Кыздардын желпип көкүлүн,
Керимсел чуркайт тызылдап.

Аскалар жатат кырданып,
Ак мөңгү күмүш нурданып.
Аркайган улуу зоолорго,
Ак булут калган чулганып.
Эндигин сүртүп алгандай,
Эңгилчек таштар сырдалып.

Керилет жайлоо ныксырап,
Керүүдө ышкын солкулдап.
Кебезди үзүп чачкандай,
Көкөлөп жылдыз от булгап.
Үн созуп коюп бешикте,
Үргүлөп келин олтурат.

Боз үйдүн аппак үзүгү...
Борсулдап кара күчүгү.
Балкытып жыпар жыттанат,
Бурукшуп чыккан түтүнү.
Алмашкыс дүйнө Ат-Башым,
Арчаңдын бир тал бүчүрү!...

*18.03.2008-жыл.*
*Бишкек.*

## БАКТЫМДЫН СЕНСИҢ КАЙМАГЫ

«Бешконуш» жайлоом кең өзөн,
Бактыма бүткөн берекем.
Кан-жандан бүткөн асылым –
Киндикти бууган – энекем!

Адырлуу жайлоом – «Ырайым»,
Ай-Күндө бүткөн чырайың!
«Бел-Өтөк» ойноп чоңойгон,
Башымды тартуу кылайын.

«Арчалуу булак» «Акташым»,
Балбал таш жытың, бал затың,
Козу, улак минип, өскөн жер,
Кулпурган бейиш Ат-Башым!

Терек-Суум кашка дайралуу,
Теңирим!.. өмүр байрагы.
Бар болгун – байкер туулган жер,
Бактымдын сенсиң каймагы!..

***01.03.2005-жыл. Бишкек.***

## КАГЫЛЫП КЕТЕМ

Аркары чубап адырдан,
«Ай!..» десең аска жаңырган.
Айланып кетем Ат-Башым,
Ак мамык карың – салынган.

Жай-кышы оргуп булагың,
Жайкалган жашыл тулаңың.
Жалбыздуу жайлооң – жаадырап,
Жанымдан артык – ынагым!

Токоюң куштар таңшыган,
Тоо, талаа гүлдөр аңкыган.
Карагай, арча, кайың тал,
Көркүңө жүрөк балкыган.

Жыпар жел, суулар агылган,
Жүрөгүм белең – кагылган.
Киндик кан тамган ата журт,
Кагылып кетем жаныңдан!!!

***01.03.2005-жыл. Бишкек.***

## АЙЫЛДАШТАРЫМА

Барк билип, байкер күндө жашадыкпы,
Бааланып, же кемчилик жасадыкпы,
Кең пейил бололучу – жердештерим,
Кетирген, кектешпейли каталыкты.

Болгондур күндөр далай келишпеген,
Болгондур күндөр сөзгө терикпеген.
Тилдешкен тексиз сөздөр айтылгандыр,
Тирешип, жакалашып – Өмүш менен.

Баалашпай баркыбызды жүргөндүрбүз,
Бышыксып, байкер өмүр сүргөндүрбүз.
Таксынып табышмактуу да бирөөнүн,
Таалайсыз тагдырына күлгөндүрбүз.

Бакытты бардык адам ойлойт тура,
Жолуңду бирок жазмыш торгойт тура.
Эзелтен «оомал-төкмөл дүйнө» деген,
Эч качан ойдогудай болбойт тура.

Каталык менден кетсе бул өмүрдө,
Кечирип, тагдырыма күлбөгүлө?!
Кайрылгыс жолго чыгам, калайыгым,
Кар болбой, күндөн-күнгө гүлдөгүлө?
Жан чиркин, колдон качкан шумкар тура,
Өзүңдү зар болоормун бир көрүүгө!..

*04.05.2005-жыл. Терек-Суу.*

## ЧЕЧ-ДӨБӨМ

Чечдөбөм жазда көк жайык,
Чалкаят көркү көз тайып.
Ботосу сымал алпештеп,
Бооруна кысат төш жайып.
Жашартат суусу,
Жүзүңдү жуучу,
Жайлоодон түшкөн кашкайып.

Таңшыса таңда торгою,
Ташытат канды бойдогу.
Албырып сүйкүм багжаят,
Ак сакал Кошой Коргону.
Гүлүңдөй көркөм,
Кулпуруп өссөм,
Жашабас белем миң жолу.

Терек-Суум, айлым кашыңда,
Торолуп өстүм назыңда,
Ат-Башым алтын чөйчөгүм,
Алтындан кымбат ташыңда,
Жабыксаң сыны
Жүрөктү жулуп,
Садага чабам башыңа.

Токою окшош көрпөгө,
Тулаңың келет белчеге.
Ак тайлак сымал ойноттуң,
Атамдай көрөм Чечдөбө.
Турпагың басыш,
Канчалык бакыт,
Кул болуп жүрүп өтсөм ээ!!!

*04.24.2007-жыл.*
*Бишкек.*

## МЕКЕНГЕ

Жаралгам сенден, жаралган каным,
Жасаймын баарын, аткарам баарын,
Оорусаң кошо жүрөгүм ооруйт,
Опол тоо Мекен өзүңдө жаным.

Сагынган кезде көз толот жашка,
Саралтын мага – кумуң да, таш да.
Садага кетем, санаалаш мекен,
Сагынтпайт мени өзүңдөн башка.

Салтанат бу да өзүңдү сүйүш,
Саркаймак – талааң, тоолоруң – күмүш.
Өрүшүң – манат, көралбай калсам,
Өтөөрмүн басып, өлгүчө күйүт.

Ак-Сайың, Арпа, Ат-Башым – чүрөк,
Арашан, дайраң – жуткандай мүрөк,
Өзгөчө мага бүткөнсүң белем,
Өзүңсүң мекен – мендеги жүрөк!

***20.03.2005-жыл.***
***Бишкек.***

## ТИЛЕЙМИН

Экенсиң – жан сүйгөн баламдай,
Экенсиң – сүт берген мамамдай.
Карекке тартылып Терек-Суум,
Караймын мен сени тажабай.

Экенсиң – жан сүйгөн тоомдой,
Экенсиң – жан жүрөк, боордой.
Алтыным, Ат-Башым мазарым,
Тирек бол, жооңо тооңдой?

Экенсиң – атуучу ак таңдай,
Экенсиң – бүтпөгөн дастандай.
Алмамбет жай тапкан Чеч-Дөбөм,
Апачык тура бер асмандай.

Экенсиң – өмүрдүн жалыны,
Экенсиң – канымдын тамыры.
Ага бер Ат-Башым кут дайрам,
Алладан тилеймин багыңы.
Жашоодо колтукташ жүрөлү,
Жалгаймын силерге жанымы!

***08.04.2008-жыл. Бишкек.***

## ТУУГАН ЖЕР

Баскамын оюн, түс, белин,
Балалык күндү издедим.
Бакытым белең тууган жер,
Бал жыттуу сууңу ичкемин.

Оргуган тунук булагың,
Оонасам макмал тулаңың.
Көрүнбөйт көзгө кол тоскон,
Көк кашка минген улагым.

Аскар тоо – атам, белесиң,
Ак сүтүн берген энемсиң.
Мөлтүрөп аккан сууларың,
Мүрөктөн бүткөн белемсиң!

Жалбызың, гүлүң – таалайым,
Жан тартчуу болдум саа дайым.
Жаныңдан бүттүм тууган жер,
Жүрөктү сууруп чабайын!

***16.02.2005-жыл. Бишкек.***

## УЯЛБАЙ КАНТИП ӨЛӨМҮН

Төрөлдүң кайра өлөсүң...
Турпактан бүткөн мөмөсүң.
Өзүнө кайра таштап кет,
Өмүрдүн сен да мөмөсүн.

Элиңе парзды төлөөргө,
Эмгегиң эң чоң өбөлгө.
Уйкуда жүрүп кеткиче,
Убара болуп төрөлбө?!

Жаралып жалган жалганга,
Жан бакты болбо – ал барда.
Жаралып неге калдым – деп,
Жайыңа кетпе арманда.

Өзүңчү, Өмүш дебегин,
Өмүрдү элге беремин.
Каржалган жанга эмгекти,
Калыстык менен бөлөмүн.
Урпакты салып уятка,
Уялбай кантип өлөмүн!?

*01.02.2005-жыл.*
*Бишкек.*

## КИМИҢЕ ЭЛЕМ БЕРЕСЕ

Чидерсиз кол-бут байланып,
Чымындай жанды кайгы алып.
Чиркин ай! Өмүр бaратат,
Чириген этке айланып.

Жаштыгым күйгөн от болуп,
Жалыны өчүп жок болуп.
Табытта жатам тирүүлөй,
Тагдырым соттоп – соттолуп.

Жүрөктөн жашым тамчылап,
Жан дүйнөм жансыз – кансырап.
Капаста калган чымчыктай,
Канатым алсыз – каккылап!

Шып тпктейм нес-мас немече,
Шоолалайт үйдү терезе.
Какшатып, кыйнап жалгыздык,
Канымды сорот кенече.
Кыйнабай алсаң, жанды алчы!
Кимиңе элем берсе!

*01.02.2005-жыл.*
*Бишкек.*

## ТАҢКЫ СЕРЕНАДА

Таң сүрө тынчын алып көчөңүн,
Үн салып келбесе да жөтөлгүм.
Эшигиңдин астынан,
Эшитсин деп жаш улан,
Чакамды кыйчылдатып өтөмүн.

Булакка жолугууга ар дайым,
Барамын бубак басып саамайым.
Аяз жыттап бетимен,
Алча эрдим эзилген,
Ырдаймын сен жөнүндө таалайым.

Келгенче түйшүктөнө беремин,
Самабайм бир өзүңдөн бөлөгүн.
Кыялымда тымызын,
Кыроологон мурутуң,
Кымбатым аста сылап өбөмүн.

Сен менен сергек таңда түгөйүм,
Булакта бакыт тосуп жүрөмүн.
Келсем кейийт апам: «Кап...
Чор байлаптыр чакаңы чак»..
А менин ысып турат жүрөгүм.

## АХ, ТЕРЕЗЕМ, ТЕРЕЗЕМ

Ах, терезем, кичинекей терезем,
Сага сыйып кең дүйнөнүн кучагы.
Сенден гүлдөп, сенден бүрдөп берекем,
Жашап жатат адамдын бир бутагы.

Сезбепмин ээ, кеңдигиңди баштатан,
Капарга албай жалгыз күндөн бөлөгүн.
Жыргалым сен, суум да сен чаңкасам,
Сулуулукту сенден гана көрөмүн.

Ойлобопмун сага күнүм калаарын,
Оору – дарт жок ойноо жигит кезимде.

Бу жашоонун сенден көрөм жамалын,
Бүт жыргалым, бүт сырларым өзүңдө.

Ах, терезем, ах, терезем, кең дүйнөм!
Сен деп билем жашчылыктын шооласын.
Байлыгым сен, бактым да сен, мен сүйгөн,
Бараар жолум... Байлык, боорум! Гүл жазым!

## ЫСЫК-КӨЛ СЕНИН ЫРГАГЫҢ

Дегдеймин көлдү негедир,
Деми окшоп көзгө жан – өмүр.
Ууртагым келет ушунча,
Болсо да туздуу кана бир.
Сууңду жатып балкып бой,
Сүйүүмдү айтсам ак адил,
Камыгам, турат денемде,
Кетпес дарт деген кара кир.
Сууйт окшойт демим бир күнү,
Суна албай жүрүп сага гүл.

Мээримиң самайм күнү-түн,
Өзүңдө күнүм калгандай.
Жашоомун күнүн – бир үзүм,
Жашырып бооруң тургандай.
Эңсетет, эңсөө арбыды,
Үмүттүн сенде бардыгы,
Бүтө элек ырдан окуюн,
Бейишим болуп калдыбы?
Бооруңду аччы, Ысык-Көл,
Болоюн бир пас жан курбу.

Опкуй тартып өзүңө,
Опокшош дешет периге.
Жамалың дартка эм болуп,
Жандоочуң болсом эмине?!
Алыкул шыбаа кылган дейт,
Алсырап турган демине.

Алиге жетпей жүргөн көп,
Айланып сени көрүүгө.
Жат – өзбү дебей баарына,
Жай-кышы демиң серүүн ээ?!

Жышааны болуп өмүрдүн,
Жыбырайт толкун купуя.
Жан болсоң келип күндүр-түн,
Жыгылат элем бутуңа.
Кыйкуулап жаткан ак куулар,
Көз түшөт бирге учууга.
Тагдырым бирок чидерлейт,
Татаалдап улам жибербейт,
Аргасыз көнөм ушуга.

Кара көк тарткан тереңдик,
Кайгымды менден суранат.
Кабатыр болбо дегенсип,
Кучактайт толкун шымалап.
Кусалык – букту кум шимип,
Кучактайт мени жылаңач,
Жаш толуп көзгө кылкылдап,
Жүрөктү жарып ыр чыгат.
Апамдай сүйүп сен турдуң,
Алтымыш тамыр зыркырап.
Кош, Көлүм! Кайтып баратам,
Келгиниң болуп чуркурап!

## КЕРЭЭЗ

Келет өлүм, келет жандын тынганы,
Күз болсо эгер, көрсөң кайткан турнаны.
Көз жашымды канатына сүрткүлө,
Чөлгө сепсин, сөксөөл ичсин кумдагы.

Келет кезек, бир күнү өчөт үн дагы,
Жаз болсо эгер, куштан уксаң муңдануу.
Ыр, күлкүмдү булбулдарга бергиле,
Сайрап берсин, гүлүн ачсын гүл багы.

Толуп турган жайда эгер жумсам көз,
Кабар жетсин, булуттарга куштан тез.
Күн-түн айтат баянымды шыбыргак,
Кураныммды – бороон үнүн уксаң сез?!

Жаза тайып сапар тартсам чилдеде,
«Катаал күндө өлөт, каат» деп тилдебе?!
Тоңуп калсын кайгы-муңум бүт калбай,
Ый болбосун деген оюм – дүйнөдө.

## КАЙГЫМ УШУЛ

Алайын деп алтыныңа озунбайм,
Агабы деп алтыныңдан чочубайм.
Кирпик какпай санаа тарткан түндөрдөй,
Кейип ырым калабы деп, чочулайм.

Өлөмүн деп, өлүмдөн да коркподум,
Өмүр бою оору менин ортогум.
Ошо мендей көргө буту салаңдап,
Өтөбү деп ырларымдан коркомун.

Белим оору, мине албадым ат тандап,
Бутум оору, жүрө албадым кыз жандап.
Кайгым ушу – көздөн жашы бурчактап,
Калабы деп ырым мендей аксаңдап.

Макул көрүп жазылганын маңдайга,
Мен жашадым ар кайсы үйдө, ар жайда.
Сен ырларым шыпты тиктеп жап-жалгыз,
Сыздап ичтен, күлүп сырттан, саргайба?!

Мен жашадым ырым өзүң бел болуп,
Мүрүсүнө калкалады эл коруп.
Адамдардын арасында жүрө көр,
Алты саның мендей калбай кем болуп?!

## БУЙРУГУ ЖАЗГАН ЧЕКЕҢЕ

Кой бактым тоодо чой-чойлоп,
Көк шибер оттоп, кой тойлоп.
Жыртык тон, таман кесилип,
Жыңайлак жүрдүм чолтоңдоп.
Баштаанак эле каречки,
Баш бербей, качкан койкоңдоп.

Кайтардым козу, улакты,
Кырларга жайып шыбактуу.
Куурулуп жайкы чилдеде,
Кийгемин эски тумакты.
Өчөшүп, котур кашынтып,
Өткөрдүм бала куракты.

Тилинип балтыр канталап,
Дүмүрдү каздым балталап.
Боздодум, жедим таякты,
Калган жок эч ким калкалап.
Ач болдум, жайып алакан,
Айылды жорттум самсаалап.

Эчкини эмдим какшыта,
Кодура тердим баштыкка.
Кийизди жаттым оронуп,
Көк кандек жаткан капшытта.
Аргайда жүрдүм суранып,
Агуруп, ыйлап бакшыча...

Күн өттү, эптеп жетилип,
Көргөнүм түштөй сезилип...
Боз туйгун болуп келаттым,
Боорума басып кекилик.
Болоттой анан чорт сындым,
Боздотуп мизи кетилип!...

Боору таш жазмыш экен ээ!
Буйрук бул – жазган чекеңе.
Туу булгап дале чакырам,
Тагдырды кел – деп, жекеге!

*23.03.2008-жыл. Бишкек.*

*Турмушту коруп жаздым, уңуп жаздым,*
*Тоолорго, жерге тизе бугуп жаздым.*
*Алкынган тулпар минбей, дуулап кулбой,*
*Аксандап кош таякчан журуп жаздым.*

## ОКУП КОЙ

Турмушту көрүп жаздым, үңүп жаздым,
Тоолорго, жерге тизе бүгүп жаздым.
Алкынган тулпар минбей, дуулап күлбөй,
Аксаңдап кош таякчан жүрүп жаздым.

Олтуруп досторумдун канатына,
Ой издеп жүрдүм тоонун арасында.
Ылымта издеп барсам аскаларга,
Ыр берди, ыйманыма кылып шыбаа.

Журтумдун түнөп жүрдүм жүрөгүндө,
Жол таптым, жолоочулап жүрө-жүрө.
Суу бурдум уюткулуу ак мөңгүдөн,
Сезимде себе турган үрөнүмө.

Калкымдан каран түндү жашырбадым,
Кайгынын эркин менен ташын жардым.
Биринчи ыр жазганда олтурганмын,
Түбүндө бүчүр жарган жаш ыргайдын.

Ойлорду элден алдым, эл казынам,
Эрк болсо аттабайт шор эр башынан.
Окуп кой, сүйкүм пери, сындуу жигит,
Оор эмгек онтоп жүрүп мен ташыган.

## ӨЛБӨСТҮККӨ ЖАРАЛГАН АДАМ

*(Кыргыздын айкөл уулу Чыңгыз Айтматовго)*

Бакыт карап, бизди кызыр жалгаган,
Айкөлдүктү ата-бабам арнаган.
Абалтадан улуу кыргыз тукуму,
Уюткулуу, уучу куру калбаган,
Өрнөктүү эл – өлгөн сайын өөрчүгөн,
Өзгөчө бир касиет бар жандаган.

Көз көрбөгөн бир күч колдоп төбөдөн,
Көсөм элим бирин-бири жөлөгөн,
Алпы кетсе куру койбой бешигин,
Андан ашкан алпты кайра бөлөгөн,
Алтын олпок айланайын энелер,
Ата Журтка алп кара куш төрөгөн!

Улуу элим, ыйык салтың, жөрөлгөң,
Акыл менен өсүп-өнүп көгөргөн.
Ай-ааламдын көз жетпеген түпкүрүн,
Бир алмадай асыл башка чөгөргөн,
Аруулуктун, айкөлдүктүн символу,
Ар бир кыргыз Манас болуп төрөлгөн!

Бул жашоодо парз экен го бүтөөр күн,
Бир убакта буттан тайыйт үзөңгүң,
Ырыскыны жалгыз адам жаратпайт,
Учук улайт ынтымакта – күчү элдин,
Уюткубуз кыргыз барда түгөнбөйт,
Улуу урпак улам келет ишенгин!..

Чени менен чиет даңкты жараткан,
Алтын сарай кургандар бар таланттан,
Адам өткөн мүңкүрөтүп дүйнөнү,
Башты кесип, кылычынан кан аккан.
Кыргыз уулу – Чыңгыз уулу кыргыздын,
Калемине алп Жер шарын караткан!

Турмуш өзү, жашоо өзү даанышман,
Адам өткөн тилдеринен чаң учкан,
Алты саны соолор өткөн дүңгүрөп,
Ата Журтка арылбаган карыздан,
Биздин Чыңгыз калайыгын дүйнөнүн,
Калеминин зери менен багынткан.

Гүл өскөндөй чөлгө жамгыр жааганда,
Күндөй тийди гүлгө чанак жарганга,
Жанар тоосу жыйырманчы кылымдын,
Өчпөй турат адабият ааламда,
Ойдун Чыңгыз опол тоосун тургузду,
Ойрондобос, ураталгыс шаалар да.

Кайран өмүр ушунчалык аз беле?!
Асылдарга ажал мынча кас неге?
Туу көтөрүп жашай берет жакшылар,
Туйгун өлбөйт, түбөлүккө «кош!» дебе,
Оодарылбас, чайпалбаган Чыкебиз,
Океанда сүзүп жүргөн «Ак кеме».

Ооба, Чыке! Өрнөк өмүр тургуздуң,
Ырдап бүткүс казалысың турмуштун,
Ата Журтуң ким деп менден сураса,
Кыргызымын деп айтамын Чыңгыздын.
Ою менен бүт ааламга көз салаар,
Түбөлүктүү дүрбүсүсүң кыргыздын!

Сыймыгыбыз, сыйыбызсың – сыйлаарга,
Сабы сенсиң, кармай турган туу барда.
Өлдү дешет экиленген немелер,
Жарык жүзүң Күндөн түшкөн нурдан да.
Өлгөн жоксуң, өлбөйсүң сен эч качан,
Кыргыз элиң кыргыз болуп турганда!

Бүтпөйт сенин жашоо үчүн күрөшүң,
Таасир берет табияттай мүнөзүң,
Акыл-эстин маягысың ар качан,
Арабызда багыт берип жүрөсүң.

Мезгил узап, сен жашарып уламдан,
Манас менен бирге өмүр сүрөсүң.

Доорду жаздың канкор желдет сураган,
Доорду жаздың маңкурттуктан ураган.
Жульеттасын, жаздың сүйүү Данкосун,
Жүрөгүнөн сүйүү деми булаган.
Өлбөс-өчпөс ашыктыктын шамына.
Өзүң болдуң өмүр жибин улаган.

Ордун тапты опол тоодой салмагың,
Окурмандын жүрөгүндө кан-жаның.
Төгөрөктүн төрт бурчунан үн салып,
Чыңгызовбуз деп ырдашат балдарың.
Кызгалдактай гүлдөй берет дайыма,
«Кызыл алма», «Кызыл жоолук жалжалың...»

Жаактуудан жан жетпеген чечинсиң,
Жайы-кышы бөксөрбөгөн өзөнсүң.
Не бир асыл – келээр-кетээр, жок болоор,
Сен көктөмдөп, мезгил артып өсөөрсүң,
Сени мактаар, не бир булбул тил жеткис,
Кол жетпеген, ой жетпеген көсөмсүң!

Элестериң эске түшөт көп ирээт,
Түпкү тегим Түрк атадай көрүнөт.
Ак калпакты кийип турган элесиң,
Ала-Тоодо аткан таңдай сөгүлөт.
Кубат кетип, кургап турган дүйнөгө,
Сенин нуруң Күн сыяктуу төгүлөт.

Дулдулсуң сен дүбүрт салган жаңылап,
Доор турат сенден өзүн дарылап.
Салттан тайбас «Саманчынын жолусуң»,
Заманага багыт берген ар убак.
Хандар өтөөр, калк картаяр а бирок,
Сенин доошуң зымыр куштай жаңырат.

* * *

Сен элең – ой сулуусу, ойдун назы,
Сен элең – ойдун гүлү, ойдун жазы,
Сен элең – асыл мончок, ыйык тумар,
Сан кылым адамдардын мойнундагы.
Өзгөчө көз тийдиби, аттиң дүйнө,
Көзү ачык ойдун элең олуясы.

Сагынат ай-ааламдын түркүн эли,
Сагынат адам сымал – түлкү, бөрү.
Саябан көлөкөлөөр чынар элең,
Нур элең балбал жанган түпкүрдөгү,
Саматып, сагындырып ыйлатаарсың,
Саргайтып – Шекериңди, Күркүрөөңдү!

Өлгөндөр өмүр улап келбейт тура,
Өлбөстү кудай дагы бербейт тура.
Асылга ажал дайым кылтак коюп,
Акмакты анын көзү көрбөйт тура.
Мүрөктү ичсең деле даңкың калбайт,
Мурасын сактай турган эл дейт тура!

Олтурам орчунуна муюп кептин,
Оор экен даңк деген да куруп кетсин!
Көп көзгө көзүктүңбү билбей турам,
Жок дешип бир Чыкеңден ыйык эч ким,
Агылып Ала-Тоодон дайра болуп,
Агатай океанга куюп кеттиң!

Курушкан хан-султандар алтын ордо,
Ураган, ал таланып – болгон олжо.
Азабын акылынын далай тартып,
Олтурган нечен чечен, акын орго,
Урагыс, урунса да моюбаган,
Агатай, куруп кеттиң акыл ордо.

Дүйнөнүн түбү тешик – качан толгон?
Ким чыккан – арман-санаа, жайган тордон.

Сыпайы, сыр билгизбей жүрүп өттү,
Зынданга бугун салып кайран ойрон!
Чыгарбай, чым астына ала кетти,
Чыңгызда чыңгызчалык арман болгон!

Адам болот – дөөтү, дөөлөт жандаган,
Адам болот – алтын балык кармаган.
Адам болот – өмүр жашын өрнөгүн,
Адамдардын бактысына арнаган,
Алла-Таала бир кыраанды Чыңгыздай,
Адамзатка берээр бекен кайрадан?!

***12.06.2008-жыл.***

## ЖОЛДОШБАЙ ДОСУМА

Кара нанды кыйын күндө бөлүшкөн,
Каргашада качып кетпей өбүшкөн,
Кайран досум сени дагы алды ээң!
Кайрымы жок, кара жолтой көрүстөн.

Тамчы сууну – тамшанышып бөлө ичкен,
Ыйлап тосуп, учурларда көрүшкөн.
Ыйык досум сени дагы алды ээ,
Ыйманы жок, ырайы жок көрүстөн.

Таң атканча сыр алышып каткырып,
Тигинден да согоор элек, мас кылып.
Айкалыштык ата менен баладай,
Асыл досту ажал кетти азгырып.

Адам эле акыл-эси келишкен,
Акын  эле ою терең деңизден.
Бүркүт эле кабаарбаган кайраттуу,
Тартынбаган тоону жара тебиштен,
Алып тындың бир ааламын адамдын,
Аябадың айкөлдөрдү көрүстөн!

***04.05.2005-жыл.   Терек-Суу.***

## АЛП КАРА КУШ,
## ТОО КЕЛБЕТИ – ЫРЫҢДА

*(Акын Эсенгул Ибраевге)*

Тоону кантип дөбө дейбиз чынында,
Алп кара куш теңелеби, чымынга!?.
Ай, кой – дебе, айгине да Эсеке,
Алп кара куш, тоо келбети ырыңда.

Ким теңесин таранчыны булбулга,
Ким теңесин – чобурларды – Дулдулга?!.
Ырың – Дулдул, ырың – булбул Эсеке,
Кыргызыңдын жыты урунат мурунга.

Терип гүлүн, таза жуткан абасын,
Тегиң – кыргыз, Теңир тоолук баласың.
Аңда Нарын жалгыз эле агуучу,
Экөө болуп эми бирге агасың.

Аруу оюм, айтаар сөзүм курбулук,
Ата деген элге берет туудуруп.
Атың өчпөй акыр заман болгуча,
Айкөл кыргыз алсын эми кул кылып!

Басып койдуң поэзия туу кырын,
Бир кезекте чымчык элең суу мурун.
Элиң эми боз торгоюм – деп, турат,
Элиң эми айтат сени – булбулум!!!

Сенден алат – укум, тукум өрнөгүн,
Калыстыктан кар болгонду көрбөдүм.
Даанышмансың, түшүнөсүң Эсеке,
Дежур акын деле боло көрбөгүн?!

Жеринен сак, жеринен так мүнөзүң,
Жети өлчөп, бир кескенди билесиң.

Оңду-оң деп, солду-сол деп турасың,
Ошон үчүн жер көтөрүп жүрөсүң.
Күлүк болдуң сууту канган Эсеке,
Кыргыз менен бирге өмүр сүрөсүң!..

*03.05.2003-жыл.*
*Терек-Суу.*

## КУРБУМ КЕНЕНБАЙ УУЛУ ДҮЙШӨНАЛЫГА

Сыпаа сүйлөп, сылык сүйлөп көңүлдөн,
Чолпон эле көк асманда көрүнгөн.
Адам деген бир ажайып дүйнөнү,
Ажал чиркин ажыратты өмүрдөн.

Кыз кыялдуу, ыр булагын чөмүргөн,
Келатканда тоодой болуп көрүнгөн,
Адам деген алпын айкөл дүйнөнүн,
Ажал чиркин ажыратты өмүрдөн.

Сүйлөшкөндө түрө билген сырыңды,
Сыйлай билген, уга билген муңуңду,
Алып кетти арабыздан сыздатып,
Адам деген бүтүндөй бир кылымды.

Кош бол, курбум! Коштошо албай турамын,
Кургап калды бүтүндөй бир булагым.
Топурагың торко болсун, тынч укта,
Тоом элең таяп турган ынагым!

*04.05.2005-жыл.*
*Терек-Суу.*

## ӨМҮРАКУН УУЛУ МУХТАРГА

Шумкардан шумкар туулат эли үчүн,
Байыртан алып көргөн эли күчүн.
Журтунун ак батасын алган болсо,
Жигитке актаганы эне сүтүн.

Туу тутуп элден алган жөрөлгөнү,
Адамдын тоосу болсо жөлөнгөнү.
Алланын ак жолуна таазим кылса,
Атадан арстандын төрөлгөнү.

Элимде мындай кеп бар Мухтар иним:
«Оорсуп көргөн эмес тулпар жүгүн».
Анан да абалтадан минтип айткан,
«Кор кармап көнгөн эмес Султан сөөгүн!»

Даанышман адам билет адам баркын!
Даттабай таза сүргөн өмүр алтын.
Атадан артык уулду алла берген,
Баарынан бактылуу экен Өмүракун!

***02.02.2010-жыл.***

## КОШ ЧЫНАР

Боорумсуң, башкача бүтүпсүң,
Бойтойгон – Замишим, Күкүшүм.
Иримдеп, көйкөлгөн көлүмсүң,
Изимди улоочу изимсиң.

Өбөгүм – Замике, Күкүшүм!
Өзгөчө жаралган кишимсиң.
Бактыма жаралган гүлбакчам,
Байыркы, бүгүнкү Мисирсиң!

Дарыям, бүтпөгөн агымсың,
Таптаттуу таңдайда балымсың.

Өргөөмүн очогу – жалынсың,
Өмүрдү улоочу жанымсың!

Бириң – Аккуу, а бириң деңизсиң,
Бириң – шер, экинчиң перимсиң.
Бириң от, экинчиң коломто,
Бүтпөгөн поэма – эгизсиң!

Мөмөсү гүлдөгөн шагымсың,
Жүрөктө айланган канымсың.
Жанаша тигилген кош чынар,
Ордумду басуучу – замымсың!!

***30.03.2004-жыл.***
***Бишкек.***

## КЫЗЫМ ГҮЛМИРАГА

*(Керээз)*

Муңдуу үн, мунканып ыйлаба?
Ыйга жууп сөөгүмү кыйнаба?
Муздак көр, ыйыңа жылыбайт,
А көрө эстей жүр кыйлага.

Асылым, өтө сен жашыксың,
Адамды чүнчүтөт ашык муң.
Армандуу өмүрдү жомоктоп,
А көрө укканды жашыткын.

Баш бербей, ийменбей өлүмдөн,
Бир белги калса деп, өмүрдөн,
Шак болуп калсам ээ дечүү де,
Ширелүү, мөмөсү төгүлгөн.

Суу берсе суу дебей жутканды,
Уу берсе уу дебей жутканды,

Баарына басынбай чыдаган,
Бар эле эрки де укканды.

Дос кылган, доо койбой душманды,
Дөө, шааны сөз менен жыкканды,
Ынандыр, эл журтка айт кызым,
Ызамды ыр менен утканды.

Таарынбай жазмыштын жаалына,
Тил катпай жашоонун каарына.
Турмуштун гүлүнөн бал соруп,
Теңелем дечүү де аарыга...

Бак бер – деп, дубадан кетемин,
Басмырды будалап кетемин.
Баландай ырымды асыра,
Байлыкты ыроолоп кетемин.
Аңкатпай, какшыбай турсун деп,
Арык чаап суу сала кетемин!

## АЙТЫШ КЕЛИНИМЕ

*(Керээз)*

Мен өлөйүн, жайбы, жазбы, кышында,
Жыпжыланач, ажал жеткен учурда.
Катыны жок карып жанга окшотпой,
Этегимди жаап койгун ушунда.

Мен өлөмүн, карып болуп өлөмүн,
Сага Айты эскертейин дегеним.
Кайран киши эң боорукер десең де,
Эрк-кайраттан тайып өттү дебегин.

Сөөгүм жашып, калдым окшойт өлгөнү,
Бала күндөн мен көрбөдүм эмнени?!.
«Эл оозунда элек жок» дейт мейли де,
«Адам эле атам!..» деп кой сен мени.

Келин болдуң, кыз кезинде секелек,
Ата болдум, эне болдум бөпөлөп.
Ыдыратпай бир держава курдук го,
Ыйлап-сыктап ынтымакта экөөлөп.

Унутпаймын баары турат эсимде,
Айтылгандыр ачуу сөздөр кезинде.
Өттү баары өчөшүү да, элдешүү,
Өзүң билгин, кечиргин же кечирбе?
Анда-санда куран гана окуп кой,
Ардактасаң акын атаң – жесирге!

***31.08.2007-жыл.***
***Терек-Суу айылы.***

## ЖАН БОЛСО БЕРЕМ АЛААРЫ

Арзыйсың десем – кең аалам.
Арзыйсың, сенсиң Көл – балам!
Асылдан бүттүң – асылым,
Атакең – мекен, Державаң!

Абайлап уккун асылым!
Азайды – жашым, акылым.
Мурасты сактап калуучу,
Өзүңсүң жалгыз жакыным.

Сүйлөшөт эле ким менен,
Суусасам суумсуң сен деген.
Океан болсоң сен кызым,
Ошондо сүзөөр мен кемең!

Жашырып эмне жараны...
Баруучу жай бар, баралы!
Ким деген миңге чыгыптыр,
Күл-турпак болот адамы,
Жакында кетем Күкүбай,
Жан болсо, берем алаары!..

## БӨЙТӨГӨЙҮМ

Ырысым, Лира кызым бөйтөгөйүм,
Ынагым, быйтыңдаган тепкедейим.
Кытылдап, баржалаңдап күлүп койчу,
Күлкүңдөн ыр терейин, гүл терейин.

Келчи эми, өмүр талым кичинекей,
Кедеңдеп, былдырабай, ичимди эзбей.
Өмүрүң күлгөн бойдон өтөт сенин,
Өксүтүп, ырысымды согуш кеспей.

Келегой, келечектин ак тилеги,
Көтөрүп куурчагыңды басчы бери.
Атаңа өнөрүңдү бир көрсөтчү,
Адамдын кирдей элек ак жибеги.

Айтагой, таңшыгыңды боз торгоюм,
Алагой, ак батамды кош колдоюн.
Сен келген биздин заман, асыл заман,
Сербеңдеп бакчаңа бар ак жолтоюм.

Келчи эми, кичинекей күнүм менин,
Кардың ток, куттуу мекен күлүңдөгөн.
Мекендин жүрөгүндө согуп тургун,
Мезгилдин арымынан кемибегин.

## ЖАНДАЙ КУРБУМ

*(Класстaшым Сартбай уулу Макешке)*

Жандай курбум, класстaшым, Макешим,
Жакырлыктын бирге көрдүк чекесин.
Түндөп, күндөп нан сурадык ээрчишип,
Түнөк кылып ээн тамдын кепесин.

Карды кечип жылаңайлак бут менен,
Күндөр болду кышта арпа издеген.

Ойноп-күлбөй таңдан саман сапырдык,
Ошол турмуш кетсе болду – биз менен!

Небак чирип, өлгөн малдын этин жеп,
Өмүр сүрдүк, жанды сабап-текилдеп.
Ошол күндү, ошондогу тагдырды,
Оозго албай, коёлучу кепиндеп.

Айсыз түндө тербедикпи кодура,
Ачарчылык минип, түшпөй жонума.
Сүт тикен жеп, кемирчек жеп жашадык,
Балалыктын малындык го шоруна.

Ууру кылдык, уурдап эмдик эчкини,
Үшүгөндө көмкөрүндүк тепшини.
Өрдөк жокто, бий болушкан чулдуктан,
Өксөп, боздоп далай жедик тепкини.
«Байкуш жетим!..» деген сөздүн туткуну,
Болбосо экен балабыздын эч кими?!.

***19.04.2003-жыл.***
***Терек-Суу.***

## ЭСТЕЧИ

*(Класстaшым Ысак уулу Касаалыга)*

Эсиңдедир, о Касаалы эстечи,
Шыргалаң муз, интернаттын кесмеси.
Ичпедикпи, ачкалыктын айынан,
Кемирип жеп, тоңуп калган бөлкөсү.

Дайра кечип, кыш чилдеде жыңайлак,
Көтөрүшүп, мүдүрүлүп, кудайлап.
Үч жыл бою Карасуудан окудук,
Тоң таш басып, тоңуп, үшүп, суу байлап.

Болбосо да мүнөзүбүз беш колдой,
Ортобузда «сен, мен!..» деген сөз болбой.

Кучакташып, барып келип, окудук,
Кудай таалам тандап бизди кошкондой.

Жарты нанды бөлүп жедик барыбыз,
Жетөөбүздүн бирге болчу жаныбыз.
Ооругандын бөлүп алсак сыркоосун,
Ойноп кетчүү ооруксунбай аныбыз.

Балалыктан тилдешкен да күн болду,
Бирок осол урунбадык кир колду.
Айланчыктап, анык багыт алгыча,
Адамзада басат окшойт миң жолду,
Акыйкатчыл мезгил кадак Касаалым,
Ак, карабы жашап койдук бул доорду!

*27.04.2003-жыл.*
*Терек-Суу.*

## УШУЛ АЙЫМ

*(Клара Ажыбек кызына)*

***«...Бийликке, мансапка, байлыкка сатылган адам – өз кыгын өзү жегенге барабар!..»***

***Акылмандардын сөзүнөн.***

Баш кессе да тайбаган калысынан,
Тил кессе да жазбаган багытынан.
Атбашынын бул айым – Теңир тоосу,
Адамдыгы бипбийик барысынан!

Кара кылды как жарган адилетчи,
Каныкейден кем эмес касиети.
Асылдыгы артыкча – ушул айым,
Аялзаттын баатыры – Азирети!

Бир тайбаган күрөшү – жарышынан,
Беришпеген эч кимге намысынан.

Кыргыз кызы – бул айым, кыргыз туусу,
Күн-чолпондой көктөгү жанып турган.

Күн тийгендин – күкүгү, корозу эмес,
Күүсүн черткен бектердин чоросу эмес.
Туткан багыт, байрагын бийик кармайт,
Тирүүлүккө жөн келген жолоочу эмес.

Умтулбаган, бийликке – сатылбаган,
Баласындай максатын асыраган.
Эки жүздүү эркектен – сансыз артык,
Жан бергенден эл үчүн тартынбаган.
Жөнөкөй бир коммунист ушул айым,
Жүзү жарык, эркке бек, асыл адам!..

***18.02.2005-жыл.***
***Бишкек.***

## АЯШ УУЛУМ КАЧКАНАККА

Дос күттүм, анда жалган жок,
Досторум барда арман жок.
Ойнодук, күлдүк... оорусам,
Ошонун бири калган жок.

Досторум эле жетиштүү,
Дарбашып, жырткан эшикти.
Бак тайып, ооруп калганда,
Баарысы таштап кетишти.

Кургатпай аттын тезегин,
Катташып жүргөн экемин!
Досторум каштa турганда,
«Ээсимин – дедим Мекенин!..»

* * *

Башыңдан эгер тайса бак,
Бергенин баары кайта алат.

Башкадан бөтөн бүтүпсүң,
Достукка бек бол Качканак.

Бакытың тайса так калат,
Баш дагы жерди жазданат...
Жакшы дос, жан дос – досунун,
Канаты болот Качканак.

Көппөгүн – койсо бак карап,
Чөкпөгүн  кокус тайса бак.
Замирбектей дос күткүн,
Бир келген жанга Качканак.

Досчулук болсо өзүңдөй,
Өтөт го өмүр өкүнбөй.
Бактылуу жанга досчулук,
Бир баштын эки көзүндөй.

Жаралбайт достук кокус бу,
Жалганы жаман чочутту.
Мендеги жалгыз жүрөгүм,
Жарымы анын досумку!!!

***19.01.2004-жыл.***
***Бишкек.***

## ЫРЫС АЛДЫ – ЫНТЫМАК

*(Токтогулдук Абылга арноо)*

Дос да болот – доолашканды билбеген,
Дос да болот – кирдеп турсаң тилдеген.
Мансап кууба, байлык кууба, ой жору,
«Дос болдум – деп, суроо койгун – ким менен?!.»

«Мен киммин?!.» деп, жолуккан бир пендеден,
Сурайт имиш, сылаңкороз бир берен.

– Сен жөнүндө айтып берем дептир – ал,
«Айтып берсең сенин досуң – ким деген?!»

Туюп турам, туура түшүн Абылым,
Токтогулга тоодой окшойт кадырың.
Өскөн сайын чар чынарлар ийилет,
Өскөн сайын – терең байлайт тамырын.

Туулат адам, жашоо берет мыктыны,
Бирок пенде тагдырынын туткуну.
Атаганат берсе гана жараткан,
Өзүңдөйдү жан дүйнөсү супсулуу!

Аман болсун, жалгыз уулуң Нурзамат,
Айкын жолун – ата куштап, куш табат.
Эңсегенге жетпейт, калат учалбай,
Эгер анда болбой калса бир канат.

Аял үйгө – алтын очок уюткан,
Аял үйгө – алтын казык тургузган.
Ал казыкка ат байлаачу Абылым,
Ал очоктун – алтын куту – Ырыскан.
Итиң чөп жеп, уул кыздын туусу бол,
«Ырыс алды – ынтымак» дейт, даанышман!..

***18.07.2003-жыл.***
***Бишкек.***

## МУРАС КӨП

*(Медер жээн неберемдин өкүл атасы Туратбекке)*

Туулушу мүмкүн бала,
Түйшүгү анын он балаа.
Балалык атка татыктуу,
Бар чыгаар балким бир бала!..

Атадан туулат жакшы да,
Атадан туулат бакшы да.

Атаны даңктап жакшысы,
Мингизет алтын тактыга!

Атадан туулат жакшы да!..
Атадан туулат ашкул да.
Жакшысы – тондун жакасы,
Жаманы түрткү – запкыңа!

Атадан туулат арстан,
Карга да туулат чар учкан,
Каргасы кордоп атасын,
Арстаны кылат даанышман.

Асырап алтын тагыңды,
Аялзат ачат багыңды.
Кызылын гүлдүн тандапсың,
Кут кылсын Гуля жарыңды.

Асыл жар турса буралган,
Ай-Күнгө тете өңү андан.
Бурукшуп турса жармасы,
Бир жуткан жанда не арман.

Туумду тутуп турат деп,
Түгөнбөй турган мурас – деп.
Тоо мүнөз кылып атакең,
Төрөткөн экен Туратбек!
Тоюңа сунам ыр десте,
Таарына көрбө, бул аз – деп!

***02.03.2005-жыл.***
***Бишкек.***

## НЕБЕРЕ ЖЭЭНИМ МЕДЕРГЕ

Кулунум, жээним Медерим,
Кудайым берген белегим.
Адамдык милдет абдан оор,
Акылга калчап ченегин.

Ата-Журт үчүн жашасаң,
Актаарсың сүтүн энеңин.

Ырысым, уулум Медерим,
Курчанган алтын кемерим.
Уулу деп артык атанын,
Ыроолой эле беремин.
Таажысын кийип ажонун,
Тагыңан түшпө эгерим.

Аталык  айтам сынымды,
Азыраак көтөр  мурунду.
Опол тоо куруп жатсаң да,
Ой-тоого болбо урунду.
Жетиксең дулдул болосуң,
Желеден сындайт кулунду.

Жети атаң кыргыз эл айтат,
«Жети өлчөп бир кес!» деп айтат,
Кыргыздын жыгыл бутуна,
Кетсе да даңкың жер жайпап.
Алсызды куштап асырап,
Айкөлдүк кылат шер байкап.

Дулдулдан дулдул туулган,
Туягы ташка урулган.
Шумкардан шумкар төрөлүп,
Талпынган шаңшып туурдан.
Ырыстуу ата-энелер,
Ырахат алат уулдан.

Жыргалым, жээним Медерим,
Жарымы жүрөк денемин.
Ордосу акыл намыстын,
Деңизден ою тереңим!
Хан болгон күнү чакыргын,
Көрүмдөн туруп келемин.
Ал болсун таятаңа,
Ардактап берген белегиң!

## НЕБЕРЕ УУЛУМ ШАМИЛГЕ

Ардактуу уулум Шамилим,
Ала-Тоом, улуу Памирим.
Көргөндө көздү тайгылткан,
Көйкөлгөн көлүм көк ирим.
Көч башы болуп жүрөгөр,
Көтөрүп туусун элиңин.

Каралдым, Шамил ардагым,
Колтуктап таяр балдагым!
Өмүрдүн жолун улачуу,
Өзүңсүң тукум, кан, жаным,
Ыйманга ырыс жиретсең,
Ыраазы болот арбагым.

Шай келбес ишке жулунба,
Шаңшысын шумкар тууруңда.
Күү болуп таңшып угулсун,
Кылымдан үнүң кылымга.
Туйгундан туйгун төрөлүп,
Тукумуң жетсин туу, кырга.

## АСЫЛ ДЕП АЙТАТ АСЫЛДЫ

*(Жээн неберем Гүлнуруна)*

Жандыктын жаны – Күн нуру,
Жандыктын каны – Күн нуру.
Жарыгың жанга – Күн болсун,
Жароокер кызым – Гүлнуру?!

Асыл деп айтат асылды,
Алтынга теңейм затыңды.
Ажайып гүлдүн нуру деп,
Атакең койгон атыңды.

Суйкайып Күндөн нур алган,
Сулуусуң андан суналган,

Албырып тур – деп, апакең,
Ак сүтү менен сугарган.

Артыгын берсе өмүрдүн,
Аккуусу сенсиң – көлүңдүн.
Аккуусу болуп өс кызым,
Ата журт – кыргыз элиңдин.

Ой сырын өлчөп таразам,
Олтурам байкап баятан.
Оюңдун узак учу бар,
Оодарып, тескеп карасам.
Бир тутам ырдан – гүл курап,
Белекке берет таятаң!..

*13.07.2003-жыл.*
***Бишкек.***

## КУДАЧА КЫЗ ГҮЛНАРА

Күнү бар – кыштын татына,
Күнү бар – күзү, жазы да.
Эсиңде болсун адамдын,
Эмнелер келбейт кашына.

Кышына – үшүп тоңоорсуп,
Ширесин гүлдүн сороорсуң!..
Түбөлүк бакыт деген жок,
Түйшүктүү жолдо болоорсуң.

Күн чыгат, батса кайрадан,
Гүл чыгат соолсо,  жайнаган.
«Адашпай жүр – деп, өмүрдү,
Адам жок таңып, байлаган.

Жай алаар, шашпа, наз жаның,
Жүрөктүн куштап тапканын.

Ырымдан башка өзүңө,
Ыңгайлуу букет таппадым.

Бакытка билем, таңзыксың...
Канаты сымак бак куштун...
Жүрөгүн муздак – түшүнөм,
Жигерин көрбөй жаштыктын.
Кулпусу бир күн ачылаар,
Жүрөккө каткан ачкычтын!..

***20.02.2005-жыл.***
***Бишкек.***

## МЕН ООРУЮН КЫЗЫМ ДЕЛЕ ООРУБА

*(Неберем Айжаркынга)*

Бүгүн көрдүң кызым жарык дүйнөнү,
Жанып тургун жалын болуп күйгөнү.
Ала-Тоодон агып жаткан дайра бол,
Асмандагы Күнүм болгун тийгени.

Бу дүйнөгө ыйлап түштүң ыңаалап.
Ырыс-кешик ак эмгектен куралат...
Таалыкпаган жолоочу бол, таалай тап,
Улуу жолдун – улуусу бол, кубалап.

Бу жашоонун багытында түрү бар,
Бири күлкү, бири арсар, бири кар.
Узак өмүр, улуулук бар – эмгекте,
Эмгегиңдин даамы – ширин, шимип ал.

Бактым, кызым – анан дагы айтаарым –
Бутка урунган таштан сак бол, байкагын.
Кудай таалам көөдөнүңө көз берсин.
Турмуш – кумар, оюнундай картанын.

Мен ал кезде жумуп кетсем көзүмдү,
Колдоп жатам арбагымда өзүңдү.
Атасынын анык кызы деттирип,
Азап-муңдан алып койгун өчүмдү.

Басып жүрүп чоңойткомун боорума,
Мен ооруюн кызым такыр ооруба.
Очогуңа кут түшсүн деп тиледим,
Ошол кудай, ошондогу too мына!

***27.04.2003-жыл.***
***Терек-Суу.***

## АТАДАН АРТЫК УУЛ БОЛ

*(Жээн неберем Алишерге)*

Тургузган тууну ураган,
Тукумун элдин кураган.
Айкөлү болгун кыргыздын,
Алишер сенден суранам.

Өрт болуп, мыкты жашаган,
Өрнөк ал уулум атадан.
Өнөрүң артып баратса,
Озуп кет калбай атаңан.

Ырыска толгон кемегең,
Ылайым жалгап сени Эгем,
Алагөр уулум таалимди,
Асылзат Күкүш энеңен.

Кас кылып албай кешпирди,
Кар көрбөй деле эч кимди.
Бак консо уулум унутпа,
Баягы эски тепшиңди.

«Тулпар – дейт, чуркайт тушунда!..»
Тутка бол уулум тукумга,

Улгайгыс элге эмгек кыл,
Улуулук сыры ушунда.

Түндүктөн түтүн булаган,
Тукумга тукум улаган.
Атадан артык уул бол,
Алишер сенден суранам!?.

*18.07.2003-жыл. Бишкек.*

## ТУУМ БОЛООР БЕКЕНСИҢ

*(Чөбөрөм Дианага)*

Олдо кызым, тентегим,
Оюнчугуң мен сенин.
Элжиретет жүрөктү,
Эптеп айткан кептериң.

Келип алып жаныма,
Кеп сүйлөйсүң бабыра.
«Туй, жегин» – деп, турасың,
Тузду чылап наныңа.

Куурчагыңды – өбүш – деп,
Келе мага бериш – деп,
Алып мага келесиң,
Атаке «ме эмиз» – деп.

Улам таптап каткырып,
Уктатасың жаткырып.
«Азый бөлөп койдум» – дейт
Атакемди мас кылып.

Быйтыңдаган секетим,
Бүт бактыма тетесиң.
Тилек, оюм төп келип,
Туум болоор бекенсиң!
Туум болоор бекенсиң?!

*20.02.2003-жыл. Терек-Суу.*

## БАРСБЕК-ЖАНТӨРӨ ЧҮРПӨМӨ

*(Жээн чөбөрөмө)*

«Атаңдын оозун драйын» – дейсиң.
Акылдын гүлүн – Кудайым берсин.
Асылым дайым көгөрүп турсун,
Арчадай болуп ылайым көркүң!.»

Таңата дайым «сөгөсүң» мени,
Таятаң баспайт, сыркоолу дени.
Мезгили келет жоруйсуң сырын,
Мен эмес элем адамдын кеми.

Тегимден чыккан тентегим түшүн,
Оозуңда таткан эне сүтүң!..
Аткара турган милдетиң арбын,
Ар бири ыйык, Ата-Журт үчүн.

Болгондо залкар, сөз баркын билип,
Баа берип ага, борсулдап күлүп...
Эркелик кылган экемин дээрсиң,
Энемдин ыйык атасын «сөгүп»,
Аттиң ай!.. сөгөөр күн болсо дээрсиң,
А жайдан атам кайрылып келип.

***20.03.2005-жыл.***
***Бишкек.***

## КЫРГЫЗЫҢДЫН КИЙИП ЖҮРГҮН КАЛПАГЫН

Сокконундай сом темирди балканын,
Солк этпеген турпатындай асканын.
Саябандуу чынары бол кыргыздын,
Залкары бол – акыл, ойдун Залкарым!

Багындырып ай-ааламдын асманын,
Бүт жер шарын чеңгелдесин батманың.
Бакыт деген көз жетпеген түпкүрдө,
Жоктон таап, бар кылгының Залкарым.

Беделиңди бакыт Теңир даарыган,
Планет бол сен ачылган жаңыдан.
Чолпон нуру жанып турсун маңдайдан,
Чокко айланып, жанып таштар жаалыңан!

Балкып дүйнө, жайга айланып кышында,
Багыт алган күрөшүңөн утулба.
Гүлүн кечип жашоо берген өмүрдүн,
Күн айлансын сөөмөйүңдүн учунда.

Бар болгунуң кагылайын Залкарым!
Бактылуу бол, бата бердим, алкадым.
Кылым кыйрап, жер огунан чыкса да,
Кыргызыңдын кийип жүргүн калпагын!

*15.07.2004-жыл.*
*Терексуу.*

## БИЙИК БОЛСУН ЫЙМАНЫҢ

Садагасы Нурданым!
Сенсиң жаштык жылдарым,
Өзүңө деп жүрөмүн,
Өмүрүмдүн жыргалын.
Айкөл болоор бекенсиң,
Айланайын гүл багым!

Садагасы Нурданым,
Сенин өчпөс нур жаның.
Жан жыргатып чертесиң,
Жүрөгүмдүн кылдарын.

Болсоң болду жеңүүчүм,
Болот болгун, сынбагын.

Энең ыйык – шыктасын,
Элдин сөзүн ук бачым.
Атаң ыйык – сындасын,
Ата сөзүн ук бачым.
Каада, салттуу өсөгөр,
Кара көзүм чыкпасын?!

Туура түшүн Нурданым,
Турмуштун бил сырларын.
Же болбосо чоёгөр,
Жер шарынын бир жагын.
Бийик болсун энеңе,
Баарысынан ыйманың?!

***23.03.2008-жыл.***
***Бишкек.***

## КЕРЭЭЗ

Кереги жок, мага айкел тургузба?
Кереги жок, теңебегин жылдызга.
Кайран киши таштап кетти дегиле,
Керээз кылып өмүрүнөн бир нуска.

Кереги жок, мени Кызыр-Пир тутпа?
Кереги жок, кебелбеген пил тутпа.
Өзү чыгып тагдыр менен бетме бет,
Бел алдырбай кетти дегин турмушка.

Максат ою, адамдыгы өтөлүп,
Маңдайына жазылганды көтөрүп,
Кайгы муңун ала кетти дегиле,
Калды баркы деп, айткыла – өзү өлүп.

Дебегиле, көп пенденин бири эле,
Дебегиле, көсөм болчу тим эле.
Атактуунун кирбесе да сабына,
Деп айткыла: – ал эркине бий эле!

Ак кепиндеп, килем салба алдыма,
Аста басып көрүстөнгө баргыла?!
Ушу менен көмүлсүн деп бүт кайгы,
Ырым кылып, уучтап топо салгыла?!
Суранамын, эң акыркы зыйнат кыл,
Каргашанын ханы болгон – жардыга?!.

***07.02.2003-жыл.***
***Терек суу.***

## АКЫРКЫ ЫР...

Байлыкка да ишенбе,
Дөөлөткө да ишенбе.
Бак-таалайың бүт чечет,
Байлануу ал кишенде!

* * *

Мыйзамы экен жалгандын,
Маңдайга жазып салгандын.
Запкысын дарттын тартсаң да,
Зыйнатын көрдүң балдардын.
Көрүңө Өмүш ала кет,
Көтөрүп баарын армандын!

***Атабыз Өмүркул Кулумбаевдин акыркы ыры 21-февраль күнү жазылып, 2010-жылдын 28-февраль күнү келбес сапарга узап кетти...***

## БҮРКҮТ ДА ЫЙЛАЙБЫ

Бүркүт да өбөктөп ыйлайбы,
Билгенби, ким көргөн мындайды?!
Башына иш түшсө сыр бербей,
Бажаңдап, комдонуп турбайбы?!

Бүркүт да кайгырып сыздайбы?
Бүлдүрүп каргышты тытпайбы!
Чеңгелин таштарга матырып,
Чабыттап оболоп учпайбы?!

Бүркүттөр ыйлабайт, жашыбайт,
Булчуңу кайыштай качырайт.
Кокустан жаалына келгенде.
Күркүрөп тоо кыйрайт, таш урайт.

Бүркүттөр бүркүттү көрүшөт,
Бүркүттер бүркүттөй тебишет.
Ардыкса багынбайт, а көрө,
Аскага урунуп өлүшөт.

Бүркүттүн тоолордо түнөгү.
Бүркүттө кордоо жок бирөөнү.
Карасаң калпактай кара куш.
Кабаарса тоосундай жүрөгү.

Бүркүт да өбөктөп ыйлайба?!
Ким уккан, ким көргөн мындайды!
Кайратка ал келбей мөгдөсө,
Кара жер быркырайт, чыдайбы!

## «КАЙГЫНЫН ШЕРИ»

*(Кызы Гүлмиранын кошогу)*

Теңирдин иши бу дагы,
Тескейдин тоосу кулады.
Суусабайт, суусу түгөндү,
Соолуп калды булагы.
Ботосу өлгөн ингендей,
Боздосом бугум чыгабы?!.
Боорунан элим айрылдың,
Боз топо эми турагы.

Бир элдин эле кыраany,
Бир үйдүн эле чырагы.
Кайгынын салып торуна,
Канча жыл тагдыр сынады.
Ар бирин турган калкалап,
Айылдын эле чынары.
Жабыгып турат жан дүйнөм,
Жанар тоом өчкөн сыңары.

Карарып кайгы – жер үстү,
Каптады ый-муң өрүштү.
Кулпурбай гүлдөр саргайды,
Көз жашын куштар төгүштү.
А бирок аман болгондо,
Аткарат эле көп ишти.

Эр эле отко күйбөгөн,
Эр эле – эркин бийлеген.
Кайгынын анык шери эле,
Кан жуткан сайын гүлдөгөн.
Жүрөгү ооруп жатса да,
Жүйөсүн таап сүйлөгөн.
Өрт кечип жүрүп жашыбай
Атакем өттү дүйнөдөн.
Жүрөгүн шор-муң өрттөгөн,..

Жетилген кезде көппөгөн.
Тоголок жетим аталып,
Тоолордон терип чөп жеген.
Улууну бала кезинде,
Уютаар эле кеп менен.
Аттиң ай!.. ушул жалганда,
Арманда кимдер өтпөгөн?!.

Агуруп, азып оройдон,
Акырда жатып чоңойгон.
Тентиген кетип оройдон,
Тердикте жатып чоңойгон.
Кууралын анын көрбөгөн,
Тагдырдын көзү олойгон.
Капкалуу калаам элең го,
Кайраным, атам гүлойрон!

Комуздун элең кылдары,
Күү элең мукам кылдагы.
Ажайып көздү талдырган,
Ак марал элең кырдагы.
Кайберен болду ак марал,
Комузуң боздоп ыйлады.
Айла жок ата, жан эмес,
Акыры батат Күн дагы!

Көгөрүп, чыдап соккуга,
Көз жашың калган коктуда.
Ой! деген үнүң чыкпаган,
Оозуңа куйса чокту да.
Ал дүйнөң ата буюрсун,
Адамдан жүкчүл жок тура!
Ардактаар «кайран уулум» деп
Ата Журт деген сот мына!

Чокунун Күнү тутулду,
Азаптан атам кутулду

Шаңкайган Күнүм тутулду,
Шал дебейт эми бутуңду.
Тагдырдын карып шумкарын,
Туурунан ажал учурду.
Колуңдан келсе атаке,
Колдой жүр жалгыз кызыңды?!

Көөрүгү элең устанын,
Көп көрөөр элең кыз камын!
Көөрүгүң калды басылбай,
Көз жашын тыйбайт кыздарың.
«Ашка жүк, башка жүк...» деген
Ал сөздү угуп сыздадым.
Түнөргөн жайда атаке,
Түбөлүк бейкут уктагын?!

Ууздай жигит чагыңда,
Урунуп алдың жалынга.
Чоктонуп турган чагыңда,
Чаап алдың балта тамырга.
Куурады, күлгүн курак ай!
Тили жок жаттың далай күн,
Тирүүнүн эптеп санында.

Боздоду баккан энеси,
Боздоду байкуш эжеси.
Капыстан чөктү деңизге,
Кырчындай өмүр кемеси.
Соолду кайран жетим – деп
Солкулдайт – эл журт, жеңеси!
Төрт балаң турду чыркырап,
Төгүлүп ырыс-сереси!

А кокуй арман күн беле!.
Айыгат дедик күндө эле
Чырпыктай соолуп бараттың,
Чыгарбай оору, шум неме!

Айланып келмек бу чакта,
А көрө түшсө түрмөгө.
Кешигиң катып калгыр ай!
Келбей не, койбой дүйнөгө!

Оңолуп басып келбеди,
Омуртка сынган белдеги.
Канча күн жатты догдурда
Карышып манжа-чеңгели.
Жакшылык деле көрбөптүр,
Жашоого байкуш келгени.
Жазыксыз кудай кыйнайбы,
Жаратып алып пендени?!

Беш жолу арка союлуп,
Беш жолу наркоз коюлуп.
Ай, байкуш-өлүп калат – деп,
Айылдаш турду чогулуп.
Жашоосу бүтүп баратты,
Жүлүнү калган чоюлуп.
Жашоодо бизге бел элең,
Атаке, жүрөгүң турса согулуп!

Булбулдун атам тили эле,
Булутсуз тийген Күн эле.
Кабагым кашым дебеген,
Кайгынын залкар пили эле.
Эл журту сүйгөн кастарлап,
Экинин атам бири эле.
Буркурап калдык, айрылдык,
Биз үчүн атам Пир эле!

Тоолордон мөңгү көчтүбү,
Торунда туйгун өксүдү.
Ай, жылдап минсе талбаган,
Аргымак эле чөктүбү?!
Тобуна жетпей сайраган,
Торгойдун үнү өчтүбү?

Арман ай! Таштап эл журтун,
Атамдын көзү өттүбү?!

Кууратып тагдыр сакасын,
Курсактан жеген атасын.
Үч жашта кеткен энеси,
Улуунун алып батасын.
Дүйшөбай алган асырап,
Көтөрүп кайгы-капасын.
Түбөлүк кеттиң атаке,
Түбүндө жатып капастын.

Жамынып тонун уктады,
Жакшы сөз деле укпады.
Кулактан чоюп ар кими, –
Куу жетим – десе сыздады.
Кар болбой учат турбайбы,
Канаты болсо куш дагы.
Төрөлгөн күндөн атамдын,
Төпөштөн башы чыкпады.

Күрөштүн эле-аскары,
Күлүктүн буту аксады.
Улуу тоо болгон чебимдин,
Урады бир жак капталы.
Боздогон үнүн укканда,
Боор ооруйт эле таш дагы.
Айланып турган биз үчүн,
Атакем эле ат мамы.

Күлгүнү элең жигиттин,
Күлүгү элең күлүктүн.
Кумарын таппай жаштыктын,
Кукугу болдуң күйүттүн.
Терек-Суу деген айылда,
Теңирим бар деп жүрүпмүн.
Аркалап кимге келемин,
Атам жок эми, сүйүктүүм!

Курч эле уста чотунан,
Көк жибек эле созулган.
Кырчын тал кезде айрылды,
Кучактап жаткан тотудан.
Азаптуу арман турмуштун,
Ысык-суугун окуган.
Аралжы жанга болот деп,
Асыл го бейиш атакем,
Килемин ырдын токуган.

Ой алып кайгы жападан,
От жагып оору кападан.
Ырыскы-наны, суусу да,
Ыр менен гана, жашаган.
Жашоону сүйгөн ушунча,
Жан-жөйү эле алп адам!
Айла жок экен ажалга,
Айрылдык асыл атадан!

Тон эле алтын жакалуу,
Тоо эле жалгыз – мазары.
Тос болду тондун жакасы,
Толгонтту мазар-атаны.
Тобунан калып бөлүнүп,
Торгойдун үнү чарчады.
Тойчудай байкуш атамы,
Топурак басып жатабы?!

Атамдай тартып муң-зарды,
Артында жоктоп ыр калды.
Атамдай көрбөй жыргалды,
Артында жетим ыр калды.
Кайгырган менен айла жок,
Кайтарып бербейт ый жанды.
Асылга куран окуп өт
Азамат болсоң ыймандуу?!

Жакалай жазда гүл өнөт,
Жабыкса суудан гүл өлөт.

Кайыкпай жатты канча жыл,
Кайгысы кыйнап үбөлөп.
Аңтара берсе четинен,
Аскар тоо деле түгөнөт.
Жалгандан кайран эр кетти,
Жаралган экен жүрөгү өрт.

Көп ырың калды жазылбай,
Көп сырың кетти айтылбай.
Урунба кайран өмүрдү,
Үлп этип өткөн закымдай.
Өжөрлүк дагы касиет,
Өксөөгө – өчөш, басынбай.
Өрттөнгүн бирок, быкшыба,
Өмүркул деген акындай!

Ыр эле, алгыр шумкары,
Ыр эле-бакча, гүлзары.
Бөпөлөп таяп, жөлөгөн,
Бут эле ар бир ыр сабы.
Шумкарды эми ким таптайт,
Ким тескейт эми гүлзарды.
Томсорбой арты атамдын
Той болуп турсун турпагы?!

Атылса жаза кетпеген,
Ажалдын көзү – ок билем.
Жалгандан кетти түбөлүк,
Жалындап күйгөн от берен.
Айталбай кетти ал сөзүн,
«Ата журт кечир, кош!.. деген.

Тагдырдын экен тоң мойну,
Таалайлуу менен ойнойбу?!
Балкайган булбул болбойбу,
Бак карап койсо торгойду.
Уурдаппы тузун кудайдын,
Ушунча кыйнап кордойбу?!

Адилет болсо жараткан,
Атамды актап койбойбу?!

Кем кылып койгон асылды,
Кейиштүү ырлар жызылды.
Өкүмөт салбай назарын,
Өксөдү, сынып басынды.
Кан какшап эми кейибейт,
Караңгы көргө жашынды.
Урматтап куран окуп кой,
Элим!..
Унутта калган акынды?!..

***Гүлмира Кулумбаева – акындын кызы.***

# АКЫНДЫН ЭЛЕСИНЕ ТААЗИМ

Алтын чөйчөк Ат-Башынын Чеч-Дөбө мазарынын түбүндөгү кереметтүү Терек-Суу жергесинин көк жайыгында жарык дүйнөгө келген, кыргызга аттын кашкасындай таанымал акын Өмүркул Кулумбай уулун кимдер гана билбейт.

Акын аганын элине берген өнөр кенчи ат көтөргүс жүк десек ашыкча болбостур. Анын ондогон китептери жарык көрүп басмадан чыккан. Ошондой эле орус тилине дагы которулуп, республикадан тышкары төбөсү көрүнүп, таанылган акын.

Аганын Мекенин, жер суусун көркөмдөгөн, жүрөк эргиткен махабат ырларына күчтүү обончулар обон жаратып, эл арасынан ордун таап, ырдалып келет. Акын агабыздын өмүр жолу табигаттын татаал тагдырына туш болгонуна күбөбүз. Бирок өзүнүн күчтүү эрки менен жашоодогу бардык кыйынчылыктарды жеңип, өнөр кенчи менен алаксып өмүр сүрдү.

Ага мен эчен жолу жолугуп, чайлашып, сырдашканым али эсимде. Мен дагы аз да болсо чыгармачыл адам катары «Өмүр жолу» аттуу китебимде Өмүркул агага арноо жаздым эле. Маркум ошону окуп калды көрүнөт. Аганын арбагына таазим этип, ошол жазган арноомду чыга турган китебине кошуп коюну туура көрдүм. Жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун, асыл ага.

Көп акындын ичинен,
Көз кырды салып көңүл бур.
Кубулжуп ыры төгүлгөн,
Кулунбай уулу Өмүркул.

Таланттуу мындай адамдын,
Тарыхын жазам кичине.
Табигат берген өнөрү,
Таанымал кыргыз ичине.

«Тунгучу» алгач чыгарма,
Турмуштан алган кайрыктар.
Тубаса чыгаан акындын,
Туурасын айтсак байлыктар.

Томолок бала кезинде,
Торпокко минген кырлары.
Тоо, суусун жазып калтырган,
Толкуткан ойдо сырлары.

Таамай сүйлөп, бетке айтып,
Тартынбай жазган дилинен.
Татыктуу сөздүн маңызы,
Тамчылап турчу тилинен.

Омоктуу чыгаан акындын,
Ойлору бийик жаралган.
Обондуу чыккан ырлары,
Ордолуу элге таралган.

Кыйноосун көрүп турмуштун,
Кырсыкка катуу кабылган.
Кыйналбай жаны жүргөндө,
Кызыл чок акын абыдан.

Эмгеги тийбей колуна,
Элдик акын болбоду.
Энчисин бербей коюшту,
Эсине алып чоңдору.

Тагдырдын жазган ишине,
Таарыныч болбос чынында.
Таланттан калган өнөрү,
Тарыхта калды кылымга.

***Токтаалы Жапар уулу***

# МАЗМУНУ

«Жаны ырга айланган акын» .................................. 4
Өмүркулдун байлыгы .......................................... 6
Сапарда бара жаткан акын ................................... 9
Жан дүйнөнүн канаты ......................................... 11
Кайраттын, эрктин акыны .................................... 16

**Кыргыздарда уютку бар айкөлдүк**
Туулган жерим – ыйык алтын бешигим ..................... 20
Алым келсе ........................................................ 20
Мүрөгү кыла аламын .......................................... 21
Эгемдин өзү сүйлөгөн ......................................... 22
Улуттук намыс кана? .......................................... 23
Ошо да тоолук кыргызбы? ..................................... 24
Кайда тилим ...................................................... 25
Анда кыргыз ...................................................... 26
Эми кыргыз ....................................................... 27
«Киргиздерге» .................................................... 28
Чалайлар .......................................................... 29
Тукум курут болбогун .......................................... 30
Олдо байкуш, кыргызым ....................................... 32
Мага өрмөт келсе эгер ......................................... 33
Ойлон, кыргыз! ................................................... 34
Коопсуздануу ..................................................... 40
Бүт жасалма ...................................................... 41
«Общий дом» ..................................................... 43
Кыйналам ......................................................... 44
Кыргыздын энеси ................................................ 45
Жеп жаткан наның тилиңде ................................... 45
Кыргыздар ........................................................ 46
Суктангын, суктан кыргызга ................................. 47
Үйүңө кетчи, тигине ............................................ 48
Абайла кыргыз ................................................... 49
Уютку .............................................................. 50
Кыргызым менин тоо мүнөз .................................. 50
Угуп ал ............................................................ 51
Салт-санаа жөнүндө баллада ................................ 52
Кыргыздын уулумун ............................................ 57
Мен кыргызмын .................................................. 59
Теңир-Тоонун уулумун ......................................... 60
Тойбоймун тоого чыкпасам ................................... 61
Адатыбыз .......................................................... 62

Ыйыксың Мекен ........................................ 63
Мүрөгү кыла аламын .................................... 64
Тентибе ........................................ 65
Тоолуктар ........................................ 65
Менин үнүм ........................................ 66
Ак боз үйлөр ........................................ 67
Бүт беремин ........................................ 67
Жердеги жылдыздарга ........................................ 70
Акча, акча – кысталак! ........................................ 71
Акындарым ........................................ 73
Бүгүнкү ырлар жөнүндө ........................................ 76
Жаңы молдолорго ........................................ 77
Эң жаман ........................................ 78
Ыймансыз жөнүндө ........................................ 79
Биз акындар ........................................ 81
Сопуларга ........................................ 82
Көрдүйнө ........................................ 83
Доллар, доллар, доллар ........................................ 88
Баарынан байлык – адамдык ........................................ 90
Сом ........................................ 91
Адамдык парзың бу дагы ........................................ 93
Кекчилдик ........................................ 95
Кайда кудай – ким кудай?! ........................................ 96
Чечмелөө ........................................ 97
Өзүңдүн сотуңдабыз ........................................ 97
Ким айтат ........................................ 98
Аракечтин ариясы ........................................ 99
Эркелик ........................................ 100
Арсар ойлор ........................................ 102
Эл тандайт ........................................ 102
Айрым атка минерлерге ........................................ 103
Адам эле сенсиңби? ........................................ 105
Адат ........................................ 106
Үч өлүм ........................................ 106
Жаман ........................................ 107
Күрөшүү ........................................ 108
Өтүнөм ........................................ 108
Сурагын ........................................ 109
Жоготтум ........................................ 110
Өжөрлүк ........................................ 111
Мындай кеп бар ........................................ 111
Өнөкөт оору ........................................ 112
Жылдыздар жөнүндө ........................................ 113
Бу жайда ........................................ 114

Адамдын өзү даанышман ........................................ 115
Бир шилтем ойлор ........................................ 116
Кайран жан ........................................ 119
Жашоодо ким бар дейсиң кемибеген ........................................ 120
Күн тегиз тийбейт ........................................ 121
Кандай ойлойт ........................................ 122
Жалын ........................................ 123
Айтаарым ........................................ 124
Жүрөк билет ........................................ 125
Бакыт ........................................ 125
Кекселик ........................................ 126
Өмүр жазы ........................................ 126
Н.Островскийге ........................................ 128
Жанып барат максатым ........................................ 129
Сен өзүң ........................................ 130
Кээде... ........................................ 131
Адамга өнөрлөрдүн ........................................ 131
баары керек ........................................ 131
Кайрат айтуу ........................................ 132
Бир чоң ата бар эле ........................................ 133
Азаматтын арманы ........................................ 133
Сага айтам ........................................ 134
Мүнөзүнө жараша ........................................ 135
Жакшы тилек ........................................ 136
Жаштарга ........................................ 136
Асыл келет ........................................ 137
Купуя бар ........................................ 137
Акыл ........................................ 138
Көрбөдүм ........................................ 139
Олда байкуш башым ай! ........................................ 139
Ушул намыс ........................................ 140
Ата-Журттун жүгүн көтөр ........................................ 141
Жакшы экен ........................................ 142
Койдум деле өңгөсүн ........................................ 142
Акын деген болуш керек даанышман ........................................ 143
Адамдын уюткусу ........................................ 144
Атак-даңк жөнүндө ........................................ 145
Туу тура ........................................ 146
Каймана ........................................ 147
Жашаба ........................................ 147
Өчүңдү ал ........................................ 148
Адам барда баары бар ........................................ 149
Өмүр деген ........................................ 150
Жашоо деген керемет ........................................ 151

Жигиттик ........................................ 153
Айырмасы адамдын ........................................ 153
Жашоо деген ушундай ........................................ 155
Өлүм деген ........................................ 156
Табышмак ........................................ 157
Жашоо түйдөгү ........................................ 158
Жаштык ........................................ 159
Армандан бүткөн ........................................ 159
Неси артык ........................................ 160
Абайлачы ........................................ 161
Дүйнөгө түндүк болгон ким? ........................................ 162
Жооптон ким деген кутулат ........................................ 163
Маңдайыңа жазылган ........................................ 164
Ый да керек ........................................ 165
Адамга жашоо эң кыйын ........................................ 166
Бакма жөжө ........................................ 168
Адам болуу абдан оор ........................................ 169
Күйүт ........................................ 169
Ооруйт жүрөк ........................................ 170
Өнөрлүү жөнүндө ........................................ 171
Ок тийгир ........................................ 172
Меке жөнүндө ........................................ 173
Тагдыр менен мелдешпе ........................................ 175
Эгер сен ........................................ 175
Жакшылык жөнүндө ........................................ 176
Калыс чечет ........................................ 177
Көр мансап ........................................ 178
Бек сакта ........................................ 179
Ой калчоо ........................................ 179
Жакшылар ........................................ 181
Сак болгун ........................................ 181
Капырай ........................................ 182
Көкөй кести ........................................ 183
Адамдык милдеттер ........................................ 184
Пенделер ........................................ 187
Ый ........................................ 189
Акын күчү ........................................ 190
Күлүк келет ........................................ 190
Тарт күлүктү, алдыма ........................................ 191
Кыл кыяк ........................................ 192
Чиркин десе ........................................ 193
Катыңды алдым... ........................................ 193
Адам жөнүндө ой ........................................ 194
Жүргүм бар ........................................ 195

Өмүр көлү ........................................ 195
Мындайча ........................................ 196
Адам түтөт, көнөт баарына ........................................ 197
Шумкар жөнүндө эки ыр ........................................ 197

**Элет керимселдери**

Элет керимселдери ........................................ 200
Жаз көркү ........................................ 202
Койчу ........................................ 203
Чилдеде ........................................ 204
Аптапта ........................................ 205
Жапжашыл жайкы жайлоодо ........................................ 205
Жайлоонун жаттым койнунда ........................................ 206
Кыш кудурети ........................................ 207
Жазда ........................................ 208
Керимсел ........................................ 209
Булакта ........................................ 210
Келбээрсийт жайлоо ........................................ 210
Жаанда ........................................ 211
Жамгырлуу жайлоодо ........................................ 212
Садага кетем ........................................ 212
Чагылган ........................................ 213
Түн сулуусу ........................................ 214
Айлуу түн ........................................ 214
Арчанын чары эле ........................................ 215
Кумарлануу ........................................ 216
Бакыт күнү ........................................ 216
Чилдеде ........................................ 217
Жайкы сүрөт ........................................ 218
Муз чаккан кыз ........................................ 218
Кыштоодо ........................................ 219
Түн ........................................ 220
Менин жерим ........................................ 221
Токой ........................................ 223
Ай чыкса назданып ........................................ 224
Элдин энеси ........................................ 225
Жайкы таң ........................................ 225
Булак ........................................ 226
Дагы бир жолу бийлик жөнүндө ........................................ 228
Толорсуктан илип коёт ........................................ 229
Бетпактар ........................................ 230
Күч бар, күчкө барабар ........................................ 234
Катыгүн эле... Катыгүн ........................................ 235
Бийлик жөнүндө ........................................ 236

Этеги элдин жайнамаз ........................................ 237
Ак сакалдар жөнүндө ........................................ 238
Асыл адам аягына түкүрбөйт ........................................ 243
Ошондо ........................................ 244
Тактекечи ........................................ 245
Кимдин, кимдин заманы ........................................ 245
Бийлик деген элдики ........................................ 247
Сай-сөөгүм сыздайт ........................................ 249
Миң санаа ........................................ 256
Жети сапар ........................................ 264
Он эки саптар ........................................ 276
Ой чабыттары ........................................ 286
Энекебай ........................................ 296
Жарыгы күндөй аялдын... ........................................ 297
Кыргыз кыздары ........................................ 298
Кыздар жөнүндөгү ырга кошумча ........................................ 301
Бүгүнкү ак чүчтөр жөнүндө баллада ........................................ 307
Жел таман, шалаакы жөнүндө ........................................ 315
Абысындар ........................................ 316
Энелерге ........................................ 318
Тажаал жөнүндө ........................................ 319
Кызды көр, Теңир-Тоону көр ........................................ 320
Аялдар жөнүндө ак дил ........................................ 322
Кыздар ай! ........................................ 331
Ай ким билет... ........................................ 332
Жытындай жыты жалбыздын ........................................ 333
Аял жөнүндө ........................................ 334
Кат жазган кыз ........................................ 335
Кыздарсыз ........................................ 335
Кыз деген ........................................ 336
Кыз күлкүсү ........................................ 337
Үй-бүлө ........................................ 339
Кыздар келет ........................................ 340
Аял – менин энекем ........................................ 340
Аялдарга ........................................ 341
Сүйүүсүз өмүр – өмүрбү сүргөн? ........................................ 344
Таппай жүрөм ........................................ 345
Өлчөөңө кимдер теңелсин ........................................ 346
Алтыным неден жаңылдың ........................................ 346
Куурайт го өмүр ........................................ 347
Карайсың кечке ........................................ 348
Күкүгүң болдум ........................................ 349
Өмүрдүн балын биринчи таттык... ........................................ 350
Өкүттө жүрөм ........................................ 351

Аял деген махабат ........................................ 352
Ойноштук ........................................ 353
Шакек ........................................ 355
Келинге ........................................ 355
Таппадым айла ........................................ 357
Окшошсуң шамга ........................................ 358
Сен жөнүндө ода ........................................ 359
Тандаган тазга жолугат ........................................ 364
Олтурчу тиземе ........................................ 365
Күндөйүм ........................................ 366
Сүйүүгө тутам гүлдесте ........................................ 367
Арноо ........................................ 375
Сүйүү гүлзары ........................................ 385
Ак мончок ........................................ 389
Сагынуу ........................................ 390
Акзуура ........................................ 391
Сүйүп ал, өмүр бар чакта ........................................ 392
Өмүрдү берем бүтүн ........................................ 393
Жашоонун андан башка балы барбы ........................................ 394
Алтын казык кептенет ........................................ 395
Бир кезек ........................................ 396
Бир кызга ........................................ 398
Сүйүшпөй койсок эмине ........................................ 400
Жаңылыпмын ........................................ 401
Кат ........................................ 402
Качан биздин кабыл болот никебиз? ........................................ 404
Ким эстебейт өткөн жаштык элесин ........................................ 404
Бара жатам ........................................ 405
Куплеттер ........................................ 406
Ашыктык ырлар ........................................ 408
Арзуудагы арман ........................................ 414
Эрктен тайып аял десе өлөбүз ........................................ 416
Асылкечке ........................................ 417
Алдабачы алтыным ........................................ 418
Булаксың ........................................ 421
Аттиң ай, андай күн кайда ........................................ 421
Түшүмө кирдиң ........................................ 422
Сопсоодой жүрөк ........................................ 423
Күлүп ал ........................................ 423
Келсечи чиркин бир кайра ........................................ 424
Сагынуу ........................................ 425
Жүрөйүн эми өмүрүң тилеп ........................................ 426
Ак булутум ........................................ 427
Сулууга ........................................ 428

Бар болсо эгер сүйгөнүң ........ 429
Өтүнүч ........ 430
Сүйүүнү өзүнчө бир мекен деп сез ........ 430
Кыз көзү ........ 437
Сүйүү бул, кубанычым, аянычым ........ 437
Сүйүү деми ........ 438
Түшүнөсүң сен кандайча сүйүүнү ........ 438
Чыксаң боло ........ 440
Жалгыз сен жапжарык дүйнөмсүң... ........ 440
Ишенсең ........ 441
Келинге ........ 442
Махпусам ........ 442
Катка жооп ........ 444
Акыркы кат ........ 453
Не жолуктуң ........ 454
Жакшы жан ........ 455
Мен да көрдүм кыз камын ........ 456
Келесиңби, жан кубат! ........ 456
Сен болбо ........ 458
Сен деген ........ 458
Суусатат го кусалык ........ 459
Моюнга алуу ........ 460
Коштошоордо ........ 460
Мен өзүңдөн өтүнөм... ........ 461
Күтөмүн ........ 461
Сүйкүмүм ........ 462
Бейиштеги гүлсүң ээ ........ 463
Өздөрү ........ 463
Жүрөк өйүйт ........ 468
Ушул үй ........ 469
Боздоонун бар себеби ........ 470
Торгоюмун кайгынын ........ 471
Ынагым жок ........ 472
Тиктим бекен ........ 472
Мен өлгөндө ........ 473
Кечирчи, мени кыргызым ........ 474
Кур кайрат ........ 475
Белгисиз кат ........ 476
Тилек тилөө ........ 477
Боздоп турду ........ 478
Ыр жазгандарга ........ 479
Жатамын ырдан там салып ........ 480
Кумурска жана мен ........ 481
Бечара бир пендемин ........ 482

Элден уктум ........................................ 483
Кайдан келдим ........................................ 484
Кыялдануу ........................................ 485
Жетимиш жашыма ........................................ 486
Урагыс ырдан салгам чеп ........................................ 487
Кыйналып кеттим ........................................ 489
Жетимдик ........................................ 489
Куу жетим дечү айылым ........................................ 490
Мен ........................................ 492
Унутуп калба ........................................ 493
Бар болсо бейиш мен чыгам ........................................ 494
Арыгым соолуп калат го... ........................................ 496
Океан да бөксөрөт ........................................ 497
Жериме ........................................ 498
Жазылбайт ыр, эрмек үчүн ........................................ 499
Жададым ........................................ 499
Кар болуп жатмак эмесмин ........................................ 500
Асылым ырым ........................................ 501
Саргайып өмүр өтпөсө болду ........................................ 501
Жетилип калдык бат эле ........................................ 502
Жетимдик ........................................ 503
Боз үйдө калды ........................................ 503
Аттиң ай! ........................................ 504
Үмүт ........................................ 505
Аз калды ........................................ 506
Муза бул ........................................ 506
Мен ........................................ 507
Байлыгым ........................................ 508
Толгонуу ........................................ 509
Өмүр күттүм ........................................ 510
Дурус экен ........................................ 511
Кайран гана өмүр ай! ........................................ 512
Сени кайдан табамын ........................................ 513
Дагы бирөө ........................................ 514
Аманат ........................................ 514
Түшүмдө ........................................ 515
Жашап өттүм өзгөчө ........................................ 516
Сагындым ........................................ 517
Булутка ........................................ 519
Торгой ........................................ 519
Буйругу жазган чекеңе ........................................ 520
Өзүмө ........................................ 521
Аттиң ай! ........................................ 522
Күрөштө ........................................ 523

Карыптык .................................................. 524
Кайран өмүр .................................................. 525
Пенделик .................................................. 526
Өмүр деген өтө кыска кысталак .................................................. 534
Өмүрдү берип калкыма .................................................. 535
Мени эсте .................................................. 536
Дос деген ушубу? .................................................. 537
Абы дос жана жаңы дос .................................................. 538
Бир доско .................................................. 539
Достук жөнүндө .................................................. 540
Ойго кетем .................................................. 541
Капастагы кушка .................................................. 541
Карызмын .................................................. 542
Мен, менмин .................................................. 543
Сактасын .................................................. 544
Сөгө көрбө .................................................. 545
Эмнем киши .................................................. 546
Кайрылуу .................................................. 546
Эл оозунда элек жок .................................................. 547
Арбактарга .................................................. 548
Кел жолоочу кирегой! .................................................. 550
Доско таарыныч... .................................................. 551
Боздобо ырым .................................................. 552
Керенсиң дүйнө .................................................. 553
Терек-Суунун кулунумун .................................................. 554
Хан Кошой .................................................. 555
Ат-башым .................................................. 556
Алмашкыс дүйнө Ат-Башым .................................................. 558
Бактымдын сенсиң каймагы .................................................. 559
Кагылып кетем .................................................. 560
Айылдаштарыма .................................................. 561
Чеч-дөбөм .................................................. 561
Мекенге .................................................. 562
Тилеймин .................................................. 563
Тууган жер .................................................. 564
Уялбай кантип өлөмүн .................................................. 564
Кимиңе элем бересе .................................................. 565
Таңкы серенада .................................................. 566
Ах, терезем, терезем .................................................. 566
Ысык-Көл сенин ыргагың .................................................. 567
Керээз .................................................. 568
Кайгым ушул .................................................. 569
Буйругу жазган чекеңе .................................................. 570
Окуп кой .................................................. 572

Өлбөстүккө жаралган адам ........ 573
Жолдошбай досума ........ 577
Алп кара куш, тоо келбети – ырында ........ 578
Курбум Кененбай уулу Дүйшөналыга ........ 579
Өмүракун уулу Мухтарга ........ 580
Кош Чынар ........ 580
Кызым Гүлмирага ........ 581
Айтыш келиниме ........ 582
Жан болсо берем алаары ........ 583
Бөйтөгөйүм ........ 584
Жандай курбум ........ 584
Эстечи ........ 585
Ушул айым ........ 586
Аяш уулум Качканакка ........ 587
Ырыс алды – ынтымак ........ 588
Мурас көп ........ 589
Небере жээним Медерге ........ 590
Небере уулум Шамилге ........ 592
Асыл деп айтат асылды ........ 592
Кудача кыз Гүлнара ........ 593
Мен ооруюн кызым деле ооруба ........ 594
Атадан артык уул бол ........ 595
Туум болоор бекенсиң ........ 596
Барсбек-Жантөрө чүрпөмө ........ 597
Кыргызыңдын кийип жүргүн калпагын ........ 597
Бийик болсун ыйманың ........ 598
Керээз ........ 599
Акыркы ыр... ........ 600
Бүркүт да ыйлайбы ........ 601
«Кайгынын шери» ........ 602
Акындын элесине таазим ........ 610

*Көркөм-адабий басылма*

**ӨМҮРКУЛ КУЛУМБАЙ УУЛУ**

**БҮРКҮТ ДА ЫЙЛАЙБЫ?!**

*Ырлар*

Редактору *Гүлмира Кулумбаева*
Сүрөт редактору *Мырзабек Кадыров*
Компьютердик калыпка салган *Гүлзат Ниязалиева*

Терүүгө 20.06.2010-ж. берилди. Басууга 20.09.2010-ж.
кол коюлду. Офсет кагазы. Кагаздын форматы 84х108 $^1/_{32}$.
Мектеп арибы. 39,0 физ. басма табак. Нускасы 500.
Заказ № 440. Келишим баада.

«Бийиктик» басмасы.
Ю.Абдрахманов көчөсү, 170 А.
Тел.: 66-75-56, 66-75-58.